
Ыйык Курандын негизинде



Азирети

# Мухаммад Мустафа -2

(Саллаллаху алейхи васаллам)

(Медина доору)

Осман Нури ТОПБАШ

Пайгамбарлар тарыхы 5

Китеп Алла Тааланын ыраазычылыгы үчүн акысыз таратылат!

Түркиялык жазуучу, дин аалымы Осман Нури Топбаштын калемине таандык беш томдон турган «Азирети Мухаммед Мустафа –2» аттуу китеп түрк тилинен кыргыз тилине 2007–жылы которулду. Бул китепте пайгамбарлардын өрнөктүү өмүр жолу, улуу вазийпаны өз коомдоруна кантип жеткиргендиги жана жеке адамдык бийик сапаттары тууралуу кеңири маалымат берилген жана ичинде эч кандай саясий максат жок.

Бул эмгек Кыргызстан Мусулмандар Дин башкармалыгына караштуу диний адабияттарды көзөмөлдөө комиссиясы тарабынан кылдат текшерилип, «Ахли сүннөт валь жамаат» акыйдасына карама-каршы келбейт», – деген аныктама берилген.

**Китеп кайрадан редакцияланып, котормодогу айрым каталар оңдолду.**


Осман Нури ТОПБАШ

**ПАЙГАМБАРЛАР ТАРЫХЫ 5**

*Экинчи басылышы*

*Которгон:* Алмабек Молдогазиев

*Редактор*: профессор. тил илимдеринин доктору Ташболот Сыдыков

*Компьютердик калыпка салган жана жасалгалаган:* Бакытбек Коңурбаев

Басууга 03.12.2014 кол коюлду.
Форматы 60x84. 1/32, 21 басма табак
"Из-Басма" басмаканасында басылды
Бишкек ш. Интергельпо к., 1А

*Ыйык Курандын негизинде*

*Азирети*

# *Мухаммед Мустафа 2*

*(Саллаллаху алейхи васаллам)*

## Медина доору

**Осман Нури ТОПБАШ**

Которгон:

Алмабек Молдогазиев

## Урматтуу Окурмандар!

Колуңуздардагы «Азирети Мухаммед Мустафа 2» аттуу китепте Пайгамбарыбыздын Мединага келиши жана андагы жашоосу тууралуу жазылган.

Мындай китептер элибиздин динге болгон аң - сезимин арттырып, диний түшүнүгүн бара - бара жогорулатат деген ишеничтебиз.

Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасы мындай китептерди которуп элге тартуу кылып жаткан адамдарга ыраазычылыгын билдирип, калайык калкка сиңимдүү болушун Алладан тилейт.

Сиздерди тереӊ урматтап,

Кыргызстан<br>Мусулмандарынын<br>Азирети муфтийи Мураталы ажы Жуманов

**Алла Таала сүйүктүү Пайгамбары жөнүндө мындай дейт:**

وَمَا أَرْسَلْنَاكَ إِلَّا رَحْمَةً لِّلْعَالَمِينَ

**«Биз сени бүткүл ааламга ырайым (б.а., ырайымдуулуктун пайгамбары) катары жөнөттүк»** *(Анбия сүрөсү, 107-аят).*

لَقَدْ جَاءكُمْ رَسُولٌ مِّنْ أَنفُسِكُمْ عَزِيزٌ عَلَيْهِ مَا عَنِتُّمْ حَرِيصٌ عَلَيْكُم بِالْمُؤْمِنِينَ رَؤُوفٌ رَّحِيمٌ

**«Ант берем! Силердин араңардан бир Пайгамбар келди. Ага силердин кыйналганыңар өтө оор келет. Ал силерге өтө күйүмдүү. Ал момун-мусулмандарга өтө боорукер жана мээримдүү!»** *(Тооба сүрөсү, 128-аят).*

قُلْ اِنْ كُنْتُمْ تُحِبُّونَ اللهَ فَاتَّبِعُونِي يُحْبِبْكُمُ اللهُ وَيَغْفِرْ لَكُمْ ذُنُوبَكُمْ وَاللهُ غَفُورٌ رَحِيمٌ

**«**(Эй, Мухаммад!) **Айткын: «Эгер Алла Тааланы сүйсөңөр, анда мени ээрчип, (менин жолумда жүргүлө)! Ошондо Алла Таала силерди сүйөт жана күнөөңөрдү кечирет. Алла Таала - Кечиримдүү, Мээримдүү»** *(Аали Имран сүрөсү, 31-аят).*

قُلْ أَطِيعُواْ اللهَ وَالرَّسُولَ فإِن تَوَلَّوْاْ فَإِنَّ اللهَ لاَ يُحِبُّ الْكَافِرِينَ

**«Айткын! Алла Таалага жана Анын Элчисине моюн сунгула! Эгер жүз үйрүшсө, Алла Таала каапырларды жакшы көрбөй тургандыгын билип коюшсун!»** *(Аали Имран сүрөсү, 32-аят).*

مَّا كَانَ مُحَمَّدٌ أَبَا أَحَدٍ مِّن رِّجَالِكُمْ وَلَكِن رَّسُولَ اللهِ وَخَاتَمَ النَّبِيِّينَ وَكَانَ اللهُ بِكُلِّ شَيْءٍ عَلِيماً

**«Мухаммад силердин араңардан эч кимдин атасы эмес. Ал - Алланын Элчиси, пайгамбарлардын акыркысы. Алла Таала бүт нерсени Билүүчү!»** *(Азхаб сүрөсү, 40-аят).*

وَالَّذِينَ آمَنُوا وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ وَآمَنُوا بِمَا نُزِّلَ عَلَى مُحَمَّدٍ وَهُوَ الْحَقُّ مِن رَّبِّهِمْ كَفَّرَ عَنْهُمْ سَيِّئَاتِهِمْ وَأَصْلَحَ بَالَهُمْ

**«Алла Таала ыйман келтирип, жакшы иштерди кылган жана Жараткан Эгеси тарабынан Мухаммадга түшүрүлгөн (Ыйык Куранга) ишенген адамдардын күнөөлөрүн кечирет жана алардын алабалын оңдойт»** *(Мухаммад сүрөсү, 2-аят).*

**Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) куттуу хадистеринде мындай деген:**

*«Мен Кавсар көлмөсүнө (силердин араңардан) эң биринчи бара турганыңармын. Мен силерди ошол жактан күтүп алам! Силер менен жолуга турган жайыбыз ошол көлмө болот. Мен азыр ал жерди көрүп турам! Мен силерге күбө болом! Азыр мага жердин казыналары жана алардын ачкычтары берилди. Валлахи,[1] мен көз жумган соң силер кайрадан бутпарастыкка кайтып кетпейсиңер. Бул маселеде менде эч кандай коркунуч жок! Бирок мен дүйнөнүн миң кубулма лаззаттарына азгырылып кетишиңерден корком! Мына ушул маселе боюнча бири-бириңерди көрө албай бириңерди бириңер өлтүрүп коюшуңардан корком! Ошентип мурунку коомдорго окшоп (Алланын каарына калып) жок болуп кетишиңерден корком!...»* *(Бухарий, Жанаиз, 73; Муслим, Фадаил, 31)*

*«Билип койгула! Мен силерден оболу (о дүйнөгө) барып, силерди күтүп алам! Кулак салгыла! (Эртең акыретте) Силер менен жолукчу жайыбыз - Кавсар көлмөсүнүн башы болот. Эртең мени менен (жүзү жарык) жолуккусу келген адам колун жана тилин күнөө иштерден тыйсын!...»* *(Бухарий, Солаат, 80; Ибн Саад, II, 227 ).*

1. Валлахи - Алла Тааланын атын атап касам ичүү, ант берүү. Кыргыз тилинде, толук болбосо да, «Кудайга ант берем!», «Кудай акы!», «Кудай урсун!» - деген маанилерди камтыйт.

# ХИЖРАТТЫН БИРИНЧИ ЖЫЛЫ

## Алланын Элчиси Медина шаарында

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Пайгамбарыбыздын Медина шаарына келиши менен Ислам үчүн да, мусулмандар үчүн да жаңыча жашоо жана жаңы тарыхый доор башталды.

Ырас, азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Мединага кайырчы болуп барган эмес. Тескерисинче, ал жаңы жашоонун негиздөөчүсү, улуу жол башчысы жана жаңы Ислам мамлекетинин ажосу болуп барды. Анын Мединага келиши жалпы момун-мусулмандар үчүн Ислам менен ээн-эркин жашоо жагынан да, динди элге жеткизүү жагынан да зор мүмкүнчүлүктөр түзүлдү.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* «Набави мечити» курулуп бүткөнгө чейин азирети Абу Аюб аль-Ансаринин (радияллаахy анху) үйүндө жети ай конок болду. Азирети Абу Аюб аль-Ансаринин үйүндөгү бул меймандостуктун тээ кылымдарга барып такалган өзүнчө тарыхы бар эле.

Ошол учурдан жети жүз жыл мурда Йемен падышасы Тубба Абу Кариб Ясриб шаарына[1] келген эле. Ал Ясриб шаарына келип эврей аалымдары менен жолугуп баарлашкан эле. Бул жолугушууда эврей аалымдарынан Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Мекке шаарында дүйнөгө келип, кийин Ясриб (Медина) шаарына улуу көч жасай тургандыгын угат. Ошентип, Тубба Абу Кариб Ясрибге бир үй тургузат да, өз колу менен кат жазып, ага алтындан мөөр бастырат. Ал катты Ясриб шаарындагы аалымдардын эң илимдүүсүнө аманатка калтырып жатып, катты алган аалым эгер Ага кезикпей калса, анда ал каттын урпактан урпакка, муундан муунга өтүп олтуруп акыркы Элчиге *(саллаллаху алейхи ва саллам)* тапшырылышын табыштайт.[2]

Ошентип Тубба жети кылым мурда Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ыйман келтирип мусулман болгон эле.[3]

Мына ошол үй урпактан урпакка өтүп олтуруп Медина аалымдарынан Абу Аюб Халид бин Зайдка *(Алла ага ыраазы болсун!)* мураска калган эле. Бул куттуу үй Набави мечитинин чыгыш тарабынан орун алган эле.

Туббанын катын сактап жүргөндөр Алла Элчисинин Медина шаарына келе жатканын угушуп, аманат катты ага тапшыруу максатында Сулайм уруусунан Абу Лайланы жибермек болушат. Абу Лайла эл арасында салмактуу орду бар, эл сыйлаган ишенимдүү адам болот. Ошентип, Абу Лайла Мекке тарапты көздөй жол тартат. Тилекке жараша, жолдо баратып Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* алдынан чыгат. Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Абу Лай-

1. Ясриб шаары – азыркы Медина шаары.
2. Ибн Асакир, III, 334-335; Шамхуди, I, 188-189.
3. Ахмад, V, 340.

ланы жанына чакырып:

- *Сен Абу Лайласыңбы?* - деп сурайт.

Абу Лайла:

- Ооба, мен Абу Лайламын! - дейт. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

-Сенде Туббадан калган кат бар! Катты мага бер! - дейт.

Абу Лайла Пайгамбарыбызды али таанычу эмес эле. Абу Лайла:

-Сен кимсиң? Негедир жүзүнөн сыйкырчылыктын белгиси байкалбайт. Ал каттын менде экенин кайдан билдиң?! - деп таң калып сурайт.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*-Мен Мухаммадмын! Катты бер!* - дейт.

Абу Лайла катты алып чыгып Пайгамбарыбыздын өз колуна тапшырат. Катты Азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун!)* окуп берет. Анда Алланын Элчиси үч ирет:

*«-Салам сага эй,боордош Тубба!»-* деп кайталайт.

Андан соң Пайгамбарыбыз Абу Лайланы Мединага тезирээк кайтып барышын айтат. Абу Лайла Мединага барып, элге Алланын Элчисинин келе жатканын сүйүнчүлөп жар салат. Мединалыктар Абу Лайлага мындай куш кабары үчүн белек-беч-кектерин тартуулашат.[4]

4. Ибн Асакир, III, 335; Айни, IV, 176

## Меймандос Абу Аюб аль-Ансари (радияллаахy анхy)

Абу Аюб аль-Ансари *(радияллаахy анхy)* Пайгамбарлар Төрөсүн *(саллаллахy алейхи ва саллам)* куттуу үйүндө жети ай коноктоо бактысына туш болгон улуу сахаба. Ал Алланын Элчисинен үйүнүн үстүнкү кабатында жашашын канча өтүнсө да Пайгамбарыбыз:

- Ээ, Абу Аюб! Биз үчүн төмөнкү кабат алда канча ылайыктуу! - деп төмөнкү кабатта жашады.

Азирети Абу Аюб *(Алла ага ыраазы болсун!)* кут коногу Алланын Элчисине болгон урмат-сыйын көрсөтүп, кызматын жан дилден сүйүп аткарды. Ошентип, Абу Аюб үй-бүлөсү менен үйдүн үстүнкү кабатында Пайгамбарыбыз жаткан жерге туш жатып калбоолору үчүн дубалдын түбүнө кырка тизилип алып укташар эле. Бул алардын Алланын Элчисине бапестеген аруу сүйүүлөрү, урмат-сыйы эле.

Күндөрдүн биринде Абу Аюбдун чоподон жасалган карапасы сынып, андагы суу жерге жайылды. Кут мейманга суу тамчылап, анын тынчын алуусунан кыжалат болгон Абу Аюб ошол замат баягы жерди жалгыз жуурканы менен кургактап кирди. Таң сөгүлүп, жерге жарык түштү. Азирети Абу Аюб *(Алла ага ыраазы болсун!)* Алланын Элчисинен *(саллаллахy алейхи ва саллам)* дагы бир жолу үстүнкү кабатка жайгашуусун суранды. Алланын Элчиси *(саллаллахy алейхи ва саллам)*:

-Төмөнкү кабат мен үчүн алда канча ылайыктуу! - десе да, азирети Абу Аюб *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-Сиз төмөнкү кабатта турган чакта биз экинчи кабатка чыкпайбыз! - деп көшөрүп туруп алды. Ошентип, Пайгамбарыбыз азирети Абу Аюбдун көңүлүн кыя албай экинчи кабатка жай-

гашты.[5]

Азирети Абу Аюб аль-Ансари үй-бүлөсү менен эң даамдуу тамак-аштарын жасап, Алланын Элчисин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* колунан келишинче коноктой турган. Алар Алланын Элчисинен *(саллаллаху алейхи ва саллам)* калган тамактарды эч калтырышчу эмес эле. Себеби Пайгамбарыбыздан арткан тамакты таберик деп билишкен. Күндөрдүн биринде Алла Элчисинин дасторконуна сарымсак кошулуп жасалган тамак коюлду. Бирок Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* тамактан ооз тийген жок. Азирети Абу Аюб тамактын ошол калыбында турганын көрүп, дароо Пайгамбарыбызга барып:

-О, Алланын Элчиси! Бу тамак арамбы? - деп таң калып сурады.

-Жок, арам эмес! Болгону жыты гана (мага жакпады). Анткени мен периштелер менен сүйлөшөм - деп жооп берди.

Азирети Абу Аюб:

-Сизге жакпаган нерсе мага да жакпайт! - деди.

Анда азирети Пайгамбарыбыз:

-Бирок силер аны жей бергиле! - деп буюрду.

Ошондон кийин азирети Абу Аюб *(Алла ага ыраазы болсун!)* бүткүл ааламдын сыймыгы Мухаммад *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Пайгамбарыбызга сарымсактан тамак жасабас болду.[6]

Бул окуядан байкалгандай, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* азирети Абу Аюб ал-Ансариге жасаган мамилеси менен адамдын көңүлүн оорутпоо жана периштелерди да тынчсыздандырбоо керектигин түшүндүрүү менен бирге

5. Муслим, Ашриба, 171; Ибн Хишам, II, 116
6. Муслим, Ашриба, 170-171; Ибн Хишам, II, 116

адамдык асыл сапатын, сыпаалыгын, боорукерлигин ачык-айкын көрсөтө алды.

Азирети Абу Аюбдун Пайгамбарыбызга болгон аруу сүйүүсү, урмат-сыйы өтө терең эле. Ал Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

- Стамбул сөзсүз түрдө мусулмандардын колуна өтөт! Аны колго алган кол башчы кандай гана бактылуу кол башчы! Аны колго алган кошуун кандай гана бактылуу кошуун! *( Ахмед, IV, 335; Хаким, IV, 468/8300)* - деген куш кабарына туш болуу үчүн жашы сексенден өтүп калса да, эки жолу Стамбул шаарына болгон жүрүшкө катышты. Акыры ушул улуу жолдо жан берди. Ал көз жумаардан мурда мындан кийин дагы Стамбулду курчоого ала турган Ислам жоокерлерине куттуу денеси менен да болсо жол көргөзүү үчүн жанындагы жоокерлерге:

-Сөөгүмдү бутуңар баскан эң акыркы жерге койгула![7] – деп осуятын айтып кетти!

## Азирети Анас бин Маликтин Пайгамбарыбызга өтөгөн кызматы

Азирети Анас *(Алла ага ыраазы болсун!)* өзү мындай дейт:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Медина шаарына келген соң (өгөй атам) Абу Талха мени Пайгамбарыбызга алып барып:

-О, Алланын Элчиси! Анас эстүү бала, сиздин кызматыңызда болсун - деп өтүндү. Пайгамбарыбыз Абу Талханын суранчына оң жооп кылып, мени жанына алып калды. Ошентип, Алла Элчисинин кызматчысы болдум. Жашоонун ысык-суугунда Пай-

7. Ибн Саад, III, 484-485.

гамбарыбызга (он жыл) кызмат өтөдүм. Валлахи, анын кандайдыр бир катачылыгыман улам: «Эмне минтип койдуң?» же болбосо ишимди аткарбагандыгым үчүн: «Муну эмне үчүн жасаган жоксуң?» - деп айтканын эч уккан жокмун» *(Муслим, Фадаил, 52).*

Хадистердин биринде азирети Анастын Пайгамбарыбызга өтөгөн ак кызматы жөнүндө мындай делет:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Мединага келген кезде ансарлар[8] аял-эркек дебей колдорунан келген сыйларын көргөзүп, белек-бечкектерин тартуулап жатышты. Умму Сулайм айымдын (Абу Талханын жубайы) белек кылчу эч нерсеси жок болгондуктан ичи ачышып, кайгы-муңга батып, өзүнчө кыжалат болду. Акыры ал уулу Анасты колунан жетелеп Пайгамбарыбызга барып:

- О, Алланын Элчиси! Анас сизге кызмат кылсын – деди. Ошентип, азирети Пайгамбарыбыз Умму Сулаймдын аруу тилегин туура түшүнүп, азирети Анасты жанына алып калды» *(Самхуди, I, 271).*

Азирети Анас *(Алла ага ыраазы болсун!)* :

«... Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* күндөрдүн биринде мени бир жерге жөнөтмөк болду. Мен калп эле кетенчиктеп: - Барбайм - дедим. А бирок мен Пайгамбарыбыз айткан жакка барууга жан дилден даяр элем. Анткени мага буйрук берип жаткан зат - Алланын Элчиси эле! Ошентип жолго чыктым. Жолдо балдар ойноп жатышкан эле. Мен да алар менен ойноп кирдим. Бир кезде кежигемден бирөө кармады. Карасам, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мени карап жылмайып туруптур. Анан:

-Ээ, Анас! Барып келип калдыңбы? - деп жылуу, сыпаа гана

8. Ансарлар - Меккеден көчүп келген мусулмадарды кучак жая тосуп алган Медина мусулмандары.

сурап койду. Мен:

-Мына баратам, о, Алланын Элчиси! – дедим да, дароо жолума түштүм» *(Муслим, Фадаил, 54).*

Азирети Анас *(Алла ага ыраазы болсун!)* дагы бир эскерүүсүндө мындай дейт:

«Күндөрдүн биринде Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* кызматымды кылган соң «Пайгамбарыбыз куш уйкуга кирди» - деген ой менен көчөгө чыктым. Жолго чыгып балдардын ойноп жатканын карап турдум. Бир маалда Алланын Элчиси келди. Ойноп жаткан балдарга салам берди. Анан мени жанына чакырып, бир жерге жумшады. Мен Пайгамбарыбыз айткан жакка жөнөдүм. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мен кайтып келгенге чейин ошол жердеги дарактын көлөкөсүндө отуруптур. Үйгө кеч бардым. Апам:

-Эмне болду, кайда жүрөсүң? - деп сурады. Мен:

-Алланын Элчиси мени бир иш менен бир жерге жөнөткөн болучу - дедим. Апам кызыгып:

- Ал эмне иш болду экен? - деп сурады. Мен:

-Ал Алла Элчисинин сыры - дедим. Анда апам:

- Андай болсо, Алла Элчисинин сырын эч кимге айтпа! - деди.

Бул хадисти айтып калтырган азирети Сабит *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Азирети Анас мага: - Эгер ал сырды кимдир бирөөгө ача турган болсом, сага да ачар элем, Сабит! - деди» *(Ахмед, III, 195).*

Бул окуядан Алланын Элчиси балдарды да өзүнө өтө жакын досу сыяктуу кабыл алып, аларга бир топ сырларын айткандыгы көрүнүп турат. Ал жашоосунун ар бир көз ирмеминде балдарга

өзгөчө мээримин төгүп, алардын аң-түшүнүгүнө жараша жылуу мамиле жасаган. Ал көптөгөн куттуу хадистеринде:

*«Кимдин баласы бар болсо, ал баласы менен бала болсун!»* *(Дайлами, III, 513)* .

*«Балдарыңарга жылуу мамиле жасап, жакшы тарбия бергиле!»* *(Ибн Мажа, Адаб, 3)* - деп балдарга кандай мамиле жасап, кандай тарбия берүү керектигин айтып кеткен.

Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жашоосу - баланы тарбиялоодо да биз үчүн өчпөс шам чырак! Ал өз колунан тарбия көргөн азирети Анаска өмүрүнүн эч бир көз ирмеминде ачууланган эмес эле. Элүү беш жаштагы Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* он жашар баланын (азирети Анастын) деңгээлине чейин түшүп, керек болсо аны менен сырдаш дос боло алган. Алла Элчисинин тарбиясына жуурулган азирети Анас *(Алла ага ыраазы болсун!)* бала кезинде эле чоң кишиче Алла Элчисинин сырларын эч бир адамга ачкан эмес. Анын Пайгамбарыбыз менен кошо мүрзөлөргө дагы барган күндөрү болгон. Азирети Анасты мына ушундай абалда бышырып-жетилткен нерсе - бүткүл ааламдын сыймыгы[9] атанган Мухаммад *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Пайгамбарыбыздын сөзгө чак келбес тарбиясы эле.

## Мухажирлер менен ансарлардын[10] боордоштугу

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Исламды жайылтуу озуйпасын аракалагандан тарта ыйманга келген адамдар кайсы элден, рассадан же уруудан болбосун, бардыгын

9. Азирети Пайгамбарыбыздын эпитети.

10. Мухажирлер - Мекке шаарынан Мединага көчүп барган мусулмандар. Ансарлар - Мекеден келген мусулмадарды кучак жая тосуп алган Мединалык мусулмандар.

бирдей кабыл алып, алардын баарын «мусулман бир туугандар» - деп жарыялаган. Кээ бири улуу көчтөн мурун, кээ бири андан кийин «бир тууган болдук» - дешип ант беришкен. Мекке шаарындагы ант Курайш уруусунан Исламды кабыл алган мусулмандар менен кулдуктан эркиндикке чыккан мусулмандардын ортосунда болгон. Мисалы, азирети Зайд бин Харис менен Азирети Хамза, Абу Хузайфанын азаттыкка чыккан кулу азирети Салим менен азирети Абу Убайда бин Жаррах, азирети Билал Хабаши менен азирети Убайда бин Харис «бир тууган» - деп жар салынган эле.[11]

Исламдын алгачкы жылдарында бир тууган болгон мусулмандар улуу көчтөн кийин дагы бир жолу бүтүндөй адамзатына бир туугандыктын баа жеткис үлгүсүн көрсөтүшкөн.

Меккелик мусулмандар Медина шаарына келген күнү эле ансарлар аларды үйлөрүнө алып барып, колдорунан келген сый-урматын көрсөтүү үчүн ортолорунда талаш чыккан эле. Акырында меймандарды чучукулакка алуу зарылчылыгы туулган болучу.[12]

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Мединага келгенден беш ай өткөн соң бу сапар мухажирлер менен ансарларды эки-экиден «бир тууган» - деп жар салды. Бул антташуу азирети Анас бин Маликтин үйүндө болду.[13]

Азирети Абу Бакир менен азирети Харижа бин Зайд, азирети Умар менен азирети Утбан бин Малик, азирети Абу Убайда менен азирети Саад бин Муаз, азирети Осмон менен азирети Авс бин Сабит,[14] азирети Билал менен азирети Абдуллах бин

11. Ибн Саййидиннас, I, 321;Ибн Хабиб, 70-б.; Ибн Абдилбер, ад-Дурар, 90-б.
12. Бухарий, Жанаиз, 3; Манакибуль-Ансар, 46.
13. Бухарий, Адаб, 67.
14. Ибн Хишам, II, 124-125.

Абдуррахман,[15] азирети Салман менен азирети Абу Дарда,[16] азирети Салим менен азирети Муаз бин Маиз,[17] азирети Аммар менен азирети Хузайфа (Алла Таала алардын бардыгына ыраазы болсун!) бир тууган болушкан эле. [18] Бул антташууда сахабалардын кулк-мүнөзү да эске алынган эле. Мында кулк-мүнөзү бири-бирине жакын сахабалар бир тууган деп табылган.

Ошентип, мухажирлер ансар бир туугандарынын үйлөрүндө жашап калышат. Бир туугандык антка бекем турган кутман сахабалар бирге иштеп, тапкан нанын тең бөлүшүп, бир женден кол, бир жакадан баш чыгарып ынтымактуу жашай башташат. Ансарлар ашыкча жерлерин Пайгамбарыбызга бөлүп беришет. Ал эми Алланын Элчиси өзүнө берилген жерлерди мухажирлерге бөлүштүрүп берет. Ансарлар муну менен гана чектелип калбастан берешендиктин үлгүсүн көрсөтүп:

-О, Алланын Элчиси! Курма багыбыздан дагы мухажир бир туугандарыбызга бөлүп берсеңиз кандай болот? -деп сунуш киргизишет.

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)*:

-Жок, андай болбойт -деп алардын бул сунушун кабыл албаган соң ансарлар мухажирлерге:

-Андай болсо, курма бакты кароо, сугаруу иши силерге жүктөлсүн. Кийин түшүмүн бөлүшөлү - дешет. Азирети Пайгамбарыбыз бул сунушту ылайык көрөт. Эки тарап бир ооздон:

-Уктук жана моюн сундук! – дешет *(Бухарий, Харис, 5).*

Бул антташуу бүт нерсесин Меккеде таштап Мединага көчүп барган мусулмандардын жана аларды кучак жая тосуп алган

15. Ибн Саад, III, 233, 234
16. Бухарий, Адаб, 67
17. Ибн Абдилбер, II, 567
18. Хаким, III, 435/5657

ансарлардын бири-бирине материалдык жана моралдык жактан жардам көрсөтүүлөрүнө багытталган эле. Ансарлар Ислам дини үчүн туулуп өскөн алтын топурагынан көчүп кетүүгө мажбур болгон мухажирлердин кайгы-мунун тең бөлүшүп, аларга колдорунан келишинче жардам берип, мусулмандардын ортосундагы биримдикти, ынтымактыкты бекемдөөгө аракет кылышкан эле.

Бул антташууда алардын бири-бирине болгон акы-укуктары, тең укуктуулук, кайрымдуулук жана мурас сыяктуу ар тараптуу маселелер да эске алынган эле.[19] Мисалы, бул антташууга ылайык, бир тууган болгондор бири-бирине өкүл жана мураскор эле.

Бирок мураска байланышкан бул өкүм Бадр согушунан кийин вахий[20] (Алла Тааладан келген буйрук) менен жоюлуп, мурас маселеси укум-тукумга гана тиешелүү маселе болгондугу баса белгиленген.[21]

Ибн Аббас *(Алла ага ыраазы болсун!)* бул жаатта мындай деген:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* аркылуу болгон шерттешүү боюнча, мухажир (меккелик сахаба) ансар бир тууганына (мединалык сахабага) анын өз бир тууганынан мурда мураскор боло турган. Бирок:

وَلِكُلٍّ جَعَلْنَا مَوَالِيَ مِمَّا تَرَكَ الْوَالِدَانِ وَالأَقْرَبُونَ

**«Ата-эне жана туугандар калтырып кеткен мурастан пайдалануу үчүн мураскор дайындап койдук... »**

19. Бухарий, Кафала 2, Адаб 67.

20. Вахий – Алла Таала тарабынан пайгамбарларга Жабраил periште аркылуу же түздөн-түз маалымдалган кабар. Ыйык Курандагы сүрө-аяттар вахий аркылуу түшүрүлгөн.

21. Аль-Анфал сүрөсү, 72-75; Бухарий, Фараиз, 16.

*(Ниса сүрөсү, 33-аят)* - деген аят менен бул маселеге акыркы чекит коюлду. Бул аяттын уландысындагы:

وَالَّذِينَ عَقَدَتْ أَيْمَانُكُمْ فَآتُوهُمْ نَصِيبَهُمْ

**«... Кимдер менен шерттешкен болсоңор, анда аларга өз үлүштөрүн бергиле...» -** деген буйрук аркылуу ансарлар менен мухажирлердин ортосундагы бир туугандык, ынтымак жана биримдик маселелери баса белгиленди. Ошентип, мухажирлердин ансарларга болгон мураскорлугу жөнүндөгү өкүм күчүн жоготту. Бирок ким кааласа, (мал-мүлкүнүн үчтөн бир бөлүгүн каалаган мусулман бир тууганына) мурас калтыра ала турган болду» *(Бухарий, Тафсир, 4/ 7; Абу Давуд, Фараиз, 16/ 2922) - дейт.*

Ошентип аталган анттАшуу аркылуу Исламдан мурда Мединалык Авс жана Хазраж арап урууларынын ортосунда узак жылдар бою уланып келаткан араздашуулар токтоп, бир туугандыктан да бекем боордоштук түптөлдү. Алар бири-бирин көрүш үчүн танды чыдамсыздык менен күтө турган болушту. Бири-бири менен жолукканда жылуу гана учурашып, ал-акыбалдарын сурашып, күн өткөн сайын ортодогу ынтымак чыңалып баратты. Алар үч күн аралыгында бири-бири менен көрүшпөй калса, кадимкидей сагынышып кала турган абалга келишти. Алла Тааланын алкышына татыган бул бир туугандык Куран аяттарында өзгөчө мактоо менен эскерилет.[22]

Азирети Пайгамбарыбыз *(алейхис-солаату вас-салаам)* Медина шаарында Ислам мамлекетинин пайдубалын түптөп жаткан эле. Ислам мамлекетин түптөө үчүн эң алгач коомго биримдикти, ынтымактыкты жана тынчтыкты орнотуу керек эле. Анткени коомдо чогуу иш алып барууну, чогуу иштешүүнү эң мыкты деңгээлде камсыздоо үчүн адамдардын бири-бирине

22. Хашр сүрөсү, 9.

болгон урмат-сыйы, боордоштугу, ынтымак-ырашкерлиги жана биримдиги талап кылынат. Мына ошондуктан Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* аркылуу бекитилген ансарлар менен мухажирлердин ортосундагы бул бир туугандык адамзат тарыхы эзели күбө болбогон коомдун түзүлүшүндө эң маанилүү себеп болгон.

Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) жаңыдан түзүлүп келаткан мусулман коомчулугунун пайдубалын кандайдыр бир урууга, улутка, рассага, кул же эркин, же болбосо бай-кедей адамдарга карата эмес, болгону «мусулман бир туугандык» - деген аруу түшүнүк менен тургузган. Ошентип коомдук ал-акыбалдары жагынан асман менен жердей айырмачылыктары бар адамдарды Исламдын тарбиясы менен тарбиялап, эң мыкты мусулман коомчулугун түзө алган.

## Мухажирлер менен ансарлардын артыкчылыгы

«Киндик кан тамган алтын топурагынан башка чөлкөмгө көчүп барган» - деген маанидеги «мухажир» сөзү жан чыдагыс зордук-зомбулуктун айынан Мекке шаарынан Медина шаарына көчүп барган мусулмандарга карата айтылат.

Мухажирлер өздөрү менен кошо алып келген анча-мынча гана мал-мүлктөрү болбосо, негизинен мал-мүлктөрүнүн баары Меккеде калган эле. Бутпарастар мусулмандардан калган мал-дүйнөлөрдү талап-тоноп алышкан эле. Меккедеги мусулмандардан бай адамдар көп болгон. Бирок мусулмандар мал-дүнүйө, байлык, мансап деген нерселердин болгону бул дүйнөгө гана таандык болгондугун астейдил андап-түшүнгөндүктөн ыйманга келгенине эч качан өкүнүшкөн эмес. Анткени ыйман тартуулаган теңдешсиз ырахат дүйнөнүн миң түркүн лаззаттарынан алда

канча жогору тургандыгын алар жакшы түшүнүшкөн. Мына ошондуктан алар Улуу Жараткан Алла Тааланын жолуна бүт дүнүйө-мүлкүн, ал тургай жанын берүүгө да ар дайым даяр турушкан.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* кандайдыр бир нерсени өтүнгөн кезде алар: «Ата-энем да, жаным да сага садага, о Алланын Элчиси!»- дешип Пайгамбарыбыздын эң эле жөнөкөй суранычын да «буйрук» катары көрүшкөн. Мединага журт которуусуна бөгөт болгон бутпарастарга катып койгон байлыгын айтып болсо да, Медина шаарына көчүп келген Сухайб бин Синан (Сухайби Руми) *(Алла ага ыраазы болсун!)* буга эң сонун мисал боло алат:

Алла Тааланын жолунда оор азап-тозокторго, зордук-зомбулуктарга туш болгон мусулмандардын бири азирети Сухайб *(Алла ага ыраазы болсун!)* азирети Алиден *(Алла ага ыраазы болсун!)* кийин Мединага көчүп кетүү үчүн жолго чыгат. Мекkeден бир топ бутпарастар Сухайбдын изине түшүшөт. Акыр-аягы алар аны кууп жетишет да:

-Сен бул жерге келгениңде кедей, кембагал элең. Эми минтип Меккенин эң бай адамдарынын катарына кошулдуң! Акырында тымызын өзүң менен кошо байлыгыңды да алып кетип баратасың! Эгер алып кетем десең, бул жерден соо чыкпайсың! - деп коркутушат.

Азирети Сухайб дароо аттан түшүп саадагын жерге коюп:

-Эй, Курайш уруусу! Менин көзгө атар мерген экенимди баарыңар жакшы билесиңер. Валлахи, баарыңарды окко кезеп, огум түгөнгөн соң калганыңарды кылычымдын мизинен өткөрөм. Жаам, же кылычым колумда турган чакта мага жакын жолой албайсыңар. Булар колумда жок болсо, мени каалаганыңардай кордошуңар мүмкүн. Азыр мен силерге байлыгымдын кай жерде экенин айтсам мага жол бересиңерби?!- дейт.

Бутпарастар азирети Сухайбдын сунушун кабыл алышат. Ошентип азирети Сухайб *(Алла ага ыраазы болсун!)* бутпарастарга мал-дүйнөсү катылган жерди айтып, жолуна түшөт. Рабиуль-авваль айынын орто чендеринде «Куба» - деген кыштакка Пайгамбарыбыздын аркасынан жетип келет. Азирети Сухайб Кубага келген кезде Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* менен бирге азирети Абу Бакир жана азирети Умар отурган экен. Алдыларында Күлсүм бин Хидм алып келген Умму Жирзан курмасынан бир үзүм турган. Жолдон келген Сухайбдын *(Алла ага ыраазы болсун!)* жолдо уктап эч тыным албагандыктан көзү шишип, курсагы абдан ач эле. Курмадан өзөк жалгайт. Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)* тамашалап:

- О, Алланын Элчиси! Сухайбды карабайсызбы? Көзү шишигенине карабай быша элек чийки курманы жеп жатканын - дейт. Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* азирети Сухайбды карап, жылмайып:

*-Демек, көзүң шишисе да, быша элек курмаларды жеп жатасыңбы?!* - дейт. Анда азирети Сухайб:

-Мен көзүмдүн шишибеген жагы менен жеп жатам! - деп жооп берет.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жылмайып (азирети Сухайбдын жолдо бутпарастар менен болгон окуясын айтып) мындай дейт:

*-Сухайб утту! Сухайб утту! Эй, Абу Яхия! Соодаң онунан чыкты! Соодаң онунан чыкты!* *(Ибн Саад, III, 226-230; Хаким, III, 450, 452).*

* * *

Мухажирлер минтип ыйманга жуурулуп, далай зордук-зомбулукту баштан кечирип Мединага көчүп баруу аракетин көрүп жаткан учурда Мединалык мусулмандар алардын мындай баа жеткис каармандыктарына жараша кучак жая жылуу тосуп

алууга даярдык көрүп жатышкан эле. Мусулман боордоштору келген соң ансарлар бүт мал-мүлкүн жан дилден ыраазы болуп бөлүшүүгө белен тургандыктарын билдирип, дароо мал-дүйнөсүн тең бөлүшүүгө киришет. Ансар боордошторуна ашыкча жүк болууну каалабаган кээ бир мухажирлер ансарлар берген дүнүйө-мүлктү алгысы келбей, алардын курма бакчаларында иштеп, өздөрүнүн мандай тери менен күн өткөрө башташат. Кээ бири соода-сатык менен алек болушат. Мухажир Абдуррахман бин Авф *(Алла ага ыраазы болсун!)* менен бир тууган болгон Саад бин Раби *(Алла ага ыраазы болсун!)* бир күнү ага мындай дейт:

–Мына менин мал-дүнүйөм. Мунун жарымы сеники!

Абдуррахман бин Авф *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-Алла Таала мал-дүйнөңө береке берсин! Үй-бүлөң менен аман бол! Сен мага Мединанын көчөлөрүн көргөзүп кой. Сенин мага жардамың ошол болсун! – деп анын сунушун кабыл кылбай коет. Ошентип соода-сатыкка кадам таштаган азирети Абдуррахман бин Авф *(Алла ага ыраазы болсун!)* кыска убакыттын ичинде бай адамдардын катарына кошулат. *(Бухарий, Манакибуль-Ансар, 3).*

Вахийдин[23] алгачкы угуучулары болгон, бардык оор кыйынчылыктарга карабастан Алланын Элчисине ыйман келтирген, мына ушул улуу жолдо машаккаттар күч алгандан күч алып, акырында дем алууга да оор болуп калган кезде аргасыздан киндик каны тамган ата журттарынан журт которгон мухажирлер Алла Тааланын алкышына алынган. Анткени алар улуу ишенимдери үчүн, Ислам менен жашоо үчүн бүт дүнүйө-мүлкүнөн кечип койгон аруу заттар эле. Мухажирлер мына ушундай кадамдары менен Исламга берилгендиктерин көрсөтүү менен бирге Алла Тааланын буйругун да аткарып жатышкан эле.

23. Вахий – Алла Таала тарабынан пайгамбарларга Жабраил периште аркылуу же түздөн-түз маалымдалган кабар. Ыйык Курандагы сүрө-аяттар вахий аркылуу түшүрүлгөн.

Алла Таала Куранда мухажирлер жөнүндө мындай дейт:

فَالَّذِينَ هَاجَرُواْ وَأُخْرِجُواْ مِن دِيَارِهِمْ وَأُوذُواْ فِي سَبِيلِي وَقَاتَلُواْ وَقُتِلُواْ لأُكَفِّرَنَّ عَنْهُمْ سَيِّئَاتِهِمْ وَلأُدْخِلَنَّهُمْ جَنَّاتٍ تَجْرِي مِن تَحْتِهَا الأَنْهَارُ ثَوَاباً مِّن عِندِ اللّهِ وَاللّهُ عِندَهُ حُسْنُ الثَّوَابِ

**«...Демек, киндик кан тамган мекенинен көчүп чыккан, ата-журтунан куулган, Менин жолумда азап чеккен, (Алла Таала үчүн) согушка барган жана (ушул жолдо) жан бергендердин күнөөлөрүн сөзсүз түрдө кечирем. Алла Таала тарабынан аларга сооп-сыйлык катары астынан дайралар агып турган бакчаларга киргизилет. Сыйлыктын эң жакшысы – бул, Алланын алдындагы (сыйлык)!»** *(Аали Имран сүрөсү, 195-аят).*

ثُمَّ إِنَّ رَبَّكَ لِلَّذِينَ هَاجَرُواْ مِن بَعْدِ مَا فُتِنُواْ ثُمَّ جَاهَدُواْ وَصَبَرُواْ إِنَّ رَبَّكَ مِن بَعْدِهَا لَغَفُورٌ رَّحِيمٌ

**«Чындыгында, Жараткан Эгең азап тартып (Мекеден Мединага) журт которгондордун, (Алланын жолунда) жихад кылып, (анын машаккаттарына) сабыр кылгандардын Колдоочусу. Жараткан Эгең – Кечиримдүү, Мээримдүү»** *(Нахл сүрөсү, 110-аят).*

Бул жагдай жөнүндө Азирети Пайгамбарыбыз мындай дейт:*«Мухажирлер башка адамдардан жетимиш жыл мурда бейишке кирип андагы Алла Тааланын жакшылыктарынан пайдаланышат. Анткени адамдар сурак берүү үчүн (сурак берчү убагын) күтүшөт» (Хайсами, X, 15).*

Мухажирлер акыретте өтө чоң баа жеткис жакшылыктарга туш боло тургандай эле, бул дүйнөдө да Жараткан Аллага жан дилден берилгендиги үчүн көптөгөн жакшылыктарга туш болушкан. Бул жаатта Куран аяттарынын биринде мындай делет:

وَالَّذِينَ هَاجَرُواْ فِي اللهِ مِن بَعْدِ مَا ظُلِمُواْ لَنُبَوِّئَنَّهُمْ فِي الدُّنْيَا حَسَنَةً وَلأَجْرُ الآخِرَةِ أَكْبَرُ لَوْ كَانُواْ يَعْلَمُونَ

**«Зордук-зомбулукка дуушар болгондон кийин Алла Тааланын ыраазылыгы үчүн (өз ата-журтунан башка жакка) журт которгондорду бул дүйнөдө жайлуу конушка жайгаштырабыз. Эгер алар билишсе, акыреттеги сыйлыктары андан да чоң!»** *(Нахл сүрөсү, 41-аят).*

Алла Таала мухажирлерге тарткан азап-тозокторунан улам олжолордон башка адамдарга салыштырмалуу көбүрөөк бөлүп берген. Бул маселе тууралуу Куран аяттарынын биринде минтип айтылат:

لِلْفُقَرَاء الْمُهَاجِرِينَ الَّذِينَ أُخْرِجُوا مِن دِيارِهِمْ وَأَمْوَالِهِمْ يَبْتَغُونَ فَضْلاً مِّنَ اللهِ وَرِضْوَاناً وَيَنصُرُونَ اللهَ وَرَسُولَهُ أُوْلَئِكَ هُمُ الصَّادِقُونَ

**«(Ал олжолор) өз мекендеринен жана мал-мүлктөрүнөн ажыраган кембагал мухажирлердики, алар Алланын берешендигин жана ыраазылыгын тилешет, алар Аллага жана Анын Элчисине жардам беришет. Мына ошолор (ыйманы бекем, ниети түз,) ыкласы ысык адамдар!»** *(Хашр сүрөсү, 8-аят).*

Мухажирлер көчүп келгенден кийин бир топко чейин Мединанын абасына, жерине көнө алышпай, айрымдары ысытма сыяктуу ооруларга чалдыгат. Азирети Аиша *(Алла ага ыраазы болсун!)* атасы Абу Бакир Сыддык жана Билал Хабашинин

*(Алла аларга ыраазы болсун!)* ысытма оорусуна чалдыкканын көрүп, Пайгамбарыбызга айтып барат. Ырайымдуулуктун пайгамбары болгон Мухаммад *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Алла Таалага алакан жая дуба кылат:

«Оо, Жараткан! Меккени бизге кандай бейпил кылган болсоң, Мединаны да ошондой бейпил кыла көр! Мекkeден да бейпил кыла көр! Түшүмүн мол, берекелүү кыла көр! Оо, Жараткан Алла! Мединанын абасын биз үчүн жеңил кылып, ысытманы Жухфа[24] жакка жибере көр!» *(Бухарий, Фадаилул-Медина, 12; Муслим, Хаж, 480).**

Меккеден Ислам үчүн кордолуп көчүп келген мухажирлерди кучак жая тосуп, берешендигин көрсөтүп бүт байлыгын алар менен тең бөлүшкөн, Алла Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* арка-жөлөк болгон Мединалык мусулмандар «ансарлар» (жардам көргөзгөндөр) - деп айтылат.

Гайлан бин Жарир *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Мен Анаска *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-Мурунтан эле силердин «ансар» - деген наамыңар бар беле же бул ысымды силерге Алла Таала ыйгардыбы? - деп сураганымда ал мага минтип жооп кайтарган болчу:

-Бу ысымды бизге Алла Таала ыйгарды» *(Бухарий, Манакибуль-Ансар, 1).*

Ансарлар «Авс» жана «Хазраж» - деген эки бир тууган арап уруусунан болушкан. Пайгамбарыбыз Медина шаарына келгенге чейин бул эки уруунун мамилелери өтө начар болгон. Алла Элчисинин пайгамбарлыгынын он биринчи жылы Хазраж уруу-

24. Жухфа ал кезде эврейлер менен бутпарастар жашаган аймак болгон. Анда жашагандар мусулмандарга каршы каапырларга жардам берип, ушак-айындарды айтып, жалган жалааларды жабышар эле. Пайгамбарыбыз бул дубасы менен алардын мусулмандарга зыян келтирбөөсүн, Алланын мусулмандарга жардам берүүсүн жана каапырлардын чагымчылыгына жол бербөөсүн суранган. (Айни, X, 251).

сунан алты киши Меккеге Курайштан Авс уруусуна каршы жардам сурап келишкен эле. Алар Мекке шаарында Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* менен жолугушат. Пайгамбарыбыз аларга Ислам жөнүндө айтып берет. Алар ошол жерден ыйман келтирип мусулман болушат. Ошентип, узак жылдар бою созулуп келген араздашуулардын, чыр-чатактардын ордуна Исламдын тынчтыгы, бейпилдиги, биримдиги жана ынтымагы орнойт. Эки бир тууган уруу ынтымакка келип, пайгамбарлыктын он экинчи жана он үчүнчү жылдары Мекке шаарына ишенимдүү өкүлдөрүн жөнөтүшөт. Алар Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* менен кезигип, «Акаба» - деген жерде биринчи жана экинчи биатын[25] бекитишет.

Меккеге келген өкүлдөр экинчи Акаба биатында эгер Пайгамбарыбыз жана мусулмандар Мединага барып калышса, кучак жая тосуп, дайым жөлөк болууга даяр экендиктерин билдирип ант беришет. Ошентип, алар Улуу Көчкө жана Ислам тарыхында жаңы доордун башталышына зор салымын кошушкан.

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мухажирлер менен ансарларды эки-экиден «бир тууган» - деп жар салган соң ансарлар мухажир боордошторун үйүнө, иштеген ишине, бар байлыгына ортоктош кылып, кадыресе бир туугандыктан да жогору боордоштуктун, биримдиктин, ынтымактыктын үлгүсүн көрсөтө алышкан. Алла Таала Куран аяттарынын биринде ансарларды алкыш менен төмөнкүчө эскерген:

وَالَّذِينَ تَبَوَّؤُوا الدَّارَ وَالْإِيمَانَ مِن قَبْلِهِمْ يُحِبُّونَ مَنْ هَاجَرَ إِلَيْهِمْ وَلَا يَجِدُونَ فِي صُدُورِهِمْ حَاجَةً مِّمَّا أُوتُوا وَيُؤْثِرُونَ عَلَى أَنفُسِهِمْ وَلَوْ كَانَ بِهِمْ خَصَاصَةٌ

25. Бият - кайсы бир жол башчынын карманган жолун кабыл алып, ага моюн сунуу үчүн берилген ант.

**«Мурдатан (Медина шаарына отурукташып калган жана) жүрөктөрүнө ыйман нуру уялаган адамдар өздөрүнө (б.а., Медина шаарына) көчүп келгендерди (б.а., мусулман бир туугандарын чын дилден) жакшы көрүшөт. Аларга (мухажирлерге) берилген нерселерден улам ичи күйүп кызганышпайт. Ал тургай өздөрү муктаж болуп турса да, өздөрүнө караганда өзгөлөрдү жогору коюшат....»** *(Хашр сүрөсү, 9-аят).*

Бул аяттын түшүүсүнө төмөндөгү окуя себеп болгон:

Күндөрдүн биринде Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ачкалыктан улам кабыргасы майышкан бир адам келип жардам сурайт. Алланын Элчиси ошол жерде топтолуп турган кутман сахабаларына кайрылып:

-Бул боодошуңарды ким коноктогусу келет? - деп сурайт. Ансарлардан азирети Абу Талха *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-Мен коноктогум келет, о, Алланын Элчиси! - деп, тиги адамды үйүнө алып барат. Азирети Абу Талха өмүрлүк жарына:

- Анда эмесе Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* коногун сыйлайлы! Үйдө өзөк жалгаганга эмнең бар? - деп сурайт. Аялы:

-Болгону балдарга гана жете турган тамак бар – деп жооп берет. Азирети Абу Талха:

-Андай болсо, балдарды алаксытып тур! Алар дасторконго келгиси келсе, уктатып кой! Коногубуз үйгө кирген кезде чыракты бир шылтоо менен өчүр! Андан соң дастаркондо биз өзүбүз дагы жеп жаткандай үн чыгарып олтуралы - дейт.

Азирети Абу Талха коногун үйгө алып кирген соң жубайы күйөсүнүн айтканындай чыракты өчүрүп коет. Анан өздөрү да тамактанып жаткансып үн чыгарып олтурушат . Ошентип, конок курсагын тойгузуп, өздөрү эч нерсе жебей ачка жатышат. Таң

заарынан азирети Абу Талха Пайгамбарыбызга барат. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* азирети Абу Талханы көрүп:

-Кече кечинде коногунарга көргөзгөн сыйынар үчүн Алла Таала силерге ыраазы болду! – дейт. *(Бухарий, Тафсир, 59/6; Муслим, Ашриба, 172-173).*

Азирети Пайгамбарыбыз Медина шаарына келген кезде мухажирлер:

-О, Алланын Элчиси! Ушул (Мединанын) эли сыяктуу берешен, жакшылык иштерди жанындай жакшы көргөн башка элди көргөн жокпуз. Мал-мүлкү көп бардар адамдары бизге байлыгына жараша берип, ал эми кедейлери болсо колдорунан келишинче жардамын көргөзүп жатышат. Бардык кем-карчыбызды толуктап, бизге мал-дүйнөлөрүнүн тең жарымын бөлүп берип салышты. Ошондуктан алар сооптун баарын алып жатышат - деген ойлорун билдиришет.

Анда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мухажир сахабаларына мындай деп жооп берет:

-*Жок, силер да алар үчүн Алла Таалага алакан жайып дуба кылгандыгынар жана аларга көргөзгөн урмат-сыйынар менен аларды мактап, алкаган сайын (көптөгөн сооторго ээ болосунар)* *(Тирмизи, Кыямат, 44/2487).*

Азирети Жабир *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Ансарлар курмаларды жыйнаганда экиге бөлүп, бир жагына көп, экинчи жагына аз үйүп коюшаар эле. Андан кийин аз үйүлгөн жакка курманын бутактарын коюп (көп көргөзүү үчүн) мухажирлерге: -Кайсынысын аласынар, каалаганынарды алгыла - дешчү. Алар болсо (көп көрүнгөнүн ансар боордушубуздуку болсун деген аруу тилек менен аз көрүнгөнүн алышар эле). Ошентип мухажирлер курманын көбүнө ээ болушаар эле.

Ансарлардын мындай сөз менен түшүндүрүп берүүгө мүмкүн болбой турган берешендиги Хайбар колго алынганга чейин уланды» *(Хайсами, X, 40).*

Ансалардын мухажирлерге көргөзгөн сыйына дагы бир мисал:

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Бахрейн аймагын бөлүп сахабаларга таратуу үчүн алгач ансарларды чакырган эле. Алар:

-О, Алланын Элчиси! Мухажир бир туугандарыбызга бизден эки эсе көп бөлүп бермейинче, биз эч нерсе албайбыз! - дешет. Анда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* :

- Эй, ансарлар! Демек, ошондой! Андай болсо мени менен Кавсар көлмөсүнөн жолукканга чейин сабыр кылгыла (б.а., Иншаллах, мунун сообун ошол жактан аласыңар)!... - деп буюрат *(Бухарий, Манакибуль-Ансар, 8).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ансарлардын мындай бийик адамдык касиети жөнүндө дагы бир хадисинде төмөнкүчө эскерген:

*«Болжошумча, силер муктаж адамдарга жардам берүүгө чакырылган кезде ошол замат топ-топ болуп келет экенсиңер да, ал эми дүнүйөлүк нерсе бериле турган болсо, келбей коет экенсиңер. (Алхамду лиллаах) силер каниеттүүсүңөр!»* *(Али аль-Муттаки, XIV, 66).*

Ансарлар ошентип Мединага кут төгүп кирип келген Азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жана мухажирлерге көргөзгөн сый-урматтарынын акыбетинде бейишке, эң негизгиси Алла Тааланын ыраазылыгына ээ боло алышты.

Куран аяттарынын биринде мындай делет:

وَالسَّابِقُونَ الأَوَّلُونَ مِنَ الْمُهَاجِرِينَ وَالأَنصَارِ وَالَّذِينَ اتَّبَعُوهُم بِإِحْسَانٍ رَّضِيَ اللّهُ عَنْهُمْ وَرَضُواْ عَنْهُ وَأَعَدَّ لَهُمْ جَنَّاتٍ تَجْرِي تَحْتَهَا الأَنْهَارُ خَالِدِينَ فِيهَا أَبَداً ذَلِكَ الْفَوْزُ الْعَظِيمُ

**«(Ислам динин биринчилерден болуп кабыл алган) мухажирлерге жана ансарларга, ошондой эле аларды толук ээрчигендерге Алла Таала ыраазы болду жана алар дагы Ага ыраазы болду! (Алла Таала) алар үчүн түбөлүк жай болуучу жана алдынан дайралар агып туруучу бейиштерди даярдап койду. Мына ушул (тозок отунан) кутулуунун дал өзү!»** *(Тооба сүрөсү, 100-аят).*

Ансарлар Исламды жана Азирети Пайгамбарыбызды коргоо үчүн жанын да аяшкан эмес. Алар Бадр согушунда бүт күчүн жумшап, жан аябастан салгылашкан. Ухуд согушунда да каапырлар мусулмандарга арка тараптан чабуул койгон кезде Пайгамбарыбызды жарыкты айланчыктап учкан көпөлөк сымал айланып жан аябай коргоого жан далбас ургандардын көпчүлүгү ошол ансарлардан эле. Алар ошол жерде да Азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жүрөктөрүнүн түпкүрүнөн сызылып агып чыккан аруу сүйүүлөрүн, чыныгы күйүмдүүлүктөрүн дагы бир жолу далилдей алышкан. Ансарлардын Пайгамбарыбызга бапестеген баа жеткис сүйүүлөрү жөнүндө азирети Анас *(Алла ага ыраазы болсун!)* төмөнкү окуяны айтып калтырган:

«Күндөрдүн биринде Жарир бин Абдуллах[26] менен сапарга чыккан элем. (Менден бир топ улуу болсо дагы) Жарир мага

26. Жарир бин Абдуллах (Алла ага ыраазы болсун!) Йемен чөлкөмүн байырлаган Бажила уруусунун башчысы болгон. Улуу көчтүн (хижра жыл санагы боюнча) 10-жылы Рамазан айында Пайгамбарыбыздын көз жумаарына үч ай калган кезде азирети Жарир бин Абдуллах 150 кишиси менен Медина шаарына келип мусулман болушкан эле. Ал дагы Пайгамбарыбызды жан дили менен сүйгөн сахабалардын бири болгон.

сый-урматын көргөзүп кызмат кыла берди. Мен ага:

-Коюңуз, мага кызмат кылбаңыз - дедим. Ал:

- Мен ансарлардын Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* дайыма кызмат кылып жүргөнүн көрдүм. Ошондуктан мен өзүмө-өзүм «Эгерде ансарлардан бирөө менен дос болуп, аны менен ымаламды жакшыртсам, мен ага кызмат кылам» - деп сөз берип, касам ичкен болчумун - деген эле» *(Бухарий, Жихад, 71; Муслим, Фадаилус-Сахаба, 181).*

Азирети Пайгамбарыбыз *(алейхис-солаату вас-салаам)*:

*«Эгерде улуу көч болбогондо мен ансарлардан болор элем» (Бухарий, Манакибуль-ансар, 2)* - деген.

Ансарлар *(Алла алардын бардыгына ыраазы болсун!)* жөнүндө азирети Пайгамбарыбыз көптөгөн хадистеринде мактоо менен эскерген:

*«Алла Таалага жана акыретке чын көңүлдөн ыйман келтирген адам ансарларга сугун артпасын!» (Тирмизи, Манакиб, 25/ 3906).*

*«Аларды момун-мусулмандар гана жакшы көрөт. Аларды мунафык-эки жүздүүлөр гана көрө албайт. Ансарларды жакшы көргөн адамды Алла Таала да жакшы көрөт, аларга кек сактагандарга Жараткан Алла да кек сактайт» (Тирмизи, Манакиб, 25 – 3900).*

*«Эй, адамдар! Эл көбөйүп, бирок ансарлар азаюуда. Алар тамакка кошулчу туз сыяктуу (тездик менен ээрип) азайып баратат…» (Бухарий, Манакибуль-ансар, 11).*

*«Силер ансарлар менен жылуу мамиледе болгула! Алар менин жамаатым, сырдашым жана ишенимдүү өкүлдөрүм. Алар аркалаган озуйпаларын толугу менен так аткара билишти. Алар өтөгөн кызматтарынын акыбетин толугу менен көрө элек. (Акыретте ашыкчасы менен көрүшөт). Алар менен жылуу ма-*

*миледе болгула, кандайдыр бир катачылык кетиргендери болсо, кечирип койгула!»* *(Бухарий, Манакибуль-ансар, 11).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ансар, мухажир дебестен, бардык сахабаларын бирдей жакшы көргөн. Анын сүйүүсү учу-кыйыры көзгө илешпеген океан сыяктуу эле, сахабалардын ар бири өзүн Алланын Элчиси бардыгынан жакшы көрөөрүн ойлогон.

Бул жаатта азирети Кааб бин Ужра *(Алла ага ыраазы болсун!)* төмөнкү окуяны айтып калтырган:

«Күндөрдүн биринде Набави мечитинде отурганбыз. Мечитте Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* да бар болчу. Ал жерде ансарлардан, мухажирлерден жана Хашим уруусунан адамдар отурушкан. Алланын Элчиси ушул жердегилерден кимди эң жакшы көрөт? - деп талашып-тартыштык. Биз ансар жамааты:

-Биз Алланын Элчисине ыйман келтирип, Ага моюн сундук, душмандары менен кан майданда согуштук. Ошондуктан Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бизди алда канча жакшы көрөт - дедик.

Мухажир боордошторубуз:

-Биз Алла жана Анын Элчисинин жолунда бала-бакырабызды, мал-мүлкүбүздү таштап, бул жерге көчүп келдик. Силер жүргөн кан майданда биз да жүрдүк. Мына ошондуктан Алланын Элчиси бизди алда канча жакшы көрөт - деп чыгышты.

Ал эми Хашим уруусундагы боордошторубуз болсо:

- Биз Алла Элчисинин тууган-уруктарынан болобуз. Силер болгон согуштарда биз да салгылашканбыз. Ошондуктан Пайгамбарыбыз бизди жакшы көрөт - дешти.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жаныбызга

басып келип:

-Баятан бери эмне тууралуу сүйлөшүп жатасыңар? - деп сурады.

Маселенин ал-жайын түшүндүрүп бердик. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ошол жерде отургандардын бардыгына:

-Туура айтыпсыңар! Ким буга каршы пикир айта алат экен? - деди да, -Бул жаатта менин өкүмүмдү уккуңар келеби? -деп кайра суроо салды.

-Албетте, о, Алланын Элчиси! Ата-энебиз сага садага болсун! - дедик. Пайгамбарыбыз:

-Силер, эй, ансар жамааты! Мен силердин боордошуңар болом - деди.

Ансарлар сүйүнүп:

-Алла улук! Каабанын Жаратуучусуна ант берем, биз уттук - деп жиберишти.

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи ва саллам)*

-Эй, мухажир жамааты! Мен силердикмин - деди.

Мухажирлердин да кубанычы коюндарына батпай:

-Алла улук! Каабанын Жаратуучусуна ант берем, биз уттук - дешти.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* :

- Эй, Хашим уруусу! Силер болсо мендиксиңер, силер мага келдиңер - деди.

Хашим уруусу да:

-Алла улук! Каабанын Жаратуучусуна ант берем, биз уттук - дешти. Бардыгыбыз ыраазы болуп турдук. Ошентип Алла

Элчисинин мындай ары маанилүү, ары жылуу мамилеси менен бардыгыбызды кубантып, көнүлүбүздө кандайдыр бир жылуу сезим калтырган эле» *(Хайсами, X, 14).*

Медина шаарында түптөлгөн, болжол менен төрт жүз үйбүлөдөн турган кичи Ислам мамлекетинин карамагына он жылдын ичинде Ирак, Палестина чөлкөмдөрү да кирген эле. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* көз жумган кезде Византия жана Иран мамлекеттери менен күрөш жүрүп жаткан эле. Сахабалардын он жыл мурунку абалы, жашоо турмушу, үйлөрү ошол бойдон эле. Алар жашоонун маани-маңызын эң сонун түшүнгөндүктөн напсилерин теске салууга аракет кылышкан. Ысырапчылык, ач көздүк, байлыкка, мансап-бийликке чиренүү жана элге көрүнүү үчүн жакшы иштерди кылуу деген терс сапаттар сахабаларда болгон эмес. Алар дайыма «Эртең эле мына бул напсинин жайы көрүстөндө болот!» - деген түшүнүк менен өмүр сүрүшкөн. Мына ошондуктан алар бул дүйнөнүн жыргалчылыгы үчүн жашаган эмес. Сахабалар Алланын сүйүүсүнө жуурулган бекем ыйманы менен адал жолдо адал өмүр сүрүшкөн. Алар ыймандын сөз менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбогон ырахаты менен бул дүйнөнүн жакшылыктарын чыныгы түбөлүк бакытка жетүү үчүн «көпүрө» катары гана пайдаланышкан. Алар Алла Тааланын ыраазылыгына жетүү үчүн гана өмүр сүрүүгө бүт күчүн жумшашкан. Албетте, ар кандай зордук-зомбулуктарга дуушар болгон, өз жерлеринен куугунтукталып, таланып-тонолгон коомдорго Ислам дининин таң шоокуму сыяктуу өтө тездик менен жайылуусунун эң негизги себептеринин бири – бул, кутман сахабалардын кай жерде болбосун, өздөрүн чыныгы мусулман катары көрсөтө алышкандыгы болуп эсептелет. Анткени Алла Элчисинин таалим-тарбиясын көргөн кутман сахабалар адамзатына боорукер сезим менен мамиле жасашкан.

## Пайгамбардын шаары - Медина

Медина - үч тарабы тоо кыркалары менен тосулган далай кылымдарды артка таштаган ыйык шаар. Курма багы менен алыска атагы чыккан бак-дарактуу шаар.

Азирети Пайгамбарыбыз көчүп келгенде Мединада «Авс» жана «Хазраж» - деген эки арап уруусу жана «Кайнука», «Надир» жана «Курайза» - деген жөөт уруулары жашап турган. Арап уруулары бул жерге «Сайлуль-арим»- деген тилсиз душмандардын т.а., селдин айынан Йемен аймагынан, ал эми жөөттөр болсо Римдиктердин кордугун көрүп, таланып-тонолуп, куугунтукталып, Иерусалим шаарынан көчүп келишкен.

Бир топ убакыт өткөн соң араптар менен жөөттөрдүн ортосунда чоң кагылышуу болот. Араптар жөөттөрдү женип, Медина шаарында өкүм жүргүзүп калышкан. Убакыттын өтүшү менен жөөттөрдүн бул эки арап уруусунун ортосуна от жагып, ортодогу ынтымак-ыркын кетирип, бири-бирине душман кылып коюшкан. Ошентип эки арап уруусу узак жылдар бою душман бойдон жашап келишкен. Ошол араптардын ортосундагы эң акыркы кагылышуу «Буас согушу» болгон. Ал жүз жыйырма жылга созулуп, Улуу көчкө чейин болжол менен беш жыл илгери токтогон. Буас согушунда эки тарап тең чоң жоготууларга учураган. Ошентип көксөгөн максаттарына жетип, чырагына май таамп турган жөөттөр Пайгамбарыбыз Мединага көчүп келген кезде жашоо-турмушу жагынан араптарга салыштырмалуу алда канча жогору болуп, Мединаны айрыкча экономикалык жактан бийлеп турушкан.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Мединага келгенден кийин Алла Тааланын ырайымы менен мына ушул эки арап уруусунун ортосундагы кастык жоюлду.

Алла Таала бул багытта мындай буюрат:

وَاعْتَصِمُواْ بِحَبْلِ اللّهِ جَمِيعاً وَلاَ تَفَرَّقُواْ وَاذْكُرُواْ نِعْمَتَ اللّهِ عَلَيْكُمْ إِذْ كُنتُمْ
أَعْدَاء فَأَلَّفَ بَيْنَ قُلُوبِكُمْ فَأَصْبَحْتُم بِنِعْمَتِهِ إِخْوَاناً وَكُنتُمْ عَلَىَ شَفَا حُفْرَةٍ مِّنَ
النَّارِ فَأَنقَذَكُم مِّنْهَا كَذَلِكَ يُبَيِّنُ اللّهُ لَكُمْ آيَاتِهِ لَعَلَّكُمْ تَهْتَدُونَ

**«Баарыңар Алланын жибин (Ислам динин) бекем кармангыла, бөлүнүп жарылбагыла! Силер бири-бирине душман болуп турган учурда жүрөгүнөрдү бири-бирине жакындаткан (Алланын) жакшылыгы менен бир тууган болгонуңарды эстегиле! Тозоктун кырында турган кезиңерде Ал (Алла Таала) силерди андан куткарды. Силер туура жолго түшүшүңөр үчүн Алла Таала өз аяттарын ушинтип баян кылат»** *(Аали Имран сүрөсү, 103).*

Хижраттан[27] кийин Меккелик бутпарастар мусулмандардын Медина шаарында күч-кубатка толуп кетпеши үчүн Мединалык бутпарастарга жана жөөттөргө бир жагынан коркутуп, бир жагынан тукуруу үчүн кат жөнөтүшкөн эле. Бул кат Абдуллах бин Убайга жана Авс менен Хазраждын бутпарастарына келген эле:

«Силер биздин адамыбызга баш калкалап жатасыңар. Же Аны өлтүрөсүңөр же болбосо, ал жерден кууп чыгасыңар! Жок, антпейбиз десеңер, бүт арап уруулары менен барып, эр жүрөк баатырларыңар менен кошо башыңарды алып, аялдарыңардын намысына шек келтиребиз!»

Ошентип, үрөйдү учурган мындай суук кабар Абдуллах бин Убайды, Медина шаарынын бутпарастарын азирети Пайгамбарыбыз менен согушуу үчүн бир жерге топтойт. Бул кабар Пайгамбарыбызга да жетти. Пайгамбарыбыз дароо каапырлар топтолгон жерге барып:

27. 622-жылы мусулмандардын Меккеден Мединага журт которушу Ислам тарыхында «алхижрат» - деп айтылат. Мына ушундан баштап биз мусулмандардын жыл санагы башталат.

*-Курайш уруусунун коркутуусу силерге катуу таасир эткен экен. Алардан келе турган зыяндан, биз менен согушуунун натыйжасында силердин башыңарга келе турган зыян өтө чоң! Демек, силер өз уул-кыздарыңар, бир туугандарыңар менен согушуп, аларды өлтүргүңөр келип жатабы?!* - дейт. Акыры алар Пайгамбарыбыздын сөзүнө муюп, тарап кетишет *(Абу Давуд, Хараж, 22-23/3004; Абдурраззак, V, 358-359).*

Ошентип, Меккелик бутпарастардын бул кадамы натыйжасыз болуп чыккан курайш уруусу Мединага жүрүш жасап, ал жердеги мусулман, бутпарас, жөөт дебей бардык адамдарды жер менен жексен кылууга бел байлайт. Медина шаарынын бардык тургундарына тиешелүү бул коркунуч жеке эле мусулмандардын эмес, Мединалыктардын да азирети Пайгамбарыбызга келип, Анын байрагынын алдында топтолууларына себепкер болду.

Анын үстүнө Пайгамбарыбыз келген күндөн тарта авс, хазраж жана жөөт урууларынын ар бири Алла Элчисинин Мединада жалгыз башчы болуусун тилек кылып келишкен. Алсак, хазраж уруусу өздөрүнүн башчысы Абдуллах бин Убайды Мединага хан көтөрүү үчүн дарданып жатышкан эле. Бирок авс уруусу да, хазраж уруусу да Мединага өз урууларынан хан шайланышын каалаган эмес. Ошондуктан Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* дайындалышына бүтүндөй Медина эли ыраазы болгон.

Ошентип, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Мединанын жоопкерчилигин мойнуна алат. Ансар-Мухажирлердин бир тууган болушу менен мусулмандардын ортосундагы биримдикти сактаган Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* убакытты өткөзбөй Мединада жашаган жөөттөрдү жазуу түрүндө мекендеш катары кабыл алды. Андан соң Медина шаарынын баш мыйзамы иретинде бир катар эреже-мыйзамдарды жаздырды. Бул китепче «Мединанын баш мыйзамы» - деп ата-

лып калды. Ислам Мамлекетинин расмий эреже-мыйзамдарын камтыган бул мыйзамдын мазмуну төмөнкүчө эле:

«Бисмиллахир-Рахманир-Рахиим.

1. Курайш уруусундагы жана Ясрибдик (Мединалык) момун-мусулмандар менен бирге өз каалоолору менен жихадка чыккандар бир жамаат.

2. Бузукулук жана зөөкүрлүк жок. Такыба мусулмандар бузукулукка барган, зулумдук кылууну жана бирөөнүн акысын тепсөөнү көздөгөн, күнөө кылган, душмандык кылган жана мусулмандардын арасына от жаккан адамдарга бардыгы бирге - ал адам эгер өз баласы болсо да - каршы чыгат.

3. Коомдо адам өлтүрүүгө кылмышына жол берилбейт. Эгер кан төгүлө турган болсо, ошонун кунун мухажирлер менен Мединадагы ар бир үй-бүлө бөлүшүп, салт боюнча төлөп беришет. Ар бир тайпа кол алдындагы туткундардан азаттыгы үчүн алган акчаларды да (мусулмандарга белгилүү эрежелердин негизинде)- бирге төлөшөт.

4. Момун-мусулмандар карызга белчеден баткан жана көп балалуу үй-бүлөлөргө жардам иретинде акчалай же кундун акчасын (өз араларындагы адилеттүү эреже-тартиптердин негизинде) төлөп беришет.

5. Мединанын ичинде жана тыш жакасында коопсуздук сакталат. Мединадан чыккан адам да, Мединада жашаган адам да коопсуздукта болот. Зулумдук кылган, күнөө жасаган адам бул эрежеден алыс болот.

6. Жөөттөргө дин маселесинде кысым болбойт. Жөөттөр да, мусулмандар да өз диндеринде ээн-эркин болушат. Бизге келген жөөттөр эч бир зулумдук көрбөстөн жана алардын зыянына кандайдыр бир өкүм чыгарылбастан, тескерисинче, аларга жардам көрсөтүлөт. Кандайдыр бир согуш чыгып калса,

ар бир тайпа бири-бирине жөлөк-таяк болушат. Жөөттөр момундар менен чогуу душмандарга каршы согуш бүткөнгө чейин бирге болушат. Согушка керектүү курал-жарактарды камсыз кылууга алар да өз салымдарын кошушат.

7. Эки тарап тең бутпарастарга баш калкалабайт. Курайш уруусу да, аларга жардам бергендер да эч кандай коргоого алынбайт.

8. Мединада согушууга тыюу салынат. Ясриб (Медина) шаарынын ичи бул адамдар үчүн харам (кол тийбестик) аймак. Сырттан кол салуу болуп калса, бул жердеги адамдар өз мекендерин коргошот. Биринчи тарап түзгөн тынчтык келишимин экинчи тарап да кабыл алат. (Согуш учурунда) жөөттөрдүн чыгашалары өздөрүнөн, мусулмандардын чыгашалары дагы өздөрүнөн болот. Алар (жөөттөр) бул тайпадагы адамдарга (Мединалыктарга) каршы согушка чыккан адамдарга каршы бири-бирине жардам беришет. Бири-бирине карамүртөз, жамандык ойлоонун ордуна бир женден кол, бир жакадан баш чыгарып, биримдикте жана ынтымакта болуулары кажет. Эки тарап тең (мусулмандар жана жөөттөр) бири-бирине чыккынчылык кылбайт. Зулумдук көргөн адамга сөзсүз түрдө жардам көрсөтүлөт.

9. Кандайдыр бир маселе боюнча карама-каршылык чыкса, анда бул маселе Алланын Элчисине билдирилет. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* чыгарган өкүм жүзөгө ашырылат.

10. Алла Тааланын убадасы менен кепилдиги бирдей. Мусулмандар башка адамдардан айырмаланып бири-биринин түбөлүк жан досу.

11. Алардан (жөөттөрдөн) эч ким Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* урусатысыз аскердик кошуунга кошула албайт.

Шек-күмөнсүз, Алла Таала бу тайпадагыларга жоопкерсиздиктен алыс болгон, туура, түз жүргөн адамга ыраазы болот. Бул жазуу кайсы бир заалымды же күнөөкөрдү жазалоого тоскоол болбойт.

Алла Таала жакшылык жасаган жана жамандыктан алыс жүргөн адамдарды ар качан коргойт. Мухаммад *(саллаллаху алейхи ва саллам)*- Алланын Элчиси!» *(Ибн Хишам, II, 119-123; Ибн Касир, аль-Бидая, III, 263-264; Хамидуллах, аль-Васаик, 57-64).*

Бул эрежелер коомчулукта Ислам өкүмдөрүнүн жүзөгө ашырылышы үчүн эң керектүү мыйзамдар болгондугу ачык айкын.

Бул келишим «Исламдын коомдук турмушка эч кандай тиешеси жок, жөн гана ибадаттары бар дин»- деген сыяктуу түшүнүктөрдү ачык-айкын түрдө четке каккан эң сонун жооп.

Мединанын баш мыйзамы – бул, саясий, экономикалык, коомдук жана диний маңызы бар ар тараптуу мүнөзгө ээ мыйзам болгон. Мында мусулмандардын биримдигин камсыз кылуучу жападан жалгыз соолугус булак – бул Ислам болгондугу, ошондой эле алар ар дайым бири-бирине жардам берүүлөрү, жөлөк-таяк болуулары зарыл экендиги, адилеттүүлүктү туу тутууну, тең укуктуулукту сактоо жана кандайдыр бир талаш-тартыш болгон кезде Алла жана Анын Элчисине кайрылуу керек экендиги баса белгиленген.

Аталган келишим араптардын ортосундагы уруулар аралык жаатташууну адилеттүүлүк менен жокко чыгарып, бирөөнүн акысын тепсеген адамдын (тууганы да болсо) жазаланышын талап кылган.

Бул келишимде жөөттөрдүн мал-мүлк жана дин эркиндигине ээ болушу Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* алар менен болгон мамилесиндеги теңдешсиз адилеттүлүктүн үлгүсүн айдан ачык көрсөтүп турат. Эгерде жөөттөр өздөрү бу

келишимди бузуп, мусулмандарга чыккынчылык кылышпаганда, шек-күмөнсүз, мусулмандар менен бирге тынч, бейпил жашай беришмек.

## Медина шаарынын «Харам» (ыйык) болушу

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жогоруда бекиткен мыйзамдардан кийин Медина шаарынын чек арасын төмөнкүчө белгилейт:

*«Ибрахим (алейхис-салаам) Мекке шаарын «харам» (ыйык) - деп атап, жар салган эле; ал эми мен Мединанын эки дөбөсүнүн ортосун «харам» - деп жар салам» (Ахмед, IV, 141).*

Ошентип аталган буйруктун негизинде белгиленген жерлер таш менен тозулуп, Медина шаарындагы харам аймагынын чек арасы белгиленет. Бул жер «Харам-ы Расул» (Элчинин харамы) - деп да аталат. Андан соң Медина шаарын эки тараптан тосуп турган Айр жана Савр[28] дөбөлөрүнүн ортосундагы он беш чакырымдык аралыкка тез аранын ичинде бак-дарактар тигилип, жашылдандыруу иши күч алат *(Бухарий, Фадаилуль-Медина, 1; Муслим, Хаж, 471-472).*

Азирети Пайгамбарыбыз Мединаны «харам» (ыйык) - деп жар салган соң мындай дейт:

«Бул жердеги бак-дарактар кыйылбайт, бул жерде күнөө жасоого болбойт. Кимде-ким бул жерде Куранга жана Сүннөткө каршы иш жасай турган болсо, ага Алла Тааланын, периштелердин жана бүтүндөй адамзатынын каргышы тиет!» *(Бухарий, Фадаилуль-Медина, 1).*

28. «Зульхулайфа» - деген жерге жакын Айр тоосу менен Ухуд тоосунун түндүгүндө кичинекей Савр дөбөсүнүн ортосундагы аймак. Эскерте кетчү нерсе, Савр дөбөсү менен Меккедеги Савр тоосун чаташтырбоо керек. Бири тоо, экинчиси дөбө.

Андан кийин Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* алакан жайып бул куттуу аймак үчүн Жаратканга дуба кылат. Мына ошол дубанын берекеси менен Медина шаары ошол күндөн тарта бүгүнкү күнгө чейин бардык мусулмандарга кубаныч тартуулап, бейпил шаар болуп келет.

Ошондуктан кутман сахабалар Мединанын харамдыгын эске алып өтө этияттык менен мамиле жасашар эле. Азирети Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун!)* бул багытта мындай деген:

«Эгер Мединада оттоп жүргөн кийик көрүп калсам, эч качан аны тынчсыздандырбайм! Анткени Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* : *«Мединанын эки дөбөсүнүн ортосу харам»* - деп айткан» *(Муслим, Хаж, 471).*

Сахабалар Алла Элчисинин бул буйругуна карама-каршы иш кылып албоолору үчүн балдарына да эскертүү беришкен. Абдуллах бин Убада мындай дейт:

«Мен Абу Ихаб кудугунун жанында куш салып жаткам. Атам Убада мени көрүп калып, колумдагы кушту учуруп жиберди да мага:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Ибрахимдин *(алейхис-салаам)*

Мекке шаарын «харам» - деп жар салганы сыяктуу Мединанын эки дөбөсүнүн ортосун «харам» - деп жар салган - деп айтты» *(Ибн Касир, Усдуль-Гааба, I, 159).*

## Медина шаарындагы базардын тартипке салынышы

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Мединага келгенде мусулмандарга жөөттөрдүн базарынан башка базар көргөзүп, ошол жерде соода кылууларын суранат. Анткени соода-сатыкта өз алдынча иш жүргүзүү үчүн өзүнчө базар керек эле.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* базарга тез-тез келип, соодагерлер менен сүйлөшүп, алардын ишин өзү текшерип турган.

Күндөрдүн биринде Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бир соодагер адамга жолугат. Ал буудай сатып жаткан болот. Буудайга колун салып, ным экендигин байкап:

-*Бул эмне?* - деп сурайт.

Соодагер:

-Жамгырдын алдында калыптыр, о, Алланын Элчиси - дейт.

Пайгамбарыбыз:

-*Ным жагын үстүнө чыгарып, элге көрсөтсөң болбойт беле? Алдамчы адам менден эмес* - дейт *(Муслим, Иман, 164).*

Кайс бин Абу Гараза *(Алла ага ыраазы болсун!)* :

«Алла Элчисинин убагында «Симсарлар» - деген лакап-атыбыз бар болучу. Күндөрдүн биринде Пайгамабарыбыз бизге «соодагер» - деген атты коюп:

-*Эй, соодагерлер! Соода-сатыкта алдамчылык менен касам аралаша жүрөт. Ошондуктан силер сооданарга кайыр-садаганы аралаштыргыла!* - деди» *(Ахмед, IV, 6; Абу Давуд, Бую, 1/ 3326) -дейт.*

Адам баласы канчалык аракет кылса да, унутуп калып же кокусунан соодасына элдин акысы кирип кетиши толук ыкты-

мал. Мына ошондуктан ар кандай ыктымалдарга карата этияттык менен мамиле жасап, түшкөн кирешеден кайыр-садага берип, жакшылык кылуу абзел. Алланын Элчиси жогорудагы куттуу хадисинде мына ушул жагдайга басым жасаган.

Рифа бин Рафи *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Биз Алланын Элчиси менен Мусаллага[29] баратканбыз. Пайгамбарыбыз кээ бир адамдардын соода менен алпурушуп жүргөндөрүн көрүп:

-Эй, соодагерлер! - деп үн салды. Соодагерлер дароо Алла Элчисине кулак салып туруп калышты. Пайгамбарыбыз сөзүн улай:

-Шек-күмөнсүз, соодагерлер кыямат күнү күнөөкөр болуп тирилтилет. Бирок Алладан корккон, жакшылык кылган жана кайыр-садага берген адам мындан тышкары болот! - деди» *(Тирмизи, Бую, 4/1210).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* соода-сатыктын үлгүсү катары Исраил уруусунан такыба эки адамдын ортосунда болгон мына бул окуяны айтып калтырган:

«Силерден мурун жашап өткөн бир адам, бирөөнөн жер сатып алды. Кыймылсыз мүлктү сатып алган адам ал жерден ичинде алтыны бар бир кумара таап алды да, сатуучу адамга барып:

-Алтыныңды ал! Мен сенден топурак сатып алдым, алтын сатып алган эмесмин! - десе, жерди саткан адам:

-Мен сага жер менен андагы бардык нерсени кошо саткан болчумун - деди.

29. Мусалла - жума, майрам жана жаназа намаздарын бир жерде жамаат менен окуу үчүн белгиленген жер. Исламдын алгачкы жылдары, негизинен, шаарлардын чет жакасында жамаат менен окула турган намаздар үчүн мусаллалар даярдалар эле. Ал учурда айт, жума сыяктуу намаздар бүгүнкү күндөгүдөй чоң мечиттерде эмес, мына ушул атайын намазга арналган мусаллаларда окула турган. Мына ошентип шаар элинин баарысы бир жерде ар жума сайын жамаат болуп намазга турушар эле.

Ошентип, калыс адамга барып, маселени төкпөй-чачпай түшүндүрүп беришти. Калыс адам:

-Балдарыңар барбы? - деп сурады.

Биринин уулу, экинчисинин кыз баласы бар болуп чыкты. Анда калыс адам:

-Уул менен кызды үйлөнткүлө! Мына бул акчаны балдарыңар үчүн сарптагыла да, калганын кайыр-садага кылып жибергиле! – деп маселеге чекит койду» *(Бухарий, Анбия, 54; Муслим, Акдия, 21; Ибн Мажа, Луката, 4).*

Жаш кезинде соода кербендери менен узак сапарга аттанып жүргөн, сооданын көзүн билген Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Мединага келгенде бул жаатта да бир канча эрежелерди киргизген. Ал соода-сатыктын маанилүүлүгү жөнүндө мындай деген:

*«Кирешенин ондон тогузу соода-сатыкта!»* *(Суюти, I, 113).*

*«Адам баласынын өз мээнети менен таап жегени нукура адал жана таза болот»* *(Ибн Мажа, Тижарат, 1).*

Анткени тапкан кирешенин да, тамак-аштын да материалдык жактан да, руханий жактан да өзүнө тиешелүү оң же терс таасири болот. Анын арам же күмөндүү жол менен келиши жан дүйнөбүзгө өтө чоң терс таасирин тийгизет. Чынында арам жолдон келген тамак-аш жүрөгүбүздү кирдетип кара көөгө бойоору бышык. Мындай жүрөк менен кылган ибадаттарыбыздан эч кандай ырахат да, пайда да таба албайбыз. Айрыкча, ажылык ибадатында адал кирешенин орду жөнүндө азирети Пайгамбарыбыз куттуу хадистеринин биринде минтип айткан:

*«Кимде-ким бул Үйгө (Каабага) арам жол менен тапкан акчасы менен келип зыярат кылса, Аллага моюн сунуудан чыккан болот. Мына ошол адам ажылыкка ниет кылып, ихрамга кирип төөсүнө минип келип: «Ляббайк Аллахумма ляббайк» - десе, ас-*

*мандан бир үн келет: «Сага ляббай да жок, бакыт да жок. Анткени сенин кирешең да арам, азыгың да арам, минип турган (төөң) да арам. Эч бир соор таппастан артка кайт! Жагымсыз нерсеге жолуга тургандыгың үчүн кайгыр!»*

*Ал эми кимде-ким адал киреше менен ажылыкка ниеттенип, төөсүн минип келип: «Ляббайк Аллахумма ляббайк» - десе, ага да асмандан бир добуш келет: «Сага ляббай жана бакыт! Сенин ажылыгыңды кабыл кылдым. Анткени сенин минип турган (төөң) да адал, кийимиң да адал, азыгың да адал. Өтө чоң соопторго эгедер болуп, эч бир күнөө кылбагандай болуп кайт! Сени ыраазы кылып, кубанта турган нерсеге жолуга тургандыгың үчүн сүйүн!» (Хайсами, III, 209-210).*

Кирешенин адал же арамдыгына этияттык менен мамиле жасоо өтө зор мааниге ээ болгондуктан, Бакара сүрөсүндө Аллага орток кошуудан кийин эле арам жолдон кирише табууга тыюу салынган. Ал тургай диний өкүмдөр аз камтылган Анаам, Аараф, Юнус жана Нахл сыяктуу Меккеде түшүрүлгөн сүрөлөрдө да ишеним маселелери жөнүндөгү сөздөрдөн кийин эле кирешенин адал-арамдыгы баяндалат.[30]

Алланын Элчиси соода-сатыкта да чынчыл жана тайманбас болууга төмөнкүчө чакырган:

*«Соодада буюм-тайымын тайманбастан саткан (чынчыл) соодагерге (адал) ырыскы берилет, ал эми кызыл кулактык менен соода кылган адамга каргыш тиет!» (Ибн Мажа, Тижарат, 6).*

*«Коркок соодагер (ырыскыдан) кур калат, тайманбас соодагер ырыскынын үстүндө болот» (Дайлами, II, 79).*

Азирети Пайгамбарыбыздын соода-сатык жаатында койгон айрым эрежелери төмөнкүчө эле:

30. Анаам сүрөсү, 136-152-аяттар; Аараф сүрөсү, 32-33, 169-аяттар; Юнус сүрөсү, 59-60-аяттар; Нахл сүрөсү, 95, 115-116-аяттар. Крз. Драз, ан-Набауль-азим, 193.

*«Соодагер менен алуучу бири-биринен бөлүнүп кеткенче башка чечимге келүүлөрү мүмкүн. Эгер соодагер туура соода жүргүзүп, буюм-тайымы кандай болсо, дал өзүндөй айтып берсе, анда анын соодасына береке, кут кирет. Ал эми кээ бир кемчиликтерин жашырып, калп айтса, анда анын соодасында береке дегенден эч нерсе калбайт» (Бухарий, Бую, 19; Муслим, Бую, 8).*

*«Касам ичүү буюм-тайымга көңүлдү бурдурат, бирок анын берекесин кетирет» (Бухарий, Бую, 26; Муслим, Мусакат, 13).*

Азирети Пайгамбарыбыз сатыкка коюла турган буюм-тайымдардын базарга жетпестен жолдон сатылышына, сатып алынган нерсени толугу менен албай туруп башка бирөөгө сатып жиберүүгө, же болбосо жанында жок нерсени ошол жерден эле соодалашууга, эки соодагердин бири-биринин соодасын жүргүзүүсүнө, сатып алуучунун башын айландырууга катуу тыюу салган.[31]

Ал эми соода-сатыкта эл менен сылык мамиледе болуу зарылчылыгы жөнүндө Алланын Элчиси мындай деген:

*«(Бир нерсени) Сатууда, алууда, ошондой эле карызын төлөөдө айкөл жана жылуу мамиле жасаган адамга Алла Таала өз ырайымын төксүн!» (Бухарий, Бую, 16)*

*«Алла Таала силерден оболу жашап өткөн бир адамга ырайымын төктү. Анткени бул адам бир нерсе сатканда, алганда жана карызын талап кылганда жеңилдик көрсөтө турган» (Тирмизи, Бую, 75/1320).*

Мал-дүнүйөгө алданып Алланын Элчиси белгилеп кеткен эрежелерди көзгө илбегендердин акыретте аянычтуу ал-абалга дуушар болоору бышык. Алла Тааланын ыраазылыгын ойлогон чынчыл соодагерлер жөнүндө Пайгамбарыбыз төмөнкү куттуу хадисин айтып калтырган:

31. Бухарий, Буйу, 70-72; Муслим, Буйу, 29.

*«Ишенимдүү, чынчыл, туура сүйлөгөн мусулман соодагер кыямат күнү шейит кеткендер менен чогуу болот!» (Ибн Мажа, Тижарат, 1).*

## Масжидун-Наби[32] – Бакыт жайынын курулушу

Мусулмандар жаңы көчүп келген кезде Медина шаарында бир да мечит жок болгон. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* намаз убактысы келгенде кай жерде болсо, ошол жерде намаз окуй турган. Ошентип, азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Кубадан кийин эле экинчи мечитти тургузат. Бул мечит - бүгүнкү Медина шаарында жайгашкан Набави мечити.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* төөсү Касва менен Медина шаарына кирип келген соң Нажжар уулдарынын үйүнүн тушуна жеткенде төөсү жерге чөккөн эле. Бул жер ал учурда Нажжар уулдарынан Сахл жана Сухайл деген эки жетим балага таандык курма кургатуучу жер болгон. Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* төөдөн түшүп:

*-Иншааллах (Кудай буюрса) мечит ушул жерде болот* – дейт да, сөзүн улап:

*-Бул жер кимдики?* - деп сурайт. Азирети Муаз бин Афра *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-О, Алланын Элчиси! Амрдын уулдары, Сахл менен Сухайлдыкы! - деп жооп берет. Пайгамбарыбыз Сахл менен Сухайлды чакыртып, бул жерди сатып ала турганын билдирет:

*-Бул жерди канчага баалайсыңар?-* дейт. Экөө:

32. Масжидун-Наби – азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) Медина шаарына көчүп баргандан кийин кутман сахабалары менен чогуу салган мечит. «Пайгамбардын мечити» - деген маанини түшүндүргөн бул мечит «Набави мечити» - деп да аталат.

-Жок, о, Алланын Элчиси! Биз бул жерди сага (сатпайбыз,) белекке тартуу кылабыз! Валлахи, биз бул жердин акысын Алла Тааладан башка эч кимден каалабайбыз! - деп сөздөрүнөн кайтпай туруп алышат.

Ошентсе да, Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* алардын бул жерди белек катары тартуу кылышына көңүлү ыраазы болбой, акысын берип сатып алат *(Бухарий, Манакибуль-Ансар, 45, Солаат, 48; Муслим, Масажид, 9)*.

Бул жерде бутпарастардан калган көрүстөн, өйдө-ылдый жерлер, курма дарактары да бар болучу. Алла Элчисинин буйругу менен бутпарастардын көрүстөндөрү башка тарапка көчүрүлүп, оюк-дөмпөк жерлер түздөлүп, курма дарактары кыйылат.[33] Андан соң сахабалар кыш даярдоого өтүшөт. [34]

Мечиттин курулушунда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* да сахабалары менен бирге кыш ташып, бир жагынан:

هَذَا الْحِمَالُ لاَ حِمَالَ خَيْبَرْ

هَذَا اَبَرُّ رَبَّنَا وَ اَطْهَرْ

-Бул жүк Хайбардын жүгү эмес. Бул Жараткан Алланын жолунда эң жакшы жана эң таза жумуш - деп элге дем берип жаткан эле *(Бухарий, Манакибуль-Ансар, 45)*.

Азирети Пайгамбарыбыз бул куттуу сөзү менен бул жумуштун дүйнөлүк пайда үчүн эместигин, соодагерлердин Хайбар жергесинен сатуу үчүн алып келген курма жана мейиз сыяктуу мөмө-жемиштеринен алда канча жогору болгондугун айткан эле.

33. Муслим, Масажид, 9.
34. Ибн Саад, I, 239.

Топурак ташып жүргөн адам азирети Пайгамбарыбыздын алдынан чыгып:

-О, Алланын Элчиси! Уруксат бериңиз, колуңуздагы кышты мен алып барып коеюн - дейт. Анда Алланын Элчиси *(алейхис-солаату вас-салаам)* ага:

*-Сен башка кышты көтөрүп кел! Анткени сен мага караганда Алла Таалага көбүрөөк муктаж эмессиң* – деп жооп берет *(Самхуди, I, 333).*

Ошентип, Пайгамбарыбыз бир жагынан руханий жоопкерчилигин орундатып, бир жагынан мусулмандардын демине дем кошуп өзү кошо иштеп жаткан эле.[35] Ошол учурда сахабалардын арасынан бирөө:

لَئِنْ قَعَدْنَا وَ النَّبِيُّ يَعْمَلُ

لَذَاكَ مِنَّا اْلعَمَلُ اْلمُضَلَّلُ

«Пайгамбар иштеп жатканда биз отурсак, ант берем, бул амал биз үчүн адашкандык, чектен чыккандык болор!» - деген маанини туюнткан бейтти (ыр саптарын) окуйт *(Ибн Хишам, II, 114).*

Аталган мечит курулуп жаткан кезде «Хадрамавт» - деген жерден кыш жасоо боюнча уста адам келет. Алланын Элчиси

35. Бүткүл ааламдын сыймыгы болгон азирети Пайгамбарыбыз бул иш-аракети менен элдин башында турган адамдарга эң сонун үлгү болуп бере алган. Алла Элчисинин эң мыкты тендешсиз адамдык бийик сапаттарынан пайдалана алган Султан I Ахмед Хан өзүнүн аты менен аталган бүгүнкү күнгө чейин жеткен укмуштуудай азем, кооз, эң мыкты архитектуралык сапатка ээ мечитинин курулушунда колуна күрөк, кетмен алып, жумушчулар менен кошо иштеген. Султан Ахмеддин көзү өткөндөн кийин кызы Гевхер Несибе түшүндө атасынын бейиш бакчаларынын арасында укмуштуудай кооз жерде отурганын көрүп:

-Атакебай, бул жерге кайсы амалыңыз менен жеттиңиз? -деп сурайт.

Султан Ахмед:

-Кызым, бул мечит курулуп жатканда аркама төө кыштарды салып ташыгам. Бул жерге мына ушул ишим менен келдим! -дептир.

Ошол кезде Осмон мамлекетинин жери аябай кеңейген эле. Дүйнөдөгү башка падышалар, бул мамлекеттин алдында баш ийип, баш вазирдин колунан таажы кийе турган.

ал адамга:

*-Ишинин көзүн билген, ишин мыкты жасаган адамга Алла Таала өз ырайымын төксүн! Сен бул ишинди уланта бер* - дейт *(Самхуди, I, 333; Диярбекри, I, 344).*

Алла Таала мусулмандарга ар бир ишти ийине келтирип жасоо керектигин **«Ахсинуу»** - деген сөз менен б.а., **«Жасаган ишиңер мыкты болсун, ишиңерди майын чыгара жасагыла! Алла Таала ишин майын чыгара жасагандарды жакшы көрөт!»** - деген маанидеги аяты менен буйрук берген *(Бакара сүрөсү, 195-аят).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мечиттин курулушунда сахабалар менен бирге кыш ташып жүргөндө бир мусулмандын төмөнкү маанидеги ыр саптарын да окуган эле:

اَللّٰهُمَّ اِنَّ الْاَجْرَ اَجْرُ الْاٰخِرَةْ

فَرْحَمِ الْاَنْصَارَ وَ الْمُهَاجِرَةْ

*«Оо, Жараткан Алла! Чыныгы сыйлык акыретте болот. Ансарларды жана мухажирлерди өз ырайымыңа бөлөй көр!» (Бухарий, Манакибуль-Ансар, 45).*

Сахабалар төө кыштарды бирден ташып жүрсө, Аммар бин Ясир *(Алла ага ыраазы болсун!)* бирөөсүн өзү үчүн, экинчисин Алланын Элчиси үчүн - деп экиден ташып жүргөн эле. Алланын Элчиси Аммарды көрүп, боорундагы чаңын күүп:

-Эй, Аммар! Сен эмне үчүн кыштарды экиден ташып жүрөсүң? - деп сурайт. Ал:

- Мунун сыйлыгын Алла Тааладан күтөм!- деп жооп берет.

Анда Пайгамбарыбыз Аммардын аркасынан сылап:

-Ээ, Сумаййанын уулу! Тиги адамдар үчүн бир сыйлык, сен

үчүн эки сыйлык бар – деп алкаган экен *(Ахмед, III, 91;Ибн Касир, аль-Бидая, III, 256).*

Набави мечитинин курулушунда эркектер гана эмес, аялдар да иштешкен. Буга азирети Абдуллах бин Авфанын төмөндөгү сөздөрү күбө:

«Азирети Абдуллах бин Авфа *(Алла ага ыраазы болсун!)* аялы көз жумган кезде элге кайрылды:

-Анын табытын көтөргүлө, болгондо да жан дилиңер менен көтөргүлө! Анткени ал күн аялдар менен бирге Набави мечитинин таштарын түнүчүндө ташыган. Биз (эркектер) болсо, күндүзү кыштарды экиден ташычубуз» *(Хайсами, I, 10).*

Пайгамбарыбыздын мечити төрт бурчтуу, узуну болжол менен жүз зира[36] бийиктиги үч зиралуу таштан, өйдө жагы кыш менен жабдылып беш же жети зира болгон.[37] Курулушта ылай негизги курулуш каражаты катары колдонулган.[38] Мечиттин кыбыла тарабына тирөөч катары курма багынын устундары тургузулган. Шыбы курма бутактарынан болгон.[39] Бир михрабы, үч эшиги болгон. Михрабы Байтул-Макдис (Иерусалимдеги Акса мечити ) тарапты карап турган. Кыбыла, Байтул-Макдистен Каабага айланган кезде Азирети Пайгамбарыбыз биринчи эшикти жаптырып, анын ордуна Йемен тараптагы дубалдан башка бир эшикачтырган.[40]

Мечиттин жанына Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* үчүн эки бөлмөлүү үй салынган.[41] Андан кийин бул эки бөлмөгө кошумча бөлмөлөр курулган.

36. Бир зира 75 см.ге туура келет.
37. Ибн Саад, I, 239
38. Диярбекри, I, 344
39. Бухарий, Солаат, 62
40. Диярбекри, I, 346.
41. Ибн Саад, I, 240

Энеси азирети Умму Салама энебиздин күңү болгондуктан балалыгын Алла Элчисинин үйүнө жакын жерде өткөргөн Хасан Басри (рахимахуллаах таалаа) ал учурларда бул бөлмөлөрдүн шыбына  колунун жете тургандыгын айтат.[42] Бул жерден ал бөлмөлөрдүн өтө бийик эместиги байкалат. Бул бөлмөлөрдүн эшиктери болсо, кара кылдан жасалган кийиз болгон.[43]

Пайгамбарыбыздан кийинки муундун улуу аалымдарынан Саид бин Мусаййаб (рахимахуллаах таалаа) бөлмөлөр Умаййаттардын доорунда бузулуп мечитке кошулгандыгы үчүн  Пайгамбарыбыздын бөлмөлөрүнө болгон кусалыгын мындайча билдирген:

«Валлахи, бул бөлмөлөр кандай турса, дал ошондой абалда кийинки муундарга өтүшүн жан дилимден тилээр элем! (Атаганат, айла канча?!) Ошентип, бул жакка зыярат кылып келген жаңы муун Алла Элчисинин бул дүйнөдөгү жашоосунда эмне менен алектенгенин көрүп, мал-дүнүйө топтоого жан далбас уруп, байлык-бийлигине маашырланып, бири-бири менен атаандашпас  эле» *(Ибн Саад, I, 499-500).*

Мечиттин чатыры курма бутак-жалбырактары менен жабылгандыктан жамгыр жааган кезде мечиттин ичине суу кирип, баткак болуп калар эле. Бир жылдары Пайгамбарыбыз Рамазан айында итикафка кирген[44] кезде күндөрдүн биринде жамгыр жаап мечиттин ичине суу кирген эле. Ошол күнү таңкы багымдат намазында адаттагыдай эле Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)*  имамдыкка өткөн эле. Сахабалар намаздан кийин Алла Элчисинин жүзүнүн баткак болуп калганын көрүш-

42. Ибн Саад, VII, 161; Сухайли, I, 248

43.  Ибн Саад, I, 499.

44. Итикафка кирүү - Дүйнө иштеринен арылып напсини тарбиялап, жан дүйнөнү көркүнө чыгаруу үчүн белгилүү убакыттын аралыгында Жараткан Аллага ибадат кылуу менен гана алек болуу.

көнэле.[45]

Хадистердин биринде төмөндөгү окуя айтылат:

«Түнүчүндө жамгыр жаап, жер суу болуп калган эле. Бир адам кийими менен кум ташып мечиттин алдына жайып жатты. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* намазды окуп болгон соң:

-*Бул кандай гана жакшы!* - деп тиги адамга ыраазылыгын билдирди» *(Абу Давуд, Солаат, 15/458).*

Азирети Тамим-и Дари *(Алла ага ыраазы болсун!)* Дамасктан Мединага арбын шам чырак, май жана жип ала келген эле. Мединага жума күнү келген болучу. Тамим-и Дари кызматчысы Абул-Баррадка шам чырактарга билигин салып, майын куюп мечитке асып коюшун айтат. Абуль-Баррад кызматын аткарып, күн кирген соң шам чырактарды күйгүзүп коёт. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мечитке келип шам чырактарды көрүп:

-Бул шам чырактар кимдики? - деп сурайт.

Мечитте отургандар:

-Тамимдики, о, Алланын Элчиси! - дешет. Буга абдан кубанган Алланын Элчиси мындай деген экен:

-Исламды нурландырдын, мечитибизди аземдедин! Алла Таала сени бул дүйнөдө да, акыретте да нурландырсын! *(Самхуди, II, 596-597; Ибн Хажар, аль-Исаба, II, 18)*

Набави мечити Пайгамбарыбыздын айтуусу боюнча зыярат кылууга татыктуу үч мечиттин бири болуп эсептелет. *(Бухарий, Фадлус-Солаат, 1; Муслим, Хаж, 505-510)*. Куттуу хадистердин биринде бул багытта мындай делет:

45. Бухарий, Итикаф, 1.

*«Менин үйүм менен (Масжидун-Набидеги) минбардын ортосу бейиш бакчаларынан бир бакча болуп саналат! Ал эми минбарым болсо (бейиштеги Кавсар) көлмөмдүн үстүндө (турат)!» (Бухарий, Фадлус-Солаат, 5, Фадаилуль-Медина, 11; Муслим, Хаж, 502).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* дагы бир хадисинде Набави мечитинде окулган намаздын Масжиди Харамдан (Кааба) башка жерлерде окулган намаздардан миң эсеге жогору болгондугун айткан *(Бухарий, Фадлус-Солаат, 1; Муслим, Хаж, 505-510).*

Азирети Анас *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт: «Бүткүл ааламдын Мырзасы Пайгамбарыбыз бир курма дарагынан калган дүмүргө жөлөнүп алып жамаат менен дил маек (сухбат) кура турган. Убакыт келип Пайгамбарыбыздын сүйлөгөн сөзү кээ бирине угулса, кээ бирине угулбай, мечитке эл батпай калган эле. Мына ошондуктан мечиттин төр жагына минбар тургузулду. Алла Элчиси алгачкы жолу Набави мечитиндеги жаңы минбарга чыгып элге кутба окуган күн. Мурун Алланын Элчиси жөлөнүп алып сухбат курчу баягы дүмүр Пайгамбарыбыздан айрылгандыгын билдиргенсип, төөнүн кынкыстаганына окшош жаны сыздагандай добуш чыгарып ыйлай баштады. Бул добушту Пайгамбарыбыз дагы укту. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* дүмүрдү сооротуу максатында минбардан түшүп, дүмүрдүн жанына басып барып жылуу- жумшак гана куттуу колдору менен акырын сылап койду. Ошондон кийин гана дүмүр апасынын мээримине бөлөнгөн баладай ыйын басып, көңүлү ыраазы болгондой болуп туруп калды» *(Бухарий, Жума, 26; Тирмизи, Манакиб, 6/36;27).* Пайгамбарыбыздын мындай ары сылык, ары таза, кала берсе ары бийик адамдык касиети менен курманын дүмүрүн да сооротуп, тынчтандыруусу ошол жерде отурган адамдарга гана эмес, бүтүндөй адам баласына эң сонун үлгү болуп келди жана да кыяматка чейин бүткүл адамзаты үчүн үлгү бойдон кала бермекчи.

Азирети Пайгамбарыбыз ошол курманын дүмүрүн айтып:

*«Ал зикруллахтан (Жараткан Алланы эстөөдөн) алыс калгандыгы үчүн ыйлады. Анткени анын жанында дайыма зикир болуп турчу!»* - дейт (*Бухарий, Манакиб, 25; Ахмед, III, 300*).

Кийинчерээк минбардын алды казылып баягы дүмүр ошол жерге көмүлгөн. Азирети Осмондун *(Алла ага ыраазы болсун!)* халифалыгы доорунда мечитти жаңыдан тургузуу үчүн бузулган кезде дүмүрдү азирети Убай бин Кааб *(Алла ага ыраазы болсун!)* алып, курттар жеп жок кылганга чейин үйүнүн төрүндө сактаган.[46]

Алланын сүйүктүү пенделеринен Мавляна олуя «Маснави» аттуу эмгегинде айтылуу дүмүрдү мындайча тилге келтирет:

*«Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) минбардан түшүп, куттуу колдору менен курма дүмүрүн сылап:*

*-Эй, дүмүр! Эмне ыйлап жатасың? Ал-абалыңды түшүндүрүп берчи? -деп терең ойлуу сурады. Курманын дүмүрү өзүнүн тили менен ичиндеги бугун төгүп, ыйламсырап:*

*-О, Алланын Элчиси! Сага болгон кусалыгым мени кыйнап турат. Ичиме белгисиз бир сагыныч, муң жана кусалык толуп алды. Мурун кутба учурунда Сен жөлөнгөн ошол таалайлуу, бактылуу тирөөч мен элем. Эми болсо мени таштап, минбарга чыктың. Эми сенин тирөөчүң ошол минбар болот. Бирок, о, Алланын Элчиси! Суранам мага (бир ооз сөз айтууга) уруксат бериңиз, бул дүйнөдө кайсы жандуу-жансыз Сенден ажыроого чыдай алат?»*

*Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) курманын өзүнө болгон мындай терең сүйүүсүнөн жаралган ыйын басып аны сооротуу үчүн:*

46. Ибн Саад, I, 251-252

*-Эй, дүмүр! Сен мага болгон кусалыгыңдын ачуусуна чыдай албай ыйлап жатсаң, кандай тилегиң бар менде?!... Мен сен үчүн Жараткан Аллага жалбарайын, Алла Таала сени чыгыш менен батыштагы элдердин бардыгына мөмө берип туруучу жапжашыл, соолугус дарак кылсын. Же болбосо, Алла Таалам сени бейиште чынар дарактын уругу кылсын да, сен түбөлүктүү эң сулуу, эң көркөм, жаш жана саябандуу кучак жеткис чынар бойдон кал, каалайсыңбы?!...»*

*Мындай ырайымга туш болгон курма дүмүрү Алла Элчисинен бир суранычын аткаруусун өтүндү:*

*-О, Алланын Элчиси! Экөөнү тең каалабайм. Менин болгону жападан жалгыз бир гана каалоом бар, Сага сүңгүп кирүү. Ошондуктан мени көөмп жок кылуун, мени мына бул убактылуу гана турган турпатымдан куткарышыңа тете!.. Анткени дарак деген, канчалык баралына келбесин, канчалык саябандуу болбосун, ал тамагын күндөн жана суудан алат. Ал эми мен Сенин руханиятыңдын нуру менен азыктандым. Сенин ысыгың менен жылынуунун, Сага сүңгүп кирүүнүн даамын таттым. Мен эми бул өтө ширин, өтө таттуу лаззаттан айрыла албайм. Ар качан, түбөлүктүү болушумду каалайм. Мени ошол абалда көм! Сенден, Сенин бир гана нуруңан өнүп-өсүп чыгып, түбөлүк соолугус болоюн!»*

*Ошентип, ал курманын дүмүрү кыямат күнү кайра тирилип өмүр сүрүүсү үчүн жерге көмүлдү!»*

* * *

Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Мединага жаңы келгенде Мусулман коомчулугунун пайдубалын бекем түптөө үчүн таштаган алгачкы кадамдарынан бири Масжидун-Набинин курулушу болгон. Ошондой эле, мусулмандардын бир туугандыгын негиздөөдө мал-мүлк, мансап, бийлик сыяктуу айырмачылыктардан арылып, күн сайын беш маал Алланын

үйүндө (мечитте) бир жерге топтолуунун өтө зор мааниси бар болгон. Мына ошондуктан мусулман шаарларында мечиттер орун алып, үйлөр анын тегерегине курулган.

Асры Саадатта[47] (Пайгамбарыбыздын алтын доорунда) мечит Алла Таалага ибадат кылуучу жай болуу менен бирге мектеп, ар кандай диний, коомдук маселелер талкуулана турган, саясий жана аскердик маселелерге тиешелүү жыйындар өткөрүлө турган, ошондой эле оорукана жана эс алуучу жай катары да элге кызмат кылган. Мечит мындан сырткары илим алуучу, дил маек (сухбат), зикир чогулуштарына ар убак катышкан, бойдок, үйү жок сахабалар баш калкалай турган жай болгон. Ошентип Масжидун-Наби мейманкана кызматын дагы өтөй турган.

## Жамаат менен намаз окуу

Коомдук тарбия - Исламдын өтө зор мааниге ээ болгон негиздеринин бири болуп саналат. Мусулман баласынын коомдук тарбиясы жамаат менен намазга турганда башталат. Мусулман коомчулугун биримдикте кармап турган алгачкы тирөөч – бул, жамаат менен намаз окуу. Кай жерде жамаат менен намаз окулуп жатса, ошол жерде Исламдын руху бар деген тыянак чыгат. Ошондой эле, мусулмандардын биримдигин, ынтымак-ырашкерлигин талап кылган Ислам дини мусулман баласынан намазды жамаат менен окууга буйруп, мечитке барууну анын мусулмандыгынын далили катары карайт. Бул жагдай жөнүндө Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мына бул сөзүн айтып калтырган:

«Кайсыдыр бир адамдын мечитке барууну адатка айландырып алганын көрсөңөр, анын ыймандуу экендигине ынанып койгула! Анткени Алла Таала мындай деген:

47. Асры Саадат - Пайгамбарыбыздын доору, алтын доор, бакыттын доору.

إِنَّمَا يَعْمُرُ مَسَاجِدَ اللهِ مَنْ آمَنَ بِاللهِ

**«Алланын мечиттерин жалаң Аллага ыйман келтирген адамдар гана абат кылышат...»** *(Тооба сүрөсү, 18-аят) (Ибн Мажа, Масажид, 19).*

Демек, мечитте жамаат менен намазга туруу өтө маанилүү милдет катары каралат. Азирети Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун!)* айтып калтырган хадисте мындай делет:

*«Дүйнөдө ары кызык, ары сырдуу төрт нерсе бар:*

*Заалым адамдын мээсинде турган Куран, кайсы бир аймакта мусулмандар жашаса да намаз окулбаган мечит, кайсы бир үйдүн дубалында илинип турса да окулбаган Ыйык Куран китеби, бузуку коомдо жашаган такыбаа адам»* *(Дайлами, I, 108/ 4301).*

Алла Таала намаздардын жамаат менен окулушуна өтө зор маани берет. Ал эң оор учурларда, кала берсе салгылашуу учурунда да, жамаат менен намазга турууга буюруп, бул учурда жамаат менен намазды кантип окуунун жол-жобосун Ыйык Куранда көрсөтүп берген.

Азирети Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сапарлардын биринде Дажнан менен Усфандын ортосундагы бир жерди байырлап калган эле. Бутпарастар:

- Алардын бир намазы бар. Алар үчүн ал аталарынан да, балдарынан да кымбат. Бул намаз - асыр намазы. Даяр тургула, (алар намазга турган кезде) дароо кол салабыз -дешти. Буга күбө болуп турган Жабраил периште Алланын Элчисине келип согуш учурунда намаздын кандай окулушу керектигин баяндаган Ниса сүрөсүнүн 102-аятын алып келди» *(Тирмизи, Тафсир, 4/21).*

Демек, кандай гана жагдай болбосун, мусулмандар үчүн намазды атайын кечиктирип окуу же жамаат менен окубай коюу шылтоого жатпайт.

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* намазды жамаат менен окуунун артыкчылыгы жөнүндө куттуу хадистеринде мындай деген:

*«Жамаат менен окулган намаз жалгыз окулган намаздан жыйырма жети эсе жогору турат» (Бухарий, Азан, 30).*

*«Кимде-ким эртең менен-кечинде мечитке барып турса, ар бир барып-келиши үчүн Алла Таала ал адамга бейиштеги белегин даярдайт» (Бухарий, Азан, 37).*

*«Кимдир бирөө даарatын толугу менен алып, намаз үчүн жолго чыкса, оң бутунун ар бир көтөрүлүшү үчүн Алла Таала бир жакшылык жазат, сол бутунун ар бир жерге коюлушунда бир жамандыгын өчүрүп турат, мечит жакын болсо да, алыс болсо да. Мечитке барып жамаат менен намаз окуса, күнөөлөрү кечирилет. Эгер мечитке барган кезде бир бөлүгүн окуп коюшкан болушса, аларга уюп, намаздын акырында окубай калган иреkettерин толуктап койсо да болот, (күнөөлөрү кечирилет). Эгер мечитке барганда жамаат намазды окуп бүтүргөн болсо жана өзү жалгыз намаз окуса (жамаат менен окугандай) соопко эгедер болот» (Абу Давуд, Солаат, 50/563).*

*«(Кайсы бир момун-мусулман) Мечитке кирип намазды канча убакыт күтсө, ошончо убакыт бою намазда тургандай (сооп табат)» (Ибн Мажа, Масажид, 14).*

Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*-Алла Тааланын күнөөнөрдөн арылта турган жана даражаларды жогорулата турган амал жөнүндө кабар берейинби* - деп сурады.

Сахабалар бир оздон:

-Албетте, о, Алланын Элчиси! -дешти.

Анда Алланын Элчиси:

*-Кыйынчылыктарга карабастан даарат алып, мечитке баруу үчүн ташталган кадамдарды көбөйтүү жана бир намаздан соң кийинки намазды күтүү. Мына, чыныгы рибат*[48]*!* - деген экен» *(Муслим, Тахарат, 41).*

Азирети Язид бин Амир *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Күндөрдүн биринде Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* мечитте жамаат менен намаз окуп жаткан экен. Мечитке кирип отурдум, бирок жамаатка кошулган жокмун. Пайгамбарыбыз намаздан кийин биз тарапка бурулуп бурчта отурганымды көрүп:

*-Эй, Язид, сен мусулман эмес белен?* - деп сурады.

Мен:

-Мен мусулманмын, о, Алланын Элчиси! -дедим.

Пайгамбарыбыз:

*-Андай болсо, эмне үчүн жамаатка кошулган жоксун?* - деди.

-Мен сиздерди «намазды окуп бүттү го» - деп үйүмөн окуп келген элем - дедим.

Анда Алланын Элчиси:

*-Эгер намазга келгенинде эл намазды жамаат менен окуп*

48. Рибат - напсинин араанын бууп, аны тарбияга салуу, чек араларда күзөттө туруу жана Алланын жолунда жихад кылуу деген маанилерди түшүндүрөт. Куран аяттарында, куттуу хадистерде рибат өтө жогору бааланып, ал үчүн баа жеткис белектер бериле тургандыгы убада кылынган.

*жатса, алар менен бирге намазга тур! Ал эми эгер (үйүндөн же башка жерден) намазынды окуп келсен, бул (жамаатка кошулуп окуган намазын) сен үчүн нафил намаз болот. Үйдө окуган намазын болсо, парз бойдон кала берет - деди»* *(Абу Давуд, Солаат, 56/577).*

Бүткүл ааламдын сыймыгы болгон азирети Пайгамбарыбыз жамаат менен намаз окуу маселесинде кандайдыр бир шылтоолорду кабыл алган эмес, мусулман баласынан жашоосун намазга ылайык тартипке салышын талап кылган. Күндөрдүн биринде азирети Абдуллах бин Умму Мактум *(Алла ага ыраазы болсун!)* Алланын Элчисине келип:

- О, Алланын Элчиси! Көзүм көрбөйт, үйүм мечиттен алыс. Мени жетелеп жүрчү бирөө бар, бирок ал мага жардам бербейт. Намазды үйүмдө эле окуума уруксат бересизби? - деп уруксат сурайт.

Пайгамбарыбыз *(алейхис-солаату вас-салаам)*:

-*Азанды угасынбы?* – дейт. Азирети Абдуллах: - Ооба – деп жооп берет. Анда азирети Пайгамбарыбыз:

-*Сен үчүн (жамаатка барбоон үчүн) эч кандай уруксат көрбөй турам*- дейт *(Абу Давуд, Солаат, 46/552).*

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* алыс жерден мечитке келип, жамаат менен намаз окуунун артыкчылыгы жөнүндө куттуу хадистеринде мындай деген:

*«Намаздагы эн чон сыйлык мечитке тээ алыстан жөө келип, жамаат менен намаз окугандарга ыйгарылат. Имам менен бирге (намазга) турайын деп намазды күткөн адам, үйүндө намазын дароо окуп, уктаган адамдан дагы чон соопко эгедер болот»* *(Бухарий, Азан, 31).*

*«Кимдин үйү мечитке канчалык узак болсо, ал намазга бараткан кезде ошончолук көп сооп табат»* *(Абу Давуд, Салат, 48/556).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жамаат менен намаз окууну таштап койгондор үчүн ар кандай эскертүүлөрүн берген. Азирети Убай бин Кааб *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* күндөрдүн биринде бизге багымдат намазында имамдыкка өтүп, намазды окуп бүткөн сон:

-*Баланча адам намазга келдиби?* -деп сурады. Мечитте отургандар:

- Келген жок - дешти.

-*А, баланча адамчы, келдиби?* - деп дагы бир адамды жоктоп сурады. Мечитте отургандар дагы:

-Жок, келген жок - дешти. Анда Пайгамбарыбыз:

-*Анда мына ошол эки жүздүү эки адамга эң оор келген нерсе – намаз. Бул (жамаат менен окулган) намаздарда канчалык көп сыйлык, сооп бар экендигин билгениңерде, тизелеп болсо дагы жамаатка келет элеңер. Биринчи сап –периштелер турган сап сыяктуу. Биринчи саптын артыкчылыгын билгениңерде (биринчи сапка туруу үчүн бири-бириңер менен) жарышып тизилип турмаксыңар. Бир адамдын экинчи бир адам менен окуган намазы жалгыз окуган адамдын намазынан алда канча берекелүү жана сооптуу болот. Эки киши менен окулган намаз, бир киши менен окулган намаздан алда канча берекелүү жана жогору турат. Чогуу окугандардын саны канчалык көп болсо, Алла Таала (аларга) ошончолук ыраазы болот - деди»* *(Абу Давуд, Солаат, 47/554).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* дагы бир куттуу хадисинде мындай дейт:

*«Мечиттин жанында жашаган адам намазын мечитте окуган кезде гана анын намазы (толук түрдө) окулган болот»* *(Ибн Аби Шайба, I, 303).*

Бул куттуу хадистеги мечиттин жанында жашаган адам тууралуу адамдар азирети Алиден *(Алла ага ыраазы болсун!)* сурашкан кезде ал::

-Азанчынын азанын уккан ар бир адам - деп жооп берген *(Байхаки, ас-Сунануль-Кубра, III, 57).*

Азирети Пайгамбарыбыздын төмөнкү хадиси жамаатка келбегендерге өтө оор эскертүү:

*«Бир айылда же болбосо, талаада үч киши чогуу болуп туруп, жамаат менен намаз окушпаса, шайтан аларды курчоого алып, аларга үстөмдүк кылат. Мына ошондуктан намазды дайыма жамаат менен окугула! Шек-күмөнсүз, үйүрдөн бөлүнүп кеткен койду карышкыр (оңой гана) жеп коет» (Абу Давуд, Солаат, 46/547).*

*«Кээ бир адамдар же намазды дайыма жамаат менен окууга бел байлашат, же болбосо, Алла Таала алардын жүрөктөрүнө мөөр басат да, кайдыгер (Алланын Тааланын адал жолунан алыстаган) адамдардан болуп калышат» (Ибн Мажа, Масажид, 17)*
.

## Алгачкы азан

Исламдын алгачкы жылдары намаздын убактысын элге угузуу үчүн «Намазга, намазга!» - деген сөздөр гана айтыла турган. Азан мусулмандарга Медина шаарына көчүп келген соң гана ыроолонуп берилди.

Набави мечитинин курулушу аяктаган соң Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* элди намазга чакыруу маселеси боюнча кутман сахабалары менен ой бөлүшүп, пикир алмашты.

Айрым сахабалар: «Намаздын убактысы киргенде (элдин баары көрө турган жерге) атайын бир желекти сайып коелу. Мусулмандар ошол желекти көрүп, бири-бирине кабар беришсин» - деген ойлорун ортого салышты. Бирок Пайгамбарыбыз

бу ойго кошулган жок.

Андан соң жөөттөрдүн кернейи (сурнайы) сунушталды. Пайгамбарыбыз буга да ыраазы болбой: «*Бул жөөттөргө таандык аспап*» - деди.

Кээ бири «элди намазга конгуроо менен чакыралы» - дешти. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)*: *«Бу христиандардын иши!»* - деп аны да кабыл алган жок.

Алланын Элчиси кайгырса кайгырып, кубанса кубанган кутман сахабалардан азирети Абдуллах бин Зайд[49] *(Алла ага ыраазы болсун!)* элди намазга чакыруу маселеси козголуп жаткан кезде сыртка чыгып үйүн көздөй жөнөдү. Үйүнө барып жаздыкка баш койду. Же уйку эмес, же ойгоо эмес абалда ага азан-ы Мухаммадий (азан) ыроолонду. Ошол замат үйүнөн чыкты да, Алланын Элчисине келип:

-Мен уйку-соонун ортосунда жаткан элем. Ошол учурда бир адам келип мага азанды үйрөтүп кетти - деди.

Азирети Умар да ошол эле түштү көргөн эле... Ошентип Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* азирети Билалга:

-Эй, Билал, өйдө тур да, Абдуллах бин Зайддын айтканын аткар! - деп буйрук берди.

49. Абдуллах бин Зайд бин Асым аль-Ансари - Ухуд согушунда азирети Пайгамбарыбыздын жанынан чыкпай далдаалап, душманды жакын жолотпой коргоп жүргөндүгү үчүн Пайгамбарыбыздын алкоосуна арзыган. Бул согушта Абдуллах менен бирге үй-бүлөсү дагы эрдиктерин көрсөткөн. Мына ошондуктан Алланын Элчиси Жараткандан бейиште Абдуллахтын үй-бүлөсү менен кошуна жашашын суранып, дуба кылган. Азирети Пайгамбарыбыз кээ кээде Абдуллах бин Зайддын үйүнө келип, даарат алып, намазын ошол жерде окуп кете турган. Абдуллах бин Зайд аль-Ансари (Алла ага ыраазы болсун!) Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи ва саллам) өтө ашык сахабалардан болгон. Ал Пайгамбарыбыздын одүйнө салганын укканда, көз жашын тыялбай эчкирип ыйлап Жараткан Аллага алакан жаят:

«Оо, Жараткан Алла! Көзүмдү ала көр, дүйнөдөгү жалгыз сүйгөнүм Азирети Мухаммаддан (саллаллаху алейхи ва саллам) сон, эч кимди көрбөй калганым артык...» деп дуба кылар замат көзү көрбөй азиз болуп калган экен (Куртуби, V, 271).

Абдуллах бин Зайд (Алла ага ыраазы болсун!) Харра окуясы деп тарых баракчаларында аталып калган согушта эки уулу менен бирге шейит кеткен.

Азирети Билал *(Алла ага ыраазы болсун!)* буйрукту аткарып, азирети Абдуллахтын айткандарын айткандай кайталап, алгачкы азанды айтты» *(Абу Давуд, Солаат, 27/498).*

Ошентип азан важибдин даражасына жакын өтө күчтүү сүннөт болуп калды. Анткени азан садык (атайын Жаратыкандан келген) түш менен да, Пайгамбарыбыздын сүннөтү менен да, Алла Тааланын вахийи менен да тастыкталган эле. Куран аяттарынын биринде:

وَإِذَا نَادَيْتُمْ إِلَى الصَّلاَةِ

«**Аларды намазга чакырганыңарда....**» *(Маида сүрөсү, 58-аят)* - деп айтылат.

Азандын айтылып калышына себепкер болгон адам – бул, сыртынан караганда азирети Абдуллах бин Зайд *(Алла ага ыраазы болсун!)* болсо да, чынында Алла Тааланын чексиз ырайымына бөлөнгөн жана бүткүл ааламга ар дайым Нур болуп жаркып турган Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* болгон. Ошентип азан Азирети Пайгамбарыбыздын тастыктоосу менен айтылып, эл мечитке жамаат менен намаз окуу үчүн чакырыла баштады. Азирети Билал Хабаши алгачкы азанды чакырган кезде Мединанын төрт тарабындагы бардык адамдар анын улуу чакырыгын уга турган болушту. Жерден айтылган азандын үнү көк-асманга да жетип турду. Мусулмандардын кубанычы коюндарына батпай мечитке чубалжып, агып келе башташты.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* эч бир намаз чакырыгын жактырбай, акырында бүгүнкү күндө да айтылып жүргөн азанды өтө чоң кубаныч менен кабыл алып, ага абдан ыраазы болгон. Анткени азандын маани-маңызында Алла Таала, пайгамбар, ибадат жана жашоо түшүнүктөрү жана алардын бири-бири менен болгон байланыштары так, кыска жана нуска түшүндүрүлгөн эле. Мына ошондуктан Алланын Элчиси

намазга чакыруу маселесине эң туура чекитти койгон эле.

Азан аят-хадистер менен тастыкталып, миң төрт жүз жылдан бери момун-мусулмандар үчүн руханий азык катары айтылып келет. Азан – бул, бүткүл адамзатын намазга үндөгөн улуу чакырык. Ошондуктан азанды түпкү арап тилинен башка тилде айтуу туура эмес.

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мындай дейт:

*«Азанды укканыңарда азанчынын айткандарын (сөзмө-сөз) кайталап тургула! Анан мага дуба-салам жолдоп, салават айткыла! Анткени кимде-ким мага дуба-салам жолдоп салават айтса, Алла Таала ага он эсеси менен ырайымын төгөт. Андан соң мен үчүн Василаны (шапаат кылуучулук укугун) сурангыла! Ал (васила) бейиште өзүнчө даража (болуп эсептелет), ал сөзсүз түрдө Алланын сүйүктүү пенделеринен бирине ыйгарылат. Мына ошол даражага жете турган адам болууну үмүт кылып келем. Ким мен үчүн Алла Тааладан василаны суранса, (кыямат күнү) менин шапаатым ал адамга важиб болот» (Муслим, Солаат, 11; Абу Давуд, Солаат, 36/ 523).*

Пайгамбарыбыздын дагы бир куттуу хадисинде азанчы менен азанды бирге кайталаган адамдын бейишке кире тургандыгы айтылган.[50] Ал эми азандан кийин окула турган дуба жөнүндө болсо, мындай деген:

«*Ким азанды угуп:*

اَلّٰهُمَّ رَبَّ هَذِهِ الدَّعْوَةِ التَّامَّةِ وَالصَّلاَةِ الْقَائِمَة اَتِ مُحَمَّدًا اَلْوَسِيلَةَ وَالْفَضِيلَةَ
وَبْعَثْهُ مَقَامًا مَحْمُودًا اَلَّذِي وَعَدْتَهُ إِنَّكَ لاَ تُخْلِفُ الْمِيعَادَ

*«Аллахумма рабба хаазихид-даaватит-таамма, вассолаатуль-*

50. Муслим, Солаат, 12

*коойма, аати Мухаммаданиль-василата валь-фадиила, ваб"асху макоомам-махмууданил-лазии ва аадта.»*

*«Оо, кемчиликсиз чакырыктын жана окулган намаздын Жаратуучусу Алла! Азирети Мухаммадга (алейхис-солаату вассалаам) Василаны (үммөтүнө шапаат кылуу укугун) жана жогорулукту ыйгара көр! Аны Өзүң убада кылган Махмуд (мактоого арзыган, сүйүктүү) даражасын эгедер кылып тирилте көр!»-десе, мен ага кыямат күнү сөзсүз түрдө шапаат кылам!» (Бухарий, Азан, 8; Абу Давуд, Солаат, 37/529).*

Азандын артыкчылыгы жөнүндө көптөгөн хадистер айтылып калган. Мына ошол хадистерден айрымдары төмөндөгү хадистер:

*«Эки дуба бар, бу эки дуба четке кагылбайт, же кагылса да өтө сейрек, анда-санда гана кабыл алынбай калышы мүмкүн; Азан окулуп жаткандагы дуба менен Алланын жолунда жихад учурунда адамдар бири-бири менен согушуп жаткандагы дуба» (Абу Давуд, Жихад, 39/2540)*

*«Адамдар азан чакыруунун жана намазда биринчи сапта туруунун сообун билишкенде чучукулак таштоого аргасыз болушар эле» (Бухарий, Азан, 9, 32; Муслим, Солаат, 129).*

*«Намаз үчүн азан чакырылган кезде шайтан ал жерде күбүрөнүп-шыбыранып алыстап, азан угулбай калган жерге чейин качат. Азан чакырылган соң кайра артка кайтып келет. Коомат айтылып баштаганда дароо качат да, айтылып бүткөн соң кайтып келип, адам менен жүрөктүн ортосуна кирип алаксытат: «Муну эстесен, тигини ойлосон!»- деп ар кайсынын башын айтып азгырат. А түгүл бул учурда адам канча ирекет намаз окуганын дагы унутуп калат»* (Бухарий, Азан, 4; Муслим, Солаат, 19).

## Асхабу Суффа

Набави мечитинин бир жагына айланасы ачык, үстү курма жалбырактары менен тозулган суффа[51]салынат. Үйү, үй-бүлөсү жок, кедей сахабалар мына ушул саябандын алдында жашашкан. Алар бул жерден илим алып, Пайгамбарыбыздын таалим-тарбиясын көрүшкөн. Ошондуктан алар «Асхабу Суффа» (саябан алдындагы сахабалар) же болбосо, «Ахли Суффа» (саябан эли, жашоочулары) -

деген лакап-атка ээ болушкан.[52] Алардын арасынан үйлөнгөндөрү, ар кайсы сапарларга аттангандары, үйлүү-жайлуулары да болгон. Ошондуктан булардын саны кээде көбөйүп, кээде азайып турган. Бир мезгилдерде алардын саны жетимиш адамга жеткен.

Кээ бир жазма булактарда асхабу суффадан деп эсептелген жүздөн ашык адамдын аты аталат. Булардын муктаждыктарын Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* өзү камсыз кыла турган. Ал-абалы жакшы сахабалардан жардам сурап, алардын камын көрөр эле.

Азирети Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун!)* асхабу суффадан болгон. Ал мындай дейт:

«Ахли суффа Исламдын кут коногу эле. Алардын баш калкалоочу үйлөрү, үй-бүлөлөрү, мал-дүйнөлөрү, ал тургай туугандары да болгон эмес. (Мечитке) кандайдыр бир кайыр-садага келип калса, Алланын элчиси аны ошол бойдон саябандын элине жиберип, андан өзү эч нерсе алчу эмес эле. Эгер Пайгамбарыбыздын өзүнө деп белек тартууланса, өзү андан бир аз гана алып, калганын асхабу суффага жөнөтө турган. Ошентип Пайгамбарыбыз келген белектерди алар менен тең бөлүшөр эле»

51. Суффа - тегерегинде дубалы жок тапчан сыяктуу эс алып отурчу жай.
52. Ибн Саад, I, 255

*(Бухарий, Рикак, 17).*

Азирети Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун!)* дагы бир эскерүүсүндө мындай деген:

«Мен ахли суффадан жетимиш адамды көрдүм. Алардын эч биринде денесин толук жаап турчу кийими жок болчу. Кээ биринин белинен төмөн жагына гана жете турган кийими болгон. Айрымдарында чыптама сыяктуу жамачы кийимдери гана бар эле. Алар кийимидерин моюндарына байлап алышар эле. Айрым сахабалардын кийими балтырдын жартысына, кээ бириники болсо согончокторуна чейин жетер эле. Алар аврат (уят) жерлери көрүнбөөсү үчүн өтө этият олтура турган» *(Бухарий, Солаат, 58).*

Азирети Фадала бин Убайд *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сахабаларга имам болуп намазда турганда асхабу суффадан айрым сахабалар ачкалыктан жыгылып түшөөр эле. Чөлдөн келген бедуиндер: -Булар жинди болуп калган го -деп таӊ калышаар эле. Алланын Элчиси намаз бүткөндөн кийин баягы жыгылып калгандардын жанына барып:

*«Алла Тааланын алдында силер үчүн эмне даярдалганын билгенинерде, мындан да кедей-кембагал болууну энсеп-самаар эленер»* - деп соорото турган» (Тирмизи, Зухд, 39/2368).

Азирети Абдуррахман бин Абу Бакир *(Алла аларга ыраазы болсун!)* төмөнкү окуяны дейт:

«Асхабу суффа чыныгы кедей адамдар эле. Күндөрдүн биринде Пайгамбарыбыз мындай деди:

*«Эки кишилик тамагы бар адам (асхабы суффадан) бир адамды; төрт адамдык тамагы бар адам бир же эки адамды алып кетсин!»*

Атам Абу Бакир асхабы суффадан үч адамды үйгө алып келди. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* болсо, он адамды үйүнө алып кетти.... Алланын алдында ант берем! Жеген сайын тамагыбызга береке кирип, көбөйүп жатты. Ошентип меймандарыбыздын да, биздин да курсагыбыз тойду. Тамак болсо, баягы жаңы алып келгенден да ашып-ташып турду. Атам Абу Бакир тамакты карап, апама кайрылып:

- Эй, Фирас уруусунун кызы! Бул эмне? - деди. Ал:

-Көзүмдүн нуруна ант берем, тамак азыр мурункусунан үч эсеге көп! - деди» *(Бухарий, Мавакыт, 41, Манакиб, 25, Адаб, 87-88; Муслим, Ашриба, 176-177).*

Бул окуя чын ыклас менен берешендик Алла Тааланын береке-кутуна себепкер боло тургандыгына ачык-айкын далил боло алат.

Асхабу суффа жумуш таап калышса иштеп, башка учурларында мечитте илим алып, ибадат менен алек болушар эле. Күч-кубаты бар асхабу суффа тоодон отун алып келүү, шаардын чет жакасынан шаарга суу ташып келүү сыяктуу колдорунан келген ар кандай иштерди кылып, акча таап жашоолорун улантышаар эле.[53] Алар абийирдүү, жана ар-намыстуу болгондуктан адамдык касиетине доо кетире турган иш-аракеттерден алыс болушкан. Асхабу суффа кедей болушса да, эч кимден эч нерсе сурап-тиленишкен эмес.

Асхабу суффа Исламдын кайнар булагына эң жакын, Алла Элчисинин дил маектерин (сухбаттарын) калтырбай катышкан, Жараткандын назары түшкөн улуу адамдар болушкан. Ошондуктан алар руханий жактан башка адамдарга салыштырмалуу эрте жана тез бышып-жетилген. Бул жерден азирети Убай бин Кааб, азирети Ибн Масуд, азирети Муаз бин Жабал жана ази-

53. Бухарий, Магази, 28, Жихад, 9; Ибн Саад, III, 514

рети Убада бин Самит сыяктуу бир топ аалым сахабалар чыккан.

Ахли суффа өтө жогору даражада илим алышкан. Эң көп хадис айтып калтырган сахабалар да негизинен асхабы суффадан чыккан. Булардан азирети Абу Хурайра мындай дейт:

«Элдин баары «Абу Хурайра өтө көп хадис айтып калтырды» - деп таң калып жүрүшөт. Анткени Мухажир бир туугандарыбыз базарларда соода менен; ансар бир туугандарыбыз талаада, бакчаларында дыйканчылык менен алпурушуп жүргөндө Абу Хурайра мээнин камын ойлоп, Алла Элчисинин жанынан чыкпай, алар күбө болбогон канчалаган нерселерге күбө болуп, мээсине жакшы ийибеген (хадистерди) кайталап бышырып жүргөн» *(Бухарий, Илим, 42).*

Ислам менен таанышуу үчүн кыска убакытка гана Мединага келген адамдар бир жагынан Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* менен жолугуп, бир жагынан асхабу суффадан билбеген маселелерин сурап үйрөнүп кетип турушкан. Медина шаарынан башка аймакта жаңы ыйманга келген урууларга Ислам жөнүндө маалымат берүү максатында мугалим талап кылынганда, ал жактарга асхабу суффадан атайын тандалып жибериле турган.

Сахабалардын даражасы жагынан биринчи Хулафа-и рашидин[54], андан кийин ашара-и мубашшара[55], андан соң Бадр согушуна катышкандар, төртүнчүлөрдөн болуп асхабу суффа турат. Алла Таала Куран аяттарында аларды да мактоо менен эскерген. Бул аяттардын биринде мындай делет:

54. Хулафа-и рашидин – Алла Тааланын адал жолу менен элди башкара алган алгачкы төрт халифа. Алар азирети Абу Бакир, азирети Умар, азирети Осмон жана азирети Али эле.

55. Ашара-и мубашшара - Бу дүйнөдө эле бейишке кире тургандыктарына кепилдик берилген ардактуу он сахаба.

لِلْفُقَرَاءِ الَّذِينَ أُحصِرُواْ فِي سَبِيلِ اللّهِ لاَ يَسْتَطِيعُونَ ضَرْباً فِي الأَرْضِ يَحْسَبُهُمُ الْجَاهِلُ أَغْنِيَاء مِنَ التَّعَفُّفِ تَعْرِفُهُم بِسِيمَاهُمْ لاَ يَسْأَلُونَ النَّاسَ إِلْحَافاً وَمَا تُنفِقُواْ مِنْ خَيْرٍ فَإِنَّ اللّهَ بِهِ عَلِيمٌ

**«(Бере турган кайыр-садагаңар) өздөрүн Алланын жолуна арнап койгон,  ошондуктан бир жерге (соода-сатык үчүн) сапарга чыгууга күчү жетпеген кедейлердики болсун! Билбеген адамдар аларды абийир-намысынан улам бай деп ойлошот. Сен аларды жүзүнөн эле таанийсың. Алар суранып-тиленбейт. Кандай гана жакшылык кылбагыла, Алла Таала аны билип турат»** *(Бакара сүрөсү, 273-аят).*

Азирети Хаббаб *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Менменсинген, адамды теңине албаган текебер бутпарастардан Акра бин Хабис менен Уйайна бин Хисн Алланын Элчисине келишти. Бул учурда Пайгамбарыбыз Билал, Сухайб, Аммар, Хаббаб сыяктуу кедей-кембагалдар менен отурган эле. Алар бул жердеги кедей сахабаларды теңине албай, бой көтөрүп азирети Пайгамбарыбызга:

-Биз үчүн бул жерден башка жер даярдашыңды сурайбыз. Араптар Сенин биз үчүн өзгөчө жер даярдашыңды көрүп, биздин булардан жогору экендигибизди андап түшүнүшсүн. Сен да билесин, бизге арап урууларынан бир топ элчилер, өкүлдөр келишет. Эгер алар бизди кулдар менен отурганыбызды көрүп калышса, уят болобуз. Ошондуктан биз келген кезде аларды жанына жолотпо. Сени менен болгон маегибизден соң да, каалasaң, алар менен отурбай эле кой - дешти.

Анда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

-Болуптур - деди.

Алар:

-Болуптур, дегенин жетиштүү эмес! Бизге муну жазуу түрүндө баракка жазып бер - дешти.

Ошентип, Алланын Элчиси *(алейхис-солаату вас-салаам)* азирети Алини чакырып, барак ала келишин айтты. Биз бир бурчта отурган элек. Ошол кезде Жабраил периште төмөнкү аяттарды алып келди:

وَلاَ تَطْرُدِ الَّذِينَ يَدْعُونَ رَبَّهُم بِالْغَدَاةِ وَالْعَشِيِّ يُرِيدُونَ وَجْهَهُ مَا عَلَيْكَ مِنْ حِسَابِهِم مِّن شَيْءٍ وَمَا مِنْ حِسَابِكَ عَلَيْهِم مِّن شَيْءٍ فَتَطْرُدَهُمْ فَتَكُونَ مِنَ الظَّالِمِينَ

**«Күнү-түнү Жараткандын ыраазылыгын эңсеп, Ага жалынып-жалбарып дуба кылган пенделерди жаныңдан чыгарба! Алардын эсеп китебинен (жасаган иш-аракеттери үчүн) сен эч кандай жоопко тартылбайсың. Сенин эсеп китебинен да алар эч кандай жоопко тартылбайт. Эгер аларды өзүңөн алыс кармасаң, заалым болуп каласың!»** *(Анаам сүрөсү, 52-аят).*

وَكَذَلِكَ فَتَنَّا بَعْضَهُم بِبَعْضٍ لِّيَقُولواْ أَهَـؤُلاء مَنَّ اللّهُ عَلَيْهِم مِّن بَيْنِنَا أَلَيْسَ اللّهُ بِأَعْلَمَ بِالشَّاكِرِينَ

**«Биз алардын кээ бири кээ бирине: «Алла Таала арабыздан ошолорго гана ырайымын ылайык көрдүбү?» - деши үчүн мына ушундай сынадык. Алла Таала шүгүрчүл пенделерин ачык-айкын Билүүчү Зат эмеспи?!»** *(Анаам сүрөсү, 53-аят).*

وَإِذَا جَاءَكَ الَّذِينَ يُؤْمِنُونَ بِآيَاتِنَا فَقُلْ سَلَامٌ عَلَيْكُمْ كَتَبَ رَبُّكُمْ عَلَى نَفْسِهِ الرَّحْمَةَ

**«Сенин алдына Биздин аяттарыбызга ыйман келтиргендер келишсе: - Силерге тынчтык болсун, Жараткан Эгеңер ырайым кылууну өз мойнуна алды. Силерден ким билбестен жамандык (күнөө) кылса, кийин ошол жамандыгынын аркасынан тооба кылып (өзүн) оңдосо, анда (күнөөсү кечирилет), албетте (Алла Таала) Кечиримдүү, Мээримдүү - деп айткын!»** *(Анаам сүрөсү, 54-аят).*

Алланын Элчиси ошол замат келишимди жаздыруу үчүн алып келинген колундагы баракты бир четке таштады да, бизди жанына чакырды. Пайгамбарыбыздын жанына басып келгенибизде Ал бизге:

**«...Салам силерге! Жараткан Алла (силерге) мээримин төгүүгө убада кылды...» -** *деди.*

Анын жанында тизе бүгүп чөк түшүп олтурдук. Бул аяттан кийин да мурункудай Пайгамбарыбыздын жанында отурар элек. Ал каалаган кезде жаныбыздан туруп кетер эле. Бул учурда:

وَاصْبِرْ نَفْسَكَ مَعَ الَّذِينَ يَدْعُونَ رَبَّهُم بِالْغَدَاةِ وَالْعَشِيِّ يُرِيدُونَ وَجْهَهُ وَلَا تَعْدُ عَيْنَاكَ عَنْهُمْ تُرِيدُ زِينَةَ الْحَيَاةِ الدُّنْيَا

**«Сен өзүңдү күнү-түнү Жаратkandын ыраазылыгын эңсеп, Ага жалынып дуба кылган пенделер менен бирге болууга сабыр кыл! Дүйнө турмушунун миң түркүн лаззаттарына каалгып кетпе, көзүңдү алардан башка жакка бурба!...»** *(Кахф сүрөсү, 28-аят)* –деген аят түшүрүлдү. Бул аяттан кийин биз да ар бир таштаган кадамыбызга өтө кылдат

көңүл буруп калдык. Ошентип Алланын Элчисин көпкө кармап, ыңгайсыз абалда калтырбоо үчүн биз анын жанынан сылыктык менен эрте туруп кете турган болдук» *(Ибн Мажа, Зухд, 7; Табари, Тафсир, VII, 262-263).*

Бул аят түшкөн кезде Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* дароо дал ошол кедей сахабаларын издеп жөнөгөн эле. Аларды мечиттин арка тарабында Алла Тааланы зикир кылып жаткан жеринен таап:

*«Жанымды алганга чейин үммөтүмдөн ушул адамдар менен бирге сабыр кылууга буюрган Алла Таалага чексиз шүгүр! Эми жашоом да, өлүмүм да силер менен!»* - деген эле (Вакиди, 306).

Ал эми азирети Абу Саид *(Алла ага ыраазы болсун!)* төмөндөгү окуяны айтып калтырган:

«Мухажирлердин бир топ кедей адамдары менен отургам. Булардын бир бөлүгү (денесин толугу менен жаап турган кийими жок болгондуктан) жанындагылардын кийимдери менен жабынууга аракет кылып жатышты. Бир адам бизге Куран окуп отурган. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* келип, жаныбызда турду. Куран окуган адам да унчукпай калды. Андан соң Алланын Элчиси бизге салам берип:

-Эмне кылып жатасыңар? -деп сурады.

-О, Алланын Элчиси! Бул биздин мугалимибиз, бизге Куран окуп берип жатат. Биз болсо, Алланын китебин угуп жатабыз -дедик.

Анда Алланын Элчиси:

-Үммөтүмдөн Алла Таала чогуу сабыр кылуум үчүн (өзгөчө) адамдарды жаратты. Аллага чексиз шүгүр! - деди.[56]

56. Азирети Пайгамбарыбыз бул сөздөрү менен бир аз мурун айтылган Кахф сүрөсүнүн 28-аятына ишарат жасаган. Бул аятта Алла Таала Пайгамбарыбызга Исламга алгачкылардан болуп кирген кедей-кембагалдар менен бирге башына келе турган кыйынчылыктарга

Андан кийин Алланын Элчиси ортобузга келип отурду. Колу менен жаңсап:

-Мындай болуп (тегеректеп) отургула! - деди.

Жамааттагылар дароо анын айланасына тизе бүгүп отуруп калышты. Анан Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бизге төмөнкү куш кабарын айтты:

-Эй, кембагал мухажирлер, сүйүнчү! Силер үчүн кыямат күнү толук нур болот. Силер бейишке бай адамдардан жарым күн мурун кадам таштайсыңар. Бул жарым күн (бул дүйнөдөгү күн менен эсептегенде) беш жүз жыл болот» *(Абу Давуд, Илим, 13/3666).*

## Алла Элчисинин азирети Аиша энебиз менен бирге жашап калышы

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* менен азирети Аиша энебиздин никеси хижраттан мурда Мекке шаарында кыйылган эле. Ошентсе да, алардын үй-бүлөлүк жашоосу Медина шаарында башталган эле.

Азирети Аиша *(Алла ага ыраазы болсун!)* бул жаатта мындай деген:

«Алланын Элчиси Медина шаарына көчкөндө бизди жана кыздарын Меккеге калтырып кеткен эле. Кийин Алланын Элчиси Мединадан азирети Зайд бин Хариса менен азирети Абу Рафиге эки төө менен бирге оокат-жайларын алып келүү үчүн 500 дирхам акча берип, Меккеге жиберген экен. Атам азирети Абу Бакир болсо, азирети Абдуллах бин Урайкытка эки (же үч) төө берип, тигилерге кошуп жөнөтүптүр. Атам (бизге тууган) азирети Абдуллахка энем Умму Руманды, мени жана синдим Асманы алып келишин дайындаган экен.

сабыр кылуусун жана алар менен жылуу, тыгыз мамиледе болуусун буюрган.

Азирети Абу Рафи азирети Фатиманы, азирети Умму Гүлсүмдү жана азирети Савда бинти Заманы, ал эми Зайд болсо азирети Умму Айманды уулу Усама менен төөлөргө отургузду. Бардыгыбыз бирге жолго чыктык.[57] «Мина» - деген жерден Байзга жакындай бергенде төө бизди ала качып кетти. Биз хавдачтын[58] ичинде болчубуз. Апам: «Аай, кызым! Ай, байкушум!» - деп өкүрүп-бакырып жиберди. Бир кезде бизди ала качкан төө күшүлдөп барып туруп калды. Алла Таала Өзү колдоду!

Ошентип, аман-эсен  Медина шаарына кирип келдик. (Алланын Элчиси экөөбүздүн никебиз Меккеде кыйылса да) мен өз ата-энем менен бирге жашачумун. Биз келгенде мечиттин жанына атайын (Пайгамбарыбыздын үй-бүлөсү үчүн) бөлмөлөр курулган экен. Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* үйбүлөсү өз бөлмөлөрүнө жайланышты. Атам Пайгамбарыбызга:

-О, Алланын Элчиси! Сиздин үйлөнүшүнүзгө (Аиша менен чогуу жашашыңызга) эмне жолтоо болуп жатат? - деп сурады.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

-Михир[59] - деп жооп берди.

Атам Абу Бакир Пайгамбарыбызга жардам иретинде он эки жарым укиййа[60] жөнөттү. Ошентип, Алланын Элчиси михирин берип, Шавваль айында мени менен баш кошту.[61]  Үйлөнүү тойго төө да, кой да союлган жок. Болгону Саад бин Убада[62]

57. **Азирети Зайнап** болсо ошол учурда али мусулман боло элек күйөөсү Абул-Ас бин Раби уруксат бербегендиктен белгилүү бир убакытка чейин Меккеде калган эле.

58. **Хавдач -** төөнүн үстүнө аял кишилерди отургузуу үчүн жасалган күркө.

59. **Михир -** үйлөнө турган жигит тарабынан кыздын өзүнө бериле турган акча, мал-мүлк.

60. Укиййа: күмүштөн жасалган байыркы акча биримдиги. 1 укиййа болжол менен 128 грамм салмагында болот.

61. Ибн Саад, VIII, 58, 62-63

62. Саад бин Убада (Алла ага ыраазы болсун!) экинчи Акаба биятында мусулман болгон. Ал жерде тандалган 12 өкүлдөн бири. Ал абдан бай, жоомарт жөнөкөй киши болгон. Алланын Элчиси  (саллаллаху алейхи ва саллам) Халид бин Зайддын үйүндө жети ай конок болгондо, азирети Саад күнүгө тамак-аш жөнөтө турган. Анын аябай чоң үйү болгон.

*(Алла ага ыраазы болсун!)* Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* чоң идишке толтура тамак-аш жөнөткөн экен».[63]

## Медина шаарынын ал-абалы

Мусулмандар үчүн Медина доору - Ислам тездик менен дүркүрөп өнүп-өскөн, бүт ааламга нурун чачкан Ислам дини дүйнөгө толук жооп бере ала турган өзүнүн мыйзамдарын койгон жана ошону менен улуу согуштарда шейит кеткен нечелеген тайманбас эр жүрөк эрендердин каны төгүлгөн өзгөчө доор.

Алланын Элчисине жана мухажирлерге ансарлар бүт мүмкүнчүлүктөрү менен кучак жайса да, Медина шаарында бөтөн эл, бөтөн жерде жүргөндүктөн бир топ убакытка чейин киндик кан тамган жериндегидей өздөрүн эркин сезе албай ыңгайсыз болуп жүрүштү. Бул учурда Мединада мусулмандардан сырткары мусулман сыяктуу көрүнгөн эки жүздүүлөр жана жөөттөр да бар эле. Алар мүмкүнчүлүк түзүлүп калса, ошол замат аны ишке ашырып, Исламга дароо сокку урууга аракет кылышкан.

Эки жүздүүлөр сырттан мусулман болуп көрүнгөнү менен ичинен абалкы бутпарастыктарын уланта беришкен. Исламды баралына келтирген Алла Таала аларга өтө катуу эскертүү берген:

Ал үйүнө күн сайын конок чакыраар эле. Анын үйүнө элдин бардыгы конок боло турган. Өзгөчө Асхабы суффа, анын негизги, эң көп чакырылуучу конокторунан эле. Ал өзү бир топ согуштарда хазраж уруусунун байрагын көтөрүп жүргөн. Зу Карад казатында кошуунга жардам иретинде он төөгө курма жүктөп жөнөткөн эле. Анын мындай кызматы үчүн Алланын Элчиси: «Оо, Жараткан Алла! Саадды үй-бүлөсү менен кошо өз ырайымыңа бөлөй көр!» -деп дуба кылган. Ал Курайза согушунда дагы кошуундагы жоокерлердин баарысына жеткидей азык жиберген. Саад акыркы демине чейин Ислам жолунда жаны менен да, мал-мүлкү менен да кызмат өтөгөн. Анын Медина шаарынын четинде өзүнө таандык жери, курма багы боло турган. Үйү да Мединанын чет жакасында эле. Үйү Пайгамбарыбыздын мечитине узак болгондуктан өзү турган жерге бир мечит курган. Ал азирети Абу Бакирдин халифалыгынан кийин Дамаскка жакын Хавран деген жерге көчүп кеткен эле. Азирети Саад 635-жылы ошол жакта көз жумган. Сөөгү «Гута» - деген кичи аймактын көрүстөнүнө коюлган.

63. Ахмад, VI, 211

وَمِمَّنْ حَوْلَكُم مِّنَ الأَعْرَابِ مُنَافِقُونَ وَمِنْ أَهْلِ الْمَدِينَةِ مَرَدُواْ عَلَى النِّفَاقِ لاَ تَعْلَمُهُمْ نَحْنُ نَعْلَمُهُمْ سَنُعَذِّبُهُم مَّرَّتَيْنِ ثُمَّ يُرَدُّونَ إِلَى عَذَابٍ عَظِيمٍ

**«Айлананардагы арап-бедуиндерден да, Медина калкынан да эки жүздүүлүктүн сормо сазына баткан кытмыр караөзгөйлөр бар. Сен аларды билбейсиң. Биз билебиз. Аларды кайра-кайра (тактап айтканда, тирүү кездеринде кыйнап өлтүрүү менен, өлгөндөн кийин кабыр азабы менен) азаптайбыз. Андан кийин (кыямат күнү) чоң азапка дуушар болушат»** *(Тооба сүрөсү, 101-аят).*

Чындыгында, ал кездеги эки жүздүүлөрдүн айрым бир кыныр иштерин Алланын Элчиси да сезген эмес. Аларды Алла Таала кабар бергенден кийин гана байкаган. Анткени эки жүздүүлөр эң жөнөкөй күмөндүү нерселерден алыс болуп, мусулмандарга этияттык менен мамиле жасашкан.

Бул учурда Меккенин бутпарастары да жөн турбай Медина шаарындагы жүзү караларга дем берип, көкүтүп, бүт күчү менен мусулмандарга кедерги болууга жан далбас урушкан. Исламдын Мединада жай таап, тездик менен жайылып өркүндөп-өсүшүнө ичтери тарып, Мединанын каапырларына болгон айла-амалын колдонуп, аларды коркутканга чейин барышкан. Эгерде Мединалык эки жүздүү бутпарастар айткандарын аткарбаган чакта, өздөрү баш болуп бүтүндөй арап уруулары менен келип Мединанын элин, мусулман-жөөт, бутпарас дебей бардыгын жер менен жексен кылып, күлүн асманга сапыра тургандыктарын айтышкан. Алар сөзүн тастыктап, кызылкулак жиндилерин жөнөтүп, үйүр-үйүр малдарын айдап кеткен күндөрү да болгон.

Ошентип, күн өткөн сайын кырдаал курчуп тынчсыздануулар күчөй берет. Мусулмандар кол салуу коркунучун алдын алуу үчүн түнкүсүн Мединанын көчөлөрүндө күзөткө турушат.

Жадагалса Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* да түнүчүндө уктабай өткөргөн учурлары да болот. Мединанын чет жакасына да күзөтчүлөр жөнөтүлүп ар тарап коопсуздукка алынат.

Медина шаарында мусулмандардын эң коркунучтуу душманы мүмкүнчүлүктү текке кетирбеген жөөттөр да бар эле. Алар да Алла Таала тарабынан түшүрүлгөн, бирок бурмаланган диндин өкүлдөрү болгондуктан мусулмандарга өздөрүнөн-өздөрү душмандыгын тастыктап ар түрдүү машакаттарды жаратышат. Ошондуктан Медина шаарында эң алгач түшүрүлгөн Бакара сүрөсүндө жөөттөрдү Алланын адал жолуна чакыруу маселесине басым жасалган. Бул сүрөдө жалпы адам баласы адал жолго чакырылган соң 40-аяттан 162-аятка чейин жөөттөр тууралуу баяндалган. Негизинен бул сүрөнүн жарымынан көбү Исраил элине (жөөттөргө) арналган. Бул аяттарда жөөттөр тууралуу айрым жерлеринде түз мааниде, кээ бир жеринде кыйыр мааниде айтылган. Ошондой эле жөөттөрдүн бурмаланган диндери четке чыгарылып, жөөттөргө ыроолонуп берилген баа жеткис жакшылыктар тууралуу сөз козголуп, туура жолго чакырылган.[64]

* * *

Эврей акын Кааб бин Ашраф азирети Пайгамбарыбызды мазактап келекеге алган ыры аркылуу Курайш бутпарастарына дем берип тураар эле. Курайштын бутпарас акындары да Пайгамбарыбызга акаарат келтирген ырларын окуша турган. Күндөрдүн биринде ансарлардан чыккан эң мыкты акын азирети Хасан бин Сабит *(Алла ага ыраазы болсун!)* Меккелик бутпарастарга жооп кайтаруу үчүн Алла Элчисинен уруксат сурайт. Азирети Пайгамбарыбыз Хасанга уруксат берет.[65]

Ал учурда акындык күч алып, баралына келип турган эле.

64. Крнз. Драз, ан-Набауль-Азим, 178.

65. Бухарий, Манакиб, 16; Муслим, Фадаилус-Сахаба, 156-157.

Ал учурдун поэзиясын бүгүнкү күндөгү күчтүү таасирге ээ болгон массалык маалымат каражаттарына салыштырууга болот. Ошентип, Алланын Элчиси акын Хасан бин Сабит үчүн мечитке атайын минбар тургузат. Азирети Хасан минбарга чыгып Алла элчисинин көңүлүн ооруткан бутпарастарга тиешелүү жооп кайтара турган. Азирети Хасан тууралуу Пайгамбарыбыз *(алейхис-солаату вас-салаам)*:

«Хасандын ырлары Алланын Элчисин (бутпарастардын ырларынан) коргогон чакта Рухул-Кудус (Жабраил периште) азирети Хасан менен бирге болот» - деген эле *(Абу Давуд, Адаб, 87/5015).*

Эврейлер жана бутпарастар ыр аркылуу азирети Пайгамбарыбыздын да, сахабалардын да тынчын алып турган кезде Алла Таала сүйүктүү Элчисине сабыр кылуусун жана кечиримдүү болушун буюрат. Бир күнү Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* азирети Усама бин Зайд менен Бадр согушунан бир күн мурун төшөктө ооруп жаткан азирети Убада бин Зайдка зыярат кылуу үчүн жолго чыккан эле. Жолдо бараткан кезде бир жерде эл топтолуп турган болот. Алардын арасында Абдуллах бин Убай бин Салул да бар эле. Ал учурда Абдуллах бин Убай мусулман боло элек кези болчу. Бул жерде мусулмандар, жөөттөр жана бутпарастар болуп ар кайсы диндин өкүлдөрү бар эле. Кутман сахабалардан азирети Абдуллах бин Раваха да ушул жерде эле. Төө минип келген Алланын Элчисин көргөн Абдуллах бин Убай мурдун желбегейинин учу менен жаап:

-Чаңдатпай келбейсиңби?! – деп үнүн бийик көтөрүп, жактырбаган түр көрсөтөт.

Алланын Элчиси бул жердегилерге салам берип, жерге түшөт. Аларды Алланын жолуна чакырып, Куран окуйт.

Абдуллах бин Убай:

- Сен бул нерселериңди айтуу менен жакшылык алып кел-

бейсиң. Эгер сенин айткандарың чын болсо, бизди кыйнабай бул жерден кетип кал! Үйүнө баргын да, айтчу сөздөрүңдү сени укканы келгендерге айт! - деп корс сүйлөйт.

Анда азирети Абдуллах бин Раваха:

-Тескерисинче, о, Алланын Элчиси! Сен да биз топтолгон жерлерге келип тур, биз сенин айткандарыңды жан дилибиз менен угабыз! - дейт.

Ошентип, мусулмандар, бутпарастар жана жөөттөр бирибири менен жаатташып сөз талаша башташат. Аз жерден жаңжал чыгып кете жаздайт. Азирети Пайгамбарыбыз болбогондо сөзсүз жаңжал чыгып кетмек. Себеби Алланын Элчиси аларды сабырдуулукка, тынчтыкка чакырып тынчтандырган эле. Жааттташуу токтойт. Алланын элчиси жолуна түшүп, азирети Саад бин Убадага барат. Ага болгон окуяны айтып берет. Азирети Саад:

-О, Алланын Элчиси! Аны кечир, жылуу кабыл ал! Сага Ыйык Китепти түшүргөн Алла Таалага ант берем! Алла Таала сени пайгамбар кылып жөнөткөндө бул аймактын эли аны (Абдуллах бин Убайды) хан көтөрүп алышкан. Алла Таала Сени акыйкат дин менен жиберген кезде анын «хан» - деген эле аты болбосо, хандыгы эч нерсеге жарабай калган соң кайгы-муңга батып, дүйнө ага кадимкидей тар болуп кеткен. Анын бул кыймыл-аракетине мына ошол ичинде катылып жаткан бугу себеп болду деп ойлойм - деп өз оюн билдирет.

Алланын Элчиси Абдуллах бин Убайдын орой мамилесин кечирет. Бул окуядан кийин төмөндөгү аят түшүрүлөт:

لَتُبْلَوُنَّ فِي أَمْوَالِكُمْ وَأَنفُسِكُمْ وَلَتَسْمَعُنَّ مِنَ الَّذِينَ أُوتُواْ الْكِتَابَ مِن قَبْلِكُمْ وَمِنَ
الَّذِينَ أَشْرَكُواْ أَذًى كَثِيراً وَإِن تَصْبِرُواْ وَتَتَّقُواْ فَإِنَّ ذَلِكَ مِنْ عَزْمِ الأُمُور

**«(Эй, момундар!) Албетте, силер мал-жаныңар менен сыналасыңар. Силерден мурунку өздөрүнө Китеп берилген (жөөттөрдөн) жана бутпарастардан көптөгөн акаарат сөздөрдү угасыңар. Эгер (алардын бул кылыктарына) сабыр кылып, Алла Тааладан корксоңор, анда бул эң жакшы иштерден болмок»** *(Аали Имран сүрөсү, 186-аят).*

Азирети Пайгамбарыбыз жана сахабалар согуш жөнүндөгү аят түшүрүлгөнгө чейин бутпарастарды, жөөттөрдү адамдын намысына тийген, маскаралаган сөздөрүнө сабыр кылып, (Алланын буйругун аткарып) кечирип жибере турган.[66]

## Согуш

**«Силерге согуш жарыялагандарга силер да согуш жарыялагыла!»**

Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ушул күнгө чейин бутпарастар менен согушууга уруксат берилген эмес эле. Ал алгач бутпарастарды Алла Тааланын бир, жалгыз экендигине чакырып, алардан көргөн зордук-зомбулуктарга, алардын орой мамилелерине чыдамкайлыгын көрсөтүп, мындай машаккаттарды сабырдуулук менен жеңип чыгууга милдеттендирилген эле. Меккелик бутпарастар Алланын Элчисине моюн сунгандарды жаны диндеринен кайтаруу үчүн бүт күчтөрүн жумшап, зордук- зомбулуктун түрүн ойлоп табышкан эле. Кээ бир жаңы гана мусулманчылыкты кабыл алган адамдар Ислам жөнүндө кеңири маалыматка ээ болбогондугу үчүн андагы акыйкаттын өзөгүн андап түшүнө албагандыктан, жүрөк толо ыйман тартуулаган баа жеткис ырахаттын даамын тата албагандыктан, бутпарастардын жан чыдагыс азаптарына чыдай албай, аргасыздан бутпарастыкка кайтышкан. Айрым мусулмандар Эфиопия-

66. Бухарий, Тафсир, 3/15.

га, кээ бири Мединага көчүп, туулуп өскөн алтын топурак ата-журттарынан айрылууга аргасыз болушкан.

Ошентип, бутпарастардын мусулмандардын тынчын алган иш-аракеттери күн өткөн сайын күчөп, Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сабырдуулук жолу менен да тынчтыкты орнотуусу мүмкүн болбой калат. Ошентсе да, Алланын Элчиси чыдамкайлыгын, сабырдуулугун көрсүтүп, Жаратканга баш калкалайт. Жаратkандын вахий-кабарын күтөт.

Акырында бутпарастар такыр чектен ашып, Алла Таала ыроолоп берген жакшылыктарды көтөрө албай, мусулмандарды кордоп, өз жерлеринен кууган кезде гана Алла Таала бакыттын түбөлүктүү соолугус булагы болгон Исламды, Мекке шаарын жана момун-мусулмандарды коргоо үчүн согушка уруксат берип, төмөнкү куттуу аяттарын түшүрөт:

أُذِنَ لِلَّذِينَ يُقَاتَلُونَ بِأَنَّهُمْ ظُلِمُوا وَإِنَّ اللَّهَ عَلَى نَصْرِهِمْ لَقَدِيرٌ

الَّذِينَ أُخْرِجُوا مِن دِيَارِهِمْ بِغَيْرِ حَقٍّ إِلَّا أَن يَقُولُوا رَبُّنَا اللَّهُ وَلَوْلَا دَفْعُ اللَّهِ النَّاسَ

بَعْضَهُم بِبَعْضٍ لَّهُدِّمَتْ صَوَامِعُ وَبِيَعٌ وَصَلَوَاتٌ وَمَسَاجِدُ يُذْكَرُ فِيهَا اسْمُ اللَّهِ

كَثِيراً وَلَيَنصُرَنَّ اللَّهُ مَن يَنصُرُهُ إِنَّ اللَّهَ لَقَوِيٌّ عَزِيزٌ

**«Чындыгында (каапырлар тараптан) чабуул жасалып зулумдукка учурагандар үчүн согушууга уруксат берилди. Албетте, Алла Таала аларга жардам берүүгө күчү толук жетет. Алар өз журттарынан «Биздин Жаратkан Эгебиз - (жападан жалгыз) Алла Таала» - дегендиги үчүн гана куулган пенделер. Эгер Алла Таала адамдардын айрымдарын башкалары аркылуу коргобосо монастырлар, чиркөөлөр, (жөөттөрдүн) синагогдору жана ичинде Алланын ысмы көп эскерилген мечиттер кыйратылмак. Албетте Алла Таала өзүнүн (ди-**

**нине) жардам бергендерди үстөм кылат. Шек-күмөнсүз, Алла – (чексиз) Кудуреттүү»** *(Хаж сүрөсү 39-40-аяттар).*

وَقَاتِلُواْ فِي سَبِيلِ اللهِ الَّذِينَ يُقَاتِلُونَكُمْ وَلاَ تَعْتَدُواْ إِنَّ اللهَ لاَ يُحِبِّ الْمُعْتَدِينَ

**«Силерге каршы согуш жарыялагандар менен Алланын жолунда согушкула! (Бирок) чектен чыкпагыла (б.а., мыкаачылык кылбагыла!)! Шек-күмөнсүз, Алла Таала чектен чыккандарды жакшы көрбөйт!»** *(Бакара сүрөсү, 190-аят).*

Алла Таала салгылашуунун себебин жана максатын төмөнкүчө билдирет:

وَقَاتِلُوهُمْ حَتَّى لاَ تَكُونَ فِتْنَةٌ وَيَكُونَ الدِّينُ كُلُّهُ لِلهِ

**«Алар менен эч бир ширк (Алладан башкага сыйынуу) калбай, дин Алла үчүн гана болгонго чейин согушкула!...»** *(Анфал сүрөсү, 39-аят).*

Ошентип шариятта Исламга жана мусулмандарга карата жасалган душмандык, орой мамиле, зулумдук, зордук-зомбулук өтө күчөп кеткендиктен согушка уруксат берилген. Коомдо тынчтыкты, бейпилдикти сактоо үчүн талап кылынган «беш зарылчылык» - делген беш дөөлөттү, тагырак айтканда, мал-мүлк, жан, өсүп келе жаткан муун, акыл-эс жана динди коопсуздукка алуу үчүн, душмандардын зыянынан коргонуу үчүн согуш парз өкүмүндөгү ишке айланган. Бул жерде Алла Таала тарабынан түшүрүлгөн жарлыктын максаты адал жолдон адашкандарга өз жазасын берүү, аларга эскертүү берүү жана элди Алланын адал жолуна чакырууга тоскоол болгон тоскоолдуктарды тазалоо эле.

Бүткүл ааламга ырайымдуулуктун соолугус булагы катары жөнөтүлгөн бүтүндөй Пайгамбарлардын Султаны атанган Ази-

рети Пайгамбарыбыздын салгылашууларга кадам таштоосу коомдо тынчтыкты, бейпилдикти жана ынтымактыкты орнотуу, ошондой эле тавхид ишенимин (т.а., Алла Тааланы кудурети жагынан болсун, улуулугу жагынан болсун, айтоор, ар тараптан тендешсиз, жападан жалгыз деп билүүгө үйрөткөн ишенимди) коргоо - деген ары бийик, ары улуу түшүнүк менен түшүндүрүлөт. Алланын Пайгамбары куттуу хадистеринин биринде:

*«Мен ырайым жана (бейпилдик үчүн) күрөшкөн пайгамбармын!» (Ахмед, IV, 396)* – деген.

Мына ошондуктан Алла Таала Пайгамбарыбызды жана мусулмадарды жихадка үндөп:

يَا أَيُّهَا النَّبِيُّ حَسْبُكَ اللهُ وَمَنِ اتَّبَعَكَ مِنَ الْمُؤْمِنِينَ

يَا أَيُّهَا النَّبِيُّ حَرِّضِ الْمُؤْمِنِينَ عَلَى الْقِتَالِ

**«Эй, Пайгамбар! Сага жана сени ээрчиген момундарга Алла Таала жетиштүү! (Душмандардан эч качан коркпо!) Эй, Пайгамбар! Момун-мусулмандарды казатка үндө!...»** *(Анфал сүрөсү, 64-65-аяттар).*

أَلاَ تُقَاتِلُونَ قَوْماً نَّكَثُواْ أَيْمَانَهُمْ وَهَمُّواْ بِإِخْرَاجِ الرَّسُولِ وَهُم بَدَؤُوكُمْ أَوَّلَ مَرَّةٍ

أَتَخْشَوْنَهُمْ فَاللهُ أَحَقُّ أَن تَخْشَوْهُ إِن كُنتُم مُّؤْمِنِينَ

قَاتِلُوهُمْ يُعَذِّبْهُمُ اللهُ بِأَيْدِيكُمْ وَيُخْزِهِمْ وَيَنصُرْكُمْ عَلَيْهِمْ وَيَشْفِ صُدُورَ قَوْمٍ

مُّؤْمِنِينَ وَيُذْهِبْ غَيْظَ قُلُوبِهِمْ

**«(Эй, момун-мусулмандар) анттарын бузган, пайгамбарды ата-журтунан кууп чыгарууга аракет кылган жана силерге биринчи болуп кол салган коом менен**

**эмне үчүн кармашпашыңар керек? Ошолордон коркосуңарбы? Эгер ыйман келтирген болсоңор, анда Алла Таала коркууга эң татыктуу Зат! Алар (бутпарастар) менен согушкула! Алла Таала аларды силердин колуңар менен азаптап, кордосун. Аларга каршы (Алла Таала) силерге жардам берет. Ошондой эле, ыйман келтирген коомдун көөдөнүн ачат. Алардын жүрөктөрүндөгү ачуусун таркатат. Алла Таала кимди кааласа, тообосун кабыл кылат. Алла Таала – Билүүчү, Даанышман!»** *(Тооба сүрөсү, 13-15-аяттар)* - деп буюрат.

Бу аяттар менен бирге казаттан качпоо керектиги жөнүндө да Алла Таала тарабынан эскертүүлөр келет:

كُتِبَ عَلَيْكُمُ الْقِتَالُ وَهُوَ كُرْهٌ لَّكُمْ وَعَسَى أَن تَكْرَهُواْ شَيْئاً وَهُوَ خَيْرٌ لَّكُمْ وَعَسَى أَن تُحِبُّواْ شَيْئاً وَهُوَ شَرٌّ لَّكُمْ وَاللّهُ يَعْلَمُ وَأَنتُمْ لاَ تَعْلَمُونَ

**«(Эй, момундар) Силерге жагымсыз болсо да, согуш парз болду. (Анткени) силер өзүңөр үчүн жаман (пайдасыз) - деп билген нерсеңер көпчүлүк мезгилде силер үчүн пайдалуу болуп калышы мүмкүн. Ошондой эле жакшы (пайдалуу) деп билген нерсеңер жаман болуп калышы да толук ыктымал. Алла Таала билет, ал эми силер болсо биле албайсыңар»** *(Бакара сүрөсү, 216-аят)*

مَا كَانَ لِأَهْلِ الْمَدِينَةِ وَمَنْ حَوْلَهُم مِّنَ الأَعْرَابِ أَن يَتَخَلَّفُواْ عَن رَّسُولِ اللّهِ وَلاَ يَرْغَبُواْ بِأَنفُسِهِمْ عَن نَّفْسِهِ

**«Мединалыктардын жана алардын айланасындагы көчмөн араптардын Алла Элчисинен артта калуусу, анын (Пайгамбарыбыздын) жанынан өз жандарын артык көрүүсү – аларга жарашпайт!...»** *(Тооба сүрөсү, 120-аят)*

قُلْ إِن كَانَ آبَاؤُكُمْ وَأَبْنَآؤُكُمْ وَإِخْوَانُكُمْ وَأَزْوَاجُكُمْ وَعَشِيرَتُكُمْ وَأَمْوَالٌ اقْتَرَفْتُمُوهَا وَتِجَارَةٌ تَخْشَوْنَ كَسَادَهَا وَمَسَاكِنُ تَرْضَوْنَهَا أَحَبَّ إِلَيْكُم مِّنَ اللّهِ وَرَسُولِهِ وَجِهَادٍ فِي سَبِيلِهِ فَتَرَبَّصُواْ حَتَّى يَأْتِيَ اللّهُ بِأَمْرِهِ وَاللّهُ لاَ يَهْدِي الْقَوْمَ الْفَاسِقِينَ

**«(Эй, Мухаммад): -Эгер ата-энеңер, балдарыңар, ага-ининер, жубайларыңар, тууган-уругуңар жана тапкан байлыгыңар, токтоп калуусунан корккон соодаңар, ошондой эле жакшы көргөн үй-жайларыңар силерге Алладан, Анын пайгамбарынан жана Анын жолунда казатка чыгуудан артыгыраак көрүнсө, анда Алла Тааланын Өз амирин (азабын) күткүлө! – деп айт. Алла Таала моюн сунбаган элди туура жолго салбайт!»** *(Тооба сүрөсү, 24-аят)*

Мына ушул Алла Тааланын буйруктарынан кийин азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жана Анын куттуу сүннөт жолу менен жашаган момун-мусулмандар бутпарастар менен салыгашууга кызуу даярдыктарын көрө башташат.

## Алла Таалынын жолунда жихад

Жихаддын жалпы мааниси – бул, «напсини теске салууга аракет кылуу, Алла Тааланын буйрук-жарлыктарын аткаруу, арам иштерден алыс болуу[67], мусулмандарга акыл-насаат айтуу, мусулман эмес адамга Исламды далилдери менен түшүндүрүп берүү[68], ошондой эле өз динин, ар-намысын сактоо, өз жанын, мал-мүлкүн, өз мекенин, жерин, элин коргоо, Ислам ди-

67. Насаи, Хаж, 4.
68. Ахмад, III, 456.

нин жайылтуу жана бул жолдо тоскоол боло турган ар кандай тоскоолдуктардан өтүү үчүн өз жаны менен болобу, мал-мүлкү менен болобу, же тили менен болобу айтоор, бүт күчү менен аракет кылуу, күрөшүү» - деген ары аруу, ары бийик максаттарды камтыган маанини туюнтат.[69]

Демек, жихад – бул, напсини теске салып, Жараткан Алланын ыраазылыгы үчүн, «илайи калиматуллах», башкача айтканда, Алла Тааланын дини Исламды даңазалоо, жайылтуу үчүн бүт өмүр-жашоону Исламдын негиздери менен сүрдүрүү максатында аракет кылуу, күрөшүү - дегенди түшүндүрөт. Алла Элчисинин жыйырма үч жылдык пайгамбарлык өмүр кенчи да мына ошол ыйык жолдо өткөн.

Алла Таала  чексиз Ырайымдуу болгондуктан, биз адамдарга түбөлүк бакыттын даамын таттыруу - деген аруу максатта жаныбызды, мал-мүлкүбүздү бизге сыноо катары берип, бул нерселер менен өзүнүн адал жолунда жихад кылуубуз үчүн бир топ аяттары аркылуу эскертүү берген:

لَـــكِنِ الرَّسُولُ وَالَّذِينَ آمَنُواْ مَعَهُ جَاهَدُواْ بِأَمْوَالِهِمْ وَأَنفُسِهِمْ وَأُوْلَـــئِكَ لَهُمُ الْخَيْرَاتُ وَأُوْلَـــئِكَ هُمُ الْمُفْلِحُونَ

**«Пайгамбар жана аны менен бирге болуп, ыйман келтиргендер мал-жандары менен күрөштү. Бардык жакшылыктар дал ошолор үчүн. (Тозок отунан) кутулгандар да дал ошолор!»** *(Тооба сүрөсү, 88).*

69. Бул жагдайга байланыштуу аяттар: Ниса, 95; Анфал сүрөсү, 72; Тооба сүрөсү, 20, 41, 44, 81, 88; хадистер: Бухарий, Мазалим, 33; Муслим, Иман, 226; Абу Давуд, Сүннөт, 28-29.

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا هَلْ أَدُلُّكُمْ عَلَى تِجَارَةٍ تُنجِيكُم مِّنْ عَذَابٍ أَلِيمٍ تُؤْمِنُونَ بِاللهِ وَرَسُولِهِ وَتُجَاهِدُونَ فِي سَبِيلِ اللهِ بِأَمْوَالِكُمْ وَأَنفُسِكُمْ ذَلِكُمْ خَيْرٌ لَّكُمْ إِن كُنتُمْ تَعْلَمُونَ

**«Эй, ыймандуулар! Силерге өзүңөрдү катуу азаптан куткара турган соодалашууну көргөзөйүнбү? Аллага, Анын элчисине ишенгиле, Алланын жолунда байлыгыңар менен жана өз жаныңар менен күрөшкүлө! Эгер билсеңер, мына ушунун өзү силер үчүн алда канча жакшы (пайдалуу)»** *(Сафф сүрөсү, 10-11-аяттар).*

Күндөрдүн биринде кутман сахабалар азирети Пайгамбарыбызга:

-О, Алланын Элчиси! Эң жакшы адам ким? - деп сурашат.

Анда Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*-Жаны, мал-мүлкү менен Алла Тааланын жолунда жихад кылган момун-мусулман адам!* - деп жооп берет *(Бухарий, Жихад, 2; Муслим, Имарат, 122).*

Алла Тааланын аяттарында, куттуу хадистерде айтылган мал-мүлк жана жан менен жихад кылуудагы максат дароо колго курал-жарак алып согуш майданына чыгуу -дегенди түшүндүрбөйт. Анткени курал-жарак – бул кайсыдыр бир коомдо элдин укуктары тепселип, адилетсиздик күч алып, зулумдук баш көтөрүп калган кезде аны жоюу максатында колдонулган акыркы айла. Чыныгы чоң күрөш – бул, ички дүйнө менен күрөшүү, аны тазалоо. Ички жан дүйнө менен алпурушуу алгач оозеки жана жазуу түрүндө башталып, кийин дагы башка жолдор аркылуу жүзөгө ашат.

Мекке доорунда жихад жөнүндөгү аяттар Медина дооруна

салыштырмалуу алда канча көп түшүрүлгөн. Бирок Мекке доорунда мусулмандардын коопсуздук күчү өтө төмөн болгон. Алар бул учурда болгону түркөй арап бутпарастарынын зордук-зомбулуктарына дуушар болуп, Исламдын туусун колдон түшүрбөй, адамгерчиликтүүлүктүн, адилеттүүлүктүн үлгүсүн көрсөтүшкөн. Мына ошондуктан Ыйык Куранда алардын мындай талыкпас аракеттерин «чоң жихад» - деп алкоо менен эскерилген:

فَلَا تُطِعِ الْكَافِرِينَ وَجَاهِدْهُم بِهِ جِهَاداً كَبِيراً

**«Сен каапырларга моюн сунбагын жана (Алланын) жардамы менен аларга каршы чоң күрөштүн үлгүсүн көрсөт!»** *(Фуркан сүрөсү, 52-аят).*

Бул аяттагы «жихаадан кабироо» (б.а., чоң күрөш) - деген сөз – бул Исламдын үстөмдүгү, тагыраак айтканда, бүткүл адамзатына туура жолду көрсөтүү үчүн колдо бар мүмкүнчүлүктүн баарын жумшоо жана Алла Тааланын динин даңазалоо үчүн турган турпатыбыз, жүрүм-турумубуз, сүйлөгөн сөзүбүз менен динди жайылтуу - дегенди түшүндүрөт. Чынында Ислам динин сүйлөгөн сөзүбүз, жүрүм-турумубуз менен жайылтып жихад кылуу душманга каршы колго курал көтөрүп күрөшүүдөн жогору турат. Ошон үчүн азирети Пайгамбарыбыз жихадды алгачкы жылдары Куран аркылуу жүзөгө ашырган.

Ыйык Куранда адам баласын туура жолго чакыруу маселеси жалпысынан «Алланын жолунда жихад кылуу» - деген сөз менен берилген. Бул аяттардын саналуу гана аяттарында согуш жөнүндө сөз козголгон. Бул аяттарда согушка баруунун өзүнө тиешелүү өзүнүн себептери, эрежелери жана шарттары жөнүндө айтылган. Ошондуктан шариятта согушка айласыздан, зарылчылыктан улам гана уруксат берилген.

Азирети Пайгамбарыбыз өзү баш болуп катышкан казаттар

негизинен кол салуу эмес, коргонуу иретинде болгон. Маселен, Бадр, Ухуд, Хандак казаттарын буга далил катары көрсөтсөк болот. Мута жана Табук сапарлары болсо, белгилүү кыска убакыттын ичинде боло турганы дайын, анык кол салуунун алдын алуу үчүн коргонуу жүрүшү болгон. Ал эми Мекке шаарына болгон жүрүштүн максаты - мусулмандардын таланып-тонолгон мал-мүлк, короо-жайларын кайтаруу, Меккелик кыянатчыл бутпарастар менен болгон келишимди жоюу. Башкача айтканда, ырайымдуулуктун Пайгамбары болгон азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Пайгамбарыбыз катышкан бардык казаттардын түпкүрүндө учу-кыйыры көзгө илешпеген океан сыяктуу мээрим катылып жаткан. Мына ошондуктан бул жүрүштөрдүн бардыгы бүткүл адамзаты үчүн ырайым, бейпилдик, тынчтык жана бакубат турмуш алып келген. Исламдагы жихаддын түпкү максаты элди кырып-жоюу[70], тоноо, олжого ээ болуу, жер бетине баш аламандык алып келүү, жеке кызыкчылыкка же-

70. Бүткүл ааламга ырайымдуулуктун пайгамбары катары жөнөтүлгөн Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) 29 казат жана 91 жүрүштө (сариййада) өзү мээримдүүлүктүн теңдешсиз үлгүсүн көрсөтүп баш көз болгон. Ал бүтүндөй Арап жарым аралын өзүнө багынтса да, согуштарда өзүнүн ыкмасы менен кандын көп төгүлүшүнө жол берген эмес. Алла Элчисинин 11 жылдын ичинде ар кандай себептер менен болгон 120 аскердик жүрүштө (ишенимдүү булак боюнча) болжол менен 340 ардактуу сахаба шейит кеткен. Ал эми душмандардан болжол менен 800 киши өлгөн. Ошентип, чоң-кичинеси менен 120 жүрүштө эки тараптан болжолдуу түрдө 1200 киши каза тапкан. Азирети Пайгамбарыбыз өзү катышкан казаттарды эске алсак, бул жыйырма тогуз казаттын он алтысында эки тараптын ортосунда эч кандай кагылышуу болбостон көздөлгөн максаты орундалган. Ал эми калган он үч казатта кагылышуу болуп, анда мусулмандардан божомолдуу түрдө 140 сахаба шейит кетип, душмандардан болсо 335 адам каза болгон.

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) бир топ жерде кагылышууга жол бербестен, өзүнүн кыраакылыгы, акылмандыгы менен кадам таштап жеңишке жеткен. Ошону менен бирге бир топ жердин эли ыйманга келип, адал жолго түшкөнү үчүн аларды Исламдын кучагына алган. Кээде ортодогу байланышты жакшыртып келишим түзүү менен душмандарды согушуудан кайтарууга жетишип, бир топ адамдын сообуна калып жанын сактай алган. Салгылашуунун оң жагына чекит койулушу үчүн, аскер башчыларын негизинен душман аймактан келген же душман уруусуна таандык адамдын болушун эске алып, атайын ошолорду тандай турган. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) жоокерлерине сөзгө бекем турууларын, мыкаачылыкка эч качан кадам таштабоолорун, душман жоокердин жанын кыйнабай өлтүрүүлөрүн, жоокер душмандан башка адамды өлтүрбөөлөрүн, ошондой эле кулдарга, жаш балдарга, аял кишилерге, картандарга жана монастырларга баш калкалаган монахтарга кол тийгизбөөлөрүн, үй-жайларына, бак-дарактарына, курма бактарына зыян алып келбөөлөрүн айтып эскертүү берип турган. (Elşad Mahmudov, Sebep ve sonuç itibariyle Hazreti Peygamberin Savaşları, 2005, M. .S.B.E Basılmamış Doktora Tezi).

түү же болбосо өч алуу эмес, тескерисинче, зулумдукка, адилетсиздикке чекит коюу, адам укуктарын коргоо, адам баласын адал жолго жылоолоо болуп эсептелген.

Алланын Элчиси катышкан согуштарды жалпысынан алып караганыбызда, коргонуу, Исламды даназалоо, жайылтуу - деген гана аруу максатта жүзөгө ашканын ачык-айкын байкоого болот. Бүгүнкү күндө Исламга кара чүмбөт кийгизүүнү каалаган айрым бир караөзгөйлөрдүн «Мухаммад өз кызыкчылыгы үчүн, күнөөсүз элди кырып жоюу үчүн, көп жерге ээ болуу үчүн, элди кылычтын мизи менен өзүнө баш ийдирүү үчүн күрөшкөн» - деген жалган жалаалары ар бир мусулман баласы үчүн өтө оор. Бул алардын Исламга болгон кас-душмандыгын айдан ачык далилдейт. Исламда согуш тепсендиде калган адам укугун коргоо, түбөлүк бакытка себеп болуу жана бейпилдикти, бакубат турмушту орнотуу - деген өтө бийик максаттарды гана көздөйт. Бул жагдай тууралуу Куран аяттарынын биринде:

مَن قَتَلَ نَفْساً بِغَيْرِ نَفْسٍ أَوْ فَسَادٍ فِي الأَرْضِ فَكَأَنَّمَا قَتَلَ النَّاسَ جَمِيعاً وَمَنْ أَحْيَاهَا فَكَأَنَّمَا أَحْيَا النَّاسَ جَمِيعاً

**«...Ким эч кандай себеп жок туруп адам өлтүрсө, же жер жүзүнө бузукулук таратса, анда ал бардык адамдарды өлтүргөнгө тете. Ал эми кимде-ким адам өмүрүн сактаса, ал бардык адамдардын өмүрүн сактап калганга тете...»** *(Маида сүрөсү, 32-аят)* - деп айтылат.

Мына ушундай эрежелердин негизинде момун-мусулмандардын байлыгы, жаны менен көрсөтө турган ар түрдүү аракеттери, эмгектери Жараткан Алла Тааланын ыраазылыгына, бейишине эгедер болууга бирден-бир себепкер болмокчу. Ырас, бул жаатта да чын ыклас өтө зор мааниге ээ. Азирети Абдуллах бин Амрдын *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-О, Алланын Элчиси! Мага жихад тууралуу айтып бер - деген суроосуна Пайгамбарыбыз мындай деп жооп берген:

-Эй, Абдуллах! Эгерде сен Жараткандын ыраазылыгын үмүт кылып, кыйынчылыктарга карабастан жан дилиң менен салгылашсаң, Алла Таала сени кыямат күнү ошол бойдон тирилтет. А эгер эл көрсүн үчүн мактанып салгылашсаң, анда Алла Таала сени кыяматта ошол абалында тирилтет» *(Абу Давуд, Жихад, 24/2519).*

Бир күнү Азирети Пайгамабарыбызга бир бедуин келип:

-Кадыр-баркка ээ болуу үчүн, мактануу, олжого ээ болуу же эл көрсүн үчүн салгылашкан адам жөнүндө эмне дейсиң? - деп сурайт.

Дагы бирөө:

-О, Алланын Элчиси! Алланын жолунда салгылашуу дегенди кандай түшүнөбүз? Карап турсаң, кээ бири аябай катуу ачууланып, айрымдары ичиндеги бугун чыгарып, өчүн алуу үчүн согушуп жаткандай - дейт.

Анда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Ким Жараткан Алланын дини эң улук, эң бийик болсун - деп салгылашса, мына ошонун жихады Алланын жолундагы чыныгы жихад болуп эсептелет!» (Бухарий, Илим, 45; Муслим, Имара, 149-150).*

Башка дагы бир адамдын:

-О, Алланын Элчиси! Кайсыдыр бир адам бир мезгилде Алланын жолунда салгылашууну да, дүйнө мал-мүлкүнөн пайдаланууну да каалаcа, буга кандай дейсиз? - деген суроосуна азирети Пайгамбарыбыз:

-Ал эч кандай сыйлыкка эгедер боло албайт! -дейт.

Бул жооп сахабаларга абдан оор келет. (Анткени мындай

даражадагы чын ыкласка ээ болуу өтө оор эле.) Сахабалар суроо салган адамга:

-Сен суроонду Пайгамбарыбызга кайра бер! Жообун так, даана түшүнө албадың - дешет. (Себеби сахабалар жеңил жооп күтүп жатышкан.) Тиги адам сахабалардын өтүнүчүн орундатып суроосун үч ирет кайталайт. Пайгамбарыбыз үчөөнө тең:

-Анын сообу болбойт! - деп жооп кайтарган экен *(Абу Давуд, Жихад, 24/2516).*

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Алла Тааланын жолунда жихад кылуунун маанилүүлүгү жөнүндө көптөгөн куттуу хадистерин айтып кеткен. Алсак:

*«Бир күн, бир түн күзөттө туруу - күндүзү орозо кармап, түнкүсүн ибадат кылуу менен өткөрүлгөн бир айдан алда канча жогору турат. Эгерде кимде-ким ошол күзөттө турган кезде көз жумса, өтөп жаткан кызматынын сообу кыямат күнүнө чейин токтобойт. Шейит кеткендиги үчүн шейиттиктин ырыскысы улана берет. Ал үчүн көрдөгү сурак сураган периштелерден эч кандай коркунуч болбойт» (Муслим, Имара, 163).*

*«Алланын жолунда бир күн күзөткө туруу – бу дүйнөдөн жана жер бетиндеги бүт нерседен артык. Силердин камчыңардын (курал-жарагыңардын) бейиштеги ээлеген орду жер жүзүндөгү бүт нерседен кымбат. Пенденин Алланын жолунда кечинде же таң заарынан (ары-бери) басышы дагы дүйнөдөгү бүт нерседен жогору турат» (Бухарий, Жихад, 6, 73, Рикак, 2; Муслим, Имара, 113-114).*

*«Алла Таала Өзүнүн жолунда жихадка чыккан адамга: «Анын (жихадка) чыгышына бир гана менин жолумда жихад, мага ыйман келтирүү, менин элчилеримди тастыктоо түрткү болду» - деп кепил болот. Эгерде ал адам шейит кетсе, Жараткан Алла аны бейишке чыгарууга, ал эми (шейиттиктин шербетинен даам татпай калган) эр жүрөк баатыр болсо, чоң соопко*

*жана дүйнөлүк олжого эгедер болуп үйүнө кайтуусуна кепилдик берет. Мухаммаддын жанын чексиз кудуретинде кармап турган Аллага ант берем! Алланын жолунда канаган жара кыямат күнү дал ошол абалда болот. Анын өңү кызыл, бирок жыты миск (атыр) сыяктуу аңкыйт!» (Муслим, Имара, 103; Насаи, Иман, 24).*

*«Бейишке кирген адам (эч качан) бул дүйнөгө кайткысы келбейт. Себеби жер жүзүндөгү бүт нерсе (ашыкчасы менен) ал жерде да болот. Ал эми шейит кеткен адам ошол (Алла Тааланын) сыйына, ырайымына бөлөнгөндүктөн, бул дүйнөгө он жолу келип, он жолу тең шейит болуп кайтууну энсейт!» (Бухарий, Жихад, 21; Муслим, Имара, 108-109).*

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Алланын жолунда жихад кылуунун максаты жөнүндө:

*«Мага Алладан башка кудайдын жоктугуна, Мухаммад Алланын Элчиси экендигине күбөгө өткөнгө, намазды окуп, зекетти бергенге чейин адамдар менен күрөшүү буйрулду…» (Абу Давуд, Иман, 17)* - дейт.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* душмандарга түнүчүндө эч качан кол салган эмес. Ал таңды күтөр эле. Эгер азандын үнүн укса, согушка чекит коер эле. Ислам жоокерлерине:

*«Барган жеринерден мечит көрсөнөр же азанчынын үнүн уксаңар, ал жерден эч кимге кол көтөрбөгүлө!»* - деп акыл-насаатын айтаар эле *(Давуд, Жихад, 91/2635; Ахмад, 448-449).*

Азирети Муслим бин Харис *(Алла ага ыраазы болсун!)* төмөндөгү окуяны айтып калтырган:

«Алланын Элчиси бизди бир кошуунга кошуп жиберген эле. Кол сала турган жерге келгенде мен атым менен жанымдагы досторумдан алдыга чыктым. Ары-бери качып, чаңырып жүргөн аялдарды жана балдарды көрдүм. Аларга:

-Жаныңарды сактап калгыңар келеби? - деп сурадым. Алар: - Ооба -дешти.

-Андай болсо «Лаа илааха иллаллах Мухаммадун Расуулуллах» - деп айткыла - дедим. Алар да менин айтканымды айтышты. Кошуундагы айрым жоокерлер:

-Сен бизге олжону арам кылдың - деп менин бул аракетимди сынга алышты. Жүрүштөн кайтып келген соң алар Алла Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* баарын төкпөй-чачпай толук айтып беришти. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мени жанына чакырып:

*-Албетте, Алла Таала сага ошол жердеги ар бир (мусулман болгон) адам үчүн (колун жаңсап) ушунчалыктан сооп жазды –* деди» *(Абу Давуд, Адаб, 100-101/5080).*

Азирети Бурайда *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* кайсыдыр бир кошуунду жихадка жөнөтүп жаткан кезде аскер башчыга Алладан коркушун, жанындагы мусулмандарга жылуу мамиле жасашы керектигин айткан соң сөзүн минтип улай турган:

*«Алланын ысымы менен Алланын жолунда салгылашкыла! Олжо катары келген мал-мүлккө кыянаттык кылбагыла! Зулумдук кылбагыла! Бирөөнүн кулак-мурдун кескилебегиле! Балдарга тийбегиле! Бутпарас душмандарыңар менен бетме-бет келген кезде аларды ушул үч нерседен бирөөсүнө чакыргыла:*

*1. Исламга чакыргыла! Эгер кабыл алышса, алар менен согушпагыла!*

*2. Эгер мусулман болушпаса, жизия (салык ) төлөрүн айткыла! Муну кабыл алышса, аларга кылыч көтөрбөгүлө!*

*3. Эгер жизияны берүүдөн дагы баш тартышса, Алладан жардам тилеп, алар менен согушкула!...»* *(Муслим, Жихад, 3; Тирмизи, Сияр, 48/1617; Ахмед, V, 352, 358).*

## Жүрүштөр

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Мединадагы мусулмандардын тынчын алган, умра (кичи ажылык) кылууга тоскоол болгон жана эки жүздүүлөрдү мусулмандарга каршы көкүткөн Меккелик бутпарастардын Сирияга барган соода кербендеринин жолун тороп,[71] аларды соода жана экономикалык жактан алсыратуу жолу менен мусулмандарга тоскоол болууларына бөгөт коюуну көздөдү.[72] Алланын Элчиси *(алейхис-солаату вас-салаам)* ушул максат менен хижраттын жетинчи айында (Рамазан айында) азирети Хамзаны *(Алла ага ыраазы болсун!)* кол башчы катары дайындап 30 мухажирди Сифуль-Бахра[73] тарапты көздөй жөнөттү *(Ражаб, 8/ Касым-Аралык, 629).*

300 жоокердин карамагында Дамасктан Меккеге кайтып келаткан соода кербени Сифуль-Бахрада тыным жасаган эле. Араларында Абу Жахил да бар эле. Эки кол кагылышар маалда эки жак менен тең ымаласы жакшы Мажди бин Амр ортого түшүп, арачылап согушка чекит койду. Алланын Элчиси Маждиге

71. Алланын Элчиси алгачкы күндөрү Курайш бутпарастарынын душмандыктарын токтотуу үчүн аларга карата экономикалык жана саясий жактан бөгөт койгон эле. Мына ушул негизде ар кайсы уруулар менен дипломатиялык байланыштарды түзүп, ар кандай тынчтык келишимдерди түзүүгө жетишкен эле. Мекке шаарындагы соада-сатыктын тизгинин колдорунда кармап турган бутпарас Курайш уруусунун кербендерин көзөмөлдөө үчүн бир канча казат жана жүрүштөрдү жүзөгө ашырган эле. Ислам аалымдарынан Мухаммад Хамидуллах бул жөнүндө өз оюн мындай билдирет:

«Курайш бутпарастарына таандык кербендерге жасалган кол салуулардын өзүнө тиешелүү жүйөөлүү себептери бар эле. Анткени ал бутпарастар кой оозунан чөп албаган күнөөсүз адамдар эмес эле. Ошондуктан бул жүрүштөрдү талап-тоноочулуктан такыр алыс деп эсептейм.

Бул жерде эске ала турган дагы бир жагдай, бул жүрүштөрдө мусулмандар болгону Меккелик бутпарастарга таандык кербендерге гана кол салышкан. Мусулмандар башкалардын кербендерине кол салган эмес. (Хамидуллах, Ислам Пейгамбери, I, 219; Хз. Пейгамберин Савашлары, 56)

72. Бухарий, Магази, 2; Абу Давуд, Хараж, 22-23/ 3004

73. Сифуль-Бахра - «Ыйс»-деген жерде жашаган Жухайна уруусунун жери. Бул жер деңиздин жээгинде жайгашкандыктан ушинтип аталып калган.

ыраазы болуп, аны алкоого алат. Маждинин элчилерине кийимкечек тартуулайт[74].

Азирети Пайгамбарыбыз улуу көчтүн сегизинчи айы шавваль айында азирети Убайда бин Харисти «Рабиг»[75] - деген жерге жиберет. Анын кол алдында 60-80 мухажир бар эле.

Ал эми Меккелик бутпарастардын башында турган Абу Суфяндын карамагында 200 адам бар эле. Бул жүрүштө да салгылашуу болгон жок. Бирок ортолорунда кичине жаңжал чыгат. Андан соң жебе атышуу көргөзмөсү болот. Кутман сахабалардан азирети Саад бин Аби Ваккас ал күнү алгачкы жебени кое берип, Ислам тарыхында жебени эң биринчи жолу тарткан адам катары жазылып калат. Бутпарастар негедир мусулмандарга жардамчы күч келерин ойлоп, коркуп ал жерден алыстап кетишет.

Эбак эле мусулман болсо да, ушул күнгө чейин Алланын Элчисине келүүгө чамасы жетпей жүргөн азирети Микдад бин Амр менен азирети Утба бин Газван көксөгөн максаттарын жүзөгө ашыруу үчүн бутпарастарга кошулуп жолго чыгышкан эле. Ошентип алар эки кол бетме-бет келген жерде мусулмандардын катарына кошулуп, бутпарастардан кутулушат.[76]

Алланын Элчиси хижраттын тогузунчу айы - Зилкаада айында азирети Саад бин Абу Ваккасты 8-20 киши менен Харраргa[77] жөнөтөт (Зилкаада, 1/Май, 623).

Саад мындай дейт:

«Алланын Элчиси мага:

74. Вакиди, I, 9-10; Ибн Саад, II, 6.

75. Рабиг - Ажылар Меккеге бараткан жолдо «Абва» жана «Жухфа» аймагынын ортосунда жайгашкан жер. Жухфадан 3 миль алыс жайгашкан.

76. Ибн Хишам, II, 224-225; Вакиди, I, 10; Ибн Саад, II, 7

77. Харрар: Хижаз аймагында Жухфага жакын суунун аты. Бул суу Жухфадан Меккеге келе жатканда Махажжанын сол тарабында жайгашкан Гадири Хумдун жанынан өтөт.

-Эй, Саад! Хррарга бар! Анткени Курайш уруусунун кербени ошол жерден өтөт! - деди.

Күндүзүн жашынып түнкүсүн жол жүрүп, жол арбыттык. Бешинчи күн дегенде таңга маал Харрарга жеттик. Кербен бир күн мурун өтүп кеткен экен. Алланын Элчиси Харрардын ары жагына өтпөшүмдү айткан эле. Эгер уруксат берининде балким, аларды кууп жетмекмин».

Ошентип, булар да эч кандай душмандар менен кагылышпастан Мединага кайтып келишет.[78]

Улуу көчтүн он биринчи айынын башында Сафар айында Алланын Элчиси өзү Абва (Ваддан)[79] казатына аттанат *(Сафар, 2/ Август, 623).* Бул Алла Элчисинин алгачкы сапары эле. Ордуна ансарлардан азирети Саад бин Убаданы Мединага өкүл кылып калтырат.

Мында да бутпарастар менен кездеше алышпайт. Жүрүш учурунда «Кинана» - деген чоң уруудан Дамра уруусу менен тынчтык келишими түзүлөт. Алланын Элчиси бул келишимди жазуу түрүндө бекитет. Бул келишимде мусулмандар менен Дамра уруусунун ортосунда салгылашуу, мусулмандарга каршы иш аракет жүргүзүү, душмандарга жардам берүү жүзөгө ашырылбайт – деген мазмундагы шарттар жазылат. Абва жүрүшү 15 күнгө созулат.[80]

Алланын Элчиси ар дайым тынчтыкты гана көздөп, элге дайыма боорукер сезим менен жылуу мамиле жасаган.

---

78. Ибн Хишам, II, 238; Вакиди, I, 11; Ибн Саад, II, 7

79. Абва: Фуру менен Жухфанын ортосунда жайгашкан айылдын аты. Мединага 23 миль алыс жайгашкан. Азирети Пайгамбарыбыздын энеси Азирети Аминанын көрүстөнү ушул жерде. Ваддан болсо Медина менен Меккенын ортосунда Абвадан 8 миль алыс болуп, Дамра, Гыфар жана Кинаналыктарга караштуу жер.

80. Ибн Хишам, II, 223-224; Вакиди, I, 12; Ибн Саад, II, 8.

# ХИЖРАТТЫН ЭКИНЧИ ЖЫЛЫ

## Казаттар

Хижраттын[81] он үчүнчү айынын башында (Рабиуль авваль айы) Буват[82] казаты болот. Курайш уруусу бул казатка жүз адамдан турган аскери жана эки миң беш жүз төө кербени менен келген эле. (Рабиуль-авваль, 2-жылӨ Сентябрь, 623-жыл) Ал эми Мединага ансарлардан азирети Саад бин Муазды *(Алла ага ыраазы болсун!)* ордуна өкүл кылып дайындап кеткен Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* эки жүз мусулман менен жолго чыгат. Бул казат да кагылышуу болбостон тынч аяктайт.[83]

Ошол эле айда Мединага үч чакырым алыс жерде жайгашкан Акик аймагындагы Жамма тоосунда жайылып жүргөн төөүйларды уурдап айдап бараткан Курз бин Жабирди кармоо үчүн бир кол жөнөтүлөт. Бул - Сафаван[84] же Бадруль- уулаа - алгачкы Бадр жүрүшү - деп да аталат *(Рабиуль-авваль, 2/ Эйлуль, 623).* Буга Алланын Элчиси өзү да чыгат. Ордуна азирети Зайд бин Харисаны *(Алла ага ыраазы болсун!)* дайындайт. Пайгамбары-

81. 622-жылы мусулмандардын Меккеден Мединага журт которушу Ислам тарыхында «ал-хижрат» - деп айтылат. Мына ушундан баштап биз мусулмандардын жыл санагы башталат.

82. Буват - Жухайналыктарга таандык тоонун аты. Бул тоо Медина шаарынан 36 миль алыс жайгашкан.

83. Вакиди, I, 12; Ибн Саад, II, 8-9

84. Сафаван - Бадр аймагындагы бир жердин аты.

быз Сафаванга барганда Курз эбак качып кеткен болот. Ошентип артка кайтат. Курз кийин Исламды кабыл алып, өмүрүн калганын Исламга арнап, Алланын жолунда бүт күчү менен кызматынөтөйт.[85]

Хижраттын он алтынчы айында «Зуль-Ушайра» - деген дагы бир казат болот *(Жамазияль-ахир, 2/Касым, 623).* Бул казатта Мудлиж уруусу менен тынчтык келишими түзүлөт.[86]

## Батны Нахла сапары

Бул учурда «Батн-ы Нахла» жергесиндеги ал-абалды көзөмөлдөө үчүн жөнөтүлгөн азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* эжесинин (атасынын кыз бир тууганы) уулу Абдуллах бин Жахш *(Алла ага ыраазы болсун!)* жетектеген топ Меккелик бутпарастарга таандык кербенди колго түшүрөт. Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, ар качан Мединага жүрүш жасоону эңсеп, шылтоо таппай жүргөн Меккелик бутпарастардын чырагына май тамат.

Азирети Пайгамбарыбызга жана мусулмандарга каршы ызычуу чыгарган бутпарастар Батны Нахла окуясы харам (ыйык) айлардан Ражаб айына туш келгендиги үчүн:

-Мухаммад харам айды адал кылып кан төктү. Биздин адамдарды туткунга түшүрүп, мал-мүлктөрүбүздү талап-тоноп алды - дешет.

Чынында Алланын Элчиси буга буйрук берген эмес эле. Окуяны Абдуллахтан угуп:

*-Мен силерге харам айларда салгылашкыла деп буйрук берген эмесмин!* - деп олжого кол тийгизбейт. Батны Нахлага

85. Ибн Хишам, II, 238; Ибн Саад, II, 9; Ибн Асир, Усдул-Гааба, IV, 468.
86. Ибн Саад, II, 9-10

баргандар бушайман болуп, катуу өкүнүп Жараткандын каарын ойлоп абдан коркушат. Ошентип, бутпарастар бул окуяны көбүртүп-жабыртып, бүт күчүн жумшап мусулмандарга каршы ооз көптүрүшөт. Ошол маалда Алла Таала тарабынан төмөнкү аят түшүрүлөт:

يَسْأَلُونَكَ عَنِ الشَّهْرِ الْحَرَامِ قِتَالٍ فِيهِ قُلْ قِتَالٌ فِيهِ كَبِيرٌ وَصَدٌّ عَن سَبِيلِ اللّهِ
وَكُفْرٌ بِهِ وَالْمَسْجِدِ الْحَرَامِ وَإِخْرَاجُ أَهْلِهِ مِنْهُ أَكْبَرُ عِندَ اللّهِ وَالْفِتْنَةُ أَكْبَرُ مِنَ
الْقَتْلِ وَلاَ يَزَالُونَ يُقَاتِلُونَكُمْ حَتَّىَ يَرُدُّوكُمْ عَن دِينِكُمْ إِنِ اسْتَطَاعُواْ

**«Алар сенден «шахри харам» (ыйык) ай жана андагы согуш жөнүндө сурашат. Айткын: - Ал айда салгылашуу - чоң күнөө. Бирок Алланын жолунан тосуу, Ага ишенбөө жана Каабага жолотпоо, анын жашоочуларын ал жерден кууп чыгаруу – Алланын алдында (андан да) чоңураак күнөө. Анткени бузукулук – бул, адам өлтүрүүдөн алда канча чоң күнөө. Алар (каапырлар) колдорунан келсе силерди дининерден кайтарганга чейин силер менен согуша берет. Силерден ким өз дининен кайтып, динсиз абалда көз жумса, андай адамдардын кылган жакшы иштери бул дүйнөдө да, акыретте да текке кетет. Алар тозоку болот. Алар ал жерде түбөлүк болушат»** *(Бакара сүрөсү, 217-аят)*

Бул аяттын түшүүсү менен Батны Нахла жоокерлери эс алып, көңүлдөрү жай таап калат. Алар Пайгамбарыбызга:

-О, Алланын Элчиси! Алланын жолунда жихад кылгандардын сообу бизге дагы берилеби? - деп сурашат. Бул учурда төмөндөгү аят түшөт:

إِنَّ الَّذِينَ آمَنُواْ وَالَّذِينَ هَاجَرُواْ وَجَاهَدُواْ فِي سَبِيلِ اللّهِ أُوْلَـئِكَ يَرْجُونَ رَحْمَتَ اللّهِ وَاللّهُ غَفُورٌ رَّحِيمٌ

**«Чындыгында ыйман келтиргендер, хижрат кылгандар (Меккеден Мединага көчүп келгендер), Алланын жолунда күрөшкөндөр Алланын ырайымын үмүт кылышат. Алла Таала - Кечиримдүү, Боорукер»** *(Бакара сүрөсү, 218-аят)*

Алла Тааланын бул ыйык аяттары мусулмадарга кайрат берип, күчүнө күч, демине дем кошот. А бутпарастар бу аяттарды уккан сайын мусулмандарга каршы душмандыгы күчөйт. Бутпарастар мусулмандарга башынан эле катуу душман болушкан. Анткени мусулмандар күн өткөн сайын көбөйүп, Ислам мамлекети түптөлүп, күч-кубатка толуп баралына жетип бараткан. Ошол учурларда Алланын Элчиси атайын Мединадагы мусулмандардын санын билүү үчүн аларды санап көргөн эле. Анда ыйман келтирген эркек кишилердин саны миң беш жүз адам болуп чыккан эле.[87] Бул сан күн сайын көбөйүп, мусулмандар күч алып бараткандыктан бутпарастар кооптонуп кандайдыр бир коркуу сезими жүрөктөрүн чырмагансыйт. Мусулмандар Медина жана Мекке шаарларындагы бутпарастардын жашоо булагы болгон соода кербендери өтчү жолдо эле. Ошондуктан бутпарастар Ислам күчкө кирип, баралына келбестен мурун мусулмандардын мойнун бууп, азыртан тынчытып коюу керектигин көздөшөт. Бул жаатта бир топ жыйындарды өткөзүп, натыйжада Медина шаарына жүрүш жасоого чечим чыгарышат.

* * *

Азирети Абдуллах бин Жахш *(Алла ага ыраазы болсун!)* колго түшүргөн туткундардын арасында Хакам бин Кайсан да

87. Бухарий, Жихад, 181

бар эле. Пайгамбарыбыз Хакамды Исламга чакырат. Исламды кеңири түшүндүрүп берет. Анын күмөн санаган нерселерине жооп катары бир топ маалымат берет. Алла Элчисинин ошончо аракетинен соң дале болсо ыйманга келбей көшөрүп турган Хакамга ачуусу келген Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-О, Алланын Элчиси! Буга эмнени баарын айтып жатасыз. Ал баары бир мусулман болбойт! Уруксат берсеңиз, башын кыя чабайын да, тозокко кетсин - десе да, Пайгамбарыбыз Хакамга эч тажабай Ислам жөнүндө маалымат берет. Аягында Хакам:

-Ислам деген эмне? –деп сурайт. Пайгамбарыбыз:

- *Аллага эч бир шерик кошпой, өз мойнундагы кулчулук милдеттериңди аткарганың жана Мухаммад Анын (Алланын) кулу жана Элчиси болгондугуна күбөгө өтүшүң (тастыктоон)!* - дейт.

Анда Хакам:

-Мен мусулман болдум – дейт.

Андан соң Алланын Элчиси сахабаларына кайрылып:

*-Эгерде мен бир аз мурун силердин айтканыңар боюнча аракет кылганымда, ал азыр тозокко кетмек!* - деген.

Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Хакамдын мусулман болгонун өз көзүм менен көргөн кезде мен өзүмдү өткөндөгү жана келечектеги бүт нерсе мени кысып жаткандай сездим! Ичимден: «Пайгамабарыбыз (алейхис-солаату вас-салаам!) менден дагы жакшы билип турганда, мен Ага кантип каршы сөз айттым?!»-деп ойлодум. Андан соң: «Менин бүт максатым Алланын жана Элчисинин ыраазылыгына эгедер болуу эле....»-деп өзүмдү өзүм суракка тарттым. Хакам мусулман болду. Валлахи, мусулман болгондо да кандай сонун мусулман болду! Ал Алланын жолунда жан аябастан күрөштү, Бир-и Мау-

нада шейиттиктин шербетин ичти!» *(Ибн Саад, IV, 137-138; Вакиди, I, 15-16).*

Бул окуядан элди Исламга жылуу мамиле менен, түшүнүктүү, жатык тил менен, сабырдуулук менен, хикмат-акылмандык менен үндөө зарылчылыгы ачык-айкын көрүнүп турат.

## Кыбыланын алмашуусу

Ушул күнгө чейин мусулмандар (азыркы Иерусалим шаарындагы) Акса мечити тарапты карап намаз окуй турган. Тактап айтканда, хижраттын он алтынчы же он жетинчи айына чейин Акса мечитин баштанып намаз окушкан. Жөөттөр жагдайдан пайдаланып, өздөрүн жогору сезүүсү Алла Элчисин кайгыга салып, тынчын алат. Алла Элчисинин көңүлүндө «Кааба кыбыла болсо» - деген көксөөсү болгон. Бул көксөө жүзөгө ашканда Меккени колго алуу үчүн алгачкы кадам ташталган болор эле. Ошондуктан Алла Тааланын уруксатын чыдамсыздык менен күтөт. Акырында Ражаб айынын ортосунда дүйшөмбү күнү Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Салим уруусунун мечитинде бешим намазын окуп жаткан кезде Алла Таала төмөндөгү аятын түшүрөт:

قَدْ نَرَى تَقَلُّبَ وَجْهِكَ فِي السَّمَاءِ فَلَنُوَلِّيَنَّكَ قِبْلَةً تَرْضَاهَا فَوَلِّ وَجْهَكَ شَطْرَ الْمَسْجِدِ الْحَرَامِ وَحَيْثُ مَا كُنتُمْ فَوَلُّواْ وُجُوهَكُمْ شَطْرَهُ وَإِنَّ الَّذِينَ أُوْتُواْ الْكِتَابَ لَيَعْلَمُونَ أَنَّهُ الْحَقُّ مِن رَّبِّهِمْ وَمَا اللّهُ بِغَافِلٍ عَمَّا يَعْمَلُونَ

**«Биз жүзүңдүн көккө бурулганын көрүп турабыз. Ошондуктан өзүң ыраазы болгон кыбылага аны алмаштырабыз. Эми жүзүңдү Харам мечити (Кааба) тарапка бургун! (Эй, момундар! Силер да) кайсы жерде болбогула жүзүңөрдү ошол тарапка бургула! Китеп бе-**

**рилген адамдар (жөөттөр) албетте, мунун Жараткан тарабынан (келген чыныгы өкүм) экенин билишет. Алла Таала алар жасап жаткан иштерден кабарсыз эмес»** *(Бакара сүрөсү, 144-аят)*

Бул учурда Пайгамбарыбыз экинчи ирекеттин сонуна келип калган эле. Ошол замат Алланын Элчиси Кааба тарапка бурулат. Жамаат да бурулат. Бардыгы бирге жаңы кыбылага беттенишет. Ошентип намаздын калган эки ирекети Кааба тарапка бурулуп окулат. Ошондуктан ал мечит «эки кыбылалуу» - деген мааниде «Масжидуль-Кыблатайн» - деп айтылып калган. [88]

Бул намазды Пайгамбарыбыз менен бирге окуган бирөө жолдо баратып башка бир мечитке кирип калат. Жамаат намаз окуп рукуда турушкан эле. Тиги адам жамаатка кайрылып:

-Күбөлүккө өтөм! Азирети Пайгамбарыбыз менен Кааба тарапты карап намазга турдук! - дейт. Жамаатта тургандар ордуларынан Кааба тарапка бурулушат.

Кыбыланын алмашуусу мусулмандарды да абдан кубантат. Ал эми бутпарастарга, эки жүздүү мунафыктарга жана жөөттөргө бул өтө оор келгендиктен, адатынча ар кандай ушак-айыңдарды таратышат. Бул учурда төмөнкү Куран аяты түшүрүлөт:

سَيَقُولُ السُّفَهَاءُ مِنَ النَّاسِ مَا وَلاَّهُمْ عَن قِبْلَتِهِمُ الَّتِي كَانُواْ عَلَيْهَا قُل لِّلّهِ
الْمَشْرِقُ وَالْمَغْرِبُ يَهْدِي مَن يَشَاءُ إِلَى صِرَاطٍ مُّسْتَقِيمٍ

**«Адамдардын айрым бир наадандары: - Алар жүз буруп келген кыбыласын эмне үчүн таштап коюшту? – деп айтышат. Айткын: - Чыгыш да, Батыш да Аллага таандык. Ал өзү каалаган кишилерди туура жолго салат»** *(Бакара сүрөсү, 142-аят).*

88. Ибн Саад, I, 241-242

Ибн Аббас *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Аяттын буйругу менен Азирети Пайгамбар *(алейхис-солаату вас-салаам)* кыбыланы Каабага алмаштырган кезде мусулмандар:

-О, Алланын Элчиси! Акса мечитин карап намаз окуп жүрүп, көз жумган боордошторубуздун намаздары кандай болот? -деп сурашты.

Бул суроого жооп иретинде Алла Таала тарабынан төмөнкү аят түшүрүлдү:

وَكَذَلِكَ جَعَلْنَاكُمْ أُمَّةً وَسَطاً لِّتَكُونُواْ شُهَدَاء عَلَى النَّاسِ وَيَكُونَ الرَّسُولُ عَلَيْكُمْ شَهِيداً وَمَا جَعَلْنَا الْقِبْلَةَ الَّتِي كُنتَ عَلَيْهَا إِلاَّ لِنَعْلَمَ مَن يَتَّبِعُ الرَّسُولَ مِمَّن يَنقَلِبُ عَلَى عَقِبَيْهِ وَإِن كَانَتْ لَكَبِيرَةً إِلاَّ عَلَى الَّذِينَ هَدَى اللّهُ وَمَا كَانَ اللّهُ لِيُضِيعَ إِيمَانَكُمْ إِنَّ اللّهَ بِالنَّاسِ لَرَؤُوفٌ رَّحِيمٌ

**«Силер башка адамдарга күбө болууңар жана пайгамбар силерге күбө болуусу үчүн Биз силерди ортодо (калыс, адилеттүү) бир үмөт кылдык. (Эй, Мухаммад!) Сен мурда караган кыбыланы Биз болгону ким пайгамбарды ээрчип, ким артка (каапырлыкка) кайтып кете тургандыгын билүү үчүн гана жасаганбыз. Бул – Алла оң жолго баштагандардан башкаларга өтө оор келет. АллаТаала силердин ыйманыңарды жок кылбайт. Албетте, Алла Таала адамдарга Ырайымдуу, Боорукер»** *(Бакара сүрөсү, 143-аят).*

Кыбыланын алмашуусу өтө маанилүү окуя. Себеби мурунку кыбыланын кыбылалыктан чыгуусу айрым бир караөзгөйлөрдүн ар кандай өйдө-төмөн сөздөрдү айтып чагымчылык кылып, элдин башын айландырууларына тоскоол болгон. Мына ошон-

дуктан жаңы кыбыла тууралуу буйруктар бир нече ирет кайталанып, бир жолу азирети Пайгамбарыбызга, дагы бир жолу момун-мусулмандарга, дагы бир ирет жалпыга (Пайгамбарыбызга да, мусуламндарга да) үйдө болсун, сапарда болсун айтоор, кай жерде болбосун жаңы кыбылага бурулуп намаз окуу керектигин Алла Таала Өзү баса белгилеп буйрук берген.[89]

Алла Таала мындай буюрат:

وَمِنْ حَيْثُ خَرَجْتَ فَوَلِّ وَجْهَكَ شَطْرَ الْمَسْجِدِ الْحَرَامِ وَحَيْثُ مَا كُنتُمْ فَوَلُّواْ وُجُوهَكُمْ شَطْرَهُ لِئَلاَّ يَكُونَ لِلنَّاسِ عَلَيْكُمْ حُجَّةٌ إِلاَّ الَّذِينَ ظَلَمُواْ مِنْهُمْ فَلاَ تَخْشَوْهُمْ وَاخْشَوْنِي وَلأُتِمَّ نِعْمَتِي عَلَيْكُمْ وَلَعَلَّكُمْ تَهْتَدُونَ

**«(Эй, Мухаммад!) Кайсы тараптан чыксаң да, жүзүңдү Ыйык Мечит (Кааба) тарапка бургун! (Эй, момундар) кайсы жерде болбогула, (силер дагы) жүзүңөрдү ошол (Кааба) тарапка бургула! (Айрым) адамдар үчүн силердин зыяныңарга далил болуп калбашы үчүн (ошентиле). Бирок алардын ичинде зулумдук кылуучулары да бар, силер алардан коркпогула! Менден корккула! Силерге жакшылыгымды (Ислам динин) толук кылып беришим жана туура жолго салуум үчүн ушундай кылгыла!»** *(Бакара сүрөсү, 150-аят).*

Бул аяттан төмөнкүчө хикматтарды чыгарууга мүмкүн:

1. Ахли китап[90] жана бутпарастар үчүн мусулмандарга каршы эч бир далил калтырбоо. Анткени мурунку китептер боюнча убада кылынган акыркы пайгамбардын сыпаттарынын арасында кыбыланы Каабага айлантуу - деген сыпаты бар эле.

89. Бакара сүрөсү, 148-149

90. Ахли китаб - христиандар жана иудейлер.

Тооратттын Ишая бөлүмүндө Мекке шаарынын келечеги жөнүндө баяндамалар буга ачык-айкын далил боло алат. Ошондуктан ахли китаб: «Акыркы Пайгамбардын кыбыласы Кааба болмок. Мухаммад жана анын сахабалары дале болсо Акса мечитин карап намаз окуп жатышат»- деп күмөн санашмак.

2. Алла Тааланын мусулмандарга болгон жакшылыгын толукташы. Бул жаатта алар туура жолду таап, көздөгөн максаттарына жетиши мүмкүн. Анткени эң чоң жакшылык – бул туура жолду табуу. Кыбыла да туура жолдун бир бөлүгү болуп эсептелет.

3. Пайгамбарыбыздын алгачкы айларда Акса Мечитине карап намаз окушунун себеби Алла Тааладан тарабынан түшүрүлгөн диндердин түбү бир болгондугун көрсөтүү менен жөөттөрдүн жана христиандардын көңүлдөрүн Исламга жылытуу эле.

Бул маселе ошондой эле айрым бир адамдардын «Куранды Мухаммад жазган, Курандын автору Мухаммад болгон» - деген сөздөрүн четке кагат. Анткени Азирети Пайгамбарыбыз кыбыланын Кааба болушун башынан эле самап келген. Бирок бул маселеде ал Алла Тааланын буйругун күткөн.

## Орозо, фитир садага жана зекет

Буга чейин болгон согуштардын натыйжасында бир жагынан саясий пайдубалын бекем түптөгөн Ислам экинчи жагынын өзүнө таандык руханий жашоосун акырындык менен толуктап жаткан эле. Бул өңүттөн Рамазан айында орозо кармоо момун-мусулмандарга парз болгон эле. Орозо азирети Пайгамбарыбыз Мединага көчүп келген соң он сегиз айдан кийин т.а., Шабан айында, кыбыла Кааба тарапка бурулгандан кийин буйрулган эле.[91]

91. Ибн Саад, I, 248.

Алла Таала Рамазан айында орозо кармоо момун-мусулмандарга парз болгондугун төмөндөгү аяты менен жар салган эле:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُواْ كُتِبَ عَلَيْكُمُ الصِّيَامُ كَمَا كُتِبَ عَلَى الَّذِينَ مِن قَبْلِكُمْ لَعَلَّكُمْ تَتَّقُونَ

**«Эй, ыйман келтиргендер! Силерден мурдагы үммөттөргө парз кылынгандай эле, слерге да такыба болушуңар үчүн саналуу күндөрдө орозо кармоо парз кылынды»** *(Бакара сүрөсү, 183-аят).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мындай дейт:

*«Ислам беш түркүккө негизделген: Алла Тааладан башка кудай жок экендигине жана Мухаммад Алланын Элчиси болгондугуна күбөгө өтүү, намаз окуу, зекет берүү, ажылыкка баруу жана Рамазан айында орозо кармоо» (Бухарий, Иман, 1, 2; Тафсир, 2/30; Муслим, Иман, 19-22).*

Азирети Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи ва саллам) орозонун маанилүүлүгү жөнүндө көптөгөн куттуу хадистерин айтып калтырган. Алардын айрымдары төмөндөгү куттуу хадистер:

*«Кудуреттүү, Улуу Жараткан Алла Таала:*

*«Адамдын орозодон башка ар бир иши өзү гана үчүн. Орозо болсо, Мен үчүн. (Ошондуктан анын) сыйлыгын, сообун Мен берем» - деди.*

*Орозо - бул, калкан. Кимде-ким орозо кармаса, жаман сөз сүйлөбөсүн, уруш чыгарбасын. Эгер бирөө ага акаарат келтирсе же тийишсе:*

*«Мен орозо кармап жатам»-деп айтсын.*

*Мухаммаддын жаны чексиз кудуретинде болгон Аллага ант берем! Орозо кармаган адамдын оозунан келген жыт Алланын алдында мускустун (атырдын) жытынан алда канча жагымдуу. Орозо кармаган адамдын ырахат алып кубана турган эки учуру болот: бири ооз ачканда, экинчиси орозодон алган сооп менен Жаратканга кайткан учурда» (Бухарий, Савм, 9; Муслим, Сыям, 163).*

*«Адамдын жасаган ар бир (жакшы) ишине ашыкчасы менен сооп ыйгарылат. Бир жакшылык үчүн он эседен жети жүз эсеге чейин сооп болот. Алла Таала:*

*«Бирок орозо башкача. Ал Мен үчүн, сообун дагы өзүм берем. (Анткени) орозо кармаган адам кумарын жана тамагын Мен үчүн токтотот» - деди» (Муслим, Сыям, 164)*

*«Алланын жолунда ар качан кайыр-садага берген адам бейиштин ар кайсы эшиктеринен:*

*«Эй, Алланын (сүйүктүү) кулу! Бул жерде жакшылык, береке бар» - деп чакырылат.*

*Намаз окугандар намаз эшигинен, жихад кылгандар жихад эшигинен, орозо кармагандар Раййан эшигинен, садага берүүнү жакшы көргөндөр садага эшигинен (бейишке кирүүгө) чакырылат».*

Азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-Ата-энем сага садага, о, Алланын Элчиси! Эми бул эшиктердин биринен чакырылган адамдын башка эшиктерден чакырылышына кажет деле жок. Ошентсе да, бул эшиктердин бардыгынан чакырыла турган адамдар барбы? - деп сурайт.

Анда азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*-Ооба, бар. Сен да ошол бактылуу адамдардын катарында болосун деген үмүттөмүн* - деп жооп берет *(Бухарий, Савм, 4, Жихад,*

*37; Муслим, Зекет, 85, 86).*

Орозо – адам баласын баа жеткис жакшылыктардын кадырына жеткирип, Жараткан Аллага шүгүр келтирүүгө, напсинин сан миндеген азгырыктарына бөгөт коюуга, жан дүйнөнү бул дүйнөнүн лаззаттарынан арылтып сабырдуулукка тарбиялоочу ибадат. Орозо кедей-кембагалдардын, жетимдердин ал-акыбалын иш жүзүндө жашатып, жүрөктү боорукерликке жетелейт. Юсуф *(алейхис-салаам)* эбегейсиз казынанын ачкычы колунда турса да, кедейлердин ал-абалын унутуп калбоо үчүн тамакты ашыкча жеген эмес эле.

Мына ушундай тарбиялык мааниси зор болгон орозо ибадаты адамдардын ортосундагы өч алуу, кек сактоо, көрө албастык сыяктуу коомчулукка терс таасирин тийгизген көрүнүштөрдүн алдын алуучу улуу ибадат. Убактылуу лаззаттардан баш тартып, түбөлүк баа жеткис лаззаттарга туш болуунун сырына дал ушул орозо ибадаты аркылуу жетүүгө болот. Бул ибадат ошондой эле напсинин түркүн-түстүү түгөнгүс каалоолорунан арылтып, адамдын адамдык касиетин, абийир-намысын коргоочу ибадат.

Күндүзү орозо кармоо менен өткөрүлгөн Рамазан айында түнкүсүн таравих намазы менен жан дүйнөбүздү аруулоо - азирети Пайгамбарыбыздын куттуу сүннөтү болуп эсептелет. Пайгамбарыбыз куттуу хадистеринин биринде:

*«Алла Таала Рамазан айында орозо кармоону парз кылды, мен болсо (таравих) намазына туруууну сүннөт катары калтырдым»*- дейт *(Ибн Мажа, Солаат, 173).*

Андыктан Рамазан айынан толук пайдалануу үчүн күндүзү орозо кармоо менен, түнкүсүн ибадаттар менен өткөрүп, бизге тиешеси жок, пайдасыз иштерден, жөнү жок өйдө-төмөн сөздөрдөн алыс болуу менен бирге Жаратканга дуба кылып, зикир чалып, кечирим тилеп, жүрөгүбүздүн түпкүрүнөн сызылып чыккан көкүрөк жашыбыз менен көөдөнүбүздү жууп, арууланшыбыз

керек. Рамазан айынын акыркы он күнүндө итикафка кирүү да Мухаммад *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Пайгамбарыбыздан биз мусулмандарга калган куттуу сүннөт болуп эсептелет. Рамазан айында түнкүсүн мына ушундай жакшы иш-амалдар менен өткөрүү – Алла Тааланын чексиз ырайымына жана чексиз кечиримине себепкер болот. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мындай дейт:

*«Кимде-ким ишенип жана сообун Алладан үмүт кылып Рамазан айындагы түндөрүн жандандырса (т.а., ибадат менен өткөрсө), буга чейин жасаган күнөөлөрү кечирилет» (Бухарий, Таравих, 46).*

Азирети Аиша *(Алла ага ыраазы болсун!)* :

«Рамазан айы. Түн. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мечитке барып нафил намаз окуду. Мечитте отурган адамдар да Пайгамбарыбызга уюп нафил намазга турушту. Жерге жарык түшкөн кезде сахабалар:

-Алланын Элчиси мечитте түнүчүндө намаз окуду - деп жатышты.

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* кийинки түнү да нафил намаз окуду. Бул түнү Ага уюган адамдардын саны кечээкиге салыштырмалуу көп болду. Үчүнчү (же төртүнчү) түнү эл мечитке батпай калды. Бирок Алланын Элчиси бу түнү мечитке барган жок. Таң аткандан кийин Пайгамбарыбыз аларга:

*-Кече түнү мечитке келгениңерди көрдүм. Бирок мен мечитке барган жокмун. Себеби, мен бул намаздын силерге парз болуп калышынан корктум* - деп айтты» *(Бухарий, Таравих, 1; Муслим, Мусафирин, 177)* - дейт.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* таравих намазында жамаатка имам болууга ниет кылган эмес. Ал таравих

намазга турган соң эл анын аркасына туруп намаздарын окуган. Ал ар кимдин өз күчүнө жараша ибадат кылуусун эп көргөн. Таравих намазы азирети Абу Бакирдин халифалыгы учурунда да жалгыз жалгыздан окулган. Азирети Умардын халифалыгынан баштап, таравих намазы жамаат менен окула баштаган.

Алланын Элчиси *(алейхис-солаату вас-салаам)* Рамазан айларында намаз окуу, Куран окуу, зикир кылуу, элге жардам берүү сыяктуу жакшылык иштерин дагы да көбөйтүп, Жараткан Алла Таалага жалынып жалбара турган. Ибн Аббас *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бүткүл адамзатынын эң айкөл, эң берешен адамы болгон. Анын эң айкөл болгон кези Ал Рамазан айында Жабраил периште менен жолукканда байкалар эле. Жабраил *(алейхис-салаам)* Рамазан айынын ар бир түнүндө Пайгамбарыбыз менен жолугуп, (бирибирине) Куран окушуп турган. Ошондуктан Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Жабраил периште менен жолукканда, эч бир тоскоолдукка карабастан адаттагысынан дагы айкөл болоор эле» (Бухарий, Бадуль-Вахий, 5, 6).

Орозо жөнүндөгү буйруктан кийин «айт намазы» жана «фитир садагасы» жөнүндө Жараткан Алла тарабынан буйрук келген. Азирети Пайгамбарыбыз фитир садагасы мусулмандардан чоң-кичине, аял-эркек дебей, ар бир адамдан талап кылынаарын, тагыраак айтканда, ар бир адам үчүн (кул үчүн да) бир саа[92] өлчөмүндө курма же бир саа арпа талап кылынаарын белгилеп, бул иштин парз өкүмүндөгү иш катары караларын маалымдаган.[93]

Пайгамбарыбыз ал эми кедей-кембагалдар жөнүндө:

92. Саа - 1040 дирхам салмагындагы буудай же арпаны тартчу оордук бирдик.
93. Бухарий, Зекет, 70-78; Муслим, Зекет, 13.

*«Аларды бул (айт) күнү ач жүрүүдөн куткаргыла (т.а., конокко чакырып, сыйынарды көргөзгүлө)!» - деген (Ибн Саад, I, 248).*

Фитир садагасы айт намазына чейин берилет. Ал эми намаздан соң берилсе, ал жөнөкөй садага катары каралат.[94]

Азирети Анас *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Медина шаарына барган кезде Мединалыктардын эки майрамы бар эле. Ал күндөрү ар кандай оюндарды уюштуруп, көнүлдөрүн ача турган. Алланын Элчиси:

- Бул эки күндүн (маани-маңызы, максаты) кандай? -деп сурады.

Алар:

-Биз бул күндөрү Исламга кирбестен оболу карангы доордо көнүл ачар элек - деп жооп беришти.

Анда Алланын Элчиси:

-Алла Таала бу эки майрамыңарды алардан алда канча жогору турган эки күн менен алмаштырды: Булар Курман айт жана Фитир (орозо) айт майрамдары! - деди» *(Абу Давуд, Солаат, 239/1134; Насаи, Иидайн, 1).*

Азирети Пайгамбарыбыз ошол жылы Зульхижжа айынын онунчу күнү майрам намазын окуткандан кийин мусулмандарга мал-жандыктарынан курмандык чалууга буюрат. Азирети Пайгамбарыбыз Медина шаарында ошол жылдан тарта он жыл бою курмандыкка мал союп турган.[95]Алланын Элчиси курман айт күндөрү экиден мал союп, бирөөнү курманчылык кыла албаган үммөтү үчүн, экинчисин өзү үчүн, үй-бүлөсү үчүн калтырган.[96]

94. Ибн Мажа, Зекет, 21
95. Ибн Саад, I, 248-249
96. Абу Давуд, Адахи, 3-4/ 2792; Ибн Саад, I, 249

Азирети Ханаш *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Азирети Алини эки кочкорду курмандыкка чалып жатканын көрүп:

-Эмне үчүн эки кочкор союп жатасың? - деп суроо бердим. Ал:

-Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мага керээзин айтып, көз жумган соң өзү үчүн да курмандык чалуумду буйруп кеткен эле. Мына ошол Пайгамбарыбыздын керээзин орундатып союп жатам! Мындан кийин да сое берем! - деди» *(Абу Давуд, Адахи, 1-2/2790; Ибн Саад, I, 249).*

Курман айтта арапа күнү багымдат намазынан тарта айттын төртүнчү күнү асыр намазына чейин 23 убакыт (намазда), жалгыз же жамаат менен окулган парз намаздардан соң бир жолу:

اَللّٰهُ اَكْبَرُ اَللّٰهُ اَكْبَرُ لاَ إِلَهَ إِلاَّ اللّٰهُ وَاللّٰهُ اَكْبَرُ اَللّٰهُ اَكْبَرُ وَلِلّٰهِ الْحَمْدُ

«Аллаху Акбар, Аллаху Акбар, Лаа илааха иллаллаху валлаху акбар, Аллаху Акбару ва лиллахиль-хамд» - деп такбир айтуу ар бир мусулман баласына важиб болуп эсептелет. Буга жолоочу адам да кирет. Бул «ташрик такбири» - деп айтылат.[97]

Фитир садагасы жөнүндөгү жарлыктан кийин «зекет» тууралуу Алла Тааланын буйругу келет. Бул жагдай Куран аяттарында мындайча маалымдалат:

وَفِي أَمْوَالِهِمْ حَقٌّ لِّلسَّائِلِ وَالْمَحْرُومِ

**«Алардын байлыгында тилемчилердин жана кур калган (т.а., тартынып, уялып же башка себептер менен сурай албаган) муктаж адамдардын акысы бар»** *(Заарият сүрөсү, 19-аят)*

97. Муватта, Хаж, 205.

وَالَّذِينَ هُمْ لِلزَّكَاةِ فَاعِلُونَ

**«Зекетти бергендер (да тазаланып, түбөлүк бакытка жетишти)»** *(Муминуун сүрөсү, 4-аят)*

خُذْ مِنْ أَمْوَالِهِمْ صَدَقَةً تُطَهِّرُهُمْ وَتُزَكِّيهِم بِهَا وَصَلِّ عَلَيْهِمْ إِنَّ صَلاَتَكَ سَكَنٌ لَّهُمْ وَاللّهُ سَمِيعٌ عَلِيمٌ

«(Эй, Мухаммад) **Сен алардын мал-мүлкүнөн бир бөлүгүн өздөрүн тазалай турган садага катары алгын да, алар үчүн дуба кыл! Албетте, сенин дубаң алар үчүн бейпилдик болот...»** *(Тооба сүрөсү, 103-аят)*

Зекет Ыйык Куранда жыйырма алты жолу намаз менен бирге эскерилет. Төрт жолу өзүнчө айтылат. Муминун сүрөсүндө зекет өзүнчө айтылып андан мурунку аяттарда намаз окуган адамдардын зекет бере тургандыгы баяндалат. Анткени дене менен жана мал-дүнүйө менен аткарылган ибадаттарда, бул эки ибадат биринчи орунда турат. Куттуу хадистердин биринде:

*«Намаз окуган, бирок зекет бербеген адамдын намазында (жакшылык) жок!»*-деп айтылат *(Хайсами, III, 62).*

Зекет – бул, Алла Таала буюрган сегиз муктаж адамдын акысы.[98] Зекетке түшкөн акчаны тиешелүү адамдардан башкаларга берүүгө болбойт. Бирок муктаж окуучуларга жана Алланын динин үйрөнүү максатында илим алып жаткандарга да жумшаса болот. Анткени зекеттин кедей-кембагалдарга негизги муктаждыктарын камсыздоо үчүн берилиши, мунун такталышы шарт болуп саналат. Ошондуктан өздөрүнө зекет бөлүштүрүү милдети жүктөлгөн адамдар бул эрежелерге көңүл бөлүп, этияттык менен аракет кылуу зарыл. Бул милдетти мойнуна алган

98. Тооба сүрөсү, 60

адамдар Алланын алдында жоопко тартыла тургандыктарын эсинен чыгарбоолору абзел.

Куранда зекеттин кимдерге бериле тургандыгы жөнүндө мындай делет:

إِنَّمَا الصَّدَقَاتُ لِلْفُقَرَاءِ وَالْمَسَاكِينِ وَالْعَامِلِينَ عَلَيْهَا وَالْمُؤَلَّفَةِ قُلُوبُهُمْ وَفِي الرِّقَابِ وَالْغَارِمِينَ وَفِي سَبِيلِ اللهِ وَابْنِ السَّبِيلِ فَرِيضَةً مِّنَ اللهِ وَاللهُ عَلِيمٌ حَكِيمٌ

**«Акыйкатта садага (зекет) кедей-кембагалдарга, мискиндерге (т.а., эч нерсеси жок бей-бечараларга), зекет топтогондорго, көңүлдөрүн Исламга жылытуу керек болгон адамдарга, кулдарга, карызы бар адамдарга жана Алланын жолундагыларга (тактап айтканда, казатка бараткандарга, илим алып жаткан окуучуларга) жана ошондой эле орто жолдо калган мусапырларга тиешелүү. Бул (зекет) Алла Таала тарабынан парз кылынды. Алла Таала – бүт нерсени Билүүчү, Даанышман!»** *(Тооба сүрөсү, 60-аят)*

Ислам фонддорунда иштеген мусулман адамдарга да зекетти аятта айтылган адамдарга (сегиз жерге) жеткизүү шарты менен зекет берилсе болот. Бирок бул маселеге өтө кылдат мамиле жасоо керек.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* зекет жөнүндөгү Алла Тааланын буйругу боюнча, зекеттин эмнелерден, канча өлчөмдө бериле тургандыгы, кимге парз кылынгандыгы жөнүндө (баракка же териге) жаздырып, аны кылычына байлап алган эле. Пайгамбарыбыз өмүрүнүн акырына чейин бул жазууну өзү менен кошо алып жүргөн. Алла Элчисинен кийин Азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун!)* жана андан кийин Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)* да ошол жазуу

боюнча амал кылган.[99]

Зекеттин бай адамдардын байлыгына маашырланып кетишине тоскоол болуу, ошондой эле муктаж адамдардын байларды жек көрүүсүнө бөгөт коюу, коомдук жашоону жакшыртуу, адамдарды бири-бирине жакшы мамиледе болууларын камсыздоо сыяктуу көптөгөн пайдалары жана сырлары бар. Кедей менен бай адамдын ортосундагы ажырымды жакындатууну, коомдо бейпилдикти, ынтымактыкты жана биримдикти камсыздоо жагынан Исламдын коомдук турмушка байланышкан мыйзамында зекет менен кайыр-садаганын өзгөчө орду бар.

Зекеттин жана кайыр-садаганын дагы бир сыры – бул кимдир бирөөнүн байлыгынын адаттан тышкары көбөйүшүнө, кедейлердин кызгануусуна жана мунун натыйжасында алардын ортосунан жанжал чыгып кетишине бөгөт коюу болуп эсептелет. Эгер байлык кайсыдыр бир адамды текеберликке, бой көтөргөнгө түртсө, демек, ал адамдын акыбети өкүнүчтүү болору ачык-айкын! Негизи коомдо жардам берген да, жардам алган да адам бири-бирине муктаж. Жардам алган адам материалдык жактан муктаждыгын камсыз кылса, жардам берген адам руханий жактан арууланган болот.

Чындыгында мүлк Жалгыз Аллага гана таандык экендигин билүүбүз абзел. Байлык - Алла Таала тарабынан пендеге убактылуу мөөнөткө берилген аманат болуп эсептелет. Ошондуктан аны колдонуунун өзүнө тиешелүү эрежеси бар. Адам баласы аны мүлктүн чыныгы Ээси буйруган багытта колдонуп, сарптоосу кажет. Эгер ал байлыгын Алла Тааланын буйругуна туура келбеген жерлерге колдонсо, адамды адал жолдон адаштырып, караңгылыктын сормо сазына белчеден батырып коеру бышык. Мына ушундай сормо сазга чөккөндөрдүн мал-дүйнөгө болгон сүйүүсү жүрөккө орнойт. Ырас, Алла Тааланын мал-мүлк менен

99. Бухарий, Зекет, 38; Ахмад, II, 14

бала-чаканы «фитна» (т.а., булардын жүрөктүн төрүнөн орун алып, аларга болгон сүйүү Алла Таалага болгон сүйүүдөн жогору туруу маселеси) катары эсептеши төгүн жерден айтылган эмес. Алла Таала мал-мүлкүн «Кудай» - дебесе да, аны Кудайындай көргөн наадандарга эскертүү иретинде:

وَالَّذِينَ يَكْنِزُونَ الذَّهَبَ وَالْفِضَّةَ وَلاَ يُنفِقُونَهَا فِي سَبِيلِ اللهِ فَبَشِّرْهُم بِعَذَابٍ أَلِيمٍ
يَوْمَ يُحْمَى عَلَيْهَا فِي نَارِ جَهَنَّمَ فَتُكْوَى بِهَا جِبَاهُهُمْ وَجُنوبُهُمْ وَظُهُورُهُمْ هَـذَا
مَا كَنَزْتُمْ لأَنفُسِكُمْ فَذُوقُواْ مَا كُنتُمْ تَكْنِزُونَ

**«...Алтын-күмүштү жыйып алып, аны Алланын жолунда кайыр-садага кылбаган адамдарга жан чыдагыс азаптын кабарын жеткизгин! Ал күнү (кыяматта) ошол (алтын-күмүш) тозок отунда кызытылып, аны менен алардын мандайларына, капталдарына жана аркаларына мөөр басылып: «Мына бул өзүңөр үчүн топтогон нерсеңер. Эми жыйган-терген нерсеңердин үзүрүн көргүлө!» - (деп айтылат)»** *(Тооба сүрөсү, 34-35-аяттар)* - деп буюрат.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бай болуп туруп зекет бербеген адамдар тууралуу мындай дейт:

*«Зекети берилбеген алтын, күмүш, кыямат күнү отко кызытылып, ээсинин капталына, мандайына жана арка тарабына эн болуп басылат. Бул эндин ысыгы кетип муздап бараткaнда (ага азап берүү үчүн) кайрадан отко салынат. (Бул дүйнөдөгү) Элүү миң жылга тете (Кыямат күнүнүн) бир күнүндө кулдардын өкүмдөрү чыкканга чейин бу азап улана берет. Акырында кайсы тарапка (бейишке же тозокко) бараары көрүнөт»*

Сахабалар:

-О, Алланын Элчиси! Ал эми төөлөрдөн зекет бербесе, кан-

дай болот? - деп сурашат. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мындай жооп берет:

*-Төөлөрдөн зекет бербеген адам кыямат күнү түз, жайык жерге жаткырылат. Төөлөр семирип, ботолору менен келип ээсин тебелеп, чапчып тиштегилейт. Алдыдагы төөлөр өткөндөн кийин аркадагылар да ээсин тебелеп, чапчышат. (Бул дүйнөдөгү) Элүү миң жылга тете (Кыямат күнүнүн) бир күнүндө кулдардын өкүмдөрү чыкканга чейин бу азап улана берет. Акырында кайсы тарапка (бейишке же тозокко) барары көрүнөт.*

Сахабалар уй-койлордун зекетин бербегендер жөнүндө да сурашат. Алланын Элчиси алар жөнүндө да ушул сыяктуу жоопторду берет *(Муслим, Зекет, 24; Бухарий, Жихад, 48).*

Зекет жана кайыр-садага маселесинде өтө кылдат, аяр мамиле жасоо керек. Берген зекет же кайыр-садага үчүн милдет кылуу, колко кылуу, мал-мүлктү иргеп атайын эң жаманын берүү сыяктуу кайыр-садаганы жокко чыгара турган жаман адаттардан алыс болуу абзел. Негизи зекет берген адам алган адамга ырахматын айтуусу зарыл. Анткени зекет алган адам анын парз милдетин орундатып, Алла Тааланын ырайымына бөлөнүүсүнө жана чоң соопко ээ болуусуна себепкер болот. Берилген кайыр-садага адамды ар түрдүү оору-сыркоолордон, апаат-балээлерден алыс кармайт. Кедей-кембагалдар, кароосуз калган карыптар чындыгында бай адамдар үчүн чоң жакшылык. Анткени бейиш каалгалары ошол адамдардын дубасы менен ачылат.

Кайыр-садага берүүнүн жол-жобосу жөнүндө төмөнкү аятта мындай буюрулат:

الَّذِينَ يُنفِقُونَ أَمْوَالَهُمْ فِي سَبِيلِ اللّهِ ثُمَّ لاَ يُتْبِعُونَ مَا أَنفَقُواُ مَنّاً وَلاَ أَذًى لَّهُمْ أَجْرُهُمْ عِندَ رَبِّهِمْ وَلاَ خَوْفٌ عَلَيْهِمْ وَلاَ هُمْ يَحْزَنُونَ

قَوْلٌ مَّعْرُوفٌ وَمَغْفِرَةٌ خَيْرٌ مِّن صَدَقَةٍ يَتْبَعُهَا أَذًى وَاللّهُ غَنِيٌّ حَلِيمٌ

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُواْ لاَ تُبْطِلُواْ صَدَقَاتِكُم بِالْمَنِّ وَالأذَى كَالَّذِي يُنفِقُ مَالَهُ رِئَاءَ النَّاسِ وَلاَ يُؤْمِنُ بِاللّهِ وَالْيَوْمِ الآخِرِ

**«Өздөрүнүн мал-дүнүйөсүн Алланын жолунда сарптаган жакшылыктарын колко кылбаган, (кайыр-садагысын алган кедей-кембагалдарды) ыңгайсыз абалга калтырбаган адамдардын сооптору Алла Таала тарабынан берилет. Алар үчүн эч кандай коркунуч да, кайгы да жок. Жакшы сөз жана кечиримдүүлүк адамды ыза кылган кайыр-садагадан жогору турат. Алла Таала – эч нерсеге муктаж эмес жана жумшак. Эй, ыйман келтиргендер! Байлыгын эл көрсүн үчүн сарптаган, Аллага, акырет күнүнө ишенбеген адамга окшоп, берген садагаңарды милдет кылып (бирөөнүн көңүлүн) оорутуу менен жокко чыгарып албагыла! Анткени ал (эл көрсүн үчүн садага кылган адам) үстүндө топурагы бар жылма ташка окшош. Катуу жамгыр жааса, аны (үстүндөгү топуракты жууп кетип) таш боюнча калтырат. Алар кылган бул иштен эч кандай пайда таба албайт. Алла Таала каапырларды туура жолго салбайт»** *(Бакара сүрөсү, 262-264-аяттар).*

## Итикаф

«Итикаф» сөзүнүн түз мааниси «кайсыдыр бир жерде жалгыз болуу» - дегенди түшүндүрөт. Ал эми терминологияда «Жарат-

канга жакындоо, Анын ыраазылыгын табуу максатында мечитте белгилүү бир убакыт аралыгында ибадат кылуу» - деген мааниде колдонулат. Бир саат мечитте атайын ниет кылып Жаратканга ибадат кылуу да итикафка кирет. Бул «нафил итикаф» - деп айтылат.

وَلاَ تُبَاشِرُوهُنَّ وَأَنتُمْ عَاكِفُونَ فِي الْمَسَاجِدِ

**«...Мечиттерде (итикафта) болгон учурда (түнкүсүн да), алар (аялыңар) менен кошулбагыла!..»** *(Бакара сүрөсү, 187-аят)* – деген аят итикаф учурунда адамдын жубайы менен кошулбоосу керектигине, орозо кармоо зарылчылыгына, чыныгы толук итикафтын убактысы бир күндөн аз болбой тургандыгына далалат кылат. Бул толук итикаф болуп эсептелет. Негизинен итикаф Рамазан айында болот. Итикафка кирген адам күндүзүн орозо кармап, түнкүсүн ибадат, зикир кылуу менен мечитте Жаратканга жалынып-жалбарат.

Рамазан айынын акыркы он күнүндө итикафка кирүү - бул муаккад (күчтүү) сүннөт болуп саналат. Бул сүннөт бир жерде аткарылган учурда аны аткарбаган мусулмандар андан жоопко тартылбайт. Итикафка кирүү үчүн Жаратканга сөз берген адам сөзүнө бекем туруусу кажет. Анткени бул учурда ал адам үчүн итикафка кирүү важиб (зарыл) болуп калат. Рамазан айынан башка айларда итикафка кирүү мустахаб[100] катары каралат.

Итикафка киргенден кийин даарат сыяктуу зарыл муктаждыктардан башка себептер менен сыртка чыгууга болбойт.

Азирети Пайгамбарыбыздын жубайлары алгач мечиттин ичине тургузулган атайын саябанда итикафка кире турган. Кийин Пайгамбарыбыздын буйругу менен саябандар чечилип алар

100. Мустахаб - жакшы, адал иштер. Азирети Пайгамбарыбыз кээде аткарып, кээде аткарбаган иштер. Мындай ишти аткарган адам сооп табат. Бул иш Жаратkандын ыраазылыгын табууда өз салымын кошот. А аны аткарбаган адам сооп да таппайт, күнөөкөр да болбойт.

өз бөлмөлөрүндө итикафка кирип калышкан. Пайгамбарыбыз мусулман аялзатынын мечитте эмес, үйдө итикафка отурууларын ылайык көргөн.

Азирети Аиша *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Рамазан айынын акыркы он күнү Алланын Элчиси түнкүсүн туруп, үй-бүлөсүн ойготуп, өзү Жаратканга ибадат кылып, жубайларынан алыс боло турган» *(Бухарий, Фадлу Лайлатуль-Кадр, 5; Муслим, Итикаф, 7).*

Азирети Аиша айтып калтырган кабарга ылайык, азирети Пайгамбарыбыз өмүрүнүн акырына чейин Рамазандын акыркы он күнүндө итикафка кирген. Көз жума турган жылдын Рамазан айында жыйырма күн итикафка кирген. Азирети Пайгамбарыбыз көз жумган соң, анын жубайлары бул сүннөттү калтырбай өмүрсүрүшкөн.[101]

Төмөндөгү окуя итикаф ибадатынын маанисин, анын артыкчылыгын таасын көрсөтүп турат. Ошону менен бирге мусулман адамдын жеке жана коомдук милдеттерине шалаакы мамиле жасабоо керектигин да көрсөтөт.

Бир күнү азирети Ибн Аббас *(Алла ага ыраазы болсун!)* Набави мечитине итикафка кирет. Бул күндөрдүн биринде бир адам мечитке кирип, Ибн Аббаска салам берип, бир четке келип отуруп калат. Ибн Аббас:

- Боордошум, сени чарчаңкы, муңдуу абалда көрүп турам! - дейт.

-Ооба, эй, Алла Элчисинин тууганы! Баланчанын менде акысы бар эле (т.а., ал мени азаттыкка чыгарган болучу). Бирок мына бул кабырда жаткан (Алланын Элчисине) ант берем! Ага болгон карызымды төлөй албай жатам - деп тиги адам арыз-му-

101. Бухарий, Итикаф, 1, 17; Муслим, Итикаф, 5

нун айтат.

Ибн Аббас:

-Мен ал адам менен сүйлөшсөм кандай болот?! –деп сурайт. Тиги адам:

-Өзүң бил!- дейт. Ибн Аббас мечиттен сыртка чыгат. Тиги адам:

-Итикафка киргениңди унутуп калдыңбы? –дейт.

Ибн Аббас:

-Жок, Мен ушул кабырда жаткан заттан (Пайгамбарыбыздан) уккам: (азирети Ибн Аббас буларды айтып жатканда көздөрүнөн жаш тоголонуп жаткан эле)

*«Кимде-ким мусулман боордошунун бир ишин мойнуна алса, ал үчүн он жыл итикафка киргенден алда канча артык. Кимде-ким Алланын ыраазылыгы үчүн бир күн итикафка кирсе, Алла Таала ал адам менен оттун (тозоктун) ортосунда үч аң жаратат. Ар бир аңдын ортосу чыгыш менен батыштай алыс болот»* *(Байхаки, Шуабуль-Иман, 424-425)*

## **БАДР КАЗАТЫ** (17-Рамазан, 2-жыл / 13- март, 624-жыл)

Хижраттын экинчи жылы Курайштын миң төөлүк чоң соода кербени Дамасктын Газза базарын көздөй жол тарткан эле. Меккенин аттуу-баштууларынан Абу Суфян, Мухаммад бин Навфал жана Амр бин Ас сыяктуу отуз-кырк адамдан турган топ кербенди көзөмөлдөө үчүн кербен менен кошо чыккан эле.

Курайш бутпарастары мусулмандардын ажылыкка (Мекке шаарына) барууларына тоскоол болгондуктары үчүн мусулмандардын да өч алуу максатында алардын Дамаскка баруучу соо-

да кербенине тоскоол болоорун сезип турушкан. Алар мына ушул кооптонуу менен Дамаск шаарынан артка чегинет. Абу Суфян Дамдам бин Амрдын өз чөнтөгү үчүн жыйырма мискал[102] алтын акча берип (жалдап), Табуктан шашылыш түрдө Меккеге жөнөтөт.[103]

Алла Элчисинин эжеси (атасынын кыз бир тууганы) Атика, Дамдамдын Меккеге аттанышынан үч күн мурун түш көрүп негедир жүрөгү сайгылашып тынчсызданат. Бир тууганы Аббаска:

-Бир боорум! Түшүм мени аябай тынчымды алып жатат. Элдин башына бир белээ келчүдөй болуп турат! Бул түштү сага айтам, эч кимге айтпа! -дейт.

Азирети Аббас:

-Эмне түш көрдүн? - дейт.

Азирети Атика:

-Төөгө минген бир адам келип Абтахта (Мухассаб менен Меккенин ортосундагы аймак) туруп:

-Эй, оопасыз жамаат! Үч күнгө чейин согуш майданына, кылычтын мизинен өтчү жеринерге жетишкиле!» - деп үч жолу кыйкырды. Аны көргөн эл дароо анын жанына топтолуп калышты. Анан баягы адам Масжиди Харамга (Каабага) кирди. Эл да аны ээрчип баратты. Адамдар аны курчап алса да, Каабанын аркасында дагы баягы сөзүн үч жолу кайталап кыйкырды. Андан соң Абу Кубайс тоосуна чыгып, ал жерде дагы ошол сөздөрүн кайталады. Андан кийин бир ташты ордунан козгоп төмөндү көздөй тоголотуп жиберди. Баягы таш жогортон төмөн көздөй тоголонуп барып, тоонун этегине жеткенде чачырап кетти. Меккедеги ар бир үйгө таштын чачырандылары тийди! - дейт.

102. Мискал - салмак бирдиги, бир жарым дирхамдык салмак, (4 карат, 4, 618 грамм)
103. Ибн Хишам, II, 244; Вакиди, II, 27-28

Азирети Аббас:

-Валлахи, бул өтө маанилүү түш! Бул түшүндү эч кимге айтпа! - дейт.

Азирети Аббас, азирети Атиканын жанынан кеткенден кийин досу Валид бин Утбага жолугат. Түштү ага да айтып, муну эч кимге айтпоосун эскертет. Валид атасына айтат. Ошентип бул түш Меккеге жайылып кетет. Ал тургай ар түрдүү жыйындарда да айтыла баштайт.

Азирети Аббас мындай дейт:

«Абу Жахил мага:

-Эй, Абдулмутталибдин урпактары! Мына бул аял пайгамбарыңар качан пайгамбар болду?! Эми эркектериңер калып, аялдарыңар «пайгамбармын» - деп чыгыштыбы?! Атика түшүндө бир адамды көрүп, ал адам: «Үч күнгө чейин кылычтын мийизинен өтө турган жериңерге жетишкиле!» - деген имиш. Көрөбүз, үч күн күтөбүз. Эгер ал айткан сөз туура чыкса, албетте бир нерсе болот. Ал эми үч күн өткөн соң эч нерсе болбосо, силер тууралуу арап элине аялдарыңардан өткөн жалганчы жок экенин жаябыз - деди.

Бул нерсе анын оюндагыдай нерсе эместигин (Атика өзүн пайгамбарлыкка таңуулабаганын) айттым. Валлахи, өмүрүмдө мен үчүн муну четке кагуудан да оор нерсе болгон эмес. Атиканын түшүнүн үчүнчү күнү эртең менен колдон чыгарган мүмкүнчүлүктү кайтарып алып каламбы - деген тилек менен ачууланып, Каабага кирип бардым. Абу Жахилдин сөзүн кайталап, аны менен кармашып кете жаздадым. Абу Жахил Каабадагы Сахм уулдарына таандык эшикти көздөй качып калды. Ичимден: «Кудайдын каргышына калгыр, менден коркуп качып баратканын кара»-дедим. Көрсө, ал Дамдамдын үнүн уккан экен! Мен аны уккан эмесмин. Төөсүнүн мурду жырылып, ээри омкорулуп,

көйнөгү айрылган Дамдам Меккенин ортосунда бүт үнү менен ач айкырыгын салып:

-Эй, Курайш эли! Кербен! Кербен! Мухаммад сахабалары менен Абу Суфяндын мал-мүлкүнө кол салды! Ага жетишпей калдыңар?! Жардамга! Жардамга!» - деп кыйкырып жатты. Анын ач айкырыгы экөөбүздүн ортобуздагы чатакка чекит койду» *(Ибн Хишам, II, 244-247; Вакиди, I, 29-31).*

Ошентип, Курайш уруусу ошол замат кол топтоп, согушка даярдык көрө баштайт. Алар үч-төрт күн кызуу даярдык көрүшөт. Курал-жарактарын сатып алышат. Байлары кедейлерине бүт күчүнүн жетишинче жардам беришет. Сухайл бин Амр, Зама бин Асвад сыяктуу аттуу-баштуулар:

-Төө каалагандарга, мына төө! Азык каалагандарга мына! Бардыгыңар согушка чыккыла! Бирөө да калбасын! Эгерде Мухаммад соода кербенинерди колго түшүрсө, кайра силерге кол салып Меккеге да кирип келет! - дешет.

Бул казатка эркектердин баары даярданышат. Ал эми бул казатка чыга албай калгандар ордуларына башка адамдарды жалдап жөнөтүшөт. Бадрга жолго чыга турган күнү Абу Жахил кошуунга: «Төөлөрүнөргө мингиле!» -деп буйрук берет. Негедир Умаййа бин Халаф согуш майданына баруудан баш тартат. Анткени ал заалым бутпарас өзүнүн мусулмандар тарабынан өлтүрүлө тургандыгын чынчыл, ишенимдүү Алла Элчисинен уккан эле. Ошондуктан Умаййа бин Халаф:

-Валлахи, Мухаммад эч качан калп айтпайт! - деп катуу коркот.

Абу Жахил Умаййага бир жагынан намысына тийген, бир жагынан ага дем берген сөздөрдү айтып жатып, аны бул казатка эптеп көндүрөт. Ошентип бутпарастар жолго чыгышат.

* * *

Утба бин Рабиа менен бир тууганы Шайба курал-жарактарын оңдоп башташканда, кулу Аддас:

-Эмне кылып жатасыңар? -деп сурайт.

-Таифтеги жүзүм багыбызда баягы адамга жүзүм сунганыңды билесиңби?

-Ооба билем.

-Биз ошол адам менен согушабыз! -дешет.

Аддас атып туруп, экөөнүн бутуна жабышып:

- Суранам, барбагыла! Ал чыныгы Пайгамбар! Арийне, силер жеңишке жетпейсиңер! - деп көз жашын төгүп кирет. Бирок Утба менен Шайба анын сөзүнө кулак салбай жолго аттанышат.

* * *

Согушка бутпарастардан болжол менен 950-1000 адам аттанган эле. Алардын жүзү же эки жүзү атчан, жети жүзү төө минип келатышкан эле. Көбү соот кийимчен. Курайштын аттуу-баштууларынын баары бар эле. Өздөрү менен кошо ырчы күңдөрүн да ала чыгышкан эле. Күңдөрүнө мусулмандарга акаарат келтирген ырларды ырдатып, чер жазышат.[104]

Рамазан айынын он экиси. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* азирети Абдуллах бин Умму Мактумду ордуна өкүл катары дайындап, 313 кишилик аскери менен Мединадан Бадрды көздөй жолго чыгышат. Жоокерлердин алтымыш төртү мухажир, калганы ансар сахабалардан эле. Үчү атчан, жетимиши төөчөн, калганы жөө аскер эле.[105]

Азирети Пайгамбарыбыз Мединага бир чакырым алыс жайгашкан «Буютус-Сукия» - деген жерде жоокерлерин токтотот.

104. Вакиди, I, 31-39; Бухарий, Манакиб, 25; Ибн Касир, аль-Бидая, III, 294-295.
105. Вакиди, I, 23-24; Ибн Хишам, II, 250-251; Ибн Саад, II, 12

Жаш уландарды артка кайтарат. Азирети Саад бин Абу Ваккас *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жаш уландарды Мединага жөнөтүп жаткандыктан бир тууганым Умайрдын жашынып жатканын көрдүм:

-Эмне болду сага? - дедим.

-Алланын Элчиси мени да кичине көрүп, Мединага кайтарып жиберишинен коркуп жатам! Мен болсо согушка жан дилим менен баргым келип жатат. Алла Таала мага да шейиттиктин шербетинен насип кылар деген үмүтүм чоң! - деди. Чындында да  Алланын Элчиси Умайрды кичине деп таап:

-Сен да артка кайт! - деди. Умайр ыйлай баштады. Алланын Элчиси *(алейхис-солаату вас-салаам)* анын мындай берилгендигин эске алып, ага уруксат берди. Ал Бадрда кырчындай 16 жаш курагында шейит кетти» *(Вакиди, I, 21; Ибн Саад, III, 149-150).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сахабалары менен жолго чыкканда төөлөрдүн саны жетишсиз болгондуктан бир төөгө кезектешип үч адамдан минип жатышкан эле. Азирети Пайгамбарыбыз төөсү Касвага азирети Али жана Абу лубаба менен кезектешип минип келатышкан эле. Жөө басуу кезеги Пайгамбарыбызга келгенде:

-О, Алланын Элчиси! Сураныч, сиз мине бериңиз! Биз сиздин ордуңузга басабыз - дешет. Алланын Элчиси болсо:

-*Силер жөө басууга мен чыдагандай чыдай албайсыңар. Ошондой эле, силер тапкан соопту мен да тапкым келет* - дейт *(Ибн Саад, I, 21; Ахмед, II, 422).*

Алланын Элчиси бул кадамы менен Аллага болгон сүйүүсүн, Аллага жакындоону канчалык каалаганын көрсөтүү менен бирге бүтүндөй адамзатына адилеттүүлүккө, адамдын акысына канчалык деңгээлде маани берүү керектигин көрсөткөн.

Алланын Элчиси андан соң Абу Лубабаны *(Алла ага ыраазы болсун!)* өзүнө өкүл катары дайындап Мединага жөнөтөт.[106]

Жалгыз Аллага гана баш калкалаган, бүт муктаждыгын Алладан гана сураган Пайгамбарыбыз Ислам жоокерлерин кийим-кечеси жагынан да, курал-жарагы жагынан да начар абалда болгонун көрүп, чыдабай Жаратканга алакан жайып дуба кылат:

*«Оо, Жараткан Алла! Булардын төөлөрү да, аттары ды жок. Сен аларга мине турган мал-жандык бере көр! Оо, Жараткан Алла! Булардын бутунда кийерге кийими жок. Жылаңаяк. Аларды Өзүң камсыз кыла көр! Оо, Жараткан! Булардын карды ач! Аларды Өзүң тойгуза көр!»*

Мына ушул дубанын берекеси менен мусулмандар Бадр согушунда жеңишке жетип, үйлөрүнө ар бири, бир же эки төөлүү болуп, жаңы кийим кийип, курсактары да ток кайтышкан *(Абу Давуд, Жихад, 145/2747).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Рамазан айында болгон оор согушта жоокерлерге ооздорун ачуусун буюрат. Анткени согуш - деген согуш эле. Жоокер деген күчтүү, берен болуусу зарыл болучу. Бадрга катышкан жоокерлер орозолорун каза кылып, кайра орозо кармашкан эмес.

Ошентип Исламдын алгачкы кошууну Бадр тарапты көздөй жол тартат. Кошуун «Акик» - деген жерге жеткен маалда «Хубайб бин Ясаф» жана «Кайс бин Мухаррис» - деген эки адам согушка катышып, олжодон үлүш алуу максатында кошуунга жетип келишкен эле. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Хубайбга:

-Силер да биз менен чыктыңарбы? -деп сурайт.

106. Ибн Хишам, II, 251.

Хубайб:

-Жок, Сен биздин кыз боордошубуздун уулусун, кошунабызсың. Биз уруубуз менен олжо алуу үчүн чыктык! - деп жооп берет.

Алланын Элчиси:

-Сен Аллага жана Анын Элчисине ыйман келтирдиң беле? -деп сурайт. Ал:

-Жок! – деп жооп берет. Анда Азирети Пайгамбарыбыз:

-Андай болсо артка кайт! Биз, бутпарастан жардам сурабайбыз! - дейт.

Хубайб:

-Өз уруум мени согуштарда дасыккан тайманбас баатыр, эр жүрөк деп билет. Мусулман болбосом да, олжо үчүн жоокерлерине кошулуп, душмандарыңа каршы салгылашсам болбойбу? -дейт.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

-Жок, алгач мусулман болушуң керек, анан согушсаң болот! – дейт да, кошуунуна сапарын улоого буйрук берет.

Бир тай чабым убакыт өткөн соң, Хубайб кошуундун аркасынан жетип келет. Сунушун кайра кайталайт. Бирок жооп ошол бойдон өзгөрбөйт. Хубайб буга абдан таң калат. Анткени Хубайб араптардан чыккан эр жүрөк, алп, баатыр, далай согушту башынан өткөзгөн эрендерден эле. Ошентсе да Алланын элчиси аны бутпарас болгондуктан кошуунга жолоткон эмес эле. Беттеше турган бутпарас кошуундун саны өздөрүнөн үч эсе көп болсо да, Алла элчисинин мындай кадамга барып жатышы Хубайбды катуу ойго салып, таасирлентет. Азирети Пайгамбарыбыздын көлкүгөн көңүлүнө чөмүлүп, буга чейин эч андап-сезбеген ааламдын акыйкат нурун көрөт. Кайра Алла Элчисинин

аркасынан жетип келет. Бирок бул жолкусунда бир башкача дем, бир башкача сезим менен келет. Алла Элчисинин:

*-Жараткан Аллага жана Анын Элчисине ыйман келтирдиңби, эй, Хубайб?!* - деген суроосуна ал толкундануу менен:

-Ооба, о, Алланын Элчиси! - деп жооп берет.

Хубайбдын жообун уккан Алланын Элчиси абдан кубанат да:

*-Эми каалаганыңды кыл!* - дейт *(Муслим, Жихад, 150; Тирмизи, Сияр, 10/ 1558; Вакиди, I, 47; Ибн Саад, III, 535).*

Бул окуядан байкалып тургандай, Ислам динин элге туура жеткизүүгө багытталган иштерде негизги максатка жетүү канчалык оор болбосун, сырткы күчтөрдөн жардам албоо зарыл. Бул жерде адам баласынын милдети - зарыл муктаждыктарды камсыз кылуу, андан соң Жараткан Аллага тобокел кылуу (жыйынтыгын Жаратканга тапшыруу). Азирети Пайгамбарыбыз Хубайб кандай тайманбас баатыр, эр жүрөк болсо да, ага ыйман келтирмейин кошуунга кошулууга уруксат бербегендиги - ыйман деген баа жеткис дөөлөттүн жогорулугун, маанилүүлүгүн көрсөтүп, жалпы үммөткө үлгү болгон. Анткени ал улуу Пайгамбар ар бир ишинде жалгыз Аллага баш калкалап, Аллага гана жалбарып, чыныгы жардам, жакшылык жалгыз Алладан гана келерин билген. Бүткүл дүйнөнүн Нуру атанган Пайгамбарыбыз ар дайым:

حَسْبُنَا اللهُ وَنِعْمَ الْوَكِيلُ

**«...Алла Таала бизге жетиштүү! Ал кандай гана жакшы өкүл (жардам берүүчү Улуу Зат)!»** *(Аали Имран сүрөсү, 173-аят)* - деген аяттагы Жаратканга тобокел келтирүүнүн теңдешсиз үлгүсүн көрсөткөн.

* * *

Хузайфа *(Алла ага ыраазы болсун!* мындай дейт:

«Атам Хусайл экөөбүз жолго чыккан элек. Курайш каапырлары бизди кармап алышты:

-Силер Мухаммаддын катарына кошулганы жатасыңар -дешти.

Биз:

-Жок, Мединага бул максатта эмес, башка иштерибиз менен кетип баратабыз - дедик. Бизден Алла Элчисинин катарында орун алып Аны менен бирге согушпай турганыбызга Алланын атынан сөз алышты. Мединага барып, жагдайды Алланын Элчисине түшүндүргөнүбүздө Ал:

*-Андай болсо жолуңар ачык. Биз берген сөзүңөргө бекем турушуңарды каалабайбыз. Душмандарга каршы Алладан жардам сурайбыз!* -деди. Менин Бадр согушуна катышпай калышымдын себеби ушул» *(Муслим, Жихад, 98).*

Бул окуя да азирети Пайгамбарыбыздын ар дайым убадага бекем турууга өзгөчө маани бергендигин айдан ачык айгинелеп турат.

* * *

Бадр согушуна аял кишилерден да баргысы келгендер болгон эле. Алардан бири Умму Варака Алла Элчисине келип:

-О, Алланын Элчиси! Мага уруксат берсеңиз, жарат алгандарды дарылап, аларды карар элем. Балким, Жараткан Алла мага шейиттикти насип кылар! - дейт.

Азирети Пайгамбарыбыз:

*-Сен үйүңдө отуруп Куран оку! Алла Таала сага шейиттиктин шербетин насип этет!* - деп жооп берет.

Ошентип Умму Варака *(Алла ага ыраазы болсун!)* эл оозун-

да «Шахида» (шейит) - деген ат менен таанылып калат. Ал чын дилинен шейит болгусу келээр эле. Ал өмүрүнүн акырында азирети Умардын халифалыгы учурунда чүпүрөккө тумчуктурулуп киши колдуу болуп, шейит кеткен эле. Суук кабарды уккан азирети Умар:

-*Алла жана Элчиси (дайыма) туура айтат!* - деп, күнөөлүүлөрдү таап, тийиштүү жазаларын берет *(Абу Давуд, Солаат, 61/591; Ибн Хажар, аль-Исаба, IV, 505).*

* * *

Абу Суфян мусулмандардын Бадр тарапка жол тартканын угуп, кербенди дароо башка тарапка бурат. Бадрдын сол тарабынан өтүп Кызыл деңизди көздөй жол арбытат.[107] Ошентип Абу Суфян соода кербенин куткарып, Курайш кошуунуна ат чаптырып:

-Силер кербендериңерди, адамдарыңарды жана мал-мүлкүңөрдү коргоо үчүн жолго чыктыңар. Сүйүнчү, Кудай аларды куткарды. Артка кайта берсеңер болот! -деген куш кабарын жөнөтөт.

Абу Суфяндын кабары келген соң Ахнас бин Шариктин сунушу менен өз уруусу Зухра жана Адий бин Кааб тукуму артка кайтышат. Абу Жахил:

-Бадрга барбай туруп артка кайтмак жок! Биз ал жерде үч күн турабыз. Төөлөрүбүздү союп, той өткөрөбүз. Аялдар ырдапбийлешет. Айланабыздагы араптар бизди угуп, мындан кийин бардыгы бизден коркуп турушат! Кана эмесе, кеттик! - деп бутпарастарды дүрбөтөт.

Абу Суфян Курайш кошууну Абу Жахилге моюн сунуп артка кайтпаганын угуп, өзүнчө улутунуп:

107. Ибн Хишам, II, 57

-Эх, Курайш уруусу! Бул Амр бин Хишамдын (Абу Жахил) жасаган иши! Артка кайткысы келбегени, өз кызыкчылыгы, элди жалгыз өзү бийлөө кызыкчылыгы. Бул - чектен чыккандык, аша чапкандык! Чектен чыккандык – бул кемчилдик, каражолтойлук, жоболондук! -деп катуу өкүнөт *(Вакиди, I, 43-45; Ибн Хишам, II, 258).*

Ал эми азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* болуп жаткан саясий кырдаалды көрүп, аргасыздан согушка кадам таштоого туура келээрин түшүнүп сахабаларына:

*-Кербендин аркасынан түшкөн онбу же Курайш кошуунун алдынан тозуп чыгуу онбу?* - деп суроо узатат.

Мухажирлерден азирети Абу Бакир менен азирети Умар *(Алла аларга ыраазы болсун!)* Курайш кошуунун тозуп чыгууга даяр тургандыгын билдиришет.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ансарлардын да пикирин уккусу келет. Ансарлардан азирети Микдад бин Асвад *(Алла ага ыраазы болсун!)* төмөнкү пикир-оюн айтат:

-О, Алланын Элчиси! Биз жөөттөр сыяктуу Мусага айтканындай **«Сен өзүң жана Жаратканың экөөң барып алар менен согуша бергиле!»** *(Маида сүрөсү, 24-аят)* - деп айтпайбыз. Биз Сага Акабада берген сөзүбүзгө туруп, Сенин оң тарабында, сол тарабында, алдында жана арканда жөлөк болуп, бүт күчүбүздү салып душмандар менен салгылашууга дайым даярбыз!...»[108] *(Бухарий, Магази, 4; Тафсир, 5/4)*

Азирети Микдаддан соң азирети Саад бин Муаз *(Алла ага ыраазы болсун!)* туруп:

108. Ибн Масуд (Алла ага ыраазы болсун!) мындай дейт:

«Микдад бин Асваддын оор салмактуу, маани-маанызддуу сөзүнө күбө болдум. Ошол сөздүн ээси болуу мен үчүн (сооп өнүтүнөн алганда) ага тең келе турган маанилүү сөздөрдөн алда канча сүйкүмдүү...» (Бухарий, Магази, 4; Тафсир, 5/4 )

-О, Алланын Элчиси! Биз Сага ыйман келтирип ишендик. Сен алып келген Курандын ак экендигине күбө болдук. Кандай кадам таштасаңыз, өз эркиңиз! Эгер деңизге кирсеңиз, сиз менен бирге биз да киребиз. Ансарлардан бир да жоокер артка кайтпайт! - деп жүрөктөн чыккан сөздөрүн айтат.

Мындай берилгендик, моюн сунуучулук, жүрөк толо ыйман менен айтылган сөздөрдөн кийин азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жүзүнөн нуру тамылжып, кут төгүлгөн ууртунан жылмайып, Жаратканга алакан жая дуба кылган соң, кутман сахабаларына:

*-Кана эмесе! Жараткан Алланын берекеси менен кадам таштайлы! Силерге сүйүнчү! Алла Таала эки тайпадан биррөөсүн убада кылды.*[109] *Валлахи, мен Курайш кошуунун согуш майданында жеңилүүгө учурап жатканын көрүп турам...»* *(Муслим, Жихад, 83; Вакиди, I, 48-49; Ибн Хишам, II, 253-254)* - дейт.

Ислам кошууну Бадрга келген кезде Курайш кошууну эбак келип кум дөбөнүн аркасында «Йелйел» - деген жерде күтүп турушкан эле. Суу кудуктары Медина тарабында эле.[110]

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сахабалары менен бирге Бадрдагы суунун башына келип, орукту кайсыл жерге куруу жөнүндө ансарлар менен кеңешет. Азирети Хубаб бин Мунзир *(Алла ага ыраазы болсун!)* :

-О, Алланын Элчиси! Бул жер орукка ылайык эмес. Курайшка эң жакын турчу суунун башына барып, орукту ошол жерге курсак жакшы болот деп ойлойм. Анан өзүбүздүкүнөн башка суу кудуктарын жаап салалы. Биз турган жердеги кудуктан чыккан сууну айланта тозуп, көлмө жасайлы - деген оюн

109. Анфал сүрөсүнүн 7-аятында согуш майданында жеңилип туткунга түшүүсү убада кылынган эки тайпадан бири Курайш кошууну, экинчиси Курайшка караштуу Дамасктан келе жаткан чоң соода кербени болгон.

110. Ибн Хишам, II, 259.

ортого салат.

Бүткүл ааламдын сыймыгы атанган Пайгамбарыбыз Хубабдын сунушун туура көрүп, кабыл алат[111] *(Ибн Хишам, II, 259-260; Ибн Саад, II, 15).*

Хаким бин Хизам сыяктуу бир топ бутпарастар мусулмандардын көлмөсүнө келишет. Жоокерлер алардын жолун тороордо Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* :

-Жөн койгула, ичип алышсын! - деп буюрат. Бутпарастар суудан ичип, кайтып кетишет. Бадр согушунда сууга келгендерден Хаким гана аман калат. Хаким кийин мусулман болот. Хаким мусулман болгондон кийин ар дайым сөзүн бекемдеп:

-Жок! Мени Бадрда өлүмдөн куткарып, ыйман ырыскысын ыроологон Алла Таалага ант берем!... - дээр эле *(Ибн Хишам, II, 261).*

Алланын Элчиси бир аздан кийин боло турган согушта душмандардын суу ичишине уруксат берип жатышы – бизге анын адамдык касиетинин жогорулугун, бийиктигин дагы бир ирет даназалоо менен бирге адамдарды туура жолго чакыруунун үлгүсүн да көрсөтөт. Ошондой эле, Пайгамбарыбыздын мына ушул сыяктуу жылуу жүрүм-туруму нечелеген таш боорлордун жүрөгүн ийге келтирип, ыйман нуруна жуурулушуна себепкер болгон.

* * *

Ислам кошууну белгиленген жерге орук курган соң азирети Саад бин Муаз *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-О, Алланын Элчиси! Биз Сага көлөкөлүү саябан тургузалы. Төөлөрүң жанында турсун. Душмандар менен биз согушабыз. Эгер Жараткан Алла күч-кубат берип, жеңишке жетип калсак,

111. Бадр аймагынын тургундарынын билдирүүсү боюнча, Бадрдагы кум дөбөлөрү беш – он жылда бир шамал менен жер которуп турат. Бирок Алла Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) орук курган жердеги кум обочосу ошол бойдон жер которбой келет.

анда жакшы! Эгер жеңишке жетпей калсак, Сен атыңа минип, артта калган боордошторубузга барып баш-көз бол! О, Алланын Пайгамбары! Алар да Сени биз сыяктуу жакшы көрүшөт. Эгерде алар Сенин согуш майданына кире турганыңды билгенде, алар бул согуштан калбас эле. Алла Таала сени ошолор менен коргойт. Алар Сага жан көңүлдөрү менен берилген. Алар да Алланын жолунда жихад кылууга дайым даяр! - деп Аллага жана Пайгамбарыбызга болгон терең сүйүүсүн жана Ага болгон күйүмдүүлүгүн билдирет.

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* азирети Саадды алкап, ага ак батасын берет. Азирети Саад *(Алла ага ыраазы болсун!)* ошентип кылычын колго алып, саябандын оозунда Пайгамбарыбызды кайтарып, күзөттө турат *(Ибн Хишам, II, 260; Вакиди, I, 49).*

Алланын Элчиси азирети Умардан *(Алла ага ыраазы болсун!)* акыркы жолу дагы Курайш уруусуна:

-*Артка кайтып кеткиле! Мен үчүн силер менен согушуудан башка кол менен согушуу алда канча артык!* - деп айттырып жиберет.

Хаким бин Хизам:

-Бул туура кадам! Муну дароо кабыл кылгыла! Валлахи, мындан кийин силерге мындай ынсаптуу мамиле болбойт! - деген оюн билдирет.

Абу Жахил:

-Кудайга[112] касам ичем! Бизге мүмкүнчүлүк жаралган соң

112. Ислам келбестен мурун араптар дагы Алланын бар экендигин кабыл алышкан. Бирок алар Алладан башка кудайларга дагы сыйынгандыктан, тавхид ишениминен өтө алыстап калышкан. Ошондуктан алар дагы Алланын атын оозанып, Анын улуулугун билдирген сөздөр менен касам иче турган. Араптардын ширкке (Аллага орток кошуу) кадам таштоолорунун себеби, Аллага жакындоо, Алланын алдында жардам бере турган шапаатчы табуу же шарапат, улуктукка ээ болуу өңдүү ар түрдүү максаттар менен аша чаап айкелдерге сыйынып кетишкендиктеринде жатат. (Анкабут сүрөсү, 61; Зумар сүрөсү, 3)

өчүбүздү алмайынча артка кайтпайбыз! Алардын ким экендиктерин көздөрүнө көрсөтөбүз, мындан кийин тынчы жиберип, соода кербендерибиздин тынчын албас болушат - деп сөздү кесе сүйлөп, бутпарастарды согушка үндөйт (Вакиди, I, 61-65).

Курайштын аттуу-баштуулары Умайр бин Вахб менен атчандардын башчысы Абу Усаманы Ислам кошуунуна чалгынга жөнөтөт. Ислам кошуунуна чалгынга барып келген бу эки тынчы мындай деп келишет:

-Валлахи, алардын согушка даярдыгы начар! Төө-аттары да, жоокерлери да аз! Бирок алар артка чегинүүнү эмес, өлүмдү эңсеп турушат! Алардын курал-жарактары жокко эсе. Болгону кылычтары гана бар. Андан башка эч нерселери жок! *(Вакиди, I, 62).*

Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* кечинде:

-Мына ушул жерде Алла Таала буюрса, эртең баланча кылычтын мизинен өтөт! -деп бутпарастардын аттуу-баштууларынын өлө турган жерлерин бир бирден көрсөтүп жатты. Пайгамбарыбызды чыныгы пайгамбар кылып жөнөткөн Жараткан Аллага ант берем! Аты аталган бутпарастардан бирөө да Алла Элчиси айткан жерден башка жерде өлгөн жок. Алардын бардыгы бир кудукка коюлду» *(Муслим, Жаннат, 76; Жихад, 83).*

Мусулмандар Бадрда кумдак жерге жайланышкан эле. Ошондуктан адам ал жерден басып кетүүсү кыйын эле. Анын үстүнө суу азайгандыктан суу маселеси курч болуп турган. Даарат, гусул алууда суунун аздыгынан бир топ кыйынчылыктар жаралган эле. Мына ушундай мүмкүнчүлүктөн пайдаланган шайтан бир тараптан суу маселесинин күч алганын, экинчи жагынан душмандардын ого эле көп санда болгонун айтып мусулмандардын жүрөгүнүн үшүн алууга жан далбас уруп жаткан эле.

Ошол түнү Алла Таала жамгыр жаадырат. Суулар агып

келе баштайт. Мусулмандар идиш-аяктардын баарысын толтуруп алышат. Даарат алып, жуунуп-тазаланып, мал-жандыктарын сугарып да коюшат. Басылбай жааган жамгыр чаң-топуракты да басат. Курайш бутпарастары жамгырдан улам ордуларынан жыла алышпай, айласын таппай калышат. Алла Таала мусулмандарга мээримин төгөт. Түнүчүндө бейпил укташат. [113]

Алла Таала бул жагдай жөнүндө мындай буюрат:

إِذْ يُغَشِّيكُمُ النُّعَاسَ أَمَنَةً مِّنْهُ وَيُنَزِّلُ عَلَيْكُم مِّن السَّمَاءِ مَاءً لِّيُطَهِّرَكُم بِهِ وَيُذْهِبَ عَنكُمْ رِجْزَ الشَّيْطَانِ وَلِيَرْبِطَ عَلَى قُلُوبِكُمْ وَيُثَبِّتَ بِهِ الأَقْدَامَ

**«Ошондо көңүлүңөр ток болушу үчүн силерди Өзү уйкуга чөмүлтүп, (даарат, гусул алдырып) тазартып, силерди шайтандын азгырыгынан алыс кылуу үчүн, дилиңерди бир жана кадамыңарды бекем кылуу үчүн үстүңөргө асмандан суу-жамгыр жаадырган эле»** *(Анфал сүрөсү, 11-аят)*

Ал эми ошол түнү азирети Пайгамбарыбыз түнү бою намаз окуп, Жаратканга алакан жайып дуба кылган эле. Азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Мен жакшы билем, Бадрда ошол түнү Алланын Элчисинен башка баарыбыз өтө бейпил абалда уктаганбыз. Алланын Элчиси болсо, ал түнү жерге жарык түшкөнчө бир дарактын алдында намаз окуп, көз жашын төккөн» *(Ибн Хузайма, II, 52).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жерге жарык түшүп, багымдат намазынын убактысы кирген сон:

-*Эй, Алланын кулдары! Намазга!* - деп үн чыгарып бизди ойготуп, намазда имамдыкка өтүп, багымдат намазынан сон, му-

113. Табари, Тафсир, IX, 256-261

сулмандарды жихадка үндөйт *(Ахмед, I, 117).*

Согуш майданына чыкпастан оболу Алланын Элчиси колундагы жаанын жебеси менен сахабаларды «Сен бери кел, сен артка!» - деп катарга тизип, кошуундун санын алат. Бул учурда катардан алдыга чыгып турган азирети Савад бин Газияны кардынан түртүп:

-Савад! Катарга тизил! - деп буйрук берет. Азирети Савад:

-О, Алланын Элчиси! Денем ооруп калды! Алла Таала сени акыйкат менен жиберген. (Ошондуктан мен) кысас[114] өкүмүнүн жүзөгө ашышын талап кылам! - дейт. Азирети Пайгамбарыбыз дароо курсагын ачат. Ансарлар:

-Эй, Савад! Ал - Жараткан Алланын Элчиси! (Сен эмне кылып жатасын?!) - дешет. Савад:

-Адилеттүүлүктө эч ким эч кимден эч кандай жогору боло албайт - дейт. Алланын Элчиси:

-Кана, өчүндү ал! – деп кардын тозот.

Азирети Савад ошол замат мүмкүнчүлүктөн пайдаланып бүткүл ааламдын Нуру Алла Элчисинин кардынан өөп калат.

Азирети Пайгамбарыбыз:

-Эй, Савад! Эмне үчүн мындай кадамга бардын? - деп сурайт.

Анда азирети Савад:

-Көрүп турасыз, бардыгыбыз согушка даяр турабыз! (Анткени) Мен эн акыркы көз ирмемимдин Сени менен болушун жан дилимен каалайдым! - деп жооп кайтарат. Андан сон Алланын Элчиси ага дуба кылат *(Ибн Хишам, II, 266-267; Ибн Саад, II, 15-16).*

114. Кысас – тигил же бул адамдын акысын алып берүүчү шарият өкүмү. Бул өкүмгө ылайык, ким кимге кандай зулумдук кылса, зулумдук көргөн адамга дал ошондой жаза берилет.

Эки кошуун Рамазан айынын он жетисинде жума күнү Бадр майданында жолугат. Асман чайыттай ачык эле. Аптап. Дем кыстыгат. Араптар ушул күнгө чейин уруу-уруу болуп, жер талашып, бийлик-мансап талашып же бири-биринен өч алуу сыяктуу себептер менен согушуп келишкен. Ал эми бул согуш такыр башкача өңүттө эле. Дин! Эми минтип диний сезим араптардын уруучулук сезиминин ордун ээлеп, жокко чыгарып олтурган эле. А түгүл мында ата, аба, таяке, уул, бир тууган сыяктуу жакын туугандар да бири-бирине кылыч кезеп турган эле. Бул күнү Азирети Абу Бакир уулу менен, азирети Абу Убайда бин Жаррах атасы менен, Азирети Хамза бир тууганы менен эрөөлгө чыгышкан эле. Бул көрүнүш терең маани-маңыздуу үлгү эле!

Алла Таала бул багытта мындай дейт:

قَدْ كَانَ لَكُمْ آيَةٌ فِي فِئَتَيْنِ الْتَقَتَا فِئَةٌ تُقَاتِلُ فِي سَبِيلِ اللّهِ وَأُخْرَى كَافِرَةٌ يَرَوْنَهُم مِّثْلَيْهِمْ رَأْيَ الْعَيْنِ وَاللّهُ يُؤَيِّدُ بِنَصْرِهِ مَن يَشَاءُ إِنَّ فِي ذَلِكَ لَعِبْرَةً لَّأُوْلِي الأَبْصَارِ

**«Силер үчүн бири Алланын жолунда согушкан, экинчиси каапыр болгон эки кошуундун кагылышуусунда белги (б.а., үлгү, сабак) болгон эле. Алар (Мусулмандар) өз көздөрү менен (каапырлардын) эки эсе көп экенин көрүп турушкан эле. Алла Таала болсо, өзү каалаган адамдарды жеңишке ээ кылуу менен колдойт. Албетте, бул (окуяда) пикир ээлери үчүн үлгү бар»** *(Аали Имран сүрөсү, 13-аят)*

Согуш майданына башын какыйтып чыккан бутпарастар өздөрүн жеңилбес тайманбас, эр жүрөк сезип турушкан. Алла Таала бутпарастардын бул абалын Куран аяттарында мындайча сүрөттөйт:

وَلاَ تَكُونُواْ كَالَّذِينَ خَرَجُواْ مِن دِيَارِهِم بَطَراً وَرِئَاء النَّاسِ وَيَصُدُّونَ عَن سَبِيلِ
اللّهِ وَاللّهُ بِمَا يَعْمَلُونَ مُحِيطٌ وَإِذْ زَيَّنَ لَهُمُ الشَّيْطَانُ أَعْمَالَهُمْ وَقَالَ لاَ غَالِبَ
لَكُمُ الْيَوْمَ مِنَ النَّاسِ وَإِنِّي جَارٌ لَّكُمْ فَلَمَّا تَرَاءتِ الْفِئَتَانِ نَكَصَ عَلَى عَقِبَيْهِ وَقَالَ
إِنِّي بَرِيءٌ مِّنكُمْ إِنِّي أَرَى مَا لاَ تَرَوْنَ إِنِّيَ أَخَافُ اللّهَ وَاللّهُ شَدِيدُ الْعِقَابِ

**«Адамдарга өздөрүнүн артыкчылыгын көргөзүү үчүн үй-жайларын калтырып, Алланын жолунан тосуп, мактанып чыккандар сыяктуу болбогула! Алла Таала алардын эмне кылып жаткандарын билет. Ошондо шайтан алардын кылыктарын коздоп көрсөтүп: - Бүгүн адамдардан силерди жеңе турган бир да күч жок. Чынында мен силерге жардамчымын - деди. Эми эки жамаат беттешкенде, ал (шайтан) терс бурулду да: - Мен силерден алысмын. Мен силер көрбөгөндү (периштелерди) көрүп турам. Чынында, мен Алладан коркомун. Алланын азабы өтө оор! - деди»** *(Анфал сүрөсү, 47-48-аяттар).*

Алла Таала алардын текебердигин ай-асманга сапырат:

**«Акыйкатта каапырлар байлыктарын адамдарды Алланын жолунан чыгаруу үчүн жумшашат. Алар (ушул максатта мал-мүлкүн) сарпташса да, кийин ошол (байлыктары) өздөрүнө өкүнүч болот. Жеңилүүгө дуушар болушат. Каапырлар тозокко топтолот»** *(Анфал сүрөсү, 36-аят).*

## Периштелердин жардамы

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бутпарастарга көз жүгүртөт. Алар болжол менен миң адамдын айланасында эле. Ислам кошуунунда болгону үч жүз он киши гана бар

болучу.[115] Дароо кыбылага бурулуп, үнүн чыгарып, Жараткан Аллага жалбарат:

*«Оо, Жараткан Алла! Мага берген убадаңды орундата көр! Мени (бул согушта) жеңишке жеткире көр! Оо, Жараткан! Эгер бул Ислам кошуунун жок кылсаң, жер бетинде Сага ибадат кыла турган адам калбайт!»*

Пайгамбарыбыз алаканын асманга жая көтөрүп, Жаратканга көпкө жалбарып тургандыктан үстүндөгү чепкени жерге шыпырылып түшөт. Куттуу чепкендин жерде жатканын көргөн азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун!)* дароо чепкенди алып, Пайгамбарыбыздын ийинине жаап:

-О, Алланын Элчиси! Жаратканга жалбарганыңыз жетиштүү. Улуу Жараткан Алла Таала сизге берген убадасын албетте, орундатат - дейт.

Мусулмандардын бардыгы Жаратканга ичтеринен жалынып-жалбарышат. Бул жөнүндө Куранда мындайча баяндалат:

إِذْ تَسْتَغِيثُونَ رَبَّكُمْ فَاسْتَجَابَ لَكُمْ أَنِّي مُمِدُّكُم بِأَلْفٍ مِّنَ الْمَلآئِكَةِ مُرْدِفِينَ
وَمَا جَعَلَهُ اللّهُ إِلاَّ بُشْرَى وَلِتَطْمَئِنَّ بِهِ قُلُوبُكُمْ وَمَا النَّصْرُ إِلاَّ مِنْ عِندِ اللّهِ إِنَّ اللّهَ
عَزِيزٌ حَكِيمٌ

**«Ошондо Жаратканадан жардам тилегениңерде, Ал силерге жооп кылып:**

**-Мен силерге удаама-удаа миндеген периштелерди жиберип, жардам берем - деди. Алла Таала куш кабар**

115. Бараа (Алла ага ыраазы болсун!) мындай дейт:

«Биз Азирети Пайгамбарыбыздын сахабалары, Бадрга чыккан сахабалардын саны Талут менен бирге дайраны кечип өткөн мусулман аскердин санынчалык, б. а. үч жүз он киши болгонун айтар элек» (Бухарий, Магази, 6; Тирмизи, Сияр, 38/1598)

**болсун, көңүлүңөр ток болсун үчүн ушундай кылды. Жеңиш Алланын гана даргөйүнөн келет. Чындыгында Алла Таала – дайыма үстөмдүк кылуучу жана Даанышман (Зат!)»** *(Анфал сүрөсү, 9-10-аяттар)*

وَلَقَدْ نَصَرَكُمُ اللهُ بِبَدْرٍ وَأَنتُمْ أَذِلَّةٌ فَاتَّقُواْ اللهَ لَعَلَّكُمْ تَشْكُرُونَ إِذْ تَقُولُ لِلْمُؤْمِنِينَ أَلَن يَكْفِيكُمْ أَن يُمِدَّكُمْ رَبُّكُم بِثَلاَثَةِ آلاَفٍ مِّنَ الْمَلآئِكَةِ مُنزَلِينَ بَلَى إِن تَصْبِرُواْ وَتَتَّقُواْ وَيَأْتُوكُم مِّن فَوْرِهِمْ هَـذَا يُمْدِدْكُمْ رَبُّكُم بِخَمْسَةِ آلافٍ مِّنَ الْمَلآئِكَةِ مُسَوِّمِينَ

**«Акыры Алла Таала Бадр казатында күчсүз болсоңор да, силерди жеңишке ээ кылды. Алладан корккула! Мүмкүн эми шүгүр кылаарсыңар. Момундарга: «Жараткан Эгеңер силерге көктөн түшүрүлгөн үч миң периште менен жардам бериши жетишпейби?» - деген убагыңды эсте! Ооба, эгер сабыр кылып, такыба болсоңор, Жараткан силерге беш миң белгилүү периштеси менен жардам берет»** *(Аали Имран сүрөсү, 123-125-аяттар).*

Алла Таала ошол күнү момун-мусулмандарга периштелерин жардамга жөнөтөт.[116] Мусулмандардын чын ыкласына, ыйманынын бекемдигине жараша алгач миң, үч миң, акырында беш миңдей периште келген эле.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* согуштан мурда аттуу-баштуу бутпарастардын кимисинин кайсы жерде өлө турганын билдирсе да, Жараткан Алла Таала мусулмандарды жеңишке жеткирерин билсе да, жерге жарык түшкөнчө Жараткан Аллага жалбарып, көз жашын чуурутуп дуба

116. Бухарий, Магази, 4, 6; Муслим, Жихад, 58.

кылган. Ушунун өзү кулчулук милдетинин өтө зор мааниге ээ экенин көрсөтүп турат. Алла Таала бизден кулчулуктан башка эч нерсе талап кылбайт. Адамзатынын милдети – бул кулчулук гана. Адам баласы Алла Тааланын ыраазылыгына ээ болуу үчүн өзүн Кудай Тааланын алдында өтө алсыз сезип, чын ыклас менен Ага жалынып-жалбаруусу кажет.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Бадр казаты болуп жаткан күнү:

*«Мына, Жабраил! Атын тизгиндеп, соотун (кийип силерге жардамга келди)!»* - дейт *(Бухарий, Магази, 11).*

Хувайтыб бин Абдулузза мындай дейт:

«Мен Бадрда бутпарастар менен бирге жүрүп, бир топ таң калычтуу окуяга күбө болуп, периштелерди да көргөм. Алар көк-асман менен жердин ортолугунда Курайш бутпарастарын өлтүрүп, туткунга түшүрүп жатты. Ошондо өзүмө-өзүм: - Бул зат (Пайгамбарыбыз) сөзсүз түрдө Алла Таала тарабынан корголуп жатат! -дедим. Өзүм күбө болгон бул нерселер жөнүндө эч кимге ооз ачканым жок» *(Хаким, III, 562/6084).*

Ал эми азирети Абу Давуд ал-Мазини:

«Бадр согушу күнү бутпарастардан бир адамды өлтүрөйүн деп артына түштүм. Колумдагы кылыч баягы адамга жетпей, башы жерге түшүп калды! Ошол учурда аны менден башка бирөө (периште) өлтүргөнүн дароо сездим!» - дейт *(Ахмед, V, 450).*

* * *

Азирети Анас *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Бутпарастар жакындаганда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

-Эни көк-асман менен жердин ортосундагы мейкиндиктей кенен болгон бейишке кадам таштоого өйдө туруп даяр тургу-

ла! - деди. Ансарлардан азирети Умайр бин Хумам *(Алла ага ыраазы болсун!):*

-О, Алланын Элчиси! Эни көк-асман менен жердин ортосундагы мейкиндиктей кенен болгон бейишпи? - деп сурады. Алланын Элчиси:

-Ооба – деп жооп берди. Азирети Умайр:

-Кандай гана керемет, кандай гана зор бакыт! – деди. Алланын Элчиси:

*-Эмне болду?- деп сурады.* Азирети Умайр:

-Жараткан Аллага касам ичем, о, Алланын Элчиси! Мен муну бейишке кире турган адамдардын катарына кошулгум келген үчүн айттым. Мени мындан башка максатым жок!- деп жооп берди. Анда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* :

*-Шек-күмөнсүз сен бейишке киресиң- деди.*

Азирети Умайр бул сөздү угуп, баштыгынан бир канча курма алып чыгып жеп кирди. Анан:

-Эгер мына бул курмаларымды жеп бүткөнчө жашасам, чындыгында бул узун жашоо!» - деп, колундагы курмаларды таштап, согуш майданына бет алды. Ошентип, ал да бутпарастар менен бүт күчүн салып согушту. Акырында ага да шейиттиктин шербети насип болду» *(Муслим, Имара, 145; Ахмед, III, 137).*

Бадр казаты эрөөл менен башталат. Эрөөлгө мусулмандардын эр жүрөк баатырларынан азирети Хамза, азирети Али жана азирети Убайда чыгат. Үчөө тең атаандаштарын жеңип чыгышат. Бирок эрөөлдө азирети Убайда *(Алла ага ыраазы болсун!)* бутунан жарат алып кайтат. Белгилүү мөөнөттөн кийин Алла Элчисинин:

-Сен ошол жогору даражага жеттин! - деген сүйүнчүсүн алып, шейит кетет *(Вакиди, I, 69-70).*

Ошентип, эки кошуун акырындык менен жылып, бири-бирине жакындай баштайт. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сахабаларга дароо чабуулга өтүшүнө уруксат бербейт. Анткени бутпарастардын арасында кербен коопсуздукка алынганын билген соң согушту каалабагандар да бар болучу. Алар мусулмандардын согушка даяр турганын көрүп ого бетер согуш майданына киргиси келбей жатышкан эле. Эрөөлгө чыккан мен-мен деген тайманбас баатырларынын жеңилиши да алардын жүрөк үшүн алып койгон эле. Ошентсе да, Абу Жахил бүт үнү менен:

- Силер бир-эки адамдын өлүмүнө алданбагыла! Коркпогула! Согушка аттангыла! – деп айкырат *(Вакиди, I, 71)*.

Бутпарастар жапа тырмак чабуулга өтүшөт. Алар чабуулга өтөөр замат Жаратканга жүрөктөн алоолонуп чыккан жалбаруулардын, каапырлардын үрөйүн учурган Улуу Жараткан Алланы даңазалаган бийик үндөрдүн коштоосунда мусулмандар да согуш майданын көздөй бет алышат.

Ошентип, Алланын Элчиси кутман сахабаларына да согуш майданына кирүүгө уруксат берет. Эки колдун ортосунда катуу кагылышуу башталат. Салгылашуу улам күчөй берет.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бир жагынан Алла Таалага жалбарып, бир жагынан жоокерлердин демине дем кошуп ары-бери жүгүрүп:

سَيُهْزَمُ الْجَمْعُ وَيُوَلُّونَ الدُّبُرَ

**«Алар жакын арада жеңилүүгө дуушар болот. Артка карабай качышат!»** *(Камар сүрөсү, 45-аят)* – деген аятты окуп, төмөнкү куш кабарды айтып жаткан эле:

*«Кимде-ким бүгүн душмандан качпай согушуп шейит кетсе, Алла Таала аны сөзсүз бейишке киргизет. Бүгүн шейит кеткен-*

*дерге Фирдавс бейиши даяр турат. Кана эмесе, чабуулга!» (Ибн Хишам, I, 267-268).*

Бул сөздөрүнөн кийин жанында турган азирети Абу Бакирге *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

*-Сүйүнчү! Жабраил дагы башка бир топ периштелер менен жардамга келди!* - дейт.

Бир жерден майда шагыл таштарды алып: «(Бутпарастардын) Жүзү кара болсун!»- деп душмандар тарапка ыргытат.[117] Ошол замат душмандарга каршы соккон катуу шамал пайда болот. Шамалдын аягы ажайып бороон-чапкынга айланып, душмандар бири-бирин көрө албай калышат.

## Бадрдын тайманбас баатырлары

Азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Биз Бадрда Алланын Элчисине баш калкалап жаттык. Бул күнү душмандарга эң жакын жүргөндөр – булар, эң эр жүрөк, эң тайманбас баатырлар эле» *(Ахмед, I, 86).*

Азирети Хабиб-и Акрамдын баатырдыгы жөнүндө Бараа *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

«Валлахи, биз согуш кызып, күч алаары менен дароо Алла Элчисине баш калкалар элек. Биздин тайманбас эр жүрөктөрүбүз - Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* менен бир сапта душмандар менен салгылашкан баатырлар эле» - дейт *(Муслим, Жихад, 79).*

Чындыгында, сахабалар бул казатта өздөрүнүн баа жеткис каармандыктарын, берилгендиктерин, тайманбастыктарын көрсөтө билишкен. Алардын арасынан өзгөчөлөнүп Алланын

117. Ибн Хишам, II, 267

арстаны атанган азирети Хамза *(Алла ага ыраазы болсун!)* эр жүрөктүктүн үлгүсүн эң сонун көрсөтө алган. Ошондой эле, бутпарастардын аттуу-баштууларынан Умаййа бин Халаф сахабалардан азирети Абдуррахман бин Авфка:

-Согушта көкүрөгүнө төө куштун канатын кадап алган зат ким? - деп сураган кезде.

-Ал Хамза бин Абдулмутталиб! - деп жооп кайтарат. Анда Умаййа:

- Бизге кандай запкы келген болсо, ошонун баарын ошонунар кылды! - деген экен *(Ибн Хишам, II, 272).*

Азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун!)* абасы Хамза сыяктуу баатырдыгын көрсөтүп, бир топ бутпарастын башын эки ача кылычынанөткөргөн.[118]

Абу Жахил аттын үстүндө Ражаз[119] ырын ырдап, эч бир согуш менен өч алдырбастыгын айтып:

«Энем мени ушундай иштер үчүн төрөгөн!» - деп төш каккылап, өзүн эр сезип турган эле *(Ибн Хишам, II, 275).*

Азирети Абдуррахман бин Авф *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Бадр казаты болгон күнү он-солумду карадым. Эки жагымда ансардан эки жаш улан туруптур. А мен алардан да күчтүү баатырлар менен бирге болгум келген. Жанагы экөөнүн бири мага:

- Аба! Сиз Абу Жахилди таанийсызбы? - деп сурады. Мен:

-Ооба, тааныйм! Аны эмне кыласын? - дедим. Ал:

-Укканыма караганда ал Алланын Элчисине акаарат сөз ай-

118. Ибн Асир, Усдуль-Гааба, IV, 97.

119. **Ражаз -** Арап поэзиясындагы ыргак (ритм). Ражаз «титирөө» - деганди түшүндүрөт.

тат экен!

Аллага ант берем! Аны көрдүм дегиче, (Абу Жахил) экөөбүздөн бирибиз өлмөйүнчө аны менен согушканым согушкан! - деп жооп берди.

Жаш уландын бу сөздөрү мени абдан таң калтырды. Экинчи жигит да ушул сыяктуу сөздөрдү айтты. Бул эки улан менен турганыма кайра сүйүндүм. Бир аздан кийин Абу Жахилди согуш майданында жүргөнүн көрүп, тиги эки уланга:

-Тигине, силер издеп жүргөн адам! -дедим.

Алар дароо Абу Жахилди көздөй бет алып аны өлтүрүштү. Бул эки жигит Муаз бин Афра менен Муаз бин Амр эле» *(Бухарий, Магази, 10; Муслим, Жихад, 42).*

Азирети Муаз бин Амр мындай дейт:

«Абу Жахилди кылычым менен чапканымда уулу Икрима колумду шылый чапты. Колум териме асылып калды! Ал күнү колум аркамда шалбырап (турганына карабастан) салгылаша бердим. Бирок салгылашууда чынында кыйналып жаттым. Мени ушунчалык жүдөтүп жибергендиктен колумду бутума басып үзүп таштадым!» *(Ибн Хишам, II, 275-276)*

Бир кезде азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* :

-*Абу Жахил эмне кылып жатат болду экен? Ким карап келет?* - деп жанындагы сахабаларга кайрылат. Азирети Абдуллах бин Масуд *(Алла ага ыраазы болсун!)* издеп жүрүп, анын жерде жатканын көрөт. Окуянын калган чоо-жайын өзү мындайча түшүндүрүп берет:

«Мен аны акыркы көз ирмемдерин жашап жатканда көрүп тааныдым. Бутум менен мойнунан басып:

-Эй, Алланын душманы! Алла Таала сени кор кылып, шер-

мендеңди чыгырды ээ?! - дедим.

-Алла мени эмне менен кор кылып, шермендемди чыгарды, элиң өлтүргөн адамдардын арасынан мага тең келе турган ким бар?! Ээ, койчу! Сен өтө оор жерге чыгыпсың! Сен аны таштагын да мага кабар бер, бүгүн дүйнө кимдики? -деди.

-Алланыкы жана Анын Элчисиники! - дедим. Аны өлтүргөндөн кийин Алла Элчисине келип:

-Абу Жахилди өлтүрдүм! - дедим. Ал Аллага шүгүр келтирип:

-Ал бу үммөттүн Фараону эле - деди *(Бухарий, Магази, 12; Ахмед, I, 444; Ибн Хишам, II, 277; Вакиди, I, 89-90).*

Умму Харисанын уулу Бадр казатында шейит кеткен эле. Баланын энеси Пайгамбарыбызга келип:

-О, Алланын Элчиси! Эгер уулум Хариса бейиште болсо, сабыр кылып сообун үмүт кылам. Жок, андай эмес болсо, көз жашымды төгөм! - дейт.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Умму Харисаны жубатып:

*-Эй, Умму Хариса! Бейиште даражалар бар. Уулуң мына ошол даражалардын (эң жогорку даражасы болгон) Фирдауска жете алды!* *(Бухарий, Жихад, 14; Ахмед, III, 272)* - дейт.

Куш кабарды алган Харисанын апасы кубанып, үйүнө кетип баратып, ичинен сүйлөнүп:

«Атаганат, карачы! Атаганат! Сенин бу баа жеткис насибиңди, эй, Хариса!» - деп жаткан эле *(Ибн Асир, Усдуль-Гааба, I, 426).*

Ислам жолунда алгачкы мындай согушка катышкан сахабалар - мусулмандардын эң ардактуулары деп табылган. Алла Таала бу согушта периштелерин да жиберген. Бадр казатында

жардамга келген периштелер да башка периштелерге салыштырмалуу Алланын алдында жогору даражаларга жетишкен. Ошондой эле, Жабраил periште Алла Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

-О, Алланын Элчиси! Бадр казатына катышкандар жөнүндө эмне дейсиз! - деп сураганда Пайгамбарыбыз:

-Аларды мусулмандардын эң ардактуулары деп эсептейбиз - деп жооп берген.

Анда Жабраил периште:

-Биз да Бадр казатына катышкан периштелерди периштелердин эң ардактуулары деп санайбыз - деген экен *(Бухарий, Магази, 11)*.

* * *

Согуш башталган күнү түшкө маал мусулмандардын жеңиши менен аяктайт. Бадр казатында мусулмандардан он төрт адам шейит кеткен эле. Ал эми бутпарастардан Абу Жахил баш болуп жетимиш киши набыт болуп, жетимиши туткунга түшүрүлөт. Эрдемсинген бутпарастар көксөгөн максаттарына жетпей жеңилип шаштысы кетет. Ошентип, согушта набыт болгон бутпарастар бул дүйнөдө да, акыретте да өкүнүүчүлөр кербенине кошулуп кете беришет.

Пайгамбарыбыз согушка кийчү кийимин кийип:

سَيُهْزَمُ الْجَمْعُ وَيُوَلُّونَ الدُّبُرَ

**«Ал коомчулук жакын арада жеңилүүгө дуушар болот. Артка карабай качышат!»** *(Камар сүрөсү, 45-аят)* - деген аятты окуп чатырдан чыгат *(Бухарий, Жихад, 89)*.

Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Бул аят Мекке шаарында түшүрүлгөн кезде өзүмө-өзүм:

«Кайсы жамаат жеңилет болду экен? Жеңиш кимге насип болор экен?» - деген элем. Бадр согушу күнү Алла Элчисинен бу аятты укканда, жеңиле турган тарап Курайш уруусу экенин түшүндүм. Аятты ошол күнү толук аңдадым» *(Ибн Саад, II, 25; Ибн Касир, аль-Бидая, III, 312).*

Ибн Аббас *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

أَلَمْ تَرَ إِلَى الَّذِينَ بَدَّلُواْ نِعْمَةَ اللّهِ كُفْراً وَأَحَلُّواْ قَوْمَهُمْ دَارَ الْبَوَارِ

**«Алланын жакшылыгын билбей, акыр-аягы өз элин тозок чуңкуруна кулаткан адамдарды көргөн жоксуңбу?»** *(Ибрахим сүрөсү, 28-аят)* - деген аятты чечмелеп жатып:

«Валлахи, булар Курайш каапырлары. Бу аятта айтылган кадыры билинбеген жакшылык – бул Азирети Мухаммад *(алейхиссолаату вас-салаам)* Пайгамбарыбыз. Ал эми «өз коомун тозок отуна түрткөн адамдардан» - максат Бадр согушунда өз уруусун тозок отуна өздөрү менен кошо алып кеткен бутпарастардын аттуу-баштуулары» - деген *(Бухарий, Магази, 8; Тафсир, 14/3).*

Исламдын жеңиши менен аяктаган Бадр казатында Алла Тааланын чынчыл, такыба пенделерине периштелерин жардамга жиберүүсү – бул, купуя сыр. Албетте, бул жерде көптөгөн сабактар бар.

Жеңиштен соң Алла Таала мусулмандардын эрдемсинип кетпөөлөрү үчүн төмөнкү эскертүү иретиндеги аятын түшүрөт:

فَلَمْ تَقْتُلُوهُمْ وَلَـكِنَّ اللّهَ قَتَلَهُمْ وَمَا رَمَيْتَ إِذْ رَمَيْتَ وَلَـكِنَّ اللّهَ رَمَى وَلِيُبْلِيَ الْمُؤْمِنِينَ مِنْهُ بَلاء حَسَناً إِنَّ اللّهَ سَمِيعٌ عَلِيمٌ

**«(Эй, мусулмандар) аларды силер өлтүргөн жоксуңар, тескерисинче, Алла Таала өлтүрдү. (Эй, Мухаммад,**

**душмандар тарапка колуңдагы бир ууч топуракты) чачканыңда, сен чачкан жоксуң, тескерисинче Алла Таала чачты. Ошондой эле (бул жеңишти Алла Таала) Өзү тарабынан момундарга чоң белек катары тартуулады. Албетте Алла Таала – Угуучу, Билүүчү!»** *(Анфал сүрөсү, 17-аят)*

Адам баласынын күч-кудурети Алла Тааланын мыйзамынын чегинде гана болот. Мына ошондуктан ар бир момун-мусулман адам:

لاَ حَوْلَ وَلاَ قُوَّةَ اِلاَّ بِاللهِ الْعَلِيِّ الْعَظِيمِ

«Лаа хавла ва лаа куввата иллаа биллаахиль-алиййиль-азиим»

«Улуу Жараткан Алладан башка эч ким (чыныгы) күч, кудуретке ээ эмес!» - деп айта жүрүүсү керек. Анткени эзелтен жок болуп, кийин гана Алланын ырайымы менен жаралган бүтүндөй жандуу-жансыз ээ болгон касиеттердин жана өзгөчөлүктөрдүн бардыгы Алла Тааладан! Ошондуктан Алла Тааланын эрк-каалоосу бул дүйнөдө болуп жаткан бардык табигый окуяларды, кубулуштарды жана жандуу-жансызды өз ичине камтыйт. Бул деген сөз - эрктин, күч-кубаттын негизи Жараткан Аллага гана таандык дегенди түшүндүрөт. Ошондой эле адам баласы мына ушул жер бетине сыноо үчүн гана жөнөтүлгөндүктөн, ага да кандайдыр бир белгилүү өлчөмдө эрк берилип, жакшылыкка да, жамандыкка да жөндөмдүү болуп жаралган. Бул күчтү колдонуу - анын эркине таандык.

## Артка кайтуу

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жеңишке жетип Бадр өрөөнүндө ачык асман алдында үч күн турат. Бул - анын каадасы эле. Бадрдын үчүнчү күнү эртең менен Пайгамбарыбыз сахабаларынын бирине төөсүн алып келишин буюрат. Жүк төөгө артылат. Алланын Элчиси жөө жолго түшөт. Сахабалар да Пайгамбарыбыздын аркасына түшүп жөө басышат. Сахабалар:

«Алланын Элчисинин (жакын арада) бир иши бар го» - деп ойлошот. Азирети Пайгамбарыбыз набыт кеткен бутпарастар ташталган кудуктун жанына келип:

-Эй, Абу Жахил! Эй, Умаййа бин Халаф! Эй, Утба бин Рабиа! Эй, Шайба бин Рабиа! - деп, сөзүн минтип улайт:

- Аллага, Анын Элчисине баш ийгениңерде жакшы болбос беле?! Биз Алла Таала тарабынан убада кылынган нерсени чындык деп билдик! Силер да Жараткандын убадасын чындык экендигин эми билдиңерби?!

Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)* :

-О, Алланын Элчиси! Руху жок өлүктөргө кайрылып жатасызбы?! Алар өлгөндөн кийин кантип сизди угуп, сизге кантип жооп бермек эле? -дейт.

Пайгамбарыбыз:

*-Мухаммаддын жанын кудуретинде чексиз кармап турган Аллага ант берем! Алар менин сөздөрүмдү силерден да жакшыраак угушат! Бирок жооп берүүгө кудуреттери жетпейт!* - деп жооп берет *(Бухарий, Магази, 8; Муслим, Жаннат, 77).*

Бадр казаты соңуна чыккандан кийин Жабраил периште Пайгамбарыбызга келип:

-О, Мухаммад! Жараткан Алла Таала мени сага жөнөттү. Сен ыраазы болгонго чейин жаныңдан чыкпоомду буюрду. Ыраазысыңбы? - деп суроо салат.

Бүткүл ааламдын Мырзасы: [120]

-Ооба! Ыраазымын! - деп жооп кайтарган соң, Жабраил *(алейхис-салаам)* артка кайтат *(Вакиди, I, 113; Ибн Саад, II, 26-27).*

Мындай чоң жеңиштен кийин Медина шаары бир башкача шаңга толуп, мусулмандардын кубанычы коюнга батпай турган эле. Ал эми Меккедеги бутпарастардын күнү түнгө айланып кайгы-муңга батып, көзүнөн кан тамгыдай өксүп, ызааланып калышкан эле. Ал тургай бутпарас Абу Лахаб ызаасына чыдабай жүрөгү жарылып өлгөн эле.[121] Ошентип Алла Тааланын убадасы толук орундалат.

Бирок ушул учурда Алла Элчисинин кыздарынан бири Азирети Рукиййа о дүйнө салат. Ошондуктан Бадр жеңишинин кубанычы көпкө созулбайт.

## Туткундарга жасалган мамиле

Алланын Элчиси сахабалары менен Бадрда үч күн туруп Мединага кайтып келет. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* колго түшкөн туткундар жөнүндө азирети Абу Бакир, азирети Али жана азирети Умар менен ой бөлүшөт. Азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-О, Алланын Элчиси! Булар өзүбүздүн эле тууган-туушкандарыбыз. Мен алардан фидия (туткундуктан кутулуу үчүн кун) алуунду эп көрөм. Алардан алынган фидия - биз үчүн каапырларга каршы күч болот. Балким, Алла Таала Өзү аларды туура

120. Азирети Пайгамбарыбыздын эпитети
121. Ибн Хишам, II, 289

жолго салса, алар да бизге жөлөк болор эле! - деген аруу ойтилегин билдирет.

Пайгамбарыбыз азирети Умарга кайрылып:

-Эй, Хаттабдын уулу! Сен эмне дейсиң? - деп сурайт. Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-Жок! О, Алланын Элчиси! Мен Абу Бакирдин пикирине кошула албайм! Аларды тынчытууга уруксат бериңиз! Мага уруксат берсеңиз, (туугандарымдан) баланчанын башын ыргыта чабайын. Алиге да уруксат бериңиз, Акилдин (Алинин бир тууганы) башын учура чапсын. Хамзага да уруксат берсеңиз, ал да бир тууганы баланчанын башын алсын. Алла Таала жүрөгүбүздө бутпарастарга болгон жылуу сезимибизди жоготконго чейин (алардын башын алуу зарыл)! Бул туткундар - бутпарастардын башчылары, каапырлыктын тирөөчү! - дейт.

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* азирети Абу Бакирдин пикирин эп көрөт *(Муслим, Жихад, 58; Тирмизи, Сияр, 18/1567; Ахмед, I, 30-31, 383-384; Вакиди, I, 107; Ибн Саад, II, 22 ).*

Анткени Пайгамбарыбыз бутпарастардан да туура жолго түшүп, Аллага моюн сунуп, жалгыз Жаратканга гана ибадат кыла турган муундун өсүп чыгышын үмүт кылган эле.

Ошентип, колго түшкөн туткундар салык төлөп, эркиндикке чыгышат. Кедей туткундардан фидия (салык) талап кылынбастан эркин коё берилет. Бирок алардан окуу-жазууну билгендердин ар бирине (Мединалык) он балага сабак берип, алардын кат-сабатын жоюу милдети жүктөлөт. Алар ошентип туткундуктан кутулушат. Алла Тааладан келген аяттарды жазуучу азирети Зайд бин Сабит *(Алла ага ыраазы болсун!)* да калем кармап жазуу жазууну ошолордон үйрөнгөн эле *(Ахмед, I, 247; Вакиди, I, 129; Ибн Саад, II, 22 ).*

Алла Таала туткундар жана алардан алынган фидия жөнүн-

дө төмөнкү аятын түшүрөт:

مَا كَانَ لِنَبِيٍّ أَن يَكُونَ لَهُ أَسْرَى حَتَّى يُثْخِنَ فِي الأَرْضِ تُرِيدُونَ عَرَضَ الدُّنْيَا وَاللّهُ يُرِيدُ الآخِرَةَ وَاللّهُ عَزِيزٌ حَكِيمٌ لَّوْلاَ كِتَابٌ مِّنَ اللّهِ سَبَقَ لَمَسَّكُمْ فِيمَا أَخَذْتُمْ عَذَابٌ عَظِيمٌ فَكُلُواْ مِمَّا غَنِمْتُمْ حَلاَلاً طَيِّباً وَاتَّقُواْ اللّهَ إِنَّ اللّهَ غَفُورٌ رَّحِيمٌ

**«Эч бир пайгамбарга жер жүзүндө душмандарга үстөмдүк кылганга чейин туткун кармоо мүмкүн эмес. Силер (эй, мусулмандар!) бул дүйнөдөгү пайданы каалап жатасыңар. А Алла Таала (силерге) акыретти каалайт. Алла Таала - чексиз Кудуреттүү, Даанышман! Эгер Алладан жазуу (өкүм) болбосо, алганыңар үчүн силерге оор жаза келээр эле. Олжо түрүндө алган адал, таза нерселерди жегиле (пайдалангыла) жана Алладан корккула! Акыйкатта, Алла Таала – Кечиримдүү, Мээримдүү!»** *(Анфал сүрөсү, 67-69-аяттар)*

Азирети Умар мындай дейт:

«Эртең менен Алланын Элчисине бардым. Абу Бакир экөө көз жашын төгүп отуруптур:

-О, Алланын Элчиси! Эмне ыйлап жатасыңар? Эмне болду? Эгер көз жаш төгө турган нерсе болсо, мен да көз жашымды төгөйүн. Эгер жөн нерсе болсо, мен да силер менен көз жашымды чыгарууга аракет кылайын? - дедим. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*-Мына бул досторуңдун туткундардан алган фидиялары үчүн башыма түшкөн мүшкүл ай! Досторуң азапка дуушар болгону турат. Ал азап мага мына бул дарактан да жакын турганы көрсөтүлдү!* –деди» *(Ахмед, I, 31; Муслим, Жихад, 58).*

Алла Таала душмандар толугу менен жеңилбей, дин күчкө толуп-болбой, бузукулук жоголбой туруп туткундардын колго алынышына, алардан фидия алып боштондукка чыгарууга ыраазы болбой мусулмандарга эскертүү жөнөткөн эле. Кептин төркүнү фидия алууда дүйнөлүк кызыкчылык болуп жаткан эле. Ал эми Алла Таала момун-мусулмандардын акыреттеги бейпилдигин, бакубат жашоосун тилеген эле.

Ижтихад кылууда (кандайдыр бир маселе жөнүндө чечим чыгарууда) ката кетирүүдөн улам эскертүү бербөө, Бадр казатына катышкандарга азап бербөө же ачык тыюу салынбаган ишти жасагандыгы үчүн жаза бербөө жаатындагы Алла Тааланын өкүмү Лавхи Махфузда жазылгандыктан, Алла Таала мусулмандарды кечирип, алган олжолорун адал кылган эле.

* * *

Алла Таала туткундарга жана кулдарга жылуу мамиле жасалышын буюрган.[122] Алланын Элчиси бу маселе тууралуу көптөгөн хадистерин айткан. Ал өмүрүнүн акырында да:

*«Намазга, өзгөчө намазга көңүл бөлгүлө! Кол астынардагыларга (жылуу мамиледе болгула) Алладан корккула!»* - деген эле *(Абу Давуд, Адаб, 123-124/5156; Ибн Мажа, Васая, 1).*

Азирети Марур бин Сувайд мындай дейт:

«Мен, Абу Зарды *(Алла ага ыраазы болсун!)* кымбат баалуу кийим кийип жүргөнүн көрдүм. Дал ошондой кийимди кызматчысы да кийип алыптыр. Кызыгып андан мунун себебин сурадым. Абу Зар жооп иретинде төмөнкү окуяны айтып берди: - Алланын Элчиси көзү тирүүсүндө бир адамды апасынан улам зекип мындай деди:

«Сенде караңгы доордон калган кулк-мүнөз бар! Алар си-

122. Ниса сүрөсү, 36-аят

лердин кызматчынар, ошол эле учурда боордошунар болот. Алла Таала аларды силердин карамагынарга берген. Кимдин карамагында боордошу бар болсо, өзү эмне жесе ал да ошондон жесин, кандай кийинсе ал да ошондой кийинсин. Аларга күчү жетпеген ишти жүктөбөгүлө! Эгер жүктөсөнөр, аларга жардам бергиле!» *(Бухарий, Итк, 15; Муслим, Айман, 40).*

Азирети Мусаб бин Умайрдын бир тууганы Абу Азиз:

«Бадр казатында мен да туткунга түшүп, ансарлардан бир тайпанын колуна өткөм. Алланын Элчиси:

-Туткундарга жылуу мамиледе болгула! - деген эле. Мени карамагына

алган ансарлар Анын буйругун орундатуу үчүн өз үлүшүнө түшкөн нанын мага берип, өздөрү курма менен гана күн көрө турган. Мен болсо (алардын мындай мамилесинен) айбыгып, нанды алардын бирине берчүмүн, ал кайра мага кайтарып берер эле - деген» *(Хайсами, VI, 86; Ибн Хишам, II, 288)*.

Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жана сахабалардын мындай баа жеткис мамилелери бүткүл адамзатына өзгөчө орто кылымда т.а., зулумдук, адилетсиздик күч алып турган кезде да эң сонун үлгү болгондой эле, бүгүн да, эртең да эң сонун үлгү боло бермекчи. Алланын Элчиси алгач элге жылуу жумшак мамиле жасоо менен аларга үлгү болуп, таштай катып калган нечелеген жүрөктөрдү ийге келтирген соң Ислам жөнүндө кеп куруп берер эле. Бадр казатында колго түшкөн туткундардын бир тобу Алла Элчисинин мына ушундай теңдешсиз жылуу мамилесинен таасирленип, акыйкаттын кай жерде жатканына көздөрү жетип Исламды кабыл алышкан эле.

Ислам дини адамды кулчулукка алууга[123] тыюу салбаган-

123. Бул жерде туткундук жана кулчулук маселелери бирге талданып жатат. Анткени кулчулуктун башы туткундуктан башталат. Тагыраак айтканда, согушта туткунга алынгандар негизинен кул болушкан.

дай эле бу ишке үндөгөн да эмес. Мусулман коомдогу мындай чындыкты көрүп, ага дароо эле тыюу салуу коомдук жашоодо кандайдыр бир толкундоого жол ача турганын эске алып толук бойдон өкүмүн жокко чыгарган эмес. Бирок анын туура эмес багытта колдонулушуна бөгөт коюу үчүн бир топ эрежелерди коюп, кулчулук маселесин да тартипке салган. Ошондуктан Ислам дини кулдардын укуктарын эң жогорку деңгээлде коргогон.

Улуттар, уруулар бири-бири менен тээ илгертен согушуп келген жана да кыяматка чейин мындай согуштар боло бермекчи. Андыктан эркиндигинен ажыраган адамдардын укуктарына карата кандайдыр бир мыйзам-эрежелер ар дайым зарыл болгон. Бул өңүттөн алганда, кулдардын маселесине чекит коюунун ордуна алардын укуктарын коргоо максатында бир топ эрежелер коюлуп тартипке келтирилиши өзүнчө зарылдык эле.

Ислам койгон эрежелер кул менен төрөнү бири-бирине жакындатып, кулду боштондукка чыгарууга аракет кылган. Алсак, бир киши катачылык кетирип, кокусунан бир адамды өлтүрүп алса, анда өлтүргөн тараптан анын куну катарында алгач бир кулду азаттыкка чыгаруусу талап кылынат. Экинчиден өлгөн тараптын үй-бүлөсү менен сүйлөшүп, белгилүү бир өлчөмдө мал-мүлк менен өлүктүн кунун төлөөсү буйрулат. Дагы бир мисал, ажылыкка барган мусулман адам ажылык ибадатында ката кетирсе, мында да алгач кулду боштондукка чыгаруу талап кылынган. Мусулман адам касам ичкен нерсесин аткара албай калса, же зыхар[124] кылса, же орозосун бузса, ага да жаза катары эң биринчи бир кулду эркиндикке чыгаруу талап кылынган.

Ошондой эле айрым бир ибадаттардын жогорулугу жөнүндө сөз болуп жатканда: «Муну кылсаң баланча кулду бош-

124. Зыхар - кайсыдыр бир адам аялына: «Сен мага энемдин аркасы сыяктуусуң»- деп айтуу менен аны өзүнө арам кылып алышы. Ислам дини караңгы доордон калган бул жат көрүнүшкө тыюу салып, бул ишке баргандарга каффарат (жаза катары белгилүү өлчөмдө акча, мүлк) төлөөсүн буйурган.

тондукка чыгарган болосуң!» - делинип, кулдарды эркиндикке чыгаруунун канчалык деңгээлде маанилүү иш болгондугу баса белгиленет. Ошону менен катар Исламда кайсыдыр бир адамды жөн жерден, зордук менен кул кылуу да эң чоң күнөөлөрдүн катарынан орун алат.

Кулдарга жылуу мамиледе болуу – бул, Исламдын буйругу. Ислам дини кол астында кулу бар адамга ар дайым: «Ага жегенинден жедир, ичкенинден ичир, кийгенинден кийдир, орозо кармаганда ага ашыкча жүк, ашыкча иш жүктөбө, анын муктаждыктарын алып бер!» - деп буюрат. Кулду азаттыкка чыгаруу – (мусулман баласы үчүн) тозок отунан алыс болууга эң сонун себептердин бири болуп эсептелет. Мындан сырткары Исламда кулга ээ болуудан кулу жок жүрүүнүн алда канча жогору тураары да маалымдалат.

Андыктан Ислам адамды кулчулукка алуу жолдорун мүмкүнчүлүктүн жетишинче жаап, ар дайым кул адамдарды азаттыкка чыгарууга үндөйт.

* * *

Бүткүл ааламдын сыймыгы атанган азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* туткундар менен чогуу туткун болуп келген абасы Аббаска:

-Эй, Аббас! Сен бардар адамсың. Өзүң үчүн, бир тууганыңдын уулу Акил, Навфа бин Харис жана ортонордо келишиминер бар Утба бин Амр үчүн фидия төлө! - дейт.

Азирети Аббас:

-О, Алланын Элчиси! Мен мусулман болчумун. Курайш бутпарастары мени зордук менен согушка чыгарды! - деп жооп берет.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

-Сенин мусулмандыгыңды бир Алла гана билет. Айтканың ырас болсо, Алла Таала сөзсүз түрдө сага сыйлыгыңды берет. Бирок сенин сырткы көрүнүшүң бизге каршы көрүнгөн эле. Ошондуктан фидияңды төлөшүң керек болуп турат - деп, Аббастан 800 дирхамды олжо катары алат.

Азирети Аббас:

-О, Алланын Элчиси! Эч болбосо муну фидия деп эсепте! -дейт.

Алланын Элчиси:

-*Жок! Ал Алланын бизге насип кылган олжосу!* - дейт.

Азирети Аббас:

-О, Алланын Элчиси! Калган өмүрүмдө мени кайырчы болушумду каалап жатасыңбы! -дейт.

Анда Алланын Элчиси:

-*Эй, Аббас! Жубайың Уммул Фадлга берген баягы алтындарың эмне?* - деп сурайт. Азирети Аббас:

-Кайсы алтындар? - дейт.

Азирети Пайгамбарыбыз *(алейхис-солаату вас-салаам)* :

-*Сен Меккеден жолго чыга турган күнү, жанынарда Алладан башка эч ким жок кезде жубайың Уммуль Фадлга: - Бу сапар башыма эмне келээрин билбейм. Эгер бир балээге кабылсам мынчасы сеники, мынчасы Убайдулланыкы, мынчасы Фадлдыкы, мынчасы Кусамдыкы, мынчасы Абдулланыкы болсун! - деген алтындарың!* - дейт.

Анда бу сөздөрдү уккан азирети Аббас:

- Сени пайгамбар кылып жөнөткөн Жараткан Аллага ант берем! Муну Уммуль Фадл экөөбүздөн башка эч ким билчү

эмес. Шек-күмөнсүз, Сен Жараткан Алланын Элчисисин! - дейт *(Ахмед, I, 353; Ибн Саад, IV, 13-15).*

Бадрда колго түшкөн туткундардын арасында Пайгамбарыбыздын күйөө баласы, азирети Зейнептин жолдошу Абуль-Ас бин Раби да бар эле. Абуль-Ас Меккеде соода-сатык менен алектенген ишенимдүү бай адамдардан болгон. Энеси Хала бинти Хувайлид азирети Хатижанын кыз бир тууганы эле. Азирети Хатижа жээни Абуль-Асты өз уулундай эле көрө турган.

Курайш бутпарастары Пайгамбарыбыздын күйөө балдарына:

-Силер Мухаммаддын кыздарына үйлөнүп, Аны чоң балээден куткардыңар! Кыздарын кое бергиле, кетишсин! – дешкен эле. Алар Абуль-Аска да:

-Жубайың менен ажыраш! Курайштан каалаган кызың менен үйлөндүрөбүз! - деп сунуш кылышкан эле. Бирок Абуль-Ас:

-Жок! Валлахи, мен жубайым менен ажырашпайм, аны Курайш кыздарынан эч кимге алмаштырбайм! - деп кесе жооп берген болучу.

Меккеликтер туткундарды кайтарып алуу үчүн фидияларын жөнөтө баштаганда азирети Зейнеп да Абуль-Ас үчүн энеси Хатижа үйлөнүү тоюнда белек кылган мончок шурусун жөнөткөн эле. Алланын Элчиси баягы мончок шуруну көрөр замат:

-Эгер Зейнептин туткунун бош кое берүүнү, жөнөткөн мал-мүлкүн кайтарып берүүнү эп көрсөңөр, эп көргүлө! - деп жашып кетет.

Мусулмандар:

-Эп көрөбүз, о, Алланын Элчиси! - деп Абуль-Асты эркиндикке чыгарып, мончок шуруну азирети Зейнепке кайтарып жиберишет.

Азирети Пайгамбарыбыз *(алейхис-солаату вас-салаам)* Абуль Асты эркиндикке чыгарып жатып, Меккеге барып кызы Зейнепти Мединага жөнөтүшүн айтып шарт кошкон эле. Бул Алла Элчиси менен Абуль Астын ортосунда гана калып, эч кимге ооз ачылбай турган *(Ибн Хишам, II, 296-297; Абу Давуд, Жихад, 121/2692; Ахмед, VI, 276).*

* * *

Умайр бин Вахбдын уулу дагы Бадрда колго түшкөндөрдүн арасында эле. Умайр Курайш бутпарастарынын карөзгөйлөрүнөн жана тайманбас баатырларынан болгон. Ал Меккеде Алланын Элчисине жана сахабаларга өтө катуу запкы берген. Күндөрдүн биринде Умайр «Хижр» - деген жерде Савфан бин Умаййа менен отуруп Бадрда кудукка ташталгандардын чеккен азабы жөнүндө сөз козгогондо Савфан бин Умаййа:

-Валлахи, алар мындай абалга туш болгон соң жашоонун эч кандай мааниси жок! - дейт.

Умайр:

-Валлахи, туура айттың! Эгер карызым жана менден кийин ачкалыктан өлүшүнөн корккон бала-бакырам болбогондо, сөзсүз түрдө барып Мухаммадды өлтүрмөкмүн. Мен үчүн алар кабыл ала турган бир шылтоо да бар: «Туткундагы уулум үчүн келдим»-дейм. Укканыма караганда Ал базарларда да жүрөт экен -дейт.

Умайрдын сөзү Савфанга майдай жагат:

-Карызың мага таандык. Сенин ордуна мен төлөйм! Балдарына да өзүмдүн бала-бакырам менен бирге аман-эсен болгон чактарында карап, муктаждыктарын алып берип эч нерсеге муктаж кылбайм! -деп сөз берет.

Ошентип Умайр кылычын бүлөгө салып, ууга малып коет. Савфан жолдо керектеле турган бүт нерсесин камдап берет.

Умайр Мединага барып, мечиттин оозуна келип, төөсүн байлап коюп, кылычын алат. Азирети Умар Умайрды көрүп:

-Бу Алланын душманы Умайр! Валлахи, ал арам ой менен келди. Бул ортобузду бузган, Бадр күнү Курайштыктар үчүн санымызды болжогон эмес беле? - деп Алла Элчисине келип:

-О, Алланын Элчиси! Алланын душманы Умайр кылычын белине байлынып келиптир! -дейт.

Азирети Пайгамбарыбыз:

-Умайр келсин бул жерге! - деп буюрат. Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)* сыртка чыгып Умайрды кылычын кайышы менен кошо бурап катуу кармап, жанындагы ансарларга:

-Алла Элчисинин жанына кирип отургула, Пайгамбарыбызды бул акмактан коргогула! Буга ишенип болбойт! - деп, Пайгамбарыбызга алып барат.

Азирети Пайгамбарыбыз:

-Эй, Умар, Умайрды кое бер! Бери кел, эй Умайр! - деп буюрат. Умайр Пайгамбарыбыздын жанына басып келет. Алланын Элчиси андан эмне үчүн келгенин сурайт. Умайр:

-Туткунга түшүп калган уулум үчүн келдим! Аны кое беришиңерди өтүнөм! -дейт.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*-Андай болсо, бул жерде мына бул кылычыңдын иши эмне?!* - деп сурайт.

Умайр:

- Кудай кылычтардын балээсин берсин! Алардын бизге эмне пайдасы тийди! -дейт.

Алланын Элчиси:

-Мага чынынды айт, сен бул жерге эмне үчүн келдиң? - деп кайра сурайт.

Умайр:

-Мен, башка нерсе үчүн эмес, болгону колуңардагы туткун уулум үчүн гана келдим! -дейт.

Алланын Элчиси:

-Сенин Хижрда  Савфан менен сүйлөшкөн шартың эмне эле? - деп сурайт. Умайрдын жүрөгү «болк» эте түшөт. Шек билдирбей:

-Мен ага эмне деп шарт кошуптурмун? - дейт.

Азирети Пайгамбарыбыз алардын сүйлөшкөндөрүн сөзмө-сөз айтып берип:

-Алла Таала жасай турган ишиң менен сенин ортоңо  кирди, сага тоскоол болду! - дейт.

Анда Умайр:

-Мен күбөгө өтөм, Сен Алланын чыныгы Элчисисиң! О, Алланын Элчиси! Биз асмандан келген кабар жана Сага түшкөн вахий жөнүндө Сени жалганга чыгарар элек. Муну менден жана Савфандан башка эч ким билчү эмес. Валлахи бу кабарды Сага бир гана Алла Таала берди! Мени Исламга  киргизген жана бул жерге алып келген Алла Таалага чексиз шүгүр!  - деп келме келтирет. Анан Алланын Элчиси:

-Боордошуңарга динди жакшылап түшүндүргүлө! Ага Куран окуганды үйрөткүлө! Уулун эркиндикке чыгаргыла! -деп буюрат.

Бүткүл ааламдын мырзасы болгон азирети Пайгамбарыбыздын буйругу дароо орундалат.

Азирети Умайр:

-О, Алланын Элчиси! Мен Алланын нурун өчүрүүгө (Исламды жок кылууга) жан далбас урган, мусулмандарга катуу каршылык көрсөткөн адам элем. Уруксат берсеңиз, Меккеге барып Меккелик бутпарастарды Аллага жана Анын элчисине жана Исламга чакырайын! Балким, Алла Таала аларды дагы туура жолго салаар - дейт. Алланын Элчиси ага уруксат берет.

Бул учурда Савфан бин Умаййа эч нерседен бейкапар Меккелик бутпарастарга:

-Бир канча күндүн ичинде келчү кабарга сүйүнөсүңөр. Ал силерге Бадр кайгысын унуттуруп жаныңарды жай таптырат! – деп куш кабар айтып жүргөн эле. Ошону менен бирге Медина тараптан келген бутпарастардан кабар да алып турат. Ошентип күндөрдүн биринде Мединадан келген атчан бир киши ага Умайрдын мусулман болгонун айтат.

Азирети Умайр бин Вахб *(Алла ага ыраазы болсун!)* Меккеге келип элди Исламга чакыра баштайт. Ага каршы чыккандарга чектен чыкпоолорун буюрат. Азирети Умайрдын арты менен бир топ адам мусулман болот. Азирети Умайр күндөрдүн биринде Каабанын жанында Савфан бин Умаййа менен кезигип:

-Сен аттуу-баштууларыбыздын бирисин! Биз таштарга табынып, алар үчүн курманчылыкка мал сойор элек, көрсө бул такыр караңгылык, наадандык экен (жансыз нерсе эмнени билет)! Дин ушулбу?! Мен күбөгө өтөм, Алладан башка кудай жок! Мухаммад Анын кулу жана элчиси! - дейт. Савфан ага бир сөз дагы сүйлөбөй, ошол бойдон унчукпай жолуна түшөт *(Ибн Хишам, II, 306-309; Вакиди, I, 125-128; Ибн Саад, IV, 199-201).*

Бул окуя «Сени өлтүргөнү келген адам сенде тирилсин!» - деген нускалуу кептин эң сонун далилдердин бири эле.

Бадрда бутпарастардын кол башчылары өлтүрүлүп, туткундар Мединага келгенде Алла Таала Мединадагы бутпарастар-

дын, эки жүздүүлөрдүн жана жөөттөрдүн жүрөгүнө коркуу салат. Ошон үчүн Абдуллах бин Убай жана Мединалык бутпарастар: «Жеңиш эми Ага гана таандык!» - деп Алланын Элчисине Ислам боюнча сөз берүүгө мажбур болушат[125]

## Олжо маселесиндеги Алла Тааланын өкүмү

Бадр казатына чейин олжолор жөнүндө Алла Тааладан эч кандай өкүм келбегендиктен, олжолорду бөлүштүрүүдө анчамынча пикир келишпестиктер болот. Бул согушта Саид бин Ас азирети Саад бин Абу Ваккастын бир тууганын шейит кылган эле. Азирети Саад бин Абу Ваккас күйүтүнө чыдай албай Саид бин Асты өлтүрүп, анын кылычын алып Алланын Элчисине келип, бул кылычтын өзүнө берилишин сурайт. Мына ошол учурда Бадр өрөөнүндө олжолор бөлүштүрүлбөстөн оболу Анфал сүрөсүнүн алгачкы аяты түшүрүлөт:

يَسْأَلُونَكَ عَنِ الْأَنفَالِ قُلِ الْأَنفَالُ لِلّهِ وَالرَّسُولِ فَاتَّقُواْ اللّهَ وَأَصْلِحُواْ ذَاتَ بِيْنِكُمْ
وَأَطِيعُواْ اللّهَ وَرَسُولَهُ إِنْ كُنْتُمْ مُّؤْمِنِينَ

**«(Эй, Мухаммад!) Сенден олжолор жөнүндө сурашат. Айткын: «Олжолор Аллага жана Пайгамбарга таандык. Демек, Алладан корккула жана өз ара мамилеңерди оңдогула! Эгер момун болсоңор, Алла Таалага жана Анын Пайгамбарына моюн сунгула!»** *(Анфал сүрөсү, 1-аят)*

Ошентип, азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ушул аяттын негизинде олжолорду адилеттүүлүк мененбөлүштүрөт.[126]

125. Бухарий, Тафсир, 3/15; Вакиди, I, 121.
126. Ахмед, I, 178; V, 323-324; Абу Давуд, Жихад, 144-145/2737-2744

Андан соң дагы олжо тууралуу аталган сүрөнүн 41-аяты түшүрүлөт:

وَاعْلَمُواْ أَنَّمَا غَنِمْتُم مِّن شَيْءٍ فَأَنَّ لِلّهِ خُمُسَهُ وَلِلرَّسُولِ وَلِذِي الْقُرْبَى وَالْيَتَامَى وَالْمَسَاكِينِ وَابْنِ السَّبِيلِ إِن كُنتُمْ آمَنتُمْ بِاللّهِ وَمَا أَنزَلْنَا عَلَى عَبْدِنَا يَوْمَ الْفُرْقَانِ يَوْمَ الْتَقَى الْجَمْعَانِ وَاللّهُ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ قَدِيرٌ

**«(Эй, момундар!) Эгер Аллага, ак менен караны айырмалоочу, аскерлердин эки тобу беттешкен күнү Биз пендебизге (акыйкат менен бузукулукту ажыраткан күндү) ачып бергенибизге ишенсеңер, согуштан алган олжоңордун бештен бири Аллага, Анын Элчисине, жакын туугандарына, жетимдерге, бей-бечараларга, жолоочуларга тийиштүү экендигин билгиле! Алла Тааланын бүт нерсеге күчү жетет (Ал - чексиз Кудуреттүү)»** *(Анфал сүрөсү, 41-аят).*

Бу аят боюнча, олжолордун бештен бири Аллага, Элчисине, Анын туугандарына, жетимдерге, кембагалдарга жана кароосуз калгандарга таандык эле.

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* өзүнө бөлүнгөн бул үлүш менен үй-бүлөсүнүн муктаждыктарын камсыз кылган соң, калганын казынага коюп, мусулмандардын муктаждыктарына, аскердик күч үчүн каржаган.[127]

Амр бин Абаса *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ортобузда олжого келген бир төө (сутра[128] ) турса да, бизге имам бол-

127. Бухарий, Фараиз, 3, Хумус, 1, Нафакат3; Муслим, Жихад, 49

128. Сутра - ортону тозуп туруучу нерсе. Намазга турган адамдын мандайына коюлуп, мандайынан өткөн адамдардын намазга зыян берүүлөрүнө тоскоол болгон нерсе.

ду. Намазды окуп бүткөн соң төөнүн капталынан бир кыл алып (көрсөтүп):

-Олжонордон мага бөлүнгөн үлүштөн тышкары мына ушунчалыгы да мен үчүн адал эмес. Мага бөлүнгөн үлүштөн дагы силерге кайтарылат (силер үчүн сарпталат) - деди» *(Абу Давуд, Жихад, 149/2755)*

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* муктаж сахабаларына колунан келишинче жардам бере турган. Ал эми өзүнүн үйүндө бир топ күн бою очок күйбөй, тамак бышпай турар эле. Үй-бүлөсүнүн бир күндүк тамагынын дагы болбогону көптөгөн хадистерде айтылып калган. Бул хадистердин бири кутман сахабалардан азирети Анас *(Алла ага ыраазы болсун!)* тарабынан айтылып калган:

«Күндөрдүн биринде Алланын Элчисине Бахрейнден мал-мүлк келген эле. Алланын Элчиси:

- Булар мечитте турсун! - деди. Бул мал-мүлк (ушул күнгө чейин) Алла Элчисине келген мал-мүлктүн эң көбү эле. Пайгамбарыбыз намаз окуганы кетти. Мал- мүлктү ачып карабады. Намаз бүткөндөн кийин мал-мүлктүн жанына басып келди. Анан каптын оозун ачып, (ичиндеги дирхамдарды) ошол жердегилердин баарына бөлүштүрүп берип жатты... Алланын Элчиси капка бир да дирхам калтырбай бардыгын таратып жиберди» *(Бухарий, Солаат, 42, Жизия, 4, Жихад, 172).*

* * *

Анфал сүрөсү Медина шаарында хижраттын экинчи жылы түшүрүлгөн. Көпчүлүк бөлүгү Бадр казаты жөнүндө болгондугу үчүн бул сүрө «Бадр сүрөсү» - деп да аталат.

## Шейиттик

Шейиттик даража – мусулман баласы бу дүйнөдө жете алган эң эле жогору, эң эле бийик даража. Бейиштин эң эле төмөнкү даражасы дүйнөнүн миң бир түркүн кооздугунан да асемдүү, бейпил да. Шейит кеткен адам шейиттиктин жогорулугун, бейиштеги сыйлыгын көрүп, бул дүйнөгө келип, кайра кайра шейит кетүүнү эңсейт. Алла Таала бул жөнүндө мындай буюрат:

وَلَئِن قُتِلْتُمْ فِي سَبِيلِ اللهِ أَوْ مُتُّمْ لَمَغْفِرَةٌ مِّنَ اللهِ وَرَحْمَةٌ خَيْرٌ مِّمَّا يَجْمَعُونَ

**«Ант берем! Эгер Алланын жолунда өлтүрүлсөңөр же өлсөңөр, албетте, Алла Таала тарабынан болуучу кечирим жана мээримдүүлүк алар (каапырлар) топтогон дүнүйөдөн алда канча жакшыраак!»** *(Аали Имран сүрөсү, 157-аят).*

Азирети Саад бин Абу Ваккас *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бизге имамдыкка өтүп намаз окуп жатканда бир адам келип сапка кошулуп:

«Оо, Жараткан Алла! Мага салих (такыбаа, сүйүктүү) пенделериңе ыроологонуңдун эң жакшысын бере көр!»- деп дуба кылды. Азирети Пайгамбарыбыз намаздан соң:

-*Бир аз мурун ким дуба кылды?* - деп сурады. Баягы адам:

-Мен, о, Алланын Элчиси! - деди. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

-*Андай болсо, атың чөгүп, сен Алланын жолунда шейит кетесиң* - деди» *(Хаким, I, 325/748)* .

Азирети Пайгамбарыбыз айрым сахабаларынын шейит ке-

терин алдын ала сүйүнчүлөгөн. Ал согушка аттанып бараткан кезде кээ бир сахабалар үчүн Алладан чексиз ырайымын жана кечиримин тилеп дуба кылган. Пайгамбарыбыздын ушул дубаларынын берекеси менен ал сахабалар шейит кетишкен. Амир бин Аквага *(Алла ага ыраазы болсун!)* да ушундай дуба буюруп, кыска убакыттын ичинде Хайбарда шейит кеткен.[129]

Азирети Пайгамбарыбыздын кутман сахабалары үчүн Алла Тааладан кечирим тилегени шейиттик менен аякташы да шейиттиктин канчалык бийик даража экендигинин далили боло алат. Алла Элчисинин бул дубасынын шейиттик менен аякташын билген кутман сахабалар бул дубаны кубануу менен кабыл алышкан.

Азирети Абу Катада *(Алла ага ыраазы болсун!)* айтып калтырган хадисте төмөндөгү окуя маалымдалат:

«Күндөрдүн биринде Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* өйдө туруп:

- *Жакшы иштердин эң жакшысы – бул, Жараткан Алланын жолунда жихад кылуу жана ыйман келтирүү!* - деп айтты. Анда сахабалардын арасынан бир адам туруп:

-О, Алланын Элчиси! Эгер Алланын жолунда өлтүрүлсөм, бу менин күнөөлөрүмдү жууп кете алабы? - деп сурады.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

-Ооба, эгерде сен сабыр кылып, сыйлыгыңды жалгыз Алладан гана үмүтөтүп, согуш майданынан качпай душманга каршы согушуп, Алланын жолунда өлтүрүлсөң, күнөөлөрүң кечирилет. Бирок (элден алган) карыздарың, (адамдын акы-укугу) мындан тышкары болот. Муну мага Жабраил айтты! – деди» *(Муслим, Имара, 117; Тирмизи, Жихад, 33/1712).*

Куттуу хадистердин биринде:

129. Муслим, Жихад, 123, 132; Бухарий, Магази, 138.

*«Шейит кеткен адамдын кул акысынан башка бардык күнөөлөрүн Алла Таала кечирип жиберет»*- деп буюрулат *(Муслим, Имара, 119).*

Күндөрдүн биринде Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сахабаларына төмөндөгү түшүн айтып берген:

*«Кечээ түнү түшүмдө эки адам көрдүм. Менин жаныма басып келишип, мени бир даракка чыгарышты, анан бир үйгө алып барышты. Ушул күнгө чейин ошол үйгө окшош кооз, асемделген эч бир үй көргөн эмесмин. Анан баягы эки адам мага:*

*-Бул ажайып үй, шейиттердин хан сарайы! - деди» (Бухарий, Жихад, 4; Жанаиз, 93)*

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сахабалардын арасынан шейиттикке эгедер боло тургандар тыгыз ымала түзүп, аларга өзгөчө көңүл бөлүп, бейишке киререрин сүйүнчүлөп, алардын жакын тууган-туушкандарынын да көңүлүн жубатаар эле. Ал ошондой эле кутман сахабаларын шейиттикке аракет кылууга үндөөр эле.

Азирети Жабир *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Атамдын денесине мусла[130] жасалган сөөгү Пайгамбарыбыздын алдына алынып келди. Атамдын жүзүн көргүм келди. Бирок ал жердеги эл мага тоскоол болду. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мага:

-Периштелер аны эч тынымсыз канаттары менен жаап көлөкөлөп турушат -деди» *(Бухарий, Жанаиз, 3, 35, Жихад, 20; Муслим, Фадаилус-Сахаба, 129-130).*

Шейит болуу – бул, чындыгында өлүп жок болуп кетүү эмес, биз билбеген, көзгө көрүнбөгөн ырахат жашоодо Алланын ту-

130. **Мусла -** өлтүрүлгөн адамдын кулак-мурунун ж.б. мүчөлөрүн мыкаачылык менен кесилөө. Алланын Элчиси адамдарга, жадагалса айбанаттарга да мусла жасалышына катуу тыйуу салган (Бухарий, Мазалим, 30, Забаих, 25; Абу Давуд, Жихад, 110)

бөлүк жакшылыктарына ээ болуу - дегенди түшүндүрөт. Алла Таала шейит пенделери жөнүндө «өлүк»- деп айтылбашын буюрат. Куран аяттарында:

وَلاَ تَقُولُواْ لِمَنْ يُقْتَلُ فِي سَبيلِ اللهِ أَمْوَاتٌ بَلْ أَحْيَاء وَلَكِن لاَّ تَشْعُرُونَ

**«Алланын жолунда курман болгон (шейиттер) жөнүндө: «Булар өлүктөр»- дебегиле! Ырас, алар тирүү! Бирок силер сезбейсиңер»** *(Бакара сүрөсү, 154-аят).*

وَلاَ تَحْسَبَنَّ الَّذِينَ قُتِلُواْ فِي سَبِيلِ اللهِ أَمْوَاتاً بَلْ أَحْيَاء عِندَ رَبِّهِمْ يُرْزَقُونَ
فَرِحِينَ بِمَا آتَاهُمُ اللهُ مِن فَضْلِهِ وَيَسْتَبْشِرُونَ بِالَّذِينَ لَمْ يَلْحَقُواْ بِهِم مِّنْ خَلْفِهِمْ
أَلاَّ خَوْفٌ عَلَيْهِمْ وَلاَ هُمْ يَحْزَنُونَ يَسْتَبْشِرُونَ بِنِعْمَةٍ مِّنَ اللهِ وَفَضْلٍ وَأَنَّ اللهَ لاَ
يُضِيعُ أَجْرَ الْمُؤْمِنِينَ

**«Алланын жолунда өлтүрүлгөндөрдү эч качан өлүк деп ойлобогула! Алар тирүү жана Алланын алдында ырыскыга бөлөнүшөт. Алар Алла Тааланын мээрими менен өздөрүнө (Бейиште) берилген нерселерине кубанышкан абалда, арттарынан ээрчибей калгандарга (азырынча тирүү мусулмандарга) да: «Аларга коркунуч жок. Алар кайгырышпайт» - деп сүйүнчүлөшөт. Ошондой эле алар Алладан болгон жакшылыкты жана ырайымдуулукту сүйүнчүлөшөт. Чындыгында Алла Таала момундардын сообун текке кетирбейт»** *(Аали Имран сүрөсү, 169-171-аяттар)* – деп буюрулат.

Бүткүл ааламдын Жаратуучусу тарабынан алкоого татыган шейиттер элдин да купулуна толорун атактуу акындардын бири Зия Паша ыр саптарына мындайча төгөт:

Нев-и инсан Хашра дек тазим эдерлер адына,

Ким феда-йи нефс эдерсе жинсинин имдадына....

Бул ырдын мааниси төмөнкүчө: «Ким элдин кызыкчылыгы үчүн жан үрөп, бүт күчү менен аракет кылып, өзүн ушул жолго арнаса, бүткүл адамзаты ал адамдын атын кыяматка чейин жакшылык менен эскеришет»

Кыямат күнү шейиттер жаңы гана жарат алгандай канжалаган калыбында тирилет. Канынын жыты адамды эргите турган жагымдуу жыпар аңкыган жыт сыяктуу болот. Эл алардын шейиттигине күбөгө өтүшөт. Ошондуктан шейит кеткендердин каны, денеси жуулбайт.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мусулман баласы шейит кетээрде Алла Таала ага жеңилдик көрсөтөөрүн айтып калтырган:

*«Адамды кумурска чагып алганда канчалык ачышса, шейит кеткен адамдын жаны да ошончолук гана ачышат» (Тирмизи, Фадаилуль-Жихад, 26/1668; Насаи, Жихад, 35; Ибн Мажа, Жихад, 16)*

Алла Таала пенделерин шейиттикке үндөп:

فَلْيُقَاتِلْ فِي سَبِيلِ اللهِ الَّذِينَ يَشْرُونَ الْحَيَاةَ الدُّنْيَا بِالآخِرَةِ وَمَن يُقَاتِلْ فِي سَبِيلِ اللهِ فَيُقْتَلْ أَو يَغْلِبْ فَسَوْفَ نُؤْتِيهِ أَجْراً عَظِيماً

**«Акыретти бу дүйнөнүн ордуна сатып алгандар Алланын жолунда жихадка аттанышсын! Ким Алланын жолунда күрөшүп курман болсо, же жеңип чыкса, ага эбегейсиз чоң сыйлык тартуулайбыз»** *(Ниса сүрөсү, 74-аят)* – деп буюрат.

Чын көңүлү менен шейиттикти көксөгөн бүткүл ааламдын сыймыгы Азирети Пайгамбарыбыз мындай дейт:

*«Үммөтүмө оор келбегенде бир дагы жүрүштөн калбай, баарысына катышаар элем. Алланын жолунда шейиттиктин*

*шербетинен даам татып, кайра кайра тирилтилип кайра кайра шейит болгум келет»* *(Бухарий, Иман, 26; Муслим, Имара, 103, 107)*

Күндөрдүн биринде Азирети Пайгамбарыбыз азирети Умарга кийип турган көйнөгүн айтып:

-Мына бул көйнөгүң жаңыбы же жуулганбы? - деп сурайт.

Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-Жок, жаңы эмес, жуулган көйнөк, о, Алланын Элчиси! - дейт. Анда Пайгамбарыбыз:

*-Жаңысынан кий, (ар дайым) Аллага шүгүр келтирип жаша да, шейиттиктин шербетинен даам тат!* - дейт (Ахмед, II, 89).

Азирети Пайгамбарыбыз бул сөзү менен азирети Умарга шейит кетерин айткан эле.

Күндөрдүн биринде Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* азирети Абу Бакир, азирети Умар жана азирети Осмон *(Алла аларга ыраазы болсун!)* менен Ухуд тоосуна чыгышат. Бул учурда тоо өзүнөн-өзү титирей баштайт. Анда азирети Пайгамбарыбыз буту менен жерди акырын басып:

*-Акырын бол, тынчтан, эй, Ухуд! Сенин үстүңдө бир Пайгамбар, бир ыраскөй (сыддык, чынчыл) жана эки шейит турат!* - деген экен *(Бухарий, Асхабун-наби, 6; Тирмизи, Манакиб, 18/3703; Насаи, Ахбас, 4).*

Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

«Оо, Жараткан Алла! Мени Өзүңдүн жолуңда шейит кетүүнү буюруп, акыркы Элчиңдин аймагында жанымды алуу менен бакытка бөлөсөң экен!»- деп жалынып-жалбарар эле. *(Бухарий, Фадаилуль-Мадина, 12)* Жараткан Алла азирети Умардын бул дубасын кабыл алып, тилеген тилегин орундаткан. Азирети Умардын кызы Хафса *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Атакемдин бу дубасын угуп таң калып:

-Ушул кантип болсун? (бир учурда Мединада көз жумууну да, шейит кетүүнү да суранып жатасыз!) – дедим.

-Алла Таала кааласа, аны да жүзөгө ашырат – деди.

Эл азирети Умар шейит кеткенге чейин, анын бул дубасынын кандайча жүзөгө ашаарына таң калышкан эле *(Ибн Хажар, Фатхуль-Бари, IV, 101).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* шейиттиктин шербетинен даам сызуу ар бир мусулман баласынын көксөшү зарыл экенине ишарат жасап:

*«Алла Тааладан жан дили менен шейиттикти тилеген адам төшөктө жатып өлсө да, Алла Таала ага шейиттикти насип буюрат» (Муслим, Имара, 157; Насаи, Жихад, 36).*

*«Шейиттикти чын жүрөктөн көксөгөн адам шейит кетпесе да (шейиттиктин) сообуна эгедер болот» (Муслим, Имара, 156).*

Ошондой эле Алланын Элчиси айрым бир адамдарды да «шейит» - деп эсептеген. Пайгамбарыбыз бир күнү сахабаларына:

-*Силер кимдерди шейит деп эсептейсинер?* - деп суроо салат.

Сахабалар:

-О, Алланын Элчиси! Алланын жолунда курман болгондорду шейит деп билебиз! - дешет.

Азирети Пайгамбарыбыз:

-*Андай болсо үммөтүмдөн шейиттердин саны өтө эле аз болот!* -дейт.

Сахабалар таң калып:

- Дагы кимдер шейит болуп эсептелет, о, Алланын Элчиси?! - деп сурашат.

Анда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

-Алланын жолунда өлтүрүлгөн, Алланын жолунда курман болгон, жугуштуу ооруга чалдыгып көз жумган, ич өткөктүктөн өлгөн, сууга чөгүп көз жумган адам да шейит болот - деген *(Муслим, Имара, 165; Ибн Маажа, Жихад, 17).*

Мындан башка хадистерде мал-мүлкү, каны, дини жана үй-бүлөсү үчүн киши колдуу одүйнө салган адамдар да шейит болоорумаалымдалган.[131]

## Пайгамбарыбыздын кызы азирети Зейнептин Мединага келиши

Бадр казатында туткунга түшкөн Пайгамбарыбыздын күйөө баласы Абуль-Ас эркиндикке чыгып, Меккеге келгенден кийин жубайы Зейнептин *(Алла ага ыраазы болсун!)* Мединага барышына уруксат берет. Бадр согушунан болжол менен бир ай убакыт өткөн соң Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Зайд бин Хариса менен Ансардан бир адамды жөнөтүп:

-*Зейнепти «Яжиж» - деген жерде күтүп тургула! Зейнеп келгенден кийин аны мага алып келесинер* - деп буюрат.

Абуль-Ас Зейнепке атасына барышын айтат. Зейнеп дароо даярдыгын көрөт. Абуль-Ас бир тууганы Кинананын төөсүн алып келет. Азирети Зейнеп төөнүн өркөчүнө комдолгон хавдачтын[132] ичине олтурат. Кинана жаасы менен саадагын ийинине асып, төөнүн чылбырын колго алып Меккеден жолго чыгат.

Мүмкүнчүлүктөн пайдаланган Курайш бутпарастары ар түрдүү жалган жалаа сөздөрдү айтышат. Муну менен гана тим болбостон бир канча бутпарасты азирети Зейнептин аркасына

131. Бухарий, Мазалим, 33; Муслим, Иман, 226; Абу Давуд, Суннат, 28-29; Тирмизи, Дият, 21.

132. **Хавдач -** төөнүн үстүнө аял кишилерди отургузуу үчүн жасалган күркө.

түшүрөт. Бутпарастар Пайгамбарыбыздын кызы «Зитува» - деген жерге келип калганда жетип келишет. Хаббар бин Асвад төөнүн үстүндө отурган Зейнепти найзасы менен сайып бир борчукка сулатат. Бул учурда азирети Зейнеп кош бойлуу эле. Ал ошол жерден катуу жарат алып, боюндагы баласы түшүп калат. Азирети Зейнептин жаны жер тартып, катуу кыйналат. Кинана сынар тизелеп саадагынан жебесин сууруп чыгып:

-Бирөөң жакын жолобо! Атып таштайм! - деп калчылдайт. Кууп келген бутпарастар Кинананын чын айтып жатканына көзү жетип артка кайтышат.

Абу Суфян кайра бир канча бутпарас менен баягы жерге келип Кинанага:

-Эй, адам! Бизди огуң менен коркутканыңды кой! Сени менен сүйлөшөбүз! - дейт.

Кинана Абу Суфяндын сөзүн угуп жаасынан жебесин алат. Абу Суфян Кинананын жанына басып келип:

-Сенин бул кылганың туура эмес! Кайсыдыр бир өзгө аял менен элдин алдында ачык эле жолго чыгып кеттиң. Сен деле биз тарткан азап-тозокторубуздун Мухаммад үчүн болгонун билесиң го! Мухаммаддын кызын ачык эле алып бизге да баш бербей атасына алып кетсең, эл башыбызга түшкөн (Бадр) балээнин, алсыздыгыбыздын, белгиси катары кабыл алышат. Жашоомо касам ичип айтам! Зейнепти атасына жибербей Меккеде кармап туруу биз үчүн эч кандай мааниге ээ эмес. Бул жерде биздин (Мухаммаддан) өч алуу деген деле оюбуз жок. Сен эми менин сөзүмдү ук, азыр аны Меккеге кайтарып алып бар! Элдин оозу басылып, аны Меккеге кайтарып алып барганыбызды көргөндөн кийин, (кечинде) жашыруун Меккеден алып чыгып кет! -дейт.

Кинана Абу Суфяндын сөзүнө макул болот. Бир канча күн

Меккеде туруп, элдин оозу басылгандан кийин, түнүчүндө азирети Зейнеп менен жолго чыгат. Ошентип Кинана аны Яжижде күтүп турган Зайд бин Хариса менен тиги адамга тапшырат. Алар Зейнепти атасы азирети Пайгамбарыбызга алып келишет.[133]

Абуль-Ас хижраттын алтынчы жылы Курайш кербени менен бирге кайра туткунга түшөт. Ал таңга маал Алла Элчисинин кызы Зейнепке «Атандан мен үчүн коопсуздук сура!» - деп кабар жөнөтөт. Пайгамбарыбыз мусулмандар менен багымдат намазын окуп бүткөндө, Зейнеп эшигинен башын чыгарып:

-Эй, адамдар! Мен Алла Элчисинин кызы Зейнепмин! Абуль-Асты мен алдым! -дейт. Пайгамбарыбыз:

-*Сен карамагына алган адамды биз дагы карамагыбызга алдык!* -деп буюрат. Алланын Элчиси келгенде азирети Зейнеп *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-Абуль-Ас биздин тууганыбыз, ал менин балдарымын атасы. Ошондуктан мен аны өз карамагыма алдым! -дейт.

Пайгамбарыбыз сахаба жоокерлерине:

-*Эгер ага мал-мүлкүн кайтарып берүүнү ылайык көрсөңөр, кайтарып бергиле! Ал эми бергиңер келбесе, ал силердин эркиңер!* - деп сунушун айтат.

Алар:

-О, Алланын Элчиси! Биз ага мал-мүлкүн кайтарып беребиз! -дешет.

Абуль-Ас кайтарылган кербенин алып Меккеге жол тартат. Бардыгына аманат мал-мүлкүн тапшырган соң:

-Эй, Курайш жамааты! Аманатын албай калган адам барбы?

133. Ибн Хишам, II, 297-299; Ибн Абдилбер, IV, 1854; Ибн Касир, аль-Бидая, III, 362-363.

Кимге аманатын кайтарбай калдым? -деп сурайт.

-Жок, валлахи, баарыбыз алдык! -дешет.

Абуль-Ас:

-Силерге берген убадама турдумбу? -деп сурайт.

-Ооба! Валлахи убадаңды толук аткардың! Сени Кудай өзү жалгасын! Биз сени абийирдүү, сөзүндө бекем турган адам деп билебиз! -дешет.

Абуль-Ас:

-Валлахи, Мединда Исламды кабыл алышыма силердин «биздин мал-мүлкүбүздү өзүнө ыйгарып алуу үчүн Исламга кирди» - деп ойлошуңар тоскоол болду. Мен күбөгө өтөм, Алладан башка кудай жок жана Мухаммад Алланын кулу, Элчиси! -дейт. Андан соң Медина шаарына Алланын Элчисине келет.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ага Зейнепти эски никесин жаңылап кайтарып берет *(Вакиди, II, 553-554; Ибн Саад, VIII, 32-33).*

## Жөөттөр жана Бани Кайнука казаты

(Шавваль, 2-жыл/Апрель, 624-жыл)

Мединада жашаган жөөттөр убагында акыркы пайгамбар чыга турганын оозлорунан түшүрбөс эле. Алар акыркы пайгамбар өздөрүнөн чыгарын ойлогондуктан бу кабарды буга чейин жайып келишкен. Бирок акыр заман Пайгамбары Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Пайгамбарыбыздын жөөттөрдөн эмес, араптардан болушу аларга өтө оор келет. Баягы сөздөрү дароо өзгөрүп, азирети Пайгамбарыбыздын пайгамбарлыгын четке кагышат. Жараткан Алла Таала жөөттөр жөнүндө мындай дейт:

وَإِذْ أَخَذْنَا مِيثَاقَ بَنِي إِسْرَائِيلَ لاَ تَعْبُدُونَ إِلاَّ اللّهَ وَبِالْوَالِدَيْنِ إِحْسَاناً وَذِي الْقُرْبَى وَالْيَتَامَى وَالْمَسَاكِينِ وَقُولُواْ لِلنَّاسِ حُسْناً وَأَقِيمُواْ الصَّلاَةَ وَآتُواْ الزَّكَاةَ ثُمَّ تَوَلَّيْتُمْ إِلاَّ قَلِيلاً مِّنكُمْ وَأَنتُم مِّعْرِضُونَ

**«Биз Исраил урпагынан убадасын алганбыз: «Аллага гана сыйынгыла, ата-эне, тууган-урук, жетим жана бечараларга жакшылык кылгыла, элге жакшы сөз сүйлөгүлө (эл менен жылуу мамиледе болгула), намаз окугула жана зекет бергиле» - дедик. Кийин (эй, Исраил урпагы) аз гана адамдан тышкары баарыңар жүз үйрүгөн бойдон кеттиңер»** *(Бакара сүрөсү, 83-аят).*

بِئْسَمَا اشْتَرَوْا بِهِ أَنفُسَهُمْ أَنْ يَكْفُرُواْ بِمَا أَنْزَلَ اللّهُ بَغْياً أَنْ يُنَزِّلَ اللّهُ مِنْ فَضْلِهِ عَلَى مَن يَشَاءُ مِنْ عِبَادِهِ فَبَآؤُواْ بِغَضَبٍ عَلَى غَضَبٍ وَلِلْكَافِرِينَ عَذَابٌ مُّهِينٌ

**«Алла Таала өзү каалаган пенделерине Өзүнүн ырайымы менен аяттарын жибергенине каршы чыгып, Алла Таала жиберген нерселерге каапырлык кылып, өздөрүн сатышы кандай жаман. Анан каар үстүнө каар алып кайтышты. Каапырлар үчүн кордоочу азап бар»** *(Бакара сүрөсү, 90-аят).*

Жөөттөрдүн мындай кадамынын дагы бир себеби, бул дүйнөгө болгон сүйүүлөрү эле. Бул жөнүндө Куран аяттарынын биринде мындай делет:

وَلَتَجِدَنَّهُمْ أَحْرَصَ النَّاسِ عَلَى حَيَاةٍ وَمِنَ الَّذِينَ أَشْرَكُواْ يَوَدُّ أَحَدُهُمْ لَوْ يُعَمَّرُ أَلْفَ سَنَةٍ

**«А түгүл алардын Алла Таалага башканы теңегенин да, жашоого ач көз кишилер экенин да көрөсүң, алар миң жыл өмүр сүрүүнү көксөшөт...»** *(Бакара сүрөсү, 96-аят).*

Ошондой эле жөөттөр соода тармагын да өздөштүрүп, байлыгы ашып-ташып, күч-кубатка толуп тургандыктан өздөрүн жогору сезип, башка элдерди теңине албай:

نَحْنُ أَبْنَاء اللّهِ وَأَحِبَّاؤُهُ

**«...Биз Алланын уулдарыбыз жана Анын сүйүктүүсүбүз...»** *(Маида сүрөсү, 18-аят)* дешээр эле.

Мындай жат иштеринен улам Жараткан тарабынан эскертүү келсе, алар төмөнкүчө жооп кайтарышар эле:

لَن تَمَسَّنَا النَّارُ إِلاَّ أَيَّاماً مَّعْدُودَةً

**«...Биз тозок отуна саналуу гана күндөрдө түшөбүз!..»** *(Бакара сүрөсү, 80-аят)*

Бирок Алла Таала чындык алардын ойлогонуна төп келбестигин төмөнкү аяты аркылуу билдирет:

بَلَى مَن كَسَبَ سَيِّئَةً وَأَحَاطَتْ بِهِ خَطِيـــئَتُهُ فَأُوْلَـــئِكَ أَصْحَابُ النَّارِ هُمْ فِيهَا خَالِدُونَ

**«Жок! Жамандыкты (бузукулукту) кесип кылып, күнөөгө белчеден баткандар – тозоку! Алар ошол жерде түбөлүк болушат»** *(Бакара сүрөсү, 81-аят).*

Алланын Элчиси Мединадагы жөөттөр менен келишим түзсө да, көз көрүнөө Ага болгон кастыгынан кайтышпайт. Уруулар ортосундагы мурунку келишпестиктерди кайрадан жанданды-

рып, элди бири-бирине тукуруп коомдо чагымчылык чыгарууга жан далбас урушат. Алардын тымызын жасап жаткан бул иш-аракети тууралуу Жараткан Алла Таала акыркы Пайгамбарына жана мусулмандарга мындайча кабар берет:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُواْ لاَ تَتَّخِذُواْ بِطَانَةً مِّن دُونِكُمْ لاَ يَأْلُونَكُمْ خَبَالاً وَدُّواْ مَا عَنِتُّمْ قَدْ بَدَتِ الْبَغْضَاء مِنْ أَفْوَاهِهِمْ وَمَا تُخْفِي صُدُورُهُمْ أَكْبَرُ قَدْ بَيَّنَّا لَكُمُ الآيَاتِ إِنْ كُنتُمْ تَعْقِلُونَ هَاأَنتُمْ أُوْلاَءِ تُحِبُّونَهُمْ وَلاَ يُحِبُّونَكُمْ وَتُؤْمِنُونَ بِالْكِتَابِ كُلِّهِ وَإِذَالَقُوكُمْ قَالُواْ آمَنَّا وَإِذَا خَلَوْا عَضُّواْ عَلَيْكُمُ الأَنَامِلَ مِنَ الْغَيْظِ قُلْ مُوتُواْ بِغَيْظِكُمْ إِنَّ اللّهَ عَلِيمٌ بِذَاتِ الصُّدُورِ

إِن تَمْسَسْكُمْ حَسَنَةٌ تَسُؤْهُمْ وَإِن تُصِبْكُمْ سَيِّئَةٌ يَفْرَحُواْ بِهَا وَإِن تَصْبِرُواْ وَتَتَّقُواْ لاَ يَضُرُّكُمْ كَيْدُهُمْ شَيْئاً إِنَّ اللّهَ بِمَا يَعْمَلُونَ مُحِيطٌ

**«Эй, момундар! Өзүңөрдөн башкаларды сырдаш, дос тутпагыла! Алар силерге зыян келтирүү үчүн күчтөрүн аяшпайт. Алар силердин балээге кабылышыңарды каалашат. Алардын кеги оозунан (чыккан сөздөн) ачык-айкын көрүнүп турат. Жүрөктөрүндөгү тагы (кеги, кастыгы) абдан чоң. Чындыгында, муну түшүнүүңөр үчүн Биз силерге белгилерди ачык-айкын көргөздүк»**

**«(Эй, момундар!) Силер аларды жакшы көрөсүңөр, бирок (баары бир) алар силерди жек көрүшөт. Силер бардык китептерге ыйман келтиресиңер. Алар менен бетме-бет келген учурда: -Ишендик! -дешет. Өздөрүнчө калган кезде (силерди жек көргөндүктөн итиркейи келип) бармактарын тиштешет. (Эй, Мухаммад! Аларга) : «Ушул каранietиңер менен өлүп кеткиле!» - деп айт-**

**кын. Чындыгында, Алла Таала жүрөктөрдүн түпкүрүндөгүнү Билүүчү Зат!»**

**«Эгер силер кандайдыр бир ийгиликке жетсеңер, бул аларга жакпайт. Ал эми силер бир жамандыкка туш болсоңор, анда алар (абдан) кубанышат. Эгер сабыр кылып, такыба болсоңор, алардын караниетинен эч качан зыян тартпайсыңар! Албетте, Алла Таала алар жасап жаткан иштердин баарысын билет!»** *(Аали Имран сүрөсү, 118-120-аяттар)*

Бул аяттарда маалымдалгандай, мусулмандарга каршы жашыруун кас болуп, кек сактаган жөөттөргө мусулмандардын Бадр согушунда жеңип чыгышы чындыгында эле өтө оор келет. Жөөттөр мусулмандардын жеңишин көтөрө албай, мусулмандарга каршы согуш жарыялоого чейин барышат. Ошентип алар сөздөрүнө тура алышпай ортодо түзүлгөн мекендештик келишимин бузушат.

Жөөттөр эң жакын досу болгон эки жүздүүлөрдүн башчысы Абдуллах бин Убай менен бирге жөөттөрдүн базарын мусулмандарга каршы тузак катары колдонуунун жолдорун ойлоп чыгышат. Аларда мусулмандар тууралуу кыпындай да жакшы ой жок эле. Алар мүмкүнчүлүк болсо, Алланын Элчисинин өмүрүнө кол салууну да көздөшө турган.

Күндөрдүн биринде базарда бир зергерден мусулман аял өзүнө керектүү буюм-тайымын сатып алып жаткан болот. Бузукулукту өтө мыкты өздөштүргөн жөөттөр тиги мусулман аялга ооздоруна келген жаман сөздөр менен акаарат келтиришет. Бул учурда базардын кыйырынан өтүп бараткан мусулман адам аялдын кыйкырыгын угуп, дароо мусулман боордошун коргоо үчүн зергер жөөткө карай бет алат. Мушташ чыгып кетет. Мусулман адам зергер жөөттү өлтүрүп алат. Тегеректеп турган жөөттөр мусулман адамды ошол жерден өлтүрүп коюшат. Жанжал баш-

талат. Мекендештик келишими эми чындап бузулган эле. Ошентип, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жөөттөр менен жолугуп:

*-Эй, жөөттөр! Алладан корккула! Алла Таала Курайштын башына түшүргөн алааматты силерге да түшүрөрү толук ыктымал. Андыктан азыртан сактанып, ыйманга келип мусулман болгула! Анткени силер менин акыркы Пайгамбар экенимди (айкын) билесиңер. Бул чындык колуңардагы китебиңерде- Алланын силерге берген убадасында (бакыйып) жазылып турат -* деп буюрат.

Андан соң Пайгамбарыбыз аларга кетирген осолдугун жууш үчүн (белгилүү өлчөмдө кун) төлөөлөрүн жана тынчтык-мекендештик келишимине чекит койгусу келбегенин да билдирет. Келишимди жаңылоону сунуштайт. Бирок жөөттөр:

-Эй, Мухаммад! Сен эмне бизди согуштун ыкмаларынан кабары жок, тажрыйбасыз Курайш деп ойлоп жатасыңбы? Биз алардан өткөн баатыр, тайманбас эр жүрөкпүз! Биз менен согуш майданында жолукканыңда биздин ким экенибизди ошондо билесиң! - дешет.

Алла Таала бул окуядан кийин төмөндөгү аяттарын түшүрөт:

قُل لِّلَّذِينَ كَفَرُواْ سَتُغْلَبُونَ وَتُحْشَرُونَ إِلَى جَهَنَّمَ وَبِئْسَ الْمِهَادُ قَدْ كَانَ لَكُمْ آيَةٌ فِي فِئَتَيْنِ الْتَقَتَا

**«Ыймансыздарга: - Силер жакында жеңилесиңер жана тозокко чогуласыңар- деп айт! Ал кандай гана жаман жер! Бетме-бет келген эки кошуундун ортосунда болгон кагылышууда белгилер (үлгү-сабактар)**

**бар...»** *(Аали Имран сүрөсү, 12-13-аяттар)* [134]

Жөөттөр өз учурунда азирети Мусага *(алейхис-салаам)*:

فَاذْهَبْ أَنتَ وَرَبُّكَ فَقَاتِلا إِنَّا هَاهُنَا قَاعِدُونَ

**«...Сен Жараткан Эгең экөөң барып согушкула! Биз бул жерде отуруп турабыз!»** *(Маида сүрөсү, 24-аяттар)* –деп, Алла Тааланын ырайымына себепкер боло турган жихадды кесирлик кылып четке кагышкан. Эми минтип дагы бир кесирлиги үчүн өздөрүнө балээ боло турган жихадды жан көңүлдөн чыдамсыздык менен күтө башташат.

Ошентип тынчтык келишимди бузуп, мусулмандарга каршы согуш жарыялаган жөөттөр карөзгөйлүгүн дагы бир жолу айдан ачык, даана билдиришкен эле. Мындан оң майнак чыкпасын түшүнгөн Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* азирети Алиге тууну көтөртүп, Кайнука жөөттөрүн көздөй жүрүш жасайт. Жөөттөр чептеринен чыкпай коргонушат. Алар эки жүздүүлөр менен бирге мусулмандарга каршы бир топ айла-амалдарды ойлоп табышса да, анын бирөөсүн да колдонууга чамалары жетпей, чептен бир да жаанын жебеси чыкпайт. Анткени Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бир жагынан аларды курчоого алып, экинчи жагынан эки жүздүүлөр тараптан келчү чабуулду эске алып, аларга да каршы бардык чараларды көрүп койгон эле.

Жөөттөрдүн чепке баш калкалоолорун эки жүздүүлөрдүн башы Абдуллах бин Убай сунуштап, эки жүздүүлөр дайым алар менен бирге болоруна сөз берген эле. Бирок эки жүздүүлөрдүн ишеничтүү башчысы жөөттөргө жардам берүүгө дарамети жетпей, сөзүнө тура алган эмес эле.

134. Абу Давуд, Харaж, 21-22/3001

Курчоо он беш күнгө созулат. Акырында ишенген Абдуллах бин Убайдын жардамы келбей калганына көздөрү жеткен жөөттөр коркуп кечирим суроого аргасыз болушат. Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* өкүмүнө айласыз моюн сунушат. Кайнука уруусу менен Хазраж арап уруусунун ортосунда мурунтан эле тынчтык келишимин эске салып ортого кирген эки жүздүүлөрдүн башчысы Абдуллах бин Убай Пайгамбарыбыздан алардын кечирилишин суранат. Анткени араптардын үрп-адаты боюнча мындай учурда жөөттөр кыргын табышы керек эле.

Ырайымдуулуктун Пайгамбары *(саллаллаху алейхи ва саллам)* алардын кыргынга учурашын каалабайт. Аларды Сирия тарапка сүргүнгө айдайт. «Вадиль-Кура» - деген жерге барып бир ай туруп калышат. Вадиль-Куранын жергиликтүү жөөттөрү алардын жөө келгендерине ат-төө берип, кулазыктарын да даярдап беришет. Ошентип жолго түшкөн Кайнука уруусунун жашоосу барган жерлеринде да көпкө созулбайт.[135]

## **Савик жүрүшү** (Зульхижжа, 2-жыл/ Май 624-жыл)

Абу Жахил көз жумгандан кийин Курайш уруусуна Абу Суфян башчы болуп дайындалат. Абу Суфян Бадрдагы өчүн алуу үчүн ооз көптүрүп касам ичип, дароо эки жүз атчан колу жолго чыгат. Алар Мединага ат чабым калганда эс алып тыным жасашат. Түн кирет. Абу Суфян  түн жамынып Надир жөөт уруусунун аймагына кирип келет. Жөөттөрдүн башчысы Саллам бин Мишкамдын үйүнө барат. Саллам Абу Суфянды жылуу кабыл алып, өз сыйын көрсөтөт. Саллам мусулмандардын айрым жашыруун сырлары тууралуу да кабар берет.

135. Ибн Хишам, II, 426-429; Вакиди, I, 176-180; Ибн Саад, II, 28-30.

Абу Суфян Салламдын үйүнөн чыгып, кайра кошуунуна кайтып келет. Душмандар ансарлардан Саад бин Амрды өлтүрүп, курма багын өрттөп жиберишет. Ошентип, Абу Суфян касамын аткарганын айтып, дароо Меккенин жолуна түшөт. Окуядан кабар алган Алланын Элчиси Абу Суфяндын изин кууп жолго чыгат. Бутпарастар оной качып кутулуу үчүн жолго кап-кап куурулган ун (савик) ташташат. Ошондуктан бул жүрүш «Савик жүрүшү» -деп аталып калган эле.[136]

## Азирети Алинин азирети Фатима менен баш кошуусу

Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* кызы Фатима *(Алла ага ыраазы болсун!)* менен азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун!)* хижраттын экинчи жылы баш кошушкан эле.

Азирети Фатиманын колун азирети Абу Бакир, азирети Умар сыяктуу кутман сахабалардын аттуу-баштуулары сурап келгенде Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*-Мен ал жөнүндө Алла Тааланын өкүмүн күтүп жатам* - дээр эле. Ошондуктан азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун!)* туугандарынын сунуштарына карабай, бул кадамга бара алган эмес. Ошентип, ал туугандарынын эч талбаган сураныччы менен акырында Алла Элчисинин алдына чыгынып барат.[137]

Азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун!)* окуянын уландысын өзү мындайча баяндайт:

«Алла Элчисинин алдына бардым. Анын салабаттуулугу, сүрү бир башкача эле. Мандайына келип тизе бүгүп чөк түшүп олтурдум. Демим кыстыкты. Сүйлөөгө даай албадым. Алланын

136. Ибн Хишам, II, 422-423; Вакиди, I, 181-182; Ибн Саад, II, 30.
137. Ибн Саад, VIII, 19.

Элчиси:

*-Эмне иш менен келдиң? Кыязы, Фатима үчүн келгенсиң го?!* -деди. Үнүм араң чыгып: - Ооба - дегенге гана жарадым *(Ибн Касир, аль-Бидая, III, 379).*

Ошентип, Пайгамбарыбыздын *(алейхис-солаату вас-салаам)* макулдугу менен азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун!)* айрым бир буюм-тайымын сатып 480 дирхам михир[138] акчасын камдайт. Алланын Элчиси бул акчанын үчтөн экисине мускус-атыр, калганына кийим-кечек алып беришин айтат.[139]

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* кызы Фатиманын себине чийбаркыт кездеме, кумган, анан «ызхыр» - деген чөптөн жасалган көрпөчө берет.[140] Билал Хабашиге:

*-Эй, Билал! Үйлөнүү үлпөтүндө элге тамак-аш берүү* (той өткөзүү) *үммөтүм тарабынан сүннөт иш катары кабыл алынышын каалар элем!* - деп аны тамак-ашка дайындайт. Азирети Али согушка кийчү кийимин бир жөөткө насыяга таштап, андан арпа алат. Тойдогу сый тамак «хайс»[141]- делген таттуу ширин тамак-аш эле. Мусулмандар топ-топ болуп келип сый тамактан даам татышат *(Ибн Саад, VIII, 23; Абдурраззак, V, 487; Диярбакри, I, 411).*

Азирети Пайгамбарыбыз кумганга суу алдырып даарат алат. Азирети Алини чакырып, даараттан калган суудан көкүрөгүнө, анан эки далысынын ортосуна серпет. Андан соң Фатиманы чакырып ага да алгач көкүрөгүнө, анан эки далысынын ортосуна серпип, азирети Алиге үй-бүлөсүнүн эң кайырлуусуна никелегенин айтат. Азирети Фатима менен азирети Алиге ак батасын берип:

---

138. Михир: Үйлөнө турган жигит тарабынан кыздын өзүнө берилчү калын.

139. Ибн Саад, VIII, 19.

140. Насаи, Никах, 81

141. Хайс үчүн данегинен чыгарылган курма, таза май жана айран керектелет. Ал кездерде хайска кээде куурулган ун да кошула турган.

«Оо, Жараткан Алла! Аларды да, укум-тукумун да каргышка калган шайтандан сактай көр!» - деп дуба кылат *(Ибн Саад, VIII, 24; Диярбакри, I, 411)*.

Пайгамбарыбыз кызы азирети Фатимага үй иштери, ал эми күйө баласы Алиге сырттагы иштер менен алек болушун айтат.[142]

Азирети Усама бин Зайд *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Мен Алла Элчисинин жанында отургам. Али менен Аббас келип Пайгамбарыбыздын алдына кирүүгө уруксат сурашты. Алланын Элчиси:

-Эмне жумуш менен келиптир? - деди.

- Билбейм! - дедим.

-Мен билем, киришсин! - деп буюрду. Ичкери ээрчитип келдим.

-О, Алланын Элчиси! Жакындарыңыздан Сизге эң сүйкүмдүү ким экенин билгибиз келди! - дешти. Алланын Элчиси:

-*Фатима бинти Мухаммад!* - деди.

-(Кан жагынан жакын) үй-бүлөңүздү эмес, (Үй-бүлөңүздөн башка жакындарыңыз жөнүндө) сурагыбыз келди - дешти.

-*Туура жолго түшүп, Жараткандын жакшылыгына ээ болгон, азаттыкка чыгарып, өзүмө уул кылып алган Усама!* - деди.

-Андан кийин ким? - дешти.

-*Али!* - деди. Абасы азирети Аббас :

-О, Алланын Элчиси! Абаңды эң акырына калтырдыңбы! -деди.

142. Касани, V, 24

*-Али хижратта сизден биринчи журт которгон!-* деп жооп берди» *(Тирмизи, Манакиб, 40/3819).*

Ибн Аббас мындай дейт:

«Пайгамбарыбыз жерге төрт сызык сызып:

*-Бу сызыктарды эмне үчүн сызганымды билесиңерби?* -деп сурады.

Сахабалар:

-Эң туурасын Алла Таала жана Анын Элчиси билет -дешти.

*-Бейиштеги аял кишилердин эң кайырлуусу Хатижа бинти Хувайлид, Фатима бинти Мухаммад, Марям бинти Имран жана Фараондун жубайы Асия бинти Музахим* -деп буюрду» *(Ахмед, I, 293).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* үй-бүлөсүнүн руханий тарбиясына, түбөлүк жашоого камылга көрүүсүнө өзгөчө басым жасар эле. Азхаб сүрөсүнүн:

يَا نِسَاءَ النَّبِيِّ لَسْتُنَّ كَأَحَدٍ مِّنَ النِّسَاءِ إِنِ اتَّقَيْتُنَّ فَلَا تَخْضَعْنَ بِالْقَوْلِ فَيَطْمَعَ
الَّذِي فِي قَلْبِهِ مَرَضٌ وَقُلْنَ قَوْلاً مَّعْرُوفاً   وَقَرْنَ فِي بُيُوتِكُنَّ وَلَا تَبَرَّجْنَ تَبَرُّجَ
الْجَاهِلِيَّةِ الْأُولَى وَأَقِمْنَ الصَّلَاةَ وَآتِينَ الزَّكَاةَ وَأَطِعْنَ اللهَ وَرَسُولَهُ إِنَّمَا يُرِيدُ اللهُ
لِيُذْهِبَ عَنكُمُ الرِّجْسَ أَهْلَ الْبَيْتِ وَيُطَهِّرَكُمْ تَطْهِيراً

**«Эй, Пайгамбардын аялдары, силер жөнөкөй аял эмессиңер. Эгер Алладан корксоңор (парда артынан бир чоочун эркекке жооп кылган чагыңарда) жумшак, назиктик менен сөз кылбагыла, анда көңүлүндө дарты бар адам үмүт кылып калат. Жакшы сөздү сүйлөгүлө! Такай өз үйүңөрдө болгула, мурдагы караңгы (мезгилдеги аялдар) сыяктуу (сыртка) жасанып чыкпагыла!**

**Намазды толук окугула! Зекетиңерди бергиле! Ошондой эле (бардык иштерде) Аллага жана Анын пайгамбарына баш ийгиле! (Эй, Пайгамбардын) үй-бүлөсү! Алла Таала силерди күнөөлөрдөн тазалоону гана каалайт!»** *(Азхаб сүрөсү, 32-33-аяттар)* - деген аяттары түшүрүлгөн кезде Пайгамбарыбыз алты ай бою багымдат намазынын убагы киргенде азирети Фатиманын каалгасын кагып:

-Намазга тургула, эй, ахли-байт! **Алла силерди күнөөлөрдөн арылтып тазалагысы гана келет** - деп буюра турган» *(Тирмизи, Тафсир, 33/3206).*

Азирети Пайгамбарыбыз кээде азирети Али менен Фатиманы түбөлүк жашоонун маанилүү казыналарынан бири болгон тахажжуд намазына үндөп, эшигин кагып:

-Намаз окуйсуңарбы? -дээр эле *(Бухарий, Тахажжуд, 5).*

Азирети Али мындай дейт:

«Атасы Фатиманы үй-бүлөсүндөгүлөрдүн баарынан жакшы көрөр эле. Фатима жаргылчак айланткандыктан колун, чанач менен суу ташыгандыктан мойнун жору басып, үйдү көп шыпыргандыктан үстү-башын чаң басып калар эле. Күндөрдүн биринде Алланын Элчисине бир канча кул берилген эле. Фатимага:

-Атаң барып, бир кул алып келсең кандай болот?! -дедим.

Фатима сунушумду кабыл алып атасына барды. Алла Элчисинин адамдар менен сүйлөшүп жатканын көрүп артка кайтып келди. Эртеси күнү Алланын Элчиси Фатимага келип:

-Кызым, кечээ эмнеге келдиң эле? -деп сурады. Фатима унчуккан жок. Мен ортого кирип:

-Мен айтайын, о, Алланын Элчиси! - деп, жагдайды түшүндүрүп бердим. Анда Алланын Элчиси:

*-Эй, Фатима! Алладан корк! Алланын парздарын аткар!*

*Үй-бүлөлүк жумуштарыңды өзүң жаса! Төшөгүңө киргенде отуз үч жолу субханаллах, отуз үч жолу альхамду лиллах, отуз төрт жолу Аллаху акбар деп айт! Ошондо баары биригип жүз болот. Бул сен үчүн кызматчыдан алда канча жакшыраак!* - деп буюрду.

Азирети Фатима:

-Аллага жана Алланын Элчисине ыраазымын! - деди.

Ошентип, Алланын Элчиси ага кызматчы берген жок» *(Абу Давуд, Хараж, 19-20/2988).*

Ушул эле окуя тууралуу башка риваят боюнча Пайгамбарыбыз:

«Валлахи, ахли суффа  ачкалыктан кардына таш байлап жаткан чакта, аларга берчү эч нерсем жок кезде силерге кызматчы бере албайм. Туткундарды бошотуу үчүн алардан фидия алып, аны асхабы суффага сарптайм» *(Ахмед, I, 106)* - деген эле.

Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* колунан эркиндикке чыккан Савбан *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси жолго чыгарда үй-бүлөсүнөн кызы Фатима менен эң акырында коштошор эле. Сапардан кайтып келген соң эң алгач Фатиманын үйүнө бара турган. Күндөрдүн биринде Алланын Элчиси дагы бир сапардан кайткан эле. Фатима каалгасына кездеме (парда) асып койгон эле. Бул учурда Хасандын да, Хусайндын да колуна бирден күмүш билерик тагып койгон эле.  Пайгамбарыбыз негедир бул жолу Фатиманын каалгасына келип, үйүнө кирбей кайтып кетет. Фатима жагдайдын чоо-жайын дароо түшүнүп, кездемени алып, балдарынын колундагы күмүш билериктерди чечип салат. Тиги экөөнө билериктин бирөөсүн гана берип койот. Хасан менен Хусайн ыйлап Пайгамбарыбызга даттанып барышат. Алланын Элчиси *(саллал-*

*лаху алейхи ва саллам)* (Фатиманын үйүнө барып) билериктерди алып, мага:

*-Эй, Савбан! Буларды баланчаныкына алып барып бер! Хасан менен Хусайн менин үй-бүлөмдөн болот. Алла Таала аларга ыроолой турган жакшылыктарды бул дүйнө жашоосунда эле колдонуп коюуларын каалабайм. Эй, Савбан! Фатимага сөөктөн жасалган мончок, (Хасан менен Хусайнга) дагы сөөктөн жасалган эки билерик сатып ал!* - деп буюрду *(Абу Давуд, Таражжуль, 21/4213).*

## Ахли Байт жана Ахли Байтка болгон сүйүү

«Ахли Байт» – деген сөздүн түз мааниси «бир коломтодо түтүн булаткан үй-бүлө» - деген маанини түшүндүрөт. Ал эми Ислам терминологиясында, бул сөз бүткүл ааламдын Сыймыгы болгон азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бүлөсү үчүн колдонулат. Азирети Пайгамбарыбыздын бүлөсүнө өз үй-бүлөсү, азирети Али, азирети Жафар, азирети Акил жана азирети Аббастын үй-бүлөлөрү да кирет. Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* салават айтып, салам жолдоо[143] бүткүл мусулмандар үчүн кандай маанилүү болсо, ахли байтка да урмат-сый көрсөтүү дал ошондой мааниге ээ.[144]

Алла Элчисинин үй-бүлөсү үчүн зекет алуу арам болуп эсептелет. Күндөрдүн биринде азирети Пайгамбарыбыз азирети Хасандын казынага таандык зекеттен келген курмадан бирди оозуна алып жатканын көрүп калат. Ошол замат курманы оозунан алып чыгат да:

*-Мухаммаддын үй-бүлөсүнө зекет берилбесин (алигиче)*

143. Салават, салам жолдоо: Жаратканга алакан жайып, Пайгамбарыбызга дуба кылуу, Жаратхандан тынчтык, бейпилдик тилөө - дегенди түшүндүрөт.

144. Ахмед, I, 323

*билбейсинби?* – дейт. (Бухарий, Зекет, 57; Ахмед, I, 200).

Азирети Зайд бин Акрам *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Күндөрдүн биринде Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Мекке менен Мединанын ортосундагы «Хум» - деген суунун башында улуу сөздөн кеп улады. Алла Таалага шүгүр келтирип бизге акыл-насаатын айтты. Андан соң мындай деди:

*-Эй, адамдар! Мен да адаммын. Жакында Жараткан Алланын Элчиси (өлүм периштеси Азраил) мага да келет, мен анын чакырыгына жооп берип, мен да кетем. Силерге эки нерсе таштайм. Бири адам баласын туура жолго жылоолоп, тунгуюктан алып чыкчу нур болгон Алланын Китеби - Курани Карим. Ага бүт күчүңөр менен жабышкыла (Ыйык Куран менен жашагыла)!...»*

Азирети Пайгамбарыбыз *(алейхис-солаату вас-салаам)* Ыйык Куран боюнча жашоо жөнүндө көпкө чейин сүйлөдү. Сөзүн улап:

*«Силерге Ахли Байтымды да таштайм. Алладан корккула! Ахли байтыма урмат-сыйда болгула! Алладан корккула! Ахли байтыма жылуу мамиледе болгула!»*

-Пайгамбарыбыздын Ахли Байты ким, эй, Зайд?! Жубайлары да Ахли байтына киреби? - деген элдин суроосуна азирети Зайд:

- Албетте, жубайлары да Ахли Байттан болуп эсептелет. Бирок чыныгы Ахли Байт Пайгамбарыбыздан кийин да кайыр-садага алуулары арам болгондор! - деп жооп кайтарат.

Эл кайра:

-Кайыр-садага алуулары арам болгондор кимдер? - деп сурайт.

-Али, Акил, Жафар жана Аббастын үй-бүлөлөрү!- деп жооп берет *(Муслим, Фадаилус-Сахаба, 36).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мындай дейт:

*«Жараткан Алланы Тааланы бизди жакшылыктарына бөлөгөнү үчүн жакшы көргүлө! Мени Алланы сүйгөндүгүнөр үчүн жакшы көргүлө! Ал эми менин ахли байтымды мени жакшы көргөндүгүнөр үчүн жакшы көргүлө!» (Тирмизи, Манакыб, 31/3789).*

Күндөрдүн биринде Пайгамбарыбыз небереси Хасан менен Хусайнды колунан кармап:

*«Ким мени, мына бул экөөнү, булардын ата-энесин жакшы көрсө, кыяматта мени менен бирге болот» (Тирмизи, Манакыб, 20/3733)* - деген экен.

Кутман сахабалардын Алла Элчисинин жакындарына бапестеген сүйүүсү бөтөнчө эле. Аларга терең сый-урмат көрсөтүшөөр эле. Анткени сүйгөн адам сүйгөнүнө болгон сүйүүсүнө жараша анын досторун, жакындарын, кийген кийимин кыскасы аны эске сала турган бүт нерсени жакшы көрөт. Сүйүү күчөгөн сайын анын сүйүүсү сүйгөнүнүн тегерегиндегинин баарына чагылышат.

Мына ошол Алла Элчисин өз жанынан да артык көргөн сахабалар Алланын Элчиси төөсүнө минээрде үзөңгүсүнөн бери кармап берип турушар эле.[145] Алар кыямат күнү бардык туугандык байланыштар үзүлгөн чакта Пайгамбарыбыз менен гана байланышы барлардын туугандык байланышы үзүлбөстүгүн билишкендиктен, азирети Пайгамбарыбыздын жакын туугандарынан бирине үйлөнүү аркылуу Аны менен туугандык ымала курууну жан дилден эңсешкен.[146]

145. Хайсами, IX, 348
146. Хайсами, IX, 173

Алла Элчисинин урпагынан тарагандар бүгүнкү күндө Ислам ааламынын ар кайсы жерлеринде жашап келет. Хусайндан *(Алла ага ыраазы болсун!)* тарагандар «Саййид», ал эми Хасандын *(Алла ага ыраазы болсун!)* урпагы «Шариф» -деп айтылат. Осмон мамлекети учурунда саййиддерди «амир», башына кийген жашыл селделерин «амир селдеси»- деп коюшар эле. Осмон мамлекетинин доорунда Пайгамбарыбыздын урпагынан тараган аял кишилер да жашыл жоолук салынышар эле.

Осмон мамлекетинде ахли байтка кызмат кылуу өтө жогорку кызмат катары бааланып, ал үчүн расмий кызмат оруну боло турган. Осмон мамлекетинде бул расмий кызматты аркалагандар «Накибул-Ашраф»- деген ат менен белгилүү болушкан. Накибуль-Ашраф Пайгамбарыбыздын урпагынан тандалып, ахли байттын ар бир ишин көзөмөлдөп турушаар эле. Алар ахли байтты каттоого алып, алардын санын тактап турушкан. Алардын төрөлгөн жана көз жумган жылдарын да жазып турушаар эле. Накибуль-Ашраф ахли байтка кирешеси жакшы кесиптерди тандоосуна жолтоо болуп, олжодон өз тиешесин гана таратышаар эле. Ошондой эле ахли байттын эрезеге жеткен кыздарына тең келбеген жигит менен баш кошууларына да уруксат беришкенэмес.[147]

Накибуль-ашраф Пайгамбарыбыздын урпагына мураскор катары жүргүзгөн милдети – мамлекеттеги эң жогорку милдеттерден бири болгон. Бул милдет халифалыктан кийинки эле эң чоң кызмат болгон. Падыша отурумдарында халифага алгач ошол Накибуль-ашраф ант берип, дуба кылар эле. Айт күндөрү да куттук сөздөр алгач Накибуль-ашрафка айтыла турган. Эки майрамда тең (Орозо жана Курман айттарында) падыша урмат кылып, Накибуль-ашраф үчүн ордунан өйдө тураар эле.

Стамбулдагы саййид же шарифтерден бири мыйзамга кар-

147. Мехмет З. Пакалын, II, 647

шы кадам таштаса, ал Накибуль-Ашраф тарабынан, ал эми борбордон башка жерде болсо жергиликтүү башкармалык тарабынан жазасын ала турган. Ошондо да ага сый иретинде жаза колдонор алдында башындагы жашыл селдеси алынып, жаза колдонулган соң селдеси кайтарылып берилер эле.

# ХИЖРАТТЫН ҮЧҮНЧҮ ЖЫЛЫ

## УХУД КАЗАТЫ (7-шавваль, 3-жыл/ 23-март 625-жыл)

Ухуд[148] казаты да Меккелик бутпарастар менен болгон улуу согуштардын бири болуп эсептелет. Ухуд казаты хижраттын үчүнчү жылы шавваль айында болгон.

Меккелик бутпарастар Бадрда жеңилүү ызасын тартып, абдан кайгы-муңга батышкан эле. Анткени алар бир туугандарынан, жакындарынан ажыраган эле. Ошондуктан алар өч алуу үчүн кызуу даярдыктарын көрө башташат. Курайштын башчысы Абу Суфяндын аялы Хинд да катуу өксүп өч алууну энсейт. Арадан көп убакыт өтпөй үч миң кишилик кошуун мыкты деңгээлде даярдалат. Үч миң кишилик кошуун Абу Суфяндын Бадр казатындагы кербени менен камсыздалат. Курайш уруусу башка арап урууларынан да жардам сурайт.[149]

148. Ухуд –Медина шаарынын түндүк тарабында бир чакырым (миль-1854 м) алыс орун алган тоонун аты.

149. Вакиди, I, 199-203

Ошол учурда Алла Элчисинин абасы азирети Аббас Меккеде жашагандыктан ал жерде болуп жаткан окуяларды Мединага жеткирип турат.[150] Азирети Пайгамбарыбыз бул жагдай жөнүндө мусулмандар менен жыйын өткөзөт. Жыйында «Мединадан чыкпай коргонуу керекпи же шаардын кыйырына чыгып бутпарастар менен согушуу керекпи?» - деген эки сунуш ортого салынат. Азирети Пайгамбарыбыз өзү «Мединада коргонуу керек» -деген пикирде эле.[151]

Бирок Бадр казатына катыша албай калган көпчүлүк жаш эр жүрөктөрдүн жана азирети Хамза сыяктуу баатырлардын пикири менен шаардын чет жакасында душмандар менен согушууга чечим чыгарылат.[152] Баатырлардын арасынан кээ бири мындай дешет:

-Биз ушундай күндү чыдамсыздык менен күтүп жаткан элек!

Ошентип Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* үйүнө барып согушка кийчү кийимин кийинип, курал-жарагын алып согушка камылгасын көрөт. Бул учурда Мединада коргонуу керектигин жактагандар азирети Хамза сыяктуу баатырлар менен сүйлөшүп, пикирлеринен кайтарат. Азирети Саад бин Муаз менен азирети Усайд бин Худайр аларга:

- Мединадан чыккысы келбесе да, силер Алла Элчисинин

---

150. Ибн Саад, II, 37

151. Пайгамбарыбыздын бул пикири түшкөргөн түшүнө байланыштуу эле. Алланын Элчиси түшүн минтип айтып берген:

«...Түшүмдө бир кылычты колума алып ары-бери чулгутуп жатыптырмын. Бир кезде кылычтын учу сынып калды. Бул Ухуд согушунда момун-мусулмандар кыйынчылыкка дуушар боло тургандыгына далалат кылган экен. Кылычымды кайра чулгуттум. Бу жолкусунда адептегиге караганда жакшырак чулгуттум окшойт. Бу Алла Таала бизге жениш ыроолой тургандыгына жана мусулмандардын биримдикте болууларына далалат кылды. Ошол эле түштө бир топ уй, анан Алла Таала (ыроологон башка дагы) бир жакшылык көрдүм. Уйлар Ухуд казаты болгон күнү мусулмандардан бир тайпа колго далалат кылды, (алар шейит кетишти. Ал эми жакшылык болсо) Бадрдан кийинки жеништер жана Жараткан тарабынан Бадр казатында убада кылынган сооп болуп чыкты» (Бухарий, Табир, 39, 44; Манакиб, 25; Муслим, Руя, 20)

152. Ибн Хишам, III, 6-7

алдында көшөрлөнүп туруп алдыңар. Ал эми Ага буйрук Жараткандан келет. Мындай иштерде аны менен талашпагыла! Ал эмнени буюрса, ошону аткаргыла! - дешет. *(Вакиди, I, 213-214)*

Алар ошол замат Пайгамбарыбызга келип:

-О, Алланын Элчиси! Биз ой-пикирибизди өзгөрттүк, сиздин пикириңизге кайттык. Биз ката кетирдик! Кечириңиз бизди! Сиз кандай каалсаңыз, ошондой аракет кылыңыз -деп кечирим тилешет.

Анда Алланын Элчиси:

*-Пайгамбар согушка кийчү кийимин кийинген соң, аны согушпай туруп чечпейт! Буйругумду аткарууга аракет кылгыла! Кана эмесе, Алланын ысымы менен жөнөгүлө! Эгерде сабыр кылып, (ар бириң) өз милдетиңди толук аткарсаңар, Алла Таала бул согушта да бизди жеңишке жеткирет!* - дейт *(Вакиди, I, 214; Ибн Хишам, II, 38).*

Ошентип, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жума намазынан кийин Мединага азирети Абдуллах бин Умму Мактумду өзүнүн ордуна өкүл катары дайындап, миң адамдан турган колу менен жолго түшөт. Жолдон эки жүздүүлөрдүн башчысы Абдуллах бин Убай каадасына салып үч жүз кишиси менен артка чегинет. Ошентип Ислам кошуунунда жети жүз чамасында гана адам калат. Жараткан Алла Таала бул окуя боюнча төмөнкү аяттарын түшүрөт:

وَمَا أَصَابَكُمْ يَوْمَ الْتَقَى الْجَمْعَانِ فَبِإِذْنِ اللهِ وَلِيَعْلَمَ الْمُؤْمِنِينَ وَلْيَعْلَمَ الَّذِينَ نَافَقُواْ وَقِيلَ لَهُمْ تَعَالَوْاْ قَاتِلُواْ فِي سَبِيلِ اللهِ أَوِ ادْفَعُواْ قَالُواْ لَوْ نَعْلَمُ قِتَالاً لاَّتَّبَعْنَاكُمْ هُمْ لِلْكُفْرِ يَوْمَئِذٍ أَقْرَبُ مِنْهُمْ لِلإِيمَانِ يَقُولُونَ بِأَفْوَاهِهِم مَّا لَيْسَ فِي قُلُوبِهِمْ وَاللّٰهُ أَعْلَمُ بِمَا يَكْتُمُونَ

**«Момундарды аныктоо үчүн эки топ каршылашкан күнү силерге келген кырсык Алланын каалоосу менен болду. Ошондой эле (бул казат) эки жүздүүлөрдү билүү үчүн (болгон эле). Аларга: «Келгиле, Алланын жолунда согушкула же (эч болбосо) коргонууга туруп бергиле!» - деп айтылган чакта «Эгер согушту билгенибизде, силердин артыңардан ээрчийт элек»-дешти. Алар ал күнү ыйманга караганда каапырлыкка жакынырaак болчу. Алар көңүлдөрүндө болбогон нерсени ооз учунан гана айтышты. Алла Таала алардын жашырган нерселерин (ниеттерин) жакшы билет»** *(Аали Имран сүрөсү, 166-167-аяттар)*

وَإِذْ غَدَوْتَ مِنْ أَهْلِكَ تُبَوِّئُ الْمُؤْمِنِينَ مَقَاعِدَ لِلْقِتَالِ وَاللهُ سَمِيعٌ عَلِيمٌ   إِذْ هَمَّت
طَّآئِفَتَانِ مِنكُمْ أَن تَفْشَلاَ وَاللهُ وَلِيُّهُمَا وَعَلَى اللهِ فَلْيَتَوَكَّلِ الْمُؤْمِنُونَ

**«(Эй, Мухаммад!) Үйүңдөн эрте чыгып, момундарды согуш үчүн катарга тиздиң.  Алла Таала – Угуучу, Билүүчү! Ошол убакта силерден эки топ кайратынан тая түштү. Алла Таала ал эки топтун да жардамчысы. Момундар жалгыз Аллага гана тобокел кылышсын (таянышсын)!»** *(Аали Имран сүрөсү, 121-122-аяттар)*

Бир жагынан караганда, эки жүздүүлөрдүн кошуундан бөлүнүп кетиши – бул, Алланын өзүнчө жакшылыгы эле. Анткени бул учурда алардын мындай кубулма аракети кошуунга зор залакасын тийгизе алган эмес. Тескерисинче, мусулмандар кошуундагы эки жүздүү чоркоктордон тазаланып, көкүрөктөгү ыймандары ого бетер күчөп, толукшуп турган эле. Салгылашуудан мурда бөлүнүшү мусулмандар үчүн дагы жакшы болгон. Эгерде алар согуш болуп жаткан кезде бөлүнгөндө мусулмандар үчүн дагы да оор кылдаал жаралып, демдери сууп, өтө алсырап калышмак.

## Сахабалардын шейиттикке болгон сүйүүсү

Ансарлардан Салим уруусунун башчысы азирети Амр бин Жамух буту чолок адам эле. Төрт уулун жанына алып согуштарда Алланын Элчиси менен бирге болор эле. Пайгамбарыбыз Ухуд казатына аттанаарда азирети Амр да баргысы келет. Уулдары:

-Сиз жихадка жооптуу эмессиз. Алла Таала сизди үзүрлүү (себептүү) - деп билет. Сиздин ордунузга биз барабыз - дешет.

Азирети Амр:

-Силер Бадр казатында да мага бейишке кирүүмө жолтоо болдунар. Валлахи, мен бүгүн соо калсам да, күндөрдүн биринде шейит кетип, бейишке кирем! - дейт. Андан соң өмүрлүк жарына:

-Элдин баары шейит кетип жатса, мен силердин жанынарда кантип отурам? - дейт да дароо калканын алып:

«Оо, Жараткан Алла! Мени үй-бүлөмө кайра кайтара көрбө!» - деп дуба кылып, Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* келип, ага:

-Балдарым мени Мединада таштап кеткилери бар. Мага Сени менен бирге (бутпарастарга каршы) салгылашуума жолтоо болуп жатышат. Валлахи, мен мына бул аксак бутум менен бейишке кадам таштагым келет! - дейт.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*-Алла Таала сени үчүн деп билет. Жихад сага парз эмес* - деп буюрат.

Азирети Амр *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-О, Алланын Элчиси! Сиз менин Алла Тааланын жолунда көз жумганга чейин (каапырлар) менен согушуп шейит кетип,

мына бул чолок бутум менен бейишке киришимди каалабайсызбы?! - дейт. Азирети Пайгамбарыбыз чыдай албай:

- *Албетте, (сенин бейишке киришиңди) каалайм!* - дейт да уулдарына:

-*Эми атаңарга жолтоо болбогула! Алла Таала ага да шейиттикти насип буюруп калгысы бардыр! (Кудай буюрса!)* – дейт.

Азирети Амр кыбыла тарапка бурулуп:

«Оо, Жараткан Алла! Мага шейиттиктин шербетин насип кыла көр! Мени колумду бош калтырып (көксөп келген максатыма жеткирбей), өксүтүп үй-бүлөмө кайтара көрбө!» - деп көз жашын көлдөтүп дуба кылат. Ошентип азирети Амр Ухуд согушуна катышууга уруксат алат.

Шейиттикти жан дили менен көксөгөн бул сахаба Ухуд казаты болуп жаткан кезде «Валлахи, мен бейишти көксөп турам!» - деп жаткан эле. Уулу атасын душмандардан коргоого бүт күчү менен аракет кылат. Акырында азирети Амр өзүн коргоп жүргөн уулу менен бирге шейит кетет. Сүйүктүү Пайгамбарыбыз азирети Амр жөнүндө мындай деген эле:

*«Мени чексиз кудуретинде кармап турган Алла Таалага ант берем! Амрды аксак буту менен бейиште жүргөнүн көрдүм!»* *(Вакиди, I, 264-265; Ибн Асир, Усдуль-Гааба, IV, 208)*

* * *

Азирети Пайгамбарыбыз Ухуд согушуна аттанаар алдында кошуунуна көз салып жаткан эле. Согушка катыша ала турган жаш жигиттерге уруксат берип, ал эми жашы кичине уландарды кошуундан бөлүп жаткан эле. Самура бин Жундаб менен Рафи бин Хадиж да кошуундан чыгарылган уландардан эле. Зухайр бин Рафи:

-О, Алланын Элчиси! Рафи жааны жакшы атат! - деп казат-

ка барышын суранат. Рафи бин Хадиж окуянын калганын өзү төмөнкүчө түшүндүрөт:

«Бутумда маасы. Бутумдун учу менен тик туруп узун көрүнөйүн дедим. Алланын Элчиси мага да согушка барышыма уруксат берди. Самура бин Жундаб мага уруксат берилгенин угуп өгөй атасы Мурай бин板 Сининга кайрылып:

-Атакебай! Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Рафиге уруксат берди. Мени болсо кошуундан бөлүп койду. А мен Рафини күрөштөн жеңип коем -деди. Мурай *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-О, Алланын Элчиси! Менин уулумду кошуундан чыгарып, Рафиге уруксат бердиңиз. Ал эми менин уулум Рафини күрөштөн жеңип коет экен - деди. Анда Алланын Элчиси Самура экөөбүзгө:

-Кана, күрөшүп көргүлөчү! - деди.

Күрөштүк. Самура мени жыгып койду. Ошентип Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ага да уруксат берди» *(Табари, тарих, II, 505-506; Вакиди, I, 216)*

* * *

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи ва саллам)* кошуундун бир бөлүгүн Ухуд тоосунун этегине жайгаштырат. «Айнайн» - деген Ухуд тоосуна жанаша жайгашкан дөңдүн чокусуна душмандардын арка тараптан чабуул коюу ыктымалына каршы элүү жаачан мергенин жөнөтөт. Пайгамбарыбыз жаа тарткан мергендерге азирети Абдуллах бин Жубайрды башчы кылып дайындап жатып:

*-Силер бизди аркабыздан коргойсуңар. Душмандар жеңсе да, жеңилсе да менден буйрук келмейин ордуңардан жылбагыла!* - деп эскертүү берет. *(Ибн Хишам, III, 10; Ахмед, I, 288)*

Согуш адаттагысындай эле эки жактан экиден адам эрөөлгө чыгуу менен башталат. Алланын арстаны атанган азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун!)* бутпарастардын туусун көтөргөн Талханы бир уруп жерге сулатат. Курайштын туусун алган Талханын бир тууганы Осмонду азирети Хамза, Осмондон кийин бутпарастардын байрагын колго алган үчүнчү кишисин азирети Саад бин Абу Ваккас өлтүрөт.

Ошентип, эки кошуундун ортосунда согуш кызуу башталат. Согуш болуп жаткан кезде Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

«Коркоктук - алсыздык, төмөндүк. Тайманбастык - бул, улуулук!»- деген маанидеги сөз жазылган кылычын көрсөтүп:

-*Муну менден ким алат?* - дейт.

Сахабалар жамырашып:

-Мен, мен! - дешип, Пайгамбарыбыздын кылычына ашыгат.

Азирети Пайгамбарыбыз *(алейхис-солаату вас-салаам)* бу сапар:

-*Бул кылычтын акысын ким бере алат?!* - дегенде сахабалар унчукпай калышат. Ансарлардан азирети Абу Дужжана *(Алла ага ыраазы болсун!)* өйдө туруп:

- Анын акысы кандай, о, Алланын Элчиси? - деп сурайт.

Азирети Пайгамбарыбыз:

-*Бул кылычтын акысын бере билүү үчүн белиң ийилип, жыгылып калганга чейин душмандар согушуун керек…* – деп жооп берет.

Анда азирети Абу Дужжана:

-Мен алам, о, Алланын Элчиси! – дейт.

Азирети Абу Дужжана кылычты колго алып, кызыл селдесин чалынып, согуш майданында кыр көрсөтүп, боюн өйдө көтөрүп басат. Пайгамбарыбыз анын минтип басып баратканын көрүп:

-Алла Таала минтип басууга мындай учурлардан тышкары уруксат бербейт - дейт *(Ибн Хишам, III, 11-12; Вакиди, I, 259; Муслим, Фадаилус-Сахаба, 128).*

Ухуд казатында жөөт аалымдарынан «Мухайрык» - деген адам Исламды кабыл алат. Ал киши Азирети Пайгамбарыбызды Тооратта айтылган сыпаттары менен жакшы тааный турган. Ал илим аркылуу тапкан акыйкатты Ухуд казатына чейин ачыкка чыгара алган эмес эле. Бүткүл ааламдын мырзасы азирети Пайгамбарыбыз Ухуд казаты башталаарда жөөттөргө кайрылып:

*-Эй, жөөт жамааты! Валлахи, силер Мухаммаддын пайгамбар болгонун, Ага жардам беришинер керек экендигин эң сонун түшүнөсүңөр!* -деген эле.

Жөөттөр:

-Бүгүн күнгө ишемби. Биз бүгүн эч нерсе менен алектенбөөбүз керек! - деп сөздөн качат.

Мухайрык:

-Силердин ишемби күнү деген эч нерсенер жок! - дейт да, курал-жарагын алып, мал-мүлкүн туугандарынан бирине:

-Эгер бүгүн өлтүрүлсөм, бүт мал-дүнүйөм Мухаммаддыкы болот. Ал аларды Алла Таала көрсөткөн жол боюнча колдонот! - деп тапшырат. Мухайрык Ухуд согушунда душмандарга каршы согушуп шейит кетет. Азирети Пайгамбарыбыз Мухайрыктан калган жети курма бакчасын алып, мусулмандардын казынасына өткөрөт. Азирети Пайгамбарыбыз азирети Мухайрык тууралуу мындай дейт:

«Мухайрык жөөттөрдүн эң ардактуусу!» *(Ибн Хишам, III, 38; Вакиди, I, 263; Ибн Саад, I, 501-503).*

* * *

Ухуд согушунда көптөгөн сабак алына турган окуялар болгон эле. Маселен, ошол окуялардын бири төмөндөгү окуя эле:

Мединалык мусулмандардын катарынан «Кузман» - деген адам согуш майданында жети адамды өлтүрүп, өзү оор жаракат алып, көз жумган эле. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

-*Кузман тозоку болду!* -дейт.

Анткени ага акыркы көз ирмемдеринде:

-Шейиттик шербетиң кут болсун, эй, Кузман! - деген азирети Катада бин Нуманга:

-Мен өз уруум үчүн салгылаштым, шейиттик үчүн эмес! -деп, кылычын көкүрөгүнө кадап, өз жанын өзү кыйган эле *(Вакиди, I, 263).*

Алгач өз уруусунун Исламды кабыл алышына каршы чыгып, кийин жаңылыштыгын билип бушайман болгон Усайрам кызуу камылга көрүп, Алла Элчисине келип:

-О, Алланын Элчиси! Алгач сиз менен бирге согушка барайынбы же мусулман болоюнбу? -дейт.

Алланын Элчиси:

-*Алгач мусулман бол, андан кийин бар!* - деп буюрат. Ошентип Усайрам мусулман болуп, согуш майданында шейиттердин кербенине кошулуп кете берет.

Алланын Элчиси Усайрам жөнүндө мындай дейт:

«Аз иштеди, бирок албан ийгиликке жетти!» *(Бухарий, Жихад, 13; Муслим, Имара, 144).*

Ал жарат алгандардын арасында жаткан кезде кызыгуу менен карап тургандарга акыркы деминде:

«Мен мусулман болуу үчүн келдим. Алланын жана Анын Элчисинин жолунда салгылашып, жарат алдым!» - деп жаткан эле.

Азирети Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун!)* сахабаларга бул адамды табышмак иретинде:

-Айткылачы, жашоосунда бир да жолу намазга жыгылбай, бейишке кирген адам ким? - деп суроо салган эле. Сахабалар абдан таң калышып, эч биринен жооп келбейт. Сахабалар кайра өзүнөн сурашат. Анда азирети Абу Хурайра:

-Ал Усайрам, толук аты Амр бин Сабит! - деп жооп берет *(Ибн Хишам, III, 39-40; Вакиди, I, 262).*

Согуш болуп жатканда азирети Абдуллах бин Жахштын *(Алла ага ыраазы болсун!)* кылычы сынып калган эле. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ага курма жыгач берет. Тиги курма жыгач азирети Абдуллахтын колуна тиер замат кылычка айланат. Азирети Абдуллах шейит кеткенге чейин ушул кылычы менен согушат. «Уржун» - аттуу бу кылыч алгач Абдуллах бин Жахшка тиешелүү болгон. Кийин аны түрк падышаларынан бири эки жүз динар алтын акчага сатып алган эле.[153]

Мусулмандар адегенде душмандарга катуу чабуул коет. Сан жагынан да, даярдык жагынан да мыкты болгон бутпарастар артка чегинип, кача башташат. Мусулмандар душмандарды сүрүп бир топ жерге чейин кубалап барышат. Ошентип, «жеңишке жеттик» - деген чолок ой менен олжо жыйнап киришет. Дөбөдө тургандар согуш майданындагы мусулмандарды көрүп, Алла Элчисинин эскертүүсүн эстерине салган азирети Абдуллах бин Жубайрды да укпай, тоодон түшүп олжо топтоого жөнөшөт. Акыры Айнайн чокусунда болгону азирети Абдуллах менен

153. Ибн Асир, Усдуль-Гааба, III, 195; Диярбакри, I, 433

бирге жети сахаба гана калат.

Айтоор, балээнин баары ушундан кийин башталат. Душмандардын зирек аскер башчыларынан Халид бин Валид атчан колу менен чыдамсыздык менен күтүп жаткан мүмкүнчүлүктү туура пайдаланат. Дароо атчан колу менен мергендер турган тоонун арка жагынан келип, азирети Абдуллах менен калган жети сахабаны шейит кылышат. Ошентип, бутпарастар олжо жыйнаган мусулмандардын арка тарабынан чабуул коюшат. Ыдырап качып бараткан душмандар аркадагы өзгөрүштү көрүп, дароо кайра мусулмандарды көздөй бет алышат. Ислам кошууну эки тараптан каптап кирген душмандардын ортосунда калышат. Катуу салгылашуу болот.

## Шейиттердин мырзасы атанган азирети Хамза

Бир карасаң согуш майданынын бу четинде, бир карасаң тиги четинде бүт күчү менен салгылашып жүргөн эр жүрөк баатыр азирети Хамзаны *(Алла ага ыраазы болсун!)* Хинддин кулу, көзгө атар мерген Вахши найзасы менен жерге сулатат. Вахши бул ишке Хиндден эркиндигин алуу үчүн барган эле. Муну чыдамсыздык менен көксөп, күтүп келген Хинд мыкаачылык менен азирети Хамзанын *(Алла ага ыраазы болсун!)* боорун алдырып, Бадрдан калган өчүн алуу үчүн аны тиштеген эле. Ошондуктан ал «Акилатул-акбаад», тагыраак айтканда «Боор жегич»- деген лакап атка конгон эле.

Бул учурда «Азирети Хамза шейит кетти» - деген суук кабар төрт тарапка  жайылып кетет. Мусулмандар айласын таппай, дендароо болуп, эндирей түшөт. Алла Таала бу жагдай жөнүндө мындай буюрат:

وَلَقَدْ صَدَقَكُمُ اللّٰهُ وَعْدَهُ إِذْ تَحُسُّونَهُم بِإِذْنِهِ حَتَّى إِذَا فَشِلْتُمْ وَتَنَازَعْتُمْ فِي الأَمْرِ وَعَصَيْتُم مِّن بَعْدِ مَا أَرَاكُم مَّا تُحِبُّونَ مِنكُم مَّن يُرِيدُ الدُّنْيَا وَمِنكُم مَّن يُرِيدُ الآخِرَةَ ثُمَّ صَرَفَكُمْ عَنْهُمْ لِيَبْتَلِيَكُمْ وَلَقَدْ عَفَا عَنكُمْ وَاللّٰهُ ذُو فَضْلٍ عَلَى الْمُؤْمِنِينَ

**«Алла Таала Өз убадасын аткарды. Силер аларды Алланын каалоосу менен талкалай баштадыңар. Качан гана силер коркуп, буйрукка каршы чыгып, силер жакшы көргөн нерсенерди Алла Таала өзүңөргө көрсөткөндөн кийин гана силер баш тарттыңар. Араңарда бу дүйнөнү дүйнөнү да, акыретти да каалаган кишилер бар эле. Ал силерди сыноо үчүн алардан жеңилүү менен кайтарды. Бирок, Ал силерди кечирди. Алла Таала ыймандууларга өтө Мээримдүү»** *(Аали Имран сүрөсү, 152-аят)*

Алла Таала бу аятта азирети Абдуллахтын сөзүн укпай тоодон түшүп кеткен мергендерге «Бул дүйнөнү каалаган кишилер» - деп эскертүү берип, ал эми Пайгамбарыбыздын сөзүнө баш ийип, шейит кеткен сегиз сахабаны «Акыретти каалаган кишилер» - деп алкоого алат.

* * *

Бул согушта бутпарастар көптөгөн мусулмандарды шейит кылышат. Айрым бутпарастар азирети Пайгамбарыбызды көздөй атырылып чабуул коюшат. Бүткүл ааламдын Мырзасына чабуул күч ала баштайт. Азирети Талха бин Убайдуллах мындай дейт:

«Сахабалардын шаштысы кетип ыдырай баштаган маалда бутпарастар чабуулга өтүп, Пайгамбарыбызды төрт тараптан курчоого алышты. Пайгамбарыбызды биринчи астынанбы, оң жагынанбы, артынанбы же сол жагынан коргосомбу - деп ба-

шым айланып турду. Кылычымды сууруп чыгып алгач астынан, экинчи ирет аркасынан келгендерге тап берип, жолоткон жокмун. Акырында тарап кетишти» *(Вакиди, I, 254)*

Көзгө атар мергенчилиги менен таанымал бутпарас Малик бин Зухайр Алланын Элчисин көздөй жаа тарткан эле. Азирети Абу Талха Алла Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жебе келатканын көрүп, дароо Пайгамбарыбызды коргоого жандалбас урат. Жебе Абу Талханын бармагын жулуп өтөт. Абу Талха ошентипбармагынанажырайт.[154]

Мусулмандардын бир бөлүгү Алла Элчисин тегеректеп коргоого алышат. Анын алдында шейит кетүүгө даяр турганына ант ичип:

-Мал-дүнүйөм да, жаным да сага садага, о, Алланын Элчиси! Алланын саламы ар дайым Сен үчүн болсун! Жаныңдан карыш жылбайбыз! -дешип, согуштун акырына чейин бүт күчтөрү менен жан үрөй салгылашат (Ибн Саад, I, 46; Вакиди, II, 240).

Азирети Абу Талха *(Алла ага ыраазы болсун!)* да жаа тарткан мыкты мерген болгон. Ухуд казатында ал эки же үч жааны сындырган эле. Алланын Элчиси саадак көтөрүп бараткандарга:

-*Саадагыңардагы жебелерди Абу Талхага бергиле!* - деп айтып жаткен эле. Азирети Пайгамбарыбыз Абу Талханын аркасынан башына көтөрүп душмандарды караган сайын Абу Талха:

-О, Алланын Элчиси! Ата-энем сага садага болсун! Башыңызды көтөрбөңүз! Ок тийип калат. Менин көкүрөгүм сизге калкан болсун. Ок Сизге кадалганча мага кадалсын! - деген экен *(Бухарий, Магази, 18).*

Азирети Катада бин Нуман *(Алла ага ыраазы болсун!)* да Алла Элчисине калкан болуп, жаасы жараксыз абалга келгенге

154. Ибн Саад, III, 217

чейин душмандарга удаама-удаа жебе тартып жаткан эле. Акырында бир көзүнө ок тиет. Кареги чыгып жүзүнө саландап, көзүнөн ажырайт. Азирети Катаданы көргөн Пайгамбарыбыздын зээни кейип, жүрөгүнөн сызылып келген кайгы-мун, көзүнөн кан тамгыдай ачуу жашка айланып чыгат. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* азирети Катаданын карегин колуна алып, ордуна салат. Ошентип Катаданын бул көзү экинчисине караганда дагы жакшы көрүп калат.[155]

Аял кишилерден азирети Умму Умара *(Алла ага ыраазы болсун!)* да Ухуд казатында жаа тарткан мергендердин бири болот. Казаттан соң Мединага кайткан Алланын Элчиси:

-*Согуш майданында оң жагымды карасам да, сол жагымды карасам да Умму Умараны жанымдан алыс кетпей согушуп жүргөнүн көрдүм* - деген эле *(Ибн Хажар, аль-Исаба, IV, 479).*

Алла Элчисинин алкоосуна татыган азирети Умму Умара айым азирети Пайгамбарыбызга:

-*Бейиште сени менен кошуна жашоом үчүн Аллага дуба кылыныз!* -дейт.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Оо, Жараткан Алла! Буларды мага бейиште кошуна жана дос кыла көр!»* - деп дуба кылат. Анда азирети Умму Умара *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-Эми мындан кийин мага кандай кыйынчылык болсо да, ага жеңилбейм! - деген экен *(Вакиди, I, 273; Ибн Саад, VIII, 415)*.

Согуш майданында Алланын Элчисине чабуул күч алган маалда азирети Саад бин Абу Ваккастын бутпарас бир тууганы Утба Азирети Пайгамбарыбызды таш менен урат. Шуулдап келген таш асман менен жерди титиретип, Алла Элчисинин нур

155. Хаким, III, 334/5281; Хайсами, VI, 113; Ибн Саад, III, 453.

тамылжыган жүзүнө тийип, тишин сындырат.[156] Азирети Пайгамбарыбыз караниет Абу Амр казган аңга түшүп кетет. Азирети Талха бин Убайдуллах Алла Элчисин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* өйдө тургузуп, азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)* колунан тартып андан алып чыгышат. Пайгамбарыбыздын жүзүнө тийген таш бытырап кеткен эле. Азирети Абу Убайда бин Жаррах Пайгамбарыбыздын жүзүнө кирип кеткен ошол бытыранды таштарды тиши менен сууруп чыгарат. Биринчисин чыгарып жатып азирети Абу Убайда мандайкы тишин сындырып алат. Экинчисинде да дагы бир тиши сынып калат. Бул окуяга сахабалар да, периштелер да катуу өксүп, кайгы-муңга батышат. Сахабалар Пайгамбарыбызга:

- Курайш бутпарастарына наалат дуба кылыңыз?! - дешет.

Азирети Пайгамбарбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*-Мен наалат үчүн жөнөтүлгөн эмесмин. Тескерисинче, адамдарды туура жолго чакыруу үчүн, ырайым (пайгамбары) катары жөнөтүлгөм. Оо, Жараткан Алла! Элимди туура жолго сала көр! Анткени алар эмне кылып жатышканын билишпейт* - деп дуба кылат *(Бухарий, Магази, 24; Хайсами, VI, 117; Вакиди, I, 244-247; Кады Ияз, I, 95).*

Азирети Пайгамбарыбыз жарат алган кезде:

*-Алла Таала, Элчисинин жүзүн жаралаган коомго катуу ачууланды!* – деген эле.

Азирети Саад бин Абу Ваккас *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

-Валлахи, Алла Элчисинин бу сөзүн укканда бир тууганым Утба бин Абу Ваккасты өлтүрүп салгым келди!»

Азирети Саад *(Алла ага ыраазы болсун!)* согуш майданында

156. Утба бин Абу Ваккастын укумунан келгендердин бардыгы Алла Тааланын сыноосу катары мандайкы тиштери кемтик, сынык болуп төрөлүшкөн. (Рамазаноглу Махмуд Сами, Ухуд Газвеси, с. 26)

Утбаны өлтүрүүгө канча аракет кылса да чоло таппайт. Алланын Элчиси болсо, ага бир тууганын өлтүрүүсүнө тоскоол болот.[157]

Азирети Саад бин Абу Ваккас Пайгамбарыбызды коргоп душмандарга каршы эч тынбай удаама-удаа жаа тартат. Пайгамбарыбыз да:

*-Ат, эй, Саад! Ата-энем сага садага!* - деп буюрат. Буга күбө болгон азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

«Мен Пайгамбарыбыздын Сааддан башка эч кимге: *«Ата-энем сага садага!»* дегенин уккан эмесмин» - дейт *(Тирмизи, Адаб, 61, Манакиб, 26; Ахмед, II, 92).*

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бу казатта да чалкыган мухит сымал ыйманы менен Жаратканга тобокел кылып, бир жагынан кут төгүлгөн нур жүзүндөгү канды аарчып, бир жагынан алакан жая Жараткан Аллага:

*«Оо, Жараткан Алла! Коомум каранғы, эмне кылып жаткандарын өздөрү да билбейт. Аларды Өзүң адал жолго сала көр!»* - деп жалынып-жалбарат.

Азирети Сахл бин Саад *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Ухуд казатында жарат алган кезде кызы Фатима Анын нур жүзүнөн аккан канды аарчыйт. Азирети Али жубайына суу куюп берет. Азирети Фатима суу менен сүрткөн сайын кандын ого бетер күчөгөнүн көрүп, чий чөптү күйгүзүп, күлүн жарага басат. Кан басылып калат» *(Бухарий, Жихад, 80; Магази, 24; Муслим, Жихад, 101).*

* * *

Ошентип, Ухуд казаты аяктайт. Жениш алгач мусулмандар тарапка ооп, акырында Пайгамбардын буйругуна моюн сун-

157. Вакиди, I, 245

боонун натыйжасында душмандар тарапка өтөт. Согуш майданында бир кезде Алла Элчисинин айланасында болгону он төрт киши гана калат. Бүткүл ааламдын Мырзасы эндирей түшкөн мусулмандарга:

-*Эй, Алланын кулдары! Бул жакка келгиле, мен Алланын Элчисимин!* - деп чакыра баштайт *(Вакиди, I, 237).*

Бул жагдай тууралуу Куран аяттарынын биринде мындайча баяндалат:

إِذْ تُصْعِدُونَ وَلاَ تَلْوُونَ عَلَى أحَدٍ وَالرَّسُولُ يَدْعُوكُمْ فِي أُخْرَاكُمْ فَأَثَابَكُمْ غَمّاً بِغَمٍّ لِّكَيْلاَ تَحْزَنُواْ عَلَى مَا فَاتَكُمْ وَلاَ مَا أَصَابَكُمْ وَاللّهُ خَبِيرٌ بِمَا تَعْمَلُونَ

**«Мына силер (момундар) эч кимге карабай артка качтыңар. Элчи болсо силерди алга чакырып жатты. силердин кайгыңарга кайгы кошуп, өткөн нерсеге жана кабылганга өкүнбөшүңөр үчүн Алла Таала силерди жазага дуушар кылды. Чындыгында, Алла Таала силердин жасап жаткан ар бир ишиңерден Кабардар!»**
*(Аали Имран сүрөсү, 153-аят)*

Согуш майданында «Азирети Пайгамбарыбыз шейит кетти» - деген суук кабар шамал менен жарышып жайылып, мусулмандардын шаштысы кетип эндирей түшкөн эле. Кээ бири: «Алла Элчиси көз жумган соң биз бул жерде эмне турабыз!» - дешип, согуш майданынан чегине башташкан эле. Булар бул жерде Мединаны коргоо үчүн артка кайтып жатышкан эле. Бирок алар мусулман аял жоокерлердин деми менен кайра согуш майданына бет алышкан эле.

Айрымдары: «Алланын Элчиси көз жумса да, Алла Таала - Түбөлүктүү!» - деп душмандар менен согуша беришет. Булардан азирети Анас бин Надр *(Алла ага ыраазы болсун!)* (мусулман-

дарга аттын кашкасындай таанымал Анас бин Маликтин агасы) үмүтүн үзүп айласын таппай калган мусулмандардан «Алла Элчиси шейит кетти» - деген суук кабарды укканда жүрөгү мыжылып:

«-Алла Элчиси шейит кеткен соң, жашоонун эмне кереги бар! Кана, силер да Пайгамбарыбыздай душмандарга кылыч сунуп, шейит кеткиле!»- деп кыйкырып, бутпарастарга чабуул коет. Көп өтпөй ал да шейит кетет. Анас бин Надр сексенден ашуун жарат алган эле *(Ахмед, III, 253; Ибн Хишам, III, 31).*

Азирети Анас *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

«Агам Анас бин Надр Бадр казатына бара албай калган эле. Ошондуктан бул ага абдан оор келген эле. Ал Алланын Элчисине келип:

-О, Алланын Элчиси! Бутпарастар менен болгон алгачкы казатка бара алган жокмун. Эгер Алла Таала буюруп, бутпарастар менен боло турган согушка барып калсам, алар менин эмне кыларымды ошондо көрүшөт! -деди.

Ошентип Ухуд казатына катышты. Мусулмандар согуш майданынан ыдыраган кезде: «Оо, Жараткан! Булардын (мусулмандардын) кылган иштери (ыдыраганы) үчүн Сенден кечирим сурайм!», бутпарастарды айтып: «Булардын жасагандарынан алысмын, оо, Жараткан!» - деп согуш майданын көздөй жөнөдү. Азирети Саад бин Муаз менен жолугуп:

-Эй, Саад! Көксөгөнүм бейиш. Каабанын Ээсине касам ичем! Ухуддун этегинен бери ошол бейиштин жыты келип жатат мага! - деди.

Азирети Саад андан соң окуяны Алланын Элчисине айтып жатып:

-Мен анын кылганын кылбадым, о, Алланын Элчиси! - деди.

Агамды шейит кеткен жеринен таптык. Денесинде кылыч, найза, октон алган сексенден ашуун жарасы бар эле. Бутпарастар аны мыкаачылык менен оозу-мурдун кескилеп ташташыптыр. Ошондуктан аны эч ким тааный албады. Болгону кыз бир тууганы бармактарынан тааныды. Мынабул аят ошол агам сыяктуулар жөнүндө түшүрүлдү:

مِنَ الْمُؤْمِنِينَ رِجَالٌ صَدَقُوا مَا عَاهَدُوا اللّٰهَ عَلَيْهِ فَمِنْهُم مَّن قَضَى نَحْبَهُ وَمِنْهُم مَّن يَنتَظِرُ وَمَا بَدَّلُوا تَبْدِيلاً

**«Момундардын арасында Аллага берген убадаларын чындыкка чыгарган эркектер бар. Алардын кай бирлери жандарын курман кылышты. Дагы бирөөлөрү (ошондой жагдайды) күтүүдө. Алар (убада-анттарын эч нерсеге) алмаштырышкан жок»** *(Азхаб сүрөсү, 23-аят) (Бухарий, Жихад, 12; Муслим, Имара, 148)*

Согуш мусулмандардын жеңилишине айланып баратканда согуш майданынан качкандар негизинен шаардын сыртына чыгып согушууну каалагандар эле. Алла Таала аларга:

وَلَقَدْ كُنتُمْ تَمَنَّوْنَ الْمَوْتَ مِن قَبْلِ أَن تَلْقَوْهُ فَقَدْ رَأَيْتُمُوهُ وَأَنتُمْ تَنظُرُونَ

**«Өлүм келгенге чейин аны каалачу элеңер. Мына эми (Ухудда) аны көзүңөр менен көрүп турасыңар»** *(Аали Имран сүрөсү, 143-аят)* - деп буюрду.

Өлүмгө даяр тураарын айтып коюп, «Алланын Элчиси шейит кетти» - деген каңырыш кабарды угуп артка качкандарга да Алла Таала тарабынан катуу эскертүү келген эле:

وَمَا مُحَمَّدٌ إِلاَّ رَسُولٌ قَدْ خَلَتْ مِن قَبْلِهِ الرُّسُلُ أَفَإِن مَّاتَ أَوْ قُتِلَ انقَلَبْتُمْ عَلَى أَعْقَابِكُمْ وَمَن يَنقَلِبْ عَلَىَ عَقِبَيْهِ فَلَن يَضُرَّ اللّٰهَ شَيْئاً وَسَيَجْزِي اللّٰهُ الشَّاكِرِينَ

**«Мухаммад болгону пайгамбар. Андан мурун да пайгамбарлар өткөн. Анан эгер ал (Мухаммад) көз жумса же өлтүрүлсө, арка (каапырлыкка) кайтып кетесиңерби?! Кимде-ким артка кайтып кетсе, Аллага бир да зыян келтире албайт (Тескерисинче, жалгыз өзү гана зыян тартат). Ал эми Алла Таала (өз жолунан кайтпай) шүгүр келтирген пенделерин (амалына жараша) сыйлайт»** *(Аали Имран сүрөсү, 144-аят)*

Ошол согушта Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Алтын казык жылдызы өңдөнүп ордунан бир да кадам жылбай пайгамбарлык тайманбастыгы менен эрдигин көрсөтө алган эле. Ал баатырдыктын теңдешсиз үлгүсүн көрсөткөн эле. Алла Таала бул багытта мындай буюрат:

وَلاَ تَهِنُوا وَلاَ تَحْزَنُوا وَأَنتُمُ الأَعْلَوْنَ إِن كُنتُم مُّؤْمِنِينَ ۝ إِن يَمْسَسْكُمْ قَرْحٌ فَقَدْ مَسَّ الْقَوْمَ قَرْحٌ مِّثْلُهُ وَتِلْكَ الأَيَّامُ نُدَاوِلُهَا بَيْنَ النَّاسِ

**«Алсырабагыла жана кайгырбагыла! Эгер момун болсоңор, силер албетте (ыймансыздарга) үстөм болосуңар! Эгер силер жаралансаңар, тигил коомго да ошол сыяктуу эле жаракат жеткен. Ушул күндөрдү адамдарды арасында айлантып турабыз. Алла Таала силердин ыймандууларыңарды аныктоо жана силерден шейит кылуу үчүн ушинтет. Алла Таала заалымдарды жек көрөт»** *(Аали Имран сүрөсү, 139-140-аяттар)*

Алла Тааланын Пайгамбарга жана мусулмандарга болгон ырайымы менен бутпарастар Ухуд казатында мүмкүнчүлүктөр түзүлсө да, көксөгөн максаттарына толук жете алышкан эмес эле. Себеби Пайгамбарыбыз тирүү эле. Ошону менен бирге жети жүздөй сахабанын арасынан жетимиштей сахаба шейит кеткен эле.

«Алланын Элчиси шейит кетти» - деген кабардан соң Алла Элчисин өз көздөрү менен көргөн сахабалар дароо чыйралып, кайра топтоло түшөт. Бутпарастардын чабуулу басаңдайт. Мусулмандар Алла Элчисин бутпарастардан ишенимдүү түрдө коргой башташат. Меккелик бутпарастар кайра жоготууга учурабоо үчүн артка чегинүүгө аргасыз болушат. Бу мүмкүнчүлүктү туура пайдаланган Алланын Элчиси да Ухуд тоосуна чегинет. Бул жолу Абу Суфян тоого чыгып мусулмандарга кол салууга аракет кылса да, эч кандай ийгиликке жете албайт.

Мына ушундай опурталдуу учурда Алла Таала мусулмандарды куш уйкуга чөмүлтөт. Алар отурган жерлеринде тынч, бейпил уйкуга киришет. Айрымдары колундагы кылычын бир нече ирет жерге түшүрүп алып жатышкан эле. Бул уйку мусулмандарды гана чуулгап алган эле. Мусулмандардын арасындагы эки жүздүүлөрдүн көзүнө эч уйку кирбей жаткан эле. Алар ошол учурда бутпарастар кайра келип өлтүрүп кетүүлөрүнөн шектенип, коркуп турушкан эле.[158]

Абу Суфян көксөгөн максаттарына жетпей калганын айтып келерки жылы Бадр жазыгынан жолугууга чакырат:

-Келерки жылы Бадрда жолугушабыз! - дейт.

Азирети Умар Пайгамбарыбыздан буга эмне деп жооп берерин сурайт. Пайгамбарыбыз:

-*Жарайт! Бадр Кудай буюрса, жолукчу жерибиз болсун де!* - деп буюрат *(Ибн Хишам, III 45; Ибн Саад, II, 59).*

Бутпарастардын жүрөгүнө кандайдыр бир коркунуч уялап, кайтып кетишет. Душмандардын жүрөгүнө тээ алыстан туруп коркунуч салуу - Алла Элчисине берилген мужизалардан[159] эле.

158. Бухарий, Магази, 18, 20; Вакиди, I, 295-296

159. Мужиза – бул, пайгамбарлардан башка адамдын колунан келбей турган адаттан тышкаркы көрүнүш. Мужизалар Алла Тааланын пайгамбарларга болгон өзүнчө белеги болуп, Жалгыз Өзүнүн уруксаты менен гана жүзөгө ашат.

Алла Таала мындай буюрат:

سَنُلْقِي فِي قُلُوبِ الَّذِينَ كَفَرُواْ الرُّعْبَ بِمَا أَشْرَكُواْ بِاللّهِ مَا لَمْ يُنَزِّلْ بِهِ سُلْطَاناً
وَمَأْوَاهُمُ النَّارُ وَبِئْسَ مَثْوَى الظَّالِمِينَ

**«(Алла Тааладан болгонуна) эч кандай далил келбеген нерсени (жансыз айкелдерди) Аллага шерик кылгандары үчүн Биз каапырлардын дилдерине коркуу салабыз. Алардын бараар жайлары тозок. Зулумдук кылгандардын жайлары кандай жаман!»** *(Аали Имран сүрөсү, 151-аяттар)*

Бутпарастар дилине салынган бу коркунучтун таасири менен күчсүз калган Мединаны басууга да дараметтери жетпейт. Бул согушта мусулмандардан бир да киши туткунга түшкөн эмес эле. Ушунун өзү Алла Тааланын Өз Пайгамбарына жана мусулмандарга болгон ырайымы эле.

Бутпарастар Ухуддан кайтып баратканда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сахабаларына:

-Сапка тургула, Жараткан Аллага дуба кылып, шүгүр келтирейин! - деп буюрат.

Сахабалар Алла Элчисинин аркасына тизилишет. Азирети Пайгамбарыбыз алакан жайып:

*«Оо, Жараткан Алла! Алкыш-мактоого жалгыз Өзүң гана татыктуусун! Оо, Жараткан! Кеңейткениңди тар кылуучу, тар кылганыңды кеңейтүүчү эч ким жок! Туура жолдон адаштырганыңды туура жолго салуучу, туура жолго салганыңды адаштырчу Өзүңдөн башка эч ким жок! Өзүңдөн башка алысты жакындата турган, жакынды алыстата турган да эч ким жок!*

*Оо, Жараткан! Бизди Өз ырайымыңа, берекеңе, мээримиңе бөлөй көр! Оо, жараткан Алла! Сенден эч өзгөрбөс түбө-*

*луктүү жакшылыгынды тилейм. Оо, Алла Таала! Сенден жокчулук күнүндө жакшылык, коркунуч күнүндө коопсуздук тилейм! Оо, Алла Таала! Сен ыроологондордун жана ыроолончу нерселердин жамандыгынан сага баш калкалайм!*

*Оо, Жараткан! Ыйманды бизге сүйдүрүп, жан дүйнөбүздү аны менен көркүнө чыгара көр! Бизге каапырлык, адашкандык жана күнөөнү жаман көрсөтө көр! Бизди дин жана дүйнө үчүн пайдалуу нерселерди билгендерден, туура жолго түшкөндөрдөн кыла көр!*

*Оо, Жараткан Алла! Биздин жаныбызды мусулман катары ала көр, мусулман катары жашата көр, адамдык сапатыбызды жок кылбастан, бузукулуктарга кийлигиштирбестен жакшы адамдардын катарына кошо көр!*

*Оо, Алла! Сенин пайгамбарларынды жалганга чыгарган, элди Сенин жолунан адаштырган каапырларга каарынды төгө көр! Алардын үстүнө кыйынчылыгынды, азабынды түшүрө көр. Оо, Алла! Аларга китеп берилген каапырларды да каргыш кыл!...» (Ахмед, III, 424; Хаким, I, 686-687/1868; III, 26/4308)* - деп жалбарат.

## Шылтоолорго бөгөт койгон ардактуу сахаба – азирети Саад бин Раби

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи ва саллам)* азирети Саад бин Рабини *(Алла ага ыраазы болсун!)* таап, андан кабар алуу үчүн сахабаларынан бирин согуш майданына жөнөтөт. Согуш майданына келген сахаба азирети Саадды *(Алла ага ыраазы болсун!)* издеп таппай, кыйкырат. Жооп жок. Акыркы үмүт менен:

-Эй, Саад! Мени Алланын Элчиси жиберди. Алланын Элчиси сенин дайынынды билүү үчүн жөнөттү! -деп, жарат алган,

шейит кеткендер тарапка үн салат.

Ошондо акыркы мүнөттөрүн жашап, жооп берүүгө да дарамети жетпей жаткан азирети Саад *(Алла ага ыраазы болсун!)* «Алланын Элчиси сенин дайныңды билгиси келет»- деген сөздү укканда бүт күчүн топтоп, араң онтогон үн менен:

-Мен эми өлүктөрдүн катарындамын! -дегенге гана жарайт. Ал бул учурда тиги жакты көрүп турган эле. Баягы сахаба үн чыккан тарапты көздөй жүгүрөт. Чын эле бу үн Сааддыкы эле. Саад жатат. Денеси канга боёлгон. Бир да жери соо эмес эле. Бышып кетишкен эле. Тиги сахаба азирети Сааддан шыбыр үн менен араң кысылып чыккан ушул ажайып сөздөрдү угат:

-Валлахи, көзүңөр тирүү болуп турган чакта Пайгамбарыбызды *(алейхис-солаату вас-салаам)* душмандардан коргобой, башына балээ келип калышына себеп болсоңор, силер үчүн Алланын алдында эч бир жүйөө, себеп жана кечирим болбойт! *(Муватта, Жихад, 41; Хаким, III, 221/4906; Ибн Хишам, III, 47)* .

Ошентип, азирети Саад бин Раби *(Алла ага ыраазы болсун!)* жалпы үммөткө осуят иретинде айтылган мындай ары маанилүү, ары адамды терең ойго салчу сөздөрү менен одүйнө салып кете берген экен.

## Ухуд шейиттери

Бутпарастар толугу менен Ухуддан чегинип кеткенден кийин Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* согуш майданына келип шейиттерди жашырып жерге берет. Ухудда жетимиш сахаба шейит кеткен эле. Булардын арасында азирети Хамза *(Алла ага ыраазы болсун!)* сыяктуу тайманбас алп баатырлар, азирети Мусаб бин Умайр *(Алла ага ыраазы болсун!)* сыяктуу эр жүрөк эр азаматтар да бар эле.

Мусулмандардын туусун көтөргөн азирети Мусаб бин Умайр *(Алла ага ыраазы болсун!)* Алланын Элчисин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* коргоп жатып шейит кеткен эле. Бул учурда асмандан бир периште түшүп азирети Мусабдын келбетине кирип тууну колго алат. Пайгамбарыбыз али анын шейит кеткенинен кабары жок тиги туу көтөргөн периштеге кайрылып:

-Алдыны көздөй жыл, эй, Мусаб! - дейт.

Тууну көтөргөн периште карааары менен азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Пайгамбарыбыз азирети Мусабдын шейит кеткенин түшүнөт. Кийин азирети Мусабдын куттуу сөөгү табылат. Бирок аны коёрдо кепинге жете турган кездеме табылбай калган эле *(Ибн Саад, III, 121-122).*

Кутман шейиттин кийими баш тарабы жабылса, бутунун учу, буту жабылса башы ачык калат. Сахабалар эмне кылаарын Алла Элчисинен сурашат. Пайгамбарыбыз  шейиттин баш жагын жаап, ачык калган бутун жыпар жыттуу чөптөр менен жаап коюуларын  буюрат.

Азирети Мусаб *(Алла ага ыраазы болсун!)* Меккедеги асыл тектүү, эң бай үй-бүлөлөрдүн биринде чонойгон эле. Меккедеги өзү менен теӊ балдардын баары анын мындай майкөл-сүткөл жашоосуна тамшанып, суктаныша турган. Жадагалса жаш кыздар ал өткөн жолдорго суу чачып турушар эле. Ал акырында бутпарас ата-энесинин каршылыгына карабай дүнүйө-байлыгынан, мурасынан да баш тартып, Алланын Элчиси менен, мусулмандар менен болууну эп көргөн эле. Ал азирети Пайгамбарыбызга ашык кутман сахабалардын бири эле. Ал Алла Тааланын адал жолуна өзүн арнап койгон экен, шейит кетип баратканда да колундагы тууну периште алып, анын ордун толуктаган. Ошентип Алланын жолунда тарткан азаптары үчүн Алла Таала аны чексиз ырайымына бөлөдү!

Мындай кайгылуу көрүнүш мусулмандарды терең мунга сал-

ды. Бир топ жылдардан кийин мусулмандар баралына келип, карууга кирип күчтөнүп калган кезде «агния-и шакириндең»[160] - деп эсептелген азирети Абдуррахман бин Авф *(Алла ага ыраазы болсун!)* орозо кармап жаткан эле. Бул күндөрдүн биринде уулу дастарконду түркүн тамак-аш, даам-татым менен жайнатып даярдап койгон эле. Азирети Абдуррахман азирети Мусабды эстеп:

-Мусаб Ухуд казатында шейит кетти. Ал менден да жогору эле. Бирок бир чапандан башка эч нерсеси жок эле. Анысы менен башы жабылса, буту, буту жабылса башы ачык калып жатты. Андан кийин бизге дүйнөгө таандык бардык нерсе ыроолонду. Чынында, жакшылыктарыбыздын мөмөсү бул дүйнөдө гана берилип калышынан коркуп турам - деп, көзүнөн жашы чертиле түшөт. Ошентип, алдындагы тамакты жебей туруп кеткен эле *(Бухарий, Жанаиз, 27).*

Ухуд шейиттеринин арасында азирети Пайгамбарыбыздын да, жалпы мусулмандардын да жүрөгүн сыздаткан Ислам кошуунунун теңдешсиз баатыры, Алланын арстаны - Азирети Хамза *(Алла ага ыраазы болсун!)* да бар эле.

Азирети Сафиййа бир тууганы болгон азирети Хамзанын *(Алла ага ыраазы болсун!)* сөөгүн өз көзү менен көрүү үчүн шейттер жаткан жерге бет алат. Уулу Зубайр апасын тосуп чыгып:

-Алланын Элчиси артка кайтышыңызды буйруп жатат! -дейт. Апасы:

-Эмне үчүн? Бир тууганымды көрбөймүнбү? Ансыз *деле*, мен анын мыкаачылык менен кескиленгенин уктум. Ал Алланын жолунда шейит кетти. Албетте, бизди мындан (шейиттик) башка эч нерсе соорото алмак эмес. Иншааллах (Кудай буюрса), са-

160. **Агния-и шакирин**: шүгүрчүл, мал-дүйнөсүн, байлыгын Алланын ыраазылыгы үчүн жумшаган бай адамдар.

быр кылып, сыйлыгын Алладан гана үмүтөтөм! - дейт.

Азирети Зубайр кайра Алла Элчисине барып апасынын айткандарын айтат. Бүткүл ааламдын ырайым пайгамбары азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

-*Андай болсо, келсин!* -дейт. Ошентип, азирети Сафиййа бир тууганы азирети Хамзанын кутман сөөгүнүн жанына басып келип, Жараткан Аллага алакан жая дуба кылат *(Ибн Хишам, III 48; Ибн Хажар, аль-Исаба, IV, 349).*

Зубайр бин Аввам *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Энем Сафиййа ала келген эки чепкенди алып чыгып:

-Буларды бир тууганым Хамзанын кепини үчүн колдоносунар, деп алып келдим -деди. Эки чапанды алып Хамзанын жанына бардык. Анын жанында ансарлардан кепини жок дагы бир сахаба жаткан эле. Экөө менен тең Хамзаны ороп, жанындагы сахабаны кепинсиз калтырууну эп көрбөдүк:

-Чапандын бири Хамзага, экинчиси ансари сахаба үчүн болсун! -дедик. Чапандын бири чоң, экинчиси кичине болгондуктан чучукулак кылдык» *(Ахмед, I, 165)*

Ошентип, кутман сахабалардын жан дүйнөсүндө кадыресе тууганчылыктын ордуна ыйман бир туугандыгы байыр алгандыгы байкалып турган эле. Кыяматка чейин келе турган бардык мусулмандарга мусулман бир туугандыктын таасын үлгүсү көрсөтүлүп жаткан эле.

Шейиттердин жаназа намазын окуу үчүн азирети Хамза *(Алла ага ыраазы болсун!)* менен он шейит коюлуп, намаздан соң тогузу жерге берилип жатты. Азирети Хамзанын жанына дагы тогузу коюлуп, кайра жаназа намаздары окулуп турду. Ошентип Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жана мусулмандар шейиттердин мырзасы атанган бу кутман шейит-

тин жаназа намазын бир канча ирет окуган эле.[161]

Азирети Жабирдин *(Алла ага ыраазы болсун!)* айтымы боюнча, азирети Пайгамбарыбыз ар бир көрдү эки киши баткыдай кылып каздыртып:

-Булардан кимиси Куранды көп билет эле (Куран боюнча жашайт эле)? - деп сурап жатты. Кимиси көрсөтүлсө, ошонусу кыбыла тарабына коюлуп атты» *(Бухарий, Жанаиз, 73, 75)* делет.

Азирети Аиша *(Алла ага ыраазы болсун!)* Ухудда болгон согуш жөнүндө кабар алуу үчүн бир топ аял кишилер менен жолго чыккан эле. «Харра» - деген жерде бир такыба аял Хинд бинти Амрга *(Алла ага ыраазы болсун!)* жолугат. Азирети Хинд өмүрлүк жары Амр бин Жамухтун, уулу Халладдын жана бир тууганы Абдуллахтын сөөктөрүн бир төөгө артып алып келе жаткан эле. Азирети Аиша андан:

- Тигил жактан кандай кабар бар? - деп сурайт. Азирети Хинд:

-Жакшы. Алланын Элчиси аман-эсен! Ал аман болгон соң калган бардык кыйынчылыктар жеңил! - дейт.

Азирети Аиша төөнүн үстүндөгү сөөктөргө ээк жаңсап:

-Булар кимдер?

-Бир тууганым Абдуллах, уулум Халлад жана өмүрлүк жарым Амр!

-Буларды кайда алып баратасың?

-Мединага. (Булардын сөөгүн) Ошол жакка коем.

Дал ошол учурда азирети Хинддин төөсү басып баратып, тизе бүгүп чөк түшөт. Анда Азирети Аиша:

161. Ибн Мажа, Жанаиз, 28

-Төөң жүктүн оордугунан чөктүбү? - дейт. Азирети Хинд:

-Эмне үчүн чөккөнүн түшүнбөдүм. Демейде эки төөнүн жүгүн бир көтөрчү. Бирок төө азыр башкача болуп турат – деп жооп берет.

Төөнү чылбырынан тартып тургузат. Бирок Медина тарапты көздөй эч баспай, кайра тизе бүгүп чөгөлөйт. Ухуд жакты көздөй бурса, дароо жүгүрөт. Азирети Хинд Алла Элчисине келип жагдайды түшүндүрүп берет. Азирети Пайгамбарыбыз ага:

-Төөнүн да өз милдети бар. Амрдын осуяты жок беле? - деп суроо салат.

Азирети Хинд:

-Амр Ухудка барарда кыбыла тарапка бет алып: «Оо, Жараткан Алла! Мага шейиттикти насип кыла көр! Мени колу бош, үмүтсүз кылып үйүмө кайтара көрбө!»- деп дуба кылган эле» - дейт.

Анда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мындай деген экен:

*-Мына ошондуктан төө баспай жатат.*

*Эй, Ансар жамааты! Кимде-ким Аллага касам ичсе, берген сөзүнө бекем турсун!*

*Эй, Хинд! Өмүрлүк жарың Амр сөзүндө турган чынчыл эле. Ал шейит кетери менен периштелер аны канаттары менен көлөкөлөп, кай жакка көмүлөт деп карап турушту. Эй, Хинд! Өмүрлүк жарың Амр, уулуң Халлад жана бир тууганың Абдуллах бейиште бир жерде жашап дос болушат!»*

Алла Элчисинин куш кабарын уккан азирети Хинд чынчылдардын катарына кошулган жары менен түбөлүк жашоодо да бирге болуууну энсеп:

-О, Алланын Элчиси! Мен үчүн Аллага дуба кыла көр, мен да алар менен бирге болоюн!- деп өтүнөт *(Вакиди, I, 264-265; Ибн Хажар, Фатхуль-Бари, III, 216; Ибн Абдилбер, III, 1168).*

Ухуд күнү Мединага бир суук кабар жеткен эле. Ал «Алланын Элчиси одуйнө салыптыр!» - деген кабар эле. Шаар уңулдаган үнгө толуп, мусулмандардын ыйы Аршка чейин көтөрүлүп жатты. Ансарлардан Сумайрага эки уулу, атасы, күйөөсү жана бир тууганы шейит кеткени угузулса да, муңун билдирбестен дароо Алла Элчисинин абалын сурап:

-Ага бир нерсе болдубу? -дейт.

Сахабалар:

-Жакшы, Аллага шүгүр! Ал тирүү! -дешет.

Анда Сумайра:

-Аны мага көрстөкүлө, көңүлүм жай тапсын - дейт. Андан соң Пайгамабарыбызды өз көзү менен көрүп, чепкенинин этегинен кармап:

-Ата-энем сага садага, о, Алланын Элчиси! Сен соо болгон соң, эч нерсеге кайгырбайм! - деген экен *(Вакиди, I, 292; Хайсами, VI,115).*

Башир бин Акраба *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Атам Акраба Ухуд күнү шейит кеткенде ыйлап Алланын Элчисине бардым. Мага:

-Ээ, каралдым! Сен эмне ыйлап жатасың? Ыйлаба! Атаң мен, апаң Аиша болсо ыраазы болбойсуңбу? - деди.

Мен:

-Ата-энем сага садага, о, Алланын Элчиси! Албетте ыраазы болом! - дедим. Анда Алланын Элчиси куттуу колу менен башыман сылап койду. (Азыр) чачыма ак түштү. Бирок Алла Элчи-

синин куттуу колдору тийген жерлер азыркыга чейин капкара бойдон» *(Бухарий, ат-Тарихуль- Кабир, II, 78; Али аль-Муттаки, XIII, 298/36862).*

Азирети Жабир *(Алла ага ыраазы болсун!)* :

«Ухуд казатынан мурунку түнү атам мени жанына чакырып:

-Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сахабаларынан шейиттердин алгачкысы болуп мен кетет окшойм. Алла Элчисинен (алейхис-солаату вас-салаам) кийин эле бу дүйнөдө эң жакшы көргөн адамым сенсиң. Карыздарым бар, аларды ээлерине кайтарып бер. Бир туугандарыңа дайыма жылуу мамиле жаса! - деди.

Эртең менен атам айтканындай эле Ухуд казатында эң алгачкы шейит болду. Дагы бир шейит менен бирге аны бир кабырга койдум. Кийин аны өзүнчө кабырга койсомбу дедим. Алты айдан кийин аны кабырдан алып чыктым. Көргөн көзүмө ишенбедим: Кулагынын (бир бөлүгүнөн сырткары) башка жеринин баары көргө кандай кирген болсо дал ошондой жатыптыр! Ошентип аны башка бир кабырга койдум» *(Бухарий, Жанаиз, 78).*

Азирети Пайгамбарыбыз Ухуд шейиттеринин жогорулугун айтып:

*«Валлахи, ушунчалык сахабаларым менен бирге мен да шейит кетип, Ухуд тоосунун этегинде түнөгүм келет!»*- деген *(Ахмед, III,375).*

Күндөрдүн биринде Алланын Элчиси Ухуд шейиттери жаткан жерден өтүп баратып:

*-Алардын (ыймандуу, ыраскөй, чынчыл экендиктерине) күбөгө өтөм!* - деди.

Азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-О, Алланын Элчиси, биз алардын боордоштору эмеспизби? Алар кандай мусулман болсо, биз да ошондой мусулман

болдук. Алар кандай жихад кылышкан болсо, биз да ошондой жихад кылдык! - дейт.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* :

*-Ооба, (сөзүңдө калет жок), бирок менден кийин кандай бидаттарды*[162] *чыгарар экенсинер, билбейм* - дейт.

Анда азирети Абу Бакир:

-Биз сенден кийин да жашайбызбы? - деп ичтен сызып көз жашын төккөн экен» *(Муватта, Жихад, 32).*

Бул окуя азирети Абу Бакирдин Пайгамбарыбызга болгон аруу сүйүүсүн, «Экинин экинчиси» экендигин дагы бир жолу көрсөткөн эң сонун далил эле.

Кутман сахабалар Алла Элчисин бүтүндөй жандуу-жансыздан, Ал тургай өз жандарынан да артык көрүшөр эле. Үйдө отурган кезде Алланын Элчиси эсине түшкөндө, үйлөрү тар болгонсуп дароо Алла Элчисине келип, Анын кут төгүлгөн нур жүзүн карап жаны жай таап, дил маектеринде отурушар эле.[163]Аны көрбөй калышса, ааламга да батпай кетишер эле. Бейиште Аны менен бирге боло албай калуу - деген коркунуч алардын жүрөгүн өйүп, эмне кылаарын билбей калышар эле.[164] Кызматчысы Рабиа *(Алла ага ыраазы болсун!)* күндөрдүн биринде Алла Элчисинин: «Менден эмне кааласаң, каала!»-дегенине жооп катары, болгону Аны менен бейиште чогуу болуудан башка эч нерсе каалабаганын айткан эле.[165] Сахабалар көз жумар алдында Аллага жана Элчисине жолуга тургандыктары үчүн кадимкидей сүйүнүшөр эле.[166] Ошондуктан алар (Алла ыроологон ыйман

162. Бидат - Азирети Пайгамбарыбыздан кийин Исламда жок нерсени Исламга киргизүү
163. Касталлани, II, 104
164. Куртуби, V, 271
165. Муслим, Солаат, 226; Ахмед, III, 500
166. Ахмед, I, 8; Ибн Мажа, Жанаиз, 4

жакшылыгы кийин) «Адам баласы сүйгөнү менен бирге болот!»- деген Пайгамбардын сүйүнчүсүнө кубангандай эч бир нерсеге сүйүнүшкөнэмес.[167]

* * *

Аали Имран сүрөсүнүн алтымыш аяты Ухуд казаты жөнүндө түшүрүлгөн. Азирети Мисвар бин Махрама азирети Абдуррахман бин Авфтан Ухуд казаты жөнүндө сураганда ал:

«Аали Имран сүрөсүнүн 120-аятынан баштап оку! Биз менен Ухудда жүргөндөй болосуң!» - деп жооп берген. *(Ибн Хишам, III, 58; Вакиди, I, 319).*

## «Биз Ухудду жакшы көрөбүз. Ухуд да бизди жакшы көрөт!»

Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* алдында Ухуд тоосунун орду өзгөчө эле. Бүткүл ааламдын сыймыгы болгон азирети Пайгамбарыбыз өмүрү өткөнчө Ухудду жана Ухуд шейиттерине тез тез зыярат кылып тураар эле. Кээде:

*«Биз Ухудду жакшы көрөбүз. Ухуд да бизди жакшы көрөт!»* - деп калар эле *(Бухарий, Жихад, 71; Муслим, Хаж, 504)*. Мындай пайгамбарлык урмат-сыйга ээ болгон шейиттердин көрүстөнү аталган Ухуд тоосу Алла Элчисинин терең сүйүү деңизине чөмүлгөн чөлкөм катары кыяматка чейин келе турган үммөткө улуу эскерүүлөргө толо зыярат жайына айланган.

Азирети Пайгамбарыбыз согуш аяктаган соң Ухуддун кара жолтой жаман жер катары каралышына бөгөт коюу үчүн:

«Биз Ухудду жакшы көрөбүз. Ухуд да бизди жакшы көрөт!» - деп, бул аймакка болгон сүйүүсүн билдирген. Пайгамбарыбыз-

167. Бухарий, Адаб, 96

дын мындай чалкыган сүйүүсүнүн берекеси менен Ухуд жаман жер катары эмес, Пайгамбарыбыздын аруу сүйүүсүнө бөлөнгөн, кутман шейиттерди бооруна алып жаткан ыйык жай катары эскерилип калган.

Ошондой эле Ухуд тоосу да Алла Элчисин таанып, билээр эле. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бүтүндөй жандуу-жансыз өзүн тааный тургандыгы жөнүндө мындай деген:

*«Жиндердин жана адамдардын каапырларынан башка, жер менен асмандагы бүтүндөй жандуу-жансыз менин Алланын Элчиси экендигимди билет»* *(Ахмед, III, 310).*

## Ухуд казатынан чыгара турган сабактар

Ухуд казаты – өтө оор, кайгылуу жана ибараттуу согуш. Бул казат бир жагынан ыйман, сабыр, тобокелдик, моюн сунучулук, тагдырга ыраазылык, экинчи жагынан бир саамдык капилеттик, напсиге алдыруу, дүйнөгө берилүү сыяктуу оор сыноолор менен коштолгон эле.

Алла Элчисинин буйругун аткаруудагы жоопкерчиликсиздик согуштун жүрүшүн дароо өзгөртүп, жеңишти колдон чыгарып жиберген эле. Бир канча адамдын жаңылыштыгы менен көз ирмемде бардыгы балээге дуушар болгон эле. Анткени бул Алла Таала койгон мыйзамдын талабы эле. Согуш майданында мусулмандар менен бирге Алланын Элчиси болсо да, бу мыйзам эч өзгөргөн эмес эле.

Ал эми Бадр казатында сахабалар Алланын Элчисине толук моюн сунушкан болучу. Азирети Пайгамбарыбызга:

-О, Алланын Элчиси! Биз Сага ишендик, Алладан алып келген Курандын акыйкат (Алланын китеби) болгондугуна чын дил-

ден ыйман келтирдик жана Сага моюн сунуп, баш ийүүгө убада беребиз. Кандай кааласаң ошондой аракет кыл, бизге буйрук бер! Биз Сени менен биргебиз. Сени жиберген Алланын акысы үчүн, Сен деңизге кирсең, биз да Сени менен киребиз, эч ирибиз артта калбайбыз!... *(Ибн Хишам, II, 253-254)*- деген кутман сахабалардын ыйманы толукшуп турган эле.

Ырасында Ухуд казатындагы сыноонун себеби бир саамдык капилеттин, осолдуктун жыйынтыгын мусулмандарга көргөзүп, эскертүү берүү эле.

Ухуддун эң маанилүү сабактарынан бири мусулмандарды араларында эч кимге билинбей жүргөн эки жүздүүлөрдөн арылтуу эле.

Дагы бир сабагы бутпарастарга натыйжасыз жеңиш буюруу эле. Бул жеңиш менен Бадрдан бери бутпарастардын көңүлүнө уюган өч алуу, кек сактоо, ачуу, жек көрүү сыяктуу сезимдери аз да болсо басаңдаган эле.

Сахабалар Ухуд казатында шейит кетүү үчүн бири-бири менен кадимкидей жарышышкан эле. Ал тургай он беш жашар балдар да, Алла Элчисинин кошуунуна кошулуу үчүн ар түрдүү айлаларды издеп, бүт күчү менен жан далбас урушкан. Мына ушинтип жаш-кары дебей өлүмгө шашылуудагы сыр - жүрөктүн ыйман нуруна толо болуусу жана Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* болгон аруу сүйүүлөрү эле. Мындай ыйман жана аруу сүйүү болгон жерде эр жүрөктүк, тайманбастык, жароокерлик жана бейпилдик да болот. Бул эки нерсе кай жерден алсыраса, ошол жерде жалкоолук, жоопкерчиликсиздик жана наадандык да болот. Мындай сүйүүгө ээ болуу үчүн Алла Тааланы көптөн-көп эстеп зикир кылуу, Алланын Элчисине салават-салам айтуу, Алланын бизге ыроологон жакшылыктары жөнүндө терең ойго батуу жана Алла Элчисинин баскан изи, адеп-ахлагы менен жуурулуша жашоого аракет кылуу зарыл.

Ухуд согушунда Алла Элчисинин жараланышы жана «шейит кетти» - деген каңырыш кабардын жайылышы да мусулмандар үчүн өтө маанилүү сабак эле. Себеби алар ыйман маселесинде өтө чоң сыноого туш болгон эле. Ошентип мусулмандар Алланын Элчисинин да адам болгондугун, убагы келгенде Анын да Жаратнкандын алдына бараарын, ал көз жумгандан кийин мусулмандардын башка динге кайтпай Пайгамбарыбыз көрсөткөн жолдо жүрүшү керектигин түюнуп, мындай балээге туш болбостон мурда руханий жактан даярдануу керектигин түшүнүшкөн эле.

Ошондой эле Ухудда мусулмандарга душман менен болгон согуштарда жеңишке жетүүнүн, жеңилүү коркунучунан кутулуунун жолдору сыяктуу көптөгөн сабактар көрсөтүлгөн эле.

## **Хамраул-Асад** (8-шавваль 3-жыл/ 24-март 625-жыл)

Бутпарастар жүрөк үшүн алган кандайдыр бир коркунуч менен Ухуддан Меккени көздөй жол тарткан эле. Жолдо баратып эстерине келишет. Кайра артка тартып мусулмандарга чабуул коюуну көздөшөт.

Алланын Элчиси Мединага кайтып келген соң «душмандарга кайрадан көрүнүп коюу керек» -деген ойго жетеленген эле. Алла Таала бу жагдай жөнүндө эч качан шалаакылык кылбоо керектигин билдирип төмөнкү аятын түшүрөт:

وَلاَ تَهِنُواْ فِي ابْتِغَاء الْقَوْمِ إِن تَكُونُواْ تَأْلَمُونَ فَإِنَّهُمْ يَأْلَمُونَ كَمَا تَأْلَمونَ وَتَرْجُونَ مِنَ اللهِ مَا لاَ يَرْجُونَ وَكَانَ اللهُ عَلِيماً حَكِيماً

**«Каапырлар менен болгон согуштарда эч качан алсыз, начар абалыңарды көргөзбөгүлө! Эгер силер зап-**

**кы жеп кыйналып жатсаңар, алар да дал силер сыяктуу эле запкы чегүүдө. Бирок силер Алладан алар үмүт кылбаган нерсени (соопту, шейит болуу бактысына жана жеңишке жетүүнү) үмүт кылып жатасыңар. Албетте, Алла Таала – Билүүчү, Даанышман!»** *(Ниса сүрөсү, 104-аят)*

Азирети Пайгамбарыбыз сахабаларына:

-Душмандарга ким көз салып келет? -деп сурайт.

Сахабалардан дароо бир тайпа даяр болуп туруп калат. Бу тайпада азирети Абу Бакир жана азирети Зубайр *(Алла аларга ыраазы болсун!)* да бар эле. Душмандарга көз салуу үчүн аттанган бу тайпадагынын дээрлик баарысы жарадар болушкан эле. Жарадар тайманбастар камылгасын көрүп «Абу Инаба» - деген кудуктун жанында Алла Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)*кошулат.[168]

Усайд бин Худайр *(Алла ага ыраазы болсун!)* жарат алгандарды дарылап жатып:

«Мен Алланын жана Элчисинин чакырыгын кулагым чалып, - мен Ага моюн сунам! - дедим да дароо курал-жарагымды алып Алла Элчисине келдим»- дейт.

Азирети Саад бин Убада *(Алла ага ыраазы болсун!)* да шашылыш түрдө даярданып, өз уруусунун да дароо жолго чыгууларын буюрат. Алар да даярдыктарын көрүп, ошол замат Пайгамбарыбыз турган жерге жетип келишет.[169]

Ошентип Алла Элчиси баштаган бу тайпа душмандардын аркасынан түшөт. Азирети Абдуллах бин Сахл бир тууганы Рафи *(саллаллаху алейхи ва саллам)* экөө  Ухудда Пайгамбарыбыздын жанында согушуп, жарат алып Мединага кайтышкан эле. Алла Элчисинин душмандардын артынан түшүү үчүн мусул-

168. Вакиди, I, 334-335
169. Вакиди, I, 334-335

мандарды чакырып жаткандыгын угар замат:

-Валлахи, минээрге төө-атыбыз жок, катуу жарат алдык. Бирок Алланын Элчиси баштаган жүрүштөн кантип калабыз?! -деп, алар да ошол замат жолго чыгышат. Жеңилирээк жарат алганы катуу жарат алган боордошун аркасына салып шашылып, Алла Элчисине жетип келишет.[170]

Мусулмандар ушундай ынтымагы, биримдиги жана берилгендиги менен Алла Тааланын ырайымына бөлөнүшөт:

الَّذِينَ اسْتَجَابُواْ لِلّهِ وَالرَّسُولِ مِن بَعْدِ مَا أَصَابَهُمُ الْقَرْحُ لِلَّذِينَ أَحْسَنُواْ مِنْهُمْ وَاتَّقَواْ أَجْرٌ عَظِيمٌ

**«Жарадар болушса да, Алла Тааланын жана Элчисинин чакырыгына оң жооп кайтаргандар, (айрыкча) алардын арасынан жакшылык иштерди (көп) кылгандар жана такыбаалар үчүн чоң сыйлык бар»** *(Аали Имран сүрөсү, 171-172-аяттар)*

Тайпа Мединадан сегиз чакырым алыс жайгашкан «Хамрауль-Асад» - деген жерге чейин барат. Мусулмандардын туусу азирети Алиде *(Алла ага ыраазы болсун!)* эле. Күн кирип калгандыктан Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* кутман сахабаларына беш жүз жерге от жагуу керектигин айтат. Ошентип Хамрауль-Асад укумуштуудай чоң кошуун байырлап жаткандай көрүнүп калат. Дал ошол учурда Меккеге кетип бараткан Мабад деген адам бутпарастардын кошуунуна жетип барып, мусулмандардын келе жатканын айтат. Ал:

-Мен өмүрүмдө мындай чоң кошуун көргөн эмесмин! - дейт. Мындай суук кабарды алган бутпарастар жүрөктөрү «болк» этип, сестене түшөт:

170. Ибн Хишам, III, 53

-Мусулмандардын абалы өтө оор эле го! Муну кандай түшүнсө болот? - деп абдан таң калышат. Артка кайтып кайра согушууга деми жетпейт. Себебин түшүнө албай:

-Андай болсо, аман-сообузда бир балээге кабыла электе дароо бул жерден чыгып кетишибиз керек! - деген чечимге келишет.

Ошентип Меккени көздөй шашылыш түрдө жол тартышат. Душмандардын Меккеге качышы менен Алланын Элчиси да сахабалары менен аман-эсен Мединага кирип келет.[171]

## Мурас маселеси

Ухуд казатынан кийин мурас бөлүштүрүү жөнүндөгү аяттар түшүрүлөт. Анткени Ухуд согушунан соң бу багытта анча-мынча пикир келишпестиктер болгон эле. Ухуд казатында шейит кеткен азирети Саад бин Рабинин *(Алла ага ыраазы болсун!)* эркек бир тууганы анын эки кызына эч нерсе калтырбастан мураска калган бардык мал-мүлкүн өзүнө өткөрүп алган эле. Себеби карангы доордогу элдин каада-салтында бул туура деп эсептеле турган. Карангы доордо дегеле аялзатына маани берилбегендиктен, аял кишинин мурас алууга кыпындай да укугу болгон эмес. Ошентип Алла Таала бул жаатта Өзүнүн өкүмүн мындайча билдирет:

يُوصِيكُمُ اللّٰهُ فِي أَوْلاَدِكُمْ لِلذَّكَرِ مِثْلُ حَظِّ الأُنْثَيَيْنِ فَإِنْ كُنَّ نِسَاءً فَوْقَ اثْنَتَيْنِ
فَلَهُنَّ ثُلُثَا مَا تَرَكَ وَإِن كَانَتْ وَاحِدَةً فَلَهَا النِّصْفُ وَلأَبَوَيْهِ لِكُلِّ وَاحِدٍ مِّنْهُمَا
السُّدُسُ مِمَّا تَرَكَ إِن كَانَ لَهُ وَلَدٌ فَإِن لَّمْ يَكُن لَّهُ وَلَدٌ وَوَرِثَهُ أَبَوَاهُ فَلأُمِّهِ الثُّلُثُ

171. Ибн Хишам, III, 52-56; Вакиди, I, 334-340

فَإِن كَانَ لَهُ إِخْوَةٌ فَلأُمِّهِ السُّدُسُ مِن بَعْدِ وَصِيَّةٍ يُوصِي بِهَا أَوْ دَيْنٍ آبَآؤُكُمْ
وَأَبناؤُكُمْ لاَ تَدْرُونَ أَيُّهُمْ أَقْرَبُ لَكُمْ نَفْعاً فَرِيضَةً مِّنَ اللهِ
إِنَّ اللهَ كَانَ عَلِيماً حَكِيماً

**«Алла Таала силерге балдарыңарга (тийиштүү мурас) тууралуу да көргөзмө берет: (Алуучу) эркек бала болсо, эки кыздын үлүшүнө барабар алат. Эгер (эркеги жок) кыздар экиден ашык болсо , анда ал (маркум атасы) калтыргандын үчтөн бир бөлүгү берилет. Бир эле кыз болсо, анда ага мурастын жарымы берилет. Эгер маркумдун баласы бар болсо, анда анын атасына өзүнчө, энесине өзүнчө (ал калтырган мурастын) алтыдан бир бөлүгү тиет. Эгер анын (маркумдун) баласы жок болсо, анда ага ата-энеси гана мураскер болот да, энеси үчтөн бир бөлүгүн алат. Эгер (маркумдун) эркек бир туугандары бар болсо, анда энесине мурастын алтындан бир бөлүгү калат. Керээз кылып калтырган осуятын аткаргандан кийин, же айтылган соң (айтылган мурастар берилет). Ата-энеңердин, же балдарыңардын кимисинен көбүрөөк пайда экенин силер билбейсиңер (мурас бөлүштүрүү иши өзүңөргө калса, мурасты адилеттик менен чече албайсыңар). Ошондуктан (кимге канча мурас тийишин) Алла Таала парз кылып койду. Албетте, Алла Таала - Билүүчү, Даанышман!»** *(Ниса сүрөсү, 11-аят).*

Ошентип, Ислам боюнча алгачкы мурас азирети Саад бин Рабинин *(Алла ага ыраазы болсун!)* мураскорлоруна бөлүштүрүлөт.[172]

172. Ахмед, III, 352, 375

Исламдагы мурас бөлүштүрүү иштери адилеттүү түрдө жүргүзүлөт. Ислам боюнча мурастан эркек адам аял кишиге караганда көбүрөөк үлүш алууга тийиш. Себеп дегенде үйлөнүп жатканда болочок жубайына михирин (кыздын өзүнө берилчү калыңын) берүү, үйлөнүү тойду өткөрүү жана үй-бүлөнү багуу сыяктуу бардык чыгымдар эркектин мойнуна жүктөлгөн.

Мурас маселесиндеги аял-эркектин айырмасы (бири көп, бири аз алуусу) аларга жүктөлгөн милдеттерге жараша белгиленген. Бу эки нерсенин ортосунда эреже-тартип бар. Аял киши бала багуу, бала тарбиялоо жана үй-бүлөнүн тартибин сактоо сыяктуу оор жоопкерчиликтерден улам үй-бүлөнү багууга жооптуу эмес. Ошондуктан аял киши мурас алууда эркекке салыштырмалуу бир эсеге аз алат. Исламдагы бул үлүш кээ бир кыз баланын турмушка чыкпай калышы же күйөөсү одүйнө салып жесир калышы же болбосо, ажырашып кетиши сыяктуу учурларда жеке муктаждыктарын камсыздоо үчүн бөлүнгөн.

Ошондой эле аялзатына сезимталдык, мээримдүүлүк, боорукерлик, ыйбаалуулук, адептүүлүк, берилгендик, ырайымдуулук сыяктуу ары улуу, ары бийик адамдык асыл касиеттер артыкча ыроолонгон. Алар өтө назик, боорукер жана мээримдүү болгондуктан жашоонун ар кандай кутүүсүз «белектерине» туш болгондо материалдык, же руханий жактан кыйла алсырай түшөт. Ошондуктан аялдардын күбөлүгү жарым болуп эсептелет. Муну далил кылып ооз көптүрүп Исламга чабуул жасагандар Исламдын, адамдын табиятына ылайыктуу эч өзгөргүс өзгөчөлүктөрдү эске албастан, Алланын эреже-мыйзамдарындагы жогорулукту, улуулукту же чын эле кайдыгерликтен, же жүзүкаралыктан, же түшүнгүсү келбегендиктен улам көрө албай келишет.

Жараткан Алла Таала ар бир жандуу-жансызды өзүнө тиешелүү максатта жаратып, аларга ошол максаттарын орундата билүүлөрү үчүн бардык материалдык да, руханий да мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берген. Бул – талашсыз чындык! Эркек адамды

жашоо менен күрөшүү, үй-бүлөнүн материалдык чыгымдарын камсыздоого милдеттендирген Алла Таала аны бул милдетти толук орундата билүүсү үчүн аял кишиге салыштырмалуу дене жагынан күчтүүрөөк, руханий жагынан да бекемирээк кылып жараткан. Аял киши болсо келечек муунду сактоого, бала тарбиялоого, аны кичинесинен баштап багып чоңойтууга, коргоого милдет алган. Ошондуктан ал эркекке салыштырмалуу руханий жактан өтө сезимтал, назик болуп жаралган. Себеби наристе жаңы көз ачкан кезде аны мухит сымал чалкыган мээримине, сүйүүсүнө бөлөп чоңойтуу үчүн аял кишиге мээрим сезими Алла Тааланын өзгөчө жакшылыгы катары ыроолонгон.

Мындай сезимтал, мээрман энеге өз максатына ылайык келбеген башка милдет жүктөлсө, анда терс натыйжа пайда болот. Ошондуктан аял киши сот иштеринде күнөөлүү адамга ырайым кылып, адилеттүүлүктөн алыстап кетүүсү толук ыктымал. Бул да болсо аял кишинин күбөлүгүнүн жарым кабыл алынышы жаатында келген өкүмдүн себептеринен бири болуп саналат.

Ошондой эле Ислам күбөлүккө өтүүнү адамдын психологиялык түзүлүшүнө жараша тартипке салат. Кээ бир учурда эркектин күбөлүккө өтүшү кабыл алынбай, аял кишинин күбөлүгү толук болуп эсептелет. Маселен, эркектердин кабар алуулары, билүүлөрү мүмкүн эмес жерлерде аялдардын гана күбөлүгү жетиштүүдепэсептелет.[173]

Күбөлүккө өтүү маселесин бетке кармап, Исламда аял кишинин төмөн кабыл алынганын айткандар Исламдын мындай жалаадан аруу болгондугун, адам укуктары боюнча адилеттүүлүктүн туу чокусун көрсөтүп, адамдын өзгөрбөс табигый өзгөчөлүктөрү менен катар коомдук укуктарды да эске алгандыгын же чын эле түшүнүшпөйт, же болбосо түшүнгүлөрү келбейт.

Аял киши Алла Таала ыроологон асыл жакшы сапаттарды

173. Мажалла, мд. 1685

кан-жанына сиңирүү менен баралына келет. Эгер аял киши асыл сапаттарына терс багыт берсе, өзүнүн баасын, наркын жоготуп, бактысыз жашоого туш болот. Коломтосуна суу сээп, үй-бүлөдөгү бейпилдиктен, бакыттан, сүйүүдөн, ынтымактан жана береке-куттан ажырайт.

Бүгүнкү күндө аялдар менен эркектердин ортосунда жасалма теңдик жарышуусу башталды. Аял кишинин касиеттерине физио-биологиялык жактан да, психо-руханий жактан да мындай жарыш энелик асыл сапаттарды алсыратып, үй-бүлөлөргө чоң залакасын тийгизип жатат. Ошондуктан бүгүнкү күнү көнүмүш адатка айланып бараткан бойдон алдыруу маселесин, баягы Пайгамбарыбыздан мурунку караңгы доордо араптардын өз канынан жаралган кыз наристелерин аёсуз тирүүлөй көмүүлөрүнүн учурга ылайыкташылган көрүнүшү десек аша чапкан болбос элек. Бул ачуу чындык - ар бир адамдык сапаты бийик адамдын жүрөгүн сыздатып өйүй турган оорчундуу маселе. Муну өзүнчө чоң кылмыш десек жаңылышпайбыз. Учурдагы чарчаңкы, чолосун таппай калган, шайы оогон аял менен караңгы доордогу аялдын ортосунда болгону кийим-кечек жагынан гана айырмачылык бар.  Бул болсо, руху жок материалисттик тарбия менен өскөн коомдун аянычтуу акыбети.

# ХИЖРАТТЫН ТӨРТҮНЧҮ ЖЫЛЫ

## **Ражи окуясы** (Сафар 4-жыл/Июль 625-жыл)

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Исламды элге үйрөтүп, жайылтуу максатында айланасындагы урууларга мугалимдерди жөнөтө турган. Жөнөтүлгөн айрым мугалимдерге кыянатчыл мамиле жасалган учурлар да болгон. Мындай учурлардын бири - Ражи окуясы.

Күндөрдүн биринде Медина четинде жашаган Адал жана Кара уруулары Алла Элчисинен өздөрүн Ислам менен тааныштыра турган мугалимдерди сурап келишет. Алланын Элчиси азирети Асым бин Сабитти амир кылып, он адамды жөнөтөт.

Адал жана Кара урууларынан келгендер он кишилик мусулман топ менен «Усфан» - деген жер менен Меккенин ортосунда жайгашкан «Худат» - деген аймакка келишет. Ал жерден Хузайл уруусуна таандык «Ражи» деген суунун башына келип тыным жасашат. Мусулман мугалимдердин бул аймакка келгендиги жөнүндө Хузайл уруусунан Лихян тукумуна кабар берилген эле. Лихян тукумунан жүз кишилик жаа тарткан тайпа тиги он сахабаны көзөмөлгө алат. Азирети Асым менен жөнөтүлгөн мугалимдер жагдайды түшүнүп, дароо коргонуу үчүн Ражи суу-

сунун кыйырындагы дөбөгө чыга качышат. Каракчылар аларды курчоого алышат:

-Төмөн түшкүлө, курал-жарагыңарды таштагыла да, сыйынар менен бери келгиле! Сөзсүз, эч кимиңе тийбейбиз! - дешет.

Анда азирети Асым:

-Достор! Мен мусулман катары, бир каапырдын сөзүнө ишенип түшпөйм! - деп, алакан жая:

«Оо, Жараткан Алла! Биздин ал-абалыбызды Элчиңе билдире көр!» - деп дуба кылат. Бул учурда каракчылар жаа тартып азирети Асымды баш кылып алты адамды жерге сулатат.

Азирети Асым бин Сабит жарат алып жерде жатып:

«Оо, Жараткан! Мен бүгүнкү күндүн башында Сенин диниңди коргодум, Сен дагы бүгүнкү күндүн соңунда менин сөөгүмдү сактай көр!» - деп дуба кылат.

Курайштын айрым аттуу-баштуулары анын шейит кеткенинен кабар алат. Ошентсе да, анын чындап өлүп-өлбөгөнүн билгилери келип, Бадр казатында бир Курайш бутпарасты өлтүргөндүктөн анын денесинен бир бөлүк алдыруу үчүн бир канча адамын жөнөтөт. Бирок Алла Таала азирети Асымды *(Алла ага ыраазы болсун!)* коргоо үчүн бир үйүр аары жиберет. Асмандан уюлгуп келген аарылар азирети Асымдын денесин каптайт. Курайш уруусунан келген адамдар анын сөөгүнө жолой алышпайт *(Бухарий, Жихад, 170; Магази, 10, 28; Вакиди, I, 354-363).*

Күн батканча аарылардын тарап кетишин күткөн каракчылар күтүүсүз бир окуяга туш болушат. Жамгыр төгө баштайт. Бороон башталат. Ошентип катуу жааган жамгырдан сел жүрүп Асымдын сөөгү жок болот. Душмандар азирети Асымдын сөөгүн табууга үлгүрбөй калат. Ошондон кийин азирети Асым «Аарылар коргогон Шейит» - деп эл оозунда айтылып калган эле *(Ибн Хишам, III, 163).*

Бутпарастар жаанын жиби менен колго түшкөн мусулмандарды кадап байлап жатканда сегизинчиси:

-Силер бизди алдап жатасыңар. Валлахи, силерге эч качан баш ийбейм. Бу шейиттер мага эң сонун мисал! - дейт. Бутпарастар аны күчкө салып байлоого аракет кылса да, баш бербейт. Алар акыр-аягы аны да өлтүрөт. Ошентип, ал да шейиттиктин шербетинен даам сызат.

Он сахабадан болгону экөө гана калат: Хубайб менен Зайд *(Алла аларга ыраазы болсун!)*. Бутпарастар экөөнү Меккеге алып барып сатып жиберишет. Бадр казатында азирети Хубайб Харис бин Амрды өлтүргөн эле. Хубайбды Харистин балдары сатып алышат. Азирети Хубайб өлтүрүлчү күнгө чейин бутпарастардын туткуну болуп жашайт.

Бул үйдө жашаган бир аял мындай дейт:

«Аллага касам ичем! Мен өмүрүмдө Хубайбдан артык туткун көргөн жокмун. Валлахи, мен аны күндөрдүн биринде чынжырга байланып, Меккеде эч бир мөмө-жемиш быша элек кезде жаңы бышкан жүзүм жеп жатканын өз көзүм менен көрдүм. Бу Алла Тааланын Хубайбга ыроологон ырыскысы эле. Хубайб ар дайым Куран окуп, тахажжуд намаздарына турар эле. Анын Куран окуганын угуп турган аялдар өздөрүнчө жүрөктөрү ийге келгенсип элжиреп, көз жаш чайып турушар эле. Күндөрдүн биринде ага:

-Эй, Хубайб! Эмне муктаждыгың бар? - деп суроо узаттым.

-Жок! Сенден мага ширин суу ичирүүңдөн, айкелдердин атына арналып союлган малдардын этин жедирбөөңдөн жана качан, кайсы күнү өлтүрүлө тургандыгым жөнүндө кабар берүүңдөн башка сураныччым жок - деди.

Харам (ыйык) айлар бүтүп, аны өлтүрүүгө чечим чыгарылгандыгын кабарлаганымда, валлахи, анын мындан кыпындай

да коркконун байкаган жокмун. Харистин уулдары аны өлтүрүү үчүн Харам аймагынын сыртында жайгашкан «Хилл» - деген жерге алып келгенде азирети Хубайб аларга:

-Уруксат берсенер, мен эки ирекет намаз окуп алайын - деген өтүнүч менен кайрылды. Уруксат беришти. Хубайб эки ирекет намаз окуган соң:

-Алла Таалага ант берем! Мени өлүмдөн коркуп жатат, деп ойлобогонунарда, намазымды узун окуур элем - деди. Ошентип Хубайб өлүм жазасына тартылчу ар бир мусулман үчүн эки ирекет намаз окуу каадасын баштап берди.

Андан кийин:

«Оо, Жараткан! Булардын баарын жок кыл, бир бирден жанын ал, эч бирисин соо калтырба!»- деп дуба кылып,[174] төмөнкү маанидеги ыр саптарын окуду:

«Мусулман болуп өлгөн соң, кандай болуп өлсөм да ага эч качан кайгырбайм. Мунун баарысы албетте Алланын жолунда, Анын ыраазылыгы үчүн. Кудай буюрса, тамтыгы калбаган денем менен Анын- Жараткан Алланын ыраазылыгына оңой, тез жетем!»

Азирети Хубайб *(Алла ага ыраазы болсун!)* андан соң Алла Таалага кайра алакан жайып:

«Оо, Жараткан Алла! Бул жерде душман жүзүнөн башка жүз көрбөй турам! Элчине өкүл катары бирөө жарымды жөнө-

174. Азирети Хубайб дуба кылып жатканда ал жердегилер коркуп, дубанын таасиринен коргонуу үчүн ары-бери качып жашынууга аракет кылып, соо калбай тургандыктарын ойлошкон эле. Бир айдан көп убакыт Курайш бутпарастары жыйындарында Хубайбдын каргыш дубасынан башка сөз козгогон эмес эле. Ал эми Саид бин Амир кээ кээде жыгылып кала турган. Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун!) халифа болуп турган кезде анын бул абалын угуп, чындап эле анын оорусу барбы жокпу, дайынын билүү үчүн Саиддин өзүнөн сураганда:

«-Эй, момундардын амири! Менин эч кандай оорум жок. Бирок Хубайб өлтүрүлгөн кезде мен да ошол жакта болучумун, анын каргыш дубасын да уккан элем. Валлахи, муну жыйындарда качан укпайын ошол замат сөзсүз ээсим ооп калат!» -деген эле (Вакиди, I, 359-360).

түүгө да эч кимим жок! Ага саламымды Өзүң жеткире көр!» - деп жалбарат.

Дал ошол маалда сахабалары менен Мединада отурган Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

«Ва алейхис-Салам» «Ага да салам болсун!» -дейт. Сахабалар таңдана:

-О, Алланын Элчиси! Кимдин саламын алдыңыз? -деп сурашат.

*-Боордошуңар Хубайбдын саламын! Жабраил Хубайбдын саламын алып келди!* -деп буюрат. Пайгамбарыбыз бу сахабалардын шейит кеткендигин жанындагы кутман сахабаларына билдирет» *(Бухарий, Жихад, 170; Магази, 10, 28; Вакиди, I, 354-363).*

Азирети Хубайбдын мойнуна сыйыртмак салынып, дарда турганда сурашат:

-Сенин жаныңды сактап, ордуңа бул жерде Пайгамбарыңдын болушун каалайт белең?

Азирети Хубайб эч ойлонбостон толкундануу менен кыйкырат:

-Эч качан! Анын бул жерде туруусу мындай турсун, азыр Мединада кут төгүлгөн таманына ийненин көзүнчөлүк тикендин киришине көңүлүм чыдабайт!

Анын бу жообуна абдан таң калган Абу Суфян:

-Мен дүйнөдө Мухаммадчалык достору тарабынан урматталган башка эч бир адамды көргөн эмесмин! -дегенден башка сөз айталган эмес эле *(Вакиди, I, 360; Ибн Саад, II, 56)*.

Аны дарга асып жатып жүзүн Медина тарапка буруп коюшат. Хубайб *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

«Оо, Алла Таала! Бу кылган ишим Сенин алдыңда жакшы-

лык болсо, жүзүмдү кыбылаңа бура көр!» - деп дуба кылат. Алла Таала анын дубасын кабыл кылып, кыбыла тарапка бурат. Бутпарастар канча аракет кылышса да, анын жүзүн кыбыладан башка тарапка бура алышпай коет. Бул улуу сахаба тууралуу:

يَا أَيَّتُهَا النَّفْسُ الْمُطْمَئِنَّةُ ارْجِعِي إِلَى رَبِّكِ رَاضِيَةً مَّرْضِيَّةً فَادْخُلِي فِي عِبَادِي وَادْخُلِي جَنَّتِي

**«Эй, көңүлү жай тапкан жан! Жараткан Эгендин алдына (сен Алла Таалага) ыраазы болгон жана (Алла Таала да сага) ыраазы болгон абалда кайтып баргын! Менин сүйүктүү пенделеримдин арасына кошулуп, бейишиме киргин!»** *(Фажр сүрөсү, 27-30-аяттар)* - деген аяттар түшүрүлөт *(Куртуби, XX,58; Алуси, XXX, 133).*

* * *

Азирети Хубайбдан *(Алла ага ыраазы болсун!)* соң шейит кеткен азирети Зайд *(Алла ага ыраазы болсун!)* да ыйманы бекем сахаба эле. Ал түнүчүндө тахажжуд намазын окуп, күндүзүн орозо кармар эле. Айкелдердин урматына союлган малдын этин эч качан жечү эмес эле. Болгону сүт ичээр эле. Саарлыкта сүт менен ооз жаап, сүт менен ооз ача турган. Өлүм жазасына тартылуу үчүн «Таним» - деген жерге келгенде азирети Хубайб менен көрүшүп, баштарына келген балээ жөнүндө бири-бирине сабырдуулук тилешет. Азирети Зайд *(Алла ага ыраазы болсун!)* да эки ирекет намазга турат.

«Сенин ордунда Мухаммаддын болушун каалар белең?» -деген суроого ал да азирети Хубай жооп бергендей жооп кайтарат *(Вакиди, I, 361-362).*

Бутпарастар азирети Зайдка мусулманчылыктан кайтуусун, эгер кайта турган болсо, эркиндикке чыгарын сунушташат. Анда азирети Зайд:

-Мусулман болуп одүйнө салганым – динимден кайтып жашоодон миң эсеге жогору! - деп жооп берип, чыдамсыздык менен күтүп жаткан шейиттиктин шербетинен даам сызат.

## **Бир-и Мауна окуясы** (Сафар 4-жыл/Июль 625-жыл)

Ражи окуясына катар Нажид аймагынан «Абу Бара» - деген адам элин туура жолго чакырууга мугалим сурап Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* келет. Алланын Элчиси анын сураныччын кабыл алгысы келбейт. Ал тургай тартууланган белек-бечкектерин да кабыл албайт. Азирети Пайгамбарыбыз:

*-Мен, досторума Нажид элинен зыян тийип калышынан коркуп турам!...* - дейт.

Абу Бара бара турган мусулмандардын өмүрү үчүн уруусунун атынан кепилдикке өтөт. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Нажид урууларынын башчысы (Абу Баранын жээни) Амирге өзүнчө кат жаздырып, Асхабы суффадан «курра»[175] болгон жетимиш адамды Абу Барага тапшырат.

Мугалимдер бул жолу да Мединага төрт күндүк жол жердеги Бир-и Маунага барышканда оор сыноого туш болушат. Бир-и Маунада Абу Баранын жээни Амир кошууну менен күтүп турган эле. Ал Пайгамбарыбыздын катын окуп да койбойт. Абу Бара мусулмандарга кол салууну эп көрбөйт. Бирок Амир Усая, Рил, Завкан, Лихян урууларын алдап мусулмандарды кылычтын мийизинен өткөрөт. Мусулмандардан болгону азирети Амр бин Умаййа гана аман-эсен качып кутулат.[176]

175. Курра - Ыйык Куранды баштан-аяк жети (же он) кыраат (диалект) боюнча окуй ала турган адам.

176. Ибн Хишам, 184; Хайсами, VI, 125-130

Окуя болгон күнү Амирдин жоокерлеринен Жаббар бин Сулма төмөндөгү окуяны айтып калтырган:

«Мусулмандардан мени Исламга чакырган Амир бин Фухайраны найза менен төшкө сайдым! Найза анын төшүн жарып аркасынан чыгып кеткен эле! Ал онтоп жерде:

-Валлахи, жеңишке жеттим! - деп жатты. Мен өзүмө-өзүм:

-Эмнесине жеңишке жетти?! Эмне, мен аны өлтүргөн жокмунбу?! -дедим.

Ошол учурда сөөгү асманга көтөрүлүп, көздөн кайым болуп кетти. Өз көзүм менен көргөн бул окуя менин мусулман болушума себепкер болду» *(Ибн Хишам, III, 187; Вакиди, I, 349).*

Азирети Жабраил *(алейхис-салаам)* Алланын Элчисине келип, мугалимдеринин

шейит кеткенин, Жараткан Алла Таала алардан ыраазы болуп, шейиттерди ыраазы кылгандыгын кабарлайт.[177]

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* каргашалуу бу окуяга көз жашын төгүп катуу кайгы-мунга батат. Жараткан Аллага алакан жайып:

*«Оо, Жараткан Алла! Алла жана Элчисине кыянатчылык кылып каршы чыккан Рил, Завкан жана Усаййа (уруулларына) наалат болсун!»* - деп бир ай бою багымдат намазынан кийин дуба кылып чыгат *(Бухарий, Жихад, 9, 19, Магази, 28; Муслим, Масажид, 297).*

Мусулмандар бул окуяга катуу өксүп, кайгыга батышат. Ал эми эки жүздүүлөр менен жөөттөрдүн чырагына май таамп, кадимкидей көңүлдөрү кубанычка толуп, сүйүнүп жатышкан эле. Ошону менен бирге алар Ухудда мусулмандарга каршы келе албай калгандагы ичтериндеги буктарын да чыгарып, мүмүкүн-

177. Бухарий, Жихад, 9

чүлүктөн пайдалануу үчүн кыянатчыл караниеттерин жүзөгө ашыруунун жолдорун издеп киришет. Согушка бараткандагы кыянатчылыгын, алдамчылыгын акылдуулук деп, согуш майданында шейит кеткендерди айтып, мусулмандарга:

-Алар биздин сөзүбүздү угушканда азыр көз жумган болбойт эле - дей башташат. Буларга Алла Тааладан катуу эскертүү келет:

الَّذِينَ قَالُواْ لِإِخْوَانِهِمْ وَقَعَدُواْ لَوْ أَطَاعُونَا مَا قُتِلُوا قُلْ فَادْرَؤُوا عَنْ أَنفُسِكُمُ الْمَوْتَ إِنْ كُنتُمْ صَادِقِينَ

**«Олтуруп алышып ага-инилерине: «Эгер биздин тилибизди алышса, алар өлүмгө дуушар болушмак эмес эле» - деп айткандарга: «Айтканыңар чын болсо, өлүмдү өзүңөрдөн кайтарып көргүлөчү» - деп айт!»** *(Аали Имран сүрөсү, 168-аят)*

وَمَا كَانَ لِنَفْسٍ أَنْ تَمُوتَ إِلاَّ بِإِذْنِ اللّهِ كِتَاباً مُّؤَجَّلاً

**«Ар бир жан Алланын ыктыяры менен жана анык белгиленген мөөнөттө гана өлөт...»** *(Аали Имран сүрөсү, 145-аят)*

* * *

Азирети Анас *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Бир-и Маунада шейит кеткен сахабаларына кайгыргандай, башка эч нерсеге кайгырганын көргөн эмесмин» (Муслим, Масажид, 302). Анткени Бир-и Маундагы шейиттер асхабы суффадан болуп, Алла Элчисинин руханий тарбиясына жуурулган мугалимдер эле.

Ражи жана Бир-и Мауна окуялары чындыкты жаюу, туура жолду көрсөтүү милдети мусулмандар үчүн канчалык даражада

мааниге ээ экендигин айдан ачык көрсөтүп турат. Алланын Элчиси сахабаларынын эң мыктыларын Ислам мугалими катары жөнөткөн эле. Мына ушундай маанилүү милдет үчүн шейит кеткендерди Алла Таала алкоого алып, аларга ыраазы болгондугун, алар да Жаратканга ыраазы болгондуктарын айткан эле.[178]

## Надир уруусунун кыянатчыл иш-аракети

Бир-и Мауна окуясынан качып кутулган азирети Амр бин Умаййа Мединага барган жолдо Бир-и Маунада кол салган уруулардан эки адамды уктап жаткан жеринен өлтүрүп коет. Бул эки адам азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* карамагында эле. Алар Мединага зыярат кылып кайтып келе жатышкан болучу. Бул үчүн кун төлөө керек эле. Мурунтан бекитилген келишимдин негизинде кундун бир бөлүгүн Надир уруусу тарабынан төлөнүшү керек болгондугу үчүн Алланын Элчиси бир канча сахабасы менен Надир уруусуна барат.

Пайгамбарыбыздын саналуу адамдары менен келгенин көргөн жөөт Надир уруусу мындай учурду табылгыс мүмкүнчүлүк деп билип, Алланын Элчисинин өмүрүнө кол салуу жөнүндөгү кытмыр ойлорун жүзөгө ашыруу үчүн камылга көрүшөт. Жөөттөр баягы эки адамдын кунунан өздөрүнө бөлүнгөн үлүшүн төлөп бере тургандыгын айтып, акчасын алып келгенге чейин Алла Элчисин бир үйдүн көлөкөсүндө отуруп күтүп турушун суранышат. Бу учурда сый көрсөтөрүн айтып, дароо арам ойлорун жүзөгө ашыруу үчүн даярдык көрө башташат. Алардын караниети боюнча үйдүн үстүнөн чоң ташты тоголотуп келип, Пайгамбарыбызды бастырып өмүрүн кыйыш керек болчу. Бул эл мурунку пайгамбарлардын да өмүрүнө кол салып, көксөгөн максаттарына жетип көнүп калгандыктан мындай иштерге өтө

178. Бухарий, Магази, 28, Жихад, 9; Муслим, Масажид, 297.

тажырыйбалуу эле.

Бир маалда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* дароо ордунан туруп, ылдам басып кетет. Анткени Алла Таала Элчисине жагдайды билгизген эле. Алла Таала Пайгамбарын коргоп, мусулмандарга болгон сыйын мындайча эскертет:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُواْ اذْكُرُواْ نِعْمَتَ اللّهِ عَلَيْكُمْ إِذْ هَمَّ قَوْمٌ أَن يَبْسُطُواْ إِلَيْكُمْ أَيْدِيَهُمْ فَكَفَّ أَيْدِيَهُمْ عَنكُمْ وَاتَّقُواْ اللّهَ وَعَلَى اللّهِ فَلْيَتَوَكَّلِ الْمُؤْمِنُونَ

**«Эй, момундар! Силерге жамандык кылууну самаган бир элдин суук колун кайтарган кездеги Алланын силерге көрсөткөн жакшылыгын эстегиле! Алладан корккула! Ыймандуу адамдар жалгыз Аллага гана таянышсын!»** *(Маида сүрөсү, 11-аят).*

Бул аяттагы «силерге жамандык кылууну (кол салууну) самаган» - деген сөз, бир эле Азирети Пайгамбарыбыздын өмүрү бүтүндөй мусулмандардын жаны, жашоосу менен барабар - дегенди түшүндүрөт.

Жөөттөрдүн арам ойу жөнүндө Жараткан Алла мындай буюрат:

**«Эгер сен кыянаттарынан тынчсыздансаң, алар менен болгон келишимди токтот! Чындыгында Алла Таала кыянатчыл адамдарды жакшы көрбөйт»** *(Анфал сүрөсү, 58-аят)*

وَإِن جَنَحُواْ لِلسَّلْمِ فَاجْنَحْ لَهَا وَتَوَكَّلْ عَلَى اللّهِ إِنَّهُ هُوَ السَّمِيعُ الْعَلِيمُ
وَإِن يُرِيدُواْ أَن يَخْدَعُوكَ فَإِنَّ حَسْبَكَ اللّهُ هُوَ الَّذِيَ أَيَّدَكَ بِنَصْرِهِ وَبِالْمُؤْمِنِينَ

**«Эгер алар тынчтыкка келишсе, сен да тынчтыкка кел жана Аллага тобокел кылгын! Албетте, Ал - Угуучу**

**да, Билүүчү. Эгер алар сени алдамакчы болушса, анда, сага Алланын өзү жетиштүү (өзү коргойт). Ал сени Өз жардамы жана момундардын жардамы менен сактайт»** *(Анфал сүрөсү, 61-62-аяттар)*

Ошентип, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Надир уруусуна элчи жөнөтүп, кайра жаңы келишимге келүү сунушун, болбосо он күндүн ичинде Мединадан чыгып кетүү жөнүндөгү эскертүүсүн берет. Бирок баягы эки жүздүүлөр дагы жөн турбай Мединадан чыгууга даярданып жаткан Надир уруусуна кат аркылуу бир кабар жиберет. Катта Надир уруусуна эки жүздүүлөрдүн баарысы жардам бериши, Мединадан эч качан чыкпоолору жөнүндө жазылган эле. Алардын мындай жашыруун кат аркылуу байланыштарын Алла Таала Куран аяттарынын биринде төмөнкүчө ачыкка чыгарган эле:

أَلَمْ تَر إِلَى الَّذِينَ نَافَقُوا يَقُولُونَ لِإِخْوَانِهِمُ الَّذِينَ كَفَرُوا مِنْ أَهْلِ الْكِتَابِ لَئِنْ أُخْرِجْتُمْ لَنَخْرُجَنَّ مَعَكُمْ وَلَا نُطِيعُ فِيكُمْ أَحَداً أَبَداً وَإِنْ قُوتِلْتُمْ لَنَنصُرَنَّكُمْ وَاللَّهُ يَشْهَدُ إِنَّهُمْ لَكَاذِبُونَ

**«Көрбөйсүңбү эки жүздүүлөрдү, алар китеп ээлеринен болгон (жөөт) досторуна: «Эгер силер (Мединадан) куулуп чыгарылсаңар, анда биз да силер менен бирге чыгабыз, силер үчүн эч кимге баш ийбейбиз. Эгер силерге каршы согуш болсо, анда биз силерге албетте жардам беребиз» - дешти. Бирок, Алла Таала алардын анык жалганчы экенине күбөгө өтөт!»** *(Хашр сүрөсү, 11-аят).*

Эки жүздүүлөрдүн мындай азгырыгына ишенген жөөттөр кандайдыр бир коопсуздукка ээ болгонсуп, Алла Элчисине каршы баш көтөрүшөт. Ал эми эки жүздүүлөр адаттагысындай эле сөздөрүнө тура алышпайт. Бул жагдай жөнүндө Алла Таала мындай буюрат:

لَئِنْ أُخْرِجُوا لَا يَخْرُجُونَ مَعَهُمْ وَلَئِن قُوتِلُوا لَا يَنصُرُونَهُمْ وَلَئِن نَّصَرُوهُمْ لَيُوَلُّنَّ
الْأَدْبَارَ ثُمَّ لَا يُنصَرُونَ

**«Эгер алар куулуп чыгарылса, анда тигилер алар менен бирге чыгышпайт. Эгер аларга согуш ачылса, тигилер аларга жардам беришпейт. А эгер жардам беришсе да, (баары бир) артын көздөй качып жөнөшөт. Ошентип аларга эч жардам берилбейт»** *(Хашр сүрөсү, 12-аят)*

Анткени эки жүздүүлөр канчалык чагымчылык кылып, мусулмандарга канчалык залакасын тийгизгени менен мусулмандардан коркуп турушар эле. Куранда:

لَأَنتُمْ أَشَدُّ رَهْبَةً فِي صُدُورِهِم مِّنَ اللَّهِ ذَلِكَ بِأَنَّهُمْ قَوْمٌ لَّا يَفْقَهُونَ

**«Алардын жүрөктөрү Аллага караганда силерден көбүрөөк коркот. Анткени алар (Алланын кудуретин) түшүнбөй турган коом»** *(Хашр сүрөсү, 13-аят)* - деп буюрулат.

Жөөт Надир уруусунун чектен чыкканын көргөн Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* эми аргасыздан алар турган жерди курчоого алат. Жөөт Курайза уруусу да мусулмандар менен болгон келишимди бузуп, Надир уруусуна арка-жөлөк болот.[179]

Жөөттөр мусулмандар менен үйлөрүнүн үстүнө чыгып согушуп кирет. Бул согушта жөөттөр женилип, үйүлөрүнө жашынып коргонушат. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сахабаларын жөөттөрдүн үйлөрүн бир бирден жыгып, курмазарларынын бир бөлүгүн кыйып, өрттөөгө буюрат. Жөөттөр:

-Эй, Мухаммад! Сен бузукулукка тыюу салып, мындай кадамга баргандарды айыптап жектээр элең. Эми бу бактарды

179. Бухарий, Магази, 14

кыйып, өрттөп жатканынды кандай түшүнсө болот?! - деп чыгышат. Жөөттөрдүн бу сөздөрү айрым мусулмандарды да ойго салат. Алла Таала бул учурда:

مَا قَطَعْتُم مِّن لِّينَةٍ أَوْ تَرَكْتُمُوهَا قَائِمَةً عَلَى أُصُولِهَا فَبِإِذْنِ اللهِ وَلِيُخْزِيَ الْفَاسِقِينَ

**«(Эй, мусулмандар) силер курма дарагын кескениңер да, аны өз калыбында калтырганыңар да Алланын уруксаты менен болду жана бул иш – бузукуларды шерменде кылуу үчүн эле»** *(Хашр сүрөсү, 5-аят)* - деп, мусулмандарды күмөндөн алыс кылат.[180] Ошентип жөөттөрдүн айла-амалдарын алдын алуу керектигин да билдирет.

Болжол менен жыйырма күндөн кийин Надир уруусу бир жагынан Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мыкты согуш ыкмасын көрүп, экинчи жагынан эки жүздүү достору тарабынан чыдамсыздык менен күткөн жардам келбеген соң баш ийип өздөрү колго түшүп беришет. Алланын Элчиси Надир уруусун Мединадан сүргүнгө айдайт. Ал эми Курайза уруусун болсо, жаңы келишимге келгендиги үчүн аларга эч кандай жаза колдонбойт. Ошентип аларга дагы бир жолу жакшылык кылат.[181]

Надир уруусу Мединадан чыкканга чейин жыгылбай калган үйлөрүн мусулмандарга таштабоо үчүн өз колдору менен талкалап, бир бөлүгү Хайбарга, бир бөлүгү Дамаскка көчүп кетишет.[182]

Бу жүрүштө Алла Таала мусулмандарга болгон жардамын төмөнкү аяты аркылуу билдирет:

180. Бухарий, Тафсир, 59/2; Ибн Хишам, III, 192

181. Бухарий, Магази, 14; Муслим, Жихад, 62

182. Ибн Хишам, III, 191-194; Вакиди, I, 363-380

هُوَ الَّذِي أَخْرَجَ الَّذِينَ كَفَرُوا مِنْ أَهْلِ الْكِتَابِ مِن دِيَارِهِمْ لِأَوَّلِ الْحَشْرِ مَا
ظَنَنتُمْ أَن يَخْرُجُوا وَظَنُّوا أَنَّهُم مَّانِعَتُهُمْ حُصُونُهُم مِّنَ اللهِ فَأَتَاهُمُ اللهُ مِنْ حَيْثُ
لَمْ يَحْتَسِبُوا وَقَذَفَ فِي قُلُوبِهِمُ الرُّعْبَ يُخْرِبُونَ بُيُوتَهُم بِأَيْدِيهِمْ وَأَيْدِي الْمُؤْمِنِينَ
فَاعْتَبِرُوا يَا أُولِي الْأَبْصَارِ

**«Ал (Алла Таала) китеп ээлери болгон каапырларды биринчи топтогондо эле турак жайларынан айдап чыккан. (Эй, момундар!) Аларды чыгып кетет - деп ойлогон да эмес элеңер. А алар болсо өздөрү Алладан коргонубуз сактайт - деп ойлошту. Ошентип, Алланын (азабы) аларга күтпөгөн тараптан келди жана жүрөктөрүнө коркунуч салды. Алар үйлөрүн өз колдору жана момундардын колдору менен бузушат. Эй, акыл-эстүү адамдар! Мындан сабак алгыла!»** *(Хашр сүрөсү, 2-аят)*

Надир уруусунан калган мал-мүлктөр курал колдонулбастан алынгандыгы үчүн «фай» - деп аталып, бул тууралуу курал колдонуп алынган олжолор тууралуу башка өкүм чыгарылат:

مَّا أَفَاءَ اللهُ عَلَى رَسُولِهِ مِنْ أَهْلِ الْقُرَى فَلِلَّهِ وَلِلرَّسُولِ وَلِذِي الْقُرْبَى وَالْيَتَامَى
وَالْمَسَاكِينِ وَابْنِ السَّبِيلِ كَيْ لَا يَكُونَ دُولَةً بَيْنَ الْأَغْنِيَاءِ مِنكُمْ وَمَا آتَاكُمُ
الرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَاكُمْ عَنْهُ فَانتَهُوا وَاتَّقُوا اللهَ إِنَّ اللهَ شَدِيدُ الْعِقَابِ
لِلْفُقَرَاءِ الْمُهَاجِرِينَ الَّذِينَ أُخْرِجُوا مِن دِيارِهِمْ وَأَمْوَالِهِمْ يَبْتَغُونَ فَضْلاً مِّنَ اللهِ
وَرِضْوَاناً وَيَنصُرُونَ اللهَ وَرَسُولَهُ أُوْلَئِكَ هُمُ الصَّادِقُونَ

**«Алла Таала өз элчисине айланадагы шаарлардан берген нерселер (фай): ал – Аллага, Анын элчисине, пайгамбардын жакын туугандарына, жетимдерге, бей-**

**бечараларга жана жолоочуларга таандык. Мунун себеби, силердин араңардагы байлардын гана колунда болуп калбашы үчүн. Пайгамбар силерге эмне алып келген болсо, аны алгыла; ал эмнеден тыйган болсо, андан алыс болгула! Алладан корккула! Албетте, Алланын жазасы катуу! Жана да хижрат кылган кедейлерге (мухажирлерге таандык). Алар Алланын ырайымын жана ыраазылыгын издешет. Алар өз мекендеринен, мал-мүлкүнөн ажыраган эле. Ошондой эле Аллага жана Анын пайгамбарына жардам беришет. Мына ошолор чынчыл адамдар!»** *(Хашр сүрөсү, 7-8-аяттар)*

Алланын акысы болгон «фай» Кааба жана башка мечиттерди ондоо иштерине жумшоо үчүн бөлүнгөн. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* болсо, өзүнө бөлүнгөн файды кембагал сахабаларга таратып жиберген. Файдын мындай бөлүштүрүлүшүнүн себеби жогорудагы аятта да айтылгандай, мүлк белгилүү гана катмардагы адамдарга берилип, ошолордун гана кызыкчылыгы үчүн жумшалуусуна бөгөт болуу эле.  Анткени Исламдын мындай каржылык (финансылык) иштериндеги максаты элдин бири-бирине жардам берүүсү, колундагыдан кедей-кембагалдарга  да бөлүп берүү эле. Ошентип, бай менен кедейдин ортосунда ымала, жакындык, жылуулук, сый-урмат пайда болуп, коомдо адилеттүүлүк өкүм сүрмөк. Бул мыйзамдар жүзөгө ашса, коомдогу кысымчыл, адилетсиз иштерге жол берилбес эле.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Надир уруусунан алынган олжолорду мухажирлерге жана ансарлардан абалы начар,  муктаж адамдарга бөлүштүрүп берет. Олжону таратпастан оболу ансарларга кайрылып:

*-Эгер мурун мухажирлерге берген нерсенерди аларга калтырсаңар, силер дагы бу олжодон үлүшүңөрдү аласыңар. Эгер берген нерсенерди кайра талап кылып алсаңар, бу олжонун*

*баарысын аларга таштайсыңар* - дейт.

Анда ансарлар бир ооздон *(Алла Таала алардан ыраазы болсун!)*:

-Мал-мүлктөрүбүздү, берген үйлөрүбүздү да кайтарып албайбыз, бу олжонун бардыгын аларга таштайбыз, талашпайбыз - дешет.

Ансарлардын мындай баа жеткис боордоштук мамилеси төмөнкү аяттын түшүшүнө себеп болгон эле:

وَالَّذِينَ تَبَوَّؤُوا الدَّارَ وَالْإِيمَانَ مِن قَبْلِهِمْ يُحِبُّونَ مَنْ هَاجَرَ إِلَيْهِمْ وَلَا يَجِدُونَ فِي صُدُورِهِمْ حَاجَةً مِّمَّا أُوتُوا وَيُؤْثِرُونَ عَلَى أَنفُسِهِمْ وَلَوْ كَانَ بِهِمْ خَصَاصَةٌ

**«Алар (ансарлар) мухажирлер келгенге чейин орун даярдашып, ыйманын бекем кармап, көчүп келгендерди жакшы көрүшөт. Аларга берилген нерселер үчүн жүрөктөрүндө кыпындай да кызганыч болбойт. Өздөрү муктаж болуп турса да, өздөрүнө караганда өзгөлөрдү жогору коюшат....»** *(Хашр сүрөсү, 9-аят) (Рази, XXIX, 250; Куртуби, XVIII, 25)*

## Ичкиликке жана кумар оюнга бөгөт коюлду

Жалпыга маалым болгондой, ичкилик менен кумар жаатындагы өкүмдөр Исламдын алгачкы жылдары белгиленбей, өзгөчө себептер менен белгилүү убакытка создуктурулган. Арак «арам» катары жар салынганга чейин төмөнкү этаптардан өткөн:

1. Меккеде ичимдик жаатында алгач:

وَمِن ثَمَرَاتِ النَّخِيلِ وَالأَعْنَابِ تَتَّخِذُونَ مِنْهُ سَكَراً وَرِزْقاً حَسَناً
إِنَّ فِي ذَلِكَ لآيَةً لِّقَوْمٍ يَعْقِلُونَ

**«Силер мас кылуучу (шарапты) да, адал ырыскыны да курма менен жүзүм мөмөлөрүнөн аласыңар. Албетте, мында акыл-эстүү эл үчүн сабактар бар»** *(Нахл сүрөсү, 67-аят)* – деген аят түшүрүлгөн. Бу аятта курма менен жүзүмдөн, адал азыктан башка дагы адамды мас кылуучу суусундук алына тургандыгы маалымдалган эле. Ошентип мас кылуучу нерселер адал азыкка жатпай тургандыгы каймана мааниде айтылып, келечекте ал нерсеге ачык-айкын түрдө тыюу салынаарына белги берилген эле. Мекке доорунда арак-шарапка байланышкан мындан башка аят түшүрүлгөн эмес.

2. Азирети Пайгамбарыбыз Мединага көчүп келгенден кийин элдин суроосуна ылайык Алла Таала төмөнкүчө буюрат:

يَسْأَلُونَكَ عَنِ الْخَمْرِ وَالْمَيْسِرِ قُلْ فِيهِمَا إِثْمٌ كَبِيرٌ وَمَنَافِعُ لِلنَّاسِ وَإِثْمُهُمَا أَكْبَرُ
مِن نَّفْعِهِمَا

**«(Эй, Мухаммад!) Сенден хамр (адамды мас кылуучу арак) жана кумар жөнүндө сурашат. Айткын: «Буларда чоң күнөө жана адамдар үчүн пайдалар бар. Бирок булардын күнөөсү пайдасынан чоңураак....»** *(Бакара сүрөсү, 219-аят).*

Бу аят түшүрүлгөн соң мусулмандардын көпчүлүгү ичкиликке барбай калат.

3. Күндөрдүн биринде сахабалардан бири элге имамдыкка чыгып шам намазын окуп жатканда бир аятты туура эмес окуп алат. Ошондуктан:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُواْ لاَ تَقْرَبُواْ الصَّلاَةَ وَأَنتُمْ سُكَارَى حَتَّىَ تَعْلَمُواْ مَا تَقُولُونَ

**«Эй, момундар! Сүйлөп жаткан сөзүңөрдү (өзүңөр окуп жаткан аяттарды) аңдап билүүңөр үчүн, мас абалыңарда намазга жакын жолобогула!...»** *(Ниса сүрөсү, 43-аят)* - деген аят түшүрүлөт.

Бу аят түшкөндөн кийин ичимдик ичкендердин саны дароо төмөн түшөт. Намаз окула турган маалда Алланын Элчиси:

*«Мас абалындагылар намазга жакын келбесин!»*- деп айтаар эле. Мусулмандар бул учурда ичкиликке ачык-айкын түрдө тыюу салынарына көздөрү жетип, буга даяр болуп калышкан эле.

Ошентип мусулмандардан ичкилик ичкендер дээрлик жокко эсе болуп калат.

Ичкиликтен жабыр тарткандар, ошонун айынан бир топ жат көрүнүштөргө туш болгондор бушайман болуп, абдан өкүнүшөт. Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

«Оо, Алла! Ичимдик жөнүндө бизге ачык-айкын өкүмүңдү билдире көр!» - деп дуба кылат. Акырында тойлордун биринде ичимдиктин айынан пикир келишпестик, чыр-чатак чыгып, ичкиликтин зыяны дагы да айкын болот. Ошол учурда Алла Таала-дан буйрук келет. Алла Таала:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُواْ إِنَّمَا الْخَمْرُ وَالْمَيْسِرُ وَالأَنصَابُ وَالأَزْلاَمُ رِجْسٌ مِّنْ عَمَلِ الشَّيْطَانِ فَاجْتَنِبُوهُ لَعَلَّكُمْ تُفْلِحُونَ إِنَّمَا يُرِيدُ الشَّيْطَانُ أَن يُوقِعَ بَيْنَكُمُ الْعَدَاوَةَ وَالْبَغْضَاء فِي الْخَمْرِ وَالْمَيْسِرِ وَيَصُدَّكُمْ عَن ذِكْرِ اللّهِ وَعَنِ الصَّلاَةِ فَهَلْ أَنتُم مُّنتَهُونَ

**«Эй, момундар! Ичкилик ичүү, кумар ойноо, айкелдерге (сыйынуу) жана таякчалар (б.а. таякчалар менен төлгө ачуу) шайтандын амалы - арам иштер. Демек, (тозоктон) кутулуу үчүн алардын ар биринен алыс болгула! Ичкилик, кумар аркылуу шайтан бириңерге бириңерди жек көрсөтүп, душман кылгысы келет. Ал силерди Алла Тааланы эстеп, зикир кылуудан жана намаз окуудан баш тарттыргысы гана келет! Эми токтолорсуңар?!»** *(Маида сүрөсү, 90-91-аяттар)* – деген маанидеги аяттарын түшүрөт.

Азирети Пайгамбарыбыз Умарды *(Алла ага ыраазы болсун!)* чакырып, ага Алла Тааланын жаңы аяттарын окуп берет. «Эми токтолоорсуңар?!» - деген жерге келгенде Азирети Умар:

«Токтолдук! Бүттү! Мындан баш тарттык, оо, Жараткан Алла!» - деп жаткан эле. Бул жерде жалгыз Азирети Умар эмес, мусулмандардын баары:

«Болду, ичимдиктен, кумардан баш тарттык, оо, Жараткан!» - деп жатышкан эле.

Бул аят түшүрүлгөндө Алланын Элчиси мусулмандарга кайрылып:

-Кабарыңар болсун, шарап арам кылынды! – деген эле.

Бу аяттан соң ичимдик ичкен мусулмандар үйдөгү ичимдиктин баарысын жок кылышат. Медина шаарынын көчөлөрүндө ичимдик сел болуп агат. Ошондон кийин ичкиликке барбай калышкан эле. Азирети Пайгамбарыбыз:

*«Шек-күмөнсүз, Алла Таала ичимдикке, аны жасаган адамга, ичимдик чыгарылган жерге, аны ичкен адамга, ичиргенге, алып келген адамга, саткан адамга, сатып алган адамга, андан түшкөн кирешеден пайдаланган адамга наалат айтат!»*-деп буюрат *(Ахмед, I, 53; II, 351; Насаи, Ашриба, 1-2; Хаким, II, 305/3101).*

Азирети Анас *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Абу Талханын үйүндө конок адамдарга ичимдик сунуп иштеп жүргөндө ичимдикке тыюу салынды. Алланын Элчиси көчөлөрдө үн салып Алланын буйругун элге угузду. Үйдө отурганбыз. Бир кезде бир башкача үн келди. Абу Талха:

-Чыгып карап келчи, бу эмненин үнү экен? - деди. Мен көчөгө чыгып келип:

-Иши кылып: «Абайлагыла, абайлагыла, ичимдик арам кылынды!» - деп бирөө кыйкырып жатат -дедим. Мага:

-Андай болсо барып, ичимдикти төгүп ташта! - деп буюрду. Ошондо Медина көчөлөрүнөн ичимдик суудай аккан эле *(Бухарий, Тафсир, 5/11).*

Бу окуя сахабалардын Алла Тааланын буйругуна толук баш ийгендигин даана көрсөтүп турат. Алар ар кайсы шылтоо айтпай туруп, дароо үйлөрүндө болгон ичимдиктин баарысын төгүшкөн эле. Себеби алар Алланын буйругуна толук моюн сунуп, Алланын ыраазылыгына жетүү үчүн бүт күчү менен аракет кылышкан.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* куттуу хадистеринде мындай деген:

*«Адамды мас кыла турган нерсенин бардыгы арам. Мас кыла турган нерсенин көбү кандай арам болсо, азы да дал ошондой арам!» (Ибн Маажа, Ашриба, 10; Насаи, Ашриба, 24, 48)*

*«Ичимдик - бүт жамандыктын башаты» (Ахмед, V, 238).*

*«Аллага жана акырет күнүнө ыйман келтирген адам ичимдик бар дасторконго отурбасын!» (Тирмизи, Адаб, 43/2801)*

*«Үммөтүмдөн кээ бир адамдар ичкиликке башка аттарды коюп алып иче беришет» (Ахмед, IV, 237).*

Ичимдикке жана кумарга ачык-айкын түрдө тыюу салынганга чейин этаптык (акырындык) усулдун колдонулушу Исламды жайылтуу, туура багытка жылоолоо, жат көрүнүштөр менен күрөшүү методунун аныкталышында өтө чоң роль ойнойт. Алла Таала Исламдын өкүмдөрүн коюуда адамдардын ал-абалын эске алган. Буга алгач акыйда (ишеним) маселелерине тиешелүү аяттардын Мекке доорунда түшүрүлүшүн мисал катары берсек болот.

Бул ыкма адамдын Куранга баш ийүү жаатындагы шык-жөндөмүн, ал-абалын жана күч-кубатын эске алуудан турат. Кудум кичине балага чоңойгон сайын жоопкерчиликтердин жүктөлүшү сыяктуу....

Пайгамбарыбыздын учурунда жүзөгө ашырылган акырындык принциби, Алланын ырайымы катары Жараткан тарабынан коюлган мыйзам. Бу мыйзам адамдын табиятына да эң ылайыктуу келет. Анткени адам Исламга алгач ишеним менен кирет. Ишенимден кийин иш-амалга өтөт. Амалды жүзөгө ашырууда адам күчүнө жараша акырындык усулу эске алынат. Бул принцип - Исламды жайылтуу үчүн гана эмес, дегеле адам баласын кандайдыр бир багытка салуу үчүн да эң сонун жол. Ошондуктан Алла Таала Адам атадан баштап туура динди жайылтууда коомдук эрежелер менен адам баласы баралына келген. Бул жагдай адамдын табиятын, ал-абалын эске алуунун канчалык мааниге ээ экенин ачык-айкын көрсөтүп турат.

## **Затур-Рика**[183] (Мухаррам, 5-жыл/Июнь, 626-жыл)

Гатафан урууларынан Мухариб уулдары жана Салаба уулдары биргелешип, мусулмандарга каршы согуш жарыялоо үчүн камылгасын көрүп жатканын билген Алланын Элчиси төрт жүз кишилик колу менен жүрүш жасайт.

Мусулмандарды мандайында көргөн бутпарастар коркуп артка чегинишет. Белгилүү убакыттан кийин мусулмандар бешим намазын окушат. Душмандар мүмкүнчүлүктү пайдаланып намаз учурунда кол сала албай калгандыктарына бушайман болушат. Араланынан бирөө:

-Кайгырбагыла! Алардын дагы бир намазы бар, ал намаз алар үчүн аталарынан да, балдарынан да жогору турат. Бу намаз - асыр намазы! -дейт. Күтө башташат.

Алла Таала бу учурда Жабраил периштени жөнөтөт. Душмандардын кытмыр ойлорун текке кетирип, Алла Тааланын төмөнкү буйругу келет:

وَإِذَا كُنتَ فِيهِمْ فَأَقَمْتَ لَهُمُ الصَّلاَةَ فَلْتَقُمْ طَآئِفَةٌ مِّنْهُم مَّعَكَ وَلْيَأْخُذُواْ أَسْلِحَتَهُمْ فَإِذَا سَجَدُواْ فَلْيَكُونُواْ مِن وَرَآئِكُمْ وَلْتَأْتِ طَآئِفَةٌ أُخْرَى لَمْ يُصَلُّواْ فَلْيُصَلُّواْ مَعَكَ وَلْيَأْخُذُواْ حِذْرَهُمْ وَأَسْلِحَتَهُمْ وَدَّ الَّذِينَ كَفَرُواْ لَوْ تَغْفُلُونَ عَنْ أَسْلِحَتِكُمْ وَأَمْتِعَتِكُمْ فَيَمِيلُونَ عَلَيْكُم مَّيْلَةً وَاحِدَةً

**«(Эй, Мухаммад) сен (согуш майданында) момундар-**

183. Жазма булактарда Затур-Рика казаты Хандак же Хайбар казаттарынан кийин болгондугу да айтылып калган. Бирок биз Затур-Рика казатын аалымдардын көпчүлүгүнүн пикирине кошулуп, ушул жылы болгондугун кабыл алып, бул казат жөнүндө ушул жерде маалымат берүүнү эп көрдүк.

**га имам болуп намаз окумакчы болсоң, алардын бир тайпасы куралчан сени менен намазга турушсун! Анан алар сажда кылышкан соң (намаздын бир ирекетин окуп болушкан соң) аркаңарга барып, (силерди коргоп) турушсун! Андан кийин намаз окуй элек экинчи тайпа келип сени менен бирге намаз окушсун! Алар да сак болушуп, курал-жарактары жанында болсун! Каапырлар силер курал-жарактан жана буюмуңардан бейкапар болгон убагыңарда күтүүсүздөн чабуул коюуну каалашат....»** *(Ниса сүрөсү, 102-аят), (Тирмизи, Тафсир, 4/3035).*

Бул «солатул-хавф», тагыраак айтканда коркуу намазы деп айтылат.[184] Коркуу намазынын окулушун Жабраил periште өзү келип үйрөтүп кетет. Аят түшүрүлгөн күнү асыр намазы Алланын буйругуна ылайык окулат. Душмандардын чыдамсыздык менен күтүп турган максаттары, арам ойлору ишке ашпай калат. Бу жүрүш болжол менен он беш күнгө созулуп, акырында душмандардын үрөйү учуп, артка чегинишет.[185]

Азирети Абу Муса аль-Ашари *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси менен бирге биз да бул сапарга чыктык. Алты киши бир төөгө кезектешип минип бараттык. Жөө баскандыктан таманыбыз жарылып, оюлуп кеткен эле. Менин да буттарым жарылып, тырмактарым түшүп калган эле. Буттары-

184. Коркуу намазы - Душман тараптан коркунуч боло турган кездерде коркунучтун алдын алуу максатында жамаат экиге бөлүнүп, имамдын аркасында парз намаздарын кезеккезеги менен окуусу. Маселен, эки ирекет намазда алгачкы ирекетти, ал эми төрт ирекет намазда алгачкы эки ирекетти имам менен бирге окуган биринчи жамаат, экинчи саждадан соң же экинчи отурумдан кийин жамааттан чыгып, күзөткө өтөт. Андан соң экинчи жамаат келип имам менен калган ирекеттерди окуп болгон соң кайра күзөттө турушат. Имам өзү жалгыз салам берет. Андан кийин биринчи жамаат (лахик) өкүмүндө болгондугу үчүн, кыраат кылбай (куран аяттарын үндү чыгарбай окуп), экинчи жамаат болсо «масбук» абалында болгондугу үчүн кыраат менен кезектешип намаздарын толукташат. Ошентип намаз жамаат менен окулган да, парз аткарылган да болот. (Komisyon, Diyanet İlmihali, I, 334; Hamdi Dönd ren, Delilleriyle İslam İlmihali, 377-378)

185. Ибн Хишам, III, 214-221; Ибн Саад, II, 61

бызга чүпүрөк ороп алганбыз. Мына ушул чүпүрөктөн улам бу жүрүш «Затур-Рика»- деп айтылып калган»

Бу хадисти айтып калтырган Абу Бурда:

«Абу Муса аль-Ашари ушуларды айтты. Бирок кийин кылган ишине өзү ыраазы болбоду. Ал: «буларды айтуу менен мен жакшы иш кылган жокмун»-деп, бушайман болгонун айтты. Менин оюмча ал Алла Таала үчүн көрсөткөн эрдигин ачыкка чыгаргандыгынан улам кайгырды көрүнөт» - дейт *(Бухарий, Магази, 31).*

Жокчулук сахабаларга өз милдеттерин аткарууларына, Алланын жолунда жихад кылууларына эч кандай тоскоол боло алган эмес. Ошону менен катар жасаган жакшы иштерин жашыруун сыр сактоо, Аллага моюн сунуу максатында чеккен азаптарын ачыкка чыгарбоого да өтө этият мамиле жасашкан. Алар мындай нерселерди зарылчылык учурда гана, максаттын жүзөгө ашышы үчүн, үлгү алынсын, амал кылынсын же карыптарга жубатуу болсун үчүн түшүндүрүшөөр эле.

Казат учурунда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* даарат үчүн суу талап кылган эле. Бирок эч кимден суу чыкпайт. Азирети Пайгамбарыбыз куттуу колдорун, түбүндө аз гана суусу бар бир идишке салат. Манжаларынын арасынан суу ага баштайт. Бу суу менен кошуундагы жоокерлердин бардыгы суусунункандырат.[186]

Затур-Рика казатынан кайтып келе жатканда Алланын Элчиси да, мусулман жоокерлер да көлөкөлөө үчүн бир жерге тыным жасап отурушкан эле. Азирети Пайгамбарыбыз «Самура» - деген жыш жалбырактуу бир дарактын алдында эс алып, кылычын даракка асып койгон эле. Сахабалар да куш уйкуга киришет. Алланын Элчиси сахабаларын чакырат. Сахабалар уктап жаткан жеринен дароо Пайгамбарыбыздын жанына жетип

186. Бухарий, Вуду, 32; Манакиб, 25; Муслим, Фадаил, 5.

келишет. Пайгамбарыбыздын жанында бир бедуин адам турган болот. Алланын Элчиси мындай дейт:

*-Мен уктап жатканда бу адам менин кылычымды алып, колуна кармап туруптур. Мага:*

*-Сени менин колумдан азыр ким куткарат? - деди. Мен үч ирет:*

*-Алла Таала! -деп жооп бердим» (Бухарий, Жихад, 84, 87; Муслим, Фадаил, 13).*

Пайгамбарыбыз өмүрүнө кол салууну көздөгөн бу бедуинге да жаза колдонбойт. Аны Исламга чакырат. Пайгамбарыбыздын мандайында арбалып калган бедуин эл-журтуна барып:

«Мен адамзатынын арасынан эң ардактуу адамдын алдынан келе жатам» - деген эле *(Хаким, III, 31/4322).*

Ошентип, мусулмандар жолго түшүп дагы бир жерде эс алышат. Пайгамбарыбыз:

-Бүгүн түнү бизди ким кайтарат? - дейт. Мухажирлерден азирети Аммар бин Ясир жана ансарлардан азирети Аббад бин Бишр дароо:

-Биз кайтарабыз, о, Алланын Элчиси -дешет.

Азирети Аббад *(Алла ага ыраазы болсун!)* азирети Аммардан:

-Сен түндүн кайсы бөлүгүндө турасың, башындабы же түндүн экинчи жарымындабы? - деп сурайт. Азирети Аммар *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-Түндүн экинчи жарымында күзөткө турайын! -деп, уйкуга кирет. Азирети Аббад намаз окуй баштайт. Бул учурда Ислам кошууну турган жерге бир бутпарас келет. Азирети Аббаддын караанын көрүп, күзөттө турганын түшүнөт. Бутпарас караанды

көздөй жаа тартат. Азирети Аббад жарат алат. Бутпарас экинчи, үчүнчү жебесин тартат. Ошентсе да азирети Аббад өйдө турган калыбында кадалган жебелерди чыгарып, намазын окуй берет. Ошентип рукуга жана саждага барат. Эки тарапка салам берген соң досу азирети Аммарды ойготуп:

-Тур! Мен жарат алдым! -дейт. Азирети Аммар ордунан атып турат. Бутпарас аларды көрөрү менен өзүн шекшип калганын байкап, качып жөнөйт. Азирети Аммар Аббаддын денесиндеги канды көрүп:

-Субхааналлах! Мени биринчи ок тийгенде эле ойготпойт белең! - дейт. Анда азирети Аббад:

-Намаз окуп жаткам, намазды бүтүрбөй туруп, намазды бузгум келбеди. Бирок жебелер удаама-удаа келгенде Куран окууну токтотуп рукуга бардым. Аллага касам ичем! Алла Элчисин коргой албай калуу коркунучу болбогондо, намазды кыскарткандан көрө өлүүнү артык көрөр элем - деп намазга болгон сүйүүсүн көрсөткөн эле» *(Абу Давуд, Тахарат, 78/ 198; Ахмед, III, 344; Ибн Хишам, III, 219; Вакиди, I, 397)*.

Сапар учурунда азирети Жабир *(Алла ага ыраазы болсун!)* төөсү арык болгону үчүн жолдошторунан артта калат. Алланын Элчиси азирети Жабирдин жанына барып:

-*Эй, Жабир! Эмне болду?* -деп сурайт. Азирети Жабир абалын түшүндүргөн соң Пайгамбарыбыз бир таяк алып, төөнү бир канча ирет акырын чаап коет. Ошентип баягы төө Алла Элчисинин төөсү менен жарыша тургандай абалга келет.

Алланын Элчиси жолдо азирети Жабир менен сүйлөшүп бараткан эле. Жабирдин жаңы үйлөнгөнүн, ошондуктан көп карызы бар болгонун билген Алланын Элчиси Жабирден колунда эмне мал-дүйнөсү болгондугун сурайт. Азирети Жабир болгону бир төөсү гана болгонун айтат. Анда Алланын Элчиси

аны карыздарынан куткаруу үчүн төөсүн өзүнө сатышын сурайт. Азирети Жабир Мединага барган соң төөсүн Пайгамбарыбызга сатат. Мединага барганда төөнү Алланын Элчисине тапшыруу үчүн келет. Алла Элчиси төөнүн акчасын берип, төөсүн кайра өзүнө белек кылып кайтарып берет *(Бухарий, Жихад, 49; Муслим, Мусакат, 109).*

Азирети Жабир *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси төөмдүн акчасын берип, төөнү кайра мага белек катары тартуулаган кезде, тааныш бир жөөткө жолугуп калдым. Муну ага айтып бердим. Тиги жөөт абдан таң калып: -Демек, төөнүн акчасын да берип, анан кайра төөнү сага кайтарып белек кылып тартууладыбы?! -деп кайталап турду. Мен да: -Ооба! - деп жооп бердим» *(Ахмед, III, 303)*

Алла Элчисинин мындай тендешсиз адамдык бийик касиети, берешендиги, марттыгы мусулмандарга эң сонун үлгү болгон. Ошондон улам окуя болгон түн «Лайлатуль-баир» (Төө түнү) - деп аталып калган.

## **Бадр-и Сугра** (Зилкаада, 4-жыл/Апрель, 626-жыл)

Ухуд күнү берилген убаданын негизинде Меккелик бутпарастар менен мусулмандар бир жылдан соң кайра согушмак болушкан эле. Бу убада үчүн Абу Суфян кошуунун баштап Марруз-Захранга чейин келет. Бирок Абу Суфянды жүрөгүн кандайдыр бир коркуу сезими чырмап, кайра артка кайтат. Ошентсе да, Абу Суфян намыска келип, кадыр-баркын сактап калуу үчүн Мединага бир адамын жөнөтөт. Анын максаты ага бутпарастардын өтө чоң кошуун менен жолго чыккандыктарын айттырып, мусулмандарды коркутуп согуштан баш тарттырыш эле.

Кабар Мединага жеткен кезде Алланын Элчиси мусулмандардын кошуунун эбак даярдап койгон эле. А түгүл жолго аттанууга да буйрук берген эле. Кабарды алып келген элчи Абу Суфяндын коркуп артка кайтканын билгендиктен мусулмандарды опузага салып, эптеп согуштан баш тарттырыш үчүн бүт күчүн жумшап, сөзүн кооздоп айтып кирет. Абу Суфян айткан сөздөргө сөз кошуп, көркөмдөп, эгер мусулмандар Меккеликтер менен согушса, өтө оор абалга дуушар болуп калаарын айтат. Анын сөздөрү кээ бир мусулмандардын үрөйүн учуруп койгон эле. Алар согуштан баш тартууну каалашат. Анда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

«Бүт жанымды чексиз кудуретинде кармап турган Аллага ант берем! Жанымда эч ким жок болсо да, жалгыз өзүм Бадрга барам!» - дейт. Андан соң Алла Таала мусулмандарга жардам берип, жүрөктөрүндөгү коркуу сезиминен арылтат *(Ибн Саад, II, 59; Вакиди, I, 386-387).*

Ошентип Ислам кошууну Бадрга барат. Бирок душмандардан бир да жан көрүнбөйт. Мусулмандар Бадрга барган кезде жарманке болуп жаткан болот. Бул жерде мусулмандарга соода кылуудан башка эч нерсе жок эле. Алланын Элчиси Бадрда сегиз күн Абу Суфянды күтүп, эч кандай жыйынтык чыкпаган соң соода кылып, Мединага кайтышат.[187]

Бул окуя жөнүндө Куран аяттарында төмөнкүчө маалымдалат:

الَّذِينَ قَالَ لَهُمُ النَّاسُ إِنَّ النَّاسَ قَدْ جَمَعُواْ لَكُمْ فَاخْشَوْهُمْ فَزَادَهُمْ إِيمَاناً وَقَالُواْ
حَسْبُنَا اللّهُ وَنِعْمَ الْوَكِيلُ فَانقَلَبُواْ بِنِعْمَةٍ مِّنَ اللّهِ وَفَضْلٍ لَّمْ يَمْسَسْهُمْ سُوءٌ
وَاتَّبَعُواْ رِضْوَانَ اللّهِ وَاللّهُ ذُو فَضْلٍ عَظِيمٍ

**«Аларга айрым адамдар: «(Курайштын) адамдары**

187. Ибн Хишам, III, 221; Ибн Саад, II, 59; Вакиди, I, 384-389

**силерге каршы (сан жеткис кол) топтоп коюшту, алардан корккула!» - деген кезде, бу сөз алардын ыймандарын дагы күчөтүп жиберди жана: «Бизге Жалгыз Алланын Өзү жетиштүү. Ал – эң жакшы ишеничтүү өкүл!» - дешти. Анан ал жүрүштөн эч кандай зыянга (кыргынга) учурабай Алланын мээрими жана берешендиги менен аман-эсен кайтышты. Алар Алланын ыраазылыгын эңсешти. Алла Таала – Берешен Зат»** *(Аали Имран сүрөсү, 173-174-аяттар).*

Азирети Абдуллах бин Аббас *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алла бизге жетиштүү, Ал кандай гана ишеничтүү өкүл!»- деген сөздү Ибрахим пайгамбар отко ыргытылып жатканда айткан. Пайгамбарыбыз болсо, бутпарас элчи: «Бутпарастар силерге каршы топтолушту. Бөөдө башынарга балээни үйүп албагыла!»- деп коркутканда айткан. Ошондо мусулмандардын ыймандары бекемделип, бир ооздон; «Алла Бизге жетиштүү, Ал кандай гана ишеничтүү өкүл!»- деп Аллага болгон моюн сунуучулугун көрсөтүшкөн».[188]

188. Бухарий, Тафсир, 3/ 13

# ХИЖРАТТЫН БЕШИНЧИ ЖЫЛЫ

## Салман Фарисинин мусулман болушу жана эркиндикке чыгышы

Мединалык жөөттөрдүн бирине кул болуп сатылган Салман Фариси өзүнүн Исламга кантип киргендиги жөнүндө азирети Ибн Аббаска төмөндөгү окуясын айтып берген эле:

«Мен Ысбахандын «Жей» кыштагынан болом. Атам кыштактын аттуу-баштууларынын бири эле. Атамдын дүйнөдө эң жакшы көргөн адамы мен элем. Ал мына ушундай мага болгон катуу сүйүүсүнөн улам мени жанынан карыш кое бербей, кыз баласынан бетер үйдөн сыртка чыгарбас эле. Атам зараостризм динин тутунган (б.а., отко сыйынган). Ошондуктан мен да бул динге катуу берилип кеткем. Ал тургай мен от жагуу ишин өз мойнума алган элем. Отту бир мүнөт дагы өчүрбөй жагып турчумун. Атамдын чоң айдоо жери боло турган. Күндөрдүн биринде атам бир нерсе жасап жатып мага:

-Уулум! Бүгүн мен кечке чейин мына бул иш менен алек болом, айдоого бара албайм. Айдоого сен барып кел!- деп, кыла турган ишимди айтып:

-Абайлагын, уулум! Айдоодо көпкө жүрүп, мени сарсанаа кылба! Эгер кечигип калсаң (артыңдан издеп барсам), ишим толук бүтпөй калат»

Ошентип, айдоого баруу үчүн жолго чыктым. Жолдон христиан чиркөөсүн көрүп калдым. Үндөрүн уктум, ичкериде ибадат кылып жатышкан эле. Атам мени үйдөн эч чыгарбагандыктан сырттагы элдин ал-абалын жакшы деле түшүнө берчү эмесмин. Ошондуктан эмне кылып жатышат болду экен - деп кызыгып чиркөөгө кирип, чиркөөдөгү адамдардын жанына басып бардым. Карап турдум. Анан өзүмө-өзүм: «Ооба, бу биздин динибизден да жакшы экен» - дедим. Күн киргенге чейин ал жерден чыккан жокмун. Айдоого барбай калдым. Чиркөөдөгү адамдарга:

-Бул диндин түбү каякка барып такалат? - деп сурадым. Алар:

-Дамаскка! -деп жооп беришти. Кечинде үйгө келдим. Барсам атам ишин таштап, кечке чейин мени издептир. Атам:

-Уулум! Кайда жүрдүң! Мен сага эмне кылаарыңды айткан жок белем? -деди. Мен:

-Атаке! Жолдон чиркөөдө ибадат кылган адамдарды көрдүм. Алардын ибадаттары мага абдан жакты. Күн батканча алардын жанынан кете албай арбалып тура бердим - дедим. Атам:

-Уулум, ал динде эч кандай жакшылык жок! Сенин, аталарыңдын дини андан алда канча жогору турат! - деди.

Атам менин качып кетишимден коркуп бутума кишен салып, үйгө камап койду. Чиркөөдөгү христиандарга:

-Силерге Дамасктан соода кербени келип калса, мага кабарлап койгула! -деп бир адамды жөнөттүм. Ошентип, бир канча убакыттан кийин Дамасктан христиан соодагерлер келгендигин уктум. Бутумдагы кишенди эптеп чыгардым. Үйдөн качып

чыгып, дароо соодагерлер менен Дамаскты көздөй жол тарттым. Дамаскка барганда дин адамдарынан терең илимдүүсүн элден сураштырдым. Алар:

-Чиркөөдөгү эпископ - деп жооп беришти. Эпископко барып:

-Мен бу динди кабыл алып, сенин жанында жүрүп, чиркөөдө кызмат өтөп, Христиан динин сенден үйрөнүп, сени менен бирге ибадат кылайын деп келдим - дедим. Ал:

-Чиркөөгө кир! - деди.

Аны менен бирге ичкери кирдим. Дамасктагы эпископ кызылкулак

алдамчы адам экен. Ал христиандарга садага берүүлөрүн буюруп, топтолгон нерселерди өзүнүн чөнтөгүнө салып, кедей-кембагалдарга эч нерсе берчү эмес экен. Ошентип жүрүп жети кумура толо алтын-күмүш акча топтогон экен. Жасаган иштерин, жүргөн жүрүм-турумун көрүп, ал мага такыр жакпай калды. Күндөрдүн биринде эпископ ажалы келип көз жумду. Христиандар топтолушту. Мен топтолгон элге:

-Бу адам алдамчы адам эле. (Себеби) ал силерге кайыр-садага берүүнөрдү буюруп коюп, садагага келген нерселерди өзү топтоп, кедейлерге эч нерсе берчү эмес! -дедим. Чогулган эл:

-Сен кайдан билесиң? -деп сурашты. Мен эч тартынбай:

-Эгер кааласаңар, мен силерге анын казынасын көрсөтүп берем -дедим.

Эл мен көргөзгөн жерден алтын-күмүш толо акчаларга күбө болушту. Мындай шумдукту көргөн эл:

-Валлахи, биз муну (бу акмакты) көмбөйбүз -деп, сөөктү дарга асып, ташбараңга алышты! Ошентип анын ордуна чиркөөгө башка адамды дайындашты. Беш убак намаз окугандардан тыш-

кары ал сыяктуу дүйнөгө маани бербеген, акыретке ашынган, күнү-түнү ибадат менен алпурушкан адамды көргөн эмесмин. Акырында бу адам да катуу ооруп төшөккө жатып калды. Ага:

-Аба! Мен сенин жанында жүрдүм. Сенден мурун сени жакшы көргөнчөлүк эч кимди жакшы көргөн эмесмин! Өзүң көрүп тургандай, сага Кудайдын буйругу келип калды. Мага эмне кылышымды, кай жакка барышымды сунуштайсыз? - дедим.

-Уулум! Бүгүн (бул жерде) менин жолумда жүргөн эч ким жок. Жакшы адамдар көз жуумп кетишти. Азыркы адамдар болсо, диндин баштан бери жүзөгө ашырылып келе жаткан өкүмдөрүн өзгөртүп, көпчүлүгүн жокко чыгарышты. Бирок Мусулда бир адам бар. Ал мен жүргөн жол менен жүрөт. Сен ошого бар! - деди.

Бул ардактуу адам каза болгондон кийин Мусулдагы досуна бардым. Ал өлгөн соң, анын сунушу боюнча Нусайбиндеги, андан кийин Аммурияедагы (Эскишехирге жакын жер) адамга бардым. Аммурияда анча-мынча кирешелүү болуп кой-эчки, уй сатып алдым. Акырында Аммуриялык тиги адам да өлүм төшөгүнө жатып калганда мага:

-Уулум! Валлахи, бүгүн жер жүзүндө адамдардан (кайсы жерге бараарыңды) сунуштай турган эч ким жок калды көрүнөт! Бирок Акыр Заман Пайгамбарынын келиши жакындап, көлөкөсү үстүбүзгө келип калды! Ал пайгамбар Ибрахимдин *(алейхиссалаам)* дини боюнча жиберилет. Өзү арап жергесинен чыгып, эки кара таштуу жердин ортосундагы курмазарга бай жерге көчүп барат. Ал белекке тартуулан нерселерден жейт, бирок кайыр-садагадан эч нерсе жебейт. Анын эки далысынын ортосунда пайгамбарлык мөөрү бар. Эгер ошол жакка барууга кучүң жетсе бар, азыртан жолго түшкөнүң жакшы болот! -деди.

Ошентип ал да көз жумду. Алланын каалоосу менен бир канча убак Аммурияда жашап турдум. Күндөрдүн биринде Калб

уруусунан келген соодагерлер менен жолугуп калдым. Аларга:

-Мени арап жергесине алып баргыла, мына бул кой-эчкилеримди, уйларымды силерге берем - деп өтүндүм. Алар өтүнүчүмдү дароо кабыл алышты. Малымдын баарысын аларга берип, жолго чыктык. «Вадиль-Кура» - деген өрөөнгө барганда мени көз көрүнөө бир жөөткө сатып жиберишти. Ошентип баягы жөөттүн кулу болуп калдым. Вадиль-Курадагы курмазарларды көргөнүмдө: «Бу жер Аммуриядагы зат айткан Акыр Заман Пайгамбары көчүп келчү жай эмеспи?» - деп үмүттөнсөм да, жүрөгүм буга канааттанбады.

Күндөрдүн биринде кожоюнумдун (Курайза уулдарынан) абасынын баласы келип калды. Ал мени кожоюнумдан сатып алып, Мединага алып барды. Валлахи, Мединаны көрөрүм менен баягы Аммуриядагы адам сүрөттөп берген жер ушул жер экенин дароо туюндум. Ошентип Мединада жашам калдым. Чынында эле Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* пайгамбар болуп жөнөтүлүп, Меккеде жашап жүрүптүр. Бирок мен кулчулук кызматта болгондугум үчүн Ал жөнүндө эч нерсе уккан эмес элем. Пайгамбарыбыздын Кубага келгенинен кабарым жок эле. Күндөрдүн биринде даракка чыгып курма терип жаткам. Кожоюнум дарактын түбүндө олтурган. Ошол учурда абасынын баласы кожоюнума келип:

-Эй, баланча! Кудай Кайла уруусуна (Авс жана Хазраж урууларына) каарын төксүн! Алар Куба кыштагында Меккеден келген бир адамды «пайгамбар» - деп, анын жанынан чыкпай калышты - деди.

Мен анын бу сөзүн угаар замат дене-боюм кадимкидей калтырап, кожоюнумдун үстүнө кулап кете жаздадым. Анан мен:

-Эмне дедиң, Эмне дедиң? - деп курма дарактан тырмалаңдап түштүм.

Кожоюнум мага абдан ачуусу келип, муштап жиберди да:

-Эмне болду сага?! Сенин эмне ишиң бар! Бар, ишинди кыл! - деди. Мен:

-Эч нерсе! Болгону айткан сөзүн түшүнгүм келди - дедим. Курмазардан өзүмө деп бир аз курма топтоп алган элем. Күн кирген соң үйдөн жашыруун чыгып Кубадагы Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бардым. Ага:

-Сени жакшы адам деп уктум. Жанында муктаж, кембагал сахабаларың да бар экен! Кайыр-садагага деп ала келген нерселерим бар эле. Силердин ал-абалыңарды угуп колуман келгенин алып келдим! - деп сундум. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сахабаларына:

-Алгыла, бу силердики! - деди. Бирок өзү жеген жок. Ичимден: «Бул бир!» -дедим. Ошентип кожоюнумдун үйүнө кайттым. Дагы бир нерселерди топтоп койдум. Азирети Пайгамбарыбызга барып:

-Кайыр-садагадан ооз тийбегениңди көрдүм. Ошондуктан бүгүн атайын сага арнап белек алып келдим! - дедим. Алланын Элчиси бу жолкусунда мен алып келген даамдан даам татып, сахабаларына да берди. Ичимден: «Бу эки!» - дедим.

Андан кийин Пайгамбарыбыз Бакиул-Гаркад көрүстөнүнө келген кезде жанына бардым. Ал жерге сахабаларынан биринин сөөгүн коюу үчүн келген экен. Сахабалары менен олтурду. Үстүндөгү чепкени ар тарабын жаап турат экен. Ага салам бердим. Андан соң Аммуриядагы адам айткан «Пайгамбарлык мөөрүндү көрсөм болобу» - деп арка тарабына өттүм. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ниетимди түшүнүп, чепкенин ийининен бир аз ылдый түшүрдү. Пайгамбарлык мөөрүн көрөөр замат дароо тааныдым! Үстүнө жыгылып түштүм, өөп алдым, көз жашым чертиле түштү. Алланын Элчиси *(саллаллаху*

*алейхи ва саллам)* мага:

-Бул жакка өт! - деди. Мен маңдайына келип тизе бүгүп олтурдум».

Андан соң азирети Салман *(Алла ага ыраазы болсун!)* Ибн Аббаска *(Алла ага ыраазы болсун!)* кайрылып:

-Эй, Ибн Аббас! Сага башымдан өткөзгөн окуяларымды айтып бергендей Алланын Элчисине да айтып бердим. Алланын Элчиси сахабалардын да мени кызыгуу менен угушуна абдан ыраазы болду. Кул болгонум үчүн Алланын Элчиси менен бирге Бадр жана Ухуд казаттарына катышууга мүмкүнчүлүк болбоду» - дейт *(Ахмед, V, 441-444; Ибн Хишам, I, 233-242; Ибн Саад, IV, 75-80)*

Ошентип, азирети Салман *(Алла ага ыраазы болсун!)* өмүр бою издеп жүргөн акыйкатты таап, Алланын Элчисине жолуккан эле. Эми анын жалгыз гана көксөөсү ар дайым азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жанында жүрүү, Анын буйругу менен өмүр сүрүү эле. Азирети Салмандын *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай көксөөсүн билген Алланын Элчиси күндөрдүн биринде:

*-Эй, Салман! Кулчулуктан кутулуу үчүн кожоюнуң менен сүйлөшсөң болбойбу?* - деп сурайт. Ошентип Азирети Салман кожоюну менен сүйлөшүп үч жүз курма көчөтүн отургузуп, кырк укиййа[189] алтын акча берип азаттыкка чыкмай болот. Пайгамбарыбыз сахабаларга:

-Боордошуңарга жардам бергиле! - деп буюрат. Кээ бири он, кээ бири беш, кээ бири жыйырма көчөт алып келип, бардыгы өз күчүнө жараша жардам берет. Ошентип Салмандын үч жүз курма көчөтү табылат.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* :

189. 1 укиййа 128 грамм салмагындагы акча бирдиги.

*-Эй, Салман! көчөттөрдү отургузуу үчүн жерин казып даярдап кой! Казып болгон соң мага кабар бер, көчөттөрдү өзүм отургузам* -дейт.

Азирети Салман Фариси *(Алла ага ыраазы болсун!)* окуянын калганын өзү төмөнкүчө түшүндүрүп берет:

«Көчөт отургузуу үчүн жерин каза баштадым. Досторум мага жардам беришти. Казып болгон соң Пайгамбарыбызга кабар бердим. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* көчөттөр отургузулчу жерге мени менен келди. Биз көчөттөрдү берип турдук. Ал утуру отургузуп жатты. Аллага ант берем! Алланын Элчиси отургузган көчөттөрдөн бирөө да өспөй куурап калган жок. Ошентип, көчөттөн кутулдум. Көчөттөр биринчи жылы эле мөмөсүн бере баштады.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жүрүштөрдүн биринен тоок жумурткасынчалык көлөмдө алтын акча алып келген эле.

-Салман эмне кылды (карызынан толук кутулдубу)? -деп сурады сахабалардан.

Алла Элчисинин жанына барганымда:

*-Эй, Салман! Муну алгын да карызыңдан кутул!* -деди.

-О, Алланын Элчиси! Менин мойнумдагы карызга бу алтын жетпейт?! -дедим.

Алланын Элчиси алтын акчаны тилине сүрүп:

*-Карма муну! Алла Таала карызыңды ушуну менен бүтүрөт!*-деди.

Пайгамбарбыздын колунан алтын салынган баштыкчаны алып, кожоюнума бардым. Баштыкчадан алтынды алып бердим. Баштыкчаны карасам, акча бардай. Колумду салдым, чын эле бар экен. Дагы бир алтынды алып кожоюнума бердим. Салман-

дын жанын чексиз кудуретинде кармап турган Аллага ант берем! Ошол баштыкчадан кырк укиййа алтынды өз колум менен санап бердим. Андан эгер Ухуд тоосунчалык алсам да түгөнбөс эле. Ал тургай андан да көп чыгар эле!»

Азирети Салман *(саллаллаху алейхи ва саллам)* эркиндикке чыккандан кийин Хандак казатына да катышат. Ал ошол күндөн тарта Ислам жолунда болгон согуштардын баарына катышат. Ал согуштарда да Пайгамбарыбыздын жанынан эч качан чыккан эмесэле.[190]

Салман Фариси *(Алла ага ыраазы болсун!)* жүрүм-туруму менен бүтүндөй мусулмандарга үлгүлүү сахабалардан эле. Ал тургай күндөрдүн биринде ансарлар менен мухажирлер:

-Салман бизден! - деп талашып калышат.

Анда азирети Пайгамбарыбыз:

-*Салман бизден, Ахли-байттан* -деп куттуу сахабасын алкоого алат *(Ибн Хишам, III, 241)*.

Ошентип бул куттуу сахаба да өмүрүн Исламга арнап, Анын мыйзам-эрежеси менен жашап, адамдык асыл касиети менен мыкты үлгүлүү адамдардан болуп калат.

Ислам мамлекетинин аймагы кеңейип, күчүнө кирип, өркөнү өсүп бараткан кез эле. Убагында жөөттүн кулу болуп жүргөн азирети Салман *(Алла ага ыраазы болсун!)* Мадаин аймагына аким (вали) болуп дайындалат. Күндөрдүн биринде Тайм уруусунан бир адам Дамасктан келип калат. Жүгү бар эле. Салман жөнөкөй чапан кийим киер эле. Ошондуктан Дамасктан келген адам азирети Салманды *(Алла ага ыраазы болсун!)* тааныбай (жалданма жумушчу деп ойлоп):

-Кел, көтөр муну! -дейт. Азирети Салман *(Алла ага ыраазы*

190. Ахмед, V, 443-444; Ибн Асир, Усдуль-Гааба, II, 419; Ибн Абдилбер, II, 634-638

*болсун!)* тиги адамдын жүгүн аркасына салып көтөрүп жөнөйт. Эл тиги адамга:

-Сенин жүгүңдү ташып бараткан адам ушул аймактын акими болот! -дешет.

Чоочун адам абдан таң калып:

-Сизди тааныбай калдым, кечирип коюңуз - деп кечирим сурап, аркасындагы жүктү алууга аракет кылат. Анда азирети Салман:

-Эч зыяны жок, жүгүңдү үйүңө алып бармайын түшүрбөйм – деп жооп берип, жүгүн үйүнө чейин алып барып берген эле *(Ибн Саад, IV, 88).*

## Бала багып алуу боюнча Алла Тааланын жаңы буйругу

Алла Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* пайгамбарлык милдет жүктөлгөнгө чейин азирети Хатижа тарабынан Зайд белекке тартууланган эле. Бирок азирети Зайдды эркиндикке чыгарса да, өзү үйүнө баргысы келбегендиктен Алланын Элчиси аны бала кылып багып алган эле.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Зайдды өтө жакшы көргөндүктөн, азаттыкка кое берген күңү Умму Айман менен, кийин эжесинин (атасынын кыз бир тууганы) кызы Зайнаб бинти Жахш менен баш коштурган эле. Бирок азирети Зайнаб бинти Жахш кадыр-барктуу үй-бүлөлөрдөн болгондугу үчүн азирети Зайдка турмушка чыккысы келген эмес эле. Ошентсе да, ал Азирети Пайгамбарыбыздын каалоосу жана:

إِنَّ أَكْرَمَكُمْ عِندَ اللهِ أَتْقَاكُمْ

**«….Албетте, силердин Алла Тааланын алдындагы эң урматтууңар – эң такыбаа болгонуңар эсептелет...»** *(Хужурат сүрөсү, 13-аят)*

وَمَا كَانَ لِمُؤْمِنٍ وَلَا مُؤْمِنَةٍ إِذَا قَضَى اللهُ وَرَسُولُهُ أَمْراً أَن يَكُونَ لَهُمُ الْخِيَرَةُ مِنْ أَمْرِهِمْ وَمَن يَعْصِ اللهَ وَرَسُولَهُ فَقَدْ ضَلَّ ضَلَالاً مُّبِيناً

**«Алла Таала жана Анын пайгамбары кайсыл бир иш тууралуу өкүм чыгарса, момун эркек менен момун аял үчүн тандоонун («муну аткарылыбы, же жокпу» - деп талкуулоонун) кажети жок. Ошондуктан ким Аллага жана Анын элчисине каршы чыкса, анда ал ачык-айкын адашкан болот»** *(Азхаб сүрөсү, 36-аят)* - деген Алла Тааланын аяттары менен ыраазы болгон эле. Бирок азирети Зайнабдын көңүлү Зайдка такыр туура келбей коет. Убакыт өткөн сайын үй-бүлөдө пикир келишпестиктер күч ала берет. Азирети Зайдка да Зайнаб жакпай калат. Азирети Зайд Алланын Элчисине барып ал-абалды түшүндүрөт. Пайгамбарыбыздан:

*-Жубайың жаныңда болсун, Алладан корк!* - деген жоопту алып артка кайтат.

Алланын Элчиси бул учурда түшүрүлө турган вахий менен Зайнаб өзүнө берилерин билсе да, эки жүздүү эл бузарлардын эл арасында: «Мухаммад бакма баласы ажырашкан аял менен баш кошуп алды» - деп сөз чыгарышынан ийменип, вахийди күтөт. Ошондой эле, ал доордогу араптардын салты боюнча, эгер бир адам бала багып алса, эл баланы баккан адамдын аты менен чакырар эле. Атасы ага өз уулундай мамиле жасап, мурасынан энчисин бөлүп бере турган.

Акырында азирети Зайд менен Зайнаб аргасыздан ажырашкан соң Алла Тааладан жаңы вахий келет. Алланын буйругу Пайгамбарды Зайнаб менен үйлөнүшүн буюруп, абалкы доор-

дон калган бала багып алуу салтына тыюу салган эле:

وَإِذْ تَقُولُ لِلَّذِي أَنْعَمَ اللهُ عَلَيْهِ وَأَنْعَمْتَ عَلَيْهِ أَمْسِكْ عَلَيْكَ زَوْجَكَ وَاتَّقِ اللهَ وَتُخْفِي فِي نَفْسِكَ مَا اللهُ مُبْدِيهِ وَتَخْشَى النَّاسَ وَاللهُ أَحَقُّ أَن تَخْشَاهُ فَلَمَّا قَضَى زَيْدٌ مِّنْهَا وَطَراً زَوَّجْنَاكَهَا لِكَيْ لَا يَكُونَ عَلَى الْمُؤْمِنِينَ حَرَجٌ فِي أَزْوَاجِ أَدْعِيَائِهِمْ إِذَا قَضَوْا مِنْهُنَّ وَطَراً وَكَانَ أَمْرُ اللهِ مَفْعُولاً

**«(Эй, Мухаммад!) Ошол учурда Алла Таала жакшылык кылган, сен да жакшылык кылган адамга (Зайдка): - Жубайыңды өз жанында кармагын (талак бербе), Алладан корккун! – деп Алланын ачыкка чыгара турган нерсесинен тартынып, аны ичинде жашыруун сактаган элең. Адамдардан кооптонгон элең. Чындыгында Алладан коркуу керек. Кийин андан Зайддын иши бүткөн (ажырашкан) соң, Биз аны сага никеледик. Ырас, момундарга асыранды балдары менен ажырашкан аялдарга үйлөнүү күнөө болбой тургандыгын көрсөтүү үчүн ушундай кылдык. Алланын буйругу аткарылды»** *(Азхаб сүрөсү, 37-аят)*

Ырас, аятта Алла Таала Пайгамбарыбызга бакма баласы Зайд менен ажырашкан Зайнабка үйлөнүүгө буюруу аркылуу бала асыроого чекит койгон. Анткени шариятта баласынан калган аял менен үйлөнүүгө тыюу салынат.

Алла Тааланын буйругу үчүн Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

менен баш кошкон азирети Зайнаб ар качан:

-Менин никемди Жараткан Алла кыйды!... -деп Алла Таалага шүгүр келтирээр эле *(Тирмизи, Тафсир, 33/3213).*

Бирок бу окуя эки жүздүүлөр үчүн өтө сонун ушакка себеп-

кер болот. Элди бөлүп жарып, бузукулукка көнүп калган караниеттер Пайгамбарыбызды *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

-Уулунан калган аялды өзүнө өткөрүп алды! - деп чыгышат. Мунун жообун да Алла Таала өзү берет:

مَّا كَانَ مُحَمَّدٌ أَبَا أَحَدٍ مِّن رِّجَالِكُمْ وَلَكِن رَّسُولَ اللهِ وَخَاتَمَ النَّبِيِّينَ وَكَانَ اللهُ بِكُلِّ شَيْءٍ عَلِيماً

**«Мухаммад силердин аранардан эч бир эркек адамдын атасы эмес. Ал Алланын Элчиси жана пайгамбарлардын эң акыркысы. Алла Таала бүт нерсени Билүүчү!»** *(Азхаб сүрөсү, 40-аят).*

Бүгүнкү күндө да айрым караниет ориенталисттердин (чыгыш таануучулардын): «Мухаммад Зайнабдын сулуулугуна карап үйлөнгөн» - деген сөздөрү сантырак сөздөр, мунун эч негизи жок. Анткени Зайнаб Пайгамбарыбыздын эжесинин (атасынын карындашы) кызы болгон. Пайгамбарыбыз аны мурунтан эле көрүп жүргөн. Эгерде Пайгамбарыбыздын чындыгында эле ушундай ою бар болсо, анда ал азирети Зайнабды Зайддан мурун өзү никелеп алмак. Буга толук мүмкүнчүлүгү бар эле. Азирети Зайнаб да буга жан дилинен макул болмок.

Үйлөнүүнү болгону көңүл ачуу жагынан гана кароого көнүп калган жеңил ойлуулар Пайгамбарыбыздын көп аял алуусундагы катылып жаткан сырларды түшүнгүлөрү келбейт. Алардын берген баалары, ой-пикирлери, өкүмдөрү өздөрүнүн караңгы жан дүйнөлөрүн гана айгинелейт. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* үй-бүлөлүк жашоосунун ал-күчкө толуп, баралына келип турган алгачкы жыйырма төрт жылын азирети Хатижа энебиз менен өткөргөн. Андан кийинки баш кошуулары болсо диний, саясий жана коомдук себептерге такалат. Ошондой эле жубайларынын көбү өзүнөн улуу, же жесир

аялдар болгон. Алардын арасынан болгону азирети Аиша гана жаш кыз эле. Ал эми азирети Аишага баш кошкондугунун себеби аял кишилерге таандык шарият (фыкхий) маселелеринин ачык болушун камсыз кылуу эле. Чынында азирети Аиша зээндүүлүгү, зиректиги жана акыл-парасаттуулугу менен аялдарга тиешелүү шарият маселелерин ийне-жибине чейин түшүнүп, Пайгамбарыбыз көз жумган соң мусулман аялдарга жол башчы болуп берген. Анын шарият жаатында өзгөчө ээлеген орду бар. Азирети Аиша *(Алла ага ыраазы болсун!)* сахабалардын арасынан Ислам укугу (шарият) багытында атагы чыккан жети факихаалымдын бири болгон. Ошондуктан мусулман аялдардын көбү Ислам укугун азирети Аишадан таалим алып, үйрөнүшкөн.

Айрым карамүртөздөр айткандай, чындап эле бул баш кошуулардын себеби көңүл ачуу гана болгон болсо, бүткүл ааламдын сыймыгы болгон азирети Пайгамбарыбыз кырчындай өмүрүнүн гүлдөп турган чагын өзүнөн он беш жаш улуу, жесир, балалуу аял менен өткөрмөк эмес. Анын баш кошуулары ары бийик, ары аруу максаттар менен жүзөгө ашканын көкүрөгүндө Аллага - деген ыйманы бар, адамдык касиети бийик адамдар гана түшүнө алат.

## Хижабдын парз болушу

Исламга чейин арап коомчулугунда «хижаб»[191] - деген түшүнүк жок болгон. Исламдын алгачкы жылдарында да аял кишилер адаттагыдай хижаб кийишкен эмес. Ошентсе да, жогоруда ичкилик жана кумар маселесиндегидей, акырындык менен хижаб кийүү парз кылынган. Ошентип, хижаб тууралуу аят түшүрүлүп, аял кишинин орду өзгөчө орунга көтөрүлөт. Ар-намысы, абийири корголуп, кадыр-баркы алда канча жогорулайт. Аби-

191. Хижаб - аял кишинин шариятка ылайык кие турган кийими.

йирдүүлүктүн күзгүсүн чагылдырат.

Хижаб жөнүндө келген өкүм негизи аял кишиге гана эмес, эркекке да тиешелүү. Тагырак айтканда, бул маселедеги Алланын буйругу аял-эркек ар бир мусулманды өз ичине камтыйт. Жараткан Алла Таала бул багытта мындай буюрат:

قُل لِّلْمُؤْمِنِينَ يَغُضُّوا مِنْ أَبْصَارِهِمْ وَيَحْفَظُوا فُرُوجَهُمْ ذَلِكَ أَزْكَى لَهُمْ
إِنَّ اللهَ خَبِيرٌ بِمَا يَصْنَعُونَ وَقُل لِّلْمُؤْمِنَاتِ يَغْضُضْنَ مِنْ أَبْصَارِهِنَّ وَيَحْفَظْنَ
فُرُوجَهُنَّ وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا مَا ظَهَرَ مِنْهَا وَلْيَضْرِبْنَ بِخُمُرِهِنَّ عَلَى جُيُوبِهِنَّ

**«(Эй, Мухаммад!) Момундарга айткын! (Чоочун аялдарды кароодон) көздөрүн жана аялуу жерлерин (арамдан) сакташсын! Бул - алар үчүн эң таза иш. Чындыгында, Алла Таала алардын эмне жасагандарынан Кабардар! Момун аялдарга да айт! Көздөрүн (чоочун эркектерди кароодон) көздөрүн жана аялуу жерлерин сакташсын! Сулуулугун көрүнүп тургандан (жүз, кол жана буттан) башкасын көрсөтпөсүн! Жоолуктарын көкүрөктөрүнө жаба салынышсын!...»** *(Нур сүрөсү, 30-31-аяттар).*

Хижаб аял кишинин аялдык абийирин, ар-намысын жана аруулугун сактайт. Аялзаты хижаб аркылуу адам баласына назиктик, жумшактык сезимин тартуулайт. Болбосо, аял киши напсинин чырагына май тамызып, эркектерди ар кандай жаман иштерге жетелөөгө себепкер болот. Бул болсо, анын адамдык сапатын, кадырын кетирип, энелик баркын түшүрөт.

Бул жерде эскерте кетчү дагы бир жагдай, аял киши менен эркек адамдын ортосунда напси жагынан айырмачылыктар бар. Бул аял-эркекке таандык жоопкерчиликтердин айырмачылыгына да байланыштуу. Ошондуктан аял менен эркек кийим жагынан да бири-биринен айырмаланып турушу зарыл. Анткени

аял эркек адамга караганда табиятынан эле сүйкүмдүү келет. Ал хижабдан алыстоо менен ыйбаалуулуктан алыстайт. Энелик касиети жана келечек муунду таза сактоо өзгөчөлүгү зыянга учурайт. Ошон үчүн анын өзүнө тартып алуучу өзгөчөлүгү Алланын буйругу менен бир гана өмүрлүк жарына ыйгарылган. Анткени аял менен эркектин ортосунда таза муундун уланышы үчүн бири-бирине болгон өзгөрбөс табигый тартылуу күчү хижаб буйругуна моюн сунулбаган кезде Исламдын чегинен чыгууга жол ачып, өтө аянычтуу натыйжаларга себепкер болот. Алла Тааланын:

وَلاَ تَقْرَبُواْ الزِّنَى

**«Зинага (никесиз катнашка) жолобогула!..»** - деген буйругунда «Хижаб кийбөө менен зинага жол ачпагыла, ага мүмкүнчүлүк түзүп бербегиле!» - деген да сыр жатат. Бул ачык-айкын өкүм. Ислам дини сыртынан өзүнө тартып алуучу өзгөчөлүгү болбогон аялга да хижаб кийүүнү буюрат. Башкача айтканда, «Бу аял башын, колдорун же буттарын ачып койсо, деле айырма жок, ансыз деле анын өзүнө тартуучу касиети жок»- деп айтууга эч мүмкүн эмес. Себеби хижаб менен аялдын аялдык кадыр-баркынын сакталышы – негизги маселе болуп эсептелет.

Өкүмдөрүн адамдын табиятын эске алуу менен койгон Ислам дини аял кишинин жана эркек адамдын ал-абалын да эске алган.

Азирети Пайгамбарыбыз аялдарга окшоого аракет кылган эркектер менен, эркектерге окшоого аракет кылган аялдарга наалат айткан.[192] Аялдар мындай коркунучтардан сактануу үчүн такыбаа аялдардын дил маектерине (сухбаттарына) катышып турууга аракет кылышы керек. Анткени адам баласы ким менен жүрсө, анын адамдык касиетинен сөзсүз түрдө оң же терс таасирин алат. «Сыныктан башканын баары жугуштуу» - демекчи,

192. Бухарий, *Либас*, 61

бул психологиялык өзгөрбөс эреже. Аял эркектер менен аралашканда аялдык сезимдерин жана ошол аялдык аруу, сулуу касиеттерин жоготот.

Жогоруда маалымдалгандай аялдар менен эркектер кийим маселесинде да бири-бирине окшошууларына тыюу салынган. Алланын элчиси аялга окшоп кийинген эркектердин жана эркекке окшоп кийинген аялдардын Алланын ырайымына алыс болоорун айткан.[193] Анткени эки тарап тең өздөрүнө тиешелүү аялдык жана эркектик касиеттерин коргоолору керек.

Эркектердин аялдарга, аялдардын эркектерге окшоп кийинүүлөрү адамдык кулк-мүнөздөрүнүн өзгөрүлүшүнө себепкер болот. Маселен, эркектердин кийимине окшош кийимдерди кийгиси келген аял кишилердин жүрүм-турумдары убакыттын өтүшү менен өзгөрүүлөргө дуушар болоору бышык. Мына ушунун өзү табияттын бузулушу - дегенди түшүндүрөт.

## **Мурайси казаты** (Шабан-Рамазан, 5-жыл/ Январь-Февраль, 627-жыл).

Ислам тарыхында Мурайси казаты «Бани Мусталык согушу» - деп да айтылат. Мусталык уруусу Мекке бутпарастарынын көкүтүүсү менен Мединага кол салуу үчүн өтө кызуу даярдык көрө башташат. Бул суук кабарды алган Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жети жүз кишилик колу менен жолго аттанат. Алланын Элчиси азирети Умарга *(Алла ага ыраазы болсун!)* Мусталык уруусуна: «Лаа илааха иллаллах - деп айтып, жаныңарды, мал-мүлкүңөрдү аман алып калгыла!» - деп айтышын буюрат. Бирок Мусталык уруусу Пайгамбарыбыздын сунушун кабыл албайт. Мусулмандарга жаа тартып, согушка биринчи ка-

193. Абу Давуд, *Либас*, 28/4098

дамташтайт.[194]

Мусулмандардын Мурайси суусунун башында болгон катуу чабуулу душмандарды тизе бүктүрөт. Душмандардан он киши набыт болуп, мусулман тараптан бир киши шейит кетет.

Бу салгылашуунун аягында мусулмандар олжолорун алып, туткундарды колго түшүрөт. Туткундардын арасында аталган уруу башчысынын кызы Жувайрия да бар эле.

Туткундар өз кундарын төлөө менен эркиндикке чыгышат. Жувайрия болсо, Сабит бин Кайстын үлүшүнө берилген болот. Азирети Сабит анын эркиндикке чыгуу үчүн төлөй турган куну боюнча Алла Элчисине кайрылат. Ошол учурда Жувайриянын атасы да келип калат. Атасы өз уруусунун асыл тектүүлүгүн айтып, кызынын күң болбошун, абийиринин сакталышын суранат. Өзү менен кошо ала келген төөлөрүнө ээк жансап:

-Бу төөлөр кызымдын куну болсун. Аны эркиндикке чыгаргыла! - дейт. Алланын Элчиси:

-Катып койгон эки төөң кайда? Аларды эмне үчүн алып келбедин? - деп күтүүсүздөн суроо салат.

Бир жерге жашырып койгон эки төөнү өзүнөн башка эч кимдин билбегенин ойлогон Харис:

-Валлахи, муну менден башка эч ким билчү эмес!.. - деп абдан таң калат. Ошентип ал туура жолду таап, өзү менен кошо келгендер менен бирге ыйман келтирет.[195]

Азирети Пайгамбарыбыз Жувайриянын пикирин сурайт. Анын өз жанында калышын түшүнгөн соң кунун өзү берип эркин кое беришет *(Ибн Саад, VIII, 118)*. Эркиндикке чыккан Жувайрия да өз эрки менен ыйманга келет. Ошентип, Алланын ырайымына

194. Вакиди, I, 407
195. Ибн Хишам, III, 340

туш болуп азирети Пайгамбарыбызга баш кошуу бактысына ээ болот. Ошентип, анын көргөн түшү жүзөгө ашат. Атасы тарабынан куну берилип, туткундуктан кутулса да, Алла Элчисинин жанында калуусуна да ушул себепкер болот.

Азирети Жувайриянын азирети Пайгамбарыбыз менен никеси кыйылганын уккан сахабалар:

- Алла Элчисинин жубайынын туугандарынын туткун болушу туура эмес! - дешип колдорундагы бардык туткундарды кунсуз эркиндикке чыгарып жиберишет. Бу жагдай жөнүндө азирети Аиша мындай дейт:

«Мусталык уруусунан Жувайриядан өткөн артык башка аялды көрө алган жокпуз. Ошондуктан Мусталык уруусунан жүз адам азаттыкка чыкты» *(Абу Давуд, Итк, 2/3931).*

Пайгамбарыбыздын азирети Жувайрия менен баш кошуусунун өзүнчө себеби болгон. Алла Таала:

وَمَا يَنطِقُ عَنِ الْهَوَى إِنْ هُوَ إِلَّا وَحْيٌ يُوحَى

**«Ал өз каалоосу менен сүйлөбөйт, вахий менен гана сүйлөйт»** *(Нажм сүрөсү, 3-4-аяттар)* - деп буюрат. Андыктан Алланын Элчиси жеке өзүнүн оюу менен эмес, Алланын буйругу менен үйлөнгөн. Үйлөнгөн соң Мусталык уруусунан колго түшкөн туткундар эркиндикке чыгарылган. Эң негизгиси бул уруу да мусулманчылыкты кабыл кылышкан.

## Таяммум

Азирети Аиша *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* менен (Мурайси) жүрүшүнө бирге чыкканбыз. «Байда» же «Затуль-Жайш - деген жерге келгенде мен бир мончогумду жоготуп алдым.

Алланын Элчиси мончокту издеп кирди. Аны менен сахабалар да издеп жүрүштү. Жакын арада суу жок эле. Бир канча адам атам Абу Бакирге барып:

-Аишанын эмне кылганын көрдүңбү! Алла Элчисин да, сахабаларды да бул жерде алагды кылып отурат. Жакын арада да суу жок! -дептир. Алланын Элчиси тиземе башын коюп уктап жаткан эле. Бир кезде атам Абу Бакир келип калды.

-Сен Алла Элчисин да, элди да эмне алагды кылып жатасың? Бул жерде суу да жок! - деп урушуп кирди. Ачуусун кармай албай колу менен уруп жиберди. Алла Элчисинин башы тиземде болгондуктан ордуман жылбоого аракет кылдым.

Алланын Элчиси эртең менен турган кезде суу такыр жок болучу. Бир канча убакыттан кийин Алла Таала таяммум тууралуу аятын түшүрдү:

وَإِن كُنتُم مَّرْضَى أَوْ عَلَى سَفَرٍ أَوْ جَاء أَحَدٌ مَّنكُم مِّنَ الْغَائِطِ أَوْ لاَمَسْتُمُ النِّسَاء
فَلَمْ تَجِدُواْ مَاء فَتَيَمَّمُواْ صَعِيداً طَيِّباً فَامْسَحُواْ بِوُجُوهِكُمْ وَأَيْدِيكُم مِّنْهُ

مَا يُرِيدُاللهُ لِيَجْعَلَ عَلَيْكُم مِّنْ حَرَجٍ وَلَـــكِن يُرِيدُ لِيُطَهَّرَكُمْ وَلِيُتِمَّ نِعْمَتَهُ عَلَيْكُمْ
لَعَلَّكُمْ تَشْكُرُونَ

**«...Эгер бейтап, же мусапыр болсоңор, же дааратканадан чыккан болсоңор, же аялдарыңарга кошулган болсоңор жана (аталган абалдарда) суу таба албасаңар, таза топурак менен таяммум кылгыла (жүзүңөр менен колуңарды таза топурак менен сылагыла!). Алла Таала силерге түйшүк жараткысы келбейт. Тескерисинче, силерди тазалоону жана шүгүр кылууңар үчүн силерге өз жакшылыгын толук кылып берүүнү каалайт»** *(Маида сүрөсү, 6-аят).*

Азирети Усайд бин Худайр *(Алла ага ыраазы болсун!)* :

«Эй, Абу Бакирдин үй-бүлөсү! Бул – бүтүндөй үммөт үчүн силердин сансыз берекеңерден бири гана!» - деди.

Мончогум акырында мен минген төөнүн астынан табылды» *(Бухарий, Таяммум, 1; Асхабун-Наби, 5, 30).*

Азирети Усайд *(Алла ага ыраазы болсун!)* азирети Аиша энебизге:

«Алла Таала сени Өзүнүн чексиз ырайымына бөлөсүн! Валлахи, башыңа бир иш түшсө эле, Алла Таала аны сен үчүн да, мусулмандар үчүн да пайдалуу кылып келет» *(Бухарий, Таяммум, 1)* - деген.

## Ифк окуясы

Бу окуя Мурайси жүрүшүнөн кайтып келе жатканда болот. Алла Элчисинин өмүрлүк жары азирети Аиша[196] кошуун эс алган жерден бир аз алыстап кетет. Кайра артка кайтып келгенде кошуун эбак эле жылып кеткен болот. Анткени ал учурда аял киши төөнүн өөркөчүнө отургузулган хавдаждын ичине отура турган. Ошондуктан кошуун жылган кезде сахабалар азирети Аишаны төөнүн үстүндөгү хавдажда деп ойлошкон. Азирети Аиша кошуундун аркасынан түшүп жоголуп кеткенден көрө, ошол жерде күтүүнү эп көрөт. Чарчап, көзү илинип, чырым этет. Ал учурда кошуундан калгандарды алып баруу үчүн атайын жооптуу адамдар дайындала турган. Бул жүрүштө бул озуйпаны аркалаган азирети Савфан бин Муаттал азирети Аишаны көрүп:

إِنَّا لِلّٰهِ وَإِنَّـــا إِلَيْهِ رَاجِعونَ

196. Алланын Элчиси ар жүрүштө жубайларынан бирөөнү чек таштоо менен алып бара турган. Мурайси жүрүшүндө чек азирети Аишага түшкөн эле.

**«...Биз Аллага таандыкпыз, кайра Ага кайтабыз...»** *(Бакара сүрөсү, 156-аят)* –деген аятты окуп ойготот.

Азирети Аиша энебиз бу үндү угаары менен ойгонот. Азирети Савфан бир да сөз сүйлөбөстөн төөнү чөктүрөт. Азирети Аиша энебиз төөгө минет. Түшкө маал кошуунга жетип келишет. Муну көргөн эки жүздүү мунафыктардын чырагына май таамп, оороруна келген өйдө-төмөн сөздөрдү чыгара баштайт:

-Валлахи, булар бирдин ичинен чыгышты - дешет. Ал тургай Абдуллах бин Убай:

-Мына, Пайгамбарыңардын жубайы башка адам менен түн өткөрүп... - дегенге чейин барат.

Жалган ушак тез арада кошуунга жайылып кетет. Азирети Абу Бакир катуу кайгырып, ыйламсыраган үн менен:

-Валлахи, биз мындай жалааны караңгы доордо да көргөн эмеспиз!... - деген эле.

Азирети Савфан да эмне дээрин билбей, кайгы-муңга батат. Ал Алла Элчисинин:

*«Сен жөнүндө жакшылыктан башка эч нерсе билбейм!..»*-деген мактоосуна арзыган сахаба эле.

Бул окуя баарыдан да Алланын Элчисине өтө оор тийет. Бу окуядан кийин ал үйүнөн көп сыртка чыга албай, элдин жүзүн карай албас болот. Бу жаатта атайын изилдөө жүргүзөт. Азирети Аишанын күнөөкөр болгонуна кыпындай да белги жок эле. Бирок бетбактар оозоруна алы жетпей бүт күчү менен азирети Аишаны жаманатты кылууга жан далбас урушат.

Окуяны эң акыркылардан болуп Аиша энебиз угат. Мындай оор жалааны угаар замат апкаарып калат. Эл арасына шамалдай жайылган жалааны үйүнөн укканда өзүн жоготуп кое жаздаган эле. Ошентип Пайгамбарыбыздан уруксат сурап, атасынын үйү-

нө окуянын жөн-жайы жөнүндө маалымат алуу үчүн барат.

Пайгамбарыбыз окуя тууралуу Аиша энебиз менен сүйлөшкүсү келет. Азирети Абу Бакирдин үйүнө барып өмүрлүк жарына:

*-Эй, Аиша! Сен жөнүндө мага сөздөр келип жатат. Эгер күнөөң жок болсо, Алла Таала сени таза чыгарат* -дейт.

Алла Элчисинин да жалган жалаадан түйшөлүп турганын байкаган сезимтал азирети Аиша ата-энесин карап калат. Ата-энеси экөө тең эч нерсе унчукпай турганын көрүп, көзү жашылданып Алла Элчисине:

-Валлахи, жакшы түшүнбөдүм. Силер айтылып жаткан (ушактарды) угуп, ишенген сыяктуусуңөр. Азыр мен күнөөм жок десем, (Алла Таала муну билет) силер ишенбегендейсиңер. Бирок Алла Таала менин күнөөсүз экенимди эң жакшы билет. Мен ошол ушактарга каршы Алла Тааладан гана жардам сурайм -дейт.

Ошол күндөрдүн биринде азирети Абу Аюб аль-Ансаринин жубайы Умму Аюб күйөсүнө:

-Эл Аиша жөнүндө эмне деп жатканын уктуңбу? - деп сурайт.

Азирети Абу Аюб:

-Ооба! Уктум. Ал сөздөрдүн баары жалган! - деп жооп кайтарып, аялына:

-Сен ошондой жаман ишке барат белең? - деп суроо салат.

Аялы:

-Жок! Валлахи, мен мындай ишке бармак эмесмин! - дейт.

Анда Абу Аюб *(Алла ага ыраазы болсун!)* :

-Андай болсо, валлахи, Аиша сенден алда канча жогору ту-

рат! - деген экен *(Ибн Хишам, III, 347; Вакиди, II, 434).*

Ошентип, иштин соңу Алладан келген вахийге гана калат. Көп өтпөй Алла Таала бу окуя жөнүндө аяттарын түшүрөт. Эл арасында айтылып жаткан ушак-айындардын баары тең эл бузар эки жүздүү караөзгөйлөргө таандык болгондугу ачыкка чыгат. Алла Тааланын вахийи азирети Аишаны жалган жалаадан алыс кылып, эки жүздүүлөргө азабын кабарлап, катуу эскертүү берет.

Жараткан Алла Таала бу окуя жөнүндө төмөндөгү аяттарын түшүргөн эле:

**«Чындыгында, бул жалааны ойлоп тапкандар өзүңөрдөн эле чыккан топ. Аны өзүңөр үчүн жамандык деп ойлобогула! Тескерисинче, ал силер үчүн жакшылык. Алардын ар бири күнөөгө ээ болду. Аларга башчылык кылган адам үчүн чоң азап бар.**

**Аны (жалааны) укканыңарда момун эркектер жана момун аялдар бири-бири жөнүндө жакшылыкты гана ойлоп: «Бул ачык-айкын жалаа!»- деген болсо (өздөрүнө жакшы болор эле). Алар ага төрт күбө келтириши керек эле. Албетте, алар күбө (далил) келтире алышкан жок. Мына ушулар – Алланын алдында жалганчы адамдар. Эгер силерге бул дүйнө менен акыретте Алланын жакшылыгы, ырайымы болбогондо, албетте, жалган жалаа жапканыңардын айынан оор азапка дуушар болмоксуңар. Ошол убакта өзүңөр билбеген нерсени (жалааны) өзүңөр анык билбеген нерсени сүйлөп (жайылтып) ага жеңил карадыңар. Чындыгында ал (жалаа) Алланын алдында чоң күнөө.**

**Аны уккан чагыңарда: «Бул (имишти) сүйлөш бизге жарашпайт. Оо, Жараткан, Сен аруусуң. Бул чоң жалаа!» - десеңер болбойт беле?!**

**Эгер момун болсоңор, анда Алла Таала мындайды эч качан кайталабашыңарды эскертет. Ошондой эле Алла Таала силерге Өз аяттарын баян кылат. Алла-Билүүчү, Даанышман!**

**Ырас, ыйман келтиргендердин ичинде чагымчылык, жалаа жайылышын каалагандарга бул дүйнөдө да, акыретте да жан чыдагыс азап бар. Алла Таала билет, силер билбейсиңер. Эгер силерге Алланын жакшылыгы, ырайымдуулугу болбогондо (катуу жазага дуушар болор элеңер). Чындыгында, Алла Таала - Боорукер, Мээримдүү!**

**Эй, момундар! Шайтандын жолу менен жүрбөгүлө! Ким шайтандын жолу менен жүрсө, анда, албетте, (шайтан) бузукулукка, жамандыкка буйруйт. Эгер силерге Алланын жакшылыгы, мээрими болбогондо, эч бириңер эч качан (күнөөдөн) тазалана албайт элеңер. Бирок, Алла Таала Өзү каалаган пендесин күнөөдөн арылтат. Алла – Угуучу, Билүүчү»** *(Нур сүрөсү, 11-21-аяттар)*

Бул аяттар түшүрүлгөн соң Алланын Элчисинин жүзүнө жылмаюу кирип, азирети Аишага келип:

-*Сүйүнчү, эй, Аиша! Алла Таала сени таза чыгарды!* - деп буюрат.

Аиша энебиз аяттарды өз көзү менен окуган соң:

-Мен сыяктуу алсыз кул жөнүндө аят түшө турганын эч ойлогон эмесмин. Мен Алла Элчисинин жүрөгүнө бир илхам келип, бардыгы ачыкка чыгат деп ойлогон элем! - деп көзүнөн жашы тоголонуп, Алла Таалага шүгүр келтирет. Азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун!)* кызынын маңдайынан өөп, Алла Элчисине барышын буюрат. Анда азирети Аиша:

-Мен Алладан башка эч кимге хамд (шүгүр, ыраазычылык)

айтпайм. Менин күнөөсүз экенимди ачыкка чыгарган Зат - Алла Таала! - деп бир аз наздана капачылыгын билдирет.

Алланын Элчиси жылмайып коет. Ошентип бир айга созулган ушак-айыңга Алланын ырайым-мээрими менен чекит коюлат *(Бухарий, Шахадат, 15, 30, Жихад, 64, Магази, 11, 34; Муслим, Тооба, 56; Ахмед, VI, 60, 195).*

Жалган жалаага туш болгон Алла Элчисинин жубайы азирети Аиша Пайгамбарыбыздын эң жакын досунун кызы жана ошондой эле үммөттүн эң абийирдүү аялдарынын бири эле. Бул окуя ошол эле учурда пайгамбарлардын эң оор иштерге чыдамкайлыгын, туруштук берүү күчүн да көрсөтүп турат. Бул кыяматка чейин эң сонун мисал боло бермекчи.

Ыйык Куранда бул окуя «ифкун мубин: ачык-айкын жалаа», жана «бухтанун азим: чоң жалган жалаа» - деген сөз менен эскерилет. Алла Таала азирети Аишаны тазага чыгарса да, кийин да Жамал окуясына катышканын себеп кылып, аны жаманатты кылган адамдар да чыккан.

Ошентип, бул окуянын себепкерлери абийирин таза сактаган аялга жалган жалаа жабышкандыгы үчүн жаза берилет. Алардын ар бирине сексен балактан урулат.[197]

Ибн Аббастын айтымында, Алла Таала төрт адамды таза чыгарган:

1. Юсуф (алейхис-салаам). Юсуфка жалаа жапкан аялдын үй-бүлөсүнөн бир күбөнүн тили менен,[198]

2. Муса пайгамбарды жөөттөрдүн ушак-айыңдарынан,[199]

3. Азирети Мариямды кучагындагы жаңы төрөлгөн уулун сүйлөтүү менен,[200]

197. Ахмед, VI, 35

198. Юсуф сүрөсү, 26-29

199. Азхаб сүрөсү, 69

200. Мариям сүрөсү, 29-33

4. Азирети Аишаны кыяматка чейин бурмаланбай турган Ыйык Куран аяттары менен таза чыгарган. Алла Таала Элчисинин канчалык бийик даражада экенин көрсөтүү үчүн ушундай кылган *(Замахшари, IV, 121).*

Вахийдин кечигип бир айдан кийин келишинин себеби азирети Пайгамбарыбыз Жараткандын элчиси болуу менен бирге адамдык сапатка ээ болгондугун, вахий Анын ою боюнча келбестигин көрсөтүү жана мусулмандардын да ыйманын текшерүү үчүн болгон.

* * *

Азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун!)* «Мыстах» - деген бир кедей адамга ар дайым жардам бере турган. Бул окуя учурунда Мыстахты да жалган жалааны жайгандардын арасынан көрүп, ага жакшылык кылбашына касам ичет. Азирети Абу Бакирден жардам келбей калган соң Мыстах үй-бүлөсү менен аябай кыйналып кетет. Ошол учурда Алла Таала төмөнкү аяттарын түшүрөт:

وَلَا يَأْتَلِ أُوْلُوا الْفَضْلِ مِنكُمْ وَالسَّعَةِ أَن يُؤْتُوا أُوْلِي الْقُرْبَى وَالْمَسَاكِينَ
وَالْمُهَاجِرِينَ فِي سَبِيلِ اللهِ وَلْيَعْفُوا وَلْيَصْفَحُوا أَلَا تُحِبُّونَ أَن يَغْفِرَ اللهُ لَكُمْ وَاللهُ
غَفُورٌ رَّحِيمٌ

**«Силердин араңардан бардар адамдар туугандарына, бей-бечараларга жана мухажирлерге Алланын жолунда кайыр-садага кылбоого ант ичпесин! Кайра аларды айкөлдүк кылып, кечирип жиберишсин! Алла Таала силерди кечиришин каалабайсыңарбы?! Алла Таала – Кечиримдүү, Мээримдүү!»** *(Нур сүрөсү, 22-аят)*

وَلاَ تَجْعَلُواْ اللّهَ عُرْضَةً لِّأَيْمَانِكُمْ أَن تَبَرُّواْ وَتَتَّقُواْ وَتُصْلِحُواْ بَيْنَ النَّاسِ وَاللّهُ سَمِيعٌ عَلِيمٌ

**«Жакшылык кылуу, такыба болуу жана адамдардын арасын ондоо (сыяктуу иштерге каршы болгон) антыңар үчүн Алла Тааланы шылтоо кылбагыла! Алла Таала –Угуучу, Билүүчү!»** *(Бакара сүрөсү, 224-аят)*

Бул аяттар Алла Тааланын адамдарга болгон мээримдүүлүгүн көрсөтүү менен бирге жакшылык кылган адамдардын демине дем, күчүнө күч кошот.

Аталган аяттар түшүрүлгөн соң азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун!)* :

«Мен Алла Тааладан кечирим сурайм!»- деп, касамынын күнөөсүн жууп, жакшылыгын кайра уланта баштаган эле *(Бухарий, Магази, 34; Муслим, Тооба, 56; Табари, Тафсир, II, 546)*.

Ошентип, азирети Абу Бакир өз кызына жалаа жапкан адамдан да жардамын аябайт. Бул да болсо кутман сахабанын адамдык сапатынын жогорулугун көрсөтүп турган ачык-айкын мисал.

## Алар душмандын дал өзү, байкагын!

Эки жүздүүлөр Мурайси жүрүшүндө жалган жалаа менен элге чуу салып гана тим болушпайт. Бир мухажир менен ансардын ортосунда болор-болбос бир пикир келишпестикти пайдаланган эки жүздүүлөрдүн башчысы Абдуллах бин Убай айланасындагыларга:

-Булардын (мухажирлер) кылып жатканын көрдүңөрбү? Биздин жерибизде бизден жогору болгулары бар. Бизди тааныгы-

лары келбейт. Эгер Мединага кайтсак, күчтүүлөр күчсүздөрдү ошол жерден кууп чыгарат - дейт. Ал жерде угуп тургандардын арасынан азирети Зайд бин Аркам минтип кыйкырат:

-Сен элди бөлүп жарган эл бузарсың! Алла Таала Элчиси Мухаммадды *(алейхис-солаату вас-салаам)* (бүткүл адамзатынын) эң ардактуусу кылып жараткан!

Окуя Пайгамбарыбызга да жетет. Азирети Пайгамбарыбыз окуянын чын-төгүнүн ачыкка чыгаруу үчүн аларды бир жерге топтогон кезде, алар айткан сөздөрүн моюндарына алышпай, касам ичип каргангаңга чейин барышат. Ал тургай азирети Зайд калпычы болуп кала жаздайт. Бул жерден азирети Зайд эмне дээрин билбей, оозуна сөз келбей калат. Азирети Умар болсо, Алла Элчисинен эки жүздүүлөрдү жок кылуу үчүн уруксат сурайт. Бирок Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*-Эй, Умар! Маселенин төркүнүн билбегендер; «Мухаммад өз сахабаларын өлтүрүп жатат!»-деп чыгышат. Жок! Мен мындай кадамга барбайм! Сен дароо мусулмандарга жар сал, жолго чыгалы!* - деп жооп берет.

Ошентип, мусулмандар жолго чыгышат. Пайгамбарыбыз ал күнү түнү бою жол жүрөт. Таң атып, күндүн ысык аптабы күчөп баратканда бир жерге тыным жасашат. Мусулмандар аябай катуу чарчагандыктан, дароо уйкуга киришет. Алла Элчисинин мусулмандарды тындырбай эстерин оодарышынын себеби, аларды Абдуллах бин Убайдын сөздөрүнө алагды кылуудан кайтаруу эле.[201] Азирети Пайгамбарыбыздын бул кадамы Анын адам психологиясын эң мыкты түшүнгөндүгүн айдан ачык көрсөтүп турат.

Бир канча убакыттан кийин эки жүздүүлөр жөнүндө төмөнкү аяттар түшүрүлөт:

201. Ибн Хишам, III, 335-336

إِذَا جَاءكَ الْمُنَافِقُونَ قَالُوا نَشْهَدُ إِنَّكَ لَرَسُولُ اللهِ وَاللهُ يَعْلَمُ إِنَّكَ لَرَسُولُهُ وَاللهُ
يَشْهَدُ إِنَّ الْمُنَافِقِينَ لَكَاذِبُونَ   اتَّخَذُوا أَيْمَانَهُمْ جُنَّةً فَصَدُّوا عَن سَبِيلِ اللهِ إِنَّهُمْ
سَاء مَا كَانُوا يَعْمَلُونَ   ذَلِكَ بِأَنَّهُمْ آمَنُوا ثُمَّ كَفَرُوا فَطُبِعَ عَلَى قُلُوبِهِمْ
فَهُمْ لَا يَفْقَهُونَ

وَإِذَا رَأَيْتَهُمْ تُعْجِبُكَ أَجْسَامُهُمْ وَإِن يَقُولُوا تَسْمَعْ لِقَوْلِهِمْ كَأَنَّهُمْ خُشُبٌ مُّسَنَّدَةٌ
يَحْسَبُونَ كُلَّ صَيْحَةٍ عَلَيْهِمْ هُمُ الْعَدُوُّ فَاحْذَرْهُمْ قَاتَلَهُمُ اللهُ أَنَّى يُؤْفَكُونَ

وَإِذَا قِيلَ لَهُمْ تَعَالَوْا يَسْتَغْفِرْ لَكُمْ رَسُولُ اللهِ لَوَّوْا رُؤُوسَهُمْ وَرَأَيْتَهُمْ يَصُدُّونَ
وَهُم مُّسْتَكْبِرُونَ   سَوَاء عَلَيْهِمْ أَسْتَغْفَرْتَ لَهُمْ أَمْ لَمْ تَسْتَغْفِرْ لَهُمْ لَن يَغْفِرَ اللهُ
لَهُمْ إِنَّ اللهَ لَا يَهْدِي الْقَوْمَ الْفَاسِقِينَ

هُمُ الَّذِينَ يَقُولُونَ لَا تُنفِقُوا عَلَى مَنْ عِندَ رَسُولِ اللهِ حَتَّى يَنفَضُّوا وَلِلهِ خَزَائِنُ
السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضِ وَلَكِنَّ الْمُنَافِقِينَ لَا يَفْقَهُونَ   يَقُولُونَ لَئِن رَّجَعْنَا
إِلَى الْمَدِينَةِ لَيُخْرِجَنَّ الْأَعَزُّ مِنْهَاالْأَذَلَّ

وَلِلهِ الْعِزَّةُ وَلِرَسُولِهِ وَلِلْمُؤْمِنِينَ وَلَكِنَّ الْمُنَافِقِينَ لَا يَعْلَمُونَ

**«(Эй, Мухаммад) эки жүздүүлөр сенин алдыңа келип: «Күбөлүк беребиз, сен шек-күмөнсүз, Алланын пайгамбарысың» - дешет. Алла Таала чындыгында сени Өзүнүн пайгамбары экендигиңди билет жана эки жүздүүлөр шек күмөнсүз, жалганчы экендиктерине да күбө. Алар өздөрүнүн (мусулман экендиктери жөнүн-**

**дөгү) анттарын калкан кылып, (адамдарды) Алланын жолунан тосушту! Алардын иштери кандай гана ыплас! Мунун себеп – алар (ооз учунан гана) ыйман келтирсе да, (дилиндеги) каапырлыктары. Ошентип, алардын жүрөктөрүнө мөөр басылды. Эми алар (ыйман акыйкатын) түшүнө алышпайт!**

**Сен аларды көргөн кезинде алардын сырткы келбети сени таңдандырат. Алар сүйлөсө кунт коюп угасың, бирок алар кудум жөлөп коюлган устун сыяктуу; ар бир катуу үндү өздөрүнө душмандык деп билет. Алар сенин душмандарың, андыктан алардан этият, сак болгун! Аларга Алланын каргышы болсун! Алар кандай гана адашууда!**

**Аларга: «Келгиле, Алланын пайгамбары силер үчүн кечирим сурасын» - *делсе*, алар баш чайкап, жүз үйүрүп, текеберленгендерин көрөсүң. (Эй, Мухаммад), Сен алар үчүн кечирим сурайсыңбы, сурабайсыңбы аларга баары бир. Алла Таала аларды кечирбейт! Ырас, Алла Таала мындай бузуку-баш ийбеген элди туура жолго баштабайт.**

**Алар мына минтип айтышат: «Алланын пайгамбарынын алдындагы адамдарга жакшылык кылбагыла, алар тарап кетишсин». Асмандар менен жердин казыналары бир гана Алланын колунда. Бирок эки жүздүүлөр муну түшүнүшпөйт. Алар: «Эгер шаарга кайра кайтып барсак, анда алдуу-күчтүүлөр алсыздарды ал жерден айдап чыгат» - деп айтышат. Чынында, бүт күч-кудурет Алланыкы, Анын пайгамбарыныкы жана момундардыкы. Бирок эки жүздүүлөр муну билишпейт»** *(Мунаафикуун сүрөсү, 1-8-аяттар)*

Мунаафикун сүрөсү түшкөндө Алланын Элчиси *(саллаллаху*

*алейхи ва саллам)* азирети Зайд бин Акрамды чакырып түшүрүлгөн аяттарды окуп:

*«-Эй, Зайд! Алла Таала сени тастыктады!»* - деп буюрат *(Бухарий, Тафсир, 63/1-2; Муслим, Сыфатуль-Мунафикин, 1).*

Андан соң азирети Зайдды кулагынан кармап:

*-Бул жигит - Алланын жолунда кулагы менен өз милдетин толук аткарган жаш жигит!* - деген эле *(Ибн Хишам, III, 336).*

* * *

Эки жүздүүлөрдүн башы Абдуллах бин Убайдын Абдуллах деген мусулман баласы болот. Ал Алланын Элчисин өтө жакшы көрөөр эле. Абдуллах атасынын кылык-жоруктарын көрүп сабыры түгөнүп, айласын таппай жүрөт. Акыркы окуя Абдуллахты катуу кайгыга салат. Алла Элчисине келип:

-О, Алланын Элчиси! Эгер кааласаң, атамды өлтүрүп салгым келип турат! -дейт.

Алланын Элчиси:

*-Жок! Тескерисинче ага жылуу мамиле жасайбыз. Биз менен болуп турган чакта аны менен жакшы мамиледе болобуз!* - деп ага уруксат бербейт. Анда азирети Абдуллах Ислам кошуунунда атасы минип бараткан төөнүн чылбырын кармап:

-Күч-кудурет Аллага жана Элчисине гана таандык экендигин айтмайын, сени ордуңдан бир да кадам жылдырбайм!...- деп кыйкырат.

Эки жүздүүлөрдүн башчысынын мууну калчылдап калат. Ушунча адамдын алдында уулунун өзүнө жасаган аракети намысына тийет:

-Мени ушунча элдин алдында уят кылгың барбы? - дейт.

Уулу ыйман толо жүрөк менен:

-Ооба, бүгүн адамдардын арасында шермендеси чыккан акмак менен эң жогору адамдын ким экендигин сага түшүндүрмөйүнчө кое бербейм. Чындыкты мойнуңа албасаң башыңдан айрыласың… - дейт.

Жүзү кара эки жүздүүнүн колу-буту байланып калгандай эле болот. Уулунун айтканынан кайтпай турганын түшүнүп, мууну калчылдайт. Андан соң каалабаса да, чындыкты тил учунан гана:

-Күч-кудурет Аллага, Анын Элчисине жана мусулмандарга таандык экендигине күбөгө өтөм - деп айтууга аргасыз болот.

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Абдуллахка:

- Алла Таала сенин ушундай Пайгамбар жана мусулмандар үчүн болгон демине ыраазы болуп, сени Өз ырайымына бөлөсүн! - деп дуба кылып, атасына жол беришин буюрат *(Ибн Хишам, III, 334-337; Ибн Саад, II, 65; Хайсами, IX, 317-318; Замахшари, VI, 117).*

Сахабалар Алланын Элчисин өз жандарынан да жакшы көрүшөр эле. Алар анын бир сакал кылына да зыян келишине ыраазы болбос эле. Ага баш көтөргөн адам эгер аталары болсо да, ага тоскоол болууга дайым даяр турушкан.

## **ХАНДАК КАЗАТЫ** (Шавваль-Зилкаада, 5-жыл/ Март, 627-жыл)

Хандак казаты - бутпарастар тарабынан мусулмандарга каршы жарыяланган өтө оор согуштардын бири болгон. Бул согуштун максаты мусулмандарды жана Ислам мамлекетин түп орду менен жер бетинен тазалоо эле.

Сүргүнгө айдалган жөөт Надир уруусунун аттуу-баштуулары Хайбарга баш калкалашкан эле. Надир жөөттөрү мусулман-

дардан өч алууну энсеп турушкан эле. Курайш бутпарастарына чогуу кол салууну сунуш кылышат. Алар жадагалса бутпарастыктын мусулманчылыктан да жогору болгонун айтып, айкелдерге табынууга чейин барышат. Бу жаатта Алла Таала мындай буюрат:

أَلَمْ تَرَ إِلَى الَّذِينَ أُوتُواْ نَصِيباً مِّنَ الْكِتَابِ يُؤْمِنُونَ بِالْجِبْتِ وَالطَّاغُوتِ وَيَقُولُونَ لِلَّذِينَ كَفَرُواْ هَؤُلاء أَهْدَى مِنَ الَّذِينَ آمَنُواْ سَبِيلاً أُوْلَـئِكَ الَّذِينَ لَعَنَهُمُ اللّهُ وَمَن يَلْعَنِ اللّهُ فَلَن تَجِدَ لَهُ نَصِيراً

**«Китеп түшүрүлгөн адамдардын жасалма кудайларга (айкелдерге) жана жин-шайтандарга сыйынып жаткандарын жана каапырларга: «Ыйман келтиргендердин жолунан силердин жол туура» - дешкендерин көрбөдүңбү? Алар Алланын каргышына калган адамдар. Кимди Алланын каргышына калса, ага жардамчы таба албайсың»** *(Ниса сүрөсү, 51-52-аяттар)*[202]

Бутпарастарга мындай сунуш майдай жагып, дароо кызуу даярдыктарын көрүшөт. Мусулмандардын Ухуд казатында жеңилүүгө дуушар болушу арап урууларынын чырагына май тамызат. Ошентип Курайш бутпарастары он миң кол топтоого жетишет.[203]

Кабар Алланын Элчисине да жетип дароо сахабалары менен жыйын өткөзөт. Сахабаларга Алланын жарлыктарына моюн сунуп, Алланын жолунда аракет кылган чакта Алладан жардам келээрин айтат. Аллага жана Элчисине баш ийүүлөрүн буюрат.

Алла Таала Пайгамбарыбызга аң казышын билдирет. Ал-

202. Вахиди, 160.

203. Вакиди, II, 444; Ибн Саад, II, 66

ланын Элчиси сахабаларына эки сунуш менен кайрылат. Бири Мединадан чыгып душмандардын он миң колу менен кармашуу, экинчиси коргонуу үчүн шаарды айланта аң казуу. Салман Фариси:

-О, Алланын Элчиси! Биз да өз жерибизге т.а., Перс аймагына душмандар келгенде ордобузду айланта аң казаар элек - дейт.

Салмандын бул сөзү бардык мусулмандарга жагат.[204]

Сахабалар  бул учурда Ухуд согушун эстешет. Ухуд согушунда да Алланын Элчиси Мединада коргонууну каалаган эле. Ошентип, Медина шаарын айланта аң казууга чечим чыгарылат.

Медина бир жагынан гана ачык жана коркунучтуу эле. Башка жактары жанаша салынган үйлөр чеп сыяктуу эле. Ошондой эле курмалар да адам өтө алгыс, жыш отургузулган эле. Алланын Элчиси сахабаларына душмандар келе турган тарабын казууну буюрат. Шайхайн чебинен «Мазад» - деген жерге чейинки аралыкты ар бир он адамга өзүнчө: «Мына бул жерден ушул жерге чейин силердики»-деп бөлүп берет.[205]

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сахабалар менен кошо аң казышат. Бул учурда Мединада ачарчылык өкүм сүрүп жаткан эле. Ошондуктан Пайгамбарыбыз ач болгондуктан кардына таш байлап алат.[206] Ошентсе да пайгамбарлардын султаны атанган азирети Пайгамбарыбыз (алейхис-солаату вассалаам) Жараткан Аллага шүгүр келтирүүдөн эч жазбайт.

Азирети Бара бин Азиб *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алланын Элчисин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Азхаб су-

204. Ибн Хишам, III, 231; Вакиди, II, 445

205. Табари, Тарых, II, 568; Диярбекри, I, 482

206. Бухарий, Магази, 29

рөсү күнү[207] биз менен топурак ташып жүргөнүн көрдүм. Абдуллах бин Раваханын ушул (маанидеги) ырын окуп жатты:

اَللّٰهُمَّ لَوْلاَ أَنْتَ مَااهْتَدَيْنَا

وَلاَ تَصَدَّقْنَا وَلاَ صَلَّيْنَا

فَأَنْزِلَنْ سَكِينَةً عَلَيْنَا

وَثَبِّتِ الْأَقْدَامَ إِنْ لاَقَيْنَا

إِنَّ الْأُلَى قَدْ بَغَوْا عَلَيْنَا

وَإِنْ اَرَادُو فِتْنَةً أَبَيْنَا

«Оо, Жараткан! Сен бизге туура жолунду көргөзбөгөнүндө, биз кайыр-садага да бербес элек, намаз да окубас элек! Оо, Жараткан Алла! Душман менен кездешкен кезде бизге сабырдуулук бере көр. Бутубузду (адал жолдон) тайгыза көрбө! Алар бизге кол салышты. Жүрөк үшүбүздү алууга аракет кылышса да, биз эч качан качпайбыз, чыдайбыз!»

Ырдын аягындагы «абайна: качпайбыз, чыдайбыз» - деген жерге келгенде үнүн жогорулатып турду» *(Бухарий, Магази, 29)*

Сахабалардын да карды ачып, кыйналып турушкан эле. Азирети Анас *(Алла ага ыраазы болсун!)* бул жагдай жөнүндө мындай  дейт:

«Сахабаларга бир ууч арпа алынып келээр эле. Арпа даамы да, жыты да өзгөргөн май менен бышырылаар эле. Сахабалар майдын эски май экенин билишээр эле. Тамактын даамсыз, жагымсыз жыты боло турган» *(Бухарий, Магази, 29)*

Хандак казууда жаш-кары дебей бардык мусулмандар иш-

207. Хандак казатында ар кошкондун баары мусулмандарга каршы согуш ачкандыктан бу согуш «Азхаб согушу» - деп да айтылып калган.

теп жаткан эле. Аң казылып жаткан кезде он беш жашар азирети Зайд бин Сабит *(Алла ага ыраазы болсун!)* көзү илинип уктап кетет. Мусулмандар аны андын кыйырында уктап жаткан калыбында таштап кетет. Азирети Умара бин Хазм Зайддын жанына акырын келип тамаша кылайын деген ой менен курал-жарагын алып катып коет. Зайд ойгонуп, курал-жарагын таба албай чоочуп кетет. Пайгамбарыбыз Зайдды жанына чакырып:

-Эй, уйкучу! Сен уйкуга кирдиң, курал-жарагыңан да ажырадың! - дейт да сахабаларынан:

-Бу жигиттин курал-жарагы кайда? -деп сурайт.

Азирети Умара *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-О, Алланын Элчиси, мен билем, курал-жарагы менде - дейт.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

-Зайдка курал-жарагын кайтарып бер! -деп, тамаша иретинде да болсо мусулмандарды коркутууга, алардын бир нерсесин алып катып коюуга тыюу салат *(Вакиди, II, 448).*

## Хандакта берилген куш кабар

Аң казуу учурунда сахабалар чоң ташка туш келип, аны чыгара албай калышат. Пайгамбарыбызга айтып келишет. Пайгамбарыбыз учтуу барсканды алып келип «бисмиллах» - деп ташты үч жолу урат. Ошентип чоң таш майдаланып түшөт.[208] Пайгамбарыбыз ар бир урушунда мусулмандарга сүйүнчү айтып жаткан эле. Биринчи урушта Шамдын (ал кезде Шам Византияга карап турган), экинчисинде Ирандын, үчүнчү урушта Йемендин ачкычы өзүнө берилгендигин жана бул мамлекеттердин ак сарайларын көрүп турганын айтат. Бул жерлердеги элдердин

208. Бухарий, Магази, 29

Исламга кирээрин айтып, келечекте чоң жетишкендиктерге жетишээрин маалымдаган эле.[209] Ошентип чындык жакын арада жалганды жокко чыгараарын сүйүнчүлөйт.

Пайгамбарыбыз Кисранын Мадаиндеги ак сарайын сүрөттөгөндө азирети Салман Фариси *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-Туура айттың! Сени акыйкат дин жана ыйык Китеп менен жөнөткөн Аллага ант берем! Аны дал өзүндөй сүрөттөдүң! Сенин Алланын Элчиси экендигиңе дагы бир жолу күбөгө өтөм! - дейт.

Анда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*-Эй, Салман! Бул жеңиштерди Алла Таала менден кийин силерге насип кылат! Шам сөзсүз колго алынат! Герак өлкөсүнүн тиги учуна чейин качат! Силер бүтүндөй Шамга ээлик кыласыңар! Эч ким силерге каршы чыга албайт. Йемен да сөзсүз колго өтөт! Андан соң Кисра өлтүрүлөт!* - деп буюрат.

Азирети Салман *(Алла ага ыраазы болсун!)* кийин:

-Мен булардын бардыгын өз көзүм менен көрдүм! - деген *(Вакиди, II, 450).*

Бул жерлер удаама-удаа колго алынган сайын азирети Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун!)* да:

-Бул жеңиштер силер үчүн болгону башталыш! Абу Хурайранын жанын чексиз кудуретинде кармап турган Аллага ант берем! Колго алынган жана кыяматка чейин колго алына турган жерлердин ачкычын Алла Таала Азирети Пайгамбарыбызга эбак эле берген! – деген эле *(Ибн Хишам, III, 235).*

Алла Элчисинин мындай сүйүнчүсү мусулмандар үчүн ошол учурда өтө чоң дем-күч болгон. Акыбет мусулмандардын пайдасына, душмандардын зыянына болоору мурунтан билинип,

209. Ахмед, IV, 303; Ибн Саад, IV, 83, 84

мусулман жоокерлердин сабырына сабыр, каруусуна каруу, демине дем кошкон эле. Анткени Хандак казаты өтө оор казат эле. Алланын Элчиси:

*«Оо, Жараткан Алла! (Чыныгы) Жашоо – албетте, акыреттеги жашоо. Ансарларга жана мухажирлерге жардам бере көр!...»* *(Бухарий, Магази, 29)* - деп жалбарып, бул дүйнөдөгү мындай кыйынчылыктар акыреттеги түбөлүк бакыт үчүн эң сонун мүмкүнчүлүк экенин айтып, сахабаларын акыретке багыттайт.

## Азирети Жабирдин сыйы

Азирети Жабир *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

Биз бул учурда аңдарды казып жаткан элек. Алдыбыздан чоң таш чыкты. Сахабалар Пайгамбарыбызга барып:

-О, Алланын Элчиси! Чоң таш чыкты - дешти.

Пайгамбарыбыз:

-Мен аңга түшөм - деди. Ачкалыгынан кардына таш байлап алган эле. Биз үч күн бою эч нерсе жебей ошол жерде болгон элек. Пайгамбарыбыз барсканды колуна алып, баягы чоң ташты урду. Таш майдаланып үбөлөнө түштү. Мен:

-О, Алланын Элчиси! Уруксат берсеңиз, үйгө барып келсем? -дедим. Үйгө барып жубайымдан:

-Алла Элчиси алсырап калды. Үйдө эмне бар? - деп сурадым.

Ал:

-Бир аз арпа, анан бир улак бар -деди.

Улакты союп, арпаны жаргылчакка тарттым. Этти казанга салдык. Нан бышып, казан кайнап жатканда Алланын Элчисине

келдим:

-О, Алланын Элчиси! Бир аз сыйым бар, бир-эки киши менен бирге биздикине жүрүңүз -дедим.

Алланын Элчиси:

-Тамагың канчалык? - деп сурады. Мен болгонун айттым. Анда Пайгамбарыбыз:

-*Анда тамагың көп экен. Жубайыңа айт, мен барганга чейин казанды очоктон чыгарбасын, нанды да чыгарбай кое турсун!* - деди да сахабаларына:

-*Эй, Хандак жоокерлери! Жабир бизди конокко чакырып жатат. Кана эмесе, жүрүгүлө!* - деп бийик үнү менен жар салды. Сахабалардын баарысы жолго чыкты. Мен шашып жубайыма жөнөдүм. Жубайыма:

-Эми эмне кылабыз! Пайгамбарыбыз бүт мухажирлер жана ансарлар менен келе жатат - дедим.

Ал:

-Алланын Элчиси сенден тамагыбыз жөнүндө сурадыбы? - деди.

Мен:

-Ооба - дедим. Анда жубайым:

-Андай болсо, эч кабатыр болбо! Ал эмне кылып жатканын сенден алда канча жакшы билет! - деди.

Бир аздан кийин келген Пайгамбарыбыз сахабаларына:

-Кысылышпай киргиле! - деп буюрду. Он-ондон болуп киришти. Пайгамбарыбыз нанды сындырып, үстүнө эт коюп сахабаларына берип жатты. Казандан эт алган сайын казандын капкагын, тандырдан нан алган сайын тандырдын оозун жаап

турду. Үйгө миндей Ислам жоокери келген эле. Жоокерлердин баары карды тойгончо сый тамактан даам татышты. Казанда тамак артып да калды. Алланын Элчиси жубайыма:

*-Мындан өзүң да даам тат, кошуналарына да бер! Ачарчылык өкүмүн сүрдүрүп, элди бүлгүнгө салды!* - деди *(Бухарий, Магази, 29; Муслим, Ашриба, 141; Вакиди, II, 452).*

Ошентип, бир канча кишилик тамак менен (Алланын уруксаты менен) миң киши тоюп, Ал тургай ашып калган тамак кошуналарга да берилет. Бул - Пайгамбарыбыздын ачык-айкын мужизаларынан[210] бири эле.

Алланын Элчиси байлыгын Алланын жолунда сарптагандыктан колунда ашыкча мал-мүлкү болчу эмес. Муктаждык болгон чакта да сахабаларына билгизбей, эч кимге жүк болгусу келген эмес. Ошентсе да сахабалар Пайгамбарыбыздын ал-абалына өтө кылдаттык менен көз салып турушаар эле. Эгерде кандайдыр бир муктаждыгын байкап калышса, дароо аны камсыздоого аракет кылышар эле. Алла Элчисинин ачкалыктан улам жадагалса үнүнүн араң чыкканын угаар замат үйлөрүндө эмне тамагы болсо, алып келишер эле.[211] Эгер үйлөрүндө тамагы жок болсо, элдин төөлөрүн сугарып болсо да, бир канча курма таап келе турган.

Ырас, Пайгамбарыбыз күндөрдүн биринде ансарлардан бир сахабасына кезигип калат. Сахаба:

-О, Алланын Элчиси! Ата-энем сага садага! Жүзүңүз өзгөрүп калыптыр, сизге эмне болду? Мени бул абалыңыз катуу түйшөлтүп турат?! - дейт.

Пайгамбарыбыз ардактуу сахабасын жоодурай карап:

---

210. Мужиза – бул, пайгамбарлардан башка адамдын колунан келбей турган адаттан тышкаркы көрүнүш. Мужизалар Алла Тааланын пайгамбарларга болгон өзүнчө белеги болуп, Жалгыз Өзүнүн уруксаты менен гана жүзөгө ашат.

211. Бухарий, Атима, 6; Муслим, Ашриба, 142

-*Ачарчылык* - дейт. Кутман сахаба бул сөздү угаар замат зээни кейип, кайгы-муңга бата түшөт. Дароо жүгүрүп үйүнө келет. Үйүн тинтет, бирок эч нерсе таба албайт. Дароо Курайза уруусунан бир жөөткө барып, кудуктан алып чыккан ар бир чака суу үчүн бир даана курма алганга сүйлөшөт. Ошентип, бир ууч курма чогултуп, шашылып Пайгамбарыбыздын алдына келет. Алланын Элчиси дале баягы жерде отурган эле. Сахаба:

-О, Алланын Элчиси, келиңиз, өзөк жалгап алыңыз! - дейт.

Ааламдардын мырзасы курманы кайдан келгенин сурайт. Кутман сахаба айтып берет. Азирети Пайгамбарыбыз:

-*Сен Алланы жана Анын Элчисин абдан жакшы көрөсүң!* - деп алкоого алат.

Кутман сахаба:

-Ооба, Сени чыныгы пайгамбар катары жөнөткөн Аллага ант берем! Сен мага жанымдан да, баламдан да, үй-бүлөмдөн да, мал-мүлкүмдөн да сүйкүмдүүсүң! - дейт.

Анда Алланын Элчиси:

-*Андай болсо, кедейликке сабырдуу бол! Машакаттарга каршы өзүңө калкан камдап ал! Мени чыныгы пайгамбар катары жөнөткөн Аллага ант берем! Бу эки нерсе (кедейлик жана балээ) мени сүйгөн адамга, тоонун чокусунан суунун төмөн агып түшүшүнөн да ылдам келет»* - дейт. *(Хайсами, X, 313; Захаби, Сияр, III, 54; Ибн Хажар, аль-Исаба, III, 298).*

## Салгылашуу

Кыш. Бутпарастар Мединаны курчоого алган кез. Душмандар адам өтө алгыс анды көрүп, айласын таппай калат. Мединага кирүүгө дараметтери жетпейт.

Душмандар чатырларын куруп кирген кезде Алланын Элчиси ордуна азирети Ибн Умму Мактумду калтырып, үч миң адамдан турган Ислам колу менен бирге дароо казылган аң тарапты көздөй бет алат. Мусулмандар Сел тоосунун этегине жайланышат. Шаарда калган бала-бакыра, аялдардын чептерге коргонууларын буюрат.[212] Он беш жашка толо элек балдарды артка кайтарат. Он беш жаштагы Ибн Умар, Зайд бин Сабит жана Бара бин Азиб сыяктуу жаш уландарга согушка уруксат берилет.[213]

Бул учурда Курайза жөөт уруусу кезектеги кыянатчылыгын жасап, тынчтык келишимге балта чабат. Алар муну менен экинчи жолу келишимди бузуп жатышкан эле. Ошентип мусулмандар эки чоктун ортосунда кала турган болот. Жөөттөр бутпарастардын башчысы Абу Суфянга элчи жөнөтүп:

-Силер чыдап тургула! Биз мусулмандарга аркадан кол салабыз, мусулмандарды түп орду менен жок кылабыз! -дешет.[214]

Бу кыянатчылык Алла Элчисине өтө оор келет. Бирок Ал дайыма Аллага тобокел кылып, моюн сунаар эле. Ошондуктан мындай оор абалда да:

*«Хасбуналлах, ва нимал-Вакиил!» «Жараткан Алла бизге жетиштүү! Ал кандай гана ишенимдүү өкүл!»* - деп буюрат *(Вакиди, II, 457; Ибн Саад, II, 67).*

Андан соң:

*-Бизге ким Курайза уруусунан кабар алып келет?* - деп сурайт.

Азирети Зубайр бин Аввам *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

212. Ибн Хишам, III, 235

213. Вакиди, II, 453.

214. Абдурраззак, V, 386

-Мен, о, Алланын Элчиси! - деп жолго түшөт.

Алланын Элчиси кырдаал курчуп күч алган кезде азирети Зубайрды жөөттөрдөн кабар алуу үчүн бир канча жолу жөнөтөт. Азирети Зубайрдын бу кызматына ыраазылыгын билдирип:

-Ар бир пайгамбардын бир жардамчысы болот. Менин жардамчым - Зубайр! -деп алкыш айтат *(Ахмед, III, 314)*.

Андан соң Пайгамбарыбыз жөөттөргө өзүнчө тайпа жөнөтөт. Бул тайпага мындай дейт:

*-Баргыла, карап көргүлө! Бизге келген кабарлар туурабы же жаңылышпы? Эгер туура болсо, аны мага жашыруун билдиргиле! Ачык айтып элдин жүрөк үшүн албагыла, коркутпагыла! Эгер алар ортобузда түзүлгөн келишимди бузушкан эмес болсо, муну элге ачык айтсаңар боло берет!*

Тайпа Курайза уруусу отурукташкан жердин кыйырына келет. Аларды уккандарынан да жаман абалда көрүшөт *(Ибн Хишам, III, 237).*

Азирети Пайгамбарыбыз аркадан келе турган кол салууга каршы Мединаны коргоо үчүн азирети Салама бин Асламга *(Алла ага ыраазы болсун!)* эки жүз, азирети Зайдга *(Алла ага ыраазы болсун!)* үч жүз жоокер берип артка жөнөтөт. Бул эки кол Мединаны күзөтүп, бийик добуш менен ураан салып, такбир айтып (Аллаахү акбар - дешип) Медина көчөлөрүн кыдырышмакэле.[215]

Ошентип мусулмандар жөөт Курайза уруусунун чабуулуна туш болбойт. Таң атат. Мусулмандар кыйла эс алып калышат. Азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

«Мединада калган бала-бакырабызга Курайза жөөттөрүнөн келе турган коркунуч Курайш жана Гатафан кошуундарынан

215. Ибн Саад, II, 67.

келе турган коркунучтан да жогору эле. Тез тез Сел тоосунун чокусуна чыгып Мединага көз салып, алардын тынч жатканын көрүп, Алла Таалага шүгүр келтирип жаттым!» - дейт. *(Вакиди, II, 460)*

Азирети Умму Салама мындай дейт:

«Мен Мурайси, Хайбар, Худайбия, Меккенин алынышы, Хунайн сыяктуу бир топ казаттарда Алла Элчисинин жанында болдум. Булардын эч бири Алланын Элчиси үчүн Хандактан оор, коркунучтуу болгон эмес. Хандак казатында Курайза уруусунун бала-бакырабызга кол салуусу толук ыктымал эле» *(Вакиди, II, 467).*

Ошондой эле бутпарастар тез-тез хандактан (андан) өтүүгө аракет кылып, түн жарымына чейин катуу кагылышуулар болуп, кээ-кээде Алла Элчисинин чатырына да жебелер келип сайылып жаткан эле.

Бир кезде душмандар Алланын Элчиси турган жерге болгон күчүн жыйнап чабуулга өтөт. Ал күнү Пайгамбарыбыз да, сахабалар да намазын окууга мүмкүнчүлүк таба алышпайт. Кеч кирип, кошуундар кайра артка чегинген кезде Алланын Элчиси Билалга азан айтуусун буюрат. Ар бир намаз үчүн коомат айтып, бешим, асыр жана шам намаздарын каза намаз катары окушат.[216] Буга катуу кайгырган Алланын Элчиси «көзүмүн нуру» - деп атаган намазга жолтоо болгон бутпарастарга:

*«Алар бизди күн батканга чейин алагды кылып намаз окууга жолтоо болушканы үчүн Алла Таала аларды үйлөрүнө, курсактарына жана кабырларына (тозок) отун толтурсун!»* - деп наалат айтканга чейин барат *(Бухарий, Магази, 29; Ибн Саад, II, 68-69; Ибн Касир, аль-Бидая, IV,112).*

216. Ошентип бул окуя өз учурунда окулбай калган намаздарды каза намаз катары окууга далил болуп калган.

## Айыгышкан Хандак согушундагы эрдиктер

Бул согушта да жаш-кары дебей бардыгына өз-өзүнчө жоопкерчиликтер бөлүнүп берилген эле. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* өзү андын ичке, тар жагында күзөттө турат.[217]

Азирети Умму Салама *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Хандакта Алла Элчисинин жанында жүрдүм. Жанынан карыш чыкпадым. Алланын Элчиси хандакты өзү кайтарып турду. Суук түштү. Алланын Элчисин карап турдум. Намазга турган эле. Андан соң анга көз жүгүртүп:

-*Мына булар бутпарастардын атчандары го, хандакты (анды) айланып жүрүшөт! Буларга ким каршы чыгат?* - деди. Анан кайра:

-*Эй, Аббад бин Бишр!* – *деп, азирети Аббадга үн салды. Ал:*

-Угуп жатам, о, Алланын Элчиси! – деди. Алланын Элчиси:

-Жанында адам барбы? – деп сурады. Ал:

-Ооба! Бир канча сахабалар менен чатырыңыздын жанында турабыз! – деди.

Анда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

-*Досторуң менен бирге андын кыйырына барып тургула! Кыязы, тигинде тургандар душмандардын атчан жоокерлери көрүнөт. Силерге кол салуу үчүн айланып жүрүшөт, капилеттен пайдаланып, күтүүсүздөн кол салып, силерди өлтүрүүнү көздөп турушат!* - деди да:

217. Вакиди, II, 463-464.

*«Оо, Жараткан Алла! Булардын жамандыгынан бизди алыс кыла көр! Бизге жардамыңды аяба, бизге жеңишти ыроолой көр! Бизге Сенден башка жеңиш ыроолочу эч ким жок!»* -деп Жаратканга алакан жая дуба кылды.

Азирети Аббад бин Бишр жанындагы сахабалар менен Пайгамбарыбыз айткан жерге барышты. Бул учурда бутпарастардын башчысы Абу Суфян атчан жоокерлери менен андын баягы ичке жеринде жүрүшкөн эле. Мусулмандар тиги атчан жоокерлерге таш ыргытып, жаа тартып киришти. Мен да ушул тайпа менен ошол жерде элем. Ошентип душмандардын атчан жоокерлерине таш жаадырып, жебе тарттык. Акырында атчандарды алсыраттык көрүнөт. Артка чегинүүгө аргасыз болушту. Алла Элчисинин жанына барганымда ал намазда туруптур... Алла Таала азирети Аббад бин Бишрди чексиз ырайымына бөлөсүн! Ал ар качан Алла Элчисинин чатырын кайтарган сахаба эле» *(Вакиди, II, 464).*

Алла Элчисинин эжеси (атасынын карындашы) азирети Сафия ал учурда катын-калач, бала-чакалар менен бирге азирети Хасан бин Сабиттин «Фари» - деген сарайында эле. Жөөттөрдөн он киши келип баягы сарайга жаа тартып, ал жерге кирүүгө далалат кылышат. Алардын бири сарайды айланып, ачык жер издеп жүргөн эле. Ал учурда Алланын Элчиси душмандар менен согушуп жаткан эле.

Азирети Сафия *(Алла ага ыраазы болсун!)* айласын таппай, бул балээден кутулууга өзүнөн башка эч ким жоктугун көрүп, башын жоолук менен бекем байлап, колуна таяк алып сарайдан чыгат. Эшикти ачып, ал жерде ары-бери басып жүргөн жөөткө арка тарабынан билгизбей жакындап барат. Жөөттү колундагы таяк менен баштан ары бир салып, жерге сулатат. Эшиктин алдында жүргөн жөөттүн өлүп жатканын көргөн жөөттөрдүн жүрөгү түшүп:

-Бизге бул жерде аялдарды караган эч ким жок дешпеди беле! - деп артка кайтып кетишет *(Хайсами, VI, 133-134; Вакиди, II, 462).*

Азирети Аиша *(Алла ага ыраазы болсун!)* энебиз сахабалардын Алланын жолунда салгылашууга болгон ышкысын төмөнкү окуя менен түшүндүрүп берген:

«Хандак казаты. Кошуундун аркасынан мен да бардым. Арка тараптан бир үн келди. Саад бин Муаз менен бир тууганынын уулу Хариса бин Авс экен. Турган жеримден жылбадым. Саад өзүнө кичине соот кийип алыптыр. Колдору чолоюп чыгып турат. Жихадка үндөгөн, Алланын жолунда ажал табуу учурунда өлүмдүн таттуулугу жөнүндө бир ыр окуп жатты. Апасы ага:

-Уулум! Жүгүр, Алла Элчисине жетиш! Кечигип калдың, бол эми! - деп жаткан эле.

Сааддын энесине:

-Сааддын соотунун бармактарына чейин бардык денесин жаап турушун каалар элем - дедим. Сааддын ачык калган колунан жарат алышынан корккон элем.

Сааддын энеси:

-Алла Таала өз өкүмүн аткарат! - деди. Саад ошол күнү эле жарадар болуп калды» *(Ахмед, VI, 141; Ибн Хишам, III, 244)*

Азирети Саад *(Алла ага ыраазы болсун!)* катуу жарат алганына көз жетип:

«Оо, Жараткан! Эгер Курайш бутпарастары менен мындан кийин да салгылашуу боло турган болсо, ал согушка да катышуум үчүн мени аман-эсен калтыра көр! Анткени Алла Элчисине зордук-зомбулук көрсөткөн, аны өз жеринен кууп чыккан Курайш уруусу менен салгылашууну каалагандай, башка эч бир уруу менен салгылашкым келбейт. Эгер мындан кийин алар менен салгылашпай турган болсок, бу жаратымды шейит кетүүмө

себепкер кыла көр! Мени өз алдыңа ала көр! Курайза уруусу жазаларын алганын көргөнгө чейин жанымды ала көрбө!» - деп Алла Таалага жалынып жалбарат *(Вакиди, II, 525; Ибн Саад, III, 423).*

Азирети Саад *(Алла ага ыраазы болсун!)* дуба кылып бүтөөр замат каны «тып» басылат.[218]

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* атайын азирети Саад үчүн мечитке өзүнчө чатыр салдырат. Максат, аны менен тез-тез көрүшүп, жакындан алакадар болуп туруу эле.[219]

* * *

Терең жана кең казылган андан бутпарастардын саналуу гана баатырлары өтө алышат. Бул баатырлардын бири Амр бин Абд бүтүндөй Арапстанга атагы чыккан, менмен деген балбандарынан болгон. Аны менен азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун!)* кармашат. Алланын уруксаты менен азирети Али Амр бин Абды жерге сулата чабат. Бутпарастардын калган баатырлары да набыт болушат.

Согуш созулгандан созулуп бараткан эле. Мусулмандар абдан кыйналып кетишкен эле. Жападан жалгыз үмүтү Алла Таалада гана болуп калган эле. Бул жагдай жөнүндө Алла Таала мындай буюрат:

**«Ошондо алар силердин жогору тарабыңардан да, төмөн тарабыңардан да (кол салып) келишкен эле. Ошондо көздөр тунарып, жүрөктөр алкымдарга тыгылып калган эле. Силер Алла Таала жөнүндө (түрдүү) ой жоруй баштаган элеңер. Дал ошол жайда момундар (дагы бир ирет) сыналып, (бул коркунучтан) катуу коркушту.**

218. Тирмизи, Сияр, 29/1582; Ахмед, III, 350.

219. Бухарий, Магази, 30.

**Ошондо эки жүздүүлөр жана жан дүйнөлөрүндө дарты бар адамдар: - Алла Таала жана Анын пайгамбары бизге жалган гана убада бериптир - дей башташты. Ошондо алардан бир тайпа: - Эй, Ясриб (Медина) калкы, эми силер үчүн мынчалык (көп сандаган душмандарга каршы) туруууга мүмкүнчүлүгүңөр жок, кайткыла (үйүңөргө) –десе дагы бир бөлүгү пайгамбардан: -Үйлөрүбүз ачык-ээн калган болчу - деп уруксат сурашат. Чындыгында алардын үйлөрү ээн эмес болучу. Алар болгону согуштан качууну гана ойлошкон. Эгер аларга ар тараптан (душмандар) басып кирип, алардан (Исламдан) баш тартууну талап кылышса, алар дароо баш тартышмак. Болбосо, мурун кайра качпоо тууралуу Аллага ант беришкен болчу. Аллага берген убадалары үчүн жооп беришет. (Эй, Мухаммад): «Эгер силер өлүмдөн, же өлтүрүүдөн качсаңар, бул качуу силерге эч кандай пайда бербейт. Качсаңар деле (бул дүйнөдөн) аз гана пайдаланасыңар» - деп айткын!»** *(Азхаб сүрөсү, 10-16-аяттар).*

**«Момундар салгылашкан тайпаларды көргөн чакта: «Бул- Алла Таала жана Пайгамбары бизге убада кылган нерсе (сыноо). Алла Таала жана пайгамбарынын сөзү туура» - дешти. Ошентип, алардын ыйманын жана моюн сунуучулугун дагы да бекем кылды»** *(Азхаб сүрөсү, 22-аят)*

## Согуш – бул, айлакерлик

Мусулман жоокерлер душмандар менен согушууга, бүт күчүн жумшайт. Гатафан уруусунун аттуу-баштууларынан мусулманчылыкты кабыл алып, бирок Алла Элчисинин: *«Согуш – бул айлакерлик»* *(Бухарий, Жихад, 157; Муслим, Жихад, 17)* - деген сөзүн карманып, өзүн жашырып жүргөн азирети Нуайм *(Алла ага ыраазы*

*болсун!)* бутпарастар менен Курайза уруусун бөлүп, жаатташтырат. Мединаны курчоого алган уруулар өздөрүнчө чатакташып, ортолорунда жанжал чыгып кетет. Ар ким бири-биринен сестенип, этият болуп калат. Ортолоруна жик түшөт. Акырында жөөттөр Нуаймга алданып, чептерине чегинишет. Майданда мусулмандар менен бутпарастар гана согушуп калат. Ошентсе да, мусулмандардын ал-абалы оор эле. Бутпарастардын курчоого алуусу мусулман кошуунү үчүн чоң сыноо эле. Бул жөнүндө төмөнкү аятта минтип айтылат:

أَمْ حَسِبْتُمْ أَن تَدْخُلُواْ الْجَنَّةَ وَلَمَّا يَأْتِكُم مَّثَلُ الَّذِينَ خَلَوْاْ مِن قَبْلِكُم مَّسَّتْهُمُ الْبَأْسَاءُ وَالضَّرَّاءُ وَزُلْزِلُواْ حَتَّى يَقُولَ الرَّسُولُ وَالَّذِينَ آمَنُواْ مَعَهُ مَتَى نَصْرُ اللّهِ أَلاَ إِنَّ نَصْرَ اللّهِ قَرِيبٌ

**«Же (эй, момундар) силерден мурунку өткөндөрдүн мисалы силерге келбей туруп бейишке кирүүнү ойлодуңарбы? Аларга кыйынчылыктар (катар-катары менен) келе бергендиктен, алар ыргылжың болуп калышты. Ошондуктан, пайгамбар, аны менен бирге ыйман келтиргендер: «Акыры Алланын жардамы качан келет?»- дей башташты. (Ошондо аларга) мындай жооп болду: «Билип койгула, албетте, Алланын жардамы жакын!»** *(Бакарасүрөсү, 214-аят)*.[220]

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Жаратканга жалбарат:

*«Оо, Жараткан Алла! Оо, Ыйык Куранды түшүргөн Алла Таала! Оо, душмандардан эсебин тез алган Алла! Мединаны курчоого алган мына бул арап урууларын ыдырата көр! Оо, Алла Таала! Душмандарды кайтара көр, максаттарына жетиш-*

220. Табари, Тафсир, II, 464.

*песин, бизге турuштук бере алышпасын!»* (Бухарий, Магази, 29).

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* дуба кылган соң Алла Тааладан жардам келет. Жел менен башталган шамал акырында барып бороон-чапкынга айланат. Душмандарды көздөй соккон бул бороон алдынан эмне чыкса, баарын алып учуруп, Медина шаарынын чаң-топурагын бутпарастардын үстүнө сапырат. Ал тургай чатырларын түп орду менен учуруп кетип жаткан эле. Күлазык, казан-аяктын баарын ай-асманга учуруп кеткен эле. Бороон жүк ташыган төөлөр менен согушка даярдалган аттарды да аралаштырып жиберген эле.[221]

Мындай асмандан келген Алланын балээсине кабылган бутпарастар эндирей түшөт. Согушууну жан көңүлдөн каалап турган Абу Суфян да айласыздан:

-Мен артка кайттым. Силер да жолго аттангыла! -деп төөсүн минип, Меккеге жол тартат.[222]

Ошентип, Алла Таала мусулмандарга жардам берет. Бул жөнүндө аяттарда мындайча баяндалат:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا اذْكُرُوا نِعْمَةَ اللهِ عَلَيْكُمْ إِذْ جَاءَتْكُمْ جُنُودٌ فَأَرْسَلْنَا عَلَيْهِمْ رِيحاً وَجُنُوداً لَّمْ تَرَوْهَا وَكَانَ اللّٰهُ بِمَا تَعْمَلُونَ بَصِيراً

**«Эй, момундар, силерге (каршы турдуу жамааттардан болгон) аскерлер келген кезде Биз алардын үстүнө шамал жана силер көрбөгөн аскерлерди (периштелерди) жибергенибизди, Алланын силерге ыроологон жакшылыгын эстегиле! Алла Таала жасап жаткан ар бир ишиңерди көрүп турат»** *(Азхаб сүрөсү, 9-аят)*

221. Ибн Саад, II, 71.

222. Ибн Хишам, III, 251

وَرَدَّ اللهُ الَّذِينَ كَفَرُوا بِغَيْظِهِمْ لَمْ يَنَالُوا خَيْراً وَكَفَى اللهُ الْمُؤْمِنِينَ الْقِتَالَ وَكَانَ اللهُ قَوِيّاً عَزِيزاً

**«Алла Таала каапырларды кайгы-муңга баткан абалда кайтарды. Алар ийгиликке жете алышкан жок. Алла Таала момундарга жетиштүү (Колдоочу). Алла Таала – (чексиз) Кудуреттүү»** *(Азхаб сүрөсү, 25-аят)*

Бутпарастар аргасыздан бир топ буюм-тайымдарын, төө-аттарын калтырып артка чегинишет. Ошонун аркасы менен Мединадагы ачарчылыктан эл аман-эсен чыгат. Алланын Элчиси Жараткандын ырайымынан соң сахабаларына:

*-Эми кезек силердики! Мындан кийин Курайш силерге каршы согуш жарыялабайт!* – дейт. *(Бухарий, Магази, 29).*

Ошентип, эми коргонуу эмес, чабуулга өтүүгө кезек келген эле. Анткени бутпарастардын эрдемсинүүгө, согуш жарыялоого дарамети калбай, деми сууп калган эле. Эми мусулмандар Алла Элчисинин сөздөрүн жадысынан чыгарбай өздөрүнө ишенимдүү болуп, кубанычтары койнуна батпай:

*«Мындан кийин биз аларга жүрүш жасайбыз!»* - деп калышат.

## **Бани Курайза Казаты** (23-Зилкаада, 5-жыл/ 15-Апрель, 627-жыл).

Хандак казатында душман тарап алда канча алдан тайып, Меккеге кайтууга аргасыз болушкан эле. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* үйүнө келип адаттагысындай согушка кийе турган кийимин чечип, курал-жарагын коюп, жуунуп тазаланган соң, күтүүсүздөн Жабраил периште чыга келет. Пайгамбарыбызга:

-Курал-жарагыңды таштап койдуңбу? Биз али таштай элекпиз! - дейт.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*-Андай болсо, дагы жүрүш бар демек, каякка?* - деп сурайт.

Жабраил периште согуш учурунда кыянаттык кылган Курайза уруусу жакты көргөзүп:

-Мына бул жакка! - дейт *(Бухарий, Магази, 30)*.

Анткени Курайза уруусу да Алланын Элчиси менен болгон экинчи жолу келишимди бузуп, кырдаал курчуп турган эң оор учурда кыянатчылык кылышкан эле. Ал эми келишим боюнча, алар Мединага кол салган бутпарастарга каршы коргонууда мусулмандарга арка-жөлөк болуулары керек болчу. А караниет жөөттөр арка-жөлөк болмок тургай, тескерисинче, мусулмандарга каршы аракет кылып, өздөрүнө өздөрү чуңкур казып алышкан эле.

Алла Тааланын буйругун алган азирети Пайгамбарыбыз ошол замат мусулмандарды топтоп Курайза уруусу тарапты көздөй жол тартат. Пайгамбарыбыз:

*-Моюн сунган адам асыр намазын Курайза аймагына барганга чейин окубасын!* - деп, жөөттөр баш-аягын жыйганга чейин жетишип калууну көздөйт *(Бухарий, Магази, 30)*.

Жөөттөр азирети Али баштаган колду көрүп, дароо бушайман болушат. Ошентсе да, кечирим суроонун ордуна кайра кыр көрсөтүп, Алланын Элчисине акаарат келтиришет.[223] Бирок көп өтпөй азирети Алинин аркасынан Алла Элчисин үч миң кишилик кошууну менен келгенин көрөөр замат тилдерин жутуп алгандай тып басылышат. Алла Элчисинин сүрүнөн айткандарын моюндарына алышпайт.

223. Вакиди, II, 499

Азирети Усайд бин Худайр *(Алла ага ыраазы болсун!)* :

-Эй, Алланын душмандары! Силер ачкалыктан өлгөнгө чейин чебиңерди курчоого алабыз! Силер ийинге камалган түлкүсүңөр! -дейт.

Курайза уруусу корккон тариздe:

-Эй, Ибн Худайр! Биз Хазраждыктар менен эмес, силер менен, силердин Авс уруусу менен биргебиз! -дейт.

Азирети Усайд *(Алла ага ыраазы болсун!)* :

-Баары бүттү, силер менен болгон келишимибиз жокко чыгарылды! - деп кесе жооп берет *(Вакиди, II, 499).*

Алланын Элчиси жөөттөр менен согушуудан мурун чептин түбүнө чейин келип дагы бир ирет аларды Исламга чакырат. Бирок жөөттөр кабыл алышпайт.[224]

Курчоо узагандан узап бараткан эле. Акырында жөөттөрдүн аттуу-баштууларынан Кааб бин Асад:

-Эй, жөөт тукуму! Башыбызга балээ түштү. Мен силерге үч нерсе сунуш кылам, кайсынысын туура көрсөңөр, ошого кадам шилтегиле! - дейт. Жөөттөр:

-Алар кандай сунуш болду экен? – дешет. Кааб:

-Биринчиси: мына бул адамга баш ийип, пайгамбарлыгын кабыл алабыз! Валлахи, Ал чындыгында силер үчүн жөнөтүлгөн пайгамбар, китебиңерде да анын сыпаттары жазылган. Эгер ага ыйман келтирсеңер, жаныңарды, мал-мүлкүңөрдү жана бала-бакыра үй-бүлөңөрдү коргогон болосуңар!

-Биз эч качан Тооратты өкүмүнөн айрылбайбыз да, (Тооратты) башка китепке алмаштырбайбыз да!

224. Абдурраззак, V, 216, 370.

Андан соң Кааб бала-бакыра, аялдарды өлтүрүп согушууну же ишемби күнү кечинде тагырак айтканда, мусулмандар кол салууга өтпөй турган учурдан пайдаланып чабуулга өтүүнү сунуштайт. Жөөттөр бул үч сунуштун эч бирисин кабыл албайт.[225] Анткени Алла Таала алардын жүрөктөрүнө коркуу салып койгон эле.

Салаба, Усайд жана Асад аттуу үч жөөт жигит жөөт аалымдын акыркы Пайгамбар жөнүндө айткандары Алла Элчисине эп келгенин түюнуп мусулман болот. Түн жамынып Пайгамбарыбызгакелишет.[226]

Жөөттөр ал күнү айла-амалдары түгөнүп, колго түшүп берүүгө аргасыз болот. Курайза уруусу Авс уруусунун карамагында болгондуктан Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ал уруунун башчысы азирети Саадды калыс катары чакыртат. Азирети Саад согушта жарат алса да, Алла Элчисинин буйругуна моюн сунуп жетип келет. Ал согушта жараланган кезде Жаратканга минтип жалбарган эле:

«Оо, Жараткан! Курайза уруусунан өч алмайын жанымды ала көрбө!». Азирети Саад *(Алла ага ыраазы болсун!)* жөөттөрдүн каалоосу менен алар жөнүндө Муса пайгамбардын шарияты боюнча өкүм чыгарат.[227] Анын өкүмүн Алланын Элчиси да тастыктап:

*-Эй, Саад! Ант берем! Сен Алланын жети кат асманынын үстүндөгү өкүмүнө ылайык өкүм чыгардын!* -деп буюрат *(Бухарий, Магази, 30; Ибн Саад, III, 426).*

Азирети Сааддын жүрөктөн кылган дубасы кабыл болуп,

225. Ибн Хишам, III, 254

226. Ибн Хишам, III, 256

227. Тооратта мындай ишке баргандардын өкүмү колго курал кармоого жарактуу эркектердин өлтүрүлүшү, мал-мүлктөрүн мамлекетке өткөзүп, аялдары менен балдарын туткунга алынышы керек. (Эски Осуят, Кайталоо, 20/10-15)

согуш учурунда мусулмандарга аркадан кол салган кыянатчыл жөөттөргө өкүм чыгарган соң сакайып калган жарасы кайра ырбап кирет. Көп өтпөй бул кутман сахаба да шейиттердин кербенине кошулуп, Жараткандын ырайымына бөлөнөт.[228]

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

«Саад бин Муаздын одүйнө салышы менен Рахман Алланын аршы титиреди» -деп буюрган эле *(Бухарий, Манакибуль-ансар, 12; Муслим, Фадаилус-Сахаба, 125).*

Азирети Саад *(Алла ага ыраазы болсун!)* олбурлуу алп болсо да, эл аны көтөрүп баратканда сөөгүнүн өтө жеңил болгонун байкашкан эле. Алланын Элчиси мунун себебин мындайча түшүндүргөн:

*«Аны башкалар ташып баратат! Жанымды чексиз кудуретинде кармап турган Аллага ант берем! Периштелер Сааддын рухуна (абдан) сүйүнүштү!» (Ибн Хишам, III, 271; Тирмизи, Манакиб, 50/3848).*

Пайгамбарыбыз азирети Сааддын жаназа намазында өзү имамдыкка өтүп, аны кабырга коюп, көмгөн соң көпкө тасбих айтып (Алланы даназалап) отурат. Сахабалар да Алла Элчисине кошулуп тасбих айтат. Андан соң азирети Пайгамбарыбыз такбир айтып (Аллаху акбар - деп) үн салат. Сахабалар да бийик үн менен такбир айтат. Сахабалар:

-О, Алланын Элчиси! Эмне үчүн тасбих, такбир айттыңыз?

*-Алла Таала ага кеңдик бергенге чейин кабыр мына бул жакшы адамды кысып туруп алды (Ахмед, III, 360)* -деп сөзүн минтип улайт:

*«Эгерде адам баласы кабыр азабынан кутула турганда эч шек-күмөнсүз, Саад кутулмак. Бирок кабыр аны да кысты, андан*

228. Ибн Хишам, III, 271.

*соӊ Алла Таала ага кеӊдик берди»* *(Табарани, Мужамуль-Кабир, X, 334)*

Азирети Анас *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

Күндөрдүн биринде Алла Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* күмүш жип менен шырылган чепкен белек тартууланган эле. Бу чепкен элдин баарына жагып, анын коаздугуна, жумшактыгына абдан суктанышат. Алланын Элчиси:

*«Мухаммаддын жаны чексиз кудуретинде болгон Аллага ант берем! Саад бин Муаздын бейиштеги жүз аарчылары мындан да асем, мындан да кооз, мындан да жакшы!»* - деген эле *(Бухарий, Бадуль-Халк, 8; Муслим, Фадаил, 126).*

* * *

Хандак казатында Алланын ырайымы менен ыроолонгон жеӊиш жөнүндө Куран аяттарында төмөнкүчө маалымдалат:

وَأَنزَلَ الَّذِينَ ظَاهَرُوهُم مِّنْ أَهْلِ الْكِتَابِ مِن صَيَاصِيهِمْ وَقَذَفَ فِي قُلُوبِهِمُ الرُّعْبَ فَرِيقاً تَقْتُلُونَ وَتَأْسِرُونَ فَرِيقاً وَأَوْرَثَكُمْ أَرْضَهُمْ وَدِيَارَهُمْ وَأَمْوَالَهُمْ وَأَرْضاً لَّمْ تَطَؤُوهَا وَكَانَ اللهُ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ قَدِيراً

**«Алла Таала Китеп ээлеринен душмандарга жардам бергендерди чептеринен чыгарды. Ошентип, алардын жүрөктөрүнө коркунуч салды. Алардан бир бөлүгүн өлтүрүп, бир бөлүгүн туткунга алдыӊар. Алардын жерлерине, короо-жайларына, мал-мүлктөрүнө жана силер мурда жетпеген жерлерге мураскор кылды. Алла Таала бүт нерсеге Кудуреттүү»** *(Азхаб сүрөсү, 26-27-аяттар).*

# ХИЖРАТТЫН АЛТЫНЧЫ ЖЫЛЫ

## Жеңиштердин ачкычы - Худайбия келишими

## Каабага болгон сагыныч

Күндөрдүн биринде Алланын Элчиси түш көрөт. Ошол түшү менен мусулмандарды Каабага зыярат кылууга чакырат.[229] Бул чакырыкка жооп иретинде хижраттын алтынчы жылы Зилкаада айынын биринчи жекшембисинде миң төрт жүз сахаба Пайгамбарыбыз менен Меккеге аттанат. Согуш эмес, зыярат үчүн бараткандыктан, жандарына болгону жолго керектүү курал-жарактарын гана алышкан эле. Жетимиштин тегерегинде курмандык үчүн деп төө ала барышкан эле.[230]

Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-О, Алланын Элчиси! Абу Суфяндын бизге кол салуусунан кабатырланган жоксузбу? Алар менен согушуп калуу ыктымалын алдын алуу үчүн курал-жарактарыбызды алып толук даярданып алсак, кандай болот? - деп сурайт.

Алланын Элчиси:

229. Вакиди, II, 572

230. Ибн Саад, II, 95. Андан кийин бу сан жолдон бедуин араптардын келип кошулуулары менен миң беш жүз, кээ бир риваяттарда миң жети жүз адамга көбөйгөн делет.

*-Билбей турам! Мен умра (кичи ажылык) үчүн ниеттенген сон куралдангым келбейт!* - деп жооп кайтарат *(Вакиди, II, 572).*

Азирети Пайгамбарыбыз микат[231] аймагы деп эсептелген Зулхулайфага барып, ихрамга кирип, умра кылууга ниет кылат. Сахабалар да умрага ниеттенишет. Сахабалар бийик үн менен талбия[232] айта башташат. Ыйманга сугарылган көөдөндөр Кааба-и Муаззамага ошол замат жетүүгө куса болуп жатышкан эле. Жүрөктөн чыккан ыймандын деми мусулмандарды алдыга карай сүрөп бараткан эле.

Бирок мусулмандардын Меккени көздөй жолго чыкканын уккан Курайш уруусу аябай тынчы кетет. Курайштыктар өздөрүнчө жыйын өткөзүп, мусулмандарды Меккеге киргизбөөгө чечим чыгарат. Халид бин Валид менен Икриманын кол астында даярдалган эки жүз кишилик кошууну мусулмандардын алдынан тосуп чыкмай болот.

Бул учурда Алланын Элчиси «Саниййа» - деген жерге келип калган болот. Ал жерден Курайштыктар турган жерге баруу мүмкүн эле. Бирок Пайгамбарыбыздын төөсү Касва негедир баспай тизе бүгүп чөк түшүп туруп алат. Кутман сахабалар:

-Тур, тур! - деп чылбырынан тартышса да, төө турбайт. Сахабалар:

-Касва турбай койду! - дешет.

Анда Алланын Элчиси:

*-Жок! Касва турбай койгон жок. Анын мындай адаты жок. Болгону аны, өз учурунда Пилди (Меккеге кирүүгө тоскоол*

231. Микат - Меккеге жакын ажылар ихрамга кире (ажылык озуйпасын орундатууну баштай) турган жер.

232. Талбия - Жараткан Алла Тааланы улуктап, Анын бардык буйруктарын кабылдоого даяр туруу деген маанини туюнтат. Бул ажылык мезгилинде бийик үн менен айтылат. Арапча айтылышы төмөнкүчө: «Лаббайк, Аллахумма лаббайк, лаббайка лаа шарийка лака лаббайк, инналь-хамда, ван-нимата лака валь-мулк, лаа шариика лак»

*болгон) Алла Таала токтотуп койду!* - деп сөзүн улайт:

*«Жанымды чексиз кудуретинде кармап турган Жаратканга ант берем! Курайш бутпарастары мага кандай талап коюшса да, Алланын Харамында (салгылашуу, кан төгүү жана тууган-дык укуктарды тепсөө сыяктуу) тыюу салган нерселерди тартипке келтирүү үчүн, (тынчтык үчүн) сөзсүз кабыл алам!»*

Алланын Элчиси төөсүнүн чылбырынан тартат. Төө өйдө турат. Алланын Элчиси Курайш тараптан бурулуп, суусу аз кудукка бет алат. Бул жер Худайбия аймагынын эң чет жакасы эле. Кудукта суу аз калган эле. Бир аз убакыттан кийин бул суу да тартылып жерге сиңип кетет. Сахабалар Алла Элчисине суунун жерге сиңип кеткенин айтып арызданышат. Пайгамбарыбыз саадагынан бир жебесин сууруп чыгып, бул жебени кудуктун түбүнө атууларын айтат. Көп өтпөй баягы жерден Алланын буйругу менен суу атырылып чыга баштайт. Сахабалар бу жерден кеткенге чейин суу токтобойт.

Сахабалар суусундарын кандырып жаткан кезде Хузаа уруусунун башчысы Будайл бир канча адам менен чыга келет. Меккеликтердин согушка даярдык көрүп жаткандарынан кабар берет. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Будайлга өзүнүн келгендеги максатын айтып мындай дейт:

*«Биз согушууга келген жокпуз. Максатыбыз Байтуллага (Каабага) зыярат кылуу, умра. Согуш Курайшка катуу таасир этиптир. Каалашса (ортобуздагы согушту токтотуу үчүн) алар менен белгилүү мезгилге чейин келишим түзөлү. Алар мени менен элдин ортосунан чегинсин! Эгер мен башка адамдарга үстөмдүк кылсам, каалашса адамдар кирип жаткан Исламга Курайштыктар да киришет. Эгер мен үстөмдүк кыла албасам, (Курайштыктар мени менен согушуудан кутулуп) дем алышат. Эгер Курайш бу сунушумду кабыл албаса, валлахи, мен бул дин үчүн башыман ажыраганга чейин күрөшөм. Алла Таала сөз-*

*сүз түрдө убадасын аткарат!»*

Будайл Меккеге барып Алла Элчисинин айткандарын Курайштыктарга жеткизет. Анда Урва бин Масуд:

-Бул адам силерге жакшылык кылып жатат. Муну кабыл алалы, мени (мусулмандар менен) келишим түзүү үчүн жөнөткүлө!- дейт.

Курайштыктар:

-Андай болсо, бар! - деп, Урваны Пайгамбарыбызга жөнөтөт. Урва Алла Элчисине келет. Пайгамбарыбыз ага да Будайлга айткандарын айтат. Урва бу учурда көзүнүн кыйыгы менен Алла Элчисинин сахабаларын билгизбей карап жаткан эле. Кайра Меккеге келип Курайштыктарга көргөнүн айтып:

-Эй, курайш уруусу! Мени жакшылап уккула! Валлахи мен көп эле падышалардын алдына элчи болуп баргам. Кисрага, Кайсарга, Нажашиге жана башкаларга… Бирок мусулмандардын Мухаммадга көргөзгөн сый-урматын эч бир жерден көргөнүм жок… Ал бир нерсени айтаар замат бардыгы аны аткарууга даяр турушат экен. Даарат алса, андан калган сууну бири-бири менен талашып, Ал сүйлөгөндө дароо үндөрүн чыгарбай кунт коюп угушат экен. Ага болгон таазим үчүн жүзүнө тике карабай, баштарын төмөн ийип турушат. Башынан бир чач түшсө, дароо аны алып сактап коюшат экен. Бул адам силерге эң жакшы сунуш киргизип жатат, аны кабыл алыш керек! [233]- дейт.

Урванын бул сөздөрүнөн кийин Кинана уруусунан бир адам:

-Уруксат берсеңиздер, Ага мен да барып келейин! -дейт. Ошентип, ал да Пайгамбарыбыздын алдына келатканда, Пайгамбарыбыз:

233. Батыш жазуучусу Томас Карлайл мындай деген:

«Таажы кийип, такка отурган бир да император азирети Мухаммадчалык урмат көрүп, сый күткөн эмес»

-Тигине баланча! Ал ажылык жана умра үчүн бөлүнгөн курманчылык төөлөргө урмат-сыйын көргөзгөн элден. Курманчылыкка келген төөлөрдү алдына чыгарып койгула, көрсүн! - дейт. Сахабалар ал адамды талбия айтып, тосуп алышат. Тиги адам абдан таң калып:

-Бу адамдарга Байтулланын жолун жабууга болбойт! - дейт *(Бухарий, Шурут, 15; Ахмед, IV, 323-324).*

Ошентсе да, бутпарастар элчилеринин сөзүн укпай кол салуу үчүн бир тайпа жөнөтүшөт. Бул тайпа мусулмандар тарабынан туткунга түшүрүлсө да, Алланын Элчиси согушуу үчүн эмес, умра кылуу үчүн гана келгендигин билдирип колго түшүрүлгөн бутпарастардыкоеберет.[234]

Пайгамбарыбыздын чатыры Худайбияда Мекке Харам аймагынан сырткары жерде тигилген эле. Бирок Алланын Элчиси Худайбияда болгон учурда намазын Меккенин Харам аймагына кирип окуп жүрөт.[235] Анткени Харам аймагында окулган намаз башка жерлерде окулган намаздан алда канча жогору турааp эле.[236]

## Биатур-Ридван – Алла Таала ыраазы болгон ант

Бул учурда бутпарастардан дагы бир канча элчи келип кетет. Бирок эч биринде тынчтык келишими үчүн эч кандай майнап чыкпайт. Ошондуктан бу жолкусунда Алланын Элчиси азирети Осмонду *(Алла ага ыраазы болсун!)* Меккеге бутпарастар менен жолугуп, маселеге чекит коюу үчүн жөнөтүп жатып:

234. Муслим, Жихад, 132, 133.
235. Вакиди, II, 614; Ахмед, IV, 326
236. Ибн Мааже, Икама, 195.

*-Курайш уруусуна баргын! Аларга айт, биз бул жерге согушуу үчүн келгенибиз жок! Биз болгону мына бул Байтуллага зыярат кылуу үчүн келдик. Атайы ала келген төөлөрүбүздү курмандыкка чалып, кайра артка кайтабыз! Андан соң аларды дагы бир жолу Исламга чакыр!* - деп ал жердеги мусулмандар менен жолугуп, Меккенин жакында колго алынаарын, Алла Таала өз динине жардам көрсөтөөрүн сүйүнчүлөөсүн буюрат *(Ибн Саад, II, 97; Ибн Кайийм, III, 290).*

Азирети Осмон Алла Элчисинин буйругу менен дароо Мекке тарапты көздөй аттанат. Бутпарастарга Меккеге келиш максаттарын дагы бир ирет түшүндүрөт. Ошентсе да, бутпарастар көшөрлөнүп уруксат беришпейт. Азирети Осмонго:

-Кааласаң, сен тавааф кыл! - дешет. Бирок өзүн Аллага жана Элчисине арнаган кутман сахаба:

-Азирети Пайгамбарыбыз Каабаны тавааф кылмайын, мен тавааф кылбайм! Мен Байтуллага Анын аркасынан гана зыярат кылам… - деп, Алла Элчисине болгон сый-урматын билгизет *(Ахмед, IV, 324).*

Азирети Осмон *(Алла ага ыраазы болсун!)* кыйла кечигип калат. Мусулмандар азирети Осмондон кабатырлана башташат. Бул «бутпарастар өлтүрүп койдубу» - деген кабатырлануу эле. Мусулмандар менен бутпарастардын ортосундагы ымала дагы да сууй түшкөнсүйт. Алланын Элчиси мусулмандардын атынан кеткен азирети Осмондун өлүп калуу ыктымалын алдын алуу үчүн дароо сахабаларына:

*-Бутпарастар менен салгылашмайын бул жерден кетпейбиз!* - деп буюрат *(Ибн Хишам, III, 364)*.

Азирети Пайгамбарыбыз сахабалардан Алланын жолунда жан аябастан салгылашууга даяр туруулары үчүн сөз берүүлөрүн суранат. Аял-эркек дебей бардык мусулмандар:

-Алла Элчисинин көңүлүндө кандай ниет-максаты бар болсо, аны аткарууга ант берем - дешип Алла Элчисине сөз беришет. *(Вакиди, II, 603).*

Ошентип, мусулмандар Алланын жолунда көз жумганга чейин согушууга Азирети Пайгамбарыбыздын куттуу колун кармап ант беришет. Бул анттын акырында Алланын Элчиси бир колу менен экинчи колун кармап:

-Бул Осмондун анты!- деп азирети Осмондун атынан ант берип, ага болгон сый-урматын көрсөтөт *(Бухарий, Асхабун-Наби, 7).*

Бул ант «Биатур-Ридван» жана «Худайбия анты» - деп аталып калат. Сахабалар ант берүү үчүн бир дарактын алдына топтолушкан эле. Ал күнү бир адамдан башка бардык сахабалар ант беришкен эле. Анткени ал адам эки жүздүүлөрдөн эле. Бу ант сахабаларга дагы бир жолу Алла Тааланын ыраазылыгын табууга себепкер болот:

لَقَدْ رَضِيَ اللّٰهُ عَنِ الْمُؤْمِنِينَ إِذْ يُبَايِعُونَكَ تَحْتَ الشَّجَرَةِ فَعَلِمَ مَا فِي قُلُوبِهِمْ فَأَنزَلَ السَّكِينَةَ عَلَيْهِمْ

**«(Эй, Мухаммад) чынында Алла Таала момундарга дарак алдында сага ант берип жатканда ыраазы болду. Ал алардын көңүлүндөгү нерсени (ыйманын) билип, аларга бейпилдик түшүрдү (Ошентип, мусулмандардын көңүлү жай тапты)...»** *(Фатх сүрөсү, 18-аят)*

Алланын Элчиси күндөрдүн биринде азирети Хафсанын жанында:

*-Иншаллах, дарактын алдында ант берген сахабалардан эч ким тозокко кирбейт!* - дейт.

Бу сөздү угуп ойлонуп калган азирети Хафса:

-О, Алланын Элчиси! Алла Таала:

وَإِن مِّنكُمْ إِلَّا وَارِدُهَا

**«Силердин ар бириңер тозокко барасыңар...»** - деп буюрат. *(Мариям сүрөсү, 71-аят)* Бул кандай болот? - деп суроо салат.

Пайгамбарыбыз:

-*Алла Таала мындай деп да айткан* - деп жогорудагы аяттын уландысын окуйт:

ثُمَّ نُنَجِّي الَّذِينَ اتَّقَوا وَّنَذَرُ الظَّالِمِينَ فِيهَا جِثِيّاً

**«Кийин такыба адамдарды (тозоктон) куткарабыз жана заалымдарды чөгөлөгөн абалында (тозокто) калтырабыз»** *(Мариям сүрөсү, 72-аят).*

Андан соң бу жердеги «тозокко баруу» - деген сөздү «тозоктун ичине түшүү» - деген мааниде эмес, «кыл көпүрөдөн өтүп баратканда тозоктун жанынан өтүү» - деп түшүнүү керектигин айтат *(Муслим, Фадаилус-Сахаба, 163).*

* * *

Азирети Жабир *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Худайбия күнү адамдар сууга абдан катуу чаңкап, Пайгамбарыбызга келишти. Алла Элчисинин алдында териден жасалган чанач (баштык) бар эле. Пайгамбарыбыз даарат алган соң сахабалар дароо чаначты көздөй шашылышты. Анда Пайгамбарыбыз:

-Эмне болду? –деп сурады.

-Дараат алууга жана суусунубузду кандыруу үчүн мандайыңыздагы чаначтан  башка эч жерде суу калбай калды - дешти.

Алланын Элчиси дароо колун чаначтагы сууга салаары менен манжаларынын салааларынан булактан атырылып чыккан-

сып, суу оргуштап чыга баштады. Баарыбыз суусунубузду кандырып, даарат алдык»

Эл азирети Жабирден:

-Ошол күнү канча киши элеңер? - деп сурашат. Анда азирети Жабир:

-Эгер жүз миң киши болсок да, суу жетмек, биз миң беш жүз адам болчубуз! - деп жооп берет. *(Бухарий, Манакиб, 25).*

## Худайбия келишими - чакырыктын жаңы баскычы

Ансыз да түйшөлүп турган бутпарастар Биатур-Ридван жөнүндө уккан кезде ого бетер тынчсызданышат. Кырдаалдын курчуп баратышы бутпарастарга өтө оор келип, чоочулай баштащат. Дароо тынчтык келишимин түзүүнү эп көрүп, Сухайл бин Амрды Азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жөнөтүшөт. Пайгамбарыбыз Сухайлды көрүп, сахабаларга:

*-Ишиңер жеңилдеди, силерге Сухайл келди* - дейт. Азирети Пайгамбарыбыз Алла Тааланын:

وَإِن جَنَحُواْ لِلسَّلْمِ فَاجْنَحْ لَهَا

**«Алар тынчтыкка жакындашса, сен да жакында!...»** *(Анфал сүрөсү, 61-аят)* - деген буйругу менен кадам таштайт.

Бутпарастардын биринчи максаты, мусулмандарга умра ибадатын аткарууларына бул жылы тоскоол болуу эле. Ошону менен бирге бир караганда оор көрүнгөн бир канча шарттары да бар эле. Бир топ талаш-тартыштардан кийин тынчтык келишими бекитилет.

Пайгамбарыбыз келишимдин шарттарын жазуу үчүн азирети Алини чакырат. Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* буйругу менен азирети Али келишимдин баш тарабына «Бисмилланы» жаза турган болгондо Сухайл каршы чыгат. Бисмилланын ордуна «Бисмикаллахумма» (Оо, Жараткан Алла, Сенин атың менен баштайм) - деген сөз жазылат.

Бу сөздөн кийин Сухайл «Мухаммад - Алланын Элчиси» - деген сөздү да жаздырбай:

-Алланын Элчиси экендигинди кабыл алганыбызда сени менен согушаар белек. Бүгүн Каабага зыярат кылууңа каршы чыгаар белек? - дейт.

Ансыз да, келишимдин шарттарын жактырбай турган сахабалардын аябай ачуусу келет. Азирети Али колундагы калемди таштап:

-Аллага ант берем! Мен «Алланын Элчиси» - деген сөздү өчүрө албайм, о, Алланын Элчиси! - деп чыгат.

Анда азирети Пайгамбарыбыз Сухайлга кайрылып:

-*Силер кабыл албасаңар да, мен Алланын Элчисимин* - дейт да, аталган сүйлөмдүн өзүнө көрсөтүлүшүн айтат. «Мухаммад - Алланын Элчиси» - деген сүйлөмдү өз колу менен өчүрүп, ордуна Мухаммад бин Абдуллах (Абдуллахтын уулу Мухаммад) - деп жаздырат.

Ал күнү келишим бир топ себептер жана купуя сырлар менен бекитилген эле. Келишимде төмөндөгү маселелер каралган эле:

1. Келишимдин мөөнөтү он жыл.
2. Мусулмандар бул жылы Каабага зыярат кылышпайт. Бул зыярат келерки жылга жылдырылат. Кийинки жылы зыяратка келгендер Меккеде үч күн турушат. Мусулмандар келген-

де бутпарастар Меккеден чыгышат. Бул учурда бутпарастар мусулмандар менен мамиле курбайт.

3. Курайштан кимдир бирөө мусулман болуп, Мединага баш калкаласа да, артка кайтарылат. Ал эми Мединадан Меккеге баш калкалагандар кайра артка кайтарылбайт.

4. Араптын башка урууларынан каалагандары мусулмандар тарапка, каалагандары бутпарастар тарапка өтө алышат.

Келишимдин шарттары жазылып бүткөн кезде Курайш уруусунун элчиси болуп келген Сухайл бин Амрдын уулу Абу Жандал бутундагы чынжырды сүйрөп, акырын Пайгамбарыбыздын жанына басып келет. Абу Жандал мусулман болгондугу үчүн бутпарастардан катуу азап тарткан эле. Бул анын бутпарастардын зордук-зомбулугунан эптеп айласын таап, качып келгендеги кербези эле. Сухайл келишимдин негизинде эң биринчи артка кайтарыла турган адамдын уулу болгондугун айтып, колундагы таяк менен Абу Жандалды баштан ары чаап калат. Буга аябай кайгырып, сай сөөгү сыздаган азирети Пайгамбарыбыз Сухайлдан Абу Жандалдын келишимден тышкары болушун айтып, аны өзүнө берилишин суранат. Бирок ташбоор бутпарас буга макулдугун бербейт. Абу Жандал бутпарастарга кайтарылып жатканда мусулмандарга жалбарып, жардам сурап жаткан эле. Абу Жандал мусулмандарды жоодурай карап:

-Мени кайра ошол зордук-зомбулукка жөнөтүп жатасыңарбы? - деп ичтен сызып ыйлап кирет. Ыйманга сугарылган жүрөктөр эзилип, зээндер кейип турат. Алланын Элчиси Абу Жандалга кайрылып:

*-Эй, Абу Жандал! Бир аз сабыр кыл, чыда! Алла Тааладан сыйлыгыңды күт! Шек-күмөнсүз, Алла Таала сен үчүн, сени менен бирге алсыз, кароосуз калган мусулмандар үчүн мындан кутула турган жол ачып берет. Биз бул эл менен келишим түзүп, Алланын аты менен сөз бердик. Алар да Кудайдын аты менен*

*сөз беришти. Сөзүбүзгө турбай кое албайбыз. Анткени сөзгө турбоо бизге жарашпайт!* - деп жубатат *(Ахмед, IV, 325; Ибн Хишам, III, 367).*

Андан соң Пайгамбарыбыз Сухайлга:

-*Кел эми, ага мен үчүн ырайым кылып койчу!* - деп дагы бир жолу суранса да, Сухайл айтканынан кайтпайт. Пайгамбарыбыз:

-*Андай болсо, аны мен үчүн өз карамагына ал!* - деп сунуш киргизет. Сухайл кашкөйлөнүп буга да макул болбойт. Бул учурда Курайш элчилеринен Хувайтиб менен Микраз Пайгамбарыбызга:

-Эй, Мухаммад! Сенин урматына биз аны өз карамагыбызга алабыз. Аны кордоого эч кимге уруксат бербейбиз - дешет *(Вакиди, II, 608; Белазури, I, 220).*

Ошентип, Пайгамбарыбыздын көңүлү бир аз да болсо жай табат.

Бутпарастардын мындай тээжиктенген кыймыл-аракетине чыдай албаган азирети Умар абдан ачуусу келип, араң басылат. Азирети Абу Бакирден башка сахабалар да эптеп чыдашат. Сырттан караган адамга мусулмандар үчүн өтө терс көрүнгөн бу келишим жөнүндө азирети Умар каршы пикирин билдирет. Алланын Элчиси:

-*Мен Алланын Элчисимин, Ага каршы чыга албайм. Ал Өзү мага жардам берет!* - деп бул келишимдин Алланын буйругу менен жүзөгө ашып жатканына ишарат жасайт *(Бухарий, Магази, 35; Муслим, Жихад, 90-97).*

* * *

Келишим бекитилген соң Сухайл уулун алып, сүйүнүп Меккеге жол тартат. Алланын Элчиси сахабаларына кайрылып:

*-Кана эмесе, мал-жандыктарыңарды курмандыкка чалгыла! Чачыңарды алдыргыла!..* - деп буйрук берет.

Негедир бул буйрукту аткаруу үчүн эч бир сахаба ордунан турбайт. Алар бир маселенин сырын түшүнбөй, кайгы-мунга батып турушкан эле. Азирети Пайгамбарыбыз буйругун үч ирет кайталайт. Дале болсо, ордунан эч ким кыймылдабайт. Албетте, бул Алланын Элчисине каршы чыгуу эмес, Каабага зыярат кылуу жана жаңы бекитилген келишим, балким, бир саамга күтө турсак бузулуп калар беле - деген үмүт эле. Ырас, сахабалардын баары бир күн мурун эле:

«Алла Элчисинин көңүлүндө кандай каалоо-максаты бар болсо, аны аткарууга жан дилимден ант берем» - деп Пайгамбарыбызга жан дили менен моюн сунуп жатышкан эле.

Сахабалардын мындай кадамына Алланын Элчиси абдан кайгырат. Азирети Пайгамбарыбыз жубайы азирети Умму Саламанын чатырына барат. Жагдайды Умму Саламага түшүндүрөт. Кутман энебиз Алла Элчисин жубатып мындай дейт:

-О, Алланын Элчиси! Сиз сахабаларыңызга эч нерсе дебестен мал-жандыктарыңызды курмандыкка чалыңыз, чачыңызды алдырыңыз! Ошондо сиздин бул кадамыңыз алар үчүн оор келип, сиз кылганды кылышат, аларды туура түшүнүңүз!

Ошентип, азирети Пайгамбарыбыз чатырдан чыгып жубайынын айтканындай кадам шилтейт. Сахабалар Пайгамбарыбызды көрүп, келишимдин өзгөрбөстүгүн түшүнүп, бардыгы курмандыкка алып келген мал-жандыктарын союп, чачтарын алдырышат. Буга күбө болуп турган Умму Салама *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-Мусулмандар курманчылыкка деп ала келген мал-жакндыктарын курмандыкка чалып жатканда бири-бирине зыян келтирип алабы деп корктум. Анткени алар бири-бири менен малда-

рын жарышып союп жатышкан эле - дейт *(Бухарий, Шурут, 15; Ахмед, IV, 326; Вакиди, II, 613).*

Алланын Элчиси менен сахабалар курмандыктарын чалып, чачтарын алган соң Алла Таала бороон шамал жөнөтөт. Сахабалардын чачтарын сапырып, Харам аймагына алып барып таштайт. Сахабалар муну умраларынын кабыл болушуна ишарат деп эсептешет.[237] Андан соң Мединага карай жол тартышат.

Мусулмандар түзүлгөн келишимдин купуя сырын алгач жакшы түшүнбөгөндүктөн муну оор кабыл алып ыраазы болбой, өздөрүнчө шаштысы кетип тынчсызданышкан эле. Ошентип, алар Пайгамбарыбыздын баягы буйругун дароо аткарбагандыктары үчүн Жаратkандын каарына калып, жер менен жексен болуп кетишинен чоочулап, корко башташат. Бул учурда Фатх сүрөсү түшүрүлөт:

إِنَّا فَتَحْنَا لَكَ فَتْحاً مُّبِيناً   لِيَغْفِرَ لَكَ اللّٰهُ مَا تَقَدَّمَ مِن ذَنبِكَ وَمَا تَأَخَّرَ وَيُتِمَّ
نِعْمَتَهُ عَلَيْكَ وَيَهْدِيَكَ صِرَاطاً مُّسْتَقِيماً   وَيَنصُرَكَ اللّٰهُ نَصْراً عَزِيزاً

**«(Эй, Мухаммад!) Алла Таала сенин өткөн жана боло турган (бардык) күнөөлөрүңдү кечирип, сага Өз жакшылыгын толук берип, сени туура жолго баштоосу үчүн жана да сага чоң жеңишке жетүүңө жардам берүү үчүн Биз сага ачык-айкын жеңишти тартууладык»** *(Фатх сүрөсү, 1-3-аяттар).*

Мужамми бин Жария *(Алла ага ыраазы болсун!)* Фатх сүрөсү түшкөн учурда сахабалардын абалы тууралуу мындай дейт:

«Сахабалар тынчсызданып ар бири өз төөсүнүн жанына барып, өз ара, бири-биринен:

237. Ибн Саад, II, 104; Халаби, II, 713

-Эмне болду? - деп сурап жатышты.

-Алла Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* вахий келиптир! - дешти. Биз да эл менен бирге чоочулап, Алла Элчисинин жанына бардык. Сахабалар топтолгон соң азирети Пайгамбарыбыз Фатх сүрөсүн окуду» *(Ибн Саад, II, 105)*

Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

«Ошол күнү Алла Элчисине каршы оозуман чыккан сөздөрдөн улам абдан корктум. Ошондуктан акыбетимдин жакшылыгы үчүн удаама-удаа орозо кармап, муктаждарга кайыр-садага берип, көп-көп нафил намаз окуп, көп кулдарды азаттыкка чыгардым» - дейт *(Ибн Сайыйдиннас, II, 167).*

Фатх сүрөсү мусулмандарга Худайбия менен бирге башталган дагы бир топ жеңиш ыроолонушун билдирген эле. Ошентип кыска убакытын ичинде сүйүнчүлөр арка-аркасынан жүзөгө аша баштайт. Айрым уруулар Алла Элчисинин Каабага зыярат кылуу үчүн чыккан бу сапарды «кайтышы болбогон сапар» - дешкен эле. Бирок ошол адамдар Алла Элчисинин эч кандай зыянга учурабай аман-соо кайра артка кайтып келгенин көрүп, Анын алдына келип кечирим сурашат. Алла Таала алардын ал-абалын Куран аяттарында мындайча сүрөттөйт:

بَلْ ظَنَنتُمْ أَن لَّن يَنقَلِبَ الرَّسُولُ وَالْمُؤْمِنُونَ إِلَى أَهْلِيهِمْ أَبَداً وَزُيِّنَ ذَلِكَ فِي قُلُوبِكُمْ وَظَنَنتُمْ ظَنَّ السَّوْءِ وَكُنتُمْ قَوْماً بُوراً وَمَن لَّمْ يُؤْمِن بِاللَّهِ وَرَسُولِهِ فَإِنَّا أَعْتَدْنَا لِلْكَافِرِينَ سَعِيراً

**«Чынында силер пайгамбар менен момундар (бу сапарларынан) өз үй-бүлөлөрүнө кайтып келбейт - деп ойлодуңар. Бул (ой) көңүлүңөргө абдан жаккан жана да жаман ой-пикирде элеңер. Силер жок болуучу коом болдуңар! Ким Аллага жана Анын пайгамбарына ый-**

**ман келтирбесе, анда, албетте, Биз андай каапырлар үчүн алоолонгон тозок отун даярдап койгонбуз»** *(Фатх, 12-13)*

* * *

Ал күнү Худайбияда бутпарастар менен болгон тынчтык келишиминде бекитилген маселелер мусулмандардын зыянына болуп көрүнгөн эле. Фатх сүрөсү түшүрүлгөн соң бу жаатта бир топ купуя сырлар, куш кабарлар катылуу болгондугу айкын болот. Бир караганда мусулмандардын жеңилүүгө дуушар болуп, артка кайтышы – чынында улуу жеңиш болгону кийин билинет. Аятта төмөнкүчө буюрулат:

وَعَسَى أَن تَكْرَهُواْ شَيْئاً وَهُوَ خَيْرٌ لَّكُمْ وَعَسَى أَن تُحِبُّواْ شَيْئاً وَهُوَ شَرٌّ لَّكُمْ
وَاللّهُ يَعْلَمُ وَأَنتُمْ لاَ تَعْلَمُونَ

**«...Силер өзүңөр үчүн жакшы (пайдалуу) болгон нерсени жаман көрүп, ал эми силер үчүн жаман (зыяндуу) болгон нерсени жактырышыңар мүмкүн. Алла Таала билет, ал эми силер билбейсиңер»** *(Бакара сүрөсү, 216-аят)*

Башында азирети Пайгамбарыбыз бу жагдайды кутман сахабаларына түшүндүрүүдө кыйналып жүрөт. Бул купуя сыр эки жылдын ичинде ачыкка чыгат. Бу келишим менен түзүлгөн тынчтыктын берекеси менен эки жылдын ичинде Исламга киргендердин саны Худайбия келишимине чейин Исламды кабыл алган мусулмандардан да ашып кеткен эле.

Балким, ал жылы мусулмандар умра кыла алышмак эмес. Белгилүү жерге чейин оор жагдайларга сабыр кылышар эле. Ошентсе да, мунун аркасынан удаама-удаа болчу жеңиштер, жетишкендиктер, ийгиликтер бар эле. Анткени бу келишим менен Ислам расмий түрдө бөтөн элдер тарабынан таанылган эле. Келишим боюнча бир жылдан кийин Каабага зыярат кылууга уруксат бериле турган. Арап урууларынан каалагандары мусул-

мандардын карамагына өтө алышмак. Бул деген сөз Курайштын кадырынын төмөндөшү, Ислам чакырыгында эркиндик, жолдун ачылышы, кенейиши - дегендик эле.

Алланын Элчисинин бул келишимге барышынын дагы бир себеби ал учурда Меккеде бир топ адамдар Исламды кабыл алган эле. Ошентсе да, алар мусулмандыгын ачыкка чыгара албай жүрүшкөн. Эгер бутпарастар менен дагы бир согуш болгондо бул мусулмандар да мусулман боордоштору тарабынан кылыч мизинен өтүшү толук ыктымал эле.

Натыйжада, ырайымдуулуктун пайгамбары болгон азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Меккеде жана башка арап урууларынан жаны Исламды кабыл ала турган адамдарга бул кадамы менен да үлгү болуп, алардын Исламга болгон көз карашын өзгөртүп жаткан эле. Мунун мөмөсү кийинки жылдары дагы ачык-айкын түрдө байкалган.

## Айкын жеңиш

Худайбия келишимине ыраазы болуп кубанган бутпарастар чынында мусулмандардын алдындагы тоскоолдуктарды алып, мусулмандарды өздөрүнөн жогору даражага коюп алышкан эле. Сахабалардын аталган келишимди мусулмандар үчүн пайдасыз деп кабыл алгысы келбегендиги бутпарастардын көздөрүнө дагы бир көшөгө тосуп, өтө чоң ийгиликке жетишкендей келишимдин шарттарына ишенимдүү түрдө кол коюшкан эле. Бирок башында мусулмандарга да бүдөмүк болгон келишимдин сыры окуялар жүзөгө ашкан сайын акырындык менен ачыкка чыга баштаган эле.

Бул келишимдин берекелүү болоорун башынан эле билген Алланын Элчиси Худайбия келишиминин шарттарына кылдат мамиле жасап, андан пайдалана алган эле. Күндөрдүн биринде

Меккеден качкан мусулман аялдар Мединага баш калкалашкан эле. Бутпарастар аларды кайра Меккеге кайтарып алып кетүү үчүн бир тайпа келет. Пайгамбарыбыз алардын бул талабын четке кагат. Бул келишимди бузуу эмес эле. Анткени келишимдеги аталган шарт болгону эркектерди гана ичине камтыган болучу. Бул учурда Алла Таала да мусулман аялдардын кайтарылбоосуна буйрук берген эле:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِذَا جَاءَكُمُ الْمُؤْمِنَاتُ مُهَاجِرَاتٍ فَامْتَحِنُوهُنَّ اللَّهُ أَعْلَمُ بِإِيمَانِهِنَّ فَإِنْ عَلِمْتُمُوهُنَّ مُؤْمِنَاتٍ فَلَا تَرْجِعُوهُنَّ إِلَى الْكُفَّارِ لَا هُنَّ حِلٌّ لَّهُمْ وَلَا هُمْ يَحِلُّونَ لَهُنَّ وَآتُوهُم مَّا أَنفَقُوا وَلَا جُنَاحَ عَلَيْكُمْ أَن تَنكِحُوهُنَّ إِذَا آتَيْتُمُوهُنَّ أُجُورَهُنَّ وَلَا تُمْسِكُوا بِعِصَمِ الْكَوَافِرِ وَاسْأَلُوا مَا أَنفَقْتُمْ وَلْيَسْأَلُوا مَا أَنفَقُوا ذَلِكُمْ حُكْمُ اللَّهِ يَحْكُمُ بَيْنَكُمْ وَاللَّهُ عَلِيمٌ حَكِيمٌ

**«Эй, ыймандуулар! Силерге момун аялдар келген кезде аларды текшерип көргүлө! Алардын ыйманын Алла Таала жакшы билет. Эгер силер алардын момун экенин билсеңер, каапырларга кайтарбагыла! Анткени, каапырлар үчүн алар адал болбойт. Каапырлар да тиги аялдарга адал эмес (баш кошо албайт). Бирок аларга (момун аялдардын Меккеде калган күйөөлөрү берген нерселерин кайтарып) бергиле! Качан силер алардын эрлерине калың-мүлктөрүн бергениңерде гана силер аларды никеңерге алсаңар, эч кандай күнөө болбойт. Каапыр аялдарды өзүңөрдө кармап отура бербегиле жана бергениңерди өзүңөргө кайтарып берүүсүн талап кылгыла! Ошондой эле алар (каапырлар) да тигилерден кеткен аялдары үчүн бергендерин талап кылса болот. Бул Алланын силердин араңарда жүргүзө турган өкүмү. Алла Таала – Билүүчү, Даанышман»** *(Мумта-*

*ханасүрөсү, 10-аят)*[238]

Бул учурда Абу Басир аттуу адам да мусулман болуп, Мединага баш калкалаган эле. Бирок Азирети Пайгамбарыбыз аны келишим боюнча бутпарастарга тапшырууга аргасыз болот. Азирети Абу Басир алгач Алла Элчисинин бул кадамын түшүнө албай:

-Мени кайра бутпарастыкка жөнөтүп жатасынбы? - деп таң калып сурайт. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* үнүн акырын чыгарып, жубатып мындай жооп кайтарат:

*-Ээ, Абу Басир! Биз келишимибизди буза албайбыз. Ошентсе да, сен бир аз сабыр кыл, Алла Таала сага жана сен сыяктуу адамдарга сөзсүз түрдө бейпилдик ыроолойт.*

Бул сөздөрдөн кийин Абу Басир үн дебей пайгамбардын өкүмүнө моюн сунат. Ошентип Абу Басир бутпарастарга тапшырылат. Бирок ал чынында Меккеге эмес, өлүмгө кетип бараткан эле. Абу Басир муну сезип тургандыктан жолдон мүмкүнчүлүк таап, өзүн алып бараткан эки бутпараска кол салат. Абу Басир бул бутпарастардын бири Хунайсты өлтүрөт. Экинчиси качып кетет. Абу Басир Хунайстын кийимин, буюмдарын, кылычын алып Алланын Элчисине келип:

-О, Алланын Элчиси! Мунун бештен бирин өзүң үчүн ал! - дейт. Пайгамбарыбыз:

-Мен мунун бештен бирин алсам, келишимге кыянаттык кылган болом. А сенин бул кадамың да, өлгөн адамдын буюмдары да сага таандык - деп буюрат *(Вакиди, II, 626-627).*

Баягы качып кеткен бутпарас Пайгамбарыбызга келип арызданып, аны кайра алып кетүүнү талап кылат. Бу жолкусунда Абу Басир:

238. Бухарий, Шурут, 15; Вакиди, II, 631-632.

-О, Алланын Элчиси! Сиз мени буларга тапшыруу менен келишимге каршы эч кандай кадам жасаган жоксуз. Ал эми мен өз жанымды коргодум - дейт.

Алланын Элчиси жагдайды түшүндүрөт. Абу Басир Пайгамбарыбыздын сөздөрүндө катылып жаткан хикматтарды туура андап, Мединадан жолго чыгат. Дениз боюнда Мекке менен Шамдын ортосундагы «Ис» - деген бир жерди байырлап калат. Кыска убакыттын ичинде ал жер мусулмандар үчүн баш калкалоочу жайга айланат. Абу Жандал да бутпарастардан качып Иске келет. Ошентип олтуруп бу жердеги мусулмандардын саны үч жүзгө чукулдап калат. Меккеликтердин соода кербендерине коркунуч туула баштайт. Меккелик бутпарастар аргасыздан Алла Элчисинен бул жагдайга чекит коюу үчүн келишимдеги тийиштүү шартты алып таштоону талап кылышат. Башкача айтканда, Меккеден мусулман болуп качкандардын Мединага баш калкалоолорун сураньшат. Ошентип мусулмандардын зыянына деп эсептелип жаткан бул шарт кыска убакыттын ичинде мусулмандардын пайдасына айланат.[239]

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Абу Басирдин жамаатына кат жөнөтөт. Бул учурда азирети Абу Басир өлүм төшөгүндө жаткан эле. Ал Пайгамбардын катын окуп, кат колунда калган боюнча жанын Жаратканга тапшырат. Азирети Абу Жандал азирети Абу Басирдин сөөгүн ошол жерге коет. Азирети Абу Жандал кабырынын жанына мечит курдурат. Ошентип, азирети Абу Жандал мусулмандар менен бирге Мединага келет. Ал Алланын Элчиси менен бирге кийин бир катар жүрүштөргөчыгат.[240]

* * *

Худайбияда бекитилген тынчтык келишими Исламдын тез-

239. Бухарий, Шурут, 15; Ибн Хишам, III, 372
240. Вакиди, II, 629

дик менен жайылышына зор таасирин тийгизет. Ошондуктан Алла Таала муну «Фатху Мубин – айдан ачык, айкын жеңиш» -деп атаган.[241]

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Худайбиянын чоң жеңиш экендигин айткан кезде сахабалардын арасынан бирөө:

-Байтуллага зыярат кыла албай калдык, атайын курманчылыкка деп алып барган мал-жандыктарыбызды Харам аймагында соё албадык. Мусулман болуп бизге баш калкалаган эки адам кайра бутпарастарга кайтарылды. Ушул кантип жеңиш болсун? - деп өзүнчө күбүрөнөт.

Анын бу сөзүн кулагы чалып калган Пайгамбарыбыз ага жооп иретинде мындай дейт:

*-Ооба! Бу келишим чоң ийгилик, зор жеңиш. Бутпарастар силердин Меккеге барып, иштериңерди бүтүрүп келишиңерге ыраазы болуп, жол коопсуздугун да моюндарына алышты. Алар азыркыга чейин жактырбаган Исламды силердин кыймыл-аракетиңерден, жүрүм-турумуңардан көрүп Ислам менен таанышат. Алла Таала силерди ийгиликке жеткирип, барган жериңерден аман-соо, кирешелүү болуп кайтасыңар. Бул - чоң жетишкендик, зор жеңиш»* *(Халаби, II, 715).*

Азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун!)* Худайбия келишими жөнүндө өз оюн төмөнкүчө билдирет:

«Исламда Худайбия жеңишинен чоң жеңиш болгон эмес. Бирок эл буга кыска жана тар көз караш менен карагандыктан каршы чыгышкан. Алар негизи Алла Таала менен Пайгамбардын ортосундагы иштерде дайыма шашылышат. Алла Таала алар сыяктуу шашпайт, Ал өзү каалаган ишти убагы келмейин жүзөгө ашырбайт» *(Вакиди, II, 610; Халаби, II, 721)*

241. Фатх, 1.

Худайбия келишиминин алгачкы оң натыйжасын Исламдын мурункудан дагы тез жайылышынан байкоого мүмкүн. Бул тынчтык доорунда элди Исламга чакыруу маселесинде жаңы мүмкүнчүлүктөр, шарттар түзүлгөн эле. Бу багытта мусулмандар бутпарастар менен баарлашып, аларга Ыйык Куран, Ислам жөнүндө кенен-кесири түшүндүрө башташкан эле. Мусулманчылыгын жашырып жүргөндөр да ачыкка чыгышкан эле.[242]

Буга чейин бутпарастар менен мусулмандар бири-бири менен мындай ээн-эркин, тынч пикир алмашып, отура алышкан эмес эле. Тынчтыктан кийин бутпарастар Мединага эч коркпостон келип, мусулмандар да Меккеге барып келип калышкан. Ал жердеги үй-бүлөлөрү, достору жана башка адамдар менен көрүшүп, баарлашууга мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Мусулмандар Пайгамбарыбыздын жүрүм-туруму, адеп-ахлагы жана баскан изинин актыгы жана тактыгы жөнүндө берген маалыматтар, акыл-насааттар бутпарастар тарабынан да угулуп, бир аз да болсо жүрөктөрү жумшап, Исламга жакындай баштаган. Ансыз да чөлдө жашаган араптар да мусулман болуу үчүн Курайш бутпарастарынын ыйманга келишин күтүп жатышкан эле. Бул учурда бутпарастардын аттуу-баштууларынан Амр бин Ас, Халид бин Валид, Осмон бин Талха сыяктуу адамдар да мусулман болушканэле.[243]

Ислам элчилери да ишенимдүү түрдө ар кайсы чөлкөмдөргө барып, бүт мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланып Исламды жайышкан. Бул учурда мусулмандардын саны күн сайын өтө тездик менен дүркүрөп өскөн.

Ислам аалымдарынан Имам Зухри Худайбия келишими жөнүндө Алла Элчисинин хадистеринен пайдаланып төмөнкүчө жыйынтыкка келет:

242. Ибн Каййим, III, 309-310

243. Вакиди, II, 624

«Буга чейин мусулмандар менен бутпарастар жүз көрүшкөн жерлеринде согушуп келген. Худайбия тынчтык келишими аркылуу согушка, салгылашууга чекит коюлду. Эки тараптын ортосунда коопсуздук, ынтымак, тынчтык пайда болду. Бири-бири менен жакындан ымала куруууга мүмкүнчүлүктөр жаралды. Ал тургай ар түрдүү жагдайларда да бири-бирине жардам бере башташты. Бу учурда кимге Ислам жөнүндө маалымат берилсе, ал адам бир аз ойго батып, чындыкты түшүнүп дароо Исламга кадам таштап жатты. Худайбия келишими түзүлгөн күндөн тарта Мекке жеңишине чейинки эки жыл аралыгында мусулманчылыкты кабыл алгандардын саны Худайбияга чейинки он тогуз жылда мусулман болгондордун санынан да көп эле».

Ал эми Ибн Хишам буга кошумча:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Худайбияга баратканда миң төрт жүз киши менен жолго чыккан эле. Мындан эки жыл өткөн соң Меккенин колго алынышында болсо, он миң мусулман болгон. Дагы бир жазма булакта жолдон эки миң киши кошулуп, мусулмандардын саны он эки миң болгон – деп айтылат. Бул сандар Имам Зухринин аныктамалары туура экендигин көрсөтүп турат» - деген *(Хайсами, VI, 170; Ибн Хишам, III, 372).*

# ХИЖРАТТЫН ЖЕТИНЧИ ЖЫЛЫ

## Өкүмдарларга жазылган каттар

Бүтүндөй адамзатына пайгамбар катары жөнөтүлгөн азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Худайбия тынчтык келишиминен кийин бүт күчү менен узак-жакын бардык өлкөлөрдү  Исламга чакыра баштайт. Анткени Алла Тааланын буйругу ушул багытта эле:

قُلْ يَا أَيُّهَا النَّاسُ إِنِّي رَسُولُ اللهِ إِلَيْكُمْ جَمِيعاً الَّذِي لَهُ مُلْكُ السَّمَاوَاتِ وَالأَرْضِ

**«Айткын (Эй, Мухаммад!): «Эй, адамдар! Албетте, мен силердин баарыңарга жиберилген Алланын Элчисимин. Ал асмандардын жана жердин (жападан жалгыз) Ээси...»** *(Аараф сүрөсү, 158-аят)*

يَا أَيُّهَا الرَّسُولُ بَلِّغْ مَا أُنزِلَ إِلَيْكَ مِن رَّبِّكَ وَإِن لَّمْ تَفْعَلْ فَمَا بَلَّغْتَ رِسَالَتَهُ
وَاللّهُ يَعْصِمُكَ مِنَ النَّاسِ

**«Эй, пайгамбар! Сага Жараткан Эгең тарабынан түшүрүлгөн бүт нерсени жеткизгин! Эгер (бул буйрукту) аткарбасаң, Анын элчилигин жеткирген болбойсуң.**

**Алла Таала сени адамдардан (алардын зыянынан) Өзү сактайт....»** *(Маида сүрөсү, 67-аят)*

وَمَا أَرْسَلْنَاكَ إِلَّا كَافَّةً لِّلنَّاسِ بَشِيراً وَنَذِيراً وَلَكِنَّ أَكْثَرَ النَّاسِ لَا يَعْلَمُونَ

**«(Эй, Мухаммад!) Биз сени шек-күмөнсүз бардык адамдарга куш кабар жеткирүүчү, эскертүүчү катары пайгамбар кылып жибердик. Бирок көп адамдар муну билишпейт»** *(Саба сүрөсү, 28-сүрөсү)*

Алланын Элчиси жакынкы жана ыраакы мамлекеттерди Исламга кат аркылуу чакырат. Алланын Элчиси бул каттарды кутман сахабалары аркылуу жөнөткөн эле. Бүткүл ааламдын сыймыгы болгон азирети Пайгамбарыбыз өкүмдарларга кат жаздырганы жатканда сахабалар:

-О, Алланын Элчиси! Алар бул катты мөөрү жок окушпайт - дешет. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* күмүштөн шакек жасатат. Шакектин бетине «Аллах – Расуул – Мухаммад» - деген сөздөрдү оюп жаздырып, каттарга мөөрдүн ордуна ошол шакекти колдонгон эле.[244]

Шакектин жогору жагына «Аллах», ортосуна «Расуул (элчи)», төмөн жагына «Мухаммад» - деп жазылган эле.

* * *

Византиянын ошол кездеги императору Гераклга Алла Элчисинин катын азирети Дихятул -Калби *(Алла ага ыраазы болсун!)* аттуу сахаба алып барат. Перстерди басып алган Византия императору Геракл жеңишке жетип, артка кайтып Сирия аймагына киргенде Пайгамбарыбыздын Исламга чакырган каты колуна тийет. Бу катты жылуу кабыл алып, анын маани-маңызын түшүнгүсү келген Византия императору бу жаатта изилдөө жүргүзүү үчүн нөкөрлөрүнөн азирети Пайгамбарыбыздын жердеш-

244. Бухарий, Илим, 7; Муслим, Либас, 57, 58; Ибн Саад, I, 258

теринен бир канча адам таап келишин талап кылат.

Ошол мезгилде азирети Пайгамбарыбыздын эң алдыңкы душмандарынан бири Абу Суфян Мекке соодагерлери менен Шам тарапты көздөй бараткан эле. Бул учурда Пайгамбарыбыз менен Курайш уруусунун ортосунда тынчтык келишими түзүлгөн болучу. Гераклдын жан-жөкөрлөрү жолдон Мекке соодагерлерине жолугуп, аларды императордун алдына чакырып келишет. Геракл аларды кабыл алып, котормочусунан:

«Азыр ушул жердегилерден киминер «Пайгамбармын» - деп чыккан адамдын эң жакын тууганы болосунар?» - деп suratat.

Абу Суфян:

-Эң жакыны мен болом! - деп жооп берет.

Геракл:

-Буларды менин жаныма алып келгиле! Мен тиги (Абу Суфян) менен сүйлөшүп жатканда, достору жанында турушсун! - дейт да, кайра котормочуга кайрылып:

-Буларга айт, мен Ал адам (пайгамбар) тууралуу бу адамга суроолорум бар. Мага калп айтып жатса жанындагылар: «Калп айтып жатат» - деп эскертип коюшсун! - дейт.

«Валлахи, жанымдагылар жалган айтканымды барган жерлеринде айтышарынан тартынбаганымда, Ага ар кандай жалган жалааларды жаба бермекмин» - деген Абу Суфян Геракл менен болгон сүйлөшүүсүн өзү мындайча билдирет:

«Ырас, Гераклдын алгачкы суроосу мындайча болду:

-Эл арасында Анын уруусу кандай?

Мен:

-Анын уруусу эл арасында өтө чоң кадыр-баркка ээ! - дедим.

-Силерден бул (мен «Пайгамбармын» - деген) сөздү андан мурун айтып чыккан адам болду беле?

-Жок.

-Ата-бабаларынан падыша болгондору барбы?

-Жок!

-Ага моюн сунгандар коомдогу аттуу-баштуу бай адамдарбы же төмөнкү катмарданбы?

-Төмөнкү катмардан.

-Ага моюн сунгандардын саны азайып жатабы же көбөйүп жатабы?

-Көбөйүп баратат.

-Алардын арасынан Анын динине киргенден кийин жактырбай калып, кайра бул динден баш тарткан адам барбы?

-Жок!

-Анын сөзүндө турбай койгон учуру болду беле?

-Жок! Ал берген сөзүнөн кайтканын көрбөдүм. Бирок азыр биз аны менен белгилүү мөөнөткө чейин келишим түзгөнбүз. Ушул убакыт аралыгында эмне кылып жиберет, билбейбиз! - дедим. Аны жамандоо үчүн мындан башка сөз таба албадым!

-Ага каршы согуш майданында болдуңар беле?

-Ооба.

-Бул согуштардын жыйынтыгы кандай болду?

-Кээ биринде биз, кээ биринде ал жеңип чыкты.

-Ал силерге эмне деп жатат?

- Ал бизге: «Жалгыз Жараткан Аллага ибадат кылгыла, эч кимди жана эч нерсени Ага теңебегиле (шерик кошпогула), ата-

бабанар сыйынган айкелдерден баш тарткыла» - деп жатат. Ал бизди намазга жыгылууга, туура-түз жүрүүгө, абийирдүү, адамгерчиликтүү болууга, туугандар менен тыгыз байланышта, жылуу мамиледе болууга чакырып келет - дедим.

Анда Геракл котормочусуна:

-Буга айт, Анын уругун сурадым, эл арасында анын уруусунун өтө чоң кадыр-баркка ээ болгондугун айттың. Пайгамбарлар да ушундай уруулардан чыгат.

Силерден бул (мен «Пайгамбармын- деген) сөздү андан мурун айтып чыккан адам болду беле? - деп сурадым. Жок, дедиң. Андан мурун да бул сөздү айтып чыккан адам болгондо, аны туурап жатат дээр элем.

Ата-бабаларынан падыша болгондору барбы - деп сурадым, буга да «жок» - деп жооп бердиң. Эгер ата-бабаларынан бири падыша болгондо, анын мал-мүлкүн талашып, артка кайтарып алууга аракет кылып жатат демекмин.

Пайгамбарлыгын айтып чыкканга чейин Анын калп айтканын көрдүңбү - деп сурадым, «жок» - дедиң. Мен жакшы билем, адамга калп айтпаган киши Жараткан жөнүндө да калп айтпайт!

Ага моюн сунгандар коомдогу аттуу-баштуу бай адамдарбы же төмөнкү катмарданбы -деп сурадым. Төмөнкү катмардан болгондугун айттың. Ансыз деле пайгамбарларга башында моюн сунгандар ушул сыяктуу адамдардан болушат.

Ага моюн сунгандардын саны азайып жатабы же көбөйүп жатабы - деп сурадым. Көбөйүп баратат - дедиң. Туура диндердин өзгөчөлүктөрүнөн бири - ушул, моюн сунгандардын көбөйүшү.

Алардын арасынан Анын динине киргенден кийин жактырбай калып, кайра бул динден баш тарткан адам барбы - деп сурадым. Жок - дедиң. Ыйман нуру жүрөккө уялап, жай тапканда ушундай болот.

Анын сөзүндө турбай койгон учуру болду беле - деп сурадым. Жок - дедиң. Пайгамбарлар ошондой болушат, сөздөрүнө бекем турушат.

Ага каршы согуш майданында болдуңар беле - деп сурадым. Согушканыңарды, кээде жеңилип, кээде жеңишке жеткениңерди айттың. Ансыз да пайгамбарлар ушундай, жеңилүүгө дуушар болушат да, акырында чоң ийгиликтерге жетишет.

Силерге эмне деп жатат - деп сурадым. Жалгыз Жараткан Аллага ибадат кылууга, эч кимди Ага теңебөөгө, ата-бабаңар сыйынган айкелдерден баш тартууга, намазга жыгылууга, чынчылдыкка, адамгерчиликтүү болууга, туугандар менен тыгыз байланышта болууга үндөп жатканын айттың.

Эгер бул айткандарың туура болсо, Ал зат жакынкы кыска убакыттын ичинде ушул мен турган жерге да ээлик кылат. Мен ансыз деле бул Пайгамбардын келээрин билгем. Бирок силерден чыгат деп ойлогон эмесмин. Анын алдына бара алганымда, Аны менен жолугуу үчүн бүт күчүмдү жумшаар элем. Анын жанында болгонумда куттуу бутун жууп берээр элем»

Андан соң Геракл азирети Дихиядан *(Алла ага ыраазы болсун!)* Бусра өкүмдарына жана өзүнө жөнөтүлгөн Пайгамбарыбыздын катын сурайт. Кутман сахаба катты Гераклга сунат. Геракл катты окуп чыгат. Катта:

«Алланын кулу жана Элчиси Мухаммаддан римдиктердин элбашы Гераклга!...

Туура жолго түшкөндөргө салам (тынчтык, бейпилдик) болсун! Мен сени Исламга чакырам. Исламга кирсең, бакытка жетесиң. Алла Таала сага сыйлыгыңды эки эсе кылып берет! Эгер кабыл кылбасаң (кол алдыңдагы элдин) адамдардын күнөөсү сага жүктөлөт.

قُلْ يَا أَهْلَ الْكِتَابِ تَعَالَوْاْ إِلَى كَلِمَةٍ سَوَاءٍ بَيْنَنَا وَبَيْنَكُمْ أَلاَّ نَعْبُدَ إِلاَّ اللّهَ وَلاَ نُشْرِكَ بِهِ شَيْئاً وَلاَ يَتَّخِذَ بَعْضُنَا بَعْضاً أَرْبَاباً مِّن دُونِ اللّهِ فَإِن تَوَلَّوْاْ فَقُولُواْ اشْهَدُواْ بِأَنَّا مُسْلِمُونَ

**«Айткын (эй, Мухаммад!): Эй, Китеп ээлери (жөөт жана христиандар)! Бизге да, силерге да ортоктош бир сөзгө келгиле! Жалгыз Аллага гана ибадат кылалы, Ага эч нерсени теңебейли жана бири-бирибизди кудай кылып албайлы. Эгер алар (китеп берилгендер) ушул чакырыктан баш тартышса, анда силер (эй, момундар): «Күбө болгула, биз мусулмандар – Жалгыз Аллага моюн сунуучуларбыз» - деп айткыла!»** *(Аали Имран сүрөсү, 64-аят)* - деп жазылган эле.

Абу Суфян сөзүн улап:

«Геракл айтканын айтып, дегенин деп, катты окуган соң ордунан жылды, үндөр жогорулап кирди. Бул учурда бизди сыртка чыгарып коюшту. Мени менен чогуу келген соодагерлерге:

-Абу Кабшанын уулунун[245] келечеги кеңейди. Карасаңар, Асфар коомунун падышасы (Геракл) да Андан коркуп жатат!...- дедим. Ошондон баштап Анын жакын арада чоң жетишкендикке жете турганына болгон ишенчимди жоготподум. Акырында Алла Таала мага да Исламды насип буюрду...»

Геракл жамаатындагы аттуу-баштууларды алдына чакырып, хан сарайынын биринде жыйын өткөзөт. Аларга:

-Эй, Рим жамааты! Түбөлүк бакытка, мына келечегиңердин

245. Пайгамбарыбызга ыйгарылган ысым. Пайгамбарыбыздан мурун Хузаа уруусунан «Аба Кабша» - деген зат чыккан. Ал дагы өз уруусунун айкелдерге табынышына каршы чыккан. Бутпарастар азирети Пайгамбарыбызды Абу Кабшага окшотуп, Ибн Кабша (Кабшанын уулу) дешер эле. Дагы башка жазма булактарда бул ысым Алла Элчисинин атасы же энесинин бабаларынан бирөөнүн, же сүт атасынын лакап-аты болгон деп да айтылат.

кендиги үчүн кандай пикирдесиңер? - деп, (Исламды дин катары кабыл алууларын сунуштайт). Алардын баары жапайы айбан сыяктуу үркүп эшикти көздөй жүгүрүшөт. Бирок эшиктин бардыгы жабык эле. Геракл алардын Исламга жакын жолобосун байкаган соң кайра артка чакырып, сөзүн буруп:

-Мен силердин христиан динине болгон туруктуулугуңарды, берилгендигиңерди байкоо үчүн сынадым. Силердин бу абалыңар мага абдан жакты! - дейт. Андан соң алар ага сажда кылышып, ыраазы болушат *(Бухарий, Бадуль-Вахий, 1, 5-6, Иман, 37, Шахадат, 28, Жихад, 102; Муслим, Жихад, 74; Ахмед, I, 262).*

Ошентип, Византия императору Геракл маңдайына чейин келген Ислам дининин акыйкаттыгына өзү күбө болуп, адал жолго эми кадам таштайын дегенде бул дүйнөнүн лаззаттары оор басып, түбөлүк бактысына өзү балта чаап алган эле.

* * *

Чакырык катты Ирандын өкүмдары Кисрага азирети Абдуллах бин Хузафа *(Алла ага ыраазы болсун!)* алып барат. Бирок Кисра элчини Гераклдан башкача кабыл алат. Катта азирети Пайгамбарыбыздын ысымы өзүнүн атынан мурун жазылганына ачууланып, катты айрып таштайт. Келген элчиге акаарат сөздөрүн айтып, катуу жектейт.

Азирети Абдуллах *(Алла ага ыраазы болсун!)* Кисрага жана жалпы эле перс эли кайрылып мындай дейт:

-Эй, перс эли! Силер пайгамбарсыз, (ыйык) китепсиз жана жер жүзүндө өзүңөргө гана таандык жерге ээ болуп, убактылуу дүйнөдө өмүр-жашооңорду түш сыяктуу өткөрүп жатасыңар! Жер бетиндеги жер силер ээ болгон жерден алда канча чоң.

-Эй, Кисра! Сенден мурун бул дүйнөнү же акыретти эңсеген нечелеген өкүмдарлар келип, өкүмүн жүргүзүп кеткен. Акыретти эңсегендери бул дүйнөдөн да пайдаланып, өз насибин

алышты. Ал эми бул дүйнөнү гана эңсегендер болсо, акыреттеги бактысынан да ажырашты. Сага сунуш кылып жаткан мына бул динди теңсинбей жатасың. Бирок, валлахи, кай жерде болсоң да, азыр алымсынбай жаткан нерсе келгенде андан жүрөгүң түшүп, коргоно да албай каласың!»

Кисра буга жооп иретинде бүт байлык-бийликтин өзүнө таандык экендигин, эч качан жеңилүүгө дуушар болбостугун, өзүнө тең келчү бир да күчтөн коркпостугун айтып, жан-жөкөрлөрүнө азирети Абдуллах бин Хузафаны сыртка чыгарып салышына буйрук берет *(Сухайли, VI, 589-590).*

Азирети Абдуллах *(Алла ага ыраазы болсун!)* Кисранын сарайынан чыгаар замат атына минип, Мединаны көздөй жол тартат. Өзүнө-өзү:

«Валлахи, мен үчүн эки жолдон (өлүм же аман калуу) кайсынысы болсо да, кайгырбайм. Анткени Алла Элчисинин катын тиешелүү адамга жеткирип, өз милдетимди аткардым» - дейт *(Ахмед, I, 305; Ибн Саад, I, 260, IV, 189; Ибн Касир, Бидая, IV, 263-6; Хамидуллах, аль-Васаик, 140).*

Азирети Абдуллах бин Хузафанын *(Алла ага ыраазы болсун!)* бекем ыйманы, чын ыкласы жөнүндө көптөгөн эскерүүлөр жазылып калган.

Азирети Умардын *(Алла ага ыраазы болсун!)* халифалыгы учурунда Шамдын Кайсария аймагындагы Римдиктерге Ислам кошуунуну жөнөтүлгөн эле. Кошуунда азирети Абдуллах бин Хузафа да бар эле. Ал римдиктердин колуна туткунга түшүп калат. Падышасына алып барып: «Бул Мухаммаддын сахабаларынан!» - дешет.

Падыша азирети Абдуллахты бир үйгө камап бир топ күн бою суу да, тамак да бербейт. Акырында азирети Абдуллах жаткан үйгө шарап жана донуз этин киргизип, үч күн карап туру-

шат. Азирети Абдуллах *(Алла ага ыраазы болсун!)* шарапка да, этке да жакын жолобойт. Жан-жөөкөрлөр падышага:

-Мунуңуз катуу алсырап калды. Аны үйдөн чыгарбасаңыз сөзсүз өлөт! - дешет.

Падыша аны алдына чакыртып:

-Сен эмнеге жеп-ичүүдөн баш тартып жатасың? - деп сурайт.

Азирети Абдуллах *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-Чындыгында мындай оор учурларда (шарапты, донуз этин) жеп-ичсем болот эле. Бирок сен мени жана Исламды шылдыңдашыңды каалабадым! - дейт.

Падыша анын мындай салабаттуу жообунан кийин:

-Сен христиан болсоң, мал-мүлкүмүн жартысын сага берсем, сени байлыгыма, бийлигиме ортоктош кылсам, кызымды да сага үйлөндүрсөм кандай болот? - дейт.

Азирети Абдуллах :

-Сен мага азирети Мухаммаддын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* дининен көз ачып жумганчалык убакыт аралыгында кайткандыгым үчүн (т.а., ушунчалык кыска убакыттын ичинде Исламдан кайтып, кайра дароо Исламга кире тургандыгым үчүн) мал-мүлкүңдүн баарысын жана бардык араптардын байлыгын берсең да, макул болбоймун! - дейт.

Падыша:

-Андай болсо, сени өлтүрүүгө туура келет - дейт.

Азирети Абдуллах:

-Ал сени эркиң! - деп жооп кайтарат.

Ошентип, жан-жөкөрлөр азирети Абдуллахты *(Алла ага ыраазы болсун!)* айкаш жыгачка асып коюшат. Алгач мергендер

ага атайын тийгизбей жебе тартып коркутушат. Андан соң падыша дагы бир жолу христиан динине киришин сунуштайт. Ал кутман сахаба кыпындай да жылыш көрсөтпөйт.

Падыша:

-Же христиан болосуң, же болбосо, сени казандагы кайнак сууга салам - дейт. Падыша Абдуллахтын айтканынан кайтпай турганын баамдаган соң жез казанын алдырып, казанга суу толтуруп кайнаттырат. Падыша мусулмандардан дагы бир туткунду алдырып, ага да христин динин сунуштайт. Туткун падышанын сунушунан баш тарткандыктан анын казанга салынышын буюрат. Баягы мусулман туткун азирети Абдуллахтын *(Алла ага ыраазы болсун!)* көз алдында казанга салынат. Казанга салынаар замат бечаранын эти сөөгүнөн шылынып түшөт.

Падыша азирети Абдуллахка *(Алла ага ыраазы болсун!)* дагы бир ирет христиан динин сунуштайт. Бул жолкусунда да кабыл албаган соң жан-жөкөрлөрүнө аны да казанга салууларын буюрат. Азирети Абдуллах казанга салынаар алдында көзүнөн жаш чыгып кетет. Кылдат карап турган падыша анын эпке келгенин ойлоп, дароо токтотуп калат. Дагы бир ирет христиан динин сунуштайт. Бу сапар да падышанын сунушун четке кагат. Падыша абдан таң калып:

-Андай болсо, эмне ыйлап жибердиң? - деп сурайт.

Анда азирети Абдуллах бин Хузафа *(Алла ага ыраазы болсун!)* жооп кайтарат:

-Сен мага жасап жаткан мыкаачылыгыңан коркуп ыйлады деп ойлоп жатасыңбы? Жок, андай эмес! Мен Алланын жолунда бере турган бир гана жаным бар болгондугу үчүн ыйладым. Ичимден өзүмө-өзүм: «Сенде азыр бир гана жан бар. Мына бул казанга кирип, ошол замат Алланын жолунда жан бересиң. Ал эми мен денемде канча кыл болсо, ошончо жаным болуп, алар-

дын ар бири ушундай мыкаачылык менен Алланын жолунда удаама-удаа шейит кетишин жан дилимден каалар элем» - дедим.

Падыша Азирети Абдуллахтын мындай жүрөктөн ашыпташкан ыйманынан жаралган тайманбастыгын, демин, салабаттуулугун көрүп, ыраазы болуп, аны эркиндикке чыгармакчы болот да:

-Башыман өп, сени эркиндикке чыгарайын - дейт.

Бул жолу да азирети Абдуллах *(Алла ага ыраазы болсун!)* тике карап:

-Мени менен бирге бардык мусулман туткундарды азаттыкка чыгарасыңбы? – деп сурайт.

-Ооба, кое берем - деп жооп берет. Анда азирети Абдуллах:

-Андай болсо, жарайт! - деген экен.

Кийин азирети Абдуллах *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

«Өзүмө-өзүм: - Өзүмүн жанымды да, мусулман туткундардын жанын да аман алып калууга себепкер болуу үчүн Алла душмандарынан бирөөнүн башын өпсөм, эмне экен? Өпсө, өбөйүн - дедим» - дейт.

Ошентип, ал күнү сексен мусулман азаттыкка чыккан экен. Туткундан бошонгон мусулмандар азирети Умардын алдына келип болгон окуяны айтып беришет. Анда азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-Абдуллах бин Хузафанын башынан өбүү ар бир мусулмандын милдети! Муну эң алгач мен өзүм баштайм - деп өйдө туруп азирети Абдуллахтын жанына келип, башынан өпкөн экен *(Ибн Асир, Усдул-Гааба, III, 212-213; Захаби, Сияр, II, 14-15).*

Мына ушул кутман сахаба Алла Элчисинин падышаларды Исламга чакырган катын Иран Кисрасына алып баруу бакты-

сына ээ болуп, өкүмдардын буйругун күтүп турган баш кесерлеринин алдында тайманбастыгын көрсөтүп, Кисраны эли менен кошо Исламга чакырган эле.

Кисранын катты жыртып, Ислам чакырыгына каршы кадам шилтегенин уккан Алланын Элчиси :

*«Оо, Жараткан! Сен да аны мал-мүлкүнөн ажырат»* - деген эле *(Бухарий, Илим, 7; Ибн Асир, Усдуль-Гааба, III, 212).*

Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бул мужизасы Хулафа-и Рашидин (алгачкы төрт халифанын) доорунда жүзөгө ашкан. Бул учурда Кисранын жери толугу менен мусулмандардын колуна өткөн.

Кисра Йемен акими Базанга кат жөнөтүп, азирети Пайгамбарыбызды өзүнө алып келишин талап кылат. Базандын элчилери Алла Элчисине келишет. Жагдайды түшүндүрүп, Базандын катын беришет. Алланын Элчиси катты окуткан соң ууртунан жылмаят. Элчилерди Исламга чакырат. Базандын элчилери Пайгамбарыбызга:

-Эгер биз менен барбасаң, Базандын катына жооп жаз! - дешет. Алланын Элчиси Алла Тааланын вахийи менен аларга кайрылып:

*-Алла Таала Кисрага уулу Ширавайхты башына балээ кылды. Ширавайх аны баланча айдын баланча түнүндө, саат баланчада өлтүрөт!* - дейт.

Элчилер чоочуп кетишет да:

-Биз Сенден уккан бул сөздү жазып акимге (Базанга) кабар берелиби? - дешет.

Азирети Пайгамбарыбыз*(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*-Ооба! Менден укканыңарды ага жеткизгиле! Ага дагы минтип айтып койгула: «Менин диним жана өкүмүм Кисранын бай-*

*лык-бийлиги жеткен жерге чейин жетип, аттар жана төөлөр жете ала турган эң ыраак аймактарга чейин барат!»* *Ага муну да айткыла: «Эгер сен мусулман болсоң, карамагыңдагы жерлерди сага берем! Сени Йемендеги Перс элине өкүмдар кылып дайындайм* - деп буюрат.

Пайгамбарыбыздын бу сөздөрүн уккан Базан:

-Валлахи, анын сөзү өкүмдардын сөзү эмес! Менин оюмча, бул адам өзү айткандай пайгамбар! Кисра жөнүндө айткан сөздүн жыйынтыгын күтүп туралы. Эгер бу сөзү ырас болсо, ал сөзсүз түрдө Алла Таала тарабынан бүткүл адамзатына жөнөтүлгөн пайгамбар! Ал эми сөзү туура эмес чыга турган болсо, анда ал жөнүндө дагы ойлонууга туура келет! - дейт да элчилерине кайрылып:

-Ал кандай киши экен? - деп сурайт.

-Биз Андан өткөн сырдуу, жөнөкөй, ошондой эле эч нерседен коргогон, жан сакчылары жок жана элдин арасында жөө жүргөн өкүмдар көргөн эмеспиз! Сахабалары Анын алдында бийик үн менен эмес, акырын сүйлөшөт экен...- деп көргөнүн көргөндөй тандана айтып беришет.

Ошентип Ширавайхтын атасын өлтүрөр убактысын күтүп жүрүшөт. Алланын Элчиси билдирген убакыт келип, мөөнөтү мөөнөтүнө дал келе тургандай болуп калат. Пайгамбарыбыз айткан саатта Ширавайх атасын өлтүргөнүн уккан Базан Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жөнүндө:

-Шек-күмөнсүз, бул зат Алла Таала тарабынан бүтүндөй адам баласына жөнөтүлгөн пайгамбар! - деп ыйманга келет. Йемende жашаган перстер да мусулман болушат. *(Ибн Саад, I, 260; Абу Нуайм, Далаил, II, 349-350; Диярбакри, II, 35-37)*

* * *

Падышалардын арасынан Алла Элчисинин чакырык катын

жана катты алып барган Пайгамбар элчисин эң жакшы кабыл алган падыша Хабаш (Эфиопия) Нажашиси (падышасы) болгон. Азирети Амр бин Умаййа *(Алла ага ыраазы болсун!)* аркылуу Нажашиге жеткен катта Ислам чакырыгы менен кошо азирети Мариям жана азирети Иса пайгамбар жөнүндө да кыскача маалымат берилген эле. Ислам тууралуу мурун Эфиопияга көчүп келген мусулмандардан бир аз маалымат алган Нажаши бул кат аркылуу ыйманга келет. Ал Абу Талибдин уулуу азирети Жафардын алдында келме келтирип мусулман болот. Нажаши кийин Алла Элчисинин суранычын орундатып, ал жердеги мухажирлерди эки кеме менен Мединага жөнөтөт. Ошондой эле азирети Пайгамбарыбызга ыйман келтиргендиги жөнүндө кат жаздырат. Катта мындай деп жазылган эле:

«Алланын Элчиси Мухаммадга *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Нажаши тарабынан:

О, Алланын Элчиси! Сага да (Алланын) саламы болсун! Алла Таала сени чексиз ырайымына бөлөсүн! Өзүнөн башка кудай болбогон Алла Таала мага Исламды насип буюрду.

О, Алланын Элчиси! Азирети Иса жөнүндө эскерген катыңыз мага жетти. Жердин жана асмандын Жаратуучусуна ант берем! Азирети Иса да өзү жөнүндө сиз эскерген нерселерден ашыгын айткан эмес. Анын чакырыгы да дал сиздикиндей эле. Биз Исламдын негиздери менен тааныштык. Абаңыздын уулу (Жафар-и Таййар) менен биздин өлкөбүзгө көчүп келген сахабаларыңызга сыйыбызды көрсөттүк. Мен күбөгө өтөм, Сен Алланын Элчисисиң! Берген сөзүнө өтө бекем турасың. Акыйкатсың, мусаддыксың (пайгамбарлыгың тастыкталган!)

О, Алланын Элчиси! Мен Сага Сенин өкүлүң, агаңдын уулу аркылуу ант бердим. Анын алдында бүтүндөй жандуу-жансыздын Жаратуучусу Аллага моюн сундум. Сага уулум Арханы жөнөтүп жатам. Мен болгону өзүмө гана падышамын, эгер Сага

барышымды кааласаң, о, Алланын Элчиси, дароо барам. Мен дагы бир ирет күбөгө өтөм, сенин айткандарың чындык. О, Алланын Элчиси, Сага салам (тынчтык, бейпилдик) болсун!...» *(Ибн Саад, I, 259; Ибн Каййим, III, 689; Хамидуллах, аль-Васаик, 100, 104-105)*

* * *

Күндөрдүн бири нде Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* :

*-Оо, эл-журт! Акыбетин, сообун Алладан үмүт кылып, мына бул катты Искандариянын Мукавкысына*[246] *ким алып барат?* - дейт. Азирети Хатиб бин Абу Белтаа *(Алла ага ыраазы болсун!)* дароо ордунан туруп:

-О, Алланын Элчиси! Мен алып барам - дейт.

Азирети Пайгамбарыбыз:

*-Эй, Хатиб! Алла Таала бул озуйпаны сага мубарак (кайырлуу) кылсын!* - деп ак батасын берет.

Азирети Хатиб Пайгамбарыбыздын катын Искандариянын Мукавкысына алып барат. Катта мындайча жазылган эле:

«Бисмиллахир-Рахманир-Рахим.

Алланын кулу жана Элчиси Мухаммаддан кыптилердин чоңу Мукавкыска. Ак динге моюн сунуп, туура жолго түшкөндөргө салам болсун!

Сени Исламга чакырам. Мусулман бол, бакытыңды тап, Алла Таала сага сыйлыгыңды эки эселеп берсин. Эгер бул чакырыктан баш тартсаң, кыптилердин күнөөсү сенин мойнуна жүктөлөт.

246. Ал учурда Византия императорлору «Кайсар» жана «Рим Кайсары», Перс өкүмдарлары «Кисра», Хабаш өкүмдарлары «Нажаши», Мисир өкүмдарлары «Фараон», Искандария өкүмдарлары «Мукавкыс», Йемен жана Шихир өкүмдарлары «Тубба», Индустардын өкүмдарлары «Батлиму» - деген наам менен айтылган. Булар жеке ысым эмес, жалпы өкүмдарларга ыйгарылган наамдар. (Ибн Касир, аль-Бидая, XI, 228 ) Байыркы Кыргыз журтубуздун каганы, ажосу дегендей эле кеп.

قُلْ يَا أَهْلَ الْكِتَابِ تَعَالَوْا إِلَى كَلِمَةٍ سَوَاءٍ بَيْنَنَا وَبَيْنَكُمْ أَلاَّ نَعْبُدَ إِلاَّ اللهَ وَلاَ نُشْرِكَ بِهِ شَيْئاً وَلاَ يَتَّخِذَ بَعْضُنَا بَعْضاً أَرْبَاباً مِّن دُونِ اللهِ فَإِن تَوَلَّوْا فَقُولُواْ اشْهَدُواْ بِأَنَّا مُسْلِمُونَ

**«Айткын (эй, Мухаммад!): Эй, Китеп ээлери (жөөт жана христиандар)! Бизге да, силерге да ортоктош бир сөзгө келгиле! Жалгыз Аллага гана ибадат кылалы, Ага эч нерсени теңебейли жана бири-бирибизди кудай кылып албайлы. Эгер алар (китеп берилгендер) ушул чакырыктан баш тартышса, анда силер (эй, момундар): «Күбө болгула, биз мусулмандар – Жалгыз Аллага моюн сунуучуларбыз» - деп айткыла!»** *(Аали Имран сүрөсү, 64-аят)*

Мукавкыс Пайгамбарыбыздын катын окуп, азирети Хатибди *(Алла ага ыраазы болсун!)* жанына чакырат. Андан соң дин адамдарын да чогултат. Окуянын калганын азирети Хатиб *(Алла ага ыраазы болсун!)* өзү төмөнкүчө түшүндүрүп берген:

Мукавкыс мага:

-Сенден айрым түшүнбөгөн нерселерим жөнүндө сурайм - деди.

Мен:

-Угуп жатам, айта бериңиз - дедим.

Мукавкыс:

-Сенин Төрөң пайгамбарбы? - деп сурады.

-Ооба, Ал Алланын Элчиси! - дедим.

-Ал чыныгы пайгамбар болсо, аны өз ата-журтунан кууп чыгып башка жакка баш калкалоого аргасыз кылган элге эмне үчүн Алладан каргыш тилеген жок? - деген суроосуна:

-Сен Иса бин Мариямдын Алланын пайгамбары экендигине күбөгө өтөсүң, туурабы? Ал дагы чыныгы пайгамбар болгондон кийин өз эли аны кармап айкаш жыгачка асып салганы жатканда, өз элин жок кылуу үчүн Алла Тааладан каргыш тилесе, болбойт беле? - дедим.

Мукавкыс сөз таппай калды. Бир саамга унчукпай турду да анан:

-Сөзүңдү кайтала! - деди. Кайталадым. Мукавкыс дагы унчукпай калды. Анан кайра:

-Жакшы сөз айттың. Сен акылмансың, ар бир сөздү өз орду менен сүйлөйт экенсиң. (Анткени сен) Акылмандын жанынан келатасың - деди.

Мен:

-Сенден мурун бул жерде бир адам өзүн «Кудаймын» - деп чыккан. Алла Таала ал Фараонду бул дүйнөдө да, акыретте да оор азапка дуушар кылды. Сен өзүңөн мурункулардан сабак ал! Ал эми кийинкилерге жаман үлгү болбо![247]- дедим.

Мукавкыс:

-Биздин бир динибиз бар. Бул динибизден артык дин көрмөйүн биз бул динден кайтпайбыз! - деди.

Мен:

-Ислам сенин дининден шек-күмөнсүз жогору! Биз сени Алла Тааланын адам баласына дин катары тандаган Исламга чакырабыз. Мухаммад *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сени эле эмес, бүтүндөй адамзатын чакырып жатат. Алардан ага эң катуу, эң орой мамиле жасаган эл Курайш уруусу болду. Ага каршы эң катуу жөөттөр душмандык кылышты. Адамдардан ага эң

247. Бу жөнүндө акындардын бири төмөндөгү мааниде ыр саптарын калтырган: «Өткөнө дөрдөн сабак албаган адам келечек муунга жакшы үлгү көрсөтө албайт»

жакшы мамиле жасагандар болсо, христиандар болду. азирети Муса Иса пайгамбар жөнүндө кандай куш кабар берген болсо, азирети Иса да азирети Мухаммад *(алейхис-солаату вас-салаам)* тууралуу дал ошондой куш кабарын айтып кеткен. Биз сени Куранга чакырып жатканыбыз, сенин Тооратка моюн сунгандарды Инжилге чакырганың сыяктуу. Ар бир адам өз учурунда келген пайгамбарга үммөт болушу керек. Сен да азирети Мухаммаддын доорунда жашап жатасың. Андыктан биз сени Исламга чакыруу менен азирети Иса пайгамбардын *(алейхис-салаам)* дининен алыстаткан болбойбуз. Тескерисинче, анын көздөгөн максатына ылайык жашашыңды сунуштап жатабыз - дедим.

Мукавкыс:

-Мен бул пайгамбардын динин изилдедим. Анда бул дүйнөдөн баш тартууга үндөлбөгөнүн түшүндүм. Ал (Мухаммад) жолдон тайган сыйкырчы да эмес, кайыптан кабар алганын айтып чыккан жалганчы да эмес экен. Тескерисинче, анда кайыпты көрүп кабар алып келүү сыяктуу пайгамбарлыктын белгилери бар. Ошентсе да, дагы бир аз ойлонушум керек болуп турат - деди.

Андан соң Пайгамбарыбыздын катына төмөнкүчө жооп кат жаздырды:

«Мухаммад бин Абдуллахка Мукавкыстан:

Сага салам болсун! Катыңды окудум. Сен айткан нерселерди түшүндүм. Мен бир пайгамбардын келе турганын билгем. Бирок Шамдан чыгат деп ойлогом. Мага келген элчиңе сыйымды көрсөттүм. Сага кыптилердин атынан эки күң аял жана баалуу кийимдерди белекке тартуулап жатам. Ошондой эле минип жүрүү үчүн бир качыр жөнөтөм. Сага салам болсун!»

Мукавкыс мындан ашыкча эч нерсе кылбады, мусулман да болбоду. Мага: «Абайла! Кыптилер сенин оозуңан бир да сөз угушпасын!» - деп эскертүү берди *(Ибн Касир, аль-Бидая,IV, 266-267; Ибн*

*Саад, I, 260-261; Ибн Хажар, аль-Исаба, III, 530-531)*

Ошентип, Мукавкыс Алла Элчисинин катын жакшы кабыл алат. Ал акыркы пайгамбардын келе турганын билген, бирок аны Шам аймагынан чыгат деп ойлогон. Бул күмөн ой ага адал жолго кадам таштоосуна жолтоо болуп, ыйманга келе албай калган. Ошентсе да, катты алып келген азирети Хатибден белек-бечкектерин, эки күң аял (Мария менен бир тууганы Сыриин) жана качыр берип жиберген эле.

Азирети Хатиб *(Алла ага ыраазы болсун!)* жолдо келе жатып бул эки бир тууган аял кишиге Ислам жөнүндө айтып берет. Ал экөө тең ыйман келтирип мусулман болушат.[248] Ошентип Мединага барганга чейин Алланын адал жолуна кадам таштaшат.

Азирети Хатиб *(Алла ага ыраазы болсун!)* Мукавкыстын айткандарын айтып берген соң Пайгамбарыбыз:

*«Ал бийлигин кыялбады! Кыялбаган бийлиги өзүндө калбайт!»* - деп буюрат *(Ибн Саад, I, 260-261; Диярбакри, II, 38).*

Алланын Элчиси күң болуп келген Сыринди азирети Хасан бин Сабитке никелеп берет. Ал эми Мария менен өзү баш кошот. Пайгамбарыбыз азирети Мариядан Ибрахим аттуу уулдуу болот. Азирети Пайгабарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бул никеси да Алланын буйругу менен жүзөгө ашат. Бул нике бир топ пайдаларды алып келет. Алсак, Мисир эли Пайгамбарыбыздын бул кадамын өтө жогору баалап, аны сый көз караш менен карап калышат. Кийинки жылдарда болгон Ислам-Византия согуштарында Мисир эли Византияны жалгыз калтырып, Ислам кошуунунун жеңишке жеңил жетүүсүнө себепкер болушат.

Алланын Элчиси туугандарга жылуу мамиледе болуунун үлгүсүн көрсөтүп, сахабаларына мындай дейт:

248. Ибн Саад, VIII, 212

*«Силер «кырат»- өлчөм бирдиги колдонулган Мисирди колго аласынар. Ал жердеги элге жылуу мамиледе болушунарды сунуштайм, осуятыма бекем тургула! Анткени алар менен уруу жана кудасөөктүк жагынан тууганчылыгыбыз бар» (Муслим, Фадаилус-Сахаба, 226-227)*

Жалпыга маалым болгондой, Алла Элчисинин теги азирети Исмаилге барып такалат. Исмаилдин*(алейхис-салаам)* энеси азирети Хажар Мисир аймагынан болгондуктан Пайгамбарыбыз бул хадисинде Мисир элин «тууган эл» - деп эсептеген. Ал эми кудасөөктүк тууганчылыгын азирети Марияга таяп айткан.[249]

* * *

Сирия Гассани араптарынын башчысы Харис азирети Шужаа бин Вахб *(Алла ага ыраазы болсун!)* алып барган Пайгамбарыбыздын катына катуу каршы чыгат. Ал тургай мусулмандарга каршы жүрүш жасоо үчүн Византия императорунан уруксат сурайт. Бирок император ага он жооп бербейт.[250]

Ямама падышасы Хавза да азирети Салит бин Умайр *(Алла ага ыраазы болсун!)* алып барган Алланын чакырыгына терс жооп кайтарат. Ал мындан көп өтпөй каапыр бойдон көз жумат.[251]

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* элчилерине дайыма кеп-кеңешин айтып жөнөтө турган. Пайгамбарыбыз Химяр чөлкөмүндөгү адамдарга да кат жаздырган эле. Катты Азирети Ияшка *(Алла ага ыраазы болсун!)* берип жатып:

*«Ал жерге түнүчүндө кирбе, таң атышын күт! Андан соң даарат ал, эки ирекет намаз оку! Сени ийгилик коштоп, жакшы кабыл алынышын үчүн Алла Таалага дуба кыл! Андан соң даяр-*

249. Ибн Хишам, I, 4
250. Ибн Саад, I, 261.
251. Ибн Саад, I, 262

*дыгынды көрүп, катымды оң колуна алып, оң колуң менен анын оң колуна бер! Ушундай кылсаң, алар сени кабыл алышат…»*

Азирети Ияш *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алла Элчисинин айтканын айткандай аткардым. Алар Исламды дароо кабыл алышты. Андан кийинки окуялар дагы Алланын Элчиси айткандай жүзөгө ашты» *(Ибн Саад, I, 282-283)*

Бул чакырыктар Исламдын Мединадан бүт дүйнөгө кучак жайган алгачкы кадамдары эле. Ошону менен бирге Арап жарым аралында жанданган Ислам дини күн өткөн сайын дүркүрөп өсүп жаткан эле. Анткени чоң жеңиштердин майтарылбас пайдубалы азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Пайгамбарыбыздын өзүнүн кут төгүлгөн колу менен түптөлүп жаткан эле.

## Жөөттөрдүн Пайгамбарыбызды сыйкырлаганы

Жөөттөрдүн аттуу-баштуулары сыйкырлыкты жетик өздөштүргөн эки жүздүү жөөт Лабид бин Асамга келип:

-Сен биздин арабызда эң эле билимдүү сыйкырчысың! Мухаммад эркек-аял дебей бардыгын сыйкырлап алды. Биз ага каршы эч нерсе кыла албай калдык. Сен да анын бизге эмне кылганын, динибизге каршы кандай иш-аракеттерди жүргүзүп жатканын, бизден кимдерди өлтүргөнүн жана сүргүнгө айдаганын көрдүң. Биз анын мындай иш-аракеттерине каршы Аны сыйкырлап жазасын берүү үчүн сени эп көрүп турабыз!» - дешип, Пайгамбарыбызды сыйкырлоо үчүн үч алтын дирхам беришет.

Лабид Пайгамбарыбыздын чачынан бир канча тал алуунун жолун издейт. Ал ошентип айласын таап, Пайгамбарыбыздын чачынан бир канча тал алып, аны эки үч жеринен байлап, үй-

лөйт. Бул чачтарды эркек курманын кургаган гүл чанагынын ичине салат да, аны бир кудукка алып барып, түбүндөгү бир таштын алдына коюп, сыйкырлаган соң Алланын Элчиси дароо ооруп калат. Көзүнүн нуру да начарлайт. Шайы кетип катуу ооруйт. Тамакка да табити келбей калат.

Алла Таала Элчисине бул сыйкырдын ким тарабынан кантип жасалганын жана кай жерге катылганын көрсөтөт. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Азирети Али менен азирети Аммарды Зарван кудугуна жөнөтөт. Кудуктун суусу хынанын боёгуна боёлуп, жанындагы курма дарактарынын баштары акка кара көө жаап, каранын отун тутандырган азгырык шайтандын иренине окшоп калган эле. Азирети Али менен азирети Аммар кудуктун суусун бошотуп ичиндеги тепкич таштарын алып, сыйкырланган чачты таап чыгышат.

Бул учурда Жабраил периште Фалак жана Нас сүрөлөрүн алып келет. Ар бир аятты окуган сайын баягы түйүндөр бирбирден чечиле баштайт. Эң акыркы түйүн чечилген соң Пайгамбарыбыз кадимкидей жанданып, оорусунан сакайып кетет. Табити да ачылат. Алланын Элчиси Зарван кудугун дароо жаптырат. Бүткүл ааламга ырайымдуулуктун пайгамбары болуп жөнөтүлгөн азирети Пайгамбарыбыз өз өмүрүнө зыян келтирген жөөт Лабидди көргөн да жок, анын айыбын эскерип да койбойт. Өмүрүнө коркунуч туудурган Лабидди да, уруусу Зурайк уруусунан да эч кимди суракка тартпайт.[252]

Азирети Пайгамбарыбыз күндөрдүн биринде:

-*Жок кылуучу жети нерседен алыс болгула!* - дейт. Сахабалар:

-О, Алланын Элчиси! Алар кайсылар? - деп сурашат.

252. Ибн Саад, II, 197; Бухарий, Тыбб, 47, 49; Муслим, Салам, 43; Насаи, Тахрим, 20; Ахмед, IV, 367, VI, 57; Айни, XXI, 282.

Анда Пайгамбарыбыз:

*-Аллага шерик кошуу, сыйкырлоо, жөн жерден бирөөнүн өмүрүн кыюу, пайыз алуу, жетимдин мал-мүлкүн жеш, согуш майданынан качуу, абийирдүү жана күнөөсүз аялдарга зина күнөөсүн тануулоо - деп буюрган эле» (Бухарий, Васая, 23; Муслим, Иман, 145)*

Азирети Пайгамбарыбыз сыйкыр жөнүндө мындан сырткары дагы көптөгөн хадистеринде маалымат берген. Маселен, алардын айрымдарында мындай деген:

*«Ким бир түйүн байлап, аны үйлөсө сыйкыр кылган болот. Ким сыйкыр кылса, ширкке кирет….» (Насаи, Тахрим, 19)*

*«Кимде-ким уурдалган же жоголгон мал-мүлктүн катылган жерин айткан адамга (арраф)[253] барып, андан бир нерсе сурап, айтканын тастыктаса ал адамдын кырк күн эч бир намазы кабыл алынбайт» (Муслим, Салам, 125)*

### Бузуку жөөттөргө акыркы сокку

## **ХАЙБАР ЖЕҢИШИ** (Сафар-Рабиулавваль, 7-жыл/ Июнь-Июль, 628-жыл)

Мусулмандар менен Меккелик бутпарастардын ортосунда түзүлгөн Худайбия келишимине кыянаттык кылып, Ислам тарапка кол салган эки жүздүүлөргө көмөк көрсөтүү максатында Хайбар аймагында жашаган жөөттөр да кошулган эле. Кыска убакыттан соң мурун Хайбарга сүргүнгө айдалып келген жөөттөрдүн көкүтүүсү менен Хайбарда кырдаал терс өнүттө күчөй

253. Көзү ачык, келечектен кабар берээрин айткан адам. Арраф бир жагынан көзү ачык, бирок көбүнесе уурдалган же жоголгон нерсенин ордун айткан адамдарга карата айтылат. Ошондой эле «мунажжим» - деген да бар. Ал да түпкүрүндө көзү ачык. Айырмасы, боло турган окуяларды жылдыздардын жардамы менен айта алаарын айтат.

баштайт. Жөөттөр Гатафан уруусун өздөрү менен кошо согушка чыгууга чакырат. Ал үчүн бир жылдык түшүмдөрүнүн жарымын берүүнү Гатафан уруусуна убада кылышат. Гатафан уруусу жөөттөрдүн бул сунушуна оң жооп кайтарат. Ошентип бардыгы бирге куру кыялдын ушундай кытмыр демине семирип, кара ниеттерин жүзөгө ашыруу үчүн ишке өтүшөт. Бутпарастар Мединага чоң кошуун жөнөтүүнү максат кылышат.[254]

Жөөттөрдүн мындай кадамдарынан улам Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сахабаларынан азирети Абдуллах бин Раваханы тынчтык үчүн Хайбарга жөнөтөт. Бирок, тилекке каршы, терс жооп келген соң сахабаларына Хайбар казатына аттануларын жар салып:

*-Биз менен согушка чыгууну каалагандар гана барсын!...-* дейт. *(Ибн Саад, II, 92, 106)*

Анткени согушууга аргасыздан кадам таштоого туура келип калган эле. Ошондой эле Медина шаары Хайбар менен Меккенин ортосунда эле. Ошондуктан бутпарастар менен согуш боло турган болсо, Хайбар мусулмандардын арка тарабында коркунуч туудуруп турган.

Пайгамбарыбыздын буйругун уккан сахабалар согушка чыгууга жан көңүлдөн даяр эле. Бирок Алланын Элчиси сахабаларын согушка чакыруу менен бирге Худайбияга барбагандарды кошуунга кабыл албайт. Себеби Худайбияга эки жүздүүлөр гана барган эмес эле. Согуштарда Ислам кошуунуна олжодон үлүш алуу үчүн гана кошулган эки жүздүүлөрдүн эң кыйын кезеңдерде жасаган кыянаттыктары Ислам кошууну үчүн катуу сокку болгон эле. Бул жолкусунда да ошол адамдар бай жөөттөрдүн көз жоосун алган байлыктарынан үлүш алып калуу максатында согушка аттанууну каалап турушкан эле. Ошондуктан Худайбияга барбагандар бул согушка катыша алышкан эмес эле. Ан-

254. Вакиди, II, 530-531, 566, 640; Ибн Саад, II, 92.

сыз да Алла Тааланын буйругу ушул өңүттө эле:

قُل لَّن تَتَّبِعُونَا

**«....Айткын: -Эч качан бизге жанашпайсыңар!...»** *(Фатх сүрөсү, 15-аят).*

Мусулмандардын Хайбарга даярданышы азирети Пайгамбарыбыз менен келишим түзгөн Мединалык жөөттөрдүн тынчын алып, муну алдын алуу үчүн өздөрүнчө аракет кыла баштаган эле. Анткени алар Пайгамбарыбыздын Кайнука, Надир жана Курайза жөөттөрүн жеңгени сыяктуу Хайбар жөөттөрүн да жеңээрин ачык-айкын түшүнүп калышкан эле. Бул учурда мусулмандардан аласасын албай калган эч бир жөөт жок эле. Төмөнкү окуяда буга мисал катары Пайгамбарыбыздын адамдын акысына канчалык кылдат мамиле жасаганын айкын көрсөтүп турат:

Жөөт Абу Шахмдын азирети Абдуллах бин Абу Хадраттан *(Алла ага ыраазы болсун!)* беш дирхам акча аласасы бар эле. Азирети Абдуллах бул жөөттөн карызга арпа сатып алган болучу. Абу Шахм азирети Абдуллахтын жакасына жабышып аласасын талап кылганда:

-Мага бир аз убакыт бер! Кудай буюрса, карызымды берем. Анткени Алла Таала Пайгамбарына Хайбар олжосун убада кылды. Эй, Абу Шахм! Биз Хижаз аймагынын эң бай шаарын көздөй бет алып баратабыз - дейт.

Анда жөөт Абу Шахмдын кызганычы дагы да артып, ачуулуу:

-Сен эмне Хайбардагы жөөттөрдү мурунку силер менен согушкан араптар деп турасыңбы? Тооратка ант берем! Ал жердеги он миң жоокердин баары баатыр! - дейт.

Азирети Абдуллах:

-Эй, Алланын душманы! Сен биздин карамагыбыздагы адамсың. Валлахи, сени Алла Элчисинин алдына алып барам! - деп Пайгамбарыбызга алып барып, мындай дейт:

-О, Алланын Элчиси! Бул жөөттүн эмне деп жатканын угуп тур! - деп, Абу Шахмдын айткандарын айтат. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* унчукпады, эч нерсе айткан жок. Болгону эриндеринин кыймылдаганы байкалат. Бирок эмне деп айтып жатканы угулбайт.

Анда жөөт:

-Эй, Абуль-Касым! Абдуллах менин акымды тепсеп жатат, ал карызын төлөбөй койду - дейт.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* азирети Абдуллахка:

-*Берип сал акысын!* - дейт.

Азирети Абдуллах кедей болгондуктан жагдайды түшүндүрүп, Хайбар олжосу менен карызын жабаарын айтса да, Алланын Элчиси ошол сөзүн эки жолу дагы кайталайт. Ошентип, азирети Абдуллах *(Алла ага ыраазы болсун!)* үстүндөгү чепкенин чечип, селдесине оронуп базарга барып бир жөөткө:

-Мына бул кийимди менден сатып алчы! - дейт.

Баягы жөөт аны он төрт дирхам акчага сатып алат. Азирети Абдуллах *(Алла ага ыраазы болсун!)* калган карызынан эптеп бирөөдөн акча таап кутулат *(Ахмед, III, 423; Вакиди, II, 634-635).*

Алланын Элчиси кошууну менен жүрүшкө аттанаардан мурда Алла Таалага минтип жалбара турган:

اَللَّهُمَّ رَبَّ السَّمَوَاتِ السَّبْعِ وَ مَا أَظْلَلْنَ وَ رَبَّ الْاَرْضِينَ السَّبْعِ وَمَا أَقْلَلْنَ
وَ رَبَّ الشَّيَاطِينِ وَمَا أَضْلَلْنَ وَ رَبَّ الرِّيَاحِ وَمَا ذَرَيْنَ أَسْأَلُكَ خَيْرَ هٰذِهِ الْقَرْيَةِ
وَ خَيْرَ أَهْلِهَا وَ نَعُوذُ بِكَ مِنْ شَرِّهَا وَ شَرِّ أَهْلِهَا وَ شَرِّ مَا فِيهَا

*«Жети кат асмандын жана анын алдындагылардын, жети катмар жердин ичиндегилердин, шайтандардын жана туура жолдон адашкандардын, шамалдардын жана шамал сапырган нерселердин Жаратуучусу болгон оо, Алла Таалам! Биз Сенден бул жердин, бул жерде жашаган элдин жана ал жердеги нерселердин жакшылыгын тилейбиз! Бул жердин, бул жерде жашаган элдин жана андагы нерселердин жамандыгынан Жалгыз Өзүнө гана баш калкалайбыз!»*[255] *(Ибн Хишам, III, 379; Вакиди, II, 642)*

Мусулмандар жолдо баратып бийик үн менен: «Аллаху Акбар! Аллаху Акбар! Лаа илааха иллаллаху валлаху акбар!» - деп, бир оодон такбир айта башташат. Анда Алланын Элчиси*(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Жанынарга мээримдүү болгула! Анткени силер кулагы укпаган дүлөйгө кайрылган жоксунар, ал кайып-жок да эмес. Силер Көрүүчү, Угуучу (кай жерде болсонор да) силер менен болгон улуу Затка (Алла Таалага) кайрылып жатасынар. Силер дуба кылып жаткан Зат ар биринерге минип бараткан мал-жандыктарынардын мойнунан да жакын» (Бухарий, Дааъват, 50, 67; Муслим, Зикр, 44)*

Азирети Пайгамбарыбыз *(алейхис-солаату вас-салаам)* сахабалары менен Хайбарга түнүчүндө жетип, танды күтүп турат. Анткени азирети Пайгамбарыбыз эч качан түн жамынып келип, душмандарга кол салган эмес. Ошентип, жерге жарык түшүп,

255. Алланын Элчиси кайсы бир эл отурукташкан аймакка кирээрде дайыма ушул дубаны окуй турган. (Хаким, I, 614/1634)

жөөттөр кетмен-күрөктөрүн алып сыртка чыгышат. Алланын Элчисин кошуунун менен көрүп:

- Мухаммад! Валлахи, Мухаммад кошууну менен турат! - деп кымкуут түшүп, чептерине качып киришет. Анда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Аллаху Акбар, Аллаху Акбар! Согуш бүттү Хайбар! Биз душман элдин жерине басып кирдикпи, эскертүү берилген ошол каапырлардын абалы өтө оор болот!»*- деп буюрат *(Бухарий, Магази, 38; Ибн Хишам, III, 380).*

Алланын Элчиси чатырын Гатафан менен Хайбардын ортосундагы «Ражи» - деген жерге тигип жайгашат. Ошентип, Пайгамбарыбыз өз ара келишим түзгөн эки тараптын бири-бирине жардам берүүлөрүнө тоскоол болот. Жөөттөргө жардам берүү үчүн келген Гатафандыктар Ислам кошуунун көрүп, артка чегинишет. Бул учурда Хайбар жөөттөрү чептерине жашынып коргонууга аргасыз болушат.

Курчоо учурунда бузуку бир адам жөөттөрдү согушка чыгаруу үчүн калп-чынды койгулаштырып чагымчыл сөздөрүн айткан эле. Алланын Элчиси:

*-Жөөттөргө бир шайтан келип: «Мухаммад силердин мал-мүлкүнөрдү талап-тоноо үчүн гана силер менен күрөшүп жатат!» - дептир. Аларга: «Лаа илааха иллаллах» - деп айткыла, муну менен мал-мүлкүнөрдү, жанынарды коргоп калгыла! Акыреттеги эсебинер болсо, Аллага таандык!» - деп айткыла!* - деп буюрат.

Жөөттөргө Пайгамбарыбыздын айткан сунушу жетет. Алар болсо:

-Мусанын китеби Тооратка ант беребиз! Биз силер каалаган нерсени да кылбайбыз, динибизден да кайтпайбыз! - деп жооп кайтарышат *(Вакиди, II, 653).*

Мусулмандар бир топ күн Хайбарды курчоого алып турушат. Мусулмандардын кулазыгы да түгөнөйүн деп калган эле. Согуштун жүрүшү күн өткөн сайын оорлошуп барат. Мусулмандардан шейит кеткендер, жарат алгандар болуп, бир топ кыйынчылыктар жарала баштайт. Ошентсе да, Алланын Элчиси ар бир мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, аларды Исламга чакырат.

Пайгамбарыбыз Исламга чакыруу маселесинде эч кимди төмөн көрчү эмес эле. Хайбар жеңиши учурунда мунун бир мисалы болгон эле. Алланын Элчиси бир жөөттүн койлорун кайтарган кулга да Исламды терең түшүндүрүп, анын туура жолго түшүшүнө себепкер болгон эле.[256] Окуя мындайча болгон эле:

Бир жөөттүн койлорун кайтарып күн өткөзгөн Ясар күндөрдүн биринде таңга маал койлорду чептин сыртына кайтарып жүрүп азирети Пайгамбарыбыз менен жолугуп калат. Азирети Пайгамбарыбыз аны менен баарлашып, сукбат курган соң Ясар Исламды кабыл алат. Алланын Элчиси анын ысымын алмаштырып, «Аслам» - деп жаңы ысым берет. Аслам азирети Пайгамбарыбыздан колундагы койлорду эмне кылышы керектигин сурайт. Алланын Элчиси:

*-Койлорду чепти көздөй кубала! Күмөн санаба, баарысы ээсине кайтып барат* - дейт. Аслам бир ууч шагыл алып койлорду көздөй ыргытып:

-Өз ээнерге баргыла! Валлахи мындан кийин түбөлүккө силер менен бирге болбойм - дейт. Койлорду бирөө айдап бараткандай эки жакка ыдырабай чепти көздөй түз кирип кетишет. Баягы чабан мусулмандар менен бирге жөөттөр менен согушуу үчүн чепке беталат.[257]

Мусулман болоор замат Алланын жолунда согушка чыккан

256. Ибн Хишам, III, 398

257. Ибн Хишам, III, 397-398; Ибн Хажар, аль-Исаба, I, 38-39

азирети Аслам *(Алла ага ыраазы болсун!)* көп өтпөй шейит кетет. Сахабалар аны Пайгамбарыбыздын алдына алып келишет. Алланын Элчиси бир канча сахабасы менен бирге Асламды көздөй кайрылып жатып дароо жүзүн башка тарапка бурат. Сахабалар себебин сураганда минтип жооп берген экен:

*-Азыр Хури Ийнден (бейиштеги хури кыздардан) эки жубайы (Асламдын) жанында турат!» (Ибн Хишам, III, 398; Ибн Хажар, аль-Исаба, I, 38-39).*

Мусулмандар алсырап, кыйналып турган маалда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*-Эртең желегимди бир адамга берем, ал аркылуу Алла Таала (бизге) Хайбар женишин ыроолойт. Ал адам Алла Тааланы жана Анын Элчисин (жан дилинен) сүйөт, Алла Таала жана Анын Элчиси да аны сүйөт!* - деп дем берет.

Ислам жоокерлери тууну кимге берилээрин ойлонушуп, сүйлөшүп жатып түн өткөзүшөт. Жерге жарык түшөт. Алла Элчисинин сүйүүсүнө ээ болуу үмүтү менен туунун өзүнө берилишин самаган бардык сахабалар Пайгамбарыбыздын алдына жетип келишет. Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

«Амирликти (кол башчылыкты) ошол күндөгүдөй эч качан каалаган эмесмин. Мени чакырып калат деген үмүт менен Алланын Элчисине өзүмдү көрсөтүүгө аракет кылдым» - дейт.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* тууну берүү үчүн азирети Алини *(Алла ага ыраазы болсун!)* чакырат. Азирети Алинин көзү ооруп, жакшы көрбөй калдастап калгандыктан сахабалар аны жетелеп келишет. Ал тургай көзү буту баскан жерди да көрбөй калган эле. Азирети Пайгамбарыбыз азирети Алини көрүп, ооруган көзүнө дуба окуп үйлөп коет. Алланын арстаны атанган азирети Али  Алланын уруксаты менен шыпаа табат. Андан соң Алланын Элчиси ага соотун кийгизип, туусун

колуна карматып мындай дейт:

*-Эй, Али! Кана алдыга! Алла Таала жеңиш ыроологонго чейин оң жагыңды да, сол жагыңды да караба!»*

Азирети Али согуш майданына аттанып баратып бир саамга күймөлө калат да, артын карабастан үн салат:

-О, Алланын Элчиси! Алар менен эмне үчүн согушайын?

Анда Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)*:

*-Алар менен Алладан башка кудай жок болгондугуна жана Мухаммаддын Алланын Элчиси экендигине күбөгө өткөнгө чейин күрөш. Муну кабыл алгандан тартып (шариятка моюн сунган чакта) жандарын, мал-мүлкүн коргогон болушат. Ал эми негизги сурагы Аллага тиешелүү! Эч шашылба! Алардын жанына бар! Биринчи аларды Исламга чакыр! Эгерде бул чакырыгына бир адам оң жооп кылып мусулман болсо, бул сага кызыл төөлөрдүн тартууланышынан алда канча артык болот!...»* - дейт. *(Бухарий, Асхабун-Наби, 9; Муслим, Фадаилус-Сахаба, 32-34; Хайсами, VI, 151).*

Бул күнү жөөттөр эң мыкты баатырларынан ажырашат. Хайбар мусулмандардын колуна өтөт. Ал кезде Хайбардын сегиз чеби болгон. Эки чептеги душмандар эч каршылык көрсөтпөй чептерин тапшырып беришет. Ошентип Пайгамбарыбыздын мужизасы жүзөгө ашат. Бу согушта жөөттөрдөн токсон үч киши набыт болот. Ал эми мусулмандардан он беш киши шейит кетет.[258]

Азирети Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Хайбар казатында Алланын Элчиси менен бирге болдук. Анда мусулмандардын катарынан көз жумган бир адам бар эле.

258. Саййид Сайфулла бул окуяны төмөнкү мааниде ыр саптарына төккөн:

«Бир сындырым нан үчүн мактаба нааданды, анткени ал наадандыкка жатат. Хайбар чеби сыяктуу күчтүү напсини жең! Ошондо сен азирети Али сыяктуу тайманбас баатыр болосуң».

Алланын Элчиси ал адамды:

-Ал тозокко түшөт! - деди. Согуш майданында бул адам жан аябастан салгылашып жүрүп жарат алган эле. Сахабалар:

-О, Алланын Элчиси! Ал адам тайманбастык менен салгылашып жатып өлдү! - дешти.

Алланын Элчиси дагы:

-Ал тозокко кетти! - деди.

Айрым мусулмандар шектене баштады. Бул учурда Пайгамбарыбызга:

-Ал өлө элек, бирок абалы өтө оор! - деген кабар келди. Баягы адам жаранын ачуусуна чыдай албады. Кылычынын учун көкүрөгүнө кадап, өзүн-өзү өлтүрүп алды. Жагдай Пайгамбарыбызга билдирилди. Анда:

-*Аллаху Акбар! Күбөгө өтөм, мен Алланын кулу жана Элчисимин!* - деди. Андан соң Билалга мына бул жарыяны жар салышын буюрду:

*«Бейишке мусулмандар гана кирет. Чындыгында Алла Таала бул динди күнөөкөр (фажир) адам менен да күчтөндүрөт»* *(Бухарий, Жихад, 182, Магази, 38, Кадар, 5; Муслим, Иман, 178)*

* * *

Хайбар жеңишинен соң жөөттөр өз жерлерин ортоктошуп иштетүүнү суранышат. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жөөттөрдүн баарын сүргүнгө айдабайт. Пайгамбарыбыз бул жерлерди иштетип жылдык кирешенин жарымын алуу шартын коюп, жөөттөр менен чогуу иш алып барууну кабыл алат. Бул жөөттөр азирети Умардын халифалыгына чейин жылдык кирешенин жарымын төлөп өз жерлеринде жашашкан эле.[259]

259. Муслим, Мусакат, 5; Абу Давуд, Хараж, 23-24/3007

Азирети Абдуллах бин Раваха жыл сайын Хайбарга барып, түшүмдөн түшкөн кирешени аныктап, жарымын алып келе турган. Жөөттөр азирети Абдуллахтын кирешени тактоодо көрсөткөн кылдат мамилесинен тынчсыздана башташат. Алар өздөрүнүн пайдасы үчүн пара берүүнү суранышат. Азирети Абдуллах бин Раваха *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-Валлахи силер мага (терс жоруктарыңар үчүн) Алланын макулуктарынан (жандуу-жансыздан) эң жагымсызысыңар. Ошентсе да, менин силерди жек көрүүм силерге адилеттүү болушума тоскоолдук кыла албайт. Силердин мага сунуштап жаткан нерсеңер ачык-айкын пара. Ал эми пара алуу - бул арам! Биз аны эч качан албайбыз! - дейт.

Анда жөөттөр азирети Абдуллахтын *(Алла ага ыраазы болсун!)* бул кадамына баа берип:

-Мына ушул адилеттүүлүк менен асман-жердин мыйзамы бузулбай турат! - деген экен *(Муватта, Мусакат, 2)*

## Адам акысына карата аяр мамиле

Хайбардан алынган олжо Худайбияга катышкандарга бөлүштүрүлөт. Анткени Алла Таала Хайбар олжосун Худайбия сапарына чыккан мусулмандарга Фатх сүрөсүнүн жыйырманчы аяты аркылуу убада кылган эле.[260]

Азирети Умар бин Хаттаб *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Хайбар казаты. Пайгамбарыбыздын сахабаларынан бир топ адам келип:

-Баланча-түкүнчөлөр шейит кетиптир! - дешти. Андан соң

260. Вакиди, II, 684

бир адамдын жанынан өтүп баратып:

-Баланча адам да шейит кетиптир! - дешти.

Пайгамбарыбыз (алейхис-солаату вас-салаам):

*«-Жок! Мен аны олжодон акысыз алган бир чепкени менен тозокто (куйкаланып жатканын) көрдүм»* - деп буюрду» *(Муслим, Иман, 182).*

Эң жогорку даражалардын бири болгон шейиттик адамдын бир топ күнөөсүн жууп кетсе да, элдин мал-мүлкүнө кылган кыянаттыгын, адам акысын жууй албайт. Ошондуктан Пайгамбарыбыз шейит кеткендиги тууралуу маалымдалган бул сахабанын олжо али бөлүштүрүлө электе олжодон алган бир чепкени үчүн тозокто күйүп жатканын кабар берип, элдин мал-мүлкүнө кыянаттыктын жана адам акысынын кечирилбестигин айткан.

Азирети Пайгамбарыбыздын  кызматында «Мидам» - аттуу негр кулу бар эле. Аны Рифаа бин Зайд белекке тартуулаган эле. Мидам Пайгамбарыбыздын жүгүн түшүрүп жаткан кезде каяктан келгени белгисиз окко учуп көз жумат. Мусулмандар:

-Эй, Мидам! Бейиш сага кут болсун! О, Алланын Элчиси! Кызматчыңызга шейиттик кут болсун! - дешет. Анда Алланын Элчиси:

*-Жок! Андай эмес. Жанымды чексиз кудуретинде кармап турган Жараткан Аллага ант берем! Хайбар күнү олжо бөлүштүрүлгөнгө чейин Мидам бир килем алган экен. Азыр ошол килем Мидамдын үстүндө алоолонуп күйүп жатат!* - деген экен.

Пайгамбарыбыздын бул сөзү мусулмандарды абдан коркутат. Бир адам Пайгамбарыбызга  бир же эки бут кийимдин боосун алып келип:

-О, Алланын Элчиси! Мен да олжо бөлүштүрүлө электе бут кийимим үчүн мына бул боолорду алган элем - дейт.

Анда азирети Пайгамбарыбыз:

-*Сага да тозок отунан бир же эки боо үчүн азап бар* - деп жооп берет *(Бухарий, Айман, 33; Муслим, Иман, 183).*

* * *

Хайбар колго алынган күнү бир адам Пайгамбарыбызга келип:

-О, Алланын Элчиси! Бүгүн мен өтө көп киреше алдым, мындайды бул аймактын элинен эч ким тапкан эмес - дейт.

Азирети Пайгамбарыбыз:

-Кана! Эмне таптың? - деп сурайт.

-Мен эч тынбастан соода кылдым. Үч жүз укиййа киреше таптым - дейт.

Алланын Элчиси бу сапар:

-Сага кирешенин эң жакшысын айтып берейинби? - дейт. Ал:

-Ооба, о, Алланын Элчиси! - дейт. Анда Алланын Элчиси:

-*(Парз) намаздан соң окулчу эки ирекет нафил намаз* *(Абу Давуд, Жихад, 168/2785)* - деп жооп берет.

Мухажирлер Хайбар олжосунан үлүшүнө түшкөн мал, курмазарларын алганда ал-абалдары кыйла жакшырып калат. Азирети Пайгамбарыбыз ансарлардан алган курмазарларын, жерлерин кайра кайтарып берет.[261]

261. Ибн Каййим, III, 359.

## Давс уруусунун Мединага келиши

Ошол жылы Давс уруусунан бир тайпа Мединага келет. Булардын башында турган Туфайл бин Амр Исламдын алгачкы жылдарында Меккеге келип, Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* менен жолугуп мусулман болгон эле. Андан соң Пайгамбарыбыздан уруксат алып, өз элине барып аларды Исламга чакырган эле. Анын чакырыгына алгач оң жооп кайтарган адам азирети Абу Хурайра эле.[262] Андан соң мусулмандардын саны күн өткөн сайып көбөйүп жетимиш-сексен адамга жеткен эле. Булар Хайбар казаты учурунда Мединага көчүп келишет. Ошентип, алар да Хайбарга барып Алланын Элчисине жолугуп, душмандар менен согушуп калышат.

Хайбарга бараткан кезде азирети Абу Хурайра дароо Алланын Элчиси менен *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жолугууну энсеп:

«Эй, сапардын узак түнү! Тойдум сенин ыраактыгына, түйшүгүнө! Ошентсе да, менин каапыр, наадан элден кутулушума себепкер болгон сенсин!» - деген маанидеги ырды окуп жаткан эле *(Бухарий, Магази, 75; Вакиди, II, 636).*

Давс уруусу Хайбарга келген кезде азирети Пайгамбарыбыз Хайбарды колго алайын деп калган эле.[263] Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* азирети Абу Хурайраны көрүп:

-*Сен кайсы уруудансың?* - деп сурайт.

Азирети Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун!)* :

-Давс уруусунан болом! - деп жооп берет.

Анда Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

262. Ибн Хажар, аль-Исаба, II, 226
263. Ибн Саад, IV, 328

*-Мен Давстан ким менен жолукпайын, андан жакшылык гана көрдүм!* – дейт. *(Тирмизи, Манакиб, 46/3838).*

Ошентип, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Давс уруусуна да Хайбар олжосунан үлүш бөлүп берген эле.[264]

## Эфиопияга журт которгон мусулмандардын кайтышы

Хайбар колго алынган соң Эфиопиядан он алты киши азирети Жафардын кол башчылыгында Мединага кайтып келишет. Алар Пайгамбарыбыздын Хайбарга аттанганын угуп, ошол замат жолго чыгып, Алланын Элчисине келишет. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

- *Жаратылыш, кулк-мүнөз жагынан мага кандай гана окшошсун, (эй, Жафар)!* - деп, азирети Жафардын мандайынан өөп:

*-Хайбардын колго алынышына сүйүнөйүнбү же Жафардын келишинеби, билбей турам!* - дейт. *(Ибн Хишам, III, 414)*

Азирети Жафар *(Алла ага ыраазы болсун!)* Пайгамбарыбыздын мындай жылуу мамилесинен өзүнчө толкунданып башка бир ааламга каалгып кетет. Кубанычы койнуна батпай, жаш баладай бутунун учуна туруп Пайгамбарыбызды тегеренип, өзүн жоготупкоет.[265]

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* азирети Жафардын *(Алла ага ыраазы болсун!)* бул кыймыл-аракетине тоскоол болбойт. Бул абал «важд абалы» - деп айтылат. Кээ бир тарикаттарда бул абал сүннөт катары кабыл алынган.

264. Ибн Саад, I, 353
265. Ахмед, I, 108; Ибн Саад, IV, 35

Акындардын бири важд абалын төмөндөгү мааниде ырга төккөн:

«О, Алланын Элчиси! Сенин нур тамылжыган тендешсиз жүзүндүн аруулугу ашыктарды эс учунан тандырат!»

* * *

Эфиопияга журт которгондор менен бирге Йемен урууларынан Ашарилер да Хайбарга келишкен эле. Ашарилерден азирети Абу Муса аль-Ашари мындай дейт:

«Биз Ашарилер Йеменде жүргөндө Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* акыркы пайгамбар болуп дүйнөгө келгенин угуп, 52 же 53 киши Алланын Элчиси жашаган чөлкөмгө көчүп келүү үчүн жолго чыккан элек. Жолдон аба ырайы бузулуп, бороон-чапкын башталып толкундун агымы бизди Нажашинин мамлекетине (Эфиопияга) алып барып таштаган эле. Ал жерден азирети Жафар *(Алла ага ыраазы болсун!)* менен тааныштык.

Азирети Жафар *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-Алланын Элчиси бизди ушул жерге жиберген эле. Бизге белгилүү убакыт аралыгында ушул жерде болуубузду буюрган. Силер да биз менен бирге болгула! - деди.

Ошентип, көп өтпөй ал жерден баарыбыз кемеге отуруп жолго чыктык. Чогуу Мединага келдик. Хайбарды колго алган кезде Алланын Элчисине жолуктук. Алланын Элчиси бизге да Хайбар олжосунан үлүш бөлүп берди» *(Бухарий, Магази, 38; Муслим, Фадаилус-Сахаба, 169).*

## Жөөттөрдүн Пайгамбарыбызга уу бериши

Жөөттөр мусулмандардан көргөн адамдык жылуу мамилеге карабастан дагы бир жолу кыянаттык кылышат. Пайгамбарыбызды өмүрүнө жашыруун түрдө кол салууга чечим чыгарышат. Бул карапиеттер али күнөөлөрү сууй электе Пайгамбарга кыянаттык кылуу менен дагы бир ирет сөздөрүнө тура алышпайт. Азирети Пайгамбарыбыз буларды мурунку жөөттөр сыяктуу өз мекендеринен кууп сүргүнгө айдабастан кечирип жиберген эле.

Бул жашыруун карапиеттерин жүзөгө ашыруу үчүн жөөттөрдүн аттуу-баштууларынан Харистин кызы Зайнаб Алла Элчисин сахабалары менен конокко чакырат. Зайнаб казанга эт салат. Эттин бир да жерин соо калтырбай уу сээп чыгат. Зайнаб Пайгамбарыбыз малдын далысын жакшы көрөөрүн билип, ошол жагына көбүрөөк уу кошот.  Алланын Элчиси бир кесим этти оозуна салып баратып, колун дароо кайра тартат да сахабаларына:

*-Бул эт мага уу болгонун кабар берип жатат, жебегиле!* - деп буюрат. Бирок сахабалардан Бишр бин Бараа Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* даамдан ооз тийип баштап баратканын көрүп, эттен бир кесим оозуна салып, Пайгамбарыбыздын эскертүүсүнөн мурун чайнап жутуп койгон эле. Калган сахабалар тамакты баштаган эмес эле.

Көп өтпөй Зайнабты Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* алдына алып келишет. Азирети Пайгамбарыбыз:

-Этке ууну сен коштунбу? - деп сурайт.

Зайнаб:

-Уу кошконумду Сага ким айтты? - дейт.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

-Мына бул мандайымда турган далы айтты - деп жооп берет.

Зайнаб:

-Ооба, мен кошком! - деп күнөөсүн мойнуна алат.

Алланын Элчиси андан бул ишке эмне үчүн барганын сураганда мындай жооп кайтарат:

-Сен менин атамды, абамды жана күйөөмдү өлтүрдүн! Элиме кылбаганың калган жок! Ичимден: «Эгер ал чынында эле пайгамбар болсо, кылган нерсем, ага сөзсүз түрдө Кудай тарабынан билдирилип, уу ага зыян бербейт. Эгер ал пайгамбар эмес, жалганчы, же өкүмдар болсо, бу уудан өлөт да андан кутулган болобуз! - деп ойлодум!»

Анда Пайгамбарыбыз:

*-Алла Таала сага муну кыла турган күчтү берген эмес!* - дейт.

Зайнаб бир жагынан күнөөсүн мойнуна алып, экинчи жагынан өзү күбө болгон мужизадан таасирленип, ыйманга келип жасаган катачылыгына бушайман болот. Кечирим сурайт. Бүткүл ааламга ырайымдуулуктун пайгамбары болуп жөнөтүлгөн азирети Пайгамбарыбыз өз өмүрүнө балта чабууга аракет кылган аялды кечирип жиберет. Бирок Бишрдин көз жумушу менен анын мураскорлору Пайгамбарыбыздан кысас (канга кан) өкүмүн талап кылышат. Ошентип, Харистин кызына да уу ичирилет.

Азирети Пайгамбарыбыз *(алейхис-солаату вас-салаам)* болсо, уунун таасиринен арылуу үчүн эки далысынын ортосунан кан алдырат *(Бухарий, Жизия, 7; Муслим, Салам, 45; Ибн Хишам, III, 390; Вакиди, II, 678-679; Хайсами, VI, 153).*

Алланын Элчиси мындан үч жылдан кийин көз жумаар алдында оорусуна ушул уунун себеп болгонун айткан эле *(Хаким, III, 242/4966).*

## Мута маселеси

Хайбар жеңиши учурунда «мута никеси» - делген убактылуу никеге чекит коюлган эле.

Азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси Хайбар казатында мута никесине жана эшек тукумундагы малдардын этине тыюу салды» *(Бухарий, Магази, 38, Никах, 31, Забаих, 28, Хиел, 3; Муслим, Никах, 29-32; Муватта, Никах, 41; Насаи, Никах, 71).*

Мута – бул кайсы бир аял менен белгилүү убакытка чейин сүйлөшүлгөн өлчөмдөгү акча же мал-мүлк үчүн кыйылган нике. Мута негизи караңгы доордон калган никенин бир түрү болгон. Мута никесинде белгиленген убакыттан кийин эки жубай ажырашуусу зарыл болгон. Мураскорлук, калың сыяктуу жөн никедеги укуктар мутада болгон эмес. Ошондуктан Хайбар жеңишинен кийин мута никесине куттуу хадистер аркылуу «арам» - деген өкүм менен чекит коюлган. Ал хадистердин биринде мындай делет:

*«...Азыр Алла Таала аны кыямат күнүнө чейин арам кылды. Азыр кимдин мута никеси менен үйлөнгөн аялы бар болсо, дароо аны кое берсин! Аларга берген акча же мал-мүлкүнөрдөн эч нерсе кайра кайтарып албагыла!» (Муслим, Никах, 21; Ибн Маажа, Никах, 44; Дарими, Никах, 16; Ахмед, III, 406).*

Азирети Пайгамбарыбыз аскери менен Табук жүрүшүндө «Саниййатул-Вадаа» - деген жерге келип эс алат. Саниййатул Вадада бир топ аялдар ыйлап жаткан болот. Элден себебин сурашат. Эл:

-Булар мута никесинде турган аялдар! - деп жооп беришет. Анда Алланын Элчиси :

*-Мутаны Исламдагы нике, талак, белгилүү убакыт күтүү*

*жана мураска байланыштуу өкүмдөр арам кылды!* - деп буюрат *(Ибн Белбан, VI, 178; Даракутни, III, 259).*

Бул өңүттөн мута никеси менен үйлөнгөндө аял жубай да, күң да эмес болот. Ахли сүннөт аалымдарынын баары мута никесин «зина» катары кабыл алат.

Ибн Аббас *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Исламдан мурун мута никеси бар эле. Кайсыдыр бир адам бөтөн жерге келгенде жергиликтүү бир аял менен ал жерде боло турган күнүн болжоп, ошол убакыт ичинде никеге тураар эле. Аял ошентип анын буюм-тайымдарын коргоп, анын кызматын кыла турган. Бул жагдай:

وَالَّذِينَ هُمْ لِفُرُوجِهِمْ حَافِظُونَ إِلَّا عَلَى أَزْوَاجِهِمْ أَوْ مَا مَلَكَتْ أَيْمَانُهُمْ فَإِنَّهُمْ غَيْرُ مَلُومِينَ

**«Алар абийирдүү жерлерин (арамдан-сойкулуктан таза) сактоочу адамдар. Ошондой эле өз жубайларына жана кол алдындагы күңдөрүнө гана (барышат). Демек, алар жемеге калбай тургандар»** *(Муминуун сүрөсү, 5-6-аяттар)* - деген аят түшкөнгө чейин жүзөгө ашырылган. (Бул аят келгенде мутага «арам» - деген өкүм чыгарылган) ошентип бул экөөнөн (өз жубайы жана күңүнөн) башка аялдар менен байланыш куруу – арам болгон» *(Тирмизи, Никах, 29/1122)*

Мута никесинин коомго тийгизген терс таасирлери:

1. Балага болгон зыяны. Балдар атасыз чоңойгондуктан зинадан төрөлгөн балдар сыяктуу тарбия көрөт. Мута кыз балага өтө көп залакасын тийгизет.

2. Мута никесинде турган аял кийин мута же жөн нике менен баягы эркектин уулу менен да үй-бүлө куруу ыктымалы да бар. Ал тургай атанын мута никесинен төрөлгөн кызы менен,

уулунун кызы менен, кыз бир тууганынын кызы менен, башкача айтканда, бири-бири менен үйлөнүүсү арам болгондор менен байкоостон бирге болуп калышы толук ыктымал. Бул эң чоң күнөөлөрдөн болуп эсептелет. Тарыхта мунун мисалдары өтө көп.

3. Мута никесинде турган адамдын мурасын бөлүштүрүүдөгү машакаттар. Буга тиешелүү адамдын мураскорлорунун саны да, аттары да, жерлери да белгисиз болот.

Чынында, мута никесинин мындай терс таасирлери жүрөктү өйүп, зээнди кейитпей койбойт. Мута никеси - жаңы муундун келечегине балта чабуу - дегендик. Мута никеси аялдын көңүлүн оорутуп, демин суутат. Анткени ижарага алынуу – бул адам өмүрүндөгү эң эле жат көрүнүш. Бул өңүттөн алганда, мута никеси – абийирге балта чапкандык. Ким кызынын же энесинин мута никесине турушун каалайт? Бул - мута никесинин терс таасирлеринен бирөө гана![266] Бул маселе адамдын зээнин кейитип, ирээнжите турган иш!

## Хайбардан кайтуу

Хайбар женишинен соң Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Мединадан эки күндүк аралыкта жайгашкан Фадак аймагына бир тайпа жөнөтөт. Ислам тайпасы ал жерди эч кандай кагылышуусуз, тирешүүсүз, согушсуз колго алат.

Хайбардан кайтып келе жатып жөөттөргө таандык «Вадил-Кура» - деген жер да бир күндүк курчоонун натыйжасында колго алынат. Алар да өз жерин өздөрү иштетип, түшүмүн тең бөлүшүүгө макул болушат.

Тайма жөөттөрү болсо, борборго өздөрү келип салыгын төгүп туруу боюнча Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва сал-*

266. Ибрахим Жанан, Намус Фитнеси Мута, Истамбул, 1993

*лам)* менен макулдашат. Ошентип жөөттөр өз жерине өздөрү кожоюн бойдон калышат. Булар Хайбар казатынан оболу Хайбар жөөттөрү менен ымала түзүп, Мединага жүрүшкө чыгуу үчүн бир келишимге келишкен эле.[267]

Хайбар аймагы мусулмандарга өтүп, Меккенин колго алынышына кең жол ачылат. Анткени мусулмандардын Кайнука, Надир, Курайза, акырында Хайбар жөөттөрүнө үстөмдүк кылышы араптардын жүрөгүнүн үшүн алып, Алла Элчисинин ийгиликке жетишине көзү жетип калган эле. Ошондой эле аталган жөөт уруулары Хижаз аймагында эң бай, эң эле күчтүү болушкан. Жөөттөрдүн тайманбас эр жүрөк баатырлары эл оозунда дастанга айланган эле. Алардын урабас сепилдери, бийик-бийик чептери, чоң курмазарлары да болгон. Бүт араптар баш калкаласа да, алардын бардыгын коргой ала турган күчкө ээ болушкан. Бирок Алланын Элчиси тарабынан курчоого алынып, Ага баш ийген кезде, баягы дастанга айланган эр жүрөктүктөрү тез арада кантип тизе бүгүүгө аргасыз болгонун, кандай оор жоопкерчиликтерди моюндарына алгандыгын жалпы эл көргөн эле. Ошондуктан мусулмандар үчүн чоң мүмкүнчүлүктөр жаралганэле.[268]

Хайбар жеңиши учурунда Пайгамбарыбыз күйөөсү согушта көз жуумп  жесир калган Сафиййа менен баш кошот.[269] Сафиййа Пайгамбарыбыз Хайбарга келээрден бир нече күн мурун жөөттөрдүн аттуу-баштууларынын бирине баш кошкон болот. Баш кошкон түнү түшүндө бир айды Медина тараптан келип, кучагына түшкөнүн көрөт. Түшүн күйөөсүнө айтканда, күйөөсү ачууланып:

-Сен Хижаз өкүмдары Мухаммадга гана баргын бар!» - деп

267. Ибн Хишам, III, 391; Вакиди, II, 707, 711

268. Вакиди, II, 729-731; Ибн Касир, аль-Бидая, IV, 234

269. Ибн Саад, VIII, 121-126

көзүн көгөртө муштайт. Күйөөсү өлүп Алланын Элчисине баш кошкон кезде көзүнүн көгү дале бар эле. Пайгамбарыбыз:

-Бул эмне? - деп сураганда азирети Сафиййа болгон окуяны айтып берет.

Алланын Элчиси ага Ислам жөнүндө маалымат берип:

*-Биз сени «双ининден кайтышың керек» - деп кыйнабайбыз! Эгер сен Исламга кирсең, сени менен жашайм. Эгер жөөт динин тандасаң, өз эркиң, сени кое берем. Өз элиңе кайтасың!* - деп буюрат. Азирети Сафиййа Исламга кирип, «уммахатуль-му-миниин» (б.а., момундардын энелеринин) катарына кошулат. *(Вакиди, II, 674, 707; Ибн Саад, VIII, 123; Ахмед, III, 138).*

Азирети Пайгамбарыбыздын жөөттөрдүн аттуу-баштуууларынан Хуяйдын кызы Сафиййа менен үйлөнүшү Хайбар жөөттөрү менен жакындашууга, ортодогу көрө албастык, кек сактоо сыяктуу сезимдердин басандашына, достук мамилелердин бекемдешине себепкер болот. Азирети Сафиййа жөөттөр менен ымаласын үзгөн эмес. Азирети Сафиййа кудум алардын Куттуу үйдөгү өкүлү эле.

Күндөрдүн биринде азирети Сафиййанын күңү азирети Умарга халифалыгы учурунда:

-Эй, момундардын амири! Сафиййа ишемби күнүн жакшы көрөт, жөөттөр менен болгон байланышын дале болсо үзбөй келет - деп арызданып келет.

Анда азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)* бир адамды жөнөтүп жагдайды тактайт. Анда азирети Сафиййа:

-Ишемби күнүн сурап жатасың. Алла Таала анын ордуна мага Жума күнүн белек кылгандан бери ал күндү жакшы көрбөйм. Жөөттөр жөнүндөгү суроону мындай жооп берээр элем. Алардын арасында кантсе да, менин туугандарым бар. Туугандар менен болгон мамилени жакшыртуу ишине көңүл бөлүп жа-

там - деп жооп берген эле *(Ибн Хажар, аль-Исаба, IV, 347).*

Азирети Сафиййа кийин күнүнө кайрылып, бул кадамга эмне үчүн барганын сураганда:

-Шайтанга баш ийдим - деп күнөөсүн мойнуна алат.

Анда азирети Сафиййа жөн жерден күнөө таңуулаган күнүнө:

-Бар, сени эркиндикке чыгардым! - деп эркин кое берген эле *(Ибн Хажар, аль-Исаба, IV, 347).*

## **Умратул-Каза** (Зилкаада, 7-жыл/ Март, 629-жыл)

Мындан бир жыл мурун Меккелик бутпарастар мусулмандарга умра озуйпасын аткарууга жолтоо болушкан эле. Ал ушул жылга жылдырылган эле. Ошондуктан бул умра «Умратуль-Каза» - деп аталып калган.

Ошентип, Худайбияда түзүлгөн тынчтык келишиминин негизинде бир жылдан кийин боло турган умранын убагы келип жеткен эле. Улуу көчтүн жетинчи жылынын Зилкаада айында Алланын Элчиси Худайбия сапарына чыккандардын баарысына умрага даярдык көрүүлөрүн буюрат. Худайбия сапарына катышпаган элге да камылга көрүүсүн билдирет. Ошентип, Пайгамбарыбыздын чакырыгын уккан мусулмандар төрт тараптан агып келет. Мединага келген араптар:

-Валлахи, о, Алланын Элчиси! Биздин кулазыгыбыз да, бизге жардам берчү жакындарыбыз да жок! - дешет.

Пайгамбарыбыз Мединалык мусулмандарга муктаж адамдар үчүн Алланын жолунда кайыр- садага берүүлөрүн буюрат. Мединалыктар:

-О, Алланын Элчиси! Биз эмнебизди берели, берээрге эч нерсебиз деле жок? - дешет.

Азирети Пайгамбарыбыз:

-Эмнеңер болсо! Жарым курма болсо дагы... - деп буюрат *(Вакиди, II, 731-732).*

Ошентип, азирети Пайгамбарыбыз эки миң сахабасы менен умра үчүн Мединадан жолго чыгат. Алланын Элчиси*(саллаллаху алейхи ва саллам)* сахабаларына найза, жанчар, жаа сыяктуу аскердик курал-жарактарды да алдырат. Бул сапарда мусулмандарда жүзгө чукул ат бар эле.

Сахабалар:

-О, Алланын Элчиси! Курайштыктар жолго керектүү курал-жарактан башка курал-жарактарды албашыбызды айтышкан! - дешет.

Анда Пайгамбарыбыз:

-Биз Харамга бул курал-жарактарыбыз менен кирбейбиз. Ошентсе да, мүмкүн алар кол салып калышы толук ыктымал. Бул ыктымалдын алдын алуу үчүн курал- жарактарыбыз жакын жерде болот! - деп буюрат. Жолдон эки жүз адамга курал-жарактарды берип, Меккеге үч чакырым аралыкта жайгашкан «Батны Яжаж» - деген жерге жөнөтөт *(Вакиди, II, 733-734).*

Бул учурда Абвага келип калышкан эле. Алланын Элчиси Жараткан Алладан уруксат сурап, апасынын көрүстөнүнө зыярат кылат. Зыярат учурунда кабырды ондоп жатып көзүнөн жашы чертиле түшөт. Ыйлап кирет. Мусулмандар да көз жашын төгүшөт. Кийин сүйүктүү Пайгамбарыбыздан эмне үчүн ыйлаганын сурагандарга:

*-Апамдын мага болгон мээримин, ырайымын эстеп, ыйлабай кое албадым* - деп жооп берген эле *(Ибн Саад, I, 116-117).*

Бутпарастар Худайбия келишиминин негизинде Меккени үч күнгө мусулмандарга бошотуп беришет. Өздөрү тоого чегинип мусулмандарды кызыгып карап турушат. Жети жылдан кийин Каабаны көргөн мусулмандар толкундануу менен бир оороздон:

لَبَّيْكَ اَللّٰهُمَّ لَبَّيْكَ  لَبَّيْكَ لاَ شَرِيكَ لَكَ لَبَّيْكَ
إِنَّ الْحَمْدَ وَالنِّعْمَةَ لَكَ وَالْمُلْكَ لاَ شَرِيكَ لَكَ

«Лаббайк, Аллахумма лаббайк, лаббайка лаа шарика лака лаббайк. Иннал-хамда ван-ниимата лака вал-мулк. Лаа шариика лак» - деп талбия айта башташат.

Ибн Аббастын *(Алла ага ыраазы болсун!)* айтымы боюнча, азирети Пайгамбарыбыз *(алейхис-солаату вас-салаам)* Меккеге киргенде аны Мутталиб уруусунун жаш балдары тозуп чыккан эле. Алланын Элчиси жаш балдардын бирин (төөсүнүн) алдына өңөрсө, дагы бирөөсүн аркасына отургузат.[270]

Пайгамбарыбыз Мединада безгек оорусу күч алып, мусулмандарды алсыздатканын айткан бутпарастарга анығында бул жагдайдын андай эместигин көрсөтүү үчүн , мусулмандарга ылдам жана өздөрүн күчтүү көрсөтүп басууларын буюрат.[271] Азирети Пайгамбарыбыз бул жаатта:

*«Бүгүн өзүн Курайштыктарга күчтүү көрсөткөн адамга Алла Таала чексиз ырайымын төксүн!...»* - дейт. *(Ибн Хишам, III, 424-425).*

Ал күндөрдүн шартында Мединадан Меккеге чейин төрт жүз чакырым аралыкты басып өтүп, Каабага зыярат кылуу үчүн келген мусулмандар чарчаганына карабастан Алла Элчисинин буйругу менен умра ибадатын салабаттуу, жандуу аткарышат. Мусулмандар тавафтын алгачкы үч айлануусунда жана ылдам

270. Бухарий, Умра, 13; Либас, 99.

271. Бухарий, Хаж, 55; Муслим, Хаж, 240; Ахмед, I, 305-306

басуу жөрөлгөсүндө боюн түз, тик алып өздөрүн көрсөтүп жүгүрүшөт.

Бутпарастар дөндөн мусулмандарды карап турушкан болот. Алар кандайдыр бир чарчаңкы абалды көрүшкөн чакта кол салууну көздөп турушкан эле. Бирок мусулмандардын мындай жандуулугун, сергектигин көрүп абдан таң калышат.

-Ушуларбы, безгек оорусунан алсыраган адамдар? Алар бизден да тың, бизден да жандуу көрүнөт! - деп ушакчыларын жектейт *(Муслим, Хаж, 240).*

Ал күнү Билал Хабаши Каабанын үстүнө чыгып азан чакырат. Азандын үнү ыйманга сугарылган жүрөктөрдү элжиретип, кай бир ааламдарга алып учуп кетет. Бутпарастар абдан таң калышат.

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сахабалары менен бирге таваф кылып жаткан кезде азирети Абдуллах бин Раваха бир ыр окуп кирет. Азирети Умар ага:

-Сен Алла Элчисинин алдында жана Алланын Харамында ыр окугуң барбы? – деп зекийт.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* азирети Умарга:

*-Ага тоскоол болбо! Жанымды чексиз кудуретинде кармап турган Аллага ант берем! Анын сөздөрү Курайш бутпарастарына ок жаадыргандан да таасирдүү. Эй, Ибн Раваха, улант!* - дейт. Анан азирети Абдуллахка:

لاَ إِلَهَ إِلاَّ اللهُ وَحْدَهُ أَنْجز وَعْدَهُ وَ نَصرَ عَبْدَهُ

وَأعَزَّ جُنْدَهُ وَ هَزَمَ اْلاَحْذَابَ وَحْدَهُ

*«Алладан башка эч бир кудай жана сыйынууга татыктуу зат*

*жок. Ал Жалгыз. Ал убадасына бек туруучу Зат. Ал өз кулуна жардам берүүчү Зат. Ал жоокерлерин күчтөндүрүүчү Зат. Ал душмандарды жок кылуучу Зат! - деп айт!»* - деп буюрат.

Азирети Абдуллах бин Раваха муну куюлуштуруп ырга салып, айта баштаганда мусулмандар да анын ырын кайталап киришет *(Вакиди, II, 736; Ибн Саад, II, 122-123).*

Үч күндөн кийин ыйык Медина шаарына кайткан кезде мусулмандардын жүзүндө өзгөрүш, бир башкача нур бар эле. Алгачкы Кааба зыяраты жүзөгө ашырылып Алла Элчисинин бир жыл мурун көргөн түшү жүзөгө ашат. Бул акыйкатты Алла Таала жүзөгө ашкан Хайбар жеңишине ишарат берүү менен бирге жакында насип буюра турган Мекке жеңишин да куш кабар иретинде мындайча билдирген эле:

لَقَدْ صَدَقَ اللّٰهُ رَسُولَهُ الرُّؤْيَا بِالْحَقِّ لَتَدْخُلُنَّ الْمَسْجِدَ الْحَرَامَ إِن شَاء اللّٰهُ آمِنِينَ مُحَلِّقِينَ رُؤُوسَكُمْ وَمُقَصِّرِينَ لَا تَخَافُونَ فَعَلِمَ مَا لَمْ تَعْلَمُوا فَجَعَلَ مِن دُونِ ذَلِكَ فَتْحاً قَرِيباً

هُوَ الَّذِي أَرْسَلَ رَسُولَهُ بِالْهُدَى وَدِينِ الْحَقِّ لِيُظْهِرَهُ عَلَى الدِّينِ كُلِّهِ وَكَفَى بِاللّٰهِ شَهِيداً

**«Алла Таала чындыгында Өз пайгамбарынын көргөн түшүн ишке ашырды: «Эгер Алла Таала кааласа, анда тынчтыкта чачыңарды алган жана кыскарткан абалыңарда эч коркпостон Ыйык мечитке (Каабага) сөзсүз киресиңер. Алла Таала силер билбегенди билет. Андан сырткары Ал силерди кыска убакыттын ичинде жеңишке (Хайбар жеңиши) жеткизди. Ал Өз элчисин чыныгы динди өзгө диндердин баарынан үстөм кылуу**

**үчүн жөнөткөн. Алла Таала Өзү (силер үчүн) жетиштүү күбө!»** *(Фатх сүрөсү, 27-28-аяттар).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сахабалары менен жүзөгө ашырган каза умрасы Меккеликтерге катуу таасир калтырат. Көп өтпөй Курайштын аттуу-баштууларынан келечекте Сирияны колго ала турган кол башчы Халид бин Валид, Осмон бин Талха, Мисирди Ислам мамлекетине карата турган Амр бин Ас сыяктуу баатырлар ыйман кербенине кошулмак.

Мусулмандар Меккеден кетип бараткан кезде азирети Хамзанын кичинекей кызы Умама Пайгамбарыбыздын аркасынан түшүп:

-Аба, абакебай! - деп үн салат. Азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун!)* Умаманы Фатимага тапшырып:

-Абандын кызын жанына ал! - дейт. Мединага келгенде Умаманы багып алуу үчүн азирети Али, азирети Зайд жана азирети Жафар үчөө талашат. Азирети *(Алла ага ыраазы болсун!)* Али:

-Ал менин абамдын кызы болот! - дейт.

Азирети Жафар*(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-Ал бир жагынан абамдын кызы, бир жагынан анын таежеси менин жубайым! - деп чыгат.

Ал эми азирети Зайд *(Алла ага ыраазы болсун!)* болсо:

-Ал менин бир тууганымдын кызы! - дейт (Алланын Элчиси азирети Зайдды азирети Хамза менен бир бир тууган жарыялаган эле).

Алланын Элчиси Умаманы таежесинин жанында болуусун эп көрүп:

- Таеже эне даражасында! - деп айтат. Андан соң азирети Алиге *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-Сен менденсин, мен да сенденмин! - дейт.

Азирети Жафарга *(Алла ага ыраазы болсун!)* кайрылып:

-Жаратылышың, табиятың жана кулк-мүнөзүң мага кандай гана окшош! - дейт.

Ал эми азирети Зайдка *(Алла ага ыраазы болсун!)* кайрылып:

-Сен биздин бир тууганыбызсың да, мавлабызсың (эркиндикке чыгарган адамымсың) да! - деп ар бирин өзүнчө алкап чыгат *(Бухарий, Магази, 43; Умра, 3; Муслим, Жихад, 90).*

Азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси азирети Зайдды алкаганда Зайд абдан кубанды. Ал өйдө болуп, бир бутунун учуна туруп Пайгамбарыбызды айлана баштады. Азирети Жафарды алкаганда ал да азирети Зайддын аркасынан түштү. Мени алкаганда мен да азирети Жафардын аркасынан сүйүнгөнүмдөн бир бутумун учуна туруп секирип кирдим» *(Ахмед, I, 108; Вакиди, II, 739).*

# ХИЖРАТТЫН СЕГИЗИНЧИ ЖЫЛЫ

## Азирети Пайгамбарыбыздын кызы азирети Зейнебдин көз жумушу

Азирети Зейнеб *(Алла ага ыраазы болсун!)* Меккеден Мединага көчүп келатканда катуу жарат алган эле. Ал ушул жараттын залакасынан сегизинчи жылдын башында көз жумган эле. Аны Умму Айман, ансар аялдарынан Умму Атиййа жана энелерибизден азирети Савда менен азирети Умму Салама жуушат. Бул учурда азирети  Пайгамбарыбыз барып:

«Аны оң тарабынан, даарат алынуучу мүчөлөрүнөн баштап жууп баштагыла! Суу жана сидр[272] менен бир, үч, беш же жети жолу, зарылчылык болсо андан да көп жолу жуугула! Акыркысында сууга камфора (кафур) кошкула! Жууп болгон соң мага кабар берип койгула!» - деп буюрат.

Азирети Зейнептин чачын тарап, үчкө бөлүп ар бирин өзүнчө өрүшөт. Өрүмдөрдүн экөөсү эки капталындагы, ал эми бири мандайкы чачтарынан эле. Жууп бүтүргөн соң Алланын Элчиси белиндеги белбоосун берип:

272. Сидр - жазы жалбырактуу Арабстанда өскөн алча дарагы. Ал кездерде Сидр дарагынын жалбырагы менен өлүк жуула турган. (Асым Эфенди, Камус, II, 385)

«Муну Зейнепке ич көйнөк кылып бергиле!» - деп буюрат[273] *(Бухарий, Жанаиз, 9, 13, 17; Муслим, Жанаиз, 36; Ибн Саад, VIII, 34-36).*

Алланын Элчиси жаназа намазын окугандан кийин кайгы-муңга баткан абалда кабырга түшөт. Бир аз турган соң сүйүнүп сыртка чыгат да:

«Зейнептин алсыздыгын ойлоп, ага кабыр азабынын ысыктыгынын жеңилдетилиши үчүн Алла Таалага дуба кылдым. Алла Таала менин дубамды кабыл кылып, кабыр азабы жеңилдетилди» - дейт *(Ибн Асир, Усдуль-Гааба, VII, 131).*

## **Мута Согушу** (Жамазияль-авваль 8-жыл/ Август-Сентябрь 629-жыл)

Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* өкүмдарларды, акимдерди Исламга чакырган катын жеткизген элчилерге барган жерлериндеги айрым падышалар акаарат келтирсе да, натыйжада «элчинин кол тийбестигине ылайык» аман-эсен Мединага кайтып келип жатышкан эле. Бирок Бусра амирине барган азирети Харис бин Умайрдын абалы башкача болот. Азирети Харис *(Алла ага ыраазы болсун!)* «Мута» - деген жерде Гассани амирлеринен Шурахбил бин Амрга жолугуп калат. Шурахбил азирети Харистен кайда баратканын сурайт. Азирети Харис *(Алла ага ыраазы болсун!)* Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* элчиси болгондугун айтаар замат наадан заалым Шурахбил элчинин кол тийбестик укугун көзгө албай, кутман сахабаны мыкаачылык менен өлтүрөт.[274]

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* азирети

273. Сүннөткө ылайык кепин: эркек үчүн изар, көйнөк жана оромол менен үч бөлүктөн турат. Аял киши үчүн болсо изар, жоолук, оромол, төшү менен кошо курсагын байлоо үчүн колдонулган кездеме жана көйнөк менен беш бөлүктөн турат.

274. Вакиди, II, 755; Ибн Кайийм, III, 381.

Харистин мындай мыкаачылыкка туш болгонун укканда катуу кайгырат. Исламга каршы көз көрүнөө акаарат келтирген бул кадам аргасыздан үч миң кишилик кошуундун даярдык көрүшүнө себеп болот. Анткени кошуун чогулбаган чакта Медина Ислам Мамлекетинин кадыры кетип, терс натыйжалар жаралмак.

Азирети Пайгамбарыбыз караңгы доордогу эл арасындагы катмар айырмачылыгын жокко чыгарган Исламдын дүйнөлүк принцибинин негизинде мурунку кулу азирети Зайдды даярдалган кошуундун башына аскербашчы кылып дайындайт. Андан соң мындай дейт:

*«Эгер согушта Зайд шейит кетсе, анын ордуна Жафар болсун! Жафар да шейит кетсе, кошуунга Абдуллах бин Раваха башчы болсун! Ал да шейит кетсе, өз араңардан ылайыктуу бирөөнү аскер башчы кылып дайындап алгыла!...»*

Жөөттөрдүн бири Пайгамбарыбыздын бул сөздөрүн аты аталган кол башчылардын шейит кетээрине ишарат деп түшүнүп, азирети Зайддын жанына келип:

-Осуятыңды айтып кал! Эгер Мухаммад пайгамбар болсо, сен анын жанына кайра кайта албайсың! Анткени Исраил уулдарынын пайгамбарлары атаган адамдар да согушта каза болуп, аман-эсен кайтышкан эмес... - деп жүрөгүнүн үшүн алуу үчүн аракет кылса да, азирети Зайд мындан эч сестенбейт. Тескерисинче сүйүнөт *(Ибн Касир, аль-Бидая, IV, 238).*

Тиги жөөт бардык кутман сахабалар сыяктуу эле азирети Зайд дагы шейиттик тартуулаган баа жеткис ырахатка чөмүлүүгө жан далбас урганын билбейт эле.

Даярдыгын көргөн азирети Абдуллах бин Раваха Алла Элчисинин жанына келип коштошуп жатып:

-О, Алланын Элчиси! Мага кандай сунуш, кеп-кеңешиңиз бар? - дейт.

Пайгамбарыбыз:

*-Сен эртең Алла Таалага сажда өтө аз кылынган өлкөгө барасың. Ал жерде көп-көп сажда кылып, көп-көп намаз оку!* - деп буюрат.

-О, Алланын Элчиси! Мага дагы бир аз акыл-насаатыңызды айтсаңыз! - дейт.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* :

*-Ар дайым Алла Тааланы зикир кыл! Анткени Алла Тааланы зикир кылуу тилеген тилегине жетүү үчүн жардам берет»* - деп буюрат *(Вакиди, II, 758).*

Азирети Пайгамбарыбыз кошуунду Мединанын сыртында жайгашкан «Санийййатул-Вада» - деген жерге чейин коштоп, дуба кылып душмандарды көздөй жөнөтөт. Пайгамбарыбыз мусулмандарга азирети Харис өлтүрүлгөн жерге чейин баруулaрын, ал жердегилерди Исламга чакыруулaрын, мусулманчылыкты кабыл албаган учурда Алла Тааладан жардам сурап алар менен салгылашууларын буюурат.[275]

Ислам кошуунун жолго чыкканын уккан Шурахбил Византиянын колдоосу менен он түмөн (жүз миң кишилик) кол даярдоого жетишет. Ошол учурда христиан араптардан да он түмөн кол келип, Шурахбилге кошулат.[276]

Душмандардын өтө көп болгондугун Ислам кошууну Сирия аймагына киргенде гана угушат. Ошентип, мусулмандар бул оор кырдаал жөнүндө жыйын өткөзүшөт. Көпчүлүгү абалды азирети Пайгамбарыбызга билдирип, Андан келген буйрук боюнча аракет кылууну эп көрөт. Анткени эки колдун ортосунда кошуундун даярдыгы жагынан да, саны жагынан да кыйла айырма бар

275. Ибн Саад, II, 128.
276. Ибн Хишам, III, 429

эле. Бул эки кошуунду салыштыруу мүмкүн эмес эле. Тарыхта мындай айырмачылык болгон эмес эле. Ошондуктан Алланын Элчисине жагдайды билдирмек болуп турганда азирети Абдуллах бин Раваха:

-Биз жолго эмне үчүн чыктык? Эмнеден коркуп жатабыз? Биз душмандар менен анын саны жагынан да, күчү жагынан да жогору болгону үчүн согушабызбы? Жок! Биз Алланын дини, Анын ыраазылыгы үчүн согушабыз. Эмне турабыз, бизди күтүп турган эки жакшылыктан бири болот: же шейиттик, же жеңиш! - дейт.

Ошентип, мусулмандар салгылашуу үчүн бир чечимге келишет.

Азирети Зайд бин Аркам *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Мен Абдуллах бин Раваханын колунда тарбия көрүп чоңойгон жетим элем. Ал Мута сапарына чыкканда мени да төөсүнө учкаштырып алган эле. Кечинде төмөнкү бейиттерди (ыр) окуганын уктум:

«Эй, төөм! Мени жүгүм менен кошо кумдактагы кудукка баргандан кийин төрт тыным жерге чейин алып барсаң, сени башка сапарга чыгарбайм! Сен ээсиз, эркин болосуң! Мен үй-бүлөмө кайтпай калдым окшойт! Кудай буюрса, шейит кетээриме үмүт кылам. Мусулмандар келишти, мени түбөлүккө бул жерде калуумду каалап Шам жергесине таштап кетишти. Эми курмасы чыга элек, жамгыр суусу менен да сугарылбаган дарактар, түбүнөн сугарылбай сууга канбаган курма дарактары да көңүлүмдө жок, мени кызыктырбайт!»

Бул ыр саптарын укканымда ичимен ыйладым. Азирети Абдуллах *(Алла ага ыраазы болсун!)* мени камчысы менен түртүп:

-Ээ, чырагым! Алланын мага шейиттик насип кылышынын жана төөнө буюмдарыңды артып алып артка кайтууңдун сага

кандай зыяны бар! Муну менен мен бул дүйнөнүн түйшүктөрүнөн кутулган болом! - деди.

Түн эле. Бир канча убакыттан кийин жерге жарык түштү. Азирети Абдуллах эки ирекет намаз окуду. Намаздан кийин көпкө дуба кылып отурду. Андан соң:

«Бул согушта Кудай буюрса, мага шейиттик насип болор!» - деди» *(Ибн Хишам, III, 431-432; Вакиди, II, 759).*

Ошентип, бир ууч Ислам кошууну Мута чөлкөмүнүн кыйырына келет. Жазыктын баш аягы кунан чабым. Кошуун токтогон эки аралык кыйкырса үн жеткидей. Обочодон тиктешип, обочодон кекенишет. Бирине-бири ыкыс беришчүдөй тиштенип кектүү, өчтүү. Азирети Зайд дароо душман тарапты көздөй чабуулга өттү. Ыйманга сугарылган жүрөктөр «Аллах» - дегенде жан аябастан согуш майданына бет алды. Согуш күч алган кезде Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* баатырларынан деп эсептелген, Меккелик алгачкы сегиз мусулмандын бири болгон, азыркы аскер башчы азирети Зайд *(Алла ага ыраазы болсун!)* туш тараптан келген жанчар, найзалардын курмандыгына айланып, шейит кетти.

Азирети Пайгамбарыбыздын буйругу менен тууну дароо азирети Жафар *(Алла ага ыраазы болсун!)* алды. Ал дагы каармандыгын көрсөтүп душмандардын арасына кирип барды. Кылыч менен эки колунан тең жарат алды. Алла Элчисинин туусун жерге түшүрбөө үчүн жарат алган колдору менен аны төшүнө жөлөп, жерге түшүрбөөгө бүт күчү менен аракет кылды. Көп өтпөй ал дагы Алла Тааланын жана Элчисинин сүйүүсүнө ээ болуп, шейит кетти.

Кезек азирети Абдуллах бин Равахага келген эле. Ал дагы ошондой күчтүү дем менен тууну колго алып душман тарапка бет алды. Напси алагды кылбасын деп жанындагыларга:

-Күбө болгула, Мединадагы болгон мал-мүлкүмдү «байтулмал»га (мусулмандардын казынасына) таштадым! - деди.

Андан соң шейиттиктин шербетинен даам татканга чейин согуш майданында ал дагы өзүнүн эрдигин, тайманбастыгын көрсөттү. Азирети Абдуллах бин Раваха шейит кеткен соң али жаңы мусулман болгон, алгачкы жолу Ислам кошуунү менен согушка чыккан Азирети Халид бин Валид *(Алла ага ыраазы болсун!)* тууну алды. Бир ууч сахаба менен чегирткенин үйүрү сыяктуу жамыраган душмандардын кошуунуна каршы катуу туруштук бере алды.

Бул учурда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мечиттин минбарында окуянын бардыгын сахабаларына айтып берип жаткан эле. Согуш майданы мечиттеги мусулмандардын көз алдынан өтүп жаткандай эле. Пайгамбарыбыз согуш майданында кезек кезеги менен шейит кеткен баатыр кол башчыларды эскерип, кайгырган абалда:

*«Зайд бин Хариса тууну колуна алды. Шайтан дароо анын жанына келди. Жашоону, бул дүйнөнү ага жакшы, өлүмдү болсо жаман кылып көрсөттү. Зайд болсо:*

*-Бул учур мусулмандар жүрөгүндөгү ыйманын бекемдеп, курчута турган маал! Сен болсо мага дүйнөнү жакшы көрсөткүң келип турат! - деп, алдыны көздөй бет алды. Салгылаша баштады. Мына, шейит кетти. Ал үчүн Алладан кечирим тилегиле!»* деп буюрат.

Андан соң сөзүн улайт:

*«Ал азыр бейишке кирди, ал жерде (кубанчынан) жүгүрүп жүрөт! Андан соң тууну Жафар алды. Шайтан ошол замат анын жанына барды. Жашоону, дүйнөнү ага жакшы, өлүмдү болсо жаман кылып көрсөтүүгө аракет кылды. Жафар болсо:*

*-Бул учур мусулмандар жүрөгүндөгү ыйманын бекемдеп,*

*курчута турган учур! Сен болсо мага дүйнөнү жакшы көрсөткүн келип турат! - деп, алдыны көздөй жылды. Душман тарапка чабуулга өтүп, салгылашып жатып шейит кетти. Мен анын шейит кеткенине күбөгө өтөм»*[277]

Анан:

*«Боордошуңар үчүн Алладан кечирим сурагыла. Ал шейит болуп бейишке кирди. Азыр ал бейиште жакуттан жасалган эки канат менен каалаган жагына балкып учуп жүрөт»* - деп буюрат.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Жафардан соң тууну Абдуллах бин Раваха алды!»* - деп унчукпай туруп калат. Ансарлар бир башкача болуп, ыңгайсыздана түшөт. Шектенишет. Азирети Абдуллах бин Раваханын Алла Таалага жана Анын Элчисине жакпаган бир иш кылганын ойлой башташат. Аныгында бул учурда Азирети Абдуллах тууну колго алып, бир жагынан аты менен душмандарды аралай жиреп кирсе, бир жагынан азгырык напсисин чөгөлөтүү үчүн жан үрөп жаткан эле.

-Эй, напсим! Мен сени өзүмө моюн сундурам деп ант ичтим. Сен буга өзүң ыраазы болуп баш ийесиң, же болбосо күч менен баш ийдирем! Сага бейиш анчейин деле жакпаганын көрүп турам! Сен дененин ичинде бир тамчы суу данекеден башка эмне элең? Эй, напсим! Сен азыр өлтүрүлбөсөң, өлбөймүн деп ойлоп турасыңбы? Эгер ошол эки адамдын кылганын кылып, шейиттикти тандасаң, туура кадам таштаган болосуң! Эгер кечигип калсаң шерменден чыгат!

277. Ибн Умар (Алла ага ыраазы болсун!) мындай дейт: «Жафарды издедик. Аны шейиттердин арасынан таптык. Денесинин мандай жагына токсондон ашык ок жана найза кадалган экен. Арка тарабына эч бир ок сайылбаптыр» (Бухарий, Магази, 44)

Азирети Жафар (Алла ага ыраазы болсун!) отуз үч жаш курагында шейит кеткен эле. (Ибн Хишам, III, 434) Демек ал Хабашистанга (Эфиопия) журт которуп Нажашинин алдына илими, акылмандыгы жана тайманбастыгы менен чыгып сүйлөгөндө он жети жашаар бала болгон.

Бул учурда бармагынан жараланган азирети Абдуллах атынан жерге түшүп, бармагын буту менен басып:

«Сен болгону канап жаткан бармаксың! Буга Алланын жолунда туш болуп олтурасың!» - деген маанидеги ырды окуп, колуна күч келтирип жаткан бармагын жулуп таштайт. Кайра айыгышкан майданга кирет. Ал бир тараптан душманга каршы кичине жихадды, экинчи жагынан напсисине каршы чоң жихадды улантып жаткан эле:

-Эй, напсим! Эгер күмөнүң, жубайыңан кол жууп калуудан улам болуп жатса, аны үч талак менен толук бошоттум. Эгер кулдарыңан улам болсо, аларды да азаттыкка чыгардым. Жок, эгер бакчаларыңан улам болуп жатса, аларды да Алланын жана Элчисине таштап, кайыр-садага кылдым.

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сөзүн улап:

*«Абдуллах бин Раваха күч топтоду, колунда туу болгонуна карабай, душмандар менен салгылашып жатып шейит кетти. Арасат болуп бейишке кирди. Ал үчүн да Алладан кечирим тилегиле!»* - деп буюрат.

Азирети Абдуллахтын *(Алла ага ыраазы болсун!)* бейишке арасат кириши ансарларга өтө оор келип:

-О, Алланын Элчиси! Эмне себептен мындай болду? - деп сурашат.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

-Ал жараланган кезде душман менен салгылашуудан тартынды. Андан кийин напсисин теске салып кыйнады, күчүн топтоду андан соң шейит болду! Бейишке кирди. Мага алардын бейиште алтын тактыларда отурганы көрсөтүлдү. Бул учурда Абдуллахтын тактысы досторунукунан бир аз төмөнүрөөк, ийри болгонун көрдүм. Себебин сураганымда:

«Абдуллах душмандар менен кармашууга баратып, анчамынча арсар абалда болуп, андан соң салгылашууга барган эле!» - деген жооп келди» - дейт.

Ошентсе да, азирети Абдуллахтын шейит болуп бейишке кириши ансарларды сүйүндүрбөй койгон жок.

Алла Элчисинин кут төгүлгөн көзүнөн нур көз жашы мөлт-мөлт чертиле түшөт. Көз жашын тыя албай:

«Азыр тууну Алланын кылычтарынан бир кылыч колуна алды. Натыйжада Алла Таала баатырларга жеңиш ыроолоду» - дейт. *(Бухарий, Магази, 44; Ахмед, V, 299; III, 113; Ибн Хишам, III, 433-436; Вакиди, II, 762; Ибн Саад, III, 46, 530; Ибн Асир, Усдуль-Гааба, III, 237).*

Андан соң Жаратканга көз жашын көлдөтүп алакан жая:

*«Оо, Жараткан Алла! Халид Сенин кылычтарынан (бекем) кылыч. Ага Өзүң жардам бере көр!»* - деп дуба кылат *(Ахмед, V, 299).*

## Азирети Халид бин Валиддин согуш ыкмасы

Азирети Халид бин Валид күн батып кошуундар ордуларына чегингенге чейин Ислам кошуунун эң мыкты деңгээлде башкарып турат. Кечинде согуш ыкмасын толугу менен өзгөртөт. Оң жактагыларды солго, сол тараптагыларды оңго, аркадагыларды алдыга, алдыдагыларды артка жылдырат. Эртеси күнү эртең менен душмандар азирети Халиддин согуш ыкмасын көрүп тынчы кете баштайт. Маңдайындагы башка жүздөрдү көрүп, мусулмандарга кошумча дагы кошуун келгенин ойлоп бир топ түйшөлүшөт. Алланын кылычы атанган азирети Халид бин Валид душмандардын мындай тынчы кеткенинен туура пайдаланып, катуу сокку урат. Мындай чабуулду күтпөгөн душман-

дар эндирей түшүп, каптап келген ыйман селине туруштук бере алышпай, ыдырап кача башташат. Аргасыздан артка чегинүүгө мажбур болушат.

Бул күнү колунда тогуз кылыч сынган азирети Халид *(Алла ага ыраазы болсун!)* мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, душмандарга байкатпастан кошуунун артка тартат. Мындай аракет анын аскердик адистигин көрсөткөн экинчи кадамы болгон эле. Ошентип, эки кошуун тең майданды таштап, артка чегинишкен эле. Азирети Халид кошуунун кыргынга учуратпай Мединага алып келет. Жети күнгө чейин созулган согушта он төрт сахаба шейит кетет. Ал эми душмандардан да бир топ адам набыт болгон эле. Ошону менен бирге Ислам кошууну анча-мынча олжо да ала келишкен эле. *(Вакиди, II, 764, 768; Ибн Саад, III, 407).*

Азирети Пайгамбарыбыз мусулмандарга:

-Топтолгула, боордошторуңарды тозуп алгыла! - деп буюрат. Бардык мусулмандар топтолот. Алланын Элчиси төөсүнө минип баатырларды тозуп чыгууга шаардын кыйырына бет алат. Азирети Пайгамбарыбыз элдин аркасынан ээрчиген жаш балдардарды көрүп:

-Балдарды да төөлөрүңөргө учкаштырып алгыла! Жафардын уулун мага бергиле! - деп буюрат. Абдуллахты алып алдына отургузат *(Ахмед, V, 299; Ибн Касир, аль-Бидая, IV, 244).*

Алланын Элчиси азирети Халиддин бул ыкмасына абдан ыраазы болот. Мединага кайтып келген мусулмандарды (окуяны толук түшүнбөгөндүктөн) «качкындар, коркоктор» - деп айткандарга Алланын Элчиси өзү:

-Алар Алланын жолунда согушуудан качкан жок. Алар душман тарапка кайра-кайра чабуул коюп салгылаша турган адамдар! - деп жооп берет *(Ибн Хишам, III, 438; Вакиди, II, 765).*

Анткени бул согушта саны жагынан өтө эле аз болгон ко-

шуун менен алп кошуун кез келген эле. Алла Таала билдирген төмөндөгү кашкайган чындык жүзөгө ашкан эле:

كَم مِّن فِئَةٍ قَلِيلَةٍ غَلَبَتْ فِئَةً كَثِيرَةً بِإِذْنِ اللهِ وَاللهُ مَعَ الصَّابِرِينَ

**«...Нечелеген бир ууч кошуун Алланын колдоосу менен көп сандагы кошуунду жеңип чыккан. Алла Таала сабыр кылгандар менен бирге!»** *(Бакара сүрөсү, 249-аят).*

Мута согушу христиандар менен болгон алгачкы Ислам согушу эле. Мында үч миң кишилик ыйман кошууну жүз миң же эки жүз миң кишилик кошуунга туруштук берген эле.

* * *

Азирети Жафардын жубайы Асма бинти Умайс мындай дейт:

«Жафар жана анын достору шейит болгондо Алланын Элчиси жаныбызга келди. Ошол күнү кырк тери ашаткан элем. Камыр жууруп болгон соң балдарымдын жүзүн жууп, чачтарын тарап майлап койгом. Алланын Элчиси мага:

-Эй, Асма! Жафардын уулдары кайда? - деп сурады. Аларды кучагына алып, өөп жыттады. Ошол учурда көзүнөн жаш куюла баштады:

-О, Алланын Элчиси! Ата-энем сага садага болсун! Эмне үчүн ыйлап жатасыз? Эмне үчүн балдарыма, жетимдерге жасаган мамилеңизди жасап жатасыз? Жафар жана анын досторунан суук кабар келдиби? - дедим.

Алланын Элчиси:

-Ооба! Алар бүгүн шейит болушту! - деп буюрду.

-Эх, мырзам! Эх, Жафарым! - деп чаңырып ыйлап жибердим. Азирети Пайгамбарыбыз кызы Фатимага:

-Жафардын үй-бүлөсү үчүн тамак даярдагыла! Алар бүгүн кыйын күнгө туш болду - деди.

Ошентип Жафардын үй-бүлөсүнө үч күн тамак жеткизилип турду. Азирети Пайгамбарыбыз Жафардын үйүнө үч күн барган жок, аларды өз абалына койду. Төртүнчү күнү барып:

-Боордошума эми ыйлабагыла! Бүгүндөн кийин боордошумдун балдарын кароо менин мойнумда! - деп буюрду.

Азирети Жафардын уулу Абдуллах *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси бизди үйүнө алып барып:

-Мага чачтарач чакыргыла! - деди. Чачтарач келип чачыбызды алды. Алланын Элчиси колун өйдө көтөрүп:

«Оо, Жараткан! Жафардын үй-бүлөсүн кайырлуу кыла көр! Абдуллахтын колун соода-сатыкта берекелүү кыла көр!» - деп дуба кылып, муну үч жолу кайталады.

Энебиз келгенде баарын айтып бердим. Абдан сүйүндү. Азирети Пайгамбарыбыз ага:

-Сен бул балдарыңдын муктаждыктары жөнүндө эч кайгырба! Бул дүйнөдө жана акыретте алардын өкүлү менмин! - деп буюрду» *(Ахмед, I204-205; Абу Давуд, Таражжуль, 13/4192; Ибн Хишам, III, 436; Вакиди, II, 766; Ибн Саад, IV, 37).*

Азирети Пайгамбарыбыз азирети Абдуллах бин Жафар *(Алла ага ыраазы болсун!)* менен жакындан алакадар болоор эле. Төмөнкү окуя буга эң сонун мисал боло алат:

«Мен азирети Аббастын эки уулу Кусам жана Убайдулла менен көчөдө ойноп жаткам. Алланын Элчиси бир төө менен жаныбызга келип калды. Мени көрсөтүп:

-Муну мага алып бергиле! - деди. Ошентип мени алдына

алып отургузду. Кусамды айтып:

-Тигини да алып бергиле! - деп аны аркасына отургузду.

Алла Элчисинин абасы Аббас *(Алла ага ыраазы болсун!)* балдарынын арасында Кусамдан дагы Убайдулланы жакшы көрө турган. Алланын Элчиси абасынан тартынган жок жана аркасына Кусамды отургузду. Андан соң үч жолу башыман сылады. Ар бир сылаган сайын:

«Оо, Жараткан Алла! Жафардын балдарына Сен Өзүң ээ чыга көр!» - деп дуба кылды[278]» *(Ахмед, I, 205; Хаким, III, 655/6411).*

## МЕККЕНИН КОЛГО АЛЫНЫШЫ

(20- Рамазан, 8-жыл/ 10-Январь, 630-жыл)

Мединалык мусулмандар менен Меккелик бутпарастардын ортосунда түзүлгөн Худайбия келишими боюнча, аталган тынчтык келишимдин убактысы он жыл эле. Ошентсе да, бутпарастар күн өткөн сайын Исламдын бүтүндөй Арап жарым аралына тездик менен жайылып, күч алышына кооптонуп жатышкан эле. Ошондуктан алар акырындык менен келишимдин беренелерин бузууга кадам шилтей башташат. Убакыт өткөн сайын ичтериндеги бугу, кызганычы артып ачыктан ачык эле келишимдеги беренелерди көзгө илбей калышат. Бул учурда Худайбия келишиминин түзүлгөнүнө 17-18 ай болуп калган эле. Меккелик бутпарастар өздөрүнүн карамагындагы Бакир уруусун мусулман Хузаа уруусуна каршы тукуруп, кол салдыртышат. Өздөрүнөн

278. Аталган хадисти айтып калтырган адамдардын бири мындай дейт:
«Абдуллах бин Жафарга:
-Кусам андан кийин эмне болду? – дедим. Ал:
-Шейит кетти – деди.
-Алла Таала жана Анын Элчиси эң жакшы билүүчү - дедим. Ал:
-Ооба! – деди» (Хаким, III, 655/6411).

да айрым адамдар бу каргашалуу окуяга катышкандар болот.[279]

Бутпарастар Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* карамагындагы Хузаа уруусуна кол салганда намаз окуп жатышкан эле. Ошондуктан кээ бири башын саждага койгондо, кээ бири рукуда турганда, кээ бири кыямда туруп шейит кетишкен эле. Ал тургай Хузаа мусулмандары Харам аймагына баш калкаласа да, Курайш жана Бакир уруулары ал жердин харамдыгын (ыйыктыгын) эске албай колдорунан келишинче мусулмандарды кырып жиберишет. Суук кабар дароо Алла Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жетет.[280]

Азирети Пайгамбарыбыз *(алейхис-солаату вас-салаам)* суук кабарды алып келген азирети Амр бин Салимди угуп жатып, көз жашын тыя албай жашып кетет. Азирети Пайгамбарыбыз буга катуу өксүп, зээни кейийт. Ошентсе да, жанындагы жан дүйнөсү жараланган сахабасы Амр бин Салимды жубатып:

-Сен жардам болдуң, эй, Амр! - деп буюрат *(Ибн Хишам, IV, 12; Вакиди, II, 784-785).*

Алланын Элчиси ошого карабастан бутпарастар менен болгон келишимди эске алып, Хузаа уруусу боюнча Меккеликтерге алгач бир элчи жөнөтөт. Анткени алар Худайбия келишимине одоно кыянаттык кылышкан эле. Ошондуктан алар Хузаа уруусунан өлтүрүлгөндөрдүн кунун төлөшү, же Бакир уруусун карамагынан чыгарышы керек эле, же болбосо аталган эки сунушту тең кабыл албаса, Худайбия келишимине чекит коюу керек болучу.

Карамүртөз бутпарастар Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сунуштарынын акыркысын, башкача айтканда,

279. Ибн Хишам, IV, 4; Байхаки, *Далаил*, V, 6;

280. Ибн Хишам, IV, 11; Вакиди, II, 783

келишимди расмий түрдө токтотууну кабыл кылышат.[281] Бул мусулмандарды Меккеге согушка чакыруу дегендик эле.

Бутпарастар эс-учун жыйып, таштаган кадамдарына өкүнүп калышат. Ошентсе да, келишимге расмий түрдө чекит коюлган эле. Мындай курчуп турган кооптуу кырдаалды жөнгө салуу үчүн Курайш уруусунун башчысы Абу Суфян аргасыздан катуу бушайман болуп, Медина тарапка жол тартат. Абу Суфяндын келишимди жаңылоо максатында Меккеден аттанганын Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Алланын вахийи аркылуу сахабаларына ошол замат билдирет.[282] Бирок бул каргашалуу окуяга катуу кайгырып жаткан Мединалык мусулмандардан эч ким Абу Суфяндын сөзүн укпайт. Азирети Пайгамбарыбыздын жубайы азирети Умму Хабиба Абу Суфяндын кызы болсо да, үйүнө чейин келген атасы көрпөгө отурганы жатканда көрпөнү ала салат. Абу Суфян абдан таң калып:

-Кызым, көрпөнү мага ылайык көргөн жоксунбу? - дейт.

Бирок Умму Хабиба:

-Жок, Алла Таала мени Ислам дини менен чыныгы бакытка жеткизди - деп ыймандын бүт нерседен жогору тураарын айтат *(Ибн Хишам, IV, 12-13).*

Алланын Элчисинен жана сахабалардан көргөн мындай жоопко эч нерсе дей албай Мекке тарапты көздөй кайтууга туура келет. Ошентип, Абу Суфян Меккеге келип келишимди кайрадан түзүү мүмкүн болбой турганын айтып:

«Мен жүрөктөрү бир жүрөктө болгон элден келатам. Валлахи, мен үмүт кылган кары-жаш, эркек-аялдардын баарысы менен сүйлөштүм. Тилекке каршы, эч кандай оң майнап чыккан жок!» - дейт *(Абдураззак, V, 375).*

281. Вакиди, II, 787
282. Ибн Хишам, IV, 12

Ошентип, Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сахабаларына жүрүшкө даярдык көрүүлөрүн буюрат. Жакын арада жашаган мусулмандарды Мединага чакырып, ал эми алыс жерлерде отурукташкан мусулмандарга жолдо даярданып күтүп туруууларын айтат. Пайгамбарыбыз өтө жашыруун түрдө аракет кылат. Душмандар мусулмандардын Мединадагы жашыруун иш-аракеттеринен күмөн санабоолору үчүн Сирия тарапка бир тайпасын жөнөткөн Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ар тарапка кылдат көзөмөл жүргүзүп жаткан эле. Ал Жараткан Алланын жардамы менен чоң жеңишке кан төкпөстөн жетүүнү жан көңүлдөн каалап жаткан эле. Пайгамбарыбыз мындай ары бийик, ары таза максатты жүзөгө ашыруу үчүн стратегиялык ыкмаларын түзүп чыгат.

Алгач Пайгамбарыбыз сахабаларына жүрүш жасоо үчүн буйрук берсе да, кай жакка бара турганын жашырып, ниетин эч кимге айткан эмес эле.[283] Ал тургай эң жакын досу, сырдашы азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун!)* да Меккеге бара турганын билген эмес эле. Азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун!)* кызы азирети Аишадан кай жакка бараарын сураганда:

-Билбейм. Балким Сулайм уруусуна, балким Сакифтерге же болбосо Хазафиндерге барышыңар мүмкүн! - деп жооп берген эле *(Ибн Хишам, IV, 14).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Меккеликтердин согушка даярдык көрбөөлөрү жана жеңишке тынчтык жолу менен жетүү үчүн Меккеге эч бир тыңчынын кабар жеткирүүсүнө мүмкүнчүлүк берген эмес эле. Азирети Пайгамбарыбыз ар тарапты көзөмөлгө алган соң Алла Таалага төмөнкүчө дуба кылган эле:

283. Ибн Саад, II, 134

*«Оо, Жараткан Алла! Аймагына жашыруун жана күтүүсүздөн барганга чейин, Курайш уруусунун тыңчыларына Өзүң ээ чыгып, аларга эч нерсени көрсөтө да, угуза да көрбө... Курайш уруусунун көзүн байлап койо көр, мени күтүүсүздөн мандайынан чыга келгенде гана көрүшсүн»* *(Ибн Хишам, IV, 14)*

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Мединадан жолго чыкканда да Курайштарга шек алдырбоо үчүн чет жакалардагы урууларга кайрылып, айлампа түрүндө жол жүрүп максатын билгизбейт. Меккеге жакындап калганда ар тарапка от жактырып, бутпарастарды коркутуу да негизги максаттын жүзөгө ашышына чоң көмөк болот.[284]

Пайгамбарыбыз «Зулхулайфа» - деген жерге келгенде да ихрамга кирбей сапардын багытын жашырган эле.[285]

Алланын Элчиси жетишээрлик ал-күчкө ээ болгон соң да күчүн адамдарды өлтүрүп, жерин тартып алуу үчүн эмес, элдин көңүлүн Аллага жакындатуу, чыныгы бакытка, туура жолго үндөө үчүн колдонгон. Себеби Ал бүткүл ааламга ырайымдуулуктун пайгамбары жана адал жолдун улуу жол башычысы болуп жөнөтүлгөн пайгамбар эле.

Алла Таала мындай дейт:

الَّذِينَ إِن مَّكَّنَّاهُمْ فِي الْأَرْضِ أَقَامُوا الصَّلَاةَ وَآتَوُا الزَّكَاةَ وَأَمَرُوا بِالْمَعْرُوفِ
وَنَهَوْا عَنِ الْمُنكَرِ وَلِلَّهِ عَاقِبَةُ الْأُمُورِ

**«Аларды (мусулмандарды) эгер Биз жер жүзүнө үстөм кылсак, алар намазды толук окушат, зекетти тийиштүү жерлерге толук беришет, элди жакшылыкка буйруп, жамандыктан кайтарышат. (Бардык) иштер-**

284. Хамидуллах, I, 264-265
285. Наби Бозкурт, ДИА, Мекке, XXVII, 557

**дин акыбети Аллага гана таандык!»** *(Хаж сүрөсү, 41-аят)*

Сахабалардан Бадр согушуна катышкан Хатиб бин Абу Белтаа жагдай жөнүндө кат жазып, бир аял аркылуу Меккеге жөнөтөт. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* муну Алланын вахийи[286] аркылуу билип, катты алып бараткан аялдын кай жерде экенин айтып, Азирети Али, Зубай жана Микдатка *(Алла аларга ыраазы болсун!)* аялды алып келишин буюрат. Баягы аял Пайгамбарыбыз айткан жерден колго түшөт. Андагы кат Пайгамбарыбызга кайтарылат. Катта төмөнкүчө жазылган эле:

«Эй, Курайш! Алланын Элчиси силерге өтө чоң кошууну менен баратат. Бул кошуун түндүн коюу караңгылыгы сымал сел сыяктуу агып кирип барат. Аллага ант берем! Алланын Элчиси силерге өзү жалгыз барса да, Алла Таала аны үстөм кылып, убадасын орундатат. Азыртадан ойлонгула!» *(Ибн Касир, аль-Бидая, IV, 278)*

Чындыгында бул кат чындыкка каршы да, кыянаттык да эмес эле. Ошентсе да, жашыруун сыр душманга билдирилип жаткан эле. Ошондуктан Азирети Пайгамбарыбыз Хатибди чакырып:

-Эй, Хатиб! Эмне үчүн мындай кадамга бардың? - деп сурайт:

Анда Хатиб:

-О, Алланын Элчиси! Жаныңыздагы мухажирлердин Меккеде үй-бүлөсүн, мал-мүлкүн коргой турган туугандары, жакындары бар. А менин эч бир жакыным жок. Мен бул кат менен алардын көңүлүнөн түнөк таап, үй-бүлөмдү, бала-бакырамды коргогум келди. Валлахи, мен алардын тыңчысы эмесмин. Мен бул ишке динимден кайтуу үчүн барганым жок. Мусулман бол-

286. Вахий – Алла Таала тарабынан пайгамбарларга Жабраил периште аркылуу же түздөн-түз маалымдалган кабар. Ыйык Курандагы сүрө-аяттар вахий аркылуу түшүрүлгөн.

гон соң мен эч качан каапырдыкка ыраазы болбойм. Валлахи, менин Алла Таала жана Анын Элчисине болгон ишенимим бекем. Эч качан динимди алмаштырбайм… - деп катуу бушайман болот.

Анда Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Хатиб өзүн жакшы коргоду»* - деп күнөөсүн кечирет.

Алланын Элчиси Хатибдин башын алып салгысы келген азирети Умарга Жаратқандын Бадр согушуна катышкандардын каталарын кечиргенин эскертип, мындай дейт:

*«Хатиб Бадр жүрүшүнө катышкан. Кайдан билесиң, балким Алла Таала Бадр баатырларынын абалын түшүнүп «каалаганыңарды кылгыла, силерди кечирдим!» - дегендир» (Бухарий, Магази, 9; Муслим, Фадаилус-Сахаба, 161).*

Алланын Элчиси ошол маалда түшүрүлгөн төмөнкү аяттарда Алланын душмандары менен достук курбоо керектигин бардык мусулмандарга мындайча буюрат:

**«Эй, момундар! Менин да, силердин да душманыңарды дос тутпагыла! Силер аларга достук (тууралуу кат-кабар) жибересиңер. Акыйкатта, алар силерге келген Чыныгы (динге ишенбей) каапыр болушкан. Алар пайгамбарды да, силерди да Жаратқан Аллага ыйман келтиргениңер үчүн (өз мекениңерден) айдап чыгышкан! Эгер силер менин жолумда жихад кылуу үчүн Менин ыраазылыгымды каалап чыккан болсоңор, (ал учурда бутпарастарды дос тупагыла.) Силер алар менен жашыруун достук кылуудасыңар! Чындыгында Мен силер жашырган нерсени да, ачыкка чыгарган нерсени да абдан жакшы билем! Силерден ким ушул ишти кылса, демек, ал туура жолдон азган болот. Эгер**

**алар (бутпарастар) силерди женсе, анда алар силерге душман болушат. Силерге жамандык менен колдорун жана тилдерин сунат (жамандайт, ушактайт, шылдыңдайт).**

**(Кыямат күнү) силерге тууган-уругуңар да, бала-чакаңар да эч кандай пайда бербейт! Кыямат күнүндө (Алла Таала) бири-бириңерден ажыратып (бөлүп) коет. Алла Таала силердин эмне кылганыңарды көрүп турат!»** *(Мумтахана сүрөсү, 1-3-аяттар).*

Алла Таала бул аяттары менен мусулмандарга бала-чакасы, мал-мүлкү сыяктуу байлыктары үчүн каапырлар менен достук курууга тыюу салган эле. Азирети Нух *(алейхис-салаам)* пайгамбардын уулу Канан ыйманга келбегендиги үчүн топон сууга чөгүп кеткен эле. Ошондой эле Лут пайгамбардын аялы да каапырлар менен байланыш түзүп жүргөндүктөн, ал дагы каапыр болуп Жараткан Алла Тааланын каарына калган эле. Ошондуктан алардын пайгамбар менен дүйнөдөгү жакындыгы эч кандай баага арзыбай калган эле.

* * *

Улуу көчтүн сегизинчи жылы Рамазан айынын онунда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* он миң кишилик ыйман кошууну менен Мединадан жолго чыгат. Пайгамбарыбыз жихадка даярданып чыккандыктан жолдо баратып өзү алгач оозун ачып, андан соң сахабаларына да ооздорун ачууларын буюрат.[287]

«Жухфа» - деген жерге барганда азирети Аббас менен жолугушат. Азирети Аббас *(Алла ага ыраазы болсун!)* буга чейин эле ыйманга келип, мусулманчылыгын бутпарастардан жашырып, Меккеде жашап Курайштардын ал-абалын Пайгамбары-

287. Бухарий, Магази, 47

бызга билдирип жүргөн эле. Мекке шаарында жашап калуу себептеринен бири, милдетиндеги ажыларга суу таратуу озуйпасын аткаруусу болгон. Акырында убакыттын келип жеткенин ойлоп, Мединага көчүп баруу үчүн үй-бүлөсү менен жолго чыккан эле.[288] Буга аябай сүйүнгөн Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* :

*«Мен пайгамбарлардын акыркысы болгонумдай эле, сен да мухажирлердин акыркысы болдуң!»* - деген экен *(Али аль-Муттаки, XI, 699/33387).*

Мекке тарапты көздөй багытталган бул жүрүштө бүтүндөй адам баласына сабак боло турган үлгүлүү окуя болот. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* кошууну менен Меккени көздөй сел сыяктуу агып бараткан эле. Арапстандын төрт тарабынан келип жаңы мусулман болгон уруулар топ-тобу менен Ислам кошуунуна кошулуп жатышкан эле. Бүткүл ааламдын Мырзасы атанган Азирети Пайгамбарыбыз кошууну менен Арж аймагынан жылып Талубду көздөй жол арбытып бара жаткан жолдо күчүктөрүн эмизип жаткан бир итти көрөт да, дароо сахабаларынан Жуайл бин Сураканы чакырып, аны бул иттин жанына күзөтчү кылып дайындайт. Ага Ислам кошууну эне иттин тынчын албоосу керектигин айтат.[289]

Мына, адамдык бийик сапат! Мына, чыныгы адамгерчилик! Мына, боорукерлик! Мына, ырайымдуулуктун Пайгамбары! Адамзат тарыхында мындай көрүнүш болду бекен?![290]

---

288. Ибн Хишам, IV, 18

289. Вакиди, II, 804

290. Исламда жагдай ушундай. Тилекке каршы, кээ бир Ислам душмандары Исламды бүгүнкү күндө терроризмге тануулап айтып келишет. Ал эми террор жана анархия таш боордукка, мыкаачылыкка негизделген. Аларга эч качан адептүүлүк өңдөнгөн бийик касиеттер керек эмес. Ислам болсо, жер жүзүнө келген күндөн тарта терроризмге каршы аракет кылып, ар дайым каапыр болобу, мусулман болобу ар бир адамдын, жадагалса жандуу-жансыз атпайдын акы-укугуна көңүл буруууга буйрук берип келген. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) жыйырма үч жылдык пайгамбарлык жашоосун терроризмге каршы күрөшүү менен өткөргөн.

Алланын Элчиси Меккенин колго алынышы сыяктуу тарыхый жактан өтө зор мааниге ээ болгон окуя учурунда дагы сырттан караганда жөнөкөй, бирок чындыгында өтө терең маанимаңыздуу иш менен алек болуп, өзүн эне ит менен күчүктөрүнө карата да жооптуу деп сезген эле. Ошондуктан бул окуядан ала турган дагы бир сабак, эл башкарган орундарга ээ болгон адамдар да майда нерселерге чейин жоопкерчиликтүү болгондуктарын билип, ошого жараша кадам таштоолору зарыл.

* * *

Бул учурда Мекке бутпарастары эч нерседен кабары жок эле. Ислам кошууну Меккеге бир тынымдык аралыктагы Марруз-Захран аймагына тыным жасаганынан кабар алышат. Алла Элчисинин буйругу менен ар тайпанын ар тарапка от коюусунан пайда болгон бир башкача түрү суук көрүнүштү көргөндө бутпарастар эмне кыларын билбей калышат.

Абу Суфян жан жөөкөрлөрүнөн Хаким бин Хизам жана Будайл менен Меккенин айланасын көзөмөлдөп келүү үчүн Меккеден чыгышкан эле. Ислам кошууну тарабынан жагылган миндеген отту көрүп абдан таң калышат. Булар кайсы элге же урууга таандык болгондугун болжолдошот. Бирок ал жерге тыным жасагандар  Пайгамбарыбыз жана анын сахабалары деп эч ойлошкон эмес эле. Мекке курчоого алынып калгандыктан, сахабалар Абу Суфянды жан жөөкөрлөрү менен колго түшүрүп Пайгамбарыбызга алып келишет.[291]

Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)* Абу Суфяндын өлтүрүлүшү үчүн Пайгамбарыбыздан *(саллаллаху алейхи ва саллам)* уруксат сурайт. Ал эми абасы азирети Аббас *(Алла ага ыраазы болсун!)* анын кечирилишин суранат. Согуш ыкмасын эң мыкты жүзөгө ашырган Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)*  абасына:

291. Бухарий, Магази, 48

-Абу Суфянды кошуун өтө турган жерге алып бар! Ислам кошуунунун мыкты даярдыгын көрсүн! - деп буюрат.

Бул анын «Абу Суфянды бутпарастардын мусулмандарга каршы согуш жарыялоосуна тоскоол болсун» - деген максаты эле. Ошентип, бутпарастар каршылык көрсөтпөгөн соң кан да төгүлбөйт эле.

Азирети Аббас Абу Суфянды Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* айткан жерге алып барат. Бул учурда Ислам кошууну акырындап Мекке тарапты көздөй жыла башташкан эле. Ыйманга толо жүрөктөрдөн ашып ташкан «Аллаху акбар» «Жараткан Алла Улук!» - деген жаңырык Аршка чейин жетип жаткан эле.

Абу Суфян Ислам кошуунун көрүп, көргөн көзүнө ишене албай селейет. Алла Элчисинин он миң жоокери өтүп бараткан-да абдан таң калганын жашыра албай:

-Эй, Аббас! Бир тууганыңдын уулу бийлигин жакшы эле кеңейтиптир!... - дейт.

Азирети Аббас *(Алла ага ыраазы болсун!)* сөздү кесип:

-Жок, бул бийлик эмес, пайгамбарлык!... - дейт.

Абу Суфян:

-Ооба, ооба! - деп сөзүн ондойт *(Бухарий, Магази, 48; Хайсами, VI,164; Ибн Саад, II, 135; Ибн Асир, аль-Камил, II, 242).*

Андан соң ал жерден азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* жанына келишет. Азирети Пайгамбарыбыз:

-Эй, Абу Суфян! Дале «Лаа илааха иллаллах» - дей турган убактың келген жокпу? - деп сурайт.

Абу Суфян бир аз ойлонуп туруп, келме келтирет. Бирок

бул учурда Азирети Пайгамбарыбыздын пайгамбарлыгын тастыктаган сөзүн айткан эмес эле. Азирети Пайгамбарыбыз кайра суроо салат:

*«Менин Алланын Элчиси экендигимди айта турган убактың келбедиби?»*

Абу Суфян бул суроого жооп берүү үчүн бир аз убакыт сураса да, азирети Аббастын эскертүүсү менен келмени толугу менен айтат. Ошентип, Алланын Элчиси аны алкышка алып, жүрөгүн Исламга жылытуу үчүн Мекке элинини коопсуздукта боло турган жерлерин эскерип жатып, Абу Суфяндын үйүн да айтып:

-Ким Харам мечитине (Каабага) кирсе, ал коопсуздукта болот. Кимде-ким үйүнөн сыртка чыкпаса, ал да коопсуздукта болот. Кимде-кии Абу Суфяндын үйүнө баш калкаласа, ал да коопсуздукта болот! – дейт. *(Абу Давуд, Хараж, 24-25/3021-3022; Хайсами, VI, 164-66; Ибн Хишам, IV, 22)*

Эркин кое берилген Абу Суфян Меккеге бараткан кезде Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сахабаларга кайрылып:

-*Силерге каршы чабуул болмоюн эч бир жанга кылыч сунбагыла!* *(Ибн Хишам, IV, 28)* - дейт.

Андан соң Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* төрт тайпага бөлгөн Ислам кошуунуна Меккени көздөй бет алууга буйрук. Ошентип, Мекке шаары төрт тараптан Жаратканды улуктаган жаңырыктар менен шаңга бөлөнөт.

Мындан сегиз жыл мурун эки төө, үч киши болуп Меккеден кайгы-муңга баткан абалда журт которгон Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бүгүн Жараткан Алланын ырайымы менен он миң кишилик кошууну менен куттуу жайга кирип бара жаткан эле. Ал күнү өз ата-журтунан куулуп чыгарылган

адам бүгүн өз мекенин колго алган улуу кол башчы эле. Бирок Ал муну менен эч бой көтөрбөй, төөсүнүн желкесине башын коюп сажда калыбында, мына ушундай улуу жеңишти ыроолоп берген Алла Таалага шүкүр келтирип Меккеге кирип келаткан эле. Башын Жараткан Алланын алдында ийген кезде сакалынын учтары төөсүнүн семерине тийип турган эле. Бул учурда кайра кайра:

اَللَّهُمَّ لاَ عَيْشَ اِلاَّ عَيْشُ الاَخِرَةِ

«Аллахумма лаа айша иллаа айшуль-аахиро»

«Оо, Жараткан Алла! (Чыныгы) Жашоо – албетте, акыреттеги жашоо!» - деп кайталап жаткан эле[292] *(Вакиди, II, 824; Бухарий, Рикак, 1).*

Ар дайым Алла Элчисинен үлгү алып, анын куттуу сүннөт жолу менен жашоого жан үрөгөн кутман сахабалар да улуу Пайгамбардын артында адеп менен Жаратканга чексиз шүгүр келтирип, кирип келе жатышкан эле.

Бул жүрүштө Ислам кошууну негизинен эч бир кошуун менен кагылышкан эмес эле. Бул багытта Абу Суфянга жасалган ыкманын берекеси менен, анын Меккеликтердин мусулмандарга каршы чыкпоолору үчүн айткан сөздөрү кыйла оң натыйжа берип, эч ким Ислам кошуунуна каршы чыгууга чамасы жетпейт. Болгону азирети Халид бин Валиддин Меккеге кирген жеринде бир аз кагылышуу болуп, ал тез эле бүтөт.

Ошентип Алланын Элчиси Фатх сүрөөсүн окуп, сахабалар менен бирге Каабаны көздөй бет алат. Төөсүнөн түшпөй туруп Каабаны тавaф кылган соң:

292. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) акыреттеги жашоонун маанилүүлүгүн билдирген бул сөзүн өмүр бою кайталап жүрүп өткөн. Ал бул сөзүн Набави мечити курулуп жатканда, Хандак чуңкуру казылып жаткан кезде, Мекке колго алынып жатканда жана Коштошуу ажылыгы учурунда Арапа күнү да айткан. (Бухарий, Жихад, 33, 110, Манакибуль-Ансар, 9, Магази, 29; Муслим, Жихад, 126, 129; Тирмизи, Манакиб, 55; Ибн Мажа, Масажид, 3).

جَاءَ الْحَقُّ وَزَهَقَ الْبَاطِلُ

**«Акыйкат келди, жалган кетти!»** *(Исра сүрөсү, 81-аят)* – деген маанидеги аятты окуп, колундагы таяк менен Каабадагы айкелдерди түшүрө баштайт *(Бухарий, Магази, 48; Муслим, Жихад, 87; Вакиди, II, 831-832).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Байтулланын (Кааба) ичиндеги айкелдерди көрүп ичкери кирбейт. Кутман сахабаларына алгач булардын жок кылынышын буюрат. Сахабалар буйрукту дароо аткарышат.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ичкериде айкели тургузулган Азирети Ибрахим менен Азирети Исмаилдин колундагы төлгө таякчаларын көрүп, ачуусу келип:

«Алла Таала бул айкелдерди жасаган бутпарастын жанын алсын! Валлахи, бул пайгамбарлар эч качан төлгө менен алектенишкен эмес. (Тескерисинче, бул нерселерге тыюу салышкан)» дейт. (Бухарий, Анбия, 8; Хаж, 54, Магази, 48)

Жаратkandын сүйүктүү пенделеринен Мавляна Жалаладдин Руми акылга келбеген далай азап, кордуктарды көргөн, өз учурунда айкелдерди талкалаган Алланын Элчисине канчалык ыраазылык билдирүү керек экендиги жөнүндө мындай дейт:

«Эй, бүгүн «мен мусулманмын» - деген адам! Эгер азирети Ахмад[293] Пайгамбарыбыздын дымактуу аракети жана айкелдерди жоготкон мээнети болбогондо, сен дагы бабаларыңдын жолун жолдоп айкелдерге табынаар элең»

Мусулмандар Меккени каратып алган күнү таң атканга чейин Жаратканга алкыш айтып, Аны даңазалап, Каабаны тавааф кылып чыгышат. Буга күбө болуп турган Абу Суфян жубайы

293. Ахмад – азирети Мухаммад саллаллаху алейхи ва саллам Пайгамбарыбыздын экинчи аты.

Хиндке:

-Сен мунун Алла Тааладан болгонуна ишенесиңби? - деп сурайт.

Хинд:

-Ооба! Бул Алла Таала тарабынан болгон иш! - деп жооп берет.

Эртеси күнү эртең менен Абу Суфян Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* барат. Алланын Элчиси ага кечинде Хинд экөөнүн сүйлөшкөнүн ийне-жибине чейин айтып берет.

Абу Суфян:

-Күбөгө өтөм, Сен Алланын Элчисисиң! Жанымды чексиз кудуретинде кармап турган Аллага ант берем! Бул сөзүмдү Алла Таала менен Хиндден башка эч ким уккан эмес! *(Ибн Касир, аль-Бидая, IV, 296)* - деп дагы бир жолу күбөгө өттү.

Улуу Жеңиштен соң Меккеликтер бала-чакасы менен кошо Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* алып барып, мусулман болуп жатышкан эле. Азирети Пайгамбарыбыз болсо, балдардын башынан сылап, аларга ак батасын берип жаткан эле *(Ахмед, IV, 32).*

## Кечирим майрамы

Курайш уруусу Харам мечитине чогулуп, өздөрү жөнүндө бериле турган өкүмдү күтүп турушкан эле. Алланын Элчиси ошол жердегилерге гана эмес, бүтүндөй адамзаты үчүн арналган төмөнкү кутпасын айтат:

*«Алладан башка кудай жок. Жалгыз гана Жараткан Алла бар. Анын эч бир шериги жок. Алла Таала убадасына бекем*

*туруп, кулуна жардам берип, бардык душмандарыбызды чачыратты. Каабанын кызматы жана ажыларга суу таркатуу ишинен башка бардык мурунку адаттар, мал-мүлккө жана канга байланышкан дооматтар бүгүн менин таман алдымда калды!*

*Эй, Курайш уруусу!*

*Алла Таала силерден караңгы доордогу текеберлигиңерди, ата-бабаларыңар менен мактанып бой көтөргөнүңөрдү жок кылды. Бүтүндөй адамзаты Адам атадан тараган. Ал эми Адам ата болсо, топурактан жаралган.*

Андан соң Азирети Пайгамбарыбыз мына бул аятты окуйт:

يَا أَيُّهَا النَّاسُ إِنَّا خَلَقْنَاكُم مِّن ذَكَرٍ وَأُنثَى وَجَعَلْنَاكُمْ شُعُوباً وَقَبَائِلَ لِتَعَارَفُوا إِنَّ أَكْرَمَكُمْ عِندَ اللهِ أَتْقَاكُمْ إِنَّ اللهَ عَلِيمٌ خَبِيرٌ

**«Эй, адамдар! Чындыгында, Биз силерди бир эркек (Адам) жана бир аял (Хаввадан) жараттык. Бири-бириңерди таанып-билишиңер үчүн силерди урууларга жана ар түрдүү элдерге бөлдүк. Алла Тааланын алдында силердин эң ардактууңар - такыбааңар. Албетте, Алла Таала - (баарын) Билүүчү жана (баарынан) Кабардар»** *(Хужурат сүрөсү, 13-аят) (Ибн Мажа, Дияат, 5; Ахмед, II,11; Тирмизи, Тафсир, 49/3270)*

Эми ыйык Мекке шаары Худайбиянын сүйүнчүсү катары кечирим, тынчтык, коопсуздук жана Алланын адал жолу менен өз ээлерине кучагын ачкан эле. Бул учурда миң түркүн зордук-зомбулукка, азап-тозокко толо Мекке сагынычы акыркы чегине жетип калган эле. Узак жылдардын кайгысы кубанычка айланган эле. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* бир жагынан мына ушундай кубанычты тартуулаган Алла Таалага шүгүр келтирип, бир жагынан адамзат тарыхы али күбө болбогон мээримдүүлүктүн үлгүсүн көсөтүү үчүн Мекке элине кайрылып:

*-Эй, Курайш эли! Азыр силерге кандай өкүм чыгарышымды*

*күтүп турасынар?* - деп сурайт.

Курайш эли:

-Биз Сенин жакшылык кыла турганынды гана үмүт кылабыз. Сен биздин айкөл боордошубузсуң! Сен биздин кең пейил тууганыбыздын уулусун!... - дешет.

Анда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*-Мен да силерге азирети Юсуфтун бир туугандарына айтканы сыяктуу:*

قَالَ لاَ تَثْرِيبَ عَلَيْكُمُ الْيَوْمَ يَغْفِرُ اللهُ لَكُمْ وَهُوَ أَرْحَمُ الرَّاحِمِينَ

**«...Бүгүн силер айыпталбайсыңар. Алла Таала силерди кечирээр. Ал – ырайымдуулардын эң Ырайымдуусу»** *(Юсуф сүрөсү, 92-аят)* - *демекчимин. Анда эмесе, бара берсенер болот, эркинсинер!* - дейт.

Куттуу хадистердин дагы биринде Алланын Элчиси мындай деген эле:

*«Бүгүн мээримдүүлүктүн күнү! Бүгүн Алла Тааланын Курайш элин Ислам менен күчкө киргизип, жогору кыла турган күнү!».*

Ошентип, жеңиштен мурун бир топ мусулмандын убалына калып, мал-мүлкүнө кол салып, жанын кыйган адамдар дагы туура, адал жолго келишкен эле. Алла Таала Курайш бутпарастарын да Элчисинин колуна түшүрүп баш ийдирген эле. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* аларды кечирип, эркин кое берген эле. Ошондуктан Меккеликтер «тулака» - «эркин кое берилгендер» - деп аталып калышкан эле.[294]

Бүткүл ааламдын сыймыгы болгон азирети Пайгамбарыбыздын «бүткүл адамзаты ыйманга келип, мусулманчылыкты кабыл

294. Ибн Хишам, IV, 32; Вакиди, II, 835; Ибн Саад, II,142-143

алса!» - деген гана көксөөсү болгон. азирети Пайгамбарыбыз зор күч-кубатка ээ болуп турган чакта Меккени колго алган соң өз убагында ага кордуктун түрүн көрсөткөн адамдардан өч алса болмок. Бирок Ал мындай кадамга барган жок. Анткени Ал ырайымдуулуктун Пайгамбары эле.

Узак жылдар бою зордук-зомбулук, душмандык, кастыктан башканы көрбөй келген Мекке эли ошол күндүн кечирим майрамы менен бир башкача шаңга, береке-кутка, сүйүүгө, мээримдүүлүккө бөлөнүп турган эле. Бирок ушундай шаңга көлөкө түшүрүү үчүн Фадала аттуу бир адам азирети Пайгамбарыбызды *(саллаллаху алейхи ва саллам)* өлтүрүү үчүн анын жанына келет. Анын мындай кара ниетин баамдаган Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Фадалага эч шек билдирбей жылуу жумшак гана:

-*Сен Фадаласыңбы?* - деп сурайт.

-Ооба! - дейт. Анда Алланын Элчиси:

-*Эй, Фадала! Оюңдагы нерселер үчүн Жаратканга тооба кылып кечирим сура!* – дейт да, кут төгүлгөн колун Фадаланын көкүрөгүнө коет. Ошол замат оюндагы кара ниети жоголгон Фадаланын жүрөгү ийге келип, көөдөнүн ыйман нуру уялап, анын көз алдында Пайгамбарыбыз адамзатынын эң сүйүктүүсүнө айланат. *(Ибн Хишам, IV, 37; Ибн Касир, ас-Сира, III, 583).*

Абу Суфян бин Харб Каабада отуруп ойлонуп жаткан эле. Азирети Пайгамбарыбыз алдыда, мусулмандар Анын аркасынан түшүп, басып келе жатканын көрүп:

«Мухаммадга каршы кол топтоп, аны менен дагы бир жолу согушсам кандай болот, эмне кылсам экен?» - деп ойго батып кетет. Ошол кезде Алланын Элчиси Абу Суфяндын жанына келип:

-*Андай болсо, Алла Таала сени кор кылат!* - деп буюрат. Абу Суфян башын көтөрүп Алланын Элчисин селейип карайт да:

-Ушул күнгө чейин Сенин пайгамбар экендигиңе толук ынанбадым эле. Ичимден ойлогон кара ниетим үчүн Жараткан Аллага тооба[295] кылып, Андан кечирим сурайм! – деп аябай бушайман болот *(Ибн Касир, аль-Бидая, IV, 296).*

* * *

Ухуд казатында азирети Пайгамбарыбыздын абасы азирети Хамзанын көкүрөгүн жарып, мыкаачылык менен боорун чайнаган Хинд да Мекке колго алынган күнү ыйманга келип, улуу кечиримге бөлөнөт. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* улуу келменин урматы үчүн аны да кечирип жиберген эле.[296]

Абу Жахилдин уулу Икрима да өз учурунда Ислам душмандарынын аттуу-баштууларынан болгон эле. Ал Мекке колго алынган кезде Йеменге качып кеткен эле. Жубайы аны мусулманчылыкка чакырып, азирети Пайгамбарыбыздын алдына алып келет. Бүткүл ааламга ырайымдуулуктун Пайгамбары болуп жөнөтүлгөн азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Икриманы да жылуу кабыл алып:

-*Эй, көчмөн аскер башчы, кош келипсиң!* - деп мусулмандарга жасаган зулумдугун айтып ыңгайсыз абалга калтырбастан, аны да кечирип жиберет *(Хаким, III, 271/5059; Вакиди, II, 851-852).*

Хаббар бин Асвад да Ислам душмандарынын эң алдыңкыларынан эле. Ал Меккеден Мединага көчүп келатканда азирети Пайгамбарыбыздын кызы Зейнепке найзасын ыргытып, төө үстүнөн менен жерге сулатып түшүргөн эле. Ошондуктан азирети Зейнеб боюндагы баласын түшүрүп, катуу жарат алган эле. Бул жарат кийин Зейнептин өлүмүнө себепкер болгон эле. Хаббар мындай иштин далайын жасаган эле. Мекке мусулмандардын

295. Тооба – күнөөлөргө чын жүрөктөн өкүнүп, Алла Таалага ал ишти экинчи жасабоого сөз берип кечирим тилөө - дегенди түшүндүрөт.

296. Вакиди, II, 850

колуна өткөн соң ал дагы качып кетет. Алланын Элчиси Мединада сахабалары менен отурган кезде өзү келип, мусулман болгондугун айтат. Азирети Пайгамбарыбыз аны да кечирип жиберет. Мусулмандарга ага акаарат келтирип, кордоого тыюу салат.[297] Анткени Ыйык Куранда:

خُذِ الْعَفْوَ وَأْمُرْ بِالْعُرْفِ وَأَعْرِضْ عَنِ الْجَاهِلِينَ

**«(Эй, Мухаммад!) Мээримдүү болгун! Элди жакшылыкка буюргун, сабатсыз, караңгы наадандардан жүз үйрүгүн!»** *(Аараф сүрөсү, 199-аят)* - деп буйрулган эле.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* - жандуу Куран эле. Курандын ахлагы анда толугу менен чагылышып тураар эле. Ал өзүнө жасалган күнөөлөрдү эч ойлобой дароо кечире турган. Ал эми жалпыга жасалган күнөөлөр үчүн акысы кайра артка кайтарылмайын Аны эч ким токтото албас эле.

Меккеде баа жеткис мындай улуу кечирим менен бирге кээ бир ийге келбеген кыянатчыл бутпарастардын жалпы үммөттүн тынчтыгы, бейпилдиги үчүн кай жерде болсо да өлтүрүлүшү жөнүндө Пайгамбардын буйругу чыккан эле.[298] Ошондой эле Мекkеден олжо катары эч нерсе алынган эмес эле.[299]

Мекке шаары толугу менен колго алынган соң азирети Пайгамбарыбыз Ислам кошуунунун муктаждыктарын каржылоо үчүн Меккенин байларынан карызга акча, соот кийимдерди алат. Кийин Хавазин уруусуна жасалган жүрүштөн соң меккелик байлардын бул карыздарын хавазиндерден түшкөн олжодон бардыгын кайтарып, төлөп берет да:

297. Вакиди, II, 857-858
298. Абу Давуд, Жихад, 117/2683; Насаи, Тахримуд-Дам, 14
299. Абу Давуд, Хараж, 24-25/3023.

- Карыз үчүн ырахмат айтуу жана аны кайтарып төлөп берүү керек! - дейт *(Вакиди, II, 863; Абу Давуд, Бую, 88/3562; Муватта, Никах, 44).*

* * *

Меккеликтер азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бүтүндөй адамзатына үлгү катары көрсөткөн улуу кечиримдин кубанычын тең бөлүшүп жаткан кезде бешим намазынын убагы келип калат. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* адаттагыдай эле, азирети Билалга азан айтуусун буюрат. Азирети Билал *(Алла ага ыраазы болсун!)* кулчулукта жүргөн кезинде мусулман болгондугу үчүн кожоюну тарабынан Арапстандын мээ кайнаткан ысык аптабында ысык кумга жаткызылып, үстүнөн оор таш басылып жатса да, «Ахад, ахад» - (Жараткан Алла Жалгыз, Алла Жалгыз) – деп сай сөөгү сыздап, ыйлаганын эстеп кетет. Эми ал күндөр артта калган эле. Азыр ал ээн-эркин эле. Жеңишти колго алган ыйман кошууну менен бирге дал ошол Ыйык Мекке шаарында Каабанын жанында турган эле. Жаратканга шүгүр келтирип, Каабанын үстүнө чыгат. Кубулжуган мукам үнү менен далай жүрөктөрдү эргитип, азан айта баштайт. Ушундай мукам үнү менен азан айткан кезде бүтүндөй Меккенин тоолору, асманы бир башкача шаңга, кутка бөлөнөт. Көк асман жымыйып, буурул жер кубанычка толот. Ал күнү чакырылган азан мусулмандарга түбөлүк эстелик болуп калган эле. Буга күбө болуп турган бутпарастардан кээ бири:

- Уят эле болдук!... Жадагалса, кулдар сыяктуу да боло албадык! Алар кай жактарга чейин жетти, биз кай жерлерде калдык?! - деп мурунку жасаган иштерине өкүнүп, ушул убакка чейин адал жолдон алыс болгондуктары үчүн өздөрүн ыңгайсыз сезишет.

## Мекkeликтердин анты

Бешим намазын окуган соң Алланын Элчиси Сафа дөңсөсүнө чыгат. Алгач эркектер мусулманчылык жана жихад үчүн азирети Пайгамбарыбызга ант беришет. Андан соң аял кишилер келип ант беришет.[300] Аялдардын анты жөнүндө Алла Таала Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи ва саллам)* төмөндөгү аятын түшүрөт:

يَا أَيُّهَا النَّبِيُّ إِذَا جَاءكَ الْمُؤْمِنَاتُ يُبَايِعْنَكَ عَلَى أَن لَّا يُشْرِكْنَ بِاللَّهِ شَيْئاً وَلَا يَسْرِقْنَ وَلَا يَزْنِينَ وَلَا يَقْتُلْنَ أَوْلَادَهُنَّ وَلَا يَأْتِينَ بِبُهْتَانٍ يَفْتَرِينَهُ بَيْنَ أَيْدِيهِنَّ وَأَرْجُلِهِنَّ وَلَا يَعْصِينَكَ فِي مَعْرُوفٍ فَبَايِعْهُنَّ وَاسْتَغْفِرْ لَهُنَّ اللَّهَ إِنَّ اللَّهَ غَفُورٌ رَّحِيمٌ

**«Эй, пайгамбар! Эгер сага момун аялдар келип, Аллага бөлөк бирөөнү теңебөөгө (шерик кошпоого), уурулук кылбоого, бузукулукка барбоого, өз балдарын өлтүрбөөгө, «өз колу-буттарыбыздын алдында болду» ( б.а., төрөлгөн баласы башкадан болсо, «күйөөмдүкү» - деп калп айтпасын) - деп жалган жалаа жаппоого жана жакшылык иштерде сага каршы чыкпоого ант беришсе, анда алардын антын кабыл ал! Алар үчүн Алладан кечирим сура! Албетте, Алла Таала – Кечиримдүү, Боорукер!»** *(Мумтахана сүрөсү, 12-аят).*

Аялдар Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* колун кармап эмес, ичинде суусу бар чөйчөкккө Пайгамбарыбыз колун салган соң, алар да колдорун салып, ант беришкен эле. Алланын Элчиси эч качан аял кишилерге колун карматып, ант бердирген эмес.

Азирети Умайма бинти Рукайка *(Алла ага ыраазы болсун!)*

300. Ахмед, III, 415; Бухарий, Магази, 53

мындай дейт:

«Ансалардан бир топ аял Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* барып:

-Жараткан Алла Таалага эч бир нерсени теңебөөгө, ууру-лук кылбоого, зинага жакындабоого, балдарыбызды өлтүрбөө-гө, эч качан бирөөгө жалаа жаппоого, шарияттын чегиндеги буйруктарына эч качан каршы чыкпоого ант беребиз - дедик. Анда Алланын Элчиси дароо:

*-Күчүңөр жеткен, мүмкүнчүлүгүңөргө эп келе турган жаг-дайларда!* - деди. Биз анын мындай боорукерлигине жооп кы-лып:

-Алла Таала жана Анын Элчиси бизге өзүбүздөн да мээрим-дүү! Кана эмесе, ант берели! - дедик.

Ошол учурда аялдар Алла Элчисинин колун кармап ант берүүгө аракет кылышты. Бирок Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

«Мен аял кишилер менен кол алышпайм! Менин жүз аял ки-шиге айткан сөзүм ар бир аял үчүн өз-өзүнчө айтылган болуп эсептелет» - деди» *(Муватта, Биат, 2; Тирмизи, Сияр, 37/1597).*

## Аманаттарды өз ээлерине кайтарып бергиле!

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Меккеге барганда Харам Мечитинин (Каабанын) бир бурчунда отурган эле. Сахабалар да Пайгамбарыбызды тегеректеп отурушкан. Алланын Элчиси азирети Билалды Осмон бин Талхага Кааба-нын ачкычын алып келүү үчүн жөнөтөт. Азирети Билал Осмонго *(Алла ага ыраазы болсун!)* барып:

-Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мени Каабанын ачкычын алып келүү үчүн жиберди - дейт. Осмон:

-Жарайт! - деп апасы Сулафага барат. Ал учурда ачкыч Осмондун апасында эле. Апасына:

- Апакебай! Ачкычты бересизби, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* суратыптыр, ачкычты өзүнө кайтарып беришимди буюруптур – деп ачкычты сурайт.

Сулафа:

- Өз элиндин сыймыгын алып барып, өз колуң менен тапшырышыңан Кудайга баш калкалайм! Ал бул ачкычты силерден алды дегиче экинчи силерге эч качан кайтарып бербейт! - дейт. Бирок азирети Осмон *(Алла ага ыраазы болсун!)* ачкычты апасынан суранып жатып, эптеп алат да, азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи ва саллам)* алып келип:

-Муну Сага Жараткан Алланын аманаты катары берем! - дейт. Ал ачкычтын кайра кайтарылбай калышынан коркуп жаткан эле. *(Вакиди, II, 833; Хайсами, VI, 177)*

Алланын Элчиси Каабаны ачып, ичкери кирип аркасынан эшиктин жабылышын буюрат. Бир топ убакыт Каабада болот. Эки ирекет намаз окуйт *(Вакиди, II, 835; Ибн Саад, II, 137).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Каабадан чыгып, элге кайрылып сөзүн сүйлөп бүткөндөн кийин:

-Осмон кайда? - деп сурайт. Осмон бин Талха өйдө турат. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

إِنَّ اللهَ يَأْمُرُكُمْ أَن تُؤدُّواْ الأَمَانَاتِ إِلَى أَهْلِهَا وَإِذَا حَكَمْتُم بَيْنَ النَّاسِ
أَن تَحْكُمُواْ بِالْعَدْلِ إِنَّ اللهَ نِعِمَّا يَعِظُكُم بِهِ إِنَّ اللهَ كَانَ سَمِيعاً بَصِيراً

**«Албетте, Алла Таала силерди аманаттарды өз ээле-**

**рине тапшырууга жана адамдар арасында өкүм кылганыңарда адилеттүүлүк менен өкүм чыгарууга буюрат. Алла Таала силерге эң туура акыл-насааттарды айтат. Албетте, Алла Таала – Угуучу, Көрүүчү!»** *(Ниса сүрөсү, 58-аят)* - деген аятты окуп:

*-Эй, Абу Талханын урпактары! Алла Тааланын аманатын ар дайым силерде болушу үчүн жана (ар дайым бул аманатка адеп менен) туура мамиле жасаш үчүн алгыла! Аны силерден (силер) заалым болмоюнча эч ким ала албайт! Бүгүн жакшылыктын, убадага бекем туруунун күнү!* - дейт *(Ибн Хишам, IV, 31-32; Вакиди, II, 837-838; Ибн Саад, II, 137).*

Бул окуяда маалымдалгандай, аманаттарды өз ээлерине кайтарып берүү шарият жагынан да, элдин бейпилдиги үчүн да зор мааниге ээ. Анткени аманат өз ээсине кайтарылган чакта үй-бүлөдө болобу, мамлекетте болобу, айтоор, коомдо тынчтык, бейпилдик жана ынтымак-ырашкерлик орнойт. Болбосо, коомдо ар кандай терс көрүнүштөрдүн пайда болоору бештен белгилүү. Тарых барактарына көз чаптырсак, мына ушул үчүн нечелеген империялар жер менен жексен болгонуна күбө болобуз. Себеби мындай империяларда «аманат» - деген түшүнүк жоголуп, адилетсиздик, зордук-зомбулук күч алып, күчтүүлөрдүн гана заманы үстөмдүк кылган.

Алланын Элчиси куттуу хадистеринин биринде аманаттын өтө зор мааниге ээ болгондугу жөнүндө:

*«Аманат өз ээсине берилбей калган учурда кыяматты күтсөң болот!»* *(Бухарий, Илим, 2; Ахмед, II, 361)* - деген.

Андыктан аманаттын өз ээсине кайтарылып берилбеши – кыямат белгилеринин бири экендигин эстен чыгарбоо керек.

Мурунтан сикая (ажыларды замзам суу менен сыйлоо) милдети бар эле. Азирети Аббас күндөрдүн биринде Алланын Эл-

чисинен *(саллаллаху алейхи ва саллам)* эми хижаба[301] милдетин да аркалоону сурайт. Азирети Пайгамбарыбыз абасына:

*-Мен сизге элден келген Байтуллага жөнөтө турган кездеме сыяктуу нерселер менен күн өткөрө турган озуйпаны эмес, ажылардын суу муктаждыктарын өз чөнтөгүңүздөн камсыз кылып, жакшылыкка себепкер боло турган оор озуйпаны берем!* - деп, ажыларды суу менен сыйлоо милдетин уланта беришин айтат.

Таиф жергесинде азирети Аббастын *(Алла ага ыраазы болсун!)* жүзүм багы бар эле. Ал Исламдан мурун да, кийин да ал жерден мейиз алып келип, замзам сууга кошуп ажыларды сыйлай турган. Азирети Аббастын одүйнө салышынан кийин бул ишти анын балдары, неберелери эч талыкпастан аткарышкан *(Ибн Хишам, IV, 32; Ибн Саад, II, 137; Вакиди, II, 838).*

* * *

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жеңиштин экинчи күнү бешим намазынан кийин элдин арасынан өйдө туруп, Жараткан Алла Таалага шүгүр келтирип алкыш айткан сон:

*«Эй, адамдар! Шек-күмөнсүз, Алла Таала асман менен жерди, ай менен күндү жараткан күнү Меккени да харам (ыйык) жана кол тийгис кылган! Ал кыямат күнүнө чейин харам (ыйык), кол тийгис бойдон кала бермекчи! Алла Таала пил кошуунуна Меккеге кирүүгө жол бербей, ал эми Элчисинин жана мусулмандардын Меккеге кирүүсүнө жол ачып берди. Мекке (шаарын каратып алуу) менден кийин эч кимге адал болбойт. Меккеде жаныбарларды үркүтүп тынчын алууга, ал тургай тикенекти жулууга да болбойт. Жоголгон нерсени таап алган адам ээсин издештирип таап жоготкон нерсесин кайтарып*

301. Хижаба - Каабаны ачып жабуу жана анын ачкычын сактоо милдети.

*бериши керек. Ал адам ээсин издештиргендиги үчүн акысын алуусу зарыл. Акысынан ашыкча алуу ага адал эмес. Кимдир-бирөөнүн жакыны өлтүрүлсө, эки нерсенин кайсынысы жакшы болсо, ошонусун тандоого укугу бар: же кун, же болбосо кысас (канга кан)»*

Анда Азирети Аббас *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-Изхир (чөбүнүн жулунушунан) тышкары болсун![302] Анткени биз кабырларыбыз жана үйлөрүбүз үчүн изхир чөбүн (көп) колдонобуз - дейт.

Азирети Пайгамбарыбыз:

*-Изхирден тышкары (кандай гана чөп болбосун, анын жулунушуна жол жок)!* - деп буюрат. *(Бухарий, Луката, 7; Магази, 53; Ахмед, IV, 31-32; II, 238)*

* * *

Мекке колго алынган күнү болгон төмөндөгү окуя сахабалардын жан дүйнөлөрүнүн кендигин, алардын улуулугун айдан ачык айгинелеп турат:

Алланын Элчиси Харам Мечитинде (Каабада) отурган эле. Азирети Абу Бакир атасы Абу Кухафаны Пайгамбарыбызга

302. Изхир - Мекке Мукаррама аймагында өскөн жазы жалбырактуу, жыты адамга жагымдуу өсүмдүктүн түрү. Изхир үйгө, кабырга жагымдуу жыт чыгарып турuусу үчүн колдонулат. Ошондой эле аны малга тоют катары да берсе болот. Ислам укукчулары, харам аймагында (ыйык аймакта) кыйууга тыйуу салынган дарактарга «өзүнөн-өзү өнүп-өсүп чыккан бак-дарактар» - кирет деп эсептешет. Ал эми адамдын эмгеги менен өскөн бак-дарактар жөнүндө Ислам укукчуларынын арасында бир чечим жок. Ошентсе да, көпчүлүктүн пикиринде адамдын мээнети менен өскөн дарактарды кыйууга болот. Ошондой эле мисвак дарагын кыйууга, даракка зыян бербөө шарты менен жалбырагын жана мөмөсүн үзүп алууга жол ачык болгондугу айтылган. (Ibrahim Canan, Hadis Ansiklopedisi, XII, 525-526)

Ал эми Медина харам аймагындагы өсүп жаткан дарактардын же өсүмдүктөрдүн зарылчылык маалда колдонулушуна уруксат берилген. Медина жер иштетүүгө ылайыктуу аймак болгондуктан сахабалар азирети Пайгамбарыбыздан бул жаатта уруксат сурашкан. Пайгамбарыбыз аларга бул жерде Мекке харам аймагындагы кээ бир өсүмдүктөрдүн зарылчылык болгон кезде колдонууларына уруксат берген. Ошондуктан Меккеге салыштырмалуу Мединада уруксат кененирээк болгон (Hamdi Dönd ren, Şamil İslam Ansiklopedisi, 'Haram' md.).

алып келет. Алланын Элчиси бир топ улгайып калган Абу Кухафаны көрүп, боору ооруп:

*-Эй, Абу Бакир! Улгайган атаңы бул жерге чейин алып келип, кыйнабай эле койсоң болмок. Анын алдына мен өзүм барсам болмок!* - дейт.

Азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун!)* :

-О, Алланын Элчиси! Анын Сага келгени Сенин ага барышыңдан алда канча артык! - дейт.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Абу Кухафаны маңдайына отургузуп, куттуу колун көкүрөгүнө коюп:

*-Абу Кухафа! Мусулман бол, бакытка жетесиң!* - дейт. Ошентип азирети Абу Бакирдин атасы мусулман болуп, чын ыкластан келме келтирет. *(Ибн Саад, V, 451)*

Азирети Абу Кухафа *(Алла ага ыраазы болсун!)* ант берүү үчүн бүткүл ааламдын сыймыгы болгон азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* куттуу колуна кол сунуп жаткан кезде азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун!)* өзүн кармай албай, жашып ыйлап кирет. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* таң калып, эмне себептен ыйлап жатканын сурайт. Анда азирети Абу Бакир үнү дирилдеп:

-О, Алланын Элчиси! Сага ант берүү үчүн сунулган мына бул кол менин атамдын эмес, Сенин абаң Абу Талибдин колу болсо, кана! Алла Таала менин ордума Сени сүйүндүргөндө, билбейм, кандай гана кубанычка бөлөнөөр элем?! Анткени Сен аны аябай жакшы көрөөр элең! – деген эле *(Хайсами, IV, 174).*

Мына, бүткүл ааламдын сыймыгы болгон Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* болгон аруу сүйүү! Мына, Алланын Элчисине болгон таазим, урмат-сый! Мына, Пайгамбарыбыздын куттуу сүннөт жолу менен жашоонун улуулугу! Жеке

адам баласын гана эмес, ал тургай периштелерди да суктандырган бул көрүнүш адамзат тарыхында канча жолу жүзөгө ашты болду экен?!

## Теңдешсиз оопа

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* улуу жеңиштен кийин Мекке шаарында он беш күн турат. Бул учурда ансарлардан айрым сахабалар Алланын Элчисин «мындан кийин Мединага барбай калды го» - деп ойлогон эле. Анткени Алла Таала Ага киндик каны тамган куттуу ыйык жерин кайра өз колуна өткөрүп берген эле. Сафа дөнсөсүндө дуба кылып жаткан Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ансар сахабаларынын бул тынчсызданууларын сезет. Дуба кылып болгон соң ансарларга келип:

-Эмне жөнүндө сүйлөшүп жатасыңар? - деп сурайт.

Ансарлар жүрөктөрүн өйүп жаткан маселесин айтышат. Анда азирети Пайгамбарыбыз оопалуулуктун теңдешсиз үлгүсүн көрсөтүп, мындай дейт:

*-Эй, ансарлар! Мындай кадамга баруудан Жараткан Аллага баш калкалайм! Мен силердин жериңерге көчүп бардым. Менин жашоом - силердин жашооңор! Мен көз жумганга чейин силердин жаныңардан чыкпаймын!*

Ошентип, жүрөктөрү өйүп турган ансарлар кубанычтары койнуна батпай аябай сүйүнүшөт. *(Муслим, Жихад, 84, 86; Ахмед, II, 538).*

* * *

Алланын Элчиси Мекке колго алынгандан кийин Алла Таалага шүгүр келтирип:

سُبْحَانَ اللهِ وَبِحَمْدِهِ أَسْتَغْفِرُ اللهَ وَأَتُوبُ إِلَيْهِ

*«Субхааналлахи вабихамдихи, астагфируллааха ва атуубу илайхи»*

*«Мен Жараткан Алла Тааланы затына, сыпаттарына, ысымдарына жана улуктугуна жарашпаган кемчиликтердин баарынан алыс тутам! Ага алкыш айтып, шүгүр келтирем. Жараткан Алладан мени кечирүүсүн тилеп, күнөөлөрүмө тооба кылып (өкүнүп) жалынып-жалбарам»* - деген зикирди намаздарында, айрыкча рукуда жана саждада турганда көп-көп айта баштаган эле. Азирети Аиша Пайгамбарыбыздан мунун себебин кызыгып сураган кезде азирети Пайгамбарыбыз:

*«Алла Таала мага үммөтүмдөн бир белги көрөөрүмдү, белгини көргөнүмдө бул зикирди көп-көп айтышымды буюрган эле. Мына мен (азыр) ошол белгини көрүп турам»* - деп жооп берген эле *(Муслим, Солаат, 220).*

Наср сүрөсүндө Пайгамбарыбызга Алла Тааланын жардамы келип, жеңиш ыроолонгондо элдин топ-топ болуп келип Исламга киргенин көргөндө тасбих айтууну (Жаратканды даңазалап, улуктоону)  жана көп-көп кечирим тилөө керектиги буюрулган  эле.

Наср сүрөсүндөгү «наср» (жардам) - деген сөз бүтүндөй араптарга үстөмдүк кылуу, ал эми «фатх» (жеңиш, колго алуу) - деген сөз Мекке шаарын колго алуу – деген маанини түшүндүрөт. Азирети Ибн Аббас *(Алла ага ыраазы болсун!)*  «Фатх» сөзүнүн «ачуу, ачылыш» - деген мааниси боюнча, Мекkенин колго алынышын «Фатхул-футуух» (т.а., ачылыштардын ачылышы) - деп атаган. Анткени бул жердеги «фатх» бутпарастардын колундагы ыйык шаарды каратып алуу - деген маани менен бирге «Масжидул-Харамдын (Каабанын) көзөмөлгө алынышы» - дегенди да туюнтат. Ошондой эле бул сөз жакырланып кеткен жан дүйнө-

лөр ыйман нуру менен көлкүп Алла Тааланын аруу динине кадам таштап, бакыттын туу чокусуна жеткенин, Ислам каалгасынын бүтүндөй адамзатына ачылышын да түшүндүрөт. Тактап айтканда, азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ал күнү Мекке шаарын колго алуу менен бирге жан дүйнөлөргө кирип, элдин жүрөгүнөн түнөк табууга жетишкен. Мына ошондуктан Мекке жеңиши «Исламдын келечектеги албан-албан ийгиликтеринин башаты» - деп кабыл алынган. Бүтүндөй Арапстанга, ал жерден жер жүзүнө жайылган Ислам дини жетишкен ийгиликтердин баары мына ошол Кааба каалгасынын ачылышы менен башталган. Анткени элдин баары Исламга кирүү үчүн Мекkeнин колго алынышын чыдамсыздык менен күтүп:

«Аны өз эли менен өз жайына койгула! Эгер ал аларга (Курайш уруусуна) үстөмдүк кыла алса, Ал чыныгы Пайгамбар!» - деп жатышкан эле *(Бухарий, Магази, 53).*

Хасан Басринин айтымы боюнча, Алланын Элчиси Меккени колго алганда араптар:

«Алла Таала Меккеликтерди Пил кошуунунан Өзү коргогон эле. Мухаммад (алейхис-солаату вас-салаам) болсо, Меккеликтерге үстөмдүк кылды. Демек, биздин кошуундарыбыз Ага каршы туруштук бере албайт» - дешип топ-топ болуп келип, өздөрүнүн эрки менен Алланын динине кадам таштап жатышты» *(Элмалылы, IX, 6236-6238).*

## **Хунайн казаты** (11-шавваль 8-жыл/ 1-февраль, 630-жыл)

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Мекке колго алынгандан кийин Каабадагы айкелдерди талкалоо менен гана чектелбей кыйырдагы жансыз таштардын да күлүн асманга сапыруу үчүн өзүнчө кол топтоп жөнөткөн эле. Ал муну менен

тавхид ишеними (т.а., Алла Тааланы кудурети жагынан болсун, улуулугу жагынан болсун, айтоор, ар тараптан теңдешсиз, жападан жалгыз деп билүүгө үйрөткөн ишеним) үчүн улуу согушту баштап жаткан эле.[303] Бирок Хунайн аймагында жашаган Хавазин уруусу менен Таиф жергесиндеги Сакиф уруусу муну кабыл ала албай, мусулмандарга каршы чабуул коюу үчүн бир чечимге келишет. Ошентип, бул максаттарына жетүү үчүн эки уруу биригип кошуун курашат. Согушка өлүмдөн кийин ала кетчүдөй мал-мүлкүнүн баарын өздөрү менен кошо ала чыгышат.[304]

Алардын бул аракетинен кабар алган Алланын Элчиси кошуунуна Меккеден эки миң кишилик колду кошуп жолго чыгат. Бул жолку Ислам кошуунунда нечелеген жылдар бою бутпарастардын туусу алдында мусулмандарга каршы согушуп, зыян келтирген Абу Суфян да бар эле. Азыр ал Ислам үчүн салгылашканы бараткан эле. Бул согушка Меккелик сексенге жакын бутпарас да кошуунга кошулган эле.[305]

Ислам кошууну ар тараптан мыкты даярдык көргөн эле. Бир башкача толкун менен Хунайн тарапты көздөй агып бараткан

303. Вакиди, II, 873. Халид бин Валид (Алла ага ыраазы болсун!) Узза аттуу айкелди жыгып Меккеге кайтканда Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) аны 350 кишилик колдун башчысы кылып дайындап, Жараткан Алланын динине чакыруу максатында Жазима уруусуна жөнөттү. Азирети Халид бул жүрүштө бир катачылыктын натыйжасында отуз адамды өлтүрдү. Кабар Пайгамбарыбызга жетип, аны катуу кайгыга салды. Жаратканга алакан жая эки ирет:

«Оо, Жараткан Алла! Халид кылган нерседен алыс болгондугумду Сага билдирем!» деп Аллага баш калкалады. Азирети Алиге чоң өлчөмдө акча берип, Жазима уруусуна жөнөтүп, өлтүрүлгөн адамдардын кунун төлөттүрдү. Азирети Али олжого алынган мүлктөрдүн баарын, жарактан чыгып калган буюм-тайымдарын, алтургай талкаланган иттин идишинен өйдө төлөп берди. Артып калган акчаны мусулмандар тарабынан келтирилген билип-билбей калган ыктымал залакалар үчүн Жазима уруусуна таштады. Азирети Али артка кайтып Пайгамбарыбызга кылган ишин айтып берди. Алланын Элчиси:

-Эң туура кадам таштапсың, азамат! - деп Азирети Алини алкады. (Бухарий, Магази, 58, Ахкам, 35; Насаи, Адабул-Кудат, 16; Ибн Хишам, IV, 53-57; Вакиди, II, 875-884) Бул окуя Алланын Элчиси мухит сымал чалкыган мээримдүүлүккө, ырайымдуулукка ээ болгондугун көрсөтүп турат. Жарактан чыгып калган иттин идишине чейин кайтарылып берилиши биз үчүн баа жеткис өрнөк.

304. Ибн Хишам, IV, 65; Ибн Саад, II, 150

305. Ибн Хишам, IV, 68; Вакиди, II, 890

эле. Элдин баары бүгүнкү күнгө чейин мындай даярдыгы мыкты чоң кошуунду Арапстандан көрбөгөнүн айтып жатышкан эле. Ушунун өзү кутман сахабалардын демине дем кошуп, бир саамга болсо да өздөрүнө ишенип бой көтөрүүлөрүнө себеп болот.

«Мындай кошуун эч качан жеңилбейт!» - деп душман тарапты төмөн көрө башташат. Мына ушул көз ачып жумганчалык текеберлик мусулмандардын Алланын сыноосуна туш болуусуна себепкер болот.

Ислам кошуунунун алдыда бараткан жоокерлери Хунайнга кирген тар жолдо жайбаракат өздөрүнө ишенип, эч нерседен кабары жок жылып баратышкан эле. Таңга маал эле. Ошол учурда күтүүсүздөн душмандардын катуу соккусуна дуушар болушат. Мусулмандар элендеп баш-аягын таппай калат. Жебелер жамгырдай жаап кирет. Ислам кошууну ыдырай баштайт. Артта келаткан мусулмандар да артка чегинет. Душмандар аларды туткунга түшүрүү үчүн артынан түшөт.

Мындай дүрбөлөңдө ордунан жылбай, душманды көздөй чабуул койгон, минген төөсүн алдыны көздөй жылоолоп душманды жиреп кирген жалгыз киши Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* болгон эле. Бул күнү Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* теңдешсиз баатырдыктын, тайманбастыктын жана эр жүрөктүктүн мыкты үлгүсүн көрсөтөт. Абасы азирети Аббас жана Абу Суфян бин Харис (Алла аларга ыраазы болсун!) Анын кутман жанын сактап калуу үчүн минип турган төөсүнүн тизгинин бекем тутуп, дагы алдыны көздөй жиреп киришинетоскоолболушат.[306]

Ислам кошуунунда баш аламандык дале да болсо басыла элек эле. Айрым адамдар:

«Бүгүн Ислам жыгылды!»

306. Муслим, Жихад, 76.

«Бул баш аламандыктын аркасы денизге чейин тынчыбайт!» - деп кымкуут түшүп, үмүтүн үзүп коюшкан эле. Меккелик мусулмандардын арасынан:

«Алланын Элчиси көз жумду. Араптар мурунку диндерине кайтышат» - деген үндөр келет.

Ал эми Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бул учурда душмандар менен салгылашып жаткан эле. Жараткан Аллага тобокел кылып, моюн сунуп сахабаларына кайрылып:

*-Эй, ансарлар! Эй, мухажирлер! Эй, Алланын пенделери! Бул жакка келгиле! Мен Алланын кулу жана пайгамбарымын!...* - деп үн салат.

Андан соң үнү бийик абасы Аббаска *(Алла ага ыраазы болсун!)* Ислам кошуунун бийик үн менен өзү турган жерге чакырышын буюрат. Азирети Аббас бийик үнү менен:

-Эй, Акабада ант бергендер! Эй, Ридван дарагынын алдында сөз бергендер! (Келгиле!) Алланын Элчиси бул жерде!..» - деп кыйкырат.

Бул чакырыкты уккан сахабалар: «ляббайк, ляббайк» (Буйругуңа дайым даярбыз!) - дешип, Алла Элчисин көздөй жүгүрүшөт. Ошентип, шамал учуруп кеткен көпөлөктөрдүн жан далбас уруп олтуруп, кайрадан жарыктын айланасына топтолушу сыяктуу бүткүл ааламдын Нуру Пайгамбарыбыздын айланасына бир заматта топтолгон мусулмандар жүрөктү өйүгөн баягы түйшөлүүдөн арылышат. Алла Таала ырайым кылып, акырындык менен мусулмандар кайра биригип, Ислам кошууну кайрадан куралат. Андан соң Алланын Элчиси Жаратканга алакан жайып:

«Оо, Жараткан! Мага жеңиш тууралуу берген убадаңды аткара көр!» - деп жалбарат.

Бадр казатындагыдай жерден бир ууч топурак алып, душман тарапка чачат да, кутман сахабаларына:

-Кана эмесе, бүт күчүңөр менен чын ыкластан чабуулга өткүлө! - деп үн салат *(Муслим, Жихад, 76-81; Ахмед, III, 157, V, 286; Ибн Хишам, IV, 72; Вакиди, III, 897-899).*

Бул жолкусунда Ислам кошууну согуш майданына эми киргендей бутпарастарга катуу сокку урат. Мына ушундай дымактуу аракетинин натыйжасында кыска убакыттын ичинде душмандарды тизе бүктүрүп, согуш майданынан сүрүп чыгарышат. Душмандар кыргынга учурап, согуш майданына ала келген мүлктөрүнүн баарын таштап качышат. Бул казатта мусулман тараптан төрт киши шейит кетет. Ал эми душмандардан жетимиш киши набыт болот. Мусулмандар олжологон мал-мүлктүн эсеби жокэле.[307]

Бул жеңиш Улуу Жараткан Алла Таала тарабынан мусулмандарга ыроолонгон чоң белек эле. Анткени алар согуштун башында жеңилип, алсырап калган маалда, азирети Пайгамбарыбыздын тайманбастыгы, эр жүрөктүгү жана жан дилинен Жаратканга жалбаруусу менен жеңишке жетишкен эле. Алла Таала бул жөнүндө Куран аяттарында мындай дейт:

لَقَدْ نَصَرَكُمُ اللّهُ فِي مَوَاطِنَ كَثِيرَةٍ وَيَوْمَ حُنَيْنٍ إِذْ أَعْجَبَتْكُمْ كَثْرَتُكُمْ فَلَمْ تُغْنِ عَنكُمْ شَيْئاً وَضَاقَتْ عَلَيْكُمُ الأَرْضُ بِمَا رَحُبَتْ ثُمَّ وَلَّيْتُم مُّدْبِرِينَ ثُمَّ أَنزَلَ اللّهُ سَكِينَتَهُ عَلَى رَسُولِهِ وَعَلَى الْمُؤْمِنِينَ وَأَنزَلَ جُنُوداً لَّمْ تَرَوْهَا وَعذَّبَ الَّذِينَ كَفَرُواْ وَذَلِكَ جَزَاء الْكَافِرِينَ

**«Алла Таала силерди көп жерлерде жеңишке жеткирди. Хунайн (Мекке менен Таифтин ортосунда жайгашкан чөлкөм) күнүн (эстегиле!) Ошондо силерди көптүгүңөр (силерге дем берип) алдап койгон эле. А бирок**

307. Ибн Хишам, IV, 79.

**ал (саныңардын көптүгү) силерге түк пайда бербеди жана кең дүйнө силерге тар болуп калды. Кийин (душмандардан качып) артка чегиндиңер! Андан соң Алла Таала пайгамбарына жана момундарга Өзү бейпилдик түшүрдү. Ошондой эле силер көрбөгөн аскерлерин (периштелерин) жөнөтүп, каапырларды азапка дуушар кылды. Каапырлардын жазасы мына ушундай болот!»** *(Тооба сүрөсү, 25-26-аяттар)*

Хунайн казаты болгон күнү бутпарастардан ыйманга келгендер ошондогу Алла Тааланын мусулмандарга болгон жардамын айтып, ушул убакка чейин эч көрбөгөн бир башкача заттардын согушта жүргөнүн өз көздөрү менен көрүп, абдан таң калгандарынайтышкан.[308]

Кыргынга учураган Хавазин кошуунунун бир бөлүгү Таифке, бир бөлүгү Нахлага жол тарткан эле. Ал эми үчүнчү бөлүгү болсо, «Автас» - деген жерге тыным жасап, кайрадан күч топтой баштаган эле.

Хунайн казатында жеңишке жеткен Алланын Элчиси мусулмандарга качкан душмандардын аркасынан түшүүлөрүн жана колго түшкөн туткундарды, олжолорду «Жирана» - деген жерге алып барышын буюрат. Ошентип, азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жүрүштү акырына чыгаруу үчүн Абу Муса ал-Ашаринин абасы азирети Абу Амирди кол алдындагы тайпа менен Автас чөлкөмүнө жөнөтүп, өзү Ислам кошууну менен бирге Таифти көздөй жолго чыгат.

308. Ахмед, V, 286; Хайсами, VI, 182-183; Ибн Хишам, IV, 79.

## **Автас жүрүшү** (Шаввал, 8-жыл/ Февраль, 630-жыл)

Бул жүрүштө Ислам кошуунунун кол башчысы азирети Амир шейит кетет. Душмандардын да кол башчысы набыт болот.

Катуу жарат алган азирети Абу Амир иниси азирети Абу Мусага:

-Эй, бир боорум! Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* менден салам айтып кой! Мага Жараткан Алладан кечирим тилесин! - дейт.

Абасынын одүйнө салышы менен азирети Абу Муса *(Алла ага ыраазы болсун!)* кошуундун башын бириктирип, душмандарга катуу сокку уруп Автас аймагында жеңиштин туусун желбиретет. Артка кайтып Алланын Элчисине абасынын шейит кеткенин, анын көз жумаар алдында айткан осуятын айтат. Бүткүл ааламдын сыймыгы болгон азирети Пайгамбарыбыз дароо даарат алып, алакан жайып:

*«Оо, Жараткан Алла! Кулуң Абу Амирди кечире көр! Аны кыямат күнү мына бул жараткан кулдарыңдын көбүнөн жогору даражага кой!»* - деп дуба кылат. Азирети Абу Муса да өзү үчүн дуба кылышын суранат. Пайгамбарыбыз ага да Жараткандан жакшылык тилеп, дуба кылат (Бухарий, Магази, 55).

## **Таифтин курчоого алынышы** (Шаввал, 8-жыл/ Февраль, 630-жыл)

Хижаз аймагынын «бул дүйнөдөгү бейиш» - деп аталган шаары Таиф дөңсөө жерден орун алган эле. Таиф шаарын тегерете курулган өтө бекем чеп бар эле. Ошондуктан Алла Элчисинин Таифти курчоого алышы бир топ кыйынчылыктарды туудурат.

Бул курчоо бир убактарда Алла Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* келтирилген зомбулуктун өчү эмес, Хунайн казатынын уландысы эле. Анткени Хунайндан качкандар жаш аскер башчы Малик бин Авф баш болуп Таиф чебине баш калкалаган эле. Алар ошентип Сакиф уруусу менен бирге коргонуу согушуна даярданышкан болучу.

Курчоодо бир топ согуш ыкмалары жүзөгө ашырылып, жаңы согуш ыкмасы колдонулат. Ошентсе да, Таиф өтө бекем чеп менен курчалгандыктан удаама-удаа келген чабуулдарга ишенимдүү түрдө туруштук берет. Душмандарды чептен чыгарууга мүмкүнчүлүк болбой калат. Ал тургай азирети Халид бин Валид алардан кармашуу үчүн эрөөлгө баатырларын чакырганда алар:

-Арабызда сага тең келе турган эч ким жок! - деп жооп кайтарып, бир да адамын сыртка чыгарышпайт. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*-Душмандар түлкүгө окшоп ийинине кирип кетти. Эми аларды өз жайына койсок, алардан зыян келбейт!* - дейт. Пайгамбарыбыз Меккеликтер сыяктуу эле Таифтиктердин да ыйманга келип түбөлүк бакытка жетишин жан дилден каалап жаткан эле. Ошентип, курчоо токтотулат.

Сахабалар Алла Элчисинен Таиф курчоосунда мусулмандарга катуу зыяны тийген Сакиф уруусуна каргыш дуба кылышын сураныышат. Анда Ырайымдуулуктун Пайгамбары алардын туура жолго келүүлөрү үчүн:

*«Оо, Жаратkан! Сакифти туура жолго сала көр! Аларды бизге жибере көр!...»* - деп Жаратканга жалбарып дуба кылат да, ал жерден кайра артты көздөй жол тартат. Ошентип, ушул дубанын берекеси менен кыска убакыттын ичинде Сакиф уруусу мусулман болуу үчүн Алланын Элчисине келишет. *(Ибн Хишам, IV, 134; Тирмизи, Манакиб, 73/3942).*

Хижраттан мурда азирети Пайгамбарыбызды таш баранга алып, канга боёгон элге ошол учурда да  наалат айтпай, кийин алардын туура жолго келүүлөрү үчүн жан дилден берилип, Жаратканга алакан жайган эле. Таифтиктер бул курчоодон бир жылдан кийин Пайгамбарыбызга келип, мусулман болушканда кубанычы койнуна батпай, абдан сүйүнгөн эле.

Бул курчоонун эң маанилүү оң натыйжаларынан бири, бутпарастардын кулдары өз кожоюндарынан качып, Исламга кирип туура жолго түшүшү болгон.[309]

Азирети Абу Зура *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Пайгамбарлар Султаны болгон Алланын Элчиси Таиф сапарында «Карны Маназил» - деген аймактан жолго аттанар алдында төөсү Касваны токудум. Касванын чылбырын кармап турдум, Пайгамбарыбыз мингенден кийин чылбырын өзүнө берип, аркасына учкаштым. Алланын Элчиси төөсүнө камчы салып, бастырып баратты. Төөсүнө камчы салган сайын, колу мага да тийип жатты. Анан мени карап:

- Сага да тийип жатабы? - деп сурады.

- Ооба! Ата-энем сага садага болсун, (о, Алланын Элчиси)! - дедим.

Жиранага барганда бир адам корукта кой-эчкилерди кайтарып отуруптур. Булар олжого алынган кой-эчкилер эле. Пайгамбарыбыз баягы адамга бул мал-жандыктар тууралуу сурады. Тиги адам Пайгамбарыбыздын суроолоруна жооп берди. Андан соң Алланын Элчиси :

-*Абу Зура кайда?* - деп үн салды.

-Мен бул жердемин! - дедим.

309. Бухарий, Магази, 56

-Мына бул малдар сеники, ал! Булар кечеки сага тийген камчынын акысы! - деди. Санаганымда жүз жыйырма баш мал чыкты. Мен өмүрүмдө эң көп ээ болуп, пайдаланган мал-жандыктарым мына ушулар болду» *(Вакиди, III, 939)*

Бул окуяда Пайгамбарыбыздын адамдын акысына өтө кылдат маани берип, бүтүндөй адамзатына үлгү болгону айдан ачык көрүнүп турат.

## Олжолордун бөлүнүшү

Таиф курчоосуна чекит койгон Алланын Элчиси Ислам кошууну менен бирге Жиранага келет. Анткени Пайгамбарыбыз Хунайн казатынан алынган олжолорду, туткундарды атайын бир тайпага дайындап, ушул Жиранага жиберген эле. Бул учурда азирети Абу Муса ал-Ашари да Автас согушунда ийгиликке жетип, жеңиштин желегин желбиретип Жиранага кирип келген эле. Ислам кошууну душмандарын баш көтөргүс кылып, тизе бүктүргөн эле. Эми кезек олжолорду бөлүштүрүүгө келген эле. Бул курчоодон жыйырма төрт миң баш төө, кырк миң кой-эчки, төрт миң укиййа күмүш олжо жана алты миң киши туткунга түшкөнэле.[310]

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* олжону бөлүштүрүүдөн оболу мындай дейт:

*«Кимде олжого тиешелүү мал-мүлк, жадагалса ийнеден жипке чейин эмне бар болсо, баарысын кайтарып берсин! Эсинерге түйүп койгула, олжого кыянаттык кылган адам кыяматта тозокко түшөт!»* *(Муватта, Жихад, 22; Ахмед, V, 316).*

Бул учурда азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* туткундардын арасында өзүнүн эмчектеш бир тууганы

310. Ибн Саад, II, 152

Шайманын да болгонун угат. Алланын Элчиси ошол замат аны жанына чакыртат. Шайма келээри менен үстүндөгү чепкенин жерге жая салып, Шайманы отургузат. Бирге өсүп-чоңойгон эмчектеш бир тууганын жылуу кабыл алып:

-Кош келипсиң! – деп тозуп алат. Бала чагын, баштарынан бирге өткөргөн күндөрүн эстешип, баарлашып отурат. Алланын Элчиси көзүнөн жашы айланып, жашып кетет. Ата-энесин сурайт. Шайма алардын эбак көз жумганын айтат. Алланын Элчиси калган бир туугандары жөнүндө да кабар алат. Анан:

*-Кааласаң, урмат-сыйга бөлөнүп менин жанымда эле бол! Кааласаң, сага мал-мүлк берип, өз элиңе жөнөтөйүн? Мен сага муну да кылып берем* - дейт. Шайма:

-Сен мага мал-мүлкүңдү бөлүп бер. Мен өз элиме барайын - дейт. Андан соң мусулман болот. Алланын Элчиси азирети Шаймага бир канча төө жана кой-эчки берет. Мындан сырткары ага дагы бир кул, бир күң берет. Азирети Шайма бул экөөнү кийин баш коштуруп үйлөндүргөн эле. *(Ибн Хишам, IV, 91-92; Вакиди, III, 913).*

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* олжолордун бөлүнүшүн бир канча убакытка создуктурат. Мунун купуя сырын түшүнө албаган айрым ыйманы тайызыраак адамдар (бедуин араптар) арыздарын айта башташат. Алар өздөрүнүн үлүшүн бөлүп берүүсүн талап кылышат. Бул учурда алар Алланын Элчиси менен бирге келатышкан эле. Пайгамбарыбызды Самура багынын алдына келгенде токтотушат. Чепкени даракка илинип калат. Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*-Чепкенимди мага бергиле! Эгер мына бул көрүп турган дарактардын көптүгүндөй малым болгондо, бардыгын силерге бөлүштүрүп берээр элем. Силер ошондо менин жалганчы, коркок жана сараң эместигимди көрөөр элеңер!* - дейт *(Бухарий, Жихад, 24).*

Алланын Элчиси олжону бөлүштүрүп жатканда жабалактап, жүдөтүп жиберишет. Акырында (мурун жашап өткөн бир пайгамбардан кеп салып):

*«Алла Таала сүйүктүү пенделеринен бир пендесин өз коомуна (пайгамбар катары) жөнөткөн эле. Коому аны сабап, башын жарып, канга боегон эле. Ал пенде маңдайынан сызылып агып түшкөн канды колу менен аарчып жатып:*

*«Оо, Жараткан! Эл-журтумду кечире көр! Анткени алар эмне кылып жаткандарын өздөрү да билишпейт» - деп Жаратканга алакан жая дуба кылган эле»* дейт *(Ахмед, I, 456; Муслим, Жихад, 105).*

Азирети Пайгамбарыбыздын олжону бөлүштүрүү ишин создуктурушунун сыры Жиранага баргандан он күндөн кийин ачыкка чыгат. Жеңилүүгө дуушар болгон Хавазин уруусунан бир тайпа Алла Элчисине келип, мусулман болгондугун айтып, келме келтирген эле. Ошондуктан колго түшкөн туткундарды жана алардын мал-мүлктөрүн кайтарып берүүсүн өтүнүшкөн эле. Бул учурда Саад уулдарынан бири өйдө туруп:

-О, Алланын Элчиси! Мына бул көлөкөдө тургандар Сенин эмчектеш эжелериң, таежелериң жана Сага сүт эмизип, Сени багып, караган аялдар! Эгер биз Шам же Ирак падышасын эмизип, дал ушундай абалга туш болуп, андан жакшылык кылышын сураганыбызда, бизге терс жооп айтмак эмес. Ал эми Сен сүт эненин сүтүн ээмп, чоңойгондордун эң ардактуусусуң! - дейт.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мындай дейт:

-Мен олжону бөлүштүрүү ишин бүгүнкү күнгө чейин күттүрдүм. Бирок силер көпкө кечигип калдыңар! Азыр эми же туткундарды, же мал-мүлкүңөрдү, т.а., экөөнүн бирөөсүн тандагыла!..

Ошентип, Хавазинден келген тайпа туткундарды тандап алышат. Алланын Элчиси:

*-Мен силерге мага жана Абдулмутталиб уулдарынын үлүшүнө түшкөн туткундарды кайтарып берип жатам. Калгандары үчүн эртең бешим намазынан кийин келгиле!* - дейт.

Эртеси күнү Алланын Элчиси сахабаларын топтоп, аларга жагдайды түшүндүрөт. Өзүнүн үлүшүнө түшкөн туткундарды кое бергенин айтып:

*-Кимде-ким туткундарын жан дилден ыраазы болуп, акысыз эркиндикке чыгарып дин боордошторун кубантууга куштар болсо, аларды бошотсун! Кимде-ким өз үлүшүнө түшкөн туткундарды акысыз кое берүүнү каалабаса, анда алардын акысын Алла Таала насип кыла турган алгачкы олжодон төлөп беребиз. Каалагандар ушундай кылсын!* – дейт.

Алла Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* туткундар сахабалардын олжосу болгондугу үчүн бул маселе боюнча кутман сахабалары менен кеңешкен.

Азирети Пайгамбарыбыз өзү туткундарын кое берип, сахабаларга да ушуну сунуштаганы үчүн бардык сахабалар ошондой береке-сооптон насип алуу үчүн өз каалоолору менен:

-Биз да туткундарыбызды Алланын Пайгамбарына арнадык! - дешет *(Бухарий, Магази, 54; Ибн Хишам, IV, 134-135).*

Ошентип, ал күнү Хавазинге согушта колго түшкөн миңдеген туткундар эч кандай акы (кун) талап кылынбастан бош кое берилет. Адамзат тарыхы буга чейин эч качан мындай кечиримге күбө болгон эмес эле. Эми гана күбө болуп, Алла Элчисинин адамдык бийик сапатынан улам бир саамда алты миң туткун эркиндикке чыккан эле.

Бул окуя ошол эле учурда сүт акынын канчалык мааниге ээ экендигин да айдан ачык көрсөтүп турат. Бул заалым коомго эң сонун сабак. Оопалуулук көбүнесе китептерде сөз бойдон гана калат.

Мындай тендешсиз адамгерчиликтин аркасы менен Хавазин уруусунун баары Исламды кабыл кылышат. Ал тургай ал учурда Таифтеги уруунун башчысы Малик бин Авф да жагдайдан кабар алып абдан таң калат. Алла Элчисинин эки ооз чакырыгы менен ал дагы Исламды кабыл алуу бактысына туш болот. Азирети Пайгамбарыбыз ага жүз төө белекке берип, аны кайра өз уруусуна башчы кылып дайындайт.[311]

Бул жерден алына турган сабак, элди Исламга чакыруунун эң сонун жолу – бул, адамдык бийик сапат жана акыл-парасат менен адамга адамча жасалган жылуу мамиле. Болбосо, акылэссиз кадам шилтөөнүн арты зыян гана алып келет.

* * *

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* олжону адилет бөлүштүргөн эле. Олжо бешке бөлүнүп, төртү аскерлерге берилип, бир бөлүгү казынага бөлүнгөн эле. Казынага бөлүнгөн олжону Алланын Элчиси өзү тейлер эле. Пайгамбарыбыз олжолорду бөлүштүрүүдөн мурун алдындагы төөдөн бир түк алып сахабаларына кайрылып:

*«Силердин олжоңорго бир төө мындай турсун, мына бул түкчөлүк дагы тиешем жок… Эмнеге сабыр кылбай жатасыңар? Олжо мына бул аймактын бак-дарактарынчалык болсо да, аларды силерге бөлүштүрүп берем. Мунун бештен бирин казынага бөлгөн болсом, аны кайра силердин араңардагы кедей-кембагалдарга сарптайм»* *(Муватта, Жихад, 22; Ахмед, V, 316)*

Алланын Элчиси Жараткандын буйругуна ылайык өзүнө бөлүнгөн (бештен бир бөлүгү) олжодон Исламга көңүлү бар адамдарды туура жолго жакындатуу максатында аларга көбүрөөк үлүш бөлө турган. Булардан Хаким бин Хизам *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

311. Ибн Хишам, IV, 137-138

Алла Элчисинен өзүмө олжодон үлүш бөлүп беришин сурадым. Жүз төө берди. Дагы бир жолу сурадым. Дагы жүз төө берди. Дагы бир ирет сурадым. Анда дагы жүз төө берди. Андан соң:

*-Эй, Хаким! Чынында мал (дүнүйө) адамды өзүнө тартып турат. Ким аны ач көздөнбөй топуктуулук менен алса, анда береке болот. Ким ач көздүк менен алса, ал малдын берекеси болбойт. Мындай адам канча жесе да, ичсе да, эч тойбойт. Берүүчү кол алуучу колдон алда канча жогору турат!* - деп буюрду.

Анда мен:

-О, Алланын Элчиси! Сени туура дин менен жөнөткөн Жараткан Аллага ант берем! Өмүр бою Сенден башка адамдан эч нерсе кабыл албайм - дедим.

Азирети Хаким *(Алла ага ыраазы болсун!)* Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* берген алгачкы жүз төөнү алып, калганын кайтарып берет. Күнү келип, Азирети Абу Бакир олжодон үлүш бөлүп берүү үчүн Хакимди чакыртат. Бирок Хаким үлүш алуудан баш тартат. Андан соң Азирети Умар ага бир нерсе берүү үчүн чакыртат. Хаким мында да анын сунушун кабыл албайт. Азирети Умар:

-Эй, мусулмандар! Силерди Хакимге күбө кылам. Мен ага мына бул олжодон Жараткандын ага бөлгөн үлүшүн берип жатам, бирок ал алгысы келбей жатат - деди. Ошентип, Хаким Алла Элчиси көз жумган соң өмүрүнүн акырына чейин эч кимден эч нерсе алган эмес эле (Бухарий, Васая, 9; Вакиди, III, 945).

Курайш бутпарастарынын аттуу-баштууларынан Савфан бин Умаййа мусулман болбосо да, Хунайн жана Таиф жүрүштөрүндө Алла Элчисинин жанынан чыккан эмес эле. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*Жиранада топтолгон олжого

көз чаптырып жүргөндө Савфан да Алла Элчисинин жанында жайытта жайылып оттоп жүргөн төө, кой-эчкилерди тамшанып карап жаткан болот. Пайгамбарыбыз аны көз кыйыгы менен байкап турат. Анан Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*

-*Ээ, Абу Вахб! Жайыт сага абдан жактыбы дейм?* - деп сурайт.

Савфан:

-Ооба! - деп жооп берет.

Алланын Элчиси:

-Андай болсо жайыт да, андагы мал-жандыктар да сеники болсун! - деп буюрат.

Анда Савфан өзүн кармана албай:

-Пайгамбардан башка эч бир адам мынчалык берешен боло албайт! - деп дароо келме келтирип ыйманга келет *(Вакиди, II, 854-855).*

Андан соң Савфан Курайшка барып:

-Оо, эл-журт! Мусулман болгула! Валлахи, Мухаммад жокчулуктан да, кедейликтен да эч коркпогон ушундай улуу адам экен! – деп үн салган эле *(Муслим, Фадаил, 57-58).*

Абу Суфян, Акра бин Хабис, Уйайна бин Хысн, Аббас бин Мирдас, Малик бин Авф сыяктуу кыркка жакын адамды Исламга жүрөктөрүн жылытуу максатында ушундай мал-мүлк берилет.[312]

Аббас бин Мирдас аттуу акын алган олжосун «аз» - деп Пайгамбарыбызга нааразылык билдиргендей ырын окуйт. Азирети Пайгамбарыбыз бул кабарды угуп, аны жанына чакырып:

312. Вакиди, III, 944-947

-Тилинди кесем! - дейт. Азирети Пайгамбарыбыз Билал Хабашиге мурун:

«Сага анын тилин кесишинди буюрганымда ага бир кийим бер!» - деп шыбырап койгон эле. Андан сон:

-Эй, Билал! Кана, мына бул адамды алып бар да, тилин кесип ташта! - деп буюрат.

Билал Аббастын колунан кармап, жетелей баштаганда эле Аббас:

-О, Алланын Элчиси! Тилимди кесеби! Эй, мухажирлер, тилимди кесеби! Эй, ансарлар, тилимди кесип таштайбы! - деп кыйкырып, жаны чыга баштайт. Азирети Билал болсо Аббастын колунан катуу кармап жетелейт. Аббас ого бетер кыйкырат. Анда азирети Билал:

-Унчукпа! Алланын Элчиси сага бир көйнөк берип оозунду жабуумду буюрду - дейт. Ошентип, Билал Хабаши Аббаска ашыгы менен кийим берет. Алланын Элчиси анын үлүшүн жүз төөгө чыгарат *(Ибн Саад, IV, 273; Муслим, Закат, 137).*

Бул учурда азирети Саад бин Абу Ваккас:

-О, Алланын Элчиси! Жуайл бин Сурака (сыяктуу кедейди) таштап, Уйайна, Акра сыяктуу (бай, коомдун аттуу-баштууларына) жүздөп төө бергенинИз кандай! - дейт.

Алланын Элчиси:

-Жанымды чексиз кудуретинде кармап турган Жаратканга ант берем! Уйайна жана Акра сыяктуу адамдарга жер жүзү толсо да, Жуайл алардын бардыгынан жогору турат! Бирок мен буларды Исламга көнүлүн жибитүү үчүн колдоп, Жуайлды болсо бекем ыйманына жана акыретте ага даярдалган жогору сыйлыктарга карап ушундай кылдым! - деп буюрат. *(Ибн Хишам, IV, 143; Ибн Саад, IV, 246)*

Жаңы мусулман болгондордун көңүлүн Исламга жылытуу үчүн олжодон көп-көптөн берилиши кээ бир адамдар тарабынан туура эмес кабыл алынгандыктан сахабалардын арасында тынчсызданууга жол ачат. Жадакалса Тамим уулдарынан «Зул-Хувайсыра» - деген бир адам аша чаап:

-О, Алланын Элчиси! Адилеттүүлүктү сакта! - деп айтканга чейин барат. Алланын Элчисине бул сөз өтө катуу тийип:

-Ошондойбу? Адилеттүүлүктү мен сактабасам, эми ким сактайт? - деп жооп кайтарат *(Муслим, Закат, 148)*

Мындан көп өтпөй төмөнкү аят түшүрүлөт:

وَمِنْهُم مَّن يَلْمِزُكَ فِي الصَّدَقَاتِ فَإِنْ أُعْطُواْ مِنْهَا رَضُواْ وَإِن لَّمْ يُعْطَوْاْ مِنهَا إِذَا هُمْ يَسْخَطُونَ وَلَوْ أَنَّهُمْ رَضُوْا مَا آتَاهُمُ اللّهُ وَرَسُولُهُ وَقَالُواْ حَسْبُنَا اللّهُ سَيُؤْتِينَا اللّهُ مِن فَضْلِهِ وَرَسُولُهُ إِنَّا إِلَى اللّهِ رَاغِبُونَ

**«Алардын арасында кайыр-садагалар жөнүндө сага доомат койгон кишилер да бар. Эгер ошол кайыр-садагалардан аларга да берилсе, ыраазы болушат. Эгер берилбесе, дароо нааразы болуп калышат. Эгер алар Алла Таала жана Анын пайгамбары аларга берген нерсеге ыраазы болушуп: «Алла Таала биз үчүн жетиштүү. Жакында Алла Таала жана Анын пайгамбары бизге өз берешендигинен (байлык да, бак-таалай да) берет. Биз Алланын Өзүнө умтулуучу кишилербиз» - дешкенде (алар үчүн жакшы болоор эле)»** *(Тооба сүрөсү, 58-59-аяттар)*

Бул аяттарда Алла Элчисинин колу менен бөлүштүрүлгөн олжо чынында Алланын буйругу менен болгондугу жана кара көөгө боелгон кайдыгер жүрөк менен калби салим, т.а., таза жүрөктүн ортосундагы айырмачылык жөнүндө маалымдалат.

Арыздангандардын көпчүлүк бөлүгү ансарлардан эле. Ал эми Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* өз берешендиги менен таратып жаткан мал-мүлк, жалпыга таандык олжодон эмес, сарпталышы өзүнө гана тиешелүү «фай» - деген олжодон эле. Тилекке каршы, бул дагы айрым ансарлардын көзүн күйгүзгөн эле.[313] Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мындай арыздарды токтотуу үчүн окуя дагы ырбап кете электе ансарлардын бардыгын чогултат. Ансарлардан башка эч ким катышпаган бул жыйында маселенин негизги максатын түшүндүрүү үчүн Жараткан Алланын аларга ыроологон ырыскы-жакшылыктарын эскерип мындай дейт:

*-Эй, ансарлар! Мен жөнүндө ойлогон оюнарды уктум. (Айткылачы,) силер адал жолдон тайып бутпарастыктын сормо сазына белчеден батып турганыңарда Жараткан Алла Таала менин ортомчулугум менен силерди туура жолго баштабады беле? Силер кедей болуп турганыңарда, менин араңарга келишим менен Алла Таала баарыңарды бай кылган жокпу? Араңарда душмандык, кастык өкүм сүрүп турган кезде менин келишим менен Алла Таала жүрөгүңөрдү ийге келтирип, бириктирбеди беле?*

Ансарлар бул суроолордун бардыгына:

- Алла Таала жана Анын Элчиси үчүн ыраазыбыз! - деп бир ооздон жооп кайтарышат. Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сөзүн улантып:

*-Эй, ансарлар! Силер мага: «Өз элиң Сени жалганга чыгарып, кабыл албаган соң бизге келдиң! Сага биз ишенип, биз тастыктадык! Өз элиң Сага жашоого мүмкүнчүлүк бербей койгондо Сага биз жардам бердик! Өз элиң Сени кууп чыгарып салганда биз Сени кучак жайып тосуп алдык! Сен кедей элең, ошондо Сени биз мал-мүлкүбүзгө ортоктош кылганбыз!..» - де-*

313. Камил Мирас, Тажрид Тержемеси, X, 341

*сенер, мен да силерди тастыктап: «Албетте, сөзүңөрдө калет жок!» - дээр элем...*

*Эй, ансарлар! Айрым адамдарга берген дүйнө-малым жөнүндө айткан кебиңер туурабы? Мен ал адамдардын көңүлүн Исламга жылытуу үчүн берген элем. Ыйманыңардын бекемдигине ишенип, силерге бербей койгон ошол жөнөкөй дүйнө-мүлк үчүн ичиңер күйдүбү, ошол напсиңер үчүн оор келдиби?*

*Эй, ансарлар! Элдин баары мал-мүлк менен үйлөрүнө бараткан кезде силер Пайгамбарыңар менен үйүңөргө кайтууну каалабас белеңер?*

Алланын Элчисинин мындай ары терең маңыздуу, ары мундуу сөздөрүнөн улам ансарлар көз жашын көлдөтүп ыйлап киришкен эле. Алар жүрөк түпкүрүнөн сызылып чыккан ыйы менен:

-О, Алланын Элчиси! Биз сени менен кайтабыз! - дешип, ага болгон аруу сүйүүлөрүн тазалап жатышкан эле. Алар менен бирге Алланын Элчиси да өзүн кармай албай жашып кеткен эле. Алланын Элчиси ансарлардын минтип баш ийип жатканына ыраазы болуп, аларды жубатып:

-Эй, ансарлар! Эгер хижрат (Меккеден Мединага көчүү) болбогондо, мен сөзсүз ансарлардан болууну каалар элем... Эй, ансарлар! Эгер бардыгы бир жолго түшүп кетсе, мен ансарлардын жолунан кетмекмин!.. - деп буюрат.

Ансарлар: «Алла Таала жана Анын Элчиси бизге жетиштүү!» - деп жамырап киришет. Ошентип, бир эле туура эмес түшүнүүнүн кесепети азирети Пайгамбарыбызды кайгы-муңга салат (Бухарий, Магази, 56; Муслим, Закат, 135; Хайсами, X, 31).

Алла Элчисинин бул аракетинен ала турган көптөгөн сабактар бар. Алардын бири ушул: адам баласынын табияты бирөөдөн жакшылыгын көргөндү жакшы көрөт. Сизден жакшылык

көргөн адам эгер душманыңыз болсо да, анын душмандыгы акырындык менен ээрип жок болот. Ошентип ортодо урмат-сый жана ынтымак пайда болот.

Кыскасы, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* теңдешсиз үлгүлүү адам катары, олжо бөлүштүрүү ишинде да жеке ошол күнкү араптарга гана эмес, бүтүндөй адамзатына кыяматка чейин баа жеткис үлгү болуп бере алат.

* * *

Азирети Пайгамбарыбыз Жиранада он үч күн тургандан кийин умра кылуу үчүн ихрамга кирип ал жерден жолго чыгат.[314] Ошондуктан Мекке шаарынын тургундары жана анын айланасында жашагандардын Жирана аймагында ихрамга кирип, умра кылуулары алда канча сооптуу болуп эсептелет.

## Мусулманды өлтүрүүнүн жазасы!

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Меккеге жолго чыгуудан мурда максатын жашыруу үчүн Абу Катадага кол берип, Нажид тарапка жөнөткөн эле. Бул тайпа «Изам» - деген жерге барганда Амир бин Адбат аттуу адам менен жолугат. Амир келме келтирип ыйманга келгендигин айтат. Абу Катада менен бирге келгендерден Мухаллим бин Жассама менен Амирдин ортосунда өз ара келишпестиктери бар эле. Мухаллим мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, бугун чыгаруу үчүн Амирдин  чындап мусулман болбогонун айтып өлтүрүп, буюмтайымдарын олжолоп алат.

Тайпа Нажидден кайтып келген соң Алланын Элчиси Хунайнда бешим намазын эми окуп бүтүп, сахабалары менен бир дарактын алдында отурушкан эле. Окуя Пайгамбарыбызга да

314. Бухарий, Умра, 3; Тирмизи, Хаж, 92/935

жетет. Ошол учурда төмөндөгү аят түшүрүлөт:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُواْ إِذَا ضَرَبْتُمْ فِي سَبِيلِ اللّهِ فَتَبَيَّنُواْ وَلاَ تَقُولُواْ لِمَنْ أَلْقَى إِلَيْكُمُ السَّلاَمَ لَسْتَ مُؤْمِناً تَبْتَغُونَ عَرَضَ الْحَيَاةِ الدُّنْيَا فَعِندَ اللّهِ مَغَانِمُ كَثِيرَةٌ كَذَلِكَ كُنتُم مِّن قَبْلُ فَمَنَّ اللّهُ عَلَيْكُمْ فَتَبَيَّنُواْ إِنَّ اللّهَ كَانَ بِمَا تَعْمَلُونَ خَبِيراً

**«Эй, момундар! Качан Алланын жолунда ыйык согушка сапарга чыкканыңарда, (душманыңарды) анык билгиле! Бул дүйнөнүн мал-мүлкүнө кызыгып силерге салам берген адамга: «Сен момун-мусулман эмессиң!» - дебегиле! Ырас, Алла Тааланын алдында эсепсиз олжолор бар»** *(Ниса сүрөсү, 94-аят).*

Ошентип, Амирдин жакын туугандары Пайгамбарыбызга келип, доосун айтып арызданышат. Азирети Пайгамбарыбыздын алдында көпкө созулган сот жүрүшүнүн натыйжасында Амирдин кунун төлөөгө чечим чыгарылат. Амирдин туугандары:

-Мухаллим келип, кечирим сурасын! - дешет.

Мухаллим келет. Алланын элчиси:

-Амир мусулман болгонун айтса да, сен аны өлтүрүпсүң, туурабы? - деп сурайт.

Анда Мухаллим:

-*О, Алланын Элчиси! Мен үчүн Алладан кечирим сураңыз!* - деп сурануунга мажбур болот. Мухаллимдин бул сөзү күнөөнү билип туруп жасаганын мойнуна алуусу эле. Андыктан мусулман болсо да, күнөөсү жок адамды өлтүргөндүктөн, анын мындай күнөөсү кечириле турган күнөө да эмес эле. Эгер бул жаатта кыпындай туура эмес кадам таштала турган болсо, коомдо мындай кылмыштарга бөгөт коюлбай кала турган. Ошондуктан

бүткүл ааламга ырайымдуулуктун пайгамбары катары жөнөтүлгөн азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Мухаллимдин суранычын кабыл кылбайт. Ал тургай:

-*Алла Таала сени кечирбесин!* - деп да айтат.[315]

Ошентип, суранычы четке кагылган Мухаллим үйүнө кирип чыкпай коет. Бир жумадан кийин ызасына чыдабай одүйнө салат. Туугандары аны жерге жашырса да, жер бул денени кабыл албайт. Кайра кайра көмсө да, жер ар жолкусунда аны үстүнө чыгарып салат. Эмне кылаарын билбей, аргасыздан Алланын Элчисине келип, абалды түшүндүрөт. Алланын Элчиси:

*«Бул топурак андан да жамандарын өз бооруна кабыл алган эле. Бирок Алла Таала силерге сабак болсун деп: «Лаа илааха иллаллах» - деген келменин кадырын билдирип жатат!»* - деп Мухаллимди кабырынын үстүнө таш коюп жерге берүүлөрүн айтат *(Ахмед, V, 112; Ибн Мажа, Фитан, 1; Ибн Хишам, IV, 302; Вакиди, III, 919).*

Алланын Элчиси «Лаа илааха иллаллах» келмесинин акысын, кадырын билбөө канчалык чоң жоготуу экендигин жана мусулман адамга зыян келтирүүнүн, аны утурумдук дүйнө кызыкчылыгы үчүн өлтүрүүнүн канчалык оор күнөө болгондугун түшүндүрүү үчүн ушундай кадамга барып, мындай күнөөгө барууга катуу тыюу салган эле.

Бул окуя келме келтирген адамдын мусулман катары кабыл алынышы керектигин да билдирет. Мындай адамда каапырлыктын белгилери жок болсо, ал жөнүндө жаман ойлоо арам болуп эсептелет.

Ошондой эле бул жагдай кандайдыр бир жыйынтыкка келип жатканда сырткы көрүнүштү эске алуу керектигин жана му-

315. Окуяны айтып калтырган сахаба мындай дейт: «Биз өз арабызда: «Алланын Элчиси ал үчүн Жаратკандан кечирим тиледи, бирок, Мухаллим жасаган күнөө иштин оордугун баса белгилөө үчүн жана адам өлтүрүүгө жолтоо болуу үчүн ушинтип айтты» - деген тыянакка келдик» (Ахмед,V, 112; Ибн Хишам, IV, 304)

нун канчалык зор мааниге ээ экендигин айгинелеп турат. Анткени адам сырткы көрүнүш боюнча өкүм чыгарууда да жаңылуу ыктымалы бар. Адамдын ички дүйнөсүн андап-сезүү өтө оор, ал тургай мүмкүн эмес. Андыктан андап-сезүүгө өтө оор болгон ыктымалга таянып кадам шилтөө коом үчүн өтө кооптуу. Анткени мындай учурда адамдар оюна келгенин жасап, коомдо адилетсиздик өкүм сүрөт. Бул учурда кылмыштуулук көбөйүп, элден кут кетип, ырыс-береке качат.

Сырткы көрүнүш боюнча өкүм жүргүзүүнүн дагы бир себеби, адал-арамды ылгабаган айрым адамдардын: «Сен менин жүрөгүмдү кара!» - деген сыяктуу себептерге таянууларына бөгөт болуу. Учурубузда көп кездешкен мындай сөздөрдүн Исламда эч кандай орду жок. Сырткы көрүнүш боюнча өкүм жүргүзүү адилеттүүлүктү болжолдуу далилдер менен орнотууга аракет кылуунун натыйжасында жарала турган өтө чоң көйгөйлөрдүн алдын алат.

## Меккеге аким жана мугалим дайындоо

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Меккеден чыкканга чейин шаарды башкаруу, мусулмандардын ажылык иштерин жөнгө салуу үчүн азирети Аттаб бин Асидди шаарга аким кылып дайындайт. Мурун Хунайн казатына аттанаар алдында аны Мекке шаарына аким кылып дайындап кеткен эле *(Ибн Хишам, IV, 69, 148)*. Азирети Аттаб *(Алла ага ыраазы болсун!)* ал учурда жыйырма жаштын тегерегинде эле. Ошентсе да, бул жерде көптү көргөн картаң адамдар да бар эле. Бул окуядан маалым болгондой, мансап-бийлик жөндөмдүү, иш билги, акылдуу жана такыбаа адамдарга берилиши керек.

Ошондой эле Исламдын муундан муунга өтүп, нукуралыгы бузулбай бүгүнкү күнгө чейин таза бойдон сакталып кели-

шиндеги эң чоң милдетти аткарган сахабалардын көбү азирети Аттаб бин Асид сыяктуу жаш жигиттер болгонун тарых барактары тастыктап турат. Маселен, эң көп хадис айтып калтырган сахабалардан азирети Абдуллах бин Умар жана азирети Ибн Аббас Пайгамбарыбыз көз жумган кезде он үч жашта, азирети Анас, азирети Ибн Масуд жана өзгөчө аялдардын Ислам менен таанышуусунда эң маанилүү орунда турган азирети Аиша он сегиз жаш курактарында эле. Акаба биатында (ант) кол берген сахабалардын көбү жаш жигиттер эле. Исламды элге жеткирүү үчүн Бир-и Маунада шейит кеткен Курандан сабак бере турган мугалимдер да негизинен жаш эр азаматтар болгон. Мына ушунун өзү Исламдын келечегинде зор маанилүү кызматтарды аркалай турган жаш эр-жигиттерге маани берүү, алардын илим алууларын камсыздоого өзгөчө басым жасоо керектигин ачык-айкын көрсөтүп турат.

* * *

Алланын Элчиси*(саллаллаху алейхи ва саллам)* жаңы мусулман болгондордун алгач Куранды жана сүннөттөрдү үйрөнүүлөрүн каалар эле. Ошондуктан аларды бир канча күн болсо да, сахабаларынын жанында болтуруп, окутуу ишине өзгөчө көңүл бөлө турган. Жерге жарык түшкөндө Пайгамбарыбыз аларды текшерээр эле. Эгер жетиштүү болбой калса, кайра башка сахабаларына жөнөтүп Ислам менен жакындан таанышууларын каалай турган.

Азирети Пайгамбарыбыз фикхты (шарият өкүмдөрүн) жана Ыйык Куранды үйрөтүү үчүн азирети Муаз бин Жабал[316] жана Абу Муса ал-Ашарини[317] Меккеге дайындап кетет. Ырас, бул дагы Ислам илимдерин элге үйрөтүү иштерине канчалык маани берүү керектигибизди көргөзгөн эң сонун далил.

316. Ибн Хишам, IV, 148-149; Хаким, III, 303/5181
317. Вакиди, III, 959

# ХИЖРАТТЫН ТОГУЗУНЧУ ЖЫЛЫ

## Тил

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* зекет бергиси келбеген Тамим уруусуна Азирети Уйайнаны бир кошуун менен жөнөткөн эле. Уйайна *(Алла ага ыраазы болсун!)* Тамим уруусуна күтүүсүздөн кол салып, бир топ туткунду колго түшүрүп, мал-мүлкүн олжолоп, Мединага кайтып келет.[318]

Ошентип, Тамим уруусунун аттуу-баштуулары туткундарын бошотуп алуу үчүн Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* келишет. Араларында акындары да бар эле. Мечиттин жанында Алланын Элчисин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* күтүп, сабырсызданып:

-Чык эми, бул жерге! - деп чуу көтөрүшөт.

Алардын чуруддашы Алланын Элчисинин тынчын алат. Бул учурда төмөнкү аят түшүрүлөт:

إِنَّ الَّذِينَ يُنَادُونَكَ مِن وَرَاءِ الْحُجُرَاتِ أَكْثَرُهُمْ لَا يَعْقِلُونَ

318. Ибн Саад, II, 160

**«(Эй, Элчим!) Сага бөлмөлөрүндүн арка тарабынан кыйкыргандардын көбү ой жүгүртүшпөйт»** *(Хужурат сүрөсү, 4-аят) (Ибн Хишам, IV, 223, 233).*

Бүткүл ааламдын Нуру атанган Пайгамбарыбыз бешим намазынан кийин мечиттин алдына чыгат. Тамим уруусунан келгендер:

-Сени менен ыр жарышы үчүн акындарыбызды, сөзгө уста чечендерибизди да ала келдик! - дешет.

Пайгамбарыбыз:

*-Мен ыр окуу үчүн жөнөтүлгөн эмесмин. Мактануу үчүн да келген эмесмин. Ошентсе да, алгач силер өнөрүнөрдү өргө чаап көргүлөчү, көрөлү!* - дейт. (Ибн Асир, Усдул-Габа, I, 128)

Тамим уруусунан сөзгө чебер бир адам чыгып сөздү бирине-бирин куюлуштуруп сөз сүйлөйт. Андан соң Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сахабалардан азирети Сабит бин Кайсты чыгарат. Азирети Сабит бин Кайс *(Алла ага ыраазы болсун!)* чыгып, алгач Жараткан Алланын улуктугун даназалаган, Алла Элчисинин пайгамбарлыгы тууралуу мааниси жагынан да, сөздүн ирети жагынан да укмуштуудай кутпа окуп, Тамимдикти жеңип чыгат.

Мындан кийин ыр боюнча Тамим уруусунан Зибрикан бин Бадр менен атактуу акын азирети Хасан бин Сабит ат салышат. Алгач Зибрикан даярдап келген ырын окуйт. Андан соң азирети Хасан *(Алла ага ыраазы болсун!)* Исламдын улуулугун, аруулугун, тунуктугун жана бийиктигин адабий тил менен даңазалаган касида (диний ыр) окуйт.

Бул жарышта сахабалардын үстөмдүк кылуусу Ыйык Куран сыяктуу Алла Таала тарабынан түшүрүлгөн ыйык Китепке маани берүүнүн, ошондой эле «жавамиуль-калим: кыска жана нуска» сүйлөгөн, бүтүндөй адамзатынын эң мыкты сөзмөрү, сөз

чебери Алла Элчисинен *(саллаллаху алейхи ва саллам)* алынган тарбиянын жигердүү жемиши эле. Алла Элчисинен сызылып агып келген мындай береке-кутту акындардын бири төмөнкү мааниде ырга салган эле: «Аны бир саамга көргөндөр гүл болот. Ал эми анын сөзүнө күбө болгондор булбул болот... »

Тамим уруусунун акындарынан чыныгы акыйкатты андаган Акра бин Хабис:

-Бул заттын чечени биздин чеченибизден, акыны да биздин акыныбыздан жогору экен! Алардын үнү биздин үнүбүздөн бийик экен!... - деп ыйманга келет. Жанындагылар да ыйман келтиришет. Ошентип, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Тамим уруусунан келгендерге белек-бечкектерин тартуулайт. *(Ибн Хишам, IV, 232)*

Бул учурда Пайгамбарыбыздын жанында турган азирети Абу Бакир менен азирети Умардын ортосунда кичине талаш болуп кетет. Буга жанаша төмөнкү аяттар түшүрүлөт:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لَا تُقَدِّمُوا بَيْنَ يَدَيِ اللهِ وَرَسُولِهِ وَاتَّقُوا اللهَ إِنَّ اللهَ سَمِيعٌ عَلِيمٌ

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لَا تَرْفَعُوا أَصْوَاتَكُمْ فَوْقَ صَوْتِ النَّبِيِّ وَلَا تَجْهَرُوا لَهُ

بِالْقَوْلِ كَجَهْرِ بَعْضِكُمْ لِبَعْضٍ أَن تَحْبَطَ أَعْمَالُكُمْ وَأَنتُمْ لَا تَشْعُرُونَ

**«Эй, момундар! Алла Таала жана Анын пайгамбарынын алдында (уруксатсыз кандайдыр бир ишке) кадам таштабагыла! Алладан корккула! Чындыгында, Алла Таала - Угуучу, Билүүчү! Эй, момундар! Үнүңөрдү пайгамбардын үнүнөн бийик көтөрбөгүлө! Өз ара бири-бириңерге кыйкыргандай, пайгамбарга кыйкырып сүйлөбөгүлө! Анткени амалыңар (жакшы иштериңер кантип) жокко чыкканын билбей каласыңар»** *(Хужурат сүрөсү, 1-2-аяттар).*

Ошондон тарта азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)* Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* алдында үнүн акырын чыгарып сүйлөп калган эле. Кээде Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* анын эмне деп жатканын укпай, кайра сураганга туура келчү эле.[319]

Кутман сахабалар азирети Пайгамбарыбызга терең таазим этип, ар дайым урмат-сый көргөзө турган. Анын тынчын албоо үчүн күчүнүн барынча жан үрөшөр эле. Абалы, бир сахаба «Азирети Пайгамбарыбызды тынчсыздандырып алдым окшойт» - деген кайгы менен үйүнөн чыкпай коет. Алланын Элчиси үйүнө чейин барып, аны жубатат. Ошондо гана анын көңүлү жай тапканэле.[320]

Сахабалар азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* менен дасторконго отурган кезде эч качан андан мурун тамакка кол узатышпайт эле.[321]Бөлмөсүнүн эшигин тырмактарынын учу менен аяр тыкылдатып, Анын тынчын ала турган кыймыл-аракеттерден такыр алыс болууга аракет кылышаар эле.[322] Ал жөнүндө сүйлөп жатканда, ар бир сөздү ойлонуп, этияттап сүйлөп, Алланын Элчисин айга, күнгө окшото турган.[323] Анын куттуу хадистерин айтып жатканда да өтө кылдат мамиле жасап, өң-түстөрү өзгөрүп, мандайынан тер куюлуп, көздөрү жашка толуп, күрө тамырлары чыналып кетээр эле.[324] Мечитке жакын жерде жайгашкан үйлөрдүн биринде казык же мык урулуп жатканын угуп калышса дароо: «Акырын болгула, Алланын Элчисин тынчсыздандырбагыла!» - деп кабар жөнөтүшө турган. Айрым сахабалар эшик-терезе-

319. Бухарий, Магази, 68.
320. Бухарий, Тафсир, 49/1.
321. Абу Давуд, Атима, 15/ 3766
322. Бухарий, Адабуль-Муфрад, 316; Хайсами, VIII, 40.
323. Муслим, Фадаил, 109
324. Ибн Саад, III, 156; Ибн Маажа, Мукаддима, 38; Дарими, Мукаддима, 28

лерин Медина шаарынан чыгып, жасаттырып келишер эле.[325]

* * *

Кааб бин Зухайр да мурун Исламга көз карашы каршы акындардан эле. Ал жазган ырлары үчүн колго түшкөн жерде өлүмгө буйрулган эле. Мусулманчылыкты кабыл алган бир туугандары Бужайр ага акыл-насаат иретинде ыр жазып, ушул калып боюнча кете бере турган болсо, өтө оор абалга туш болуп каларын билдирет. Кааб буга катуу кабатырланып, бир сахабанын жол баштоосу менен азирети Пайгамбарыбыздын алдына келет. Тизе бүгүп чөк түшүп, атын айтпай Ага кол берип ант берет. Андан соң:

-О, Алланын Элчиси! Кааб бин Зухайр тооба кылып мусулман болуп, коопсуздугуңузга өтүү үчүн алдыңызга келгиси келет, аны кабыл аласызбы? - деп суроо салат. Алланын Элчиси: -Ооба! - деп жооп берээр замат кубанычы койнуна батпай:

-Кааб менмин, о, Алланын Элчиси!...- деген эле. *(Ибн Хишам, IV, 152; Хаким, III, 675/6480; Хайсами, IX, 393)*.

Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* кечиримине ыраазылык билдирүү үчүн Пайгамбарыбыздын алдына келгенге чейин жазган «Банат Суад» - аттуу касидасын окуй баштайт. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ага абдан ыраазы болуп үстүндөгү чапанын чечип, азирети Каабка *(Алла ага ыраазы болсун!)* тартуулайт. Ошентип касиданын аты арап тилинде «чапан» - деген маанини туюнткан «бурда» сөзү менен айтылып «Касида-и Бурда» - болуп калат.

Азирети Каабка тартууланган бул куттуу чепкен ал көз жумгандан кийин халифа Азирети Муавия тарабынан сатылып алынган. Халифалар бул чепкенди бири-бирине өткөрүп олтуруп бүгүнкү күнгө чейин жетти. Бул куттуу чепкен бүгүнкү күн-

325. Касталлани, II, 386

дө Түркия мамлекетинин Стамбул шаарындагы ыйык аманаттар сакталган «Топкапы сарайы» - деген мурасканада сакталуу.

«Касида-и Бурда» - деген ат менен атагы чыккан дагы бир касида бар. Ал Имам Бусириге таандык.[326] Бирок бул касиданын туура аты «Касида-и Бура». «Бура» - деген сөз «дартка дабаа» - деген маанини түшүндүрөт. Имам Бусири аталган касидасынын берекеси менен шал оорусунан сакайып кеткендиктен ушул ат менен аталып калган. Окуя мындай болгон эле:

Имам Бусиринин денесинин жарымы шал болуп калат. Ал Касида-и Бураны жазып, Жараткандан шыпаа сурайт. Касиданы жазып бүтүргөн түнү түшүндө Алланын Элчисин көрөт. Касиданы Пайгамбарыбызга окуп берет. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ыраазы болуп, куттуу колдору менен Имам Бусиринин шал болгон жерлерин сылайт. Имам Бусири эртең менен туруп, баягы оорусунан сакайып калганын көрөт. Ошол замат Алла Таалага шүгүр келтирет. Ошентип, эртең менен кубанычы койнуна батпай мечитке баратып, Шейх Абур-Ража олуяга кезигип калат. Шейх Абур-Ража:

-Эй, Имам! Бүткүл ааламдын Сыймыгын даңктаган касидаңды оку! - дейт.

Имам Бусири:

-Менин бир топ ырларым бар. Кайсынысын сурап жатасыз? - дегенде, Шейх Абур-Ража:

-Кече түнү Алланын Элчисине окуп берген ырыңды айтып жатам. Анткени сен ошол ырыңды окуп жатканда азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* абдан ыраазы болгонун көрдүм - дейт.

326. Мухаммад бин Саид аль-Бусири Мисир жергесинен болгон. Ал XIII кылымда Мамлук мамлекетинин доорунда жашаган. (608/1211-694/1296) (Х. Ибрахим Шенер, Касиде-и Бурда Касиде-и Буре ве Су касидеси, 32, 60)

Имам Бусири абдан таң калып:

-Мен бул касида жөнүндө да, кече түнү көргөн түшүм тууралуу да эч кимге ооз ачкан эмес элем. Сиз буларды кайдан билесиз?.. - деп сурайт.

Шейх Абур-Ража жооп иретинде: -Эй, Имам! Мен да ошол жакта болчумун!.. - дейт да, касиданын алгы саптарын окуйт:

أَمِنْ تَذَكُّرِ جِيرَانٍ بِذِى سَلَمٍ
مَزَجْتَ دَمْعًا جَرَي مِنْ مُقْلَةٍ بِدَمٍ

«А мин тазаккури жиироонин бизии Саламин

Мазажта даман жароо мин муклатин бидами»

Мунун мааниси төмөнкүчө эле: «Эй, жүрөгүм! Саламдыктарды[327] эстегениң үчүн көз жашыңды төгүп жатасыңбы?»

Бул касида Азирети Пайгамбарыбыздын алдында окулуп жаткан кезде Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ыраазы болуп, куттуу денеси дарактын жалбырагы өңдөнүп солкулдап, ууртунан жылмайып турган эле.

Мына ошондуктан бул ыр Алла Элчисинин руханиятынан насип алгандыгы үчүн оорулуу адамдарга шыпаа иретинде окулупкелген.[328]

327. Салам – Медина шаарында Алланын Элчиси сахабалары менен сухбат курган көлөкөлүү жердин аты.

328. Илхам Армутчуоглу, Касида-и Бурда, Кония 1983, 8-11.

## Күнөөкөр адамдардын кабарын аныктагыла!

Улуу көчтүн тогузунчу жылы Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Мусталык уулдарына зекет топтоо үчүн азирети Валид бин Укбаны жөнөтөт. Аны тосуп алуу үчүн топтолгон тайпаны көрүп, караңгы доордо ортолорунда болгон кагылышуу үчүн Валид бин Укба «эми булар мени жөн койбойт, өлтүрөт!» - деген ойго кабылат да, кайра артка Мединага кайтып келет. Жагдайды Азирети Пайгамбарыбызга бурмалап түшүндүрөт:

-О, Алланын Элчиси! Алар Исламдан кайтышыптыр. Зекет беришкен жок. Ал тургай мени өлтүрүп кое жаздашты - дейт.

Алланын Элчиси Мусталык уулдарына жөнөтүү үчүн кол топтойт. Мусталык уулдары кабар алып, азирети Валидди тосуп алуу үчүн топтолгон тайпа дароо Мединага жол тартат. Мединага келип өздөрүнө бараткан Ислам кошуунү менен жолугуп, Пайгамбарыбызга жагдайды ийне-жибине чейин айтып беришет. Ошол учурда Алла Таала бүтүндөй мусулмандарга кандайдыр бир маселе жөнүндө изилдөө жүргүзбөй туруп жыйынтык чыгарбоо керектигин буюруп, төмөнкү аяттарын түшүрөт:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِن جَاءكُمْ فَاسِقٌ بِنَبَأٍ فَتَبَيَّنُوا أَن تُصِيبُوا قَوْماً بِجَهَالَةٍ
فَتُصْبِحُوا عَلَى مَا فَعَلْتُمْ نَادِمِينَ وَاعْلَمُوا أَنَّ فِيكُمْ رَسُولَ اللهِ لَوْ يُطِيعُكُمْ فِي
كَثِيرٍ مِّنَ الْأَمْرِ لَعَنِتُّمْ وَلَكِنَّ اللهَ حَبَّبَ إِلَيْكُمُ الْإِيمَانَ وَزَيَّنَهُ فِي قُلُوبِكُمْ وَكَرَّهَ
إِلَيْكُمُ الْكُفْرَ وَالْفُسُوقَ وَالْعِصْيَانَ أُوْلَئِكَ هُمُ الرَّاشِدُونَ

**«Эй, момундар! Эгер силерге бир күнөөкөр адам кабар алып келсе, кайсыл бир коомго адилетсиздик кылып кийин өкүнүп калбаш үчүн алгач аны изилдегиле!**

**Аранарда Алланын Элчиси бар экенин билгиле! Эгер ал көптөгөн иштерде силерге моюн сунса, анда силер сөзсүз түрдө (көптөгөн) кыйынчылыктарга кабылмаксынар. Бирок Алла Таала силерге ыйманды жакшы көрсөтүп, аны менен жүрөгүнөрдү көркүнө чыгарды. Ошону менен бирге каапырлыкты, бузукулукту, баш ийбестикти жек көрсөтүп койду. Мына ушулар гана туура жолдо жүрүүчүлөр!»** *(Хужурат сүрөсү, 6-7-аяттар)*

Азирети Пайгамбарыбыз *(алейхис-солаату вас-салаам)*:

-Эй, Аббад! Булар менен барып, зекеттерин чогултуп кел! Мал-мүлкүнүн эн жакшысын тандап алуудан алыс бол! - деп буюрат. Азирети Аббад бин Бишр Мусталык уулдарында он күн болот. Ал он күн аралыгында аларга Ыйык Куран окууну үйрөтүп, Ислам менен дагы да жакындан таанышууларына себепкер болот *(Ахмед, IV, 279; Ибн Хишам, III, 340-341; Ибн Саад, II, 161).*

Кээде туура эмес кабар ооздон оозго өтүп олтуруп , ал чынчыл адамга өтүп, кабар жакшы ниет менен жеткирилиши толук мүмкүн. Ырас, кабар негизсиз болгондуктан ага ишенип, жаюу өзүнчө жоопкерчиликти туудураарын эске түйүп коюу абзел. Анткени кабар алдыда кимдир бирөөнүн акысын тепсөө же ушак-айын сыяктуу чон күнөөлөргө кадам таштоого себепкер болот. Ошондуктан мындай кабарларга карата ар дайым этият болуубуз кажет.

## Ыйман сыноосу

## **ТАБУК ЖҮРҮШҮ** (Ражаб, 9-жыл/ Октябрь-Ноябрь, 630-жыл)

Табук - Медина менен Шамдын ортосунда жайгашкан шаар. Табук жүрүшү - Азирети Пайгамбарыбыз катышкан эн акыркы

жүрүш. Бул жүрүш Мута согушунун уландысы сыяктуу. Византия императору Мута согушунан калган бугун чыгаруу үчүн убакытты текке кетирбей, мусулмандар күчкө толгонго чейин бүтүндөй Арапстанды өзүнө каратып алууну көздөп жүргөн эле. Ал үчүн христиан араптарды колдонгусу келген эле. Ал бул багытта христиан гассани уруусунан үмүт кылып жаткан эле. Ал эми гассанилер мындай жүрүш үчүн эбактан эле даяр турушкан. Мединага келген соодагерлер мусулмандарга душмандардын катуу даярдык көрүп жаткандыгын жана жакында Мединага катуу чабуул коюлаарын айтышат.

Ошентип, Алланын Элчиси жалпы мусулмандарга бул оор жүрүш жөнүндө жар салат. Ушул күнгө чейин болуп келген жүрүштөрдө аскердик иш-аракеттер жашыруун түрдө ишке ашып, душман тарапка билгизбөөгө аракет жасалар эле. Бирок Табук жүрүшүндө жагдай башкача болот. Анткени жай мезгилинин эң ысык аптаптуу күндөрү эле. Душман күчтүү, бара турган жер алыс. Анын үстүнө бул жылы Мединада ачарчылык өкүм сүрүп турган эле. Мусулмандар жашоо-турмушу жагынан да алсырап, кырдаал курчуп турган эле.[329]

Мына ушундай мүмкүнчүлүктөн пайдаланган эки жүздүүлөр адатын карматып, мусулмандардын демин суутуп, кайратынан жаздырууга жан далбас ура башташат. Эки жүздүүлөрдүн башы Абдуллах бин Убай:

-Мухаммадга эмне, Рим империясы баланын оюнчугу бекен? Мен Аны сахабалары менен бирге туткунга түшкөнүн көргөндөй болуп турам! – деген сыяктуу сөздөрүн айтат.

Кээ бир эки жүздүүлөр:

-Ушундай мээ кайнаткан ысык аптапта да жүрүш болчу беле? - дешет. Буларга жооп катары төмөндөгү аят түшүрүлөт:

329. Ибн Саад, 165; Бухарий, Тафсир, II, 66/2

فَرِحَ الْمُخَلَّفُونَ بِمَقْعَدِهِمْ خِلاَفَ رَسُولِ اللّهِ وَكَرِهُواْ أَن يُجَاهِدُواْ بِأَمْوَالِهِمْ وَأَنفُسِهِمْ فِي سَبِيلِ اللّهِ وَقَالُواْ لاَ تَنفِرُواْ فِي الْحَرِّ قُلْ نَارُ جَهَنَّمَ أَشَدُّ حَرّاً لَّوْ كَانُوا يَفْقَهُونَ

**«Алар Алланын пайгамбарына каршы чыгып, жихадка барбай калганына сүйүнүштү. Алар Алланын жолунда мал-мүлкү жана жаны менен күрөшүүнү каалашкан жок. Алар: «Бул ысыкта согушка чыкпагыла!» - дешти. (Эй, Мухаммад!) Эгер алар түшүнсө, «Тозок оту мындан да ысык» - деп айткын!»** *(Тооба сүрөсү, 81-аят)*

Айрым көчмөн араптар азирети Пайгамбарыбызга ар кайсы шылтоолорду айтып жүрүшкө чыкпоо үчүн уруксат сурашат. Бул жагдай аят аркылуу мындайча маалымдалат:

وَجَاءَ الْمُعَذِّرُونَ مِنَ الأَعْرَابِ لِيُؤْذَنَ لَهُمْ وَقَعَدَ الَّذِينَ كَذَبُواْ اللّهَ وَرَسُولَهُ سَيُصِيبُ الَّذِينَ كَفَرُواْ مِنْهُمْ عَذَابٌ أَلِيمٌ

**«Көчмөн араптардан (себебин айтып) өздөрүнө уруксат сурап келишти. Алла Таалага, Анын элчисине жалган жалаа жапкандар үйлөрүндө кала беришти. Алардын каапырларына жан чыдагыс азап бар!»** *(Тооба сүрөсү,90-аят)*.[330]

Андан соң Алла Таала Пайгамбарыбызга эки жүздүүлөрдүн ким экенин билдирип төмөнкү аяттарын түшүрөт:

330. Вакиди, III, 993-996; Ибн Саад, II, 165

لَوْ كَانَ عَرَضاً قَرِيباً وَسَفَراً قَاصِداً لاَّتَّبَعُوكَ وَلَـٰكِن بَعُدَتْ عَلَيْهِمُ الشُّقَّةُ وَسَيَحْلِفُونَ بِاللّهِ لَوِ اسْتَطَعْنَا لَخَرَجْنَا مَعَكُمْ يُهْلِكُونَ أَنفُسَهُمْ وَاللّهُ يَعْلَمُ إِنَّهُمْ لَكَاذِبُونَ

**«(Эй, Мухаммад!) Эгер жакын жерде ишенимдүү олжо жана жеңил жүрүш болсо, алар (эки жүздүүлөр) сени ээрчишмек. Бирок аларга бул сапар алыс болуп көрүндү. Алар Алланын атын оозанып: «Эгер мүмкүнчүлүгүбүз болсо, силер менен кошо чыкмак элек» - деп ант ичип, өздөрүнө өздөрү зыян келтиришти. Алла Таала алардын жалганчы экенин ачык-айкын билет»** *(Тооба сүрөсү, 42-аят)*

لاَ يَسْتَأْذِنُكَ الَّذِينَ يُؤْمِنُونَ بِاللّهِ وَالْيَوْمِ الآخِرِ أَن يُجَاهِدُواْ بِأَمْوَالِهِمْ وَأَنفُسِهِمْ وَاللّهُ عَلِيمٌ بِالْمُتَّقِينَ ۞ إِنَّمَا يَسْتَأْذِنُكَ الَّذِينَ لاَ يُؤْمِنُونَ بِاللّهِ وَالْيَوْمِ الآخِرِ وَارْتَابَتْ قُلُوبُهُمْ فَهُمْ فِي رَيْبِهِمْ يَتَرَدَّدُونَ

**«Алла Таалага, акырет күнүнө ишенгендер, Алланын жолунда согушууга мал-жанын арнагандар сенден (бул казатка катышпоо үчүн) уруксат сурашпайт. Алла Таала такыбааларды билет. Аллага, акырет күнүнө ишенбеген жана жүрөгүндө шеги болгондор гана уруксат сурашат»** *(Тооба сүрөсү, 44-45-аяттар)*.

Эки жүздүүлөр жүрүшкө эч кандай даярдык көрүшкөн эмес эле. Ырас, бул да алардын жүрүшкө эч кандай ниети болбогонунун айдан ачык далили болучу. Жараткан Алла Таала:

وَلَوْ أَرَادُواْ الْخُرُوجَ لأَعَدُّواْ لَهُ عُدَّةً

**«(Элчим!) Эгер алар (Сени менен бирге согушка) чыгууну каалашса, албетте, алар ал үчүн даярдык кө-**

**рүшөр эле...»** *(Тооба сүрөсү, 46-аят)* - деп буюрат.

Согушка аттанганга чейин эки жүздүүлөрдүн кошуунга кошулбашы –Жараткандын мусулмандарга ыроологон өзүнчө бир жакшылыгы эле. Абалы, Абдуллах бин Убай Ухуд казатындагыдай эле, бул жүрүштөн да баш тартат. Бул жагдай жөнүндө Жараткан Алла мындай буюрат:

وَلَـــكِن كَرِهَ اللّهُ انبِعَاثَهُمْ فَثَبَّطَهُمْ وَقِيلَ اقْعُدُواْ مَعَ الْقَاعِدِينَ
لَوْ خَرَجُواْ فِيكُم مَّا زَادُوكُمْ إِلاَّ خَبَالاً ولأَوْضَعُواْ خِلاَلَكُمْ يَبْغُونَكُمُ الْفِتْنَةَ
وَفِيكُمْ سَمَّاعُونَ لَهُمْ وَاللّهُ عَلِيمٌ بِالظَّالِمِينَ

**«...Бирок Алла Таала алардын жүрүшкө катышуусун каалабай, тосуп койду да: «Үйүндө олтургандар менен чогуу олтура бергиле!» - деп айтылды. Эгер алар силер менен жүрүшкө барганда силердин ортоңорго жик түшүрүп, (ынтымагыңарды) ыдыратууга аракет кылышмак. Анткени алар ар дайым ушак чыгарууну көздөшүп, силерди өз ичиңерден иритмек. Алардын тыңчылары да бар. Алла Таала заалымдарды жакшы билет»** *(Тооба сүрөсү, 46-47-аяттар)*

Азыртадан элдин ортосуна от жагып элди бузган эки жүздүүлөр согуш майданына барганда ушак-айын, жалган жалаа менен бүтүндөй Ислам кошуунуна чоң зыян тийгизмек. Ошондуктан Алла Таала эки жүздүүлөрдүн жүрөгүнө бул жүрүштөгү машаккаттарды көргөзүп коркуу салат. Ошон үчүн алар согушка катышуудан баш тартышат. Ошентип, сахабалар алардан кутулушат.

Эки жүздүүлөр эптеп болсо да, бир шылтоо айтып, жүрүштөн калуу үчүн уруксат сурашат. Кээ бири өтө аша чаап Табуктун кыздарын көрүп, күнөө кылып алуу коркунучун шылтоо кылып,

уялбай уруксат сурагандан кайра тартпайт. Бу алардын такыбаа мусулман катары көрүнүп, эки жүздүүлүгүн жашырууга болгон аракети эле. Бирок Алла Таала алардын бул кылыгын да ачыкка чыгарат:

وَمِنْهُم مَّن يَقُولُ ائْذَن لِّي وَلاَ تَفْتِنِّي أَلاَ فِي الْفِتْنَةِ سَقَطُواْ وَإِنَّ جَهَنَّمَ لَمُحِيطَةٌ بِالْكَافِرِينَ

**«Алардын ичинен кээ бири: «Мага уруксат бер, мени азгырыкка алып барба» - дешет. Байкагыла, чынында алар (шайтанга) азгырылгандар. Шек-күмөнсүз, каапырлар – тозоку!»** *(Тооба сүрөсү, 49-аят)*

Эки жүздүүлөрдүн жүрөк үшүн алган Алла Таала ушак-айыңдан кыйла шайы кете түшкөн мусулмандарга эскертүү иретинде:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُواْ مَا لَكُمْ إِذَا قِيلَ لَكُمُ انفِرُواْ فِي سَبِيلِ اللّهِ اثَّاقَلْتُمْ إِلَى الأَرْضِ أَرَضِيتُم بِالْحَيَاةِ الدُّنْيَا مِنَ الآخِرَةِ فَمَا مَتَاعُ الْحَيَاةِ الدُّنْيَا فِي الآخِرَةِ إِلاَّ قَلِيلٌ إِلاَّ تَنفِرُواْ يُعَذِّبْكُمْ عَذَاباً أَلِيماً وَيَسْتَبْدِلْ قَوْماً غَيْرَكُمْ وَلاَ تَضُرُّوهُ شَيْئاً وَاللّهُ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ قَدِيرٌ

**«Эй, момундар! Силерге эмне болду? «Алланын жолуна (жихадка) чыккыла!» - дегенде, өз ордуңардан жылбай калдыңар го?! (Же) Акыретке караганда бул дүйнөдөгү жашоо жакшы көрүнүп жатабы? Бул дүйнөдөгү жашоонун пайдасы акыретке салыштырмалуу өтө эле аз. Эгер согушка чыкпасаңар, (Алла Таала) силерди жан чыдагыс азапка дуушар кылып, ордуңарга башка бир коомду алып келет. Силер Ага эч кандай зыян келтире албайсыңар. Алла Таала бүт нерсеге Кудуреттүү»** *(Тооба сүрөсү, 38-39-аяттар)*

انْفِرُواْ خِفَافاً وَثِقَالاً وَجَاهِدُواْ بِأَمْوَالِكُمْ وَأَنفُسِكُمْ فِي سَبِيلِ اللّهِ
ذَلِكُمْ خَيْرٌ لَّكُمْ إِن كُنتُمْ تَعْلَمُونَ

**«(Эй, момундар!) Мейли жеңил, мейли оор болсун, (согушка) чыккыла да, мал-жаныңар менен Алланын жолунда согушкула! Эгер билсеңер, силер үчүн эң жакшысы ушул!»** *(Тооба сүрөсү, 41-аят)*

Бул эскертүү момун-мусулмандарга кайрат берип, демине дем, күчүнө күч кошот. Мусулмандардын бир аз да болсо сууй түшкөн деми кайра ийге келип, бекемделип күчтүү ыйман кошууну куралат. Табук жүрүшүндө душман тарап Ислам өлкөсүнө согуш жарыялап жаткан эле. Ырас, бул учурда мусулмандарга жихад парз өкүмүндөгү ишке айланат. Мындан ар бир мусулман жооптуу эле. Ошону менен катар бул милдеттен четтетилгендер жөнүндө аятта мындайча маалымдалат:

لَّيْسَ عَلَى الضُّعَفَاء وَلاَ عَلَى الْمَرْضَى وَلاَ عَلَى الَّذِينَ لاَ يَجِدُونَ مَا يُنفِقُونَ
حَرَجٌ إِذَا نَصَحُواْ لِلّهِ وَرَسُولِهِ مَا عَلَى الْمُحْسِنِينَ مِن سَبِيلٍ وَاللّهُ غَفُورٌ رَّحِيمٌ

**«Алла Таалага жана Анын Элчисине ишенимдүү болгон алсыз адамдарга, оорукчандарга жана (ыйык согуш үчүн) салым кошууга күчү жетпегендерге күнөө жок. Жакшы амал кылуучуларды айыптоого эч кандай негиз жок. Алла Таала – Кечиримдүү, Мээримдүү»** *(Тооба сүрөсү, 91-аят)*

Аят боюнча, согуш милдетинен четтетилгендер мамлекетте бузуку ушак-айыңдарга, жалган кабарларга жол бербей, жихадка кеткен сахабалардын үй-бүлөлөрүнө жардам берип, жакшылык иштерди жасаса, согушка катыша албай калгандыктары үчүн күнөө алышмак эмес. Ошону менен бирге алардын согушка

катышууга да укугу бар эле. Анткени бул жаатта аларга эч кандай тыюу салынган эмес эле.

Кутман сахабалар Алла Тааланын жана Элчисинин жолунда жихадка чыгууга мал-жаны даяр турушкан. Табукка бараткан-да бир төөгө экиден, үчтөн адам кезектешип минишет. Бирок кошуунга кошулууну, ар дайым Алланын Элчиси менен бирге болууну чын көңүлдөн эңсеген, бирок минүүгө төө-ат таба албаган кедей сахабалар да бар эле. Булар Алланын Элчисине келип ал-абалын түшүндүрөт. Аларга чара табылбайт. Кайгы-муңга батып, көз жашын төгүп аргасыздан артка кайтышат. Алланын жолунда төгүлгөн бул көз жаш Жаратткандын уруксатына себепкер болот. Аятта:

وَلاَ عَلَى الَّذِينَ إِذَا مَا أَتَوْكَ لِتَحْمِلَهُمْ قُلْتَ لاَ أَجِدُ مَا أَحْمِلُكُمْ عَلَيْهِ تَوَلَّواْ
وَّأَعْيُنُهُمْ تَفِيضُ مِنَ الدَّمْعِ حَزَناً أَلاَّ يَجِدُواْ مَا يُنفِقُونَ

**«Жүрүшкө унаа сурап келгендерге: «Мен (аргасыздан) силерге унаа таап бере албайм» - деп айтканында, өздөрү да (жүрүшкө) сарптай турган нерсе таба албай, көз жашын армандуу төгүп кайткандарга да күнөө жок!»** *(Тооба сүрөсү, 92-аят).*

Аталган аятта Жараткан Алланын ырайымына бөлөнгөн сахабалардан азирети Абдуррахман бин Кааб менен азирети Абдуллах бин Мугаффал Алла Элчисинин жанынан көз жашын төгүп артка кайтып бараткaнда жолдон Ибн Ямин жолугуп:

-Эмне ыйлап жатасыңар? - деп сурайт.

-Пайгамбарыбыздан мингич сурап барган элек. Пайгамбарыбыз унаа таба албады. Өзүбүздө да Алланын Элчиси менен бирге жүрүшкө аттануу үчүн мингич жок! - деп жооп беришет.

Ибн Ямин экөөнө бир төө, анан кулазык да даярдап берет.

Азирети Аббас да ошол сахабалардан экөөнө, Азирети Осмон үч адамга мингич таап берет.[331] Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* да алардан мурда келген сахабаларга мингич таап берген эле.[332] Жүрүштөн четтетилсе да, Алла Элчисинен алыс болууга чыдай албаган, жүрөгү Жараткандын сүйүүсүнө толо бул сахабалар мындай баа жеткис сүйүүлөрүнүн натыйжасында жүрүшкө катышуу бактысына ээ болушкан эле.

Бул абал сахабалардын мал-жаны менен Жараткан жолуна канчалык берилгенин, жан дүйнөлөрүнүн кандай абалда экенин көрсөткөн мисалдардан бири.

Васила бин Аска Табук жүрүшү жөнүндө төмөнкүчө эскерет:

«Табук жүрүшүнө камылга көрүлүп жаткан эле. Элге кайрылып:

-Ким мага (Табукка чейин минип барганга) төөсүн берсе, мен ага өз үлүшүмө түшкөн олжомду берем – дедим.

Менин сунушума жооп кылып ансарлардан жашы өтүп калган бир адам мени майданга чейин кезектешип минип алып бара турганын айтты. Мен дароо макул болдум. Анда ал:

-Андай болсо, Алланын ысмы менен кеттик – деди. Жолго чыктык. Ошентип, Алла Таала олжо да насип кылды. Үлүшүмө бир канча төө түштү. Кийин төөлөрдү айдап тиги адамга алып келдим. Ал мага:

-Төөлөрүңдү албайм, алып кет! - деди.

-Келишим боюнча булар сиздики – десем да ал:

-Ээ, боордошум! Олжону ал! Мен сенин бул дүйнөлүк үлүшүңдү каалаган эмесмин. (Мен сенин сообуңа ортоктош бо-

331. Ибн Хишам, IV, 172; Вакиди, III, 994
332. Бухарий, Магази, 78

луунu каалайм) – деп төөлөрүмдү албай койгон эле» *(Абу Давуд, Жихад, 113/2676)*

Бул ибараттуу жүрүштө мал-жанды акырет казынасына айландырып, кыяматка чейин үмөткө үлгү боло турган көптөгөн окуялар жүзөгө ашат. Сахабалар Азирети Пайгамбарыбыздын айланасында кызмат кылуу үчүн көпөлөктөй чарк айланып, Жараткан Алланын жолунда бүт нерсесин арнаганын билдирип «Ата-энем сага садага, о, Алланын Элчиси!» - деп жүрүшкөн эле.

Акындардын бири сахабалардын Пайгамабарыбыздын айланасында чарк айланып, Алланын ыраазылыгына ээ болууга жасаган аракетин төмөндөгү мааниде ырга салган эле:

«Ар бир алган демим, мал-мүлкүм, ал тургай жаным да сага садага болсун!...»

Сахабалар ар дайым мына ушундай ышкы менен жашап келген. Абалы, азирети Ибн Умму Мактум эки көзүнөн ажыраса да, Кадисия согушуна катышып Ислам кошуунунда тууну көтөргөн эле.

Ошентип, кыска убакыттын ичинде үч түмөн (б.а., отуз миң жоокерден турган) Ислам кошууну куралат.[333] Алланын Элчиси Малик бин Нажжар уруусунун туусун азирети Умара бин Хазмга берет. Ошол учурда Пайгамбарыбыз азирети Зайд бин Сабитти көрүп, Умарадан тууну алып, Зайдка тапшырат. Азирети Умара :

-О, Алланын Элчиси! Мага ачууландыңызбы? - деп сурайт. Пайгамбарыбыз:

-Жок! Валлахи, ачууланган жокмун! Бирок силер да Куранды жогору деп билгиле! (Тууну Зайдка беришимдин себеби) Ал Куранды сенден да көп жаттаган! Көп Куран (сүрө) жаттаган

333. Вакиди, III,1002; Ибн Саад, II, 166

адам мурду кесик кара кул болсо да, (мындай иштерде) кезек биринчи ошол адамдыкы болот! - деп буюрат.

Авс жана Хазраж урууларына да тууларын көп сүрөө жаттагандарына беришин буюрат. Ошентип, Авф уруусунун туусун азирети Абу Зайд, Салима уруусунун туусун азирети Муаз көтөрөт *(Вакиди, III,1003).*

## Кайыр-садага жарышы

Жүрүшкө аттанаар алдында Алланын элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* кошуундун муктаждыгы үчүн алгач сахабаларды кайыр-садагага чакырган эле. Бул учурда Медина шаарында ачарчылык өкүм сүрүп турган эле. Ошентсе да, сахабалар ыйман ышкысы менен кайыр-садага жарышына түшөт. Азирети Абу Бакир мал-мүлкүнүн бардыгын алып келет. Анда Азирети Пайгамбарыбыздын:

«Абу Бакирдин мал-мүлкүнөн пайдаланганымдай эч кимдин мүлкүнөн пайдаланган жокмун…» - деген сөздөрүнө Абу Бакир чыдай абай көз жашын төгүп:

-Мен да, мал-дүнүйөм да бир гана өзүң үчүн эмеспизби, о, Алланын Элчиси?! - (Ибн Маажа, Мукаддима, 11) –деп өзү менен кошо мал-мүлкүн да Алланын Элчисине арнаганын жана аны жан дили менен Алланын ыраазылыгы үчүн сүйгөнүн ачык айкын айта алган.

Ал эми Алла Элчисинин:

-Бала-бакыраңа эмне таштадың, эй, Абу Бакир? - деген суроосуна ал бекем ыймандын деми менен толкундана:

-Алла Тааланы жана Анын Элчисин (таштадым, о, Алланын Элчиси)! – деп жооп берген эле! (Тирмизи, Манакиб, 16/ 3675).

Азирети Умар мал-мүлкүнүн жарымын алып келген эле. Бул жолкусунда кайыр-садага жаатында Азирети Абу Бакирден ашып түшүшүн ойлогон эле. Бирок бу жолкусунда да ал азирети Абу Бакирге жетпей калган эле.

Азирети Осмон кошуунга 300 төөнү толук даярдыгы менен багыштап, акчалай 1000 динар өлчөмүндө өз салымын кошот. Азирети Пайгамбарыбыз аны:

*«Осмонго (мына ушул кайыр-садагасы үчүн) мындан кийин кыла турган каталары эч зыян бербейт!»* *(Тирмизи, Манакиб, 18/3700; Ахмед, V, 63)* - деп алкаган эле.

Ошондой эле азирети Осмондун үй-бүлөсү да бүт бермет-каухарларын Алланын жолунда кайыр-садага кылып жиберген эле. Аял сахабалар да өздөрүнүн азем буюм-тайымдарын Азирети Пайгамбарыбызга алып келишкен эле.[334] Ал тургай он бир жашар кыз да кичине кезинде кулагына тагылган сыргасын тече албай кулагын жырып алып, канга боелгон сыргаларын Алланын Элчисинин алдына койгон эле.

Кедей сахабалар да колдорунан келишинче бул улуу жарыштан четте калбоонун айласын издешет. Булардан Абу Акил түнү бою иштеп сегиз окка[335] курма тапкан эле. Жарымын үйүнө, жарымын кошуунга багыштайт. Алланын Элчиси ага:

*-Алла Таала сенин алып келип бергенине да, үйүнө калтырганына да береке берсин!* - деп батасын берет. *(Табари, Тафсир, X, 251).*

Каапырлар мусулмандардын ушундай демине, багышына, кайыр-садагасына абдан ичи тарыйт. Алар ичиндеги бугун чыгаруу үчүн Абу Акил сыяктуулардын садагаларын эл көрсүн үчүн бергенин айласыздан айтып чыгат. Азирети Укба бин Амр

334. Вакиди, III, 992
335. Окка – 1283 граммдык оордук бирдиги.

*(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Садага жөнүндөгү аят[336] түшүрүлгөн кезде колубуздан келген салымыбызды кошууга аракет кыла баштадык. Ошол күндөрү бир адам «Алланын жолуна» - деп көп кайыр-садага таштап кетти. Эки жүздүүлөр анда да жөн турбай: «эл көрсүн үчүн кылып жатат» - деп чыгышты. Дагы бир адам келип, төрт окка өлчөмүндө курма берип кетти. Мында да эки жүздүүлөр мүмкүнчүлүктү текке кетирбей: «Мунун төрт окка курмасына Кудай муктаж болуп калган имиш» - деп кутман сахабаны кемсинтишти. Ошол учурда төмөндөгү аят түшүрүлдү:

الَّذِينَ يَلْمِزُونَ الْمُطَّوِّعِينَ مِنَ الْمُؤْمِنِينَ فِي الصَّدَقَاتِ وَالَّذِينَ لاَ يَجِدُونَ
إِلاَّ جُهْدَهُمْ فَيَسْخَرُونَ مِنْهُمْ سَخِرَ اللّهُ مِنْهُمْ وَلَهُمْ عَذَابٌ أَلِيمٌ

**«Алла Таала садага берүүгө умтулган момундарды шылдыңдаган (эки жүздүү) адамдардын, маңдай тери менен (эптеп) тапканын бергендерди келекелегендердин шермендесин чыгарат (кор кылат). Алар үчүн жан чыдагыс азап бар!»** *(Тооба сүрөсү, 79-аят) (Бухарий, Закат, 10; Муслим, Закат, 72).*

Бул хадистерден маалым болгондой, көп акча алып келген адам азирети Абдуррахман бин Авф *(Алла ага ыраазы болсун!)*, ал эми төрт окка өлчөмүндө курма алып келген зат – азирети Абу Акил *(Алла ага ыраазы болсун!)* эле.

Кедей мусулмандардан Улба бин Зайд түнүчүндө намазга туруп, Жаратканга алакан жая:

336. خُذْ مِنْ أَمْوَالِهِمْ صَدَقَةً تُطَهِّرُهُمْ وَتُزَكِّيهِمْ بِهَا وَصَلِّ عَلَيْهِمْ إِنَّ صَلاَتَكَ سَكَنٌ لَّهُمْ وَاللّهُ سَمِيعٌ عَلِيمٌ

«(Эй, Мухаммад) сен алардын мал-мүлкүнүн бир бөлүгүн өздөрүн аруулап тазалай турган садага катары алгын да алардын акысына дуба кыл. Албетте, сенин дубаң алар үчүн бейпилдик болот. Алла-Угуучу, Билүүчү» (Тооба сүрөсү, 103-аят)

«Оо, Жараткан! Жихадка чыгууга Сен буйрук бердиӊ, Сен үндөдүӊ. Элчиӊ менен бирге жихадка минип чыга турган мингич ыроолободуӊ. Элчиңе да мен үчүн мингич таап бербедиӊ! Мен ар дайым өзүмө жараша колуман келген садагамды берип келген элем. Оо, Жараткан! Мага насип буюрган мына бул малынды садага чаптым!»

Азирети Улба таӊ заарынан Алла Элчисине келип:

-О, Алланын Элчиси! Колумда садага кылчу эч нерсе деле жок. Мына бул малымды садага кылам! **Ал үчүн мени кайгырткан, мага акарат сөз айткан, мени маскара кылган адамга да акым адал болсун! -** дейт.

Алланын Элчиси:

-Алла Таала садагаӊды кабыл кылсын! - дейт. Пайгамабарыбыз эртеси күнү азирети Улбага:

-Мен сенин садагаӊды кабыл алдым. Сүйүнчү! Мухаммадды кудуретинде кармап турган Жараткан Аллага ант берем! Сен садагасы кабыл алынгандардын катарына кошулдуӊ – деген эле *(Ибн Хажар, аль-Исаба, II, 500; Ибн Касир, ас-Сира, IV, 9; Вакиди, III, 994).*

Эки жүздүүлөр мусулмандардын ичинен ыйманы тайыздарды согуштан баш тарттырууга бүт күчү менен аракет кылышат. Булар Сувайлим аттуу бир жөөттүн үйүндө топтолор эле. Алланын Элчиси мындан кабар алып, азирети Талханы бир канча сахаба менен жиберип Сувайлимдин үйүн өрттөтүп жиберет. Акыры эки жүздүүлөр тарап экинчи мындай кадамга барууга таакатыкалбайт.[337]

Ошондой эле эки жүздүүлөрдүн ушул кадамы үчүн эскертүү иретинде түшкөн аяттар мусулмандарга катуу дем берет. Момундардын бардыгы жүрүшкө чыгат. Медина шаары дээрлик

337. Ибн Хишам, IV, 171

бош калат. Согуш узакка созулушу мүмкүн эле. Ошондой эле, жаңы Ислам мамлекетинин борборунда кооптуу кырдаал түзүлүп калышы толук ыктымал эле. Ошондуктан мындай чалкеш учурда мусулмандардан бир тайпа борбордо турушу зарыл эле. Ырас, мындай мамлекеттин тизгинин колдо кармаганга күчү жеткен тайпа болбосо, жаңы түптөлгөн мамлекеттин кулашы бышык болучу. Бул жагдай жөнүндө Алла Тааладан төмөнкү аят түшүрүлөт:

وَمَا كَانَ الْمُؤْمِنُونَ لِيَنفِرُواْ كَآفَّةً فَلَوْلاَ نَفَرَ مِن كُلِّ فِرْقَةٍ مِّنْهُمْ طَآئِفَةٌ لِّيَتَفَقَّهُواْ فِي الدِّينِ وَلِيُنذِرُواْ قَوْمَهُمْ إِذَا رَجَعُواْ إِلَيْهِمْ لَعَلَّهُمْ يَحْذَرُونَ

**«Ырас, момундардын баары толугу менен душмандарга аттануулары шарт эмес. Ар бир тайпадан дин илимин үйрөнүп, алар душмандардан кайтып келген кезде, (аларга) эскертүү берип Алланын азабынан сактануулары үчүн жүрүшкө чыкпоосу кажет»** *(Тооба сүрөсү, 122-аят).*

Ошентип, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Жараткандын буйругуна ылайык, борбордо калган мусулмандардын коопсуздугу үчүн азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун!)* менен Мухаммад бин Масламаны *(Алла ага ыраазы болсун!)* Мединага калтырат.

## Саатул-усра – Оор учур

Ошентип, Пайгамбарыбыз ушундай кыйын учурга карабастан Ислам кошуунун баштап жолго чыгат. Чындыгында ал учур өтө оор эле. Атап айтканда, алар төмөнкүдөй эле:

1. Кургакчылык.

2. Жолдун алыстыгы жана жөө жүрүүгө өтө оор эрме чөл.
3. Дан-эгиндерди оруп-жыйноо, түшүмдөрдү алуу күч алып турган мезгил.
4. Учу-кыйыры көзгө илешпеген чөлдүн мээ кайнаткан ысык аптабы.
5. Византия кошуунунун күчтүү болушу.

Ошондуктан бул жүрүш «Газватул-Усра» - «Оор Казат» - деп да айтылып калган. Ал эми аталган жүрүшкө чыккан кошуун «Жайшул-Усра» - «Жапа чеккен кошуун», ал эми ошол учур «Саатул-Усра» - «Оор учур» - деп аталып калган эле.

Кошуун жолго чыккан соң азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун!)* эки жүздүүлөрдүн ушак-айындарына, кемсинтишине чыдай албай кошуунга жетип келип, Азирети Пайгамбарыбыздан согушка катышуу үчүн уруксат сурайт:

-О, Алланын Элчиси! Эки жүздүүлөр жактырбагандыгыңыз үчүн мени Мединага таштап кеткен деп айтып жатышат! Мага да уруксат бериңиз?

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

-Эй, Али! Алардын сөзү жалган. Мен сени Мединадагы мусулмандарга баш-көз болуу үчүн өкүлүм катары калтыргам. Дароо артка кайт! Өзүңдүн үй-бүлөңө да, менин үй-бүлөмө да баш-көз бол, алар үчүн менин өкүлүм бол! Эй, Али! Менин жанымда сен (Тур тоосуна бараткан) Мусага арка-жөлөк болгон Харун сыяктуусуң, буга ыраазы эмессиңби? Бирок бул жерде бир айырма бар (ал экөө тең пайгамбар болушкан, ал эми сен пайгамбар эмессиң), менден кийин пайгамбар келбейт - деп буюрат *(Ибн Хишам, IV, 174; Бухарий, Магази, 78; Муслим, Фадаилус-Сахаба, 31).*

Пайгамбардын алкышына арзыган азирети Али кубанычы койнуна батпай кайра артка кайтат.

Кошуун Мединадан кыйла узап кеткен эле. Арадан бир топ убакыт өткөн соң сахабалардан азирети Абу Зар кошуунга жетип келет. Ал аранжан төөсүн жолго таштап, кыйын да болсо кошуундун аркасынан жөө келген эле. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Абу Зарды көрүп, ууртунан жылмайып:

*«Жараткан Алла Абу Зарды Өз ырайымына бөлөсүн! Ал жалгыз жашап, жалгыз өлүп, жалгыз өзүнчө тирилтилет»* - деп буюрат.

Алла Элчисинин кереметтүү бу сөзү убакыттын өтүшү менен жүзөгө ашып, Абу Зар жалгыз жашап, жалгыз каза болгон эле *(Вакиди, III, 1000).*

Ырас, Ислам кошуунунун сапары өтө машакаттуу болот. Күндүн аптабы мээ кайнатат. Үч адамга бир төө болгондуктан кезек-кезеги менен минишет. Бу да өзүнчө түйшүк эле. А түгүл бир курманы эки адам бөлүшүп жешет. Эрме чөлдө суу табуу да өтө оор эле. Ошондуктан мусулмандар даарытта мүчөлөрүн бир жолудан гана жуушат. Ушул учурда маасыга масх тартуу жөнүндө Жаратkandан буйрук келет. Анда жөн адамдар үчүн бир күнгө, жолоочулар үчүн үч күнгө бир жолу гана масх тартууларына уруксат берилет.[338] Мусулмандар суга зар болуп турган чакта Алланын Элчиси Жаратканга дуба кылат. Жараткан Алла сүйүктүү Элчисинин дубасын кабыл алып, Ислам кошууну турган жерге ырайым жамгырын жаадырат.[339]

Ислам кошууну Самуд коому жер менен жексен болгон Хижр аймагынан өтүп баратканда Алланын Элчиси сахабаларга:

*-Бул жерден тезинен чыгуу керек!* *(Вакиди, III, 1000).*

*-Өзүнө-өзү зулум кылган коомдун аймагына ыйлап киргиле. Болбосо алардын башынан өткөн нерселер силердин да башы-*

338. Ибн Мажа, Тахарат, 45; Ахмед, IV, 27

339. Ибн Хишам, IV, 177

*нарга келип калышы ыктымал* - деп, башын жаап бул жерден ылдам басып өтөт. Сахабаларга бу жерден алган сууну кайра төктүрөт. *(Бухарий, Анбия, 17; Тафсир, 15/2; Муслим, Зухд, 39).*

Кудайдын каарына калган коом жашаган аймакта болгон апааттын таасири аз да болсо кыяматка чейин уланат. Андыктан мындай жерлерден Жараткандын каарына калбоо үчүн Алланын Элчиси буюргандай тез өтүү зарыл.[340]

Хижр аймагында түнөгөн кечте Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Бүгүн түнүчүндө катуу шамал болот. Төөнөрдү бекем байлагыла, эч ким өйдө турбасын, отурсун!»* - деп буюрат. Чындап эле Пайгамбарыбыздын айтканындай ошол түнү катуу бороон-чапкын башталат. Сахабалардан бир адам даарат алмак болуп шамалдан өйдө тура албай коет. Төөсүн издеп чыккан дагы бир сахабаны Тай тоосуна учуруп кетет *(Бухарий, Зекет, 54; Муслим, Фадаил, 11).*

Табукка бир күндүк жол калганда суулары түгөнүп, кутман сахабалар абдан кыйналышат. Азирети Муаз бин Жабал мындай дейт:

340. Абалдардын бири-бирине таасир этүүсүнө бир мисал;

Жапан окумуштуусу Масару Эмото тонуп калган суу кристаллына карата жасаган изилдөөсүндө булардын түз, эстетикалык жана алты бурчтуу формада болгондугун, ошондой эле адам колу тийбеген табигый булактын суусунда мындай кристаллдар ажайып кооз формага ээ экендигин байкаган. Эмото эки окшош идиштеги сууну тондуруу менен анын кристаллдарына изилдөө жүргүзүп көрөт. Биринчи идиштеги сууга сүйкүмдүү, жылуу, жагымдуу сөздөрдү сүйлөп аны тондуруп көргөндө табигый кооздугун ошол бойдон сактаганын байкайт. Ал эми экинчи идиштеги сууга жаман маанидеги сөздөрдү жана «шайтан» - деген сөздү шыбырап, анан тондуруп көргөндө тонгон суу кристаллынын ар кайсы жеринен жарака кетип, табигый өзгөчөлүгүн жоготуп койгонун көрөт. Тондурулган суунун биринчисинен ошол эле учурда көркөм, жагымдуу музыканын, экинчисинен болсо жан дүйнөнүн тынчын ала турган кунарсыз ритмдердин элесин берген абалды да байкаган.

Масару Эмото бул табылганы дагы да бекемдөө үчүн ушуга окшогон тажрыйбаны демделип бышырылган күрүчтү эки башка айнек идишке салып көрөт. Алардын биринчисине «ырахмат», экинчисине «акмак» - деп жазылган кагаздарды таштап, бир ай бою бул идиштерге такай ошол жазылган сөздөрдү кайталап айтып турат. Бир айдан кийин биринчи идиштеги күрүч кандай салынган болсо, ошондой таптаза, апапак бойдон чыгат. Ал эми экинчи идиштеги күрүчтүн жагымсыз жыт чыгарып, карара баштаганын көрөт.

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*-Силер эртең Кудай буюрса, Табук булагына жетесиңер!* - деди.

(Эртеси күнү булакка жеткенде) сахабалар уучтап бир кумганды толтурушту. Алланын Элчиси колун чайкап, нур тамылжыган жүзүн жууп, кумганда калган сууну кайра булакка чачып жиберди. Андан соң учу темирден жасалган үч таякты булакка матырды. Ошол замат таяк матырылган жерден үч булак атырылып чыкты. Сахабалардын баары суусунун кандырышты. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мага:

-Эй, Муаз! Өмүрүң узун болгондо бул суу менен ушул жерлер бак-дарактуу бакчаларга айланганын көрөөр элең – деди» *(Муслим, Фадаил, 10; Ахмед, V, 238).*

Табук сапарында сахабалар:

-О, Алланын Элчиси! Уруксат берсеңиз, төөлөрүбүздү союп жесек? - деген ойлорун билдирет. Алланын Элчиси:

-Айтканыңардай болсун, уруксат! - дейт. Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-О, Алланын Элчиси! Эгер төөлөрдү союуга уруксат берсеңиз, кошуунда төөлөр кескин түрдө азаят. Кааласаңыз, аларга колдорундагы азыктарды алып келүүлөрүнө буйрук бериңиз, андан соң ага береке берүүсү үчүн Алла Таалага дуба кылыңыз. Кудай буюрса, Алла Таала берекесин берээр - деген оюн айтат.

Азирети Пайгамбарыбыз муну да туура таап:

-Мейли, андай кылса да болот! - деп буюрат. Тери төшөктү жерге жайдырат. Андан соң кутман сахабаларына болгон азыгын алып келишин буюрат. Куржун-баштыктарынын түбүнөн кээ бири бир ууч таруу тапса, кээ бири бир ууч курма таап алып келишет. Чынында өтө эле аз күлазык чогулган эле. Алланын

элчиси Жараткан Аллага алакан жая дуба кылган соң:

- Баштык, куржундарыңарга бул кулазыктарды салгыла! - деп буюрат. Жоокерлер баштык, куржундарын толтурат. Толбой калган бир да куржун, баштык калбайт. Андан соң Ислам кошуун дастарконго отуруп тойгончо жешет. Дастаркондо тамак-аш көп эле артып калат. Ошондо Алланын Элчиси мындай дейт:

*-Алладан башка кудайдын жоктугуна жана менин Алланын Элчиси болгондугума күбөгө өтөм! Алланын жалгыздыгына жана Мухаммаддын пайгамбарлыгына ишенбей Алланын алдына барган адам бейишке кирбейт» (Муслим, Иман, 45).*

Ислам кошууну Табукка келип чатырларын тигип, душмандарды күтөт. Бирок душман тараптан эч кандай кабар келбейт. Анткени чоң Ислам кошуунун көргөн христиан арап уруулары, мурунку Мутадагы үч миң кишилик ыйман кошуунунун көргөзгөн каармандыктарын эстеп, деми сууп, согуштан баш тартышкан эле. Ал эми Византия империясы болсо, «Арапстанды басып алам» - деген пикиринен эбак кайткан эле. Анткени Византия императору ал кезде Хумуста өз мамлекетинин ички маселелери менен алпурушуп жүргөн болучу. Ошентип, Арапстандын басып алынышы жөнүндөгү кабар христиан Гассани араптарынын каңырыш кабары болгону ачыкка чыгат.

Бул жүрүштө мусулмандардын кадыр-баркы дагы да бийиктейт. Табук сапарынан соң Арапстандын түндүк бөлүгү толугу менен коопсуздукка алынат. Айла өкүмдары, Жарба жана Азрух элдери, Макна жөөттөрү жизия (салык) төлөө менен Азирети Пайгамбарыбыздан коопсуздук тилеп, мусулмандардын карамагына өтүшөт. Азирети Халид бин Валид төрт жүз жыйырма атчан колу менен Думатул-Жандалга чабуул жасап, христиан өкүмдары Укайдыр бин Абдулмаликти кармап, Алла Элчисине алып келет. Ага да жизия төлөө аркылуу коопсуздук берилет

*(Ибн Хишам, IV, 180-182; Ибн Саад, I, 276-277; Ахмед, V, 425).*

Ислам кошууну Табукта жыйырма күн турат. Алланын Элчиси жүрүшүн улантып, дагы башка чөлкөмдөргө барууну каалабайт. Анткени Ал Исламды элге кылычтын мизи менен жеткирүү үчүн келген эмес болучу. Византия империясын да опузалап, алдыларына эч бир душман чыга алган эмес эле. Бул учурда Сирияда «таун» оорусу күч алып турган эле. Таун жугуштуу жана өлүмгө тез алып келүүчү оору болгондуктан азирети Пайгамбарыбыз:

*«Бир аймакта таун оорусу күч алып жатканын уксанар, ал жакка барбагыла! Эгер силер ошол жакта болсоңор, ал жерден чыкпагыла!»* - деп буюрган *(Бухарий, Тыб, 30).*

Ошентип, Алланын Элчиси сахабалары менен кеңешип Мединага кайтууга чечим чыгарат.

Бул учурда Абу Хайсама кошуунга жетип келет. Ал сапардын машакаты үчүн Мединада калган эле. Күндөрдүн биринде бакчасындагы саябанга аялдары дасторкон даярдап койгон болот. Абу Хайсама дасторконду көрүп, дароо Алланын Элчисин жана сахабаларын ойлоп, жүрөгү сыздап, зээни кейийт. Ичинен:

«Алар бул аптапта Алланын жолунда кыйынчылыктарды башынан өткөрүп турган чакта мен бул жерде кантип олтурам?» - деп, бушайман болуп, дастаркондон эч даам татпай, дароо жолго аттанып, Табукта Ислам кошуунуна кошулуп отургандагысы эле. Алланын Элчиси Абу Хайсаманы көрүп ыраазы болуп:

-Эй, Абу Хайсама! Аз калды, жок болоор элен!... – деп, ал үчүн Жаратканга дуба кылат *(Ибн Хишам, IV, 174; Вакиди, III, 998).*

Жараткан кулдарына кудуретинен сырткары бир да ишти буюрбайт. Адамдын күчү жете турган иштерди гана буюрат. Бул жерде Абу Хайсама да күчүнүн жетишинче өз милдетин аткарган эле.

Бул окуялар биз үчүн жандуу сабак. Бул бүт мүмкүнчүлүгүбүздү Жараткандын жолунда сарптаганыбызды таразага салууга жана мусулман болуунун жоопкерчилигин ойлонууга эң сонун мисал.

Алланын Элчиси Табукта эртең менен бир курма дарагына жөлөнүп кутпа окуйт. Алла Таалага шүгүр келтирип:

*«Адамдын жакшысы - ат-төө үстүндө же жөө жүрүп өлгөнгө чейин Алланын жолунда күрөшкөн адам! Ал эми адамдын жаманы - Алланын китебин окуп, андан эч пайдаланбаган күнөөкөр адам!*

*Кулагынарга күмүш сырга! Сөздүн нускасы да, туурасы - Алланын Китеби! Бекем кармана турган жип – такыбаалык! Диндин жакшысы - Ибрахим алейхис-салаамдын Исламы! Сүннөттүн кайырлуусу – Мухаммаддын сүннөтү! Сөздүн улуусу – Алланы зикир кылуу. Икаянын жакшыси Куран(да баяндалган икаялар) эсептелет![341] Амалдын жакшысы Жараткан талап кылган парз иштер. Амалдын жаманы – бидат (Азирети Пайгамбарыбыздан кийин динде жок нерсени динге киргизүү). Адал жол – Пайгамбардын баскан изи, көздөгөн багыты. Бактылуу өлүм – шейиттик.*

341. Ыйык Курандын үчтөн биринен көбү окуялардан турат. Алла Таала Курандагы бул окуялардын маанилүүлүгүн билдирип, алар жөнүндө терең ойго батуубузду, керектүү сабактарды алышыбызды, алар аркылуу жашообузду тартипке салуубузду буйурат. Куран аяттарында минтип айтылат:

نَحْنُ نَقُصُّ عَلَيْكَ أَحْسَنَ الْقَصَصِ بِمَا أَوْحَيْنَا إِلَيْكَ هَـٰذَا الْقُرْآنَ

**«(Эй, Мухаммад) Биз сага ушул Куранды аян-кабар кылуу менен аңгемелердин эң көркөмүн баяндап беребиз…»** (Юсуф сүрөсү, 3).

فَاقْصُصِ الْقَصَصَ لَعَلَّهُمْ يَتَفَكَّرُونَ

**«…Окуяны баяндап бер, балким ойлонушар»** (Аараф сүрөсү, 176).

وَلَقَدْ ضَرَبْنَا لِلنَّاسِ فِي هَذَا الْقُرْآنِ مِنْ كُلِّ مَثَلٍ لَعَلَّهُمْ يَتَذَكَّرُونَ

**«Ант берем! Биз адамдарга сабак алышсын деп Куранда түркүн мисалдарды келтирдик»** (Зумар сүрөсү, 27).

*Сокурлуктун эң жаманы туура жолду тапкан соң андан таюу. Аз болуп жеткен нерсе көп болуп алагды кылып Аллага моюн сунуудан баш тарттырган нерседен жогору. Кечирим суроонун жаманы ажал келген кездегиси. Бушаймандыктын жаманы кыямат күнүндөгүсү. Адамдын жаманы Жума намазына эң акыркы келген жана Алланы жаман тил менен эстеген адам. Жаңылышы эң көп адам - жалган сүйлөгөн адам.*

*Байлыктын жакшысы – жан дүйнөнүн байлыгы. Азыктын жакшысы – такыбаалыктын азыгы. Хикматтын (даанышмандыктын) башаты – Алла Тааладан коркуу сезими. Хикматсыз (сөз жана) ыр Иблистин иши. Арак - күнөөнүн башаты. Бузуку аял - шайтандын тузагы. (Тарбия көрбөгөн) жаштык - жиндилик. Пайыз (процентен келген киреше) - кирешенин эң жаманы. Жетимдин мал-мүлкүн жеш – адам акысын тепсегендин эң жаманы. Бактылуу адам - башка адамдын абалынан сабак ала алган адам.*

*Ар бир адам көргө кирет. Амалдын эсеби акыретке калат. Амалдагы негизги маселе – натыйжа. Ойдун жаманы – туура эмес, жалган ой. Мусулманга акаарат келтирүү - күнөө. Мусулманды өлтүрүү - куфр. Мусулмандын этин жегендик (ушактоо) - Алланын буйругуна каршы чыккандык..*

*Аллага жалган касам ичкен адам жалганга чыгарылат. Кечирим сураган адам Алла Таала тарабынан кечирилет. Ким ачуусуна ээ чыкса, Алла Таала ага акыбетин (сооп) кайтарат. Башына балээ түшкөн адамга Алла Таала акыбетин берет. Алла Таала кыйынчылыкка туш болгон адамдын сыйлыгын ашыкчасы менен берет. Аллага каршы чыккан адамды Алла Таала оор азапка дуушар кылат!*

*Оо, Жараткан Алла! Мени жана үммөтүмдү кечире көр!*

*Оо, Жараткан Алла! Мени жана үммөтүмдү кечире көр!*

*Оо, Жараткан Алла! Мени жана үммөтүмдү кечире көр!*

*Өзүм жана силер үчүн Алладан кечирим тилейм!»* *(Вакиди, III, 1016-1017; Ахмед, III, 37; Ибн Касир, Бидая, V, 13-14)*

## Табук сапарынын жалгыз шейити

Табук жүрүшүндө бир гана сахаба шейит кеткен эле. Ал азирети Абдуллах бин Музани *(Алла ага ыраазы болсун!)* эле. Азирети Абдуллах бин Музани өз уруусунан Ислам динин кабыл алган жалгыз адам болгон эле. Жаштайынан атасынан ажыраган эле. Ал эми атасы ага мураска эч нерсе калтырган эмес эле. Азирети Абдуллахтын абасы бай адам болот. Ал абасынын колунда тарбия көрүп чоңоёт. Алланын Элчиси Мединага журт которгон кезде Абдуллах мусулман болгусу келсе да, бутпарас абасы үчүн Ислам динине кире албай калган эле. Азирети Пайгамбарыбыз Меккени колго алып, Мединага кайткан кезде азирети Абдуллах абасына:

-Аба! Мусулман болушуңду ушул күнгө чейин күтүп келдим. Бирок сенин дале болсо, Мухаммадга моюн сунарыңды көрбөй келем! Эч болбосо, менин мусулман болушума уруксат берсеңиз? - дейт.

Абасы:

-Эгер сен Мухаммадга моюн сунсаң, сага берген байлыгымды, жадагалса кийиминден өйдө кайра алам! - деп кесе айтат.

Анда азирети Абдуллах:

-Валлахи, Мухаммадга моюн сундум! Ташка, айкелге табынуудан баш тарттым! Мендеги байлыгыңды алсаң ал! - деп жооп кайтарат.

Абасы айтканындай, кийиминен бери бүт нерсесин кайта-

рып алат. Азирети Абдуллах *(Алла ага ыраазы болсун!)* кийими жок апасына барат. Апасы калың жүндөн токулган кездемесин экиге бөлөт. Азирети Абдуллах жарымы менен белинен төмөн жагын ороп, экинчи бөлүгүн үстүнө жамынчы кылып алат. Ошол замат Мединага барып Алла Элчисине жолугууну жан дилден самайт. Эч бир тоскоолдукка баш бербейт. Ошентип өз журтунан чыгып, ошол түнү жолго түшөт. Узак сапарда ачкалыктан алдан тайып араң Мединага жакындайт. Абдан толкунданат. Бирок ошону менен бирге үстүндөгү жаман жүн кездеме менен Алла Элчисинин алдына баруудан уялат. Алланын Элчиси менен жолугуу кусалыгына күйүп-жанып Набави мечитине кирип келет. Таң атканча мечитте жатат. Азирети Пайгамбарыбыз багымдат намазына келип, намазын окуп болгон сон, жамаатка көз кырын салып үйүнө кайтаарда азирети Абдуллахты көрөт. Ырайымдуулуктун пайгамбары бул кутман сахабага өзүнүн мухит сымал чалкыган мээрими менен кучагын жаят. Абдуллахтын өз аты Абдулузза (б.а., Уззанын кулу) эле. Пайгамбарыбыз:

-Сен Абдуллах зуль-Бижадайнсың (жүн кездеменин ээси)! Мага жакын жерде бол! Тез-тез менин жаныма келип тур! - деп буюрат. Азирети Абдуллах *(Алла ага ыраазы болсун!)* асхабы суффадан Ыйык Куран үйрөнүп, бир топ сүрөлөрдү жаттаган эле.

Алланын Элчисине жан дили менен моюн сунган бул кутман сахаба Анын жанында жихаддан жихадка жүгүрүп жүрүп, мына минтип шейит болуп Жаратkандын жолунда жан берүү бактысына жеткен эле. Табук жүрүшүнө аттанаар алдында ал шейит кетүүсү үчүн азирети Пайгамбарыбыздан дуба кылышын кайра-кайра суранып туруп алган эле. Анда Пайгамабарыбыз:

*«Оо, Жараткан Алла! Анын канын каапырларга арам кыла көр!»* - деп дуба кылган эле.

Азирети Абдуллах:

-О, Алланын Элчиси! Мен аны сураган эмесмин! – деген кезде Алланын Элчиси:

*-Сен Алланын жолунда согушка чыгып, хумма оорусуна чалдыгып өлсөң да шейитсин! Мингенин сени жерге кулатып мойнунду сындырса да, шейитсин! Эч кабатырланба! Мунун кайсынысы болсо да, сен шейит болосуң!* - дейт.

Чынында эле, анын шейит кетиши мужизалык түрдө, Алла Элчисинин айтканындай жүзөгө ашкан эле. Кошуун артка кайтуу даярдыктарын көрүп жаткан түнү бирөө Пайгамбарлардын мырзасы, экөө Алланын жана Элчисинини досу болуп үч киши бир жаназаны (өлүктү) көтөрүп баратышкан эле. Бул үч киши Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Азирети Абу Бакир жана Азирети Умар *(Алла аларга ыраазы болсун!)* эле. Жаназа болсо, азирети Абдуллах Зул-Бижадайн эле.

Муну суктануу менен карап турган азирети Абдуллах бин Масуд мындай дейт:

«Түнүчүндө сахабалар тиккен чатырлардын бир бурчунан чыккан жарыкты көрдүм. Өйдө туруп артынан түштүм. Карасам, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Азирети Абу Бакир жана Азирети Умар Абдуллах Зул-Бижадайндын жаназасын көтөрүп баратышыптыр. Бир жерге келип, көр казышты. Алланын Элчиси көргө түштү. Абу Бакир менен Умар *(Алла аларга ыраазы болсун!)* жаназаны Пайгамбарыбызга түшүрүү үчүн даярданышты.

Алланын Элчиси:

-Боордошунарды мага жакындаткыла - деп буюрду. Жаназаны түшүрүштү. Жаназаны кучагына алган Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* аны көрдө жата турган жерине жаткырып Жаратканга алакан жая:

«Оо, Жараткан Алла! Мен ага ыраазымын, ар дайым ыраазы

болуп келдим, Сен дагы ыраазы боло көр!..» - деп дуба кылды».

Азирети Абдуллах бин Масуд *(Алла ага ыраазы болсун!)* сөзүн улап:

«Буга абдан суктандым. Зул-Бижадайнга абдан суктандым. Ошол кезде:

«Аттиң, бул кабырдын ээси мен болсом, кана! Аттиң, ошол жерге Пайгамбардын купулуна толуп көмүлгөн адам мен болсом, кана!» - деп кайра-кайра суктанганмын!» - дейт. *(Ибн Хишам, IV, 183; Вакиди, III, 1013-1014; Ибн Асир, Усдул-Гааба, III, 227)*

## Эки жүздүүлөрдүн кыянаты жана Дырар мечити

Мусулмандар Табук жүрүшүнөн кайтып келатканда эки жүздүүлөр түнүчүндө тар жолдо Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* өмүрүнө кол салууга ниеттенишкен эле. Азирети Пайгамбарыбыз мындан кабар алып, алдын ала Хузайфа аль-Яманини эки жүздүүлөргө жөнөтөт. Азирети Хузайфа эки жүздүүлөр күтүп турган жерге барып:

-Эй, Алланын душмандары! Жолдон тургула, жоголгула! - деп кыйкырып, эки жүздүүлөрдү кубалайт (Ахмед, V, 453).

Бирок Алланын Элчисин дагы бир экинчи тузак күтүп турган эле. Исламдын тамыр алышы менен Медина менен Мекkeden көчүп кеткен Хазраж арап уруусунан Абу Амир Фасык аттуу христиан Византияга баш калкалап, эч тынбастан эки жүздүүлөрдү мусулмандарга каршы тукуруп жаткан эле. Алар бузукулуктун очогу катары Куба Мечитинин бир аз алды жагына мечит курушкан эле. Ал атактуу Дырар мечити эле...

Эки жүздүүлөр караниетине жетүү үчүн Пайгамбарыбыз-

ды Табук жүрүшүнөн мурун Дырар мечитине чакырышкан эле. Пайгамбарыбыз:

-Табук жүрүшүнөн сон, Кудай буюрса! - деп жооп берген эле. Ошентип, алар Ислам кошуунунун кайтышын күтө башташат.

Алланын Элчиси Мединага бир тыным калганда Жабраил периште келет. Ал Пайгамбарыбызга аталган мечит жөнүндө толук маалымат берет. Ошентип эки жүздүүлөр тарабынан даярдалган бул тузак да Пайгамбарыбызга эч кандай зыянын тийгизе албай калат. Анткени Алла Таала бул акыйкатты ачык айкын түрдө төмөнкүчө билдирет:

وَالَّذِينَ اتَّخَذُواْ مَسْجِداً ضِرَاراً وَكُفْراً وَتَفْرِيقاً بَيْنَ الْمُؤْمِنِينَ وَإِرْصَاداً لِّمَنْ
حَارَبَ اللّهَ وَرَسُولَهُ مِن قَبْلُ وَلَيَحْلِفَنَّ إِنْ أَرَدْنَا إِلاَّ الْحُسْنَى وَاللّهُ يَشْهَدُ
إِنَّهُمْ لَكَاذِبُونَ لاَ تَقُمْ فِيهِ أَبَداً لَّمَسْجِدٌ أُسِّسَ عَلَى التَّقْوَى مِنْ أَوَّلِ يَوْمٍ أَحَقُّ
أَن تَقُومَ فِيهِ فِيهِ رِجَالٌ يُحِبُّونَ أَن يَتَطَهَّرُواْ وَاللّهُ يُحِبُّ الْمُطَّهِّرِينَ

**«Исламга зыян тийгизүү, каапырлык кылуу, мусулмандардын арасын ыдыратуу жана мурдатан эле Алла Таала менен Анын Элчисине каршы согушуп келе жаткан адамдарды тосуп алуу үчүн мечитти кургандар: «Жакшылыкты гана каалаган элек» - деп ант ичишет. Ошондой, Алла Таала алардын ашкан жалганчы экенине күбө. Ал мечитте эч качан намаз окуба! Алгачкы күндөн бери такыбалык негизинде салынган мечитте намазга туруун сен үчүн ылайыктуу. Ал жерде күнөөдөн абдан тазарууну чындап ниет кылган кишилер бар. Алла Таала тазаларды сүйөт»** *(Тооба сүрөсү, 107-108-аяттар)*

Мунусунда эки жүздүүлүгү менен гана чектелип калбай, Пайгамбарыбыздын өмүрүнө кол салууга көз көрүнөө кадам таштажкан эле. Ошондуктан эки жүздүүлөрдү ачыкка чыгаруу,

мечит атанып курулган тузак үйүн жыгуу зарыл эле.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* адаттагыдай Жараткандын буйругу менен кадам шилтейт. Ал Мединага барган соң Дырар мечитине өрт коюп, күлүн асманга сапырат *(Ибн Хишам, IV, 185).*

## Жеңил жихаддан оор жихадка карай!

Алланын Элчиси катышкан акыркы Табук жүрүшү өтө оор жүрүш эле. Ислам кошууну миң чакырым басып, кайра кайтып келатышкан эле. Мединага жакындап калганда өңү-түстөрү кадимкидей өзгөрүп калган эле. Терилери сөөктөрүнө жабышып, чач-сакалдары үрпөйүп жүдөп келе жатышкан эле. Мына ушундай мезгилде Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* кутман сахабаларына кайрылып:

-*Азыр женил жихаддан, оор жихадка кайтып баратабыз!* - дейт. Кутман сахабалар абдан таң калып:

-О, Алланын Элчиси! Кебетебиз бу! Мындан да оор жихад барбы? - дешет. Анда Алланын Элчиси :

-*Ооба, азыр биз оор жихадка, б.а., напси менен күрөшүүгө кайтып баратабыз!* - деген эле. *(Суюти, II, 73)*

Ырас, напси менен күрөшүү, аны теске салуу – бул, чоң жихад. Себеби мунун максаты – бийик адеп-ахлакка ээ болуу, руханий жактан бышып жетилүү. Ал эми буга улуу чындыкка жуурулган акыл, ыйманга жана адеп-ахлакка сугарылган жүрөк менен, ыйык Курандын жана куттуу сүннөттүн руханиятына ылайык жашоо менен гана жетүүгө болот.

* * *

Алланын Элчиси Мединага кайтып келгенде аны жана Ис-

лам кошуунун бир башкача маанай менен тосуп алышат. Балдар да бүткүл ааламдын сыймыгы болгон азирети Пайгамбарыбызды Саниятул-Вадада тосуп алуу үчүн жолго чыгышкан эле.[342]

## Тооболору[343] бир топко чейин кабыл болбогон үч сахаба

Мединада калып Табук жүрүшүнө катышпай калган үч топ бар эле:

1. Үзүрлүүлөр (олуттуу себеби барлар): булар Куран аяттары аркылуу Мединада калышкан эле. Алланын Элчиси алар жөнүндө Ислам кошуунуна мындай деген эле:

*«Мединада ушундай бир топ бар, алар биз басып өткөн жолдон биз менен басып өткөн(дөй соопко ээ болушат)! Анткени алар жүйөлүү себептер менен артта калышкан» (Бухарий, Магази, 81; Муслим, Имара, 159).*

Хадистердин биринде:

*«Амалдар ниетке жараша болот!..»* - деп айтылат *(Бухарий, Бадуль-Вахий, 1).*

2. Эки жүздүүлөр: булар бир топ себептерден улам Пайгамбарыбыздын бул

сапардан кайта албай калышын ойлоп, кошуунга чыкпаган эки жүздүүлөр. Бирок эки жүздүүлөр Азирети Пайгамбарыбыздын чоң ийгиликтерге жетүү менен аман-эсен кайтып келгенин көргөндө Пайгамбарыбызга ошол замат келип, өздөрүнчө актанышып миң түркүн сөздөрдү айтып, кечирим тилешет. Ошол кезде сексенге чукул эки жүздүү адам бар эле. Алар жөнүндө

342. Бухарий, Жихад, 196

343. Тооба – күнөөлөргө чын жүрөктөн өкүнүп, Алла Таалага ал ишти экинчи жасабоого сөз берип кечирим тилөө - дегенди түшүндүрөт.

Алла Таала мындай буюрат:

وَيَحْلِفُونَ بِاللّهِ إِنَّهُمْ لَمِنكُمْ وَمَا هُم مِّنكُمْ وَلَـكِنَّهُمْ قَوْمٌ يَفْرَقُونَ
لَوْ يَجِدُونَ مَلْجَأً أَوْ مَغَارَاتٍ أَوْ مُدَّخَلاً لَّوَلَّوْاْ إِلَيْهِ وَهُمْ يَجْمَحُونَ

**«Алар: «Ырас, биз да силерденбиз» - деп Алланын аты менен карганышат. Бирок, чындыгында алар силерден эмес. Алар – коркок адамдар (өлүмдөн абдан коркушат). Эгер алар согуш учурунда кандайдыр бир башпаанек табышса, же үңкүрлөр, же болбосо кирерге бир тешик көрүнсө, ошол тарапка шашылышмак»** *(Тооба сүрөсү, 56-57-аяттар)*

يَعْتَذِرُونَ إِلَيْكُمْ إِذَا رَجَعْتُمْ إِلَيْهِمْ قُل لاَّ تَعْتَذِرُواْ لَن نُّؤْمِنَ لَكُمْ قَدْ نَبَّأَنَا اللّهُ مِنْ أَخْبَارِكُمْ وَسَيَرَى اللّهُ عَمَلَكُمْ وَرَسُولُهُ ثُمَّ تُرَدُّونَ إِلَى عَالِمِ الْغَيْبِ وَالشَّهَادَةِ فَيُنَبِّئُكُم بِمَا كُنتُمْ تَعْمَلُونَ
سَيَحْلِفُونَ بِاللّهِ لَكُمْ إِذَا انقَلَبْتُمْ إِلَيْهِمْ لِتُعْرِضُواْ عَنْهُمْ فَأَعْرِضُواْ عَنْهُمْ إِنَّهُمْ رِجْسٌ وَمَأْوَاهُمْ جَهَنَّمُ جَزَاء بِمَا كَانُواْ يَكْسِبُونَ

**«(Согуштан) кайтып аларга барсаңар, силерден кечирим сурашат. Аларга: «Кечирим сурабай эле койгула. Биз силерге эч качан ишенбейбиз. Чындыгында, Алла Таала бизге силер тууралуу кабар берди. Алла Таала да, Анын элчиси да силердин ишиңерди көрүп турат. Кийин көмүскө-кайыпты да, көрүнөө-ачыкты да Билүүчү Алла Таалага кайтып келесиңер. Ал силердин кылган ишиңерден өзүңөргө кабар берет» - деп айткын! Силер аларга кайра келген кезде аларды айыптоодон жүз үйрүшүңөр үчүн Алланын атын оозанып ант ичишет.**

**Алардан жүз үйрүгүлө! Алар чынында эле ыплас адамдар. Арам иштерди кылышканы үчүн алар тозоку!»** *(Тооба сүрөсү, 94-95-аяттар).*

Ошентип, эки жүздүүлөр Мусулман коомчулугунан бөлүнүп, «ыплас, бузуку» атанып, мусулманчылыктан четтетилип, Ислам жолунда боло турган ар түрдүү иш-аракеттерге катышууларына ачык-айкын түрдө тыюу салынат.

3. Себепсиздер: булар өз ара эки топко бөлүнөт:

а. Эч бир себепсиз согушка катышпагандар, бирок эки жүздүүлөрдөн да эмес. Булар Алланын Элчиси Табуктан кайтканга чейин каталарын түшүнүп, бушайман болуп катуу өкүнүшөт. Ал тургай жаңылыш кадамдары үчүн өздөрүн мечитте тирөөч катары коюлган устундарга байлап, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* өз колу менен чечмейин тура берүүлөрүнө касам ичишет. Алланын Элчиси сапардан кайтып келген соң алар жөнүндө кабардар болуп:

«Ант берем! Мен да алар жөнүндө буйрук келмейинче аларды чечпеймин» - дейт. Ошентип, Алла Таала тарабынан төмөнкү аят түшүрүлөт:

وَآخَرُونَ اعْتَرَفُواْ بِذُنُوبِهِمْ خَلَطُواْ عَمَلاً صَالِحاً وَآخَرَ سَيِّئاً عَسَى اللّهُ
أَن يَتُوبَ عَلَيْهِمْ إِنَّ اللّهَ غَفُورٌ رَّحِيمٌ

**«Кээ бири өз күнөөлөрүн моюндарына алышат. Бирок, алар жакшы иш менен жаманды аралаш кабыл алышат. Алла Таала алардын тооболорун балким, кабыл кылар. Акыйкатта Алла Таала – Кечиримдүү, Ырайымдуу»** *(Тооба сүрөсү, 102-аят)*

Бул аят түшкөн соң Алланын Элчиси бушайман болушкандыгы үчүн өздөрү байлап алган сахабаларды устундардан чечет.

б. Булар да эки жүздүүлөрдөн эмес, эч себеби жок согушка чыкпаган, бирок каталарына бушайман болуп, өздөрүн устунга байлабаган үч сахаба эле. Акын Кааб бин Малик, Мурара бин Раби жана Хилал бин Умаййа аттуу бул үч сахаба эки жүздүүлөргө окшоп калп айтышкан эмес эле. Алар Алла Элчисине эч себепсиз кошуунга катышпаганын ачык-айкын айтышкан эле. Бирок алар да абдан бушайман болуп, Алла Элчисинин алдынан өтүп кечирим сурашат.

Алла Тааланын буйруктарын аткарууга өтө кылдат мамиле жасаган Алланын Элчиси бул үч сахабаны алгач кечирбейт. А түгүл Алланын аяттарын күткөндүктөн алардын саламын да албай коет. Ага моюн сунган сахабалары да үч сахабанын саламына оң жооп беришпейт.

Ошондой эле, бул үч сахабадан экөө бардык казаттарга катышкан эле. Атап айтсак, Мурара бин Раби менен Хилал бин Умаййа Бадр согушунда да бутпарастар менен жан аябай күрөшкөн эле. Ошондуктан Табукка барбай койгондуктары үчүн өздөрүнө жасалган мамиледен улам алар үчүн кең дүйнө тар боло баштаган эле. Алланын Элчиси саламдарын албай, дүйнө аларга чоочун сыяктуу туюлуп калган эле. Ал тургай өз аялдары дагы өздөрүнө чоочундай сезилип жаткан эле. Эмне кылаар айлаларын таппай калышкан эле. Күнү-түнү көздөрүнөн жаш тынбай калган эле. Ырас, ката кетиришкен эле. Бирок Алланын адал жолуна болгон чын ыкласынан эч качан жазган да, тооба кылуудан баш тарткан да эмес эле. Ошентип, элүү күн өтөт. Акырында чындыкты айтып, чын ыкластан тооба кылгандыгы үчүн төмөндөгү аяттар түшүрүлүп, Алланын кечиримине ээ болушат:

**«Жүрүштөн калган үчөөнүн да тооболору кабыл кылынды. Аларга жер кенен туруп, абдан тарып кеткен болучу. Алардын жүрөктөрү кысылып кеткен эле. Алладан башка эч бир сактап калуучу Зат жок экенин андашты. Ошондон кийин Алла Таала алардын тообо-**

**лорун кабыл кылды. Чындыгында Алла Таала – тооболорду кабыл кылуучу, Мээримдүү (Зат). Эй, момундар! Алладан коркуп, чынчыл адамдар менен бирге болгула!»** *(Тооба сүрөсү, 118-119-аяттар).*

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Кааб бин Маликке *(Алла ага ыраазы болсун!)* бул куш кабарды төмөнкүчө жеткирет:

-*Сүйүнчү! Сени төрөлгөн күнүндөн бери башынан өткөргөн эң бактылуу күнүн менен куттуктайм!*[344]

Азирети Кааб бин Малик Жараткандын бул улуу кечиримине чексиз шүгүр келтирип:

-О, Алланын Элчиси! Мен Алла Тааланын жана Анын Элчисинин ыраазылыгы үчүн бүт мал-мүлкүмдү садага чапкым келет - дейт. Анда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

-*Мал-мүлкүндүн бир бөлүгүн алып кой! Бул сен үчүн алда канча жакшы!* - деп буюрат.

Азирети Кааб бин Малик:

-Андай болсо, Хайбардагы үлүшүмдү алып калайын. О, Алланын Элчиси! Алла Таала мени бул катадан чынчылдыгым үчүн гана куткарды. Эми мен өмүр бою туура сөздөн башка сөз сүйлөбөйм!.. - дейт.

Азирети Кааб сөзүн улап:

«Аллага ант берем! Жараткан Алла Таала мага Исламды насип кылуу менен ыроолоп берген чоң бакыттан кийинки эң чоң жакшылыгы Азирети Пайгамбарыбыздын алдында чындыкты айтуум жана жалган айткандар менен бирге оор балээден ку-

344. Бул куш кабар үчүн азирети Кааб (Алла ага ыраазы болсун!) Алла Элчисине келатканда Талха бин Убайдулла (Алла ага ыраазы болсун!) дароо ага жүгүрүп барып кол алып саламдашып, аны куттуктаган эле. Ал эми азирети Кааб (Алла ага ыраазы болсун!) анын бул жылуу мамилесин өмүрү боюнча унуткан эмес эле

тулганым болду. Анткени Алла Таала Табук жүрүшүнө кошулбай жөнөкөй бир шылтоо ойлоп таап, калп айткандар жөнүндө өтө оор сөздөр менен мындайча буюрган эле:

فَأَعْرِضُواْ عَنْهُمْ إِنَّهُمْ رِجْسٌ

**«...Алардан жүз үйрүгүлө! Анткени алар ыплас адамдар...»** *(Тооба сүрөсү, 95-аят) (Бухарий, Магази, 79, Васая, 16, Жихад, 103; Муслим, Тооба, 53, Мусафирин, 74)* - дейт.

Бул үч сахаба Алланын Элчиси менен бардык казаттарга катышса да, болгону бир казаттан гана калгандыктары үчүн ушундай оор жазага дуушар болушат. Бул окуя «элди жакшылыкка буюруу, жамандыктан тыюу» - деген улуу милдетти аткарууда шалаакылык кылган адамдарга чоң сабак болууга тийиш.

Чынында бул өтө ибараттуу окуя! Бир адам сахаба атанып, Исламдын эми гана телчигип келаткандан тарта Бадр казатынан баштап бир топ согуштарга катышып, өлүм менен алышып, акырында өтө оор Табук жүрүшүнө себепсиз чыкпай калгандыгы үчүн ушундай өтө оор мамилеге туш болуп жатса!.. Мында акыл-эстүү ар бир адам үчүн абдан маанилүү сабак жана эскертүү бар. Ар бир доордо болгондой эле учурубузда да Исламдын өнүп-өсүшү үчүн аракет кылуу өтө зарыл болгонун эске алсак, бул багытта ар түрдүү себептер менен чабалдык кылгандардын абалы кандай гана өкүнүчтүү! Бадр казатына катышып Бадр каарманы атангандар ошол чабалдыктарынын күнөөсүнөн ошончолук азап тартып эптеп кутулган болсо, биздин абалыбыз кандай болду экен! Ошондуктан Алла Тааланын буйругуна жараша чынчылдар менен бирге болууга жан үрөө зарыл. Себеби Алла Таала бизди дайыма оң таасирлерге туш болуп, терс таасирлерден алыс болуубуз үчүн чынчылдар менен бирге жүрүүгө буйруган. Ыйманында, убадасында, акыйкат диндин жолунда бекем турган чынчыл адамдар менен бирге болууга,

алар менен тыгыз байланышта болууга буйруган. Жер жүзүнүн жан дүйнөгө тар келбөөсү, жан дүйнөнүн сыздабоосу үчүн жана Алла Тааланын азабынан алыс болуп, Анын ыраазылыгына ээ-дер болуу үчүн бул өтө зарыл иш.

Бул буйруктун Табук жүрүшүндө, тактап айтканда, өтө оор кезенде келиши өтө зор мааниге ээ. Чынчылдар жөн убактарда гана эмес, машакаттуу учурларда да, Алланын жолунда күрөшүүгө баратканда да алар менен бирге болуу кажет. Алар башынан өткөргөн кыйынчылыктарды баштан өткөрүп, алардын аркасынан ээрчип, артта калбоо керек.

Жалпысынан Табук жүрүшү жөнүндө түшүрүлгөн Тооба сүрөсүндө, көбүнесе Алланын жолунда мал-жан менен күрөшүү маселесине өзгөчө басым жасалат. Анткени мал-жан менен күрөшүү мусулман баласынын чынчылдыгынын ачык-айкын далили болуп саналат. Ошондой эле, бул маселе мусулман менен эки жүздүүнүн ортосундагы айырмачылыкты да ачыкка чыгарат. Алла Таала бул багытта төмөнкүчө буюрат:

إِنَّ اللّهَ اشْتَرَى مِنَ الْمُؤْمِنِينَ أَنفُسَهُمْ وَأَمْوَالَهُم بِأَنَّ لَهُمُ الجَنَّةَ يُقَاتِلُونَ فِي سَبِيلِ اللّهِ فَيَقْتُلُونَ وَيُقْتَلُونَ وَعْداً عَلَيْهِ حَقّاً فِي التَّوْرَاةِ وَالإِنجِيلِ وَالْقُرْآنِ وَمَنْ أَوْفَى بِعَهْدِهِ مِنَ اللّهِ فَاسْتَبْشِرُواْ بِبَيْعِكُمُ الَّذِي بَايَعْتُم بِهِ وَذَلِكَ هُوَ الْفَوْزُ الْعَظِيمُ

**«Акыйкатта, Алла Таала момундардын жанын жана мал-мүлкүн Бейишке алмаштырган. Алар – Алланын жолунда согушуп өлтүрүшөт жана Алла үчүн шейит болушат. Бул убада Тооратта, Инжилде жана Куранда бар. Өз убадасын Алладан артык орундата ала турган ким бар? Ошондуктан силер бул соодага кубангыла! Анткени бул – зор бакыттын дал өзү!»** *(Тооба сүрөсү, 111-аят)*

Бул жерде айта кетчү дагы бир маанилүү жагдай бар. Ар дайым мусулмандар үчүн эң чоң коркунуч – бул эки жүздүүлөр болуп келген, жана да боло бермекчи. Табук жүрүшү жана Тооба сүрөсү бул жагдайды айдан ачык ачыкка чыгарып, мусулмандарга эскертүү берет.

Демек, мусулман адам эч качан напсинин азгырыгына алданбай, ар түрдүү машакаттарга туруштук берип, Жараткан Алланын жолунда алдыга карай бет алып, Анын ыраазылыгына ээ болуу үчүн бардык күчүн жумшоосу зарыл.

## Асман-жердин казынасы Жаратканга гана таандык!

Каапырлардын болгон аракетине карабастан Жараткан Алла Өз динин үстөм кылып, мусулмандарга жеңиш ыроологон эле. Анткени бул Алла Тааланын, өзүнүн акыркы Элчисине жана Өз жолунда чынчылдыктан эч тайбаган чыныгы момун-мусулмандарга берген убадасы эле. Андыктан Алла Таала душмандары каалашпаса да, бул акыйкат жүзөгө ашаары бышык эле. Бул жагдай жөнүндө Куранда мындайча маалымдалат:

هُمُ الَّذِينَ يَقُولُونَ لَا تُنفِقُوا عَلَى مَنْ عِندَ رَسُولِ اللهِ حَتَّى يَنفَضُّوا وَلِلهِ خَزَائِنُ
السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضِ وَلَكِنَّ الْمُنَافِقِينَ لَا يَفْقَهُونَ

**«Алар өз карамагындагыларга: «Алла Таала пайгамбарынын алдындагы кишилерге жакшылык кылбагыла, алар таркап кетишсин!» - деген адамдар. Чындыгында, асман менен жердин казынасы Жалгыз Аллага таандык! Бирок эки жүздүүлөр муну түшүнө алышпайт»** *(Мунаафикуун сүрөсү, 7-аят)*

Чынында, кылымдар бою каапырлар мусулмандарды экономикалык жактан алсыратууга канча аракет кылышса да, жер-асмандын казынасы Жаратканга таандык болгондуктан, Алла Таала мусулмандарга өтө чоң жакшылыктарын ыроолоп, кыска убакыттын ичинде албан-албай ийгиликтерге жеткирген.

Ислам тарыхына көз чаптырсак, Алланын жардамы менен мусулмандар өтө аз сандагы кошуундары менен чоң жеңиштерге жеткенине күбө болобуз. Маселен, Бадр, Мута, Андулус (Испания), Малазгирт жана башка дагы бир топ ушул сыяктуу согуштардагы жеңиштерди буга далил катары айтсак болот. Ошондой эле бүтүндөй дүйнөгө «илайи калиматуллах»тын (б.а., Жараткандын жарлыгын жар салып, аны жайылтуунун) мөөрүн баскан Осмон мамлекетин 400 атчан түптөгөндүгү да буга эң сонун мисал боло алат.

Демек, бул жерде адам баласынын чын ыкласы өтө зор мааниге ээ. Себеби мусулмандар бул жетишкендиктерге чын ыкластын, бекем ыймандын деми менен жетишкен. Алланын жолуна болгон чын ыкласынан ажыраган адам ал-күчүнөн таят. Ал эми андан ажырабаган ал-күчтөн да тайбайт. Мусулмандар мына ушундай чын ыкласка, бекем ыйманга жана биримдикке ээ болгон чакта Ислам душмандары эмнени гана кылбасын, мусулмандарга эч кандай зыян келтире алышпайт. Анткени Алла Таала Куран аяттарынын биринде:

وَإِن تَصْبِرُواْ وَتَتَّقُواْ لاَ يَضُرُّكُمْ كَيْدُهُمْ شَيْئاً إِنَّ اللّهَ بِمَا يَعْمَلُونَ مُحِيطٌ

**«Эгер сабыр кылсаңар жана Алладан корксоңор, алардын айла-амалдары силерге эч кандай зыян келтире албайт. Албетте, Алла Таала алардын кылып жаткан иштерин курчоого алып койгон!»** - деген. *(Аали Имран сүрөсү, 120-аят)*

Ырас, Пайгамбарыбыздын доорунда да, кийинки Ислам тарыхында да бул аяттын миңдеген далилдери бар.

## Ибадатсыз динде жакшылык жок!

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* көздөгөн жеништерине жетип, Мединага кайткан соң Таиф жергесинин башчысы Урва бин Масуд мусулмандардын аркасынан келип мусулман болгон эле. Ошентип азирети Урва бин Масуд кайра Таифке барып, элин Исламга чакыра баштайт. Бирок Таифке бир убактарда Исламды жайылтуу үчүн келген азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи ва саллам)* да терс жооп кайтарып, аны таш баранга алган бул адамдар Урвага да одоно мамиле жасашат. Ага жаа менен жамгырдай ок жаадырып өлтүрүп жандарытынат.[345]

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* буга жооп катарында мусулман болгон соң өз милдети кайтарылып берилген хавазин башчысы азирети Маликке *(Алла ага ыраазы болсун!)* Таиф маселесине чекит коюшун буюрат. Буйрукту мойнуна алган Малик Таифке удаама-удаа чабуул жасайт. Азирети Маликтин чабуулдары Таифтиктерди алсыратып коет. Акырында Таифтин аттуу-баштуулары Мединага келишет.[346]

Алланын Элчиси Сакиф уруусунан келген тайпага жүрөктөрү жумшасын деп мечитте сыйын көргөзөт.[347] Бул өкүлдөр түнкүсүн окулган Ыйык Куранды, сахабалардын тахажжуд намазында окуган сүрөлөрүн угуп, мусулмандардын беш маал намаздарында сап-сапка тизилип турушканын карап жүрүшөт.[348]

Сакиф тайпасы намазды окубоо шартын коюп, ыйман келтирүүлөрүн айтышат. Азирети Пайгамбарыбыз алардын бул сунуштарын четке кагып:

345. Ибн Хишам, IV, 194; Хаким, III, 713/6579
346. Ибн Хишам, IV, 138, 195.
347. Ахмед, IV, 218
348. Вакиди, III, 965

*«Рукусуз (намазсыз) динде жакшылык жок!»* - дейт *(Абу Давуд, Харадж, 25-26/3026).*

Таифтиктер Лат аттуу айкелдеринин үч жыл дагы ордунда калышын айтышат. Буга да макулдук ала албаган соң: «Эч болбосо, бир ай жаныбызда болсун!» - дешет. Алланын Элчиси буга да макул болбойт. Акырында айласыздан келме келтиришет. Бул жолу эч болбосо, «Лат» аттуу айкелин жыгууга өздөрү катышпай эле коюуларын өтүнүшөт. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бул иш үчүн Абу Суфян менен Мугираны жөнөтөт.[349] Айкелдер жыгылып жатканда Сакиф уруусунун аялдары үйлөрүнөн чыгып аза күтүп унулдап ыйлашат. Бирок Исламдын бийиктигин, аруулугун үйрөнгөн сайын, чын ыкластуу мусулман болуп, айкелдеринин аттарын дагы толук унутушат.

Ошентип, Алла Элчисинин Мекке доорунда пайгамбарлыктын 9-жылы Таифтиктердин кордугунан кийин алардын Алланын адал жолуна түшүүлөрү үчүн Жаратканга жалбарган куттуу дубасы Жаратсандын алдында кабыл болуп жүзөгө ашкан эле.

Сакиф уруусунан келген адамдарга Исламдын парздары, өкүмдөрү үйрөтүлөт. Пайгамбарыбыз аларды Рамазан айынын калган күндөрүндө орозо кармоого буюрат. Билал Хабаши алардын саар жана иптар тамактарын алып барып турат.[350]

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* келген тайпалар менен күнү-түнү кайсы убакыт ылайыктуу болсо барып кезигип, маселелери жөнүндө көпкө сүйлөшөөр эле.[351] Сакиф тайпасы менен дагы ар куптан намазынан кийин жолуккан Пайгамбарыбыз бир жолкусунда өйдө туруп көпкө чейин сүйлөгөндүктөн денесинин жүгүн көтөрө албай, бир бутун түшүрүп экин-

349. Ибн Хишам, IV, 197; Вакиди, III, 967-968

350. Вакиди, III, 968

351. Азирети Умар мындай дейт: «Алланын Элчиси мусулмандарды алакадар кылган бир маселе тууралуу Абу Бакир менен түнгө чейин сүйлөшөр эле. Мен да алар менен бирге болор элем»

чисинэсалдырганэле.[352]

Сакиф өкүлдөрүнөн Авс бин хузайфа мындай дейт:

«Алланын Элчиси бир күнү куптан намазынан соң көпкө жаныбызга келбей калды. Келгенден кийин:

-О, Алланын Элчиси! Эмне үчүн кеч келдиңиз? - деп сурадык.

Азирети Пайгамбарыбыз:

- Күн сайын Курандан бир бөлүк окууну өзүмө милдет кылып алган элем. Муну окубай туруп, чыгып келүүнү эп көрбөдүм - деп буюрду.

Таң аткандан кийин сахабаларга:

-Биз сүрөлөрдүн алгачкы үчөөнү бир бөлүк, кийинки беш сүрөөнү экинчи бөлүк, андан кийин кезеги менен жети, тогуз, он бир жана он үч сүрөнү бириктирип бир бөлүк кылып окуйбуз. Эң акырында Каф сүрөсүнөн акырына чейин муфассал сүрөлөрдү бириктирип Куран-ы Каримди (жети бөлүккө бөлүп) окуйбуз - деди» *(Ахмед, IV, 9; Ибн Мажа, Солаат, 178)*

Сахабалар Алла Тааладан келген буйрук жана Пайгамбарыбыздын аманаты болгондугу үчүн Ыйык Куранга өзгөчө маани беришээр эле. Аны намаздарында окуу менен бирге саякаттарында, жүрүштөрдө, дил маектерде (сухбаттарда), түнкү намаздарында көп-көптөн окушар эле. Курандан алган ырахатка эч качан тойбой, Аны окубастан бир күн дагы өткөрчү эмес эле.[353] Жаңы күндү Куран окуу менен баштап, көзү ооругандарга да Куранды кароону сунуш кылашар эле. Ал тургай Азирети Осмон Куранды өтө көп окугандыктан эки

352. Абу Давуд, Шахру Рамазан, 9/1393
353. Ибн Саад, III, 75-76

Куран китебин эскирткен эле.[354]

Сакиф уруусунан Куранга деген сүйүүсү күчтүүлөрүнүн бири Осмон бин Абул-Ас *(Алла ага ыраазы болсун!)* эле. Күндөрдүн биринде өкүлдөрдүн эң кенжеси Осмон болгондуктан аны артта төөлөрдү карап туруу үчүн калтырышкан эле. Өкүлдөр кайтып келип чак түштүн ысык аптабында уйкуга киргенде Осмон *(Алла ага ыраазы болсун!)* Пайгамбарыбызга келип, суроолорун сурап, Куран окуганды үйрөнө турган. Ошентип, Алла Элчисинен кээ бир сүрөөлөрдү окуп жаттар эле.

Өкүлдөрдөн мурун жашыруун биат кылып мусулман болгон Осмон Алланын Элчиси бир иш менен алек болуп жатканда азирети Абу Бакирге же азирети Убай бин Каабка барып, сурай турганын сурап, жаттай турганын жаттап алаар эле. Анын бул абалы Алланын Элчисин өзүнчө кубантаар эле. Сакиф уруусунун өкүлдөрү Таифке кайтып баратып:

-О, Алланын Элчиси! Арабыздан бизге бир имам (жол башчы) дайында! – дешкен эле. Анда Пайгамбарыбыз азирети Осмонду *(Алла ага ыраазы болсун!)* эң кенжеси болгонуна карабастан аларга имам кылып дайындап берген эле *(Ибн Хишам, IV, 185; Ибн Саад, V, 508; Ахмед, IV, 218).*

## Табук жүрүшүнөн кийинки окуялар

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Мисирлик жубайы азирети Мариядан Ибрахим аттуу уулдуу болгон эле. Ибрахим Табук жүрүшүнөн соң сыркоолоп калат. Көп узабай ал да чарчап калат. Алланын Элчиси абдан кайгырат. Көз жашын төгүп:

*«Көз ыйлайт, жүрөк муңаят, бирок биз Жараткан ыраазы*

354. Каттани, II, 197

*боло турган сөздөн башка сөз сүйлөбөйбүз! Валлахи, эй, Ибрахим! Биз сенден айрылганыбызга кайгырабыз!»* - деп буюрат *(Бухарий, Жанаиз, 44; Ибн Саад, I, 138).*

Алланын Элчиси бир таш алып келүүнү буюрат. Ташты кабырдын башына тигинен тургузат. Наристе Ибрахимдин кабырына ушундай белги коюлат. Эң алгач кабырынын үстүнө суу себилген Ибрахим болот.[355]

Бул учурда күн тутулган эле. Айрым сахабалар муну караңгы доордон калган адат катары азирети Ибрахимдин чарчап калганына таңуулашат. Азирети Пайгамбарыбыз болсо, окуя учурунда эки ирекет намаз окуп, сахабалардын бу ойлоруна кошулбаганын айтып:

*«Күн менен Ай Алланын белгилеринен эки белги. Булар эч кимдин өлүмү же жашоосу үчүн тутулбайт. Ай жана Күндүн тутулганын көрсөңөр, дароо Жараткан Алланы зикир кылгыла, намаз окугула!»* - дейт[356] *(Насаи, Кусуф, 14).*

* * *

Ражаб айында Хабашстандын (Эфиопиянын) Нажашиси одүйнө салат. Ошол күнү Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Нажашинин өлүмүн дароо сахабаларына кабарлап:

-Алыс жерде көз жумган боордошуңардын жаназа намазына тургула! - деп буюрат.

Сахабалар:

-О, Алланын Элчиси! Ал ким? - деп сураганда Пайгамбарыбыз:

-Нажаши Асхама! Бүгүн Алланын сүйүктүү кулу Асхама

355. Ибн Саад, I, 144; Ибн Абдилбарр, I, 59

356. Бүгүнкү күндө айрым аймактарда Ай же Күн тутулганда намаз же дуба кылуунун ордуна ок чыгаруу, добулбас уруу ж.б.у. сыяктуу иштер жүргүзүлүп келет. Мындай аракеттер Исламга эч кандай тиешеси жок. Ошондой эле мышыктын жолдон өтүп кетиши да жамандыкка жышаана катары кабыл алынышы туура эмес.

одүйнө салды! Боордошунар үчүн Алладан кечирим сурагыла! - деп, жаназа намазын окушат *(Муслим, Жанаиз, 62-68; Ахмед, III, 319; IV, 7).*

Чынында сахабалар кийин Нажашинин Алланын Элчиси кабарлаган күнү көз жумганын угушат.

* * *

Шабан айында Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ардактуу кызы азирети Осмондун *(Алла ага ыраазы болсун!)* жубайы азирети Умму Гүлсүм да түбөлүк сапарга аттанат.[357]

* * *

Табук жүрүшүнөн эки ай өткөн соң Зул-Каада айында эки жүздүүлөрдүн башы Абдуллах бин Убай өлөт. Анын өлүмүнөн кийин эки жүздүүлөрдүн көбү тооба кылып ыйманга келишет.

Ал өлгөндө уулу Абдуллах атасынын осуяты боюнча Алла Элчисине келип:

-О, Алланын Элчиси! Абдуллах бин Убай өлдү. Көйнөгүнүздү бериниз, кепинин жасайын. Жаназа намазын окуп, ал үчүн кечирим сураңыз! - дейт. Пайгамбарыбыз көйнөгүн чечип берет. Кепинделген соң жаназасын окуйт. Бул учурда төмөнкү аят түшүрүлөт:

وَلاَ تُصَلِّ عَلَى أَحَدٍ مِّنْهُم مَّاتَ أَبَداً وَلاَ تَقُمْ عَلَى قَبْرِهِ إِنَّهُمْ كَفَرُواْ بِاللّهِ وَرَسُولِهِ وَمَاتُواْ وَهُمْ فَاسِقُونَ

**«Алардан бирөө өлсө, эч убакта анын жаназа намазын окубагын жана мүрзөсүнө барып турба! Себеби алар Алла Тааланы жана Анын пайгамбарын четке кагышкан! Алар моюн сунбай өлүштү»** *(Тооба сүрөсү, 84-аят).*

357. Ибн Саад, III, 38

Пайгамбарыбыздан эмне үчүн мындай кадамга барганын сурганда:

-Менин көйнөгүм жана окуган намазым аны Алладан келе турган азаптан сактабайт! Бирок мен бул маселеде анын элинен миң адамдын мусулман болушун үмүт кылам - дейт.

Абдуллах бин Убайдын өмүрүнүн аягында минтип Алла Элчисинен шапаат тилегени Хазраж уруусунан миң адамды бутпарастыктан кайтарып, алардын мусулман болууларына себепкер болот.[358]

## Элчилердин жылы

Мекке колго алынып, Хунайн казаты жеңиш менен аяктап, Таиф эли курчоодон бир жыл өткөн соң Исламга кадам таштап, Табук жүрүшү да ийгиликтүү соңуна чыккан эле. Ошентип, Арапстан жарым аралында Исламдын алдында эч бир күч баш көтөргүс абалга келип калган эле.

Исламдын улуулугун туура түшүнүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон арап эли Алла Элчисине өз өкүлдөрүн жөнүтүп, ишеним билдиришип Исламга кире башташат. Йемен, Хадрамавт, Бахрейн, Амман, Сирия жана Иран чөлкөмдөрүнөн келген тайпалар мусулман болуу үчүн же Исламга киргенин кабарлоо үчүн келишип, Алла Элчисинен *(саллаллаху алейхи ва саллам)* өздөрүнө Исламды үйрөтө турган мугалимдерди талап кылышат.

Ушундай максат менен келген тайпалардын бири Тужиб уруусунун тайпасы эле. Зекет малдарын да ала келишкен эле. Азирети Мухамме Пайгамбарыбыз:

-Кош келипсинер! – деп жылуу тосуп алат. Тайпанын башчысы:

358. Айни, VIII, 54; Диярбакри, II, 140-141

-О, Алланын Элчиси! Малыбыздагы Алланын акысын сага ала келдик - дейт.

Алланын Элчиси:

-Аларды кайра артка алып барып кедейлериңерге тараткыла – деп буюрат.

-О, Алланын Элчиси! Биз кедейлерибизден ашып калганын сага алып келип олтурабыз - дешет.

Анда азирети Абу Бакир:

-О, Алланын Элчиси! Арап тайпаларынын арасында чынында Тужиб уруусу сыяктуусу жок - дейт.

Алланын Элчиси:

-Туура жолго салуу Алланын колунда. Алла Таала Өзү жакшылык каалаган адамдын жүрөгүн ийге келтирип, ыйманга жол ачат - деп буюрат.

Тужиб тайпасы Пайгамбарыбыздан Куран, сүннөт тууралуу бир канча суроо сурашат. Пайгамбарыбыз алардын суроолоруна жооп берет. Алла элчисинин буйругу менен бу суроо-жоопту сахабалар тери же кагазга жазып тужибдиктерге тапшырат. Ошентип, Пайгамбарыбыз аларга өзгөчө көңүл бөлүп, тыгыз байланышта болуп калат. Тайпа Мединада бир канча күн турат. Өздөрүнчө кеңешип артка кайтууга чечим чыгарышат. Сахабалар:

-Эмне шашылып жатасыңар? - дешет.

-Эл-журтубузга Алла Элчисинен көргөнүбүздү, сурап үйрөнгөнүбүздү айтып түшүндүрөлү - дешет. Ошентип, Пайгамбарыбыз менен да коштошот. Алланын Элчиси Тужибдиктерге ишенимдүү өкүлү катары Билал Хабашини жөнөтөт. Ага белек-бечкектерин тартуулашын айтып, аларга өзгөчө көңүл бөлүнүшүн эскертет. (Ибн Саад, I, 323; Ибн Кайийм, III, 650-651).

Алланын Элчиси тайпалардын Мединада бир канча күн туруусун суранып, алардын Ыйык Куранды жана шарият маселелерин үйрөнүшүн, өзүнүн жүзөгө ашыргандарын көрүп Ислам менен жакындан таанышуусун камсыз кылган эле. Маселен, Абдул Кайс тайпасы келгенде да ансарлардан аларды коноктоону суранган эле. Аларга зарыл маалыматтарды үйрөтүүлөрүн, намаз үчүн зарыл сүрөлөрдү жаттатууларын айткан эле. Эртең менен келгенде ансарларга ыраазы болуп-болбогондуктарын сурайт. Алар да ыраазылыктарын билдиришет. Андан кийин Алланын Элчиси меймандарды динди дагы да оңой үйрөнүү үчүн сахабалардын үйлөрүнө бирден экиден таратат. Пайгамбарыбыз алардын ар бирин өзүнчө кабыл алып, жаттаган Тахиййат, Фатиха сүрөсү жана башка сүрөлөрдү өзү текшерип, үйрөнгөн маалыматтары жөнүндө да өзү сурайт. Алланын Элчиси сахабалардын аракетине да, Абдул Кайстыктардын ак динди үйрөнүү ышкысына да абдан ыраазы болот. [359]

Ошентип Ислам дини күн өткөн сайын бүтүндөй Арапстанга жайыла берет. Адамдар топ-топ болуп Исламга киришет. Медина күн сайын жаңы коноктorго толуп ташат. Алланын Элчиси келген меймандарды жылуу кабыл алып, болгон сыйын көрсөтүп, ар кимдин ал-абалына, жашоо-турмушуна карата сукбат куруп, турган аймактардын абалы жөнүндө маалымат алып, талаптарын угуп суроолоруна жооп берип, маселелерин чечип, көңүлгө бейпилдик, кубаныч тартуулайт.[360]

Алла Таала өз ырайым - жакшылыгына шүгүр келтирүү маселесинде азирети Пайгамбарыбызга жана мусулмандарга мындай буюрат:

359. Ахмед, III, 402
360. Насаи, Умра, 5

إِذَا جَاءَ نَصْرُ اللهِ وَالْفَتْحُ وَرَأَيْتَ النَّاسَ يَدْخُلُونَ فِي دِينِ اللهِ أَفْوَاجاً
فَسَبِّحْ بِحَمْدِ رَبِّكَ وَاسْتَغْفِرْهُ إِنَّهُ كَانَ تَوَّاباً

**«Алладан жардам жана жеңиш келип, Анын динине топ-тобу менен кирип жаткан элдерди көргөнүңдө, Жараткан Эгеңди мактоо менен даңктагын жана Андан кечирим сурагын! Албетте, Ал тооболорду кабыл кылуучу»** *(Наср сүрөсү, 1-3-аяттар)*

Хижраттын тогузунчу жылы Арапстанда Исламдын өтө тездик менен жайылгандыгы үчүн жана арап уруулары Мединага Исламды үйрөнүү үчүн ар тараптан агылып топ-тобу менен келгендиги үчүн бул жыл «элчилердин жылы» - деп аталып калган эле.

## Ажылык

Хижраттын тогузунчу жылына чейин ажылык ибадаты азирети Ибрахимдин ханиф дини боюнча жүзөгө ашырылып келген. Ошону менен бирге ажылыкка бутпарастар тарабынан да бир топ туура эмес иштер аралаштырылган эле. Бул жылы ажылык бөтөнчө жүзөгө ашмай болот. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* азирети Абу Бакирди ажылардын амири атап, Ислам боюнча ажылыктын эреже-шарттарын үйрөтүү үчүн үч жүз кишилик тайпа менен Меккеге жөнөтөт. Өзү келерки онунчу жылы, Кудай буюрса, ажылыкка бара турганын билдирет. Курмандык үчүн жыйырма төө берет.

Азирети Абу Бакир ажылык сапарына аттанган кезде Тооба сүрөсүнүн алгачкы аяттары түшүрүлөт. Ошентип, айкелдерден тазаланган Каабага эми бутпарастарды да жолотпоо буйрулат. Себеби ушул күнгө чейин бутпарастардын Каабада өз ибадат-

тарын жүзөгө ашырышына эч ким кийлигишкен эмес эле. Эми бутпарастардын баягыдай жылаңачтанып алып Каабаны айлануу сыяктуу адепке сыйбаган ибадаттарына тыюу салынган эле. Жараткан Алла Таала мындай буюрат:

**«(Эй, момундар, бул) Алла Таала жана Анын пайгамбары тарабынан (силер) шерттешкен бутпарастарга эскертүү. (Эй, бутпарастар!) Жер жүзүндө төрт ай бейпил жүрө бергиле! Ошентсе да Алладан кутула албашыңарды, Алла Таала каапырларды кор кылаарын эсиңерден чыгарбагыла! Чоң ажылык күнү Алладан жана Анын элчисинен элге бир жарыя! Чындыгында Алла Таала, Анын Элчиси бутпарастарды четке кагат. Эгер тооба кылсаңар өзүңөр үчүн жакшы, ал эми баш тартсаңар, Алладан эч кутула албайсыңар. (Эй, Мухаммад!) Каапырларга жан чыдагыс азап болоорун кабарла! Келишимге келген бутпарастар убадаларынан кайтышпаса, силердин зыяныңарга бирөө менен шериктештик кылбаса, анда алардын убадаларын белгиленген мөөнөтүнө чейин жеткиргиле! Алла Таала такыбааларды жакшы көрөт»** *(Тооба сүрөсү, 1-4-аяттар)*

**«Эй, ыйман келтиргендер! Чындыгында бутпарастар ыплас кишилер. Ушул жылдан тарта алар Ыйык Мечитке жолошпосун! Эгер кедейликтен корксоңор, Алла Таала кааласа силерди Өз ырыскысы менен байытып коет. Ырас, Алла Таала – Билүүчү, Даанышман!»** *(Тооба сүрөсү, 28-аят)*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бул аяттарды жеткирүү үчүн азирети Алини *(Алла ага ыраазы болсун!)* азирети Абу Бакирдин *(Алла ага ыраазы болсун!)* аркасынан Меккеге жиберет.

Азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун!)* майрамдын бирин-

чи күнү Акабада өйдө туруп, Алла Элчисинин осуятын аткарат. Тооба сүрөсүнөн белгилүү аяттарды окуп, Пайгамбарыбыз корутундулап берген төмөнкү төрт жагдайды элге жеткирет:

1. Бейишке Жаратканга чын ыкластан ишенип, ыйман келтирген мусулмандар гана кирет.

2. Каабаны жыланач таваф кылууга мындан кийин эч качан уруксат берилбейт.

3. Ушул жылдан тарта Каабага эч бир бутпарас жакын жолобойт.

4. Бирок Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* менен шерттешип, сөзүндө бекем турган бутпарастар жөнүндө кеп мындай: келишимдин беренелери белгиленген мөөнөткө чейин жарактуу деп эсептелет.

Ошентип, улуу көчтүн тогузунчу жылынан кийин бир да бутпарас ажылыкка келбей калат. Кааба жыланач ал-абалда таваф кылынбай турган болот.

Ушул жылдан кийин Жаратканга шерик кошуунун түңгүюугуна кептелгенин түшүнгөн Меккедеги акыркы бутпарастар акыйкатты таап, ыйманга келишет.

Дал ушул жылы Кааба айкелдерден да, бутпарастардан да тазаланып, Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* келерки жылы болуучу чоң ажылыгы үчүн даяр болуп калган эле.[361]

361. Ибн Хишам, IV, 201; Тирмизи, Хаж, 44/871; Вакиди, III, 1077

# ХИЖРАТТЫН ОНУНЧУ ЖЫЛЫ

## Адий бин Хатимдин ыйманга келиши

Берешендиги дастанга айланган атактуу Хатим-и Таи Тайй уруусунан болгон. Ал Адийдин атасы эле. Адий да өз элинин чыгааны, сөзмөрү, чечени жана берешени эле. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* улуу көчтүн тогузунчу жылы Азирети Алини Тай уруусунун «Фулс» аттуу айкелин жоготуу үчүн жибергенде Адий Шамга качып кеткен болот. Карындашы Саффана колго түшүрүлгөн туткундар менен бирге Мединага барган эле.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Саффананы эркиндикке чыгарып, кийим-кечек, азык-түлүк, төө берип өз уруусунан ишенимдүү адамдарга кошуп Шамга жөнөтөт.

Адий бин Хатим мындай дейт:

«Саффана акылдуу, өтө зирек жан эле. Андан:

- Ал адамдын (Пайгамбарыбыздын) иши жөнүндө эмне дейсиң? - деп сурадым. Ал:

-Валлахи, тезинен барып Ага кошулууңду эп көрөм. Эгер чынында эле ал пайгамбар болсо, Ага моюн сунууда башка адамдардан алдыга озуп чыгууң сен үчүн өзүнчө сыймык! Эгер ал өкүмдар болсо, Анын аркасы менен Йемендеги бийлигиңди, кадыр-баркыңды түшүрүп, шерменде болбойсуң! Эмесе, акыркы чечим өзүңдө! - деди.

-Валлахи, бул - эң мыкты көз караш! Мен бул адамга барам. Ал эгерде жалганчы болсо (анын жалганчылыгы) мага кенедей да залакасын тийгизбейт. Эгер чын Пайгамбар болсо, айткандарын угуп Ага баш ийем! - дедим да, Мединаны көздөй жол тарттым. Пайгамбардын (алейхис-солаату вас-салаам) жанында туугандарынын, жубайларынын жана балдарынын жүргөнүн көргөнүмдө Анда Кисранын да, Кайсардын да бийлигинен эч нерсе жок экенин байкадым.

Бүткүл ааламдын сыймыгы Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мени колуман жетелеп үйүнө алып барды. Жолдон улгайып калган бир аял киши чыгып арыз-муңун айтып кирди. Пайгамбарыбыз көпкө чейин анын арызын угуп турду. Баягы эне сөзүн бүтүргөн соң, Пайгамбарыбыз анын маселесин оң жагына чечип берди. Үйгө барганыбызда курма жалбырагынан жасалган көрпөнү жерге салып:

-*Кел, бул жерге отур!* - деди.

Мен:

-Жок! Көрпөгө Сен отур (мен мындай эле турам)! - дедим.

Алланын Элчиси:

*-Болбойт! Сен отурушуң керек! – деди.*

Көрпөгө отурдум. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* өзү сыз жерге отурду. Ичимен:

«Валлахи, бул өкүмдардын иши эмес!» - дедим.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

-*Адий! Мусулман бол, бакытка жетесиң* - деди.

-Менин өз диним бар - дедим.

-*Сенин дининди сенден жакшы билем!* - деп буюрду.

-Чын эле менин динимди менден да жакшы билесиңби? - дедим.

-Ооба! Сен Ракусисин.[362] Эл-журтуң олжологон мал-мүлктүн төрттөн бири сеники, туурабы? - деп сурады.

-Ооба, туура! - дедим.

-Бирок бул иш силердин диниңер боюнча сага адал эмес! - деп сөзүн бүтүрдү. Алланын Элчиси бул сөздү айтаар замат өзүмдү ыңгайсыз сезип, катуу уялдым! Анан Ага:

-Ооба! Ошондой, валлахи! - дедим. Ошондо толук ишендим, Анын Жараткан Алла тарабынан жөнөтүлгөн Пайгамбар экендигине. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мени уялткан сөзүн кайра кайталабады. Сөзүн улап:

-Сенин Исламга кадам таштоону тоскоол болуп жаткан себепти мен билем. Сен: «Ага алсыз, араптардын алдында кадыры жок күчсүз адамдар моюн сунушат» - дейсиң. Сен Хираны билесиңби? - деп сурады.

-Көргөнүм жок, бирок уккам - деп жооп бердим.

-*Жанымды чексиз кудуретинде кармап турган Алла Таалага ант берем! Алла Таала бул динди баралына келтирет. Жалгыз бир аял өзү Хирадан чыгып келип Алланын үйүн (Каабаны) тавааф кылат. Андан соң Кисра бин Хурмуздун казыналары колго алынат!* - деп буюрду.

362. Ракусия - Христиан дини менен Саби дининин ортосунан чыккан аралашма дин.

-Кисра бин Хурмуздунбу? - дедим.

-*Ооба, Кисра бин Хурмуздун!* - деди да:

-*Көп өтпөй бир заман келет, мал-мүлк, байлык өтө көбөёт. Эч ким улук башын кичик кылбай калат. Ал тургай зекетке түшкөн мал-мүлктөн ала турган адам да табылбай калат* - деп буюрду.

Мусулман болдум. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* аябай кубанды. Жүзүнөн нуру тымылжыйт. Ансарлардан биринин үйүнө мейман болуумду айтты. Күн сайын анын үйүнө барып келе баштадым. Негедир бир намаздан экинчи намазга чейин эле Алланын Элчисин сагына берчү болдум!»

Кийин бул окуяны айтып берген азирети Адий *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

«Валлахи бир аялдын Хирадан төөсүнө минип келип мына бул Байтулланы (Каабаны) таваф кылганын көрдүм! Валлахи, Кисра казыналарын колго алгандардын арасында мен да бар элем. Жанымды чексиз кудуретинде кармап турган Жараткан Аллага ант берем! Үчүнчүсү да сөзсүз жүзөгө ашат. Анткени аны Алланын Элчиси айткан!» - дейт *(Бухарий, Манакиб, 25; Ахмед, IV, 257, 377-379; Ибн Хишам, IV, 246; Ибн Касир, ал-Бидая, V, 62).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* айткан үчүнчү кабар да өз учуру келгенде жүзөгө ашкан эле. Халифа азирети Умар бин Абдулазиз зекет ишин аркалаган адамын Африка өлкөлөрүнө акча таратуу үчүн жөнөткөн эле. Бирок ал зекет берүүгө бир да адам таба албагандыктан акчаны толугу менен кайра алып келген. Ошондуктан ал бул акчаны кулдарды азаттыкка чыгаруу үчүн сарптаган.[363]

363. Бути, 434.

### Алла Элчисинин алгачкы жана акыркы ажылыгы

## КОШТОШУУ АЖЫЛЫГЫ

Ажылык ибадаты парз болгондон кийин Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* биринчи жана акыркы ажылыгы – коштошуу ажылыгы деп аталат. Пайгамбарыбыз бул ажылыкта мусулмандар менен коштошкондуктан эл муну «Коштошуу ажылыгы» - деп атап койгон.[364] Азирети Пайгамбарыбыз болсо, муну «Ислам ажылыгы» - деген ат менен айта турган.[365]

Арапстан бүтүндөй Исламды кабыл алып, Ислам күчкө толуп турган Улуу көчтүн онунчу жылына туш келген бул ажылыкка мусулмандардын баары Азирети Пайгамбарыбыз тарабынан чакырылган эле.

Ыйман нуру уялаган жүрөктөр бул улуу чакырыкка жапатырмак оң жооп кайтарышат. Мындай кабар Мединадан сырткары чыгаар замат эл ар тараптан чубалжып агып келет. Бул сапарга жолдон миндеген мусулмандар кошулган эле. Төрт тараптан Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* менен бирге ажылык ибадатын аткаруу үчүн келген мусулмандардын саны болжол менен жүз жыйырма минге жеткен эле.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* топтолгон мусулмандарга ажылык жана ихрам жөнүндө кыскануска маалымат берип жолго чыгат. Пайгамбарыбыз ажылыкта курмандык үчүн жүз чакты төө алган эле. Алланын Элчиси жолдо мусулмандарга ажылык ибадаты жөнүндө сүйлөп барат. Их-

364. Бухарий, Хаж, 132

365. Хайсами, III, 237

рамдын жана ажылыктын парздарын, сүннөттөрүн түшүндүрөт. «Зулхулайфа» - деген чөлкөмдүн «Акик» - деген жерине келгенде мусулмандарга кайрылып:

- *Кече түнү Алла Таала тарабынан Жабраил келип: «Бул куттуу жерде намаз оку, ажылыкка да, умрага да ниет кылдым деп айт!» - деп буййурду* - дейт *(Бухарий, Хаж, 16).*

Акикте эки ирекет ихрам намазын окуп, Алла Таалага шүгүр келтирген соң:

اَللَّهُمَّ حِجَّةٌ لاَ رِيَاءَ فِيهَا وَلاَ سُمْعَةَ

*«Оо, Жараткан Алла! Бул ажылыкты мага ичинде рия жана сум-а (б.а., көрсөтмөлүүлүк жана атак-даңк) болбогон мабруур жана макбуул (толук кабыл болгон) ажылык болушун насип кыла көр!»* - деп дуба кылат *(Ибн Мажа, Манасик, 4).*

Зулхулайфада ихрамга кирип:

لَبَّيْكَ اَللَّهُمَّ لَبَّيْكَ لَبَّيْكَ لاَ شَرِيكَ لَكَ لَبَّيْكَ

إِنَّ الْحَمْدَ وَالنِّعْمَةَ لَكَ وَالْمُلْكَ لاَ شَرِيكَ لَكَ

*«Лаббайк, Аллахумма лаббайк, лаббайка лаа шариика лака лаббайк, иннал-хамда ваннимата лака вал-мулк, лаа шариика лак»* - деп талбия айта баштайт *(Бухарий, хаж, 26).*

Андан соң:

*-Кимде-ким ажылыкка жана умрага ниеттенсе талбия айтсын!* - деп буюрат.

Алланын Элчиси ихрамга кирип талбия айта баштагандан кийин Жабраил периште келип:

«-Эй, Мухаммад! Сахабаларына талбияны бийик добуш менен айтуусун буюр! Анткени бул (талбия айтуу) ажылыктын бел-

гилеринен болуп саналат!» - деп айтып кетет *(Ибн Мажа, Манасик, 16).*

Кара жер, көк асман талбия жаңырыгына тунуп бир башкача бейпилдикке, бакытка бөлөнөт.

Пайгамбарыбыз ажылык сапарында намаз убактысы кирген жерде мусулмандарга имам болуп намаз окуп жаткан эле. Кийин Пайгамбарыбыз намаз окуган бул жерлерге мечиттер курулганэле.[366]

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Байтулланы (Каабаны) көрүп, Жаратканга алакан жая:

*«Оо, Жаратkан Алла! Бул үйүңдүн жогорулугун, салабатын жана зоболосун дагы да бийик кыл! Ага ажылык жана умра менен таазим кылгандардын да шарапатын, берешендигин, зоболосун, жакшылыгын берекелүү кыла көр!»* - деп дуба кылат *(Ибн Саад, II, 173).*

Жамынчысынын бир учун оң колтугунун алдынан алып, сол ийинине өткөрүп оң колун ачык таштап Масжиди Харамга (Каабага) кирип Хажар-ы Асвадка (кара ташка) барып салам берет. Бул учурда көзү жашка толо түшөт. Кара ташты өөп, ташты кармаган колун жүзүнө сүрүп:

اَللّٰهُمَّ اِيمٰنًا بِكَ وَ تَصْدِيقًا بِكِتَابِكَ وَاتِّبَاعًا سُنَّةَ نَبِيِّكَ

*«Оо, Жараткан Алла! Сага ыйман келтирип, Китебиңди тастыктап, Пайгамбарларыңдын сүннөттөрүнө моюн сунам!»* - деп Каабаны кара таш турган бурчунан таваф кыла баштайт *(Хайсами, III, 240).*

Тавафтын алгачкы үчүндө кадамын кыска таштап, ийинин ары-бери чулгутуп ылдам басат. Ямани Рукуну жана Хажар-ы Асвад тушка келген сайын:

366. Ибн Саад, II, 173

رَبَّنَا آتِنَا فِي الدُّنْيَا حَسَنَةً وَفِي الآخِرَةِ حَسَنَةً وَقِنَا عَذَابَ النَّارِ

**«...Оо, Жараткан! Бизге бул дүйнөдө да, акыретте да жакшылыгыңды бере көр! Бизди тозок отунан Өзүң сактай көр!»** *(Бакара сүрөсү, 201-аяттар)* - деген аятты окуп жүрүп олтурат. Азирети Пайгамбарыбыз тавафты бүтүрүп, Хажар-ы Асвадды өөп, аны кармаган колу менен жүзүн сылайт. Андан кийин элди аралап Ибрахим пайгамбардын макамына барат. Макамды ортого алып, Каабага бет алып эки ирекет намаз окуйт. Андан соң кайра Хажары Асвадка салам айтып, азирети Умарга:

*«Эй, Умар! Сен күчтүү, чымыр адамсың. Хажар-ы Асвадка (кара ташка) жетүү үчүн элди кысып, алсыздарга зыян келтире көрбө! Өзүң да ооруба, бирөөнү да оорутпа! Эл азайып, тынч убак келип, мүмкүнчүлүк болуп калса, Хажар-ы асвадды өп, ал эми алыс болуп калсаң «колуңду сунуп өбүү» ишаратын кыл да, келме келтирип, Жаратканды улуктап өтүп кет!»* - деди[367] *(Хайсами, III, 241; Ахмед, I, 28).*

Алланын Элчиси андан кийин  Каабанын «Бани Махзум» - деген эшигинен чыгып, Сафа дөңсөсүнө жол алат. Сафага жакындап  калганда:

إِنَّ الصَّفَا وَالْمَرْوَةَ مِن شَعَآئِرِ اللهِ

**«Шек-күмөнсүз, Сафа менен Марва Жараткандын**

367. Азирети Умар адамга зыянын тийгизбөө үчүн хажары асвадка алыстан эле салам берген истилам кылган. Бүгүнкү күндө ажылыкка барган мусулмандар буга абдан көңүл бөлүүлөрү зарыл. Ажылыктан тапкан соопту мусулмандарга залака тийгизгендиги үчүн жоготуп алуудан алыс болуу керек. Алла Элчисинин сунушуна моюн сунуп Каабага жана хажары асвадка жетүү үчүн адамдарды жөөлөп, жыгып залака тийгизүүдөн алыс болуу ар бир мусулман баласы үчүн ыйык парз.

Азирети Умар (Алла ага ыраазы болсун!) бир жолкусунда хажары асвадка барып, аны өөп мындай деген экен: «Мен билем, сен ташсың, сенин пайдаң да, зыяның да болбойт. Эгер Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи ва саллам) сени өпкөнүн көрбөгөнүмдө, мен да сени өпмөк эмесмин!» (Бухарий, Хаж, 50; Муслим, Хаж, 251)

Сахабалардын мындай түшүнүгү кандайдыр бир иштин хикматын түшүнө алышпаса да, Алла Элчисин үлгү тутунуу жана Анын сүннөтүн аткаруу зарылчылыгын көрсөтүп турат.

**белгилеринен...»** *(Бакара сүрөсү, 158-аят)* - деген аятты окуп:

*«Алла Тааланын бул аятта биринчи эскергенинен (б.а. Сафа дөңсөсүнөн) баштайм!»* - деп Сафадан Марвага барып-келүү жөрөлгөсүн баштоо үчүн Сафага бет алат. Обочодон Каабаны көрүп, Жаратканды даңктап, улуктайт. Үч же жети ирет:

لاَ إِلَهَ إِلاَّ اللهُ وَحْدَهُ لاَ شَرِيكَ لَهُ لَهُ الْمُلْكُ وَلَهُ الْحَمْدُ يُحْيِى وَ يُمِيتُ وَهُوَ عَلَى كُلِّ قَدِيرٍ لاَ إِلَهَ إِلاَّ اللهُ وَحْدَهُ لاَ شَرِيكَ لَهُ أَنْجَزَ وَعْدَهُ وَ نَصَرَ عَبْدَهُ وَ هَزَمَ الْاَحْزَابَ وَحْدَهُ

*«Жалгыз Алладан башка кудай жок. Анын теңдеши да, шериги да жок. Мүлк, хамд-шүгүр Жаратканга гана таандык! Ал жашоо берүүчү да, алуучу! Ал бүт нерсеге күчү жетет, Кудуреттүү! Алладан башка эч бир кудай жок! Жараткан Алла Таала убадасына бекем турду, кулуна жардам берди, душман болуп чыккан бардык кошуундарды Жалгыз Өзү таш талканын чыгарды»* - дейт *(Ибн Мажа, Манасик, 84).*

Андан соң Сафадан Марва дөнсөсүн көздөй багыт алат. Алланын Элчиси ылдам баса турган жердин ортосуна келгенде кадамдарын ылдам таштап, бул жерден өткөндөн кийин кайра мурунку жай басышына өтүп жүрүп олтурат. Бул учурда:

رَبِّ اغْفِرْ وَارْحَمْ وَأَنْتَ الْاَعَزُّ الْاَكْرَمُ

*«Оо, Жараткан! Мени кечир, мага ырайым кыла көр! Эң улук, эң берешен Сенсиң!»* - деп дуба кылат *(Хайсами, III, 248).*

Азирети Пайгамбарыбыз Марва дөнсөсүнө барып, Сафада кылгандарын дал өзүндөй кылат. Сафадан Марвага жети жолу барып келип бул жөрөлгөнү акырында Марвага жетип толуктайт.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Мекке шаарында төрт күн турат. Бешинчи күнү (Таврия күнү) Байтулланы таваф кылгандан кийин төөсүнө минип, Минага барып бешим, асыр, шам, куптан жана багымдат намаздарын окуйт. Зулхижжа айынын тогузунчу күнү эртең менен Арафатты көздөй бет алып, Минадан баштап Арафатка чейин талбия айтып барат.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* үммөтүнө ажылык ибадатын кантип аткаруу керектигин өзү толук көрсөтүп берген соң Арафатта бүгүнкү Намира мечити турган жерде төөсүнө минген калыбында жалпы Ислам дүйнөсүнө маалым болгон «коштошуу кутпасын» окуйт:

*«Эй, адамдар!*

*Сөзүмдү кунт коюп уккула! Билбейм, балким бул жылдан кийин силер менен бул жерде кайра түбөлүккө чогуу боло албай калам!*

*Эй, адамдар!*

*Бүгүнкү күнүңөр кандай ыйык күн болсо, бул айыңар кандай ыйык ай болсо, бул шаарыңар (Мекке) кандай куттуу шаар болсо, жаныңар, мал-мүлкүңөр, ар-намысыңар да ошондой ыйык. Буларга кандай зордук-зомбулук болбосун – баары арам!*

*Эй, сахабаларым!*

*Эртең Жараткандын алдына барасыңар. Бүгүнкү жасап жаткан ар бир ишиңерге жооп бересиңер! Этият болгула, мен көз жумган соң, мурунку караңгы доорго кайтып, бири-бириңер менен согушуп зыянга учурап калбагыла! Билип алгыла, мен силерден мурун барып (Кавсар) көлмөсүнүн башынан силерди күтүп алам! Башка үммөттөргө силердин көптүгүңөр менен сыймыктанам. Этият болгула, (күнөө иштерге барып) жүзүмү жер каратпагыла!*

*Эй, сахабаларым!*

*Кимде аманат (мал-мүлк) бар болсо, аны өз ээсине кайтарып берсин! Сүткорлуктун кандай түрү болбосун, баары таман алдымда калды (арам). Карызынардын өзүн (төө болсо төө, кой болсо кой) беришинер керек. Зулумдукка да барбагыла, зулумдук да көрбөгүлө! Жараткандын буйругу менен эми сүткордукка жол жок! Карангы доордон калган бул каада таман алдымда. Алгач Абдулмутталиб уулу (абам) Аббастын пайызына тыюу салдым.*

*Эй, сахабаларым!*

*Карангы доордо жүзөгө ашырылып келген кан дооматтарына да тыюу салынды. Эң алгач чоң атам Абдулмутталибдин небереси  Рабиянын кан дооматын жараксыз кылдым.*

*Эй, адамдар! Бүгүн шайтан силер турган мына бул жерде кайра азгыруу жана өз өкүмүн жүргүзүү күчүнөн түбөлүккө ажырады. Бирок силер менин бул тыюу салган нерселеримен тышкары жөнөкөй деп кабыл алган иштерде ага моюн сунсанар, бул да аны кубандырат. Дининерди коргоо үчүн мындай жөнөкөй нерселерден да алыс болгула!»*

*Эй, адамдар!*

*Аял кишилердин укугун коргогула! Аларга жылуу жумшак, боорукерлик менен мамиле жасагыла! Алар жөнүндө Алладан коркуунарды сунуштайм. Силер аял кишини Алланын аманаты катары; алардын ар-намысын, абийирин сактоого Алланын атын оозанып сөз берип алдынар! Силердин аялдарга болгон, аялзатынын да силерге болгон акылары бар. Силердин жубайынарга болгон акынар, алардын үй-бүлө кутун эч бир адамга тепсетпей коргоосу. Аялынардын силерге болгон акылары, үй-бүлөнү адал жолдон азык-түлүк, кийим-кечек менен камсыз кылуунар. Аял киши күйөөсүнүн уруксатысыз мал-мүлкүнөн эч кимге эч нерсе бере албайт.*

*Кол алдынардагы кулдарга жегенинерден жедирип, кийгенинерден кийгизгиле! Чоң ката кетирсе да, аны кечирип койгула! Аларга эч качан кордук көргөзбөгүлө! Анткени алар да Алланын пендеси.*

*Эй, мусулмандар!*

*Сөзүмө кулак салгыла! Мусулман мусулмандын бир тууганы. Андыктан бүтүндөй мусулмандар боордош, бир тууган. Мусулман боордошунардын укугун, акысын тепсөө силер үчүн адал эмес. Ал эми өз ыраазылыгы менен берсе ал башка сөз (адал болот)*

*Бирөөнүн акысын тепсебегиле! Мындай ишке моюн да сунбагыла! Элдин акысын жебегиле!*

*Эй, сахабаларым!*

*Өзүнөргө да зулумдук кылбагыла! Өзүнөрдүн өзүнөргө болгон акынар да бар.*

*Эй, адамдар!*

*Ар бир жан өз күнөөсүнө өзү жооптуу. Атасы жасаган катанын жазасын баласы тартпайт! Баланын күнөөсүнө атасы да жооп бербейт!*

*Эй, адамдар!*

*Жараткан Алла ар бир адамдын өз укугу жөнүндө (Куранда ачык-айкын) маалымдаган. Мураскорго осуят кылуунун кажети жок.*[368]*Бала кимдин төшөгүндө төрөлгөн болсо, ошого таандык болот. Зинага (никесиз жакындашууга) барган адам арам иштi кылган болот. Өзүн атасынан башка тукумга тануулаган адам*

368. Осуят, мурас жөнүндөгү аят келгенге чейин парз өкүмүндөгү иш катары саналган. Аталган аят аркылуу бардык акы-укуктар белгиленгендиктен осуят парз иш катары кабыл алынуудан четтетилген. Ошону менен бирге кимдир бирөө каалаbackа, мал-мүлкүнүн үчтөн бир бөлүгүнөн ашпаган өлчөмүн башка бирөөнө же кандайдыр бир кайрымдуулук фондуна осуят кылып жиберишине эч кандай тоскоолдук жок.

*же өзүн кожоюнунан башка адамга тануулаган кул Жараткандын каарына, периштелердин жана бүтүндөй мусулмандардын наалатына калсын! Жараткан Алла мындай адамдардын тообаларын да, (бирөөгө) күбөгө өтүүсүн да кабыл кылбайт!*

*Эй, адамдар!*

*Жараткан Эгенер бир. Атаңар да бир. Баарыңар азирети Адам алейхис-саламдын балдарысыңар. Азирети Адам болсо, топурактан жаралган. Жараткан Алланын алдында эң ардактуунар - эң такыбааңар эсептелет. Араптын бөтөн элден эч кандай жогорулугу жок!*

*Эй, адамдар!*

*Эч тынбай өтүп жаткан убакыт Алла Таала көк-асманды жана жерди жараткан күнкү абалына кайтты. Бир жыл он эки айдан турат. Бул он эки айдан төртөө харам (ыйык) ай - деп эсептелет. Бул айлардын үчү удаама-удаа Зулкаада, Зулхижжа жана Мухаррам, ал эми төртүнчүсү Ражаб айы болуп саналат. Бул жылы харам айлары мурунку ордуларына келди. Ажылык мезгили Зулхижжанын онунчу күнүнө туш келди.*

*Эй, мусулмандар!*

*Силерге бир аманат таштап жатам, ага баш ийген чакта адал жолдон эч качан тайбайсыңар. Ал аманат – Жараткан Алланын китеби Ыйык Куран!*

*Эй, адамдар!*

*Алла Таалага ибадат кылгыла! Беш маал намазыңарды окугула! Рамазан айындагы орозоңорду кармагыла, буйруктарыма моюн сунгула (аткаргыла)! (Ошондо гана) Жаратcкандын бейишине киресиңер.*

*Эй, адамдар!*

*Кандайдыр бир маселеде аша чабуудан (ифрат) алыс болгу-*

*ла! Мурункулардын жер менен жексен болушунун бирден бир себеби диндеги аша чабуулары болгон. Ажылык ибадатынын эреже-тартиптерин менден үйрөнгүлө! Билбейм, балким бул жылдан кийин силер менен бул жерде жолукпай калам! Бул насааттарымды азыр ушул жердегилер, бул жерде болбогондорго жеткизгиле! Анткени ал адам бул жердеги менин сөздөрүмү жеткизген адамдан да жакшы түшүнүп, аны жүзөгө ашырышы толук ыктымал»*

Андан соң Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жүз минден ашуун кутман сахабаларына мындайча суроо салат:

*-Эй, адамдар! Эртең мен жөнүндө сурашат, эмне дейсиңер?*

Кутман сахабалар туш-туштан жамырашат:

-Жараткан Алланын элчилигин аткардың, мойнуңа алган милдетиңди толук аткардың, бизге осуят калтырдың, насаат айттың - деп күбөгө өтөбүз!

Бул күбөлүктөн кийин Алланын Элчиси:

- *О, сахабаларым! Силерге динди жеткиздимби? Динди жеткиздимби? Динди жеткиздимби?* - деп үч ирет кайталайт. Сахабалар Алланын Элчисин бир ооздон тастыкташат. Андан соң Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* толкундана Алла Таалага кайрылып:

*«Өзүң күбө бол, оо, Жараткан!... Өзүң күбө бол, оо, Жараткан!... Күбө бол, оо, Жараткан!...»* - деп алакан жаят. *(Муслим, Хаж, 147; Абу Давуд, Манасик, 56; Ибн Мажа, Манасик, 76, 84; Ахмед, V, 30; Ибн Хишам, IV, 275; Хамидуллах, ал-Васаик, 360)*

Коштошуу кутпасы – бул эл аралык карым-катыштын мыйзамы, диндин корутундусу жана ошол эле мезгилде адам укуктары боюнча өзүнчө баян наама эле. 1789 – жылы Францияда болгон ынкылаптын идеологиялык пайдубалына эмгеги сиңген философ **Ла Файетте** аты алыска угулган **«Адам укугу баян**

**наамасын»** жарыялай электе адамзат тарыхындагы бардык укуктук системаларды изилдеп келип, азирети Пайгамбарыбыз коштошуу кутпасында белгилеп кеткен бүтүндөй ааламга шам чырак болгон мындай теңдешсиз адилеттүүлүктү, Ислам укугунун жогорулугун көрүп мындай деген эле:

«Эй, атак-даңктуу Мухаммад! Адилеттүүлүктүн туу чокусуна жеткен экенсиң! Ушул күнгө чейин эч ким ал даражага жеткен эмес жана мындан кийин да эч ким жетпейт!»[369]

Бүткүл ааламдын мырзасы болгон азирети Пайгамбарыбыз бул кутпасы менен адам баласына эң зарыл өкүмдөрдү жеткирген. Ал ошол кутпага катышкан мусулмандар аркылуу бүтүндөй адамзатына жетишин буюрган эле.

* * *

Коштошуу кутпасынан кийин азирети Билал Хабаши *(Алла ага ыраазы болсун!)* азан чакырат. Пайгамбарыбыз алгач бешим намазынын парзын, андан кийин кайра коомат айттырып асыр намазынын парзын бириктирип окуйт. Намаздан кийин төөсү Касвага минип (Арафат тоосунда жайгашкан) «Жабалур-Рахма» - деген дөңсөөнүн этегиндеги вакфа [370]кылчу жерге барат. Касваны аска жакка буруп кыбыла тарапты карайт. Күн батып кызылы тараганга чейин ошол жерде турат.

Алланын Элчиси бир колу менен төөнүн тизгинин кармап, экинчи колун өйдө көтөрүп Жаратканга жалбарып, көпкө дуба кылат. Бул дубанын бир бөлүгү төмөнкүчө:

*«Оо, Жараткан Алла! Бардык мактоо, шүгүр Сага гана таандык, Сага гана жарашыктуу! Оо, Жараткан! Менин намазым, ибадатым, жашоом, өлүмүм Сен үчүн! Жалгыз Өзүңө гана кайтам!*

369. Камил Мирас, Тажриди Сарих котормосу, Анкара 1972, IX, 289.

370. Вакфа – Арафат тоосунун этегинде белгилүү убакыт аралыгында туруу. Ажылык ибадатынын парздарынын бири.

*Оо, Жараткан! Көр азабынан, напси-шайтандын азгырыгынан, иштин баш аламан иштерден Сага гана баш калкалайм! Оо, Жараткан! Бороон-чапкындын апаатынан Жалгыз Өзүңө гана баш калкалайм!*

*Оо, Жараткан Алла Таала! Көзүмө, кулагыма, жүрөгүмө нур бере көр! Оо, Алла Таала! Жан дүйнөмдү кең, ишимди жеңил кыла көр! Оо, Жараткан Алла! Сак-саламатта туруп ооруга чалдыгуудан, күтүүсүздөн келчү азабынан жана каарынан Өзүңө гана баш калкалайм! Оо, Жараткан! Мени туура жолуңан адаштыра көрбө! Өткөн жана келечектеги (кемчиликтеримди) кечире көр!*

*Оо, ырыскы берүүчү, береке түшүрүүчү жана асман-жерди жараткан Алла! Добуштар сан миң тил менен Сага жетип, Сенден тилектин баары суралат! Менин каалоом, дүйнө эли мени унуткан сынак дүйнөдө Сенин мени эстөөн!*

*Оо, Жараткан Алла! Сен сөзүмдү угуп, мени көрүп, жашыруун-ачык эмнеге ээ болсом, баарын билесиң! Эч бир ишим Сага жашыруун эмес! Мен алсызмын, муктажмын, Сенден жардам сурайм, амандык тилейм! Коркуп турам, кемчиликтеримди мойнума алып жатам! Айласы кеткен киши Сенден кандай жардам сураса, мен да ошондой жардам сурайм! Күнөөкөр адам Сага кандай жалбарса, мен да ошондой жалбарам! Сенин алдында моюн сунуп, тизе бүгүп Сен үчүн көз жашын чуурүткан, Сенин жолуңда бар байлыгын, жанын арнаган, Сен үчүн бардыгына даяр турган кулуң Сага алакан жайып кандай жалынып-жалбарса, мен да ошондой жалынып-жалбарам! Оо, Жараткан Алла! Дубаларымды кабыл кыла көр! Мага ырайым кыл, ырайымыңды төгө көр, оо, берешен Алла Таалам!»* *(Ибн Касир, ал-Бидая, V, 166-168; Хайсами, III, 252; Ибн Каййим, II, 237)*

Алланын сүйүктүү пенделери да Пайгамбар жолун жолдон Арафаттын этегинде Жараткандын алдында көпкө көшүлүп жа-

лынып-жалбара турган. Бул жерде ошол улуу олуялардын айрым бир дубаларынан мисал келтирүүнү эп көрүүдөбүз:

«Оо, Жараткан! Сенден жогору өзүн ким мактай алат?! Оо, Жараткан! Тилим күнөөгө себеп сөздөргө оролуп, Сенин ыраазылыгына себеп боло турган эч кандай амал-ишим да жок! Оо, Алла Таалам! Билем, Сенин алдында күнөөлөрүм үчүн орун да жок, Сенден кечирим тилөөгө да бет чыдабайт! Бирок Сен берешендин Берешенисиң! Оо, Жараткан Алла! Мен мээримиңе бөлөнүүгө ылайык эмес болсом да, мээримиң мага тийип калаар. Аткени Сенин ырайымың бүтүндөй жандуу-жансызды өз ичине ала турганчалык даражада өтө кең! Оо, Жараткан! Менин катачылыгым канчалык чоң болсо да, Сенин кечириминдин алдында алда канча кичине! Күнөөлөрүмдү кечире көр, оо, кечиримдүү Алла Таала!

Оо, Жараткан Алла! Сен баш ийген кулдарыңды гана кечирсең, күнөөгө белчеден баткандар кайда барып, кимге баш калкалайт?! Оо, Жараткан! Сен такыбаа пенделериңе гана ырайымыңды төксөң, күнөөкөрлөр кимден барып жардам сурайт?!

Мен сага ар бир көз ирмемимде муктажмын! Сенин мага эч кандай муктаждыгың жок! Сен мени жаратыгың катары гана кечирерсиң! Мени мына бул турган ыйык жайдан өз жериме бүт тилеген тилегиме жеткирип, сураныч-өтүнүчүмдү орундаткан абалда кайтара көр!

Оо, муктаждардын муктаждыгын камсыз кылган Алла Таала! Оо, сүкүт чалгандардын көөдөнүндө катылып жаткандын баарын билген Жараткан Алла! Оо, жардам суроого эң татыктуу Алла Таала! Оо, Өзүнөн башка кудай жок Улуу Жараткан! Алдында мансап-бийлик, байлык, акча өтпөй турган Жараткан Алла! Оо, сураныч, өтүнүчтөр көбөйгөн сайын марттыгы, берешендиги, муктаждар көбөйгөн сайын жакшылыгы оргуштап ашып-ташкан Жараткан Алла! Сен меймандарыңа сыйыңды

көрсөтөсүн! Биз да Сенин мейманыңбыз! Бизди бейишиңе коноктой көр!»

Оо, Жараткан Алла! Ар бир тайпага, ар бир муктажга белек тартууланат, ар бир зыяратчы сыйга бөлөнөт! Ар бир сооп үмүт кылганга сооп ыйгарылат! Биз бардыгыбыз бирге Сенин Байт-ы Харамыңа (Каабаңа) келдик! Мына бул чоң ажылыкта вакфага турдук! Ыйык жайга келдик! Бар үмүтүбүз, тилеген тилегибиз, Сенин сообуңа, сыйлыгыңа жана ыраазылыгыңа ээ болуу! Тилегибизди кабыл кыла көр, оо, Жараткан Алла!» *(Газали, Ихия, I, 337-338; Байхаки, Шуабул-Иман, II, 25-26)*

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Арафатта турган кезде Нажид уруусунун өкүлдөрү келип:

-О, Алланын Элчиси! Ажылык кандай жүзөгө ашат, эмне менен толукталат? - деп суроо узатышат.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

-Ажылык - бул Арафат (Арафат тоосунда туруу). Кимде-ким Муздалифада турган түнү, багымдат намазынан мурда Арафатка барса, ал ажылыкка жетишкен (ажылык ибадатын орундаткан) болот. Мина - үч күн. Шашып Минада эки күн турган адамга күнөө жазылбайт. Кечигип калган адамга да күнөө жазылбайт - деп жооп берген эле *(Ибн Мажа, Манасик, 57).*

## «Бүгүн диниңерди баралына келтирдим!»

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* вакфада туруп, күн баткан маалда түшүрүлгөн төмөнкү аят аркылуу Исламдын толук баралына жеткени маалымдалат:

الْيَوْمَ يَئِسَ الَّذِينَ كَفَرُواْ مِن دِينِكُمْ فَلاَ تَخْشَوْهُمْ وَاخْشَوْنِ الْيَوْمَ أَكْمَلْتُ لَكُمْ دِينَكُمْ وَأَتْمَمْتُ عَلَيْكُمْ نِعْمَتِي وَرَضِيتُ لَكُمُ الإِسْلاَمَ دِيناً

**«...Бүгүн эми каапырлардын дининерди жок кылууга болгон үмүтү үзүлдү. Демек, алардан коркпогула! Менден корккула! Бүгүн дининерди баралына келтирдим, жакшылыгымды толуктадым жана силерге дин катары Исламды ыраа көрдүм...»** *(Маида сүрөсү, 3-аят) (Тирмизи, Тафсир, 5/3043).*

Азирети Абу Бакир бул аятты угаар замат алысты көрө билген кыраакылыгы менен бардыгын түшүнөт. Толукталган жакшылыктын маанисин ар тараптан андап-сезет. «Диндин баралына келишинен» кийинки окуяны сезе баштайт.

Бул аят кыраакылар үчүн Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)*

бу дүйнө менен кош айтышынан кабар берип жаткан эле. Алла Таала чукул арада сүйүктүү Пайгамбарын түбөлүк сапарга чакырмак. Ошондуктан азирети Абу Бакирдин *(Алла ага ыраазы болсун!)* көзүнө жаш толо түшөт. Али эч ким сезбестен оболу Пайгамбарыбыздын көз жумаарын эт-жүрөгү менен сезип, андан ажырап калуу кайгысын тартып, ичтен сызып ыйлап кирет.[371]

Анткени жыйырма үч жылдын аралыгында келген ыйык аманат кыямат күнүнө чейин келе турган адам баласына ырайым катары сунулуп жаткан эле.

* * *

Күн толук батат. Пайгамбарыбыз (алейхис-солаату вас-салаам) төөсүнө Усама бин Зайдды *(Алла ага ыраазы болсун!)* учкаштырып Арафаттан Муздалифаны көздөй бет алат. Барган

371. Элмалылы, III, 1569

жеринде куптан убактысы кирген кезде азан айттырып алгач шам, андан соң куптан намазында имамдыкка өтөт. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* таң атканга чейин Муздалифада болот. Айланага үрүл-бүрүл жарык түшүп калганча Муздалифадан кеткиси келбей, Жаратканга талбия айтып, дуба кылат.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Минада шайтанга ыргыта турган таштарды Муздалифадан топтоп, күн чыкканча Муздалифадан жылып кетет. Сахабаларына жамрадан[372] шайтанга ыргытчу таштарды чогултуп алууларын буюрат. Ошондой эле, майда таштарды бармак ортосуна алып ыргытууларын айтат. Ташты ыргытуунун жол-жобосун өзү көрсөтүп берет.

## Каар түшкөн жер

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* коштошуу ажылыгында Мина менен Муздалифанын ортосунда жайгашкан «Батн-ы Мухассыр» - деген жерден ылдам өтүп кетет. Сахабалар таң калып:

-О, Алланын Элчиси! Бул жерден ылдам өттүңүз, эмне болду? - деп сурашат.

Азирети Пайгамбарыбыз*(саллаллаху алейхи васаллам)*:

-Алла Таала бул жерде Абабил аттуу чымчыктарын жөнөтүп Абраханын пил кошуунун кыргынга учураткан. Ошол каардан аз да болсо үлүш албоо үчүн тезинен өттүм… - деп жооп берет. *(Навави, Шарху Муслим, XVIII, 111; Ибн Кайийм, II, 255-256)*

372. Жамра - оттун күлү, чок, майда шагыл таш деген маанилерди камтыйт. Бул жердеги мааниси майда шагыл таш ыргытылчу жер - дегенди туюнтат. Чоң жамра, орточо жамра жана кичине жамрада майда шагыл таштарды белгилүү учурда белгилүү жерлерде жана саналуу өлчөмдө ыргытууну түшүндүрөт.

Ырас, ажылык учурунда бул жерде вакфа болбойт.

Ырайымдан же каардан калган таасир айрым учурларда жандуу-жансызга да тиет. Каар түшкөн жерлерден алыс болуу керек. Ал эми ырайымга бөлөнгөн Кааба, мечиттер, сүйүктүү пенделердин жыйындары сыяктуу куттуу жерлерден күчтүн жетишинче пайдалануу кажет.

Жансыз дүйнө да таасир этүү жана таасирленүү мыйзамына баш ийет. Азирети Пайгамбарыбыздын мечитинде кутпаны бир курма дүмүрүнө жөлөнүп окугандыктан, дүмүр Алла Элчисинин нуруна толуп, сүйүүсүнөн өз насибин алган эле. Ошентип кез келип эл мечитке батпай көбөйүп, Алла Элчисинин бир сөзүн укса, бир сөзүн укпай калган кезде Пайгамбарыбыз башка жерге кутпа окуп баштаганда баягы курма дүмүрү өзүнчө ыйлаган эле. [373] Бул окуя жөнүндө баяндалган куттуу хадистер мутаватир даражасындагы хадистердин катарынан орун алат.

Алланын сүйүктүү олуя пенделеринен Мавляна Жалаладдин Руми мындай дейт:

«Аба, топурак, суу, от бардыгы Жараткан Алланын кулу жана Ага баш ийишет. Алар сага да, мага да жансыз (сезилгени менен), Алланын алдында алар жандуу!»

* * *

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Мухассырдан тезинен өткөн соң чоң жамра – Акаба жамрасына барат. Курмандык чалуу күнү күн чыккандан кийин Акаба жамрасына майда шагыл таштарын ыргытат. Алланын Элчиси шагыл таштарды баш бармагы менен сөөмөйүнүн ортосуна алып бир-бирден ыргытат. Чогулган эл да Пайгамбарыбыз ыргыткандай ыргытат. Бул учурда эл абдан көп болгондуктан бир-бирин жөлөп кетип жаткан эле. Жагдайга көз салып турган Пайгамбарыбыз:

373. Бухарий, Манакиб, 25; Буйу, 32

*«Эй, адамдар! Бири-бириңерди өлтүрбөгүлө! Силер жамра таштарын ыргытар маалда шагыл таштары сыяктуу майдаларын бармагыңар менен этияттап ыргыткыла!»* - деп буюрат[374] *(Ахмед, VI, 379).*

Кудама бин Абдуллах Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ошол учурдагы абалы жөнүндө мындай дейт:

«Азирети Пайгамбарыбызды төөсүнө минип турган абалда жамра таштарын ыргытып жатканын көрдүм. Ал эч кимди уруп да, жөөлөп да «тур, тур жолдон!» - деп айткан жок» *(Ибн Мажа, Манасик, 66)*

Азирети Пайгамбарыбыз жашап өткөн ар бир жылы үчүн алтымыш үч төөнү өз колу менен курманчылыкка бөлөт. Бир канча төөнү өзү баштап курмандыкка чалып, бычакты азирети Алиге берет. Калганын азирети Али соёт. Алланын Элчиси курманчылыкка чалынган ар бир төөнүн этинен бир кесимден алып коюшун буюрат. Этти казанга асышат. Пайгамбарыбыз азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун!)* менен бирге даам татат. Андан соң Пайгамбарыбыз азирети Алиге төөнүн калган этин, терисин кедей-кембагалдарга таратуусун буюрат.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* төөлөрдү курмандыкка чалган соң чачтарачын чакырып, чачын алдырат. Пайгамбарыбыз аял кишилер үчүн:

«Аял кишилер чачын (түбүнөн) алдырбайт, чачынын (учунан гана) кыскартышат!» - деп буюрат. *(Дарими, Манасик, 63)*

Азирети Анас бин Малик *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси шайтанга таш ыргыткан соң курманчылы-

374. Бүгүнкү шайтанга таш ыргытуу милдети тилекке каршы усулуна ылайыктуу, ибадат сезими, ыкласмандык менен орундалбай жатат. Бул ибадат Ибрахим пайгамбардын шайтанды таш баранга алгандагы учурундагы руханий абалы менен орундалышы керек.

гын кылып, чачын алдырды. Чачтарач алгач оң жактагы чачын алды. Алланын Элчиси Абу Талханы чакырып, кырылган чачын берди. Андан кийин чачтарач сол жагын кырган соң Азирети Пайгамбарыбыз аны да Абу Талхага берип:

-Бул чачымы элге тарат! - деп буюрду» *(Муслим, хаж, 323-326; Бухарий, Вуду, 33)*

Пайгамбарыбыз мандайкы чачын алдырганда азирети Халид бин Валид:

-О, Алланын Элчиси! Мандайкы чачыңызды мага бериңиз! Аны менден башкага бере көрбөңүз! Ата-энем сага садага болсун! - деп суранат.[375] Ошентип, бүткүл ааламга ырайымдуулуктун пайгамбары катары жөнөтүлгөн Алланын Элчиси мандайкы чачын азирети Халид бин Валидке берет. Азирети Халид Алла Элчисинин таберигин алганына сүйүнүп, кубанычы койнуна батпай, катуу толкунданат. Ал таберикти баш кийиминин мандайына коюп алат. Азирети Халид бин Валид кийинки жүрүштөрүндө эч бир душмандарган женилген эмес эле. Азирети Халид *(Алла ага ыраазы болсун!)* бул жагдай жөнүндө мындай дейт:

«Мен аны кайсыл тарапка бурсам, ал жер биздин колго өтүп жатты!» *(Вакиди, III, 1108; Ибн Асир, Усдул-Гааба, III,111).*

Алланын Элчиси Курман айттын биринчи күнү бешимге чейин төөсүнө минип «Ифада» тавафын аткаруу үчүн Каабага бет алат. Таваф кылган соң бешим намазын окуйт. Андан соң Замзам кудугуна барат. Ал күнү күн батардан мурда Минага кайтат. Ал Ташрик (майрам) күндөрү түнду Минада өткөрөт. Бул түндөрү Байтуллага барып зыярат кылып турууну да унутпайт.

Азирети Пайгамбарыбыз Курман айттын биринчи жана экинчи күндөрү күн батышты көздөй ооп  калган маалда жөө

375. Бул учурда азирети Абу Бакир бир жагынан азирети Халиддин (Алла ага ыраазы болсун) Ухуд, Хандак жана Худайбиядагы каармандыгын ойлоп, бир жагынан азыркы учурдагы абалын карап, абдан таң калып турган экен.(Ибн Саад, II,174)

Мина мечитинен кийинки биринчи жамранын жанына барат. Акыркы күнү үчүнчү жамра таштарын ыргытып, түш оогондон кийин Минадан «Мухассап»[376] - деген жерге жол тартат. Мусулмандар Мухассаптан ар тарапка тарай баштаган маалда:

-Кимдин бара турган жери Байтулла болмоюн эч ким эч жакка жылбасын! - деп буюрат (Дарими, Манасик, 85). Зулхижжанын он төртүнчү күнү багымдат намазынан мурда Байтуллага барып таваф кылына турганын жар салат. Ошентип, Байтуллага барып «Коштошуу тавафын» кылат. Бул учурда бир адам келип Меккеде калууну суранат. Алланын Элчиси:

-Мекке жашап кала турган аймак эмес. Сырттан келген адамдар ажылык ибадаттарын аткарган соң Меккеде үч күндөн ашык турбайт! - деп буюрат. (Ахмед, V, 339)

Алланын Элчиси Каабага жан дилден таазим кылаар эле. Пайгамбарыбыз даам сызаарда же ажатканага бараарда Харам мечитинен алыстап кете турган. Ага таазим кылууда кемчилик кетирбейин деп обочодо көпкө турбас эле. Анткени Байтуллага болгон сүйүү үчүн бул куттуу жайды кайсыдыр бир башка жерге теңөө туура эмес эле.Алланын Элчиси сахабалар менен коштошуу тавафын кылып, Мединага кайтат *(Бухарий, хаж, 21, 70, 128; Муслим, хаж, 147; Ибн Мажа, Манасик, 84).*

Бирок Алла Таала жакшылыгын толуктап, динин баралына келтиргендиктен эми түбөлүк сапардын убагы келип жеткен эле.

376. Мухассап - Мина менен Меккенин ортосунда жайгашкан жердин аты. Ислам жаңыдан гана телчигип келатканда Курайш бутпарастары Пайгамбарыбызга каршы бойкот жарыялоо чечимин ушул жерден чыгарышкан эле. Алланын Элчиси бул жерге келгенде ошол кайгылуу күндөрүн эстеген эле (Бухарий, хаж, 45).

# ХИЖРАТТЫН ОН БИРИНЧИ ЖЫЛЫ

## Түбөлүктүү улуу сапар

Пайгамбарлар алтын чынжырынын алгачкы жана акыркы алкагы, эки ааламдын мырзасы, адамзаты жана жин ааламынын пайгамбары, эки ыйык жайдын (Кааба жана Набави мечиттеринин) имамы, бүткүл ааламдын нуру, ааламга ырайымдуулуктун пайгамбары катары жөнөтүлгөн азирети Мухамммад Мустафа *(саллаллаху алейхи ва саллам)* коштошуу ажылыгынан соң катуу ооруга чалдыгат. Бул оору Аны үммөтүнөн бөлүп, өмүр бою самап келген Улуу Жараткан Аллага жолуктуруучу оору эле. Ансыз да Наср сүрөсүнүн түшүшү менен ажалынын жакындап калганын түшүнгөн Алланын Элчиси түбөлүк сапарга даярдык көрө баштайт. Ошондой эле, ооруга чалдыга электен бир күн мурда Мединанын «Жаннатул-Баки» - деген көрүстөнүнө барып:

*« Оо, Жараткан Алла! Бул жерде жаткандардан кечириминди аяба!»* - деп Алла Таалага алакан жайып дуба кылган эле *(Ахмед, III, 489).*

Көрүстөндөн кайткан соң минбарга чыгып сахабалары менен коштошуп жаткандай:

*«Мен Кавсар көлмөсүнө эң биринчи бара турганыңармын. Мен силерди ошол жактан күтүп алам! Силер менен жолуга турган жайыбыз ошол көлмө болот. Мен азыр ал жерди көрүп турам! Мен силердин ал-абалыңар тууралуу күбөгө өтөм! Азыр мага жердин казынасы жана анын ачкычы ыроолонду. Валлахи,[377] көзүм өткөндөн кийин силердин бутпарастыкка (Аллага шерик кошуучулук) кайтып кетишиңерден коркпойм! Бирок мен силердин дүйнөнүн миң кубулма лаззаттарына азгырылып кетишиңерден корком! Мына ушул жаатта бири-бириңерди көрө албай чатакташып, бириңерди бириңер өлтүрүп коесуңарбы деп корком! Ошондуктан мурунку элдер сыяктуу силердин да жок болуп кетишиңерден (Кудайдын каарына калышыңардан) коркуп турам!...»* *(Бухарий, Жанаиз, 73; Муслим, Фадаил, 31)*

Алланын Элчиси минбардан түшүп, шайы ооп куттуу үйүнө бет алат. Күн өткөн сайын оорусу күчөй берет. Оорусу өтүшүп калган кезде да азирети Пайгамбарыбыз кадырман жубайларынан уруксат сурап, азирети Аишанын бөлмөсүндө болуунү туура көрөт *(Бухарий, Тыб, VI, 22; Ахмед, 34, 38; Балазури, I, 545).*

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бул күнгө чейин мындай оор ооруга чалдыккан эмес болучу. Чынында, Анын өмүрү - ага оору жакындатпаган таза жашоо эле. Ошентсе да, жыйырма үч жылга созулган, адам баласынын күчү жетпей турган ары тунук, ары улук, ары таза пайгамбарлык милдети[378] Аны кыйла ал-күчтөн тайдырып койгон эле. Ошон-

---

377. Валлахи: Алла Тааланын атын оозанып касам ичүү. Кыргыз тилинде толук болбосо да, «Кудайга ант этем!», «Кудай акы!», «Кудай урсун!»- деген маанилерди камтыйт.

378. Азирети Пайгамбарыбызга (саллаллаху алейхи ва саллам) вахий келгенде ийнине оор жүк жүктөлгөндөй эле болор эле. Алсак, бу учурда төөсүнө минип турган болсо, төө тизе бүгүп чөк түшүүгө аргасыз боло турган. Эгер вахий өйдө болуп турган кезде келсе, кадимкидей буттары ийилип, сынып кетчүдөй абалда болор эле. (Ахмед, II, 176; VI, 445; Ибн Саад, I, 197)

Бул жагдай жөнүндө Зайд бин Сабит (Алла ага ыраазы болсун!) мындай дейт: «Күндөрдүн биринде Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи ва саллам) жанында тургам. (Мечитте эл) өтө көп болгондуктан Пайгамбарыбыздын тизеси тиземин үстүндө эле. Ошол маалда Ага вахий келе баштады. Валлахи, ушул күнгө чейин Алла Элчисинин тизесинен оор эч бир жүк көр-

дой эле, башынан өткөргөн түрдүү кыйынчылыктар, бутпарастардын зордук-зомбулуктары да Алланын Элчисинин шайын оодарган эле. Мына ушунун баары Анын бул оорусуна себепкер болгон эле.

Ошону менен бирге бул оору Пайгамбарыбыз үчүн бийик даражаларга жетишине жол ачып жаткан эле. Бул оорусуна Хайбардагы жөөт аялдын этке уу кошуп берүүсү да чоң таасир эткен эле. Ырас, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* оорусу ырбагандан ырбап, күчөгөндөн күчөп оорлошкон кезде азирети Аишага:

-*Ээ, Аиша! Хайбардагы уу кошулган эттин залакасын ушул күнгө чейин тартып келдим. Азыр жүрөк кан тамырым үзүлгөндөй болуп турат* - деген эле (Бухарий, Магази, 83).

Азирети Анас бин Малик *(Алла ага ыраазы болсун!)* :

«Алла Элчисинин тилинин учунан бул уунун изин байкаар элем!...» - дейт *(Муслим, Салам, 45).*

Бүткүл ааламдын Нуру болгон азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ошол уу үчүн шейиттердин кербенине кошулган эле. Пайгамбарлык жакшылыгын ыроолоп берген Алла Таала Ага шейиттиктин шербетинен насип буюрган эле *(Ибн Хишам, III, 390; Вакиди, II, 678-679; Хайсами, VI, 153).*

* * *

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* эти ысып, көл-шалга түшөт. Пайгамбарыбызды көрүү үчүн келген азирети Абу Саида ал-Худри:

-О, Алланын Элчиси! Илдетиңиз өтө оор! - деп айтуудан өзүн кайра тарта албайт. Азирети Абу Саид мындай дейт:

гөн эмесмин. Тизем сынып кетеби деп ойлодум» (Ахмед, V, 190-191).

«Колумду Пайгамбарыбыздын көкүрөгүнө койдум. Денесинен жалындап чыккан ысыкты төшөктүн үстүнөн да байкап-сезип турдум.

-О, Алланын Элчиси! Сизди ысык катуу баскан экен! - дедим. Анда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*-Биз (пайгамбарлар) ушундайбыз. Түйшүк бизге кош-кабаты менен келет. Ошого жараша сыйлык-белектер да тартууланат* - деди. Мен:

-О, Алланын Элчиси! Адам баласынан эң көп түйшүктү кимдер тартат? - деп суроо салдым.

-Пайгамбарлар - деп жооп берди.

-Андан кийин кимдер? - дедим.

-Салих адамдар (Алланын сүйүктүү пенделери) - деп сөзүн минтип улады:

*-Алар өтө оор кедейликке туш болот, жадагалса, денесин жаап жүрө турган кездемеден башка эч нерсеге ээ болушпайт. Силер молчулукка кандай сүйүнсөңөр, алар да кыйынчылыкка ошондой сүйүнүшөт. (Ибн Мажа, Фитан, 23).*

Алланын Элчиси ичээр суусу түгөнөөр кезде оорусунан улам жамаатка барууга да күчү жетпей калат. Ошентип, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* азирети Абу Бакирди намазда имам болууга дайындайт. Ошол күндөрдүн биринде Алланын Элчиси өзүн бир аз жакшы сезип мечитке келген эле. Кутман сахабаларына акыл-насаатын, улуу сөзүн айтып, акырында:

*-Улуу Жараткан Алла Таала бир пендесинин алдына эки нерсени койду; бири дүйнөнүн сулуулугу, ажайып коздугу, экинчиси Өзүнүн алдындагы баа жеткис жакшылыктар. Ал пенде экинчисин, Алла Тааланын алдындагысын тандады!....* - деп буюрат.

Кыраакы азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун!)* бул сөздөр менен Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* коштошуп жатканын дароо андап-түшүнөт. Азирети Абу Бакир катуу кайгырып, жашып кетет. Жүрөгү мыжылып, ичтен сызып ыйлап кирет:

-Ата-энем сага садага, о, Алланын Элчиси! Ата-энебизди, мал-жаныбызды, бала-бакырабызды Сага арнайбыз!... - дейт *(Ахмед, III, 91).*

Жамааттан азирети Пайгамбарыбыздын мындай ары терең, ары сырдуу сөзүн андан башка эч ким түшүнө алган эмес эле. Анткени ал аятта да кыйыр сөз менен айтылган Савр үңкүрүндөгү «экинин экинчиси» (Пайгамбардын жандосу) азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун!)* эле.

Алланын Элчиси ал тууралуу куттуу хадистеринин биринде:

*«Жүрөгүмдө эмне болсо, ошонун баарын Абу Бакирге өткөрүп бердим!»* - деген эле.[379]

Кутман сахабалар Алла Элчисинин жан досунун ичтен сызып ыйлап жатканын көрүп, өздөрүнчө таң калып:

-Алланын Элчиси Жаратканга жолугууну тандаган салих адам тууралуу сөз кылып жатса, бу ак сакалдын ыйлаганы эмнеси?! - дешет (Бухарий, Солаат, 80).

Ал эми азирети Абу Бакирдин дилгир эт-жүрөгү Алла Элчисинин одүйнө салышын сезип, көз жашын төккөн эле. Ошентсе да, Алла Элчисинин илдети өтө күч алган кезде сахабалар да Анын коштошоорун сезип, ыйлай башташат. Мухажир жана ансар жыйындарын кайгы-муң чуулгап алат. Эл:

-О, Алланын Элчиси! Алла Тааладан шыпаа сурасаңыз! -

379. Ажлуни, Кашфуль-Хафа, 2-том, 419.

дешкенде, ар дайым бейпилдик үчүн дуба кылып келген Алланын Элчиси бул жолкусунда дуба кылбайт.

Азирети Аиша *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси ооруга чалдыккан кезде Муаввизатайн (Фалак жана Нас) сүрөлөрүн окуп, оозу менен колуна үйлөп, денесин сылар эле. Бул жолку оорусу оорлошкон маалда мен да ошентип, Фалак жана Нас сүрөлөрүн окуп колуна үйлөп, Анын куттуу денесин сылай баштадым. Жабраил periште мурунку ооруларынын биринде Алла Элчисине келип окуган дубаны мен да:

«Оо, адамзатынын Жаратуучусу! Бул илдеттен арылта көр! Шыпаа жалгыз Сенин гана колунда. Сенден башка эч ким шыпаа бере албайт. Шыпаа бере көр, анын оорусунан эч нерсе калбасын!» - деп окудум. Бирок Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* (башын мен тарапка буруп):

*-Көкүрөгүмөн колуңду ал! Бул мага эми эч кандай пайдасын тийгизбейт! Мен ичээр суумдун түгөнүшүн күтүп жатам...* - деди» *(Ахмед, VI, 260-261; Ибн Саад, II, 210).*

Азирети Аиша *(Алла ага ыраазы болсун!)* сөзүн улап:

«Алланын Элчиси кутман кызы азирети Фатиманы чакыртты. Фатима келгенде: - Кандайсың, кызым! - деп, жанына отургузуп, кызына жашыруун бир нерсе айтты. Фатима ыйлап кирди. Андан соң дагы жашыруун бир нерсе айтты. Бул жолу Фатима ыйын басып, жүзүнөн нуру таамп ууртунан жылмайды.

Мен мындайды өмүрүмдө биринчи ирет көрүп жаткан элем. Жылмаюунун ыйга, ыйдын жылмаюуга мынчалык жакын болоорун болжогон эмес экем. Мунун себебин Фатимадан сураганымда:

-Атам, бул илдеттен одүйнө салышы жөнүндө кабарлады. Чыдай албадым, ыйладым. Андан кийин Ага үй-бүлөсүнөн эң

алгач менин жолугаарымды айтты. Буга өзүнчө сүйүндүм, ошол үчүн кубандым - деп жооп берди» - дейт (Бухарий, Магази, 83).

Бул күндөрү Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* оорусу басандап калса эле жамаат менен намаз окуганы барып турат. Жан дүйнөсүн Пайгамбар менен коштошуу муңу чырмап алган ардактуу сахабаларына мындай дейт:

*«Эй, адам баласы!*

*Мен уктум, силер пайгамбарыңардын көз жумаарынан санааркап, түйшөлүп жатыпсыңар! Менден мурда жөнөтүлүп, үммөтү менен (бул дүйнөдө) түбөлүк болгон пайгамбар болду бекен?! (Ошондой пайгамбар бар болсо) Мен да ар дайым силер менен болоюн? (Бирок эч бир пайгамбар бу дүйнөдө түбөлүк калган жок). Билип койгула, мен Жараткан Аллага жолугам! Ага силер да барасыңар! Албетте, ар бир иш Алла Тааланын уруксаты менен гана жүзөгө ашат.*

*Билип койгула! Мен силерден оболу барып, силерди күтүп алам! Кулак салгыла! (эртең акыретте) Силер менен жолуга турган жерибиз Кавсар көлмөсүнүн баш жагы болот. Эртең мени менен жолугууну каалаган адам колун, тилин күнөө иштерден алыс кармасын! Эй, адамдар! Күнөө иш жакшылыктын (жамандыкка) алмаштырылышына себепкер болот. Эл жакшы болсо, ажо да жакшы болот. Эл жаман болсо, ажо да жаман болот. Жаратканга ант берем! Азыр көлмөмдүн үстүндө турам, ушул турган жерден көлмөмө көз салып турам…»*

Алланын Элчиси бул учурда ичтен сызып ыйлап олтурган азирети Абу Бакирди карап:

*-Ээ, Абу Бакир! Ыйлаба!.. -* деп сөзүн улайт:

*-Эй, адам баласы! Жаны менен да, бүт мал-дүйнөсү менен да, достугу менен да мен үчүн Абу Бакирден өткөн жан аябас бир да адам жок! Эгер Жаратkandan башка, адамдардан дос*

*тутунганымда, албетте, Абу Бакирди дос тутунмакмын...*

*Мечитке кирчү мына бул эшиктерди жапкыла! Жалгыз Абу Бакирдин гана эшиги ачык турсун! Мен Абу Бакирдин эшигинин үстүндө бир башкача нур көрүп турам» (Бухарий, Солаат, 80; Ибн Саад, II, 227 ).*

*Ардактуу сахабаларым!*

*Ырас, мен да адаммын. Кээ бириңердин мага акысы өтүшү мүмкүн. Кимдин акысы өткөн болсо, мына, мен мындамын, келип акысын алсын! Кимдин аркасына колум тийген болсо, мына аркам! Келсин да, өчүн алсын! Кимдин мал-дүйнөсүнөн үлүш алсам, тигине мал-мүлкүм турат! Келип алсын!*

*Оо, Жараткан Алла! Мен болгону адаммын. Кайсы мусулман баласына оор сөз айткан болсом, же урган болсом, же наалат айткан болсом, Сен муну ага, сыйлыкка, ырайымдуулукка себепкер кыла көр!» (Ахмед, III, 400)*

*«Кайсы момун-мусулман адамга оор сөз айткан болсом, Сен ал сөзүмдү кыямат күнү ошол момун-мусулман үчүн Сага жакындоого себепкер кыла көр, оо, Жараткан Алла!» (Бухарий, Даават, 34; Дарими, Мукаддима, 14; Ибн Саад, II, 255; Табари, Тарих, III, 191; Халаби, 463-464)*

Ошентип, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* эл менен амандашып, адамдардын акысы менен эсептешип коюп, шайы ооп үйүнө барат. Ошондон кийин жамаат менен намаз окууга бара албай калат. Болгону бир жолу өзүн бир аз жеңил сезип, азирети Абу Бакирдин артында туруп намаз окуйт.

Акыры Рабиул-аввал айынын он экиси күнү дүйшөмбү таңга маал дагы өзүн бир аз жеңил сезип калган эле. Ошентсе да, жамаатка барууга дарамети келбейт. Эшикте илинип турган кездемени ачып, азирети Абу Бакирдин имамчылыгы менен багымдат намазын окуп жаткан сүйүктүү сахабаларына акыркы

ирет көз салып турат. Алардын бир сап катарга тизилип, жамаат менен намазда турганын көрүп өзүнчө ичи жылып, ыраазы болуп ууртунан жылмаят. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бир жагынан оор илдеттин азабын тартып, экинчи жагынан жакшы жамаат калтыруунун жана Жараткан Алла Таала тарабынан берилген милдетти толук аткаруунун кубанычына бөлөнүп турат. *(Бухарий, Магази, 83, Азан, 46, 94; Муслим, Солаат, 98; Насаи, Жанаиз, 7)*

Бул окуяны айтып калтырган азирети Аиша мындай дейт:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* кутман сахабаларынын намаз окуп жатканын көрүп, ууртунан жылмайып турду. Ойлосом, Алла Элчисин эч качан мынчалык кубанганын көргөн эмес экемин» *(Ибн Хишам, VI, 331).*

Алла Таала эч бир пайгамбарына ыроолобогон улуу жакшылыгын акыркы Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* насип буюрган эле. Тагыраак айтканда, Алланын Элчиси көз жумаардан мурда эмгегинин үзүрүн, жеткен ийигилигин көргөн эле. Арап жарым аралын бутпарастыктан тазалаган эле. Бут-айкелдер өздөрү тарабынан талкаланып, жер менен жексен болгон эле. Дүйнөгө жаңы гана көз ачкан кыз ымыркайларын таш боордук менен тирүүлөй көөмп салууну адатка айландырып алган адамдар эми минтип ырайымдуулуктун сересине жетип, ыйман толкуган жүрөктүн түпкүрүнөн сызылып агып чыккан көз жашын чууруткан адамдарга айланып чыга келишкен эле. Анткени Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* адамды «адам» - деген улуу атка татыктуу кыла турган, адамды адамдык бийик сапатка тарбиялай турган улуу тарбиялоочу эле.

Ошол күнү эртең менен Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мурда даярдык көргөн, бирок оорусунан улам жүрүшкө чыкпай турган кошуундун жолго аттанышын буюрат. Кол башчылыкка дайындалган жаш жигит азирети Усама бин

Зайдка:

-Алла Тааланын берекеси менен түшкө чейин жолго аттангыла! - деп буйрук берет *(Вакиди, III, 1120).*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Аишага *(Алла ага ыраазы болсун!)* үйдөгү алты-жети динарды кедейлерге таратып беришин буюрат. Азирети Аиша Пайгамбарыбызды ойлоп жатып бир аздан кийин динарларды эмне кылышын унутуп калып, кайра сурайт. Пайгамбарыбыз Азирети Аишаны дароо түшүнүп, динарларды сурап:

*-Алла Тааланын Пайгамбары Мухаммад буларды кедей-кембагалдарга бербей туруп Жаратканына жолугууну эп көрбөйт!...* - деп ансарлардан беш кедей үй-бүлөгө таратышын айтат. Ошондон кийин гана:

*-Жаным эми жай таап, эс алып калды!...* - деп куш уйкуга кирет[380] *(Ахмед, VI, 104; Ибн Саад, II, 237-238).*

Мына, эч тынымсыз кайыр-садага....

Ошол күнү Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* үй-бүлөсүнө:

*Эй, адамдар! От алоолонду. (Этият болгула!) Алдыда караңгы кою түн сыяктуу бузукулук, кайырдиндик турат!.. Мен болгону Алланын Китеби Ыйык Курандын адал дегенин адал, арам дегенин арам кылдым!*

*Эй, Алланын Элчисинин кызы Фатима! Эй, Сафиййа! Алланын алдында кабыл алына турган жакшы иштерди көп жасагыла! (Жакшылык иштериңер жок болсо, мага ишенбегиле)*

380. Имам Касталлани мындай дейт: «Бүткүл ааламдын Жаратуучусу Алла Тааланын сүйүктүүсү, пайгамбарлардын эң улугу, өткөн жана келечектеги каталары кечирилген Алланын Элчиси ушинтип ойлосо, мойнуна мусулмандардын канын, арам жолдон тапкан мал-мүлк, байлыгын көтөрүп алып одүйнө салып Жаратканддын алдына баргандардын абалы жөнүндө ойлонуп көргүлө! Кандай гана өкүнүчтүү!» (Касталлани, 480-481)

*Анткени мен (Жаратканга кулчулук милдетинерди аткарбаган чагынарда) силерди Алла Тааланын азабынан куткара албайм!»* - деп кайрылат *(Ибн Саад, II, 256; Бухарий, Манакиб, 13-14; Муслим, Иман, 348-353).*

Ал күнү Алланын сүйүктүү Элчиси *(саллаллаху алейхи ва-саллам)*:

*«Намазга көңүл бургула! Намазды калтырбагыла! Кол алдынардагы адамдарга эч качан орой мамиле жасай көрбөгүлө! Жылуу мамиледе болгула! Алладан корккула! (Аларды кийим-кечеден кем кылбагыла! Ач калтырбагыла! Алар менен текеберленбей адамча сүйлөшкүлө!)»* - деп буюрат *(Абу Давуд, Адаб, 123-124/5156; Ибн Мажа, Васая, 1).*

Бул күнү Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мисвак менен тишин көпкө чейин тазалайт.

Азирети Аиша бул жөнүндө мындай дейт:

«Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* тишин мисвак менен бүгүнкү күндөгүдөй көпкө тазалаганын (ушул күнгө чейин) көрбөптүрмүн!» *(Бухарий, Магази, 83; Ибн Саад, II, 261).*

Алла Элчисинин жанында ичинде суусу бар чөйчөк турган эле. Азирети Пайгамбарыбыз анда-санда чөйчөккө колун салып, жүзүн аарчып:

*«Лаа илааха иллаллах, өлүмдүн акылдан алчу касиети бар!»* - деп жаткан эл *(Бухарий, Магази, 83).*

Бул күнү Алланын Элчиси Жаратканга алаканын жайып:

-Оо, Жараткан Алла! Мени Өз мээримиңе бөлө! Мени Рафик-и Аалага (Өзүнө) жолуктур! Оо, Жараткан! Мени Өз ырайымына бөлө! Мага Өз ырайымынды төк! Мени Рафик-и Аалага жолуктур! - деп дуба кылат *(Бухарий, Магази, 83; Ахмед, VI, 126).*

Бул күнү Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)*

кызы азирети Фатиманы:

*-Кызым! Ыйлай көрбө! Мен көз жумган кезде:*

*«Иннаа лиллахи ва иннаа илайхи роожиуун» («Албетте, биз бардыгыбыз Аллага таандыкпыз! Акыр-аягы баарыбыз Жалгыз Өзүнө гана кайтып барабыз») - деп айт!* - деп жубатат *(Ибн Саад, II, 312).*

Бул күнү Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Ухуддун эң оор кезендеринде «Алланын Элчиси көз жумду» - деген жаңырык ар тарапка жайылып, сахабалар ыдырай баштаганда эскертүү иретинде түшүрүлгөн төмөнкү аятты окуйт:

وَمَا مُحَمَّدٌ إِلاَّ رَسُولٌ قَدْ خَلَتْ مِن قَبْلِهِ الرُّسُلُ أَفَإِن مَّاتَ أَوْ قُتِلَ انقَلَبْتُمْ عَلَى
أَعْقَابِكُمْ وَمَن يَنقَلِبْ عَلَىَ عَقِبَيْهِ فَلَن يَضُرَّ اللّهَ شَيْئاً وَسَيَجْزِي اللّهُ الشَّاكِرِينَ

**«Мухаммад – Алланын Элчиси. Андан мурун да пайгамбарлар өткөн. Эгер ал көз жумса же киши колдуу болсо, артка чегинип, качып кетесиңерби?! Кимде-ким артты көздөй качса, ал (качуу менен) Алла Таалага кымындай да зыян алып келе албайт. (Тескерисинче ал өзүнө гана зыян алып келет). Алла Таала шүгүрчүл пенделерин Өзү сыйлайт»** *(Аали Имран сүрөсү, 144-аят).*

Бул күнү Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ар дайым вахий алып келген Жабраил перииште *(алейхис-салаам)* келип:

«Сага салам (тынчтык, бейпилдик) болсун, эй, Алланын Элчиси! Бул сен үчүн жер бетине акыркы жолу келишим!» - деп буюрат *(Ибн Саад, II, 259).*

Бул күнү Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мурда өз оозунан чыккан:

*«Эч бир пайгамбардын руху (жаны) бейиштеги жайын көр-*

*мөйүн алынбайт! Андан соң бул (бийик) жайына барып-барбашы, анын эркине коюлат!»* - деген сөзүн эми өзүнүн башынан өткөрүп жаткан эле *(Бухарий, Магази, 83, 84; Ахмед, VI, 89).*

Ал күнү Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Азраил периште келип, бөлмөсүнө кирүү үчүн уруксат сурайт. Уруксат алган соң бүткүл ааламдын сыймыгы болгон азирети Пайгамбарыбыздын мандайына келип:

-Эй, Алланын Элчиси! Эй, Ахмед![381] Мени Алла Таала сага жөнөттү. Сенин ар бир буйругуна моюн сунуумду буюрду. Эгер сен кааласаң, жаныңды алам! Каалабасаң, жаныңды жайына коем! - дейт.

Бу учурда Алла Элчисинин бөлмөсүндө турган Жабраил периште:

-О, Алланын Элчиси! Улуу Алла Таала сени сагынып жатат! - дейт.

Алланын Элчиси уруксат сураган Азраил периштеге:

-(Эй, Азраил! Мен үчүн) Алланын алдында болуу алда канча жакшы жана түбөлүктүү! Эй, периште! Кана эмесе, сага буйрулганды аткар, жанымды ал! - деп буйрук берет *(Ибн Саад, II, 259; Хайсами, IX, 34-35; Балазури, I, 565).*

Ошентип, кут төгүлгөн колун жанындагы чөйчөккө салып, жүзүн аарчып, түбөлүк сапарга өткөрө турган каалгадан өтүп баратып келме келтирип:

«-Оо, Жараткан Алла! Рафики Аалаа, Рафики Аалаа![382]» - деп, кайра-кайра кайталап жатып аруу рухун Өз Ээсине тапшырат. Нур тамылжыган жүзүн аарчыган кут төгүлгөн колу жанын-

381. Ахмед – Азирети Пайгамбарыбыздын ысымдарынын бири. Ахмед сөзү алкоого татыган, Алланын ыраазылыгына арзыган деген маанини билдирет.

382. Рафик-и Аалаа: Эн бийик, жогору, улуу жан дос деген маанини туюнтат. Бул жердеги мааниси Жараткан Алла Таала.

дагы чөйчөккө салаңдап калат!... *(Бухарий, Магази, 83)*

Ошентип, мындан бир топ жыл мурда түшүрүлгөн:

إِنَّكَ مَيِّتٌ وَإِنَّهُم مَّيِّتُونَ

**«(Эй, Элчим!) Сен да көз жумасың, алар да көз жумат!»** *(Зумар сүрөсү, 30аят)* - деген аят жүзөгө ашат.

**Оо, Жараткан Алла! Азирети Мухаммад Мустафа (саллаллаху алейхи ва саллам) Пайгамбарыбызга, анын үй-бүлөсүнө, сахабаларына чексиз мээриминди, чексиз ырайымыңды жана чексиз береке-кутуңду төгө көр! Аларга тынчтык, бейпилдик бере көр!.. Ырайымдуулуктун Пайгамбарына салам жана салаваттар болсун!..**

* * *

Алланын Элчиси Мухаммад (саллаллаху алейхи ва саллам) Пайгамбарыбыз аруу рухун Жаратканга тапшырган соң үйдөгү ыйман нуру уялаган жүрөктөрдүн түпкүрүнөн сызылып агып түшкөн көз жаш селге айланат. Дал ошол учурда үйдөгүлөрдү кайрат кылууга чакырган бейтааныш бир добуш келет:

«Ассаламу алейкум ва рахматуллахи ва баракатух!»

«Силерге Алланын саламы, ырайымы жана берекеси болсун!»

Алар да ага өзүндөй: «Ва алейкумуссалам ва рахматуллахи ва баракатух» - деп жооп кайтарышат. Андан кийин баягы сырдуу үн  кайра угулат:

كُلُّ نَفْسٍ ذَآئِقَةُ الْمَوْتِ وَإِنَّمَا تُوَفَّوْنَ أُجُورَكُمْ يَوْمَ الْقِيَامَةِ فَمَن زُحْزِحَ عَنِ النَّارِ
وَأُدْخِلَ الْجَنَّةَ فَقَدْ فَازَ وَما الْحَيَاةُ الدُّنْيَا إِلاَّ مَتَاعُ الْغُرُورِ

**«Ар бир жан өлүмдү татуучу. Кыямат күнү шек-күмөнсүз, сообуңарды толук бойдон аласыңар. Анан ким тозоктон четтетилип, бейишке киргизилсе, чыныгы бак-таалайга жетет. Бул дүйнө - жалган дүйнө!»** *(Али, Имран сүрөсү, 185-аят)*

«Кулагыңарга күмүш сырга! Ар бир кыйынчылыктын Алла Тааланын алдында кайрымы, ар бир көз жумган жандын орун басары жана анын (көз жумган жандын) өзүнө жараша акыбети болот! Жараткан Аллага бет алгыла! Тилеген тилегиңерди Жалгыз Алладан гана тилегиле! Чыныгы кыйынчылыкка туш болгон адам – бул сооптон (Жаратткандын ыраазылыгынан, ырайымынан, жакшылыгынан жана берекесинен) кур калган адам эсептелинет. Силерге Алланын саламы, ырайымы жана берекеси болсун!» *(Ибн Саад, II, 259)*.

Азирети Ибн Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

«Бул сөздөрдү «Ахли Байттын»[383] баарысы, Набави мечитиндегилер, ал тургай жолдо жүргөндөр да угушту» - дейт *(Балазури, I, 564).*

Азирети Али бул үндүн азирети Хызырга (алейхис-салаам) таандык болгонун айтат *(Ибн Саад, II, 260).*

Бейиш аялзатынын мырзайымы азирети Фатима кадырман атасы *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бул дүйнө менен кош айтышканда абдан катуу кайгырган эле. Ал мындай дейт:

«Бүткүл ааламдын Сыймыгы болгон атамдын көз жумганы мага өтө оор келди. Эгерде ошол мен тарткан кайгы-муңга мына бул жарык дүйнө чүмкөнгөндө, жер бети кою караңгы түнгө айланмак» *(Дияр бакри, II, 173)*.

Азирети Фатима *(Алла ага ыраазы болсун!)* Алла Элчиси-

383. Ахли Байт - Азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи васаллам) аруу үй-бүлөсү.

нен *(саллаллаху алейхи ва саллам)* кийин алты ай өмүр сүрөт. Алты ай ичинде азирети Фатиманын жүзүнөн бир да жолу жылмаюу байкалган эмес эле *(Камил Мирас, Тежрид Тержемеси, XI, 25-26)*.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Медина шаарына кайткан соң болжол менен он үч күнгө созулган оор илдетинин натыйжасында 632-жылы кулжа (июнь) айынын сегизи күнү, мусулмандардын жыл наамасы боюнча, хижраттын он биринчи жылы Рабиул-аввал айынын он экиси күнү дүйшөмбүдө түбөлүк улуу сапарга аттанып, Улуу Жараткан Алла Таалага бет алган эле.

Ардактуу сахабалар чыгыштан чыгып, батыштан баткан күндүн эч өзгөрбөс нурунан кандайдыр бир сырдуу нерсе соолуп, ирени кетип калгандай туюп жатышкан эле. Ал күндөн кийин Пайгамбар азанчысы азирети Билал Хабаши ыйманга сугарылган сахабалардын жүрөгүн элжиретип, ай-ааламды жаңырткан мукам үнү менен азан айтууга эми чындап дарамети жетпей калган эле. Сахабалардын өтүнүчү менен азирети Билал Хабаши азан чакырууга ниеттенип, михрабда Алланын Элчисин көрбөгөн соң ый аралаш үнү дирилдеп, бул жолкусунда да азан айта албай туруп берген эле. Азирети Билал *(Алла ага ыраазы болсун!)* жан дүйнөсүн сыздатып жаткан алоолонгон сүйүү жалынын басуу үчүн Мединадан алыстагысы келип, Шам тарапка сапар алган эле. Күндөрдүн биринде түшүнө Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* кирип:

-Бул эмне деген алыстоо эй, Билал! Дале мага зыярат кылуу убагың келген жокпу?! - дейт таарынгандай түр көрсөтөт. Ошентип, азирети Билал *(Алла ага ыраазы болсун!)* уйкудан муңайган абалда ойгонот да дароо Мединанын жолуна түшөт. Бүткүл ааламдын мырзасы азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* кабырына (мүрзөсүнө) зыярат кылуу үчүн Мединага келет. Алла Элчисинин алдында ыйлап, албырган жүзүн куттуу кабырга коюп турган маалда азирети Хасан

менен азирети Хусаин кирип келишет. Азирети Билал ал экөөнү бооруна кысып, өөп-жыттагылап кирет.

-Эй, Билал! Азаныңды уккубуз келип турат! - деген Пайгамбардын эки небересинин сураныччын четке кага албай азан чакыра баштайт. Ошол учурда Мединаны бир башкача маанай чуулгайт. «Ашхаду анна Мухаммадар-Расуулуллах» (Шек-күмөнсүз, Мухаммад Алланын Элчиси экендигине күбөгө өтөм) - деген үндү уккан аял-эркек, кары-жаш дебей бир саамга элдин баары Алла Элчисинин тирилип келгенин ойлоп, Набави мечитин көздөй агып келе башташат. Алланын Элчиси көз жумгандан кийин Мединада элдин мынчалык кайгы-муңга батканын эч ким көргөн эмес эле *(Ибн Асир, Усдул Гааба, I, 244-245; Захаби, Сияр, I, 357-358).*

Азирети Анас бин Малик *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Мен эч качан Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* менен Абу Бакирдин Мединага келген күнүнөн өткөн нурдуу, берекелүү жана куттуу күн көргөнүм жок! Алланын Элчиси көз жумган күнү да Мединада болдум! Бул күндөн өткөн караңгы, коюу, жагымсыз күн көргөн жокмун! Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Мединага кирген күнү Мединанын төрт тарабы нурга, кутка толуп, көз жумган күнү болсо Мединанын ар тарабы коюу караңгыга чүмкөнгөн эле! Анын касиеттүү денесин, өлүмүнө ишенбей, ыраазы болбой жатып көөмп, жерге жашырдык» *(Ахмед, III, 221, 268, 287; Тирмизи, Манакиб, 1/3618; Дарими, Мукаддима, 14).*

Мындан кийинки кыйынчылыктар мусулмандар үчүн өтө эле жеңил сезилип калат. Азирети Пайгамбарыбыз:

*«Кандайдыр бир оор кырдаалга, кыйын учурга туш болгон мусулмандар менин көз жумганым үчүн буулуккан кайгыларын эстеп эс алып, сабыр кылышсын!»* - деген эле *(Муватта, Жанаиз, 41; Дарими, Мукаддима, 14).*

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Пайгамбарыбыз дагы бир хадисинде мындай деген эле:

«Менин амандыгым силер үчүн пайдалуу. Себеби силер мени менен сүйлөшөсүңөр, мен да силер менен сүйлөшөм! Менин көз жумганым да силер үчүн пайдалуу. Анткени силердин кылган амал-ишиңердин баары мага көрсөтүлөт. Жакшы амал-ишиңерди көргөнүмдө ал үчүн Жараткан Аллага шүгүр келтирем! Ал эми жаман ишиңерди көрсөм, дароо силер үчүн Жараткан Алла Тааладан кечирим тилейм» *(Хайсами, XI, 24).*

* * *

Азирети Аишанын айтымы боюнча Алланын Элчиси акыркы көз ирмемдеринде кайра-кайра Жаратканды улуктап, Ага алкыш айтып, тооба кылып (кечирим тилеп) жаткан эле:

«Субханаллахи ва бихамдихи, астагфируллаха ва атуубу илайхи: Мен Жараткан Алла Тааланы улуктугуна жарашпаган бардык кемчиликтерден аруу тутам, Ага алкыш айтам, шүгүр келтирем. Алладан күнөөлөрүмдү кечиришин тилеп, тооба кылам» *(Бухарий, Азан, 123, 139; Муслим, Солаат, 218-220; Ахмед, I, 392; Ибн Саад, II, 192)*.

Анын эки далысынын ортосунда пайгамбарлыгын далилдей турган Алла Тааланын мөөрү бар эле. Кутман сахабалар аны өөп калуу кусалыгына куйкаланып жашай турган. Азирети Пайгамбарыбыз түбөлүк улуу сапарга аттанган кезде нур төгүлгөн жүзүнүн өзгөрбөгөнүн көргөн сахабалар Анын көз жумганынан күмөнгө түшүшөт. Ошентип, Пайгамбарыбыздын жакындарынан Асма бинти Умайс *(Алла ага ыраазы болсун!)* эки далысынын ортосундагы куттуу пайгамбарлык мөөрүн издейт. Алланын мөөрүн таба албаган соң, сахабалар Пайгамбарыбыздын көз жумганынтүшүнөт.[384]

384. Ибн Саад, II, 172; Ибн Касир, ал-Бидая, V, 231.

Алланын Элчиси үй-бүлөсүнө бул дүйнө менен кош айтышкан соң бир тоголок динар да, дирхам да, кул да калтырган эмес эле. Болгону өзү минип жүргөн ак качыры, куралы, атайын жолоочуларга деп арнап койгон (Фадак жана Хайбар аймактарындагы) жери гана калган эле.[385]

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* дүйшөмбү күнү көз жуумп, эртеси шейшемби күнү коюлган эле. Эл жаназа намазын жамаат менен эмес, өз-өзүнчө окуп, эч ким имамдыкка чыкпайт. Айрым адамдар: «Минбардын[386] жанына көмүлсүн!» дешет. Кээ бири: ««Баки» көрүстөнүнө алып баралы» - деп чыгат. Анда азирети Абу Бакир:

«Алла Элчисинин (алейхис-солаату вас-салаам) өз оозунан:

*«Ар бир пайгамбар көз жумган жерине коюлат»* - дегенин уккам» - дейт. Ошентип, бул маселеге да чекит коюлуп, кабыры дал ошол жанын тапшырган жерине казылат.[387]

Алланын Элчисин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* суугa алаар алдында көйнөгүн чечүүгө далалат кылышат. Ошол маалда «Көйнөктү жайына койгула!» - деген дагы бир бейтааныш үн угулат. Ошентип, сахабалар Пайгамбарыбызды көйнөгү менен кошожуушат.[388]

Азирети Абдуллах бин Масуд *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Сүйүктүү Пайгамбарыбыз бир ай мурун көз жумаарын

---

385. Бухарий, Магази, 83.

386. Минбар; Мечиттин ичинде элге кутпа окуу үчүн жыгачтан жасалган жай, орундук.

387. Кады Ияз: «Алла Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) кабыры турган жер - жер бетиндеги эң пайдалуу жай. Бул талашсыз чындык» - дейт. (Шифа, II, 96)

Имам Бусири бул жаатта өз оюн төмөнкүчө билдирет: «Жандуу-жансыздын, бүткүл ааламдын Султаны атанган Пайгамбарыбыздын касиеттүү денесин кучагына кысып турган топурактай жыпар аңкыган эч бир жыт жок. Ал куттуу топуракты жыттап өпкөн адам кандай гана бактылуу, кандай гана таалайлуу!» (Касида-и Бурда, Байт, 58)

388. Муватта, Жанаиз, 27; Ахмед, IV, 267.

угузган эле.

-О, Алланын Элчиси! Сенин жаназа намазыңды ким окусун! - деп сурап ыйладык. Анын да көзүнөн жашы тоголонуп:

*-Тынчтангыла! Алла Таала силерди өз ырайымына бөлөсүн! Силерге Пайгамбарыңар үчүн Өз жакшылыгын ыроолоп берсин! Силер мени жууп, кепинге ороголуңарда мына бул жатчу жайыма, үйүмдүн ичиндеги кабырымдын четине койгула да, бир канча убакытка сыртка чыгып тургула! Анткени мага алгач эки досум Жабраил менен Микаил, андан соң Исрафил, кийин ар кайсы периштелердин тайпалары менен бирге өлүм периштеси келип жаназа намаз окушат! Андан кийин силер бөлүк-бөлүк болуп келип жаназага туруп, мага салават жана салам айткыла! Мени мактап, өкүрүп-кыйкырып мени тынчсыздандырбагыла!*

*Жаназа намазымды алгач үй-бүлөмдүн эркектери окушсун! Андан соң аялдары! Алардан кийин силер окугула!*

*Азыр бул жерге келбеген сахабаларыма салам айтып койгула! Ошондой эле кыямат күнүнө чейин дин (Ислам) боюнча, мага моюн сунуп, менин баскан изимен чыкпай жүргөндөргө да салам айтып койгула!»* - деп буюрду *(Хайсами, IX, 25; Ибн Саад, II, 256-257).*

Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* айткандары сахабалар тарабынан толугу менен аткарылат. Азирети Али:

«Эч ким «Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* имамсыз жаназа намаз окулса болобу?» - деп күмөн санабасын! Ал тирүү кезинде да, көз жумган кезинде да силердин имамыңар болот!» - деп Пайгамбарыбызга жанаша өйдө туруп:

-О, Алланын Элчиси! Сага Алланын саламы, ырайымы жана берекеси болсун!

Оо, Жараткан Алла! Биз Анын ага түшүргөн аяттарыңды

элге жеткиргенине, үммөтүнө акыл-насаатын айтканына, Сенин диниңди үстөм кылганга чейин, сөзүн толуктаганга чейин Сенин жолунда күрөшкөнүнө күбөгө өтөбүз!

Оо, Жараткан Алла! Бизди да Ага түшүргөн (Ыйык Куранына) моюн сунган сүйүктүү пенделериңден кыла көр! Андан кийин бизге бул жолдо туруктуулук бере көр! Бизди ага жолуктура көр! - деп дуба кылган сайын сахабалар туш- туштан жамырап «Оомийин, оомийин!» - деп кайталап турушат *(Ибн Саад, II, 291).*

Бүткүл ааламдын Мырзасын кучагына кысып, бооруна баскан жер кандай гана бактылуу! Акындардын бири бул жагдайды:

«Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи ва саллам)* тандалган, бүткүл ааламга ырайымдуулуктун пайгамбары. Жер: «Анын кабыры менде» - деп көк-асманга мактанып, сыймыктанат. Жабраил периште Пайгамбарыбыздын көрүстөнүнө зыярат кылып: «Бул жер Адн бейиштери. Бул жерге түбөлүк болуу үчүн киргиле!» - дейт» деген мааниде ырга төккөн эле.

М. Раиф мырза көк-асмандын жер жүзүнө болгон суктанышын мындайча сүрөттөйт:

«Эй, нур жүздүү! Көк-асман Жердин Сени менен көркүнө чыкканын көргөн сайын ичтен сызып, аятта айтылгандай **«Ата-ганат, топурак болуп калганымда гана!»** *(Наба сүрөсү, 40-аят)* - деп суктанат».

Ошентип, Ислам баралына келип, ардактуу сахабалардан анын динди толук жеткизгендиги боюнча сөзү алынып, Жараткан Алланын алдына күбөлүгү сунулуп, бүткүл ааламдын Нуру *(саллаллаху алейхи ва саллам)* түбөлүктүү ааламга чакырылган эле. Дал азыр да Ал бизди махшар майданында, сырат (кыл) көпүрөсүндө жана Кавсар көлмөсүндө бизди күтүп келет.

Шапаат о, Алланын Элчиси!

Сага Жараткандын чексиз ырайымы болсун, о, Алланын Элчиси!

Сага салам жана салаваттар болсун, о, Алланын Элчиси!....

* * *

Ал он экинчи Рабиул-аввал дүйшөмбү күнү бул дүйнө менен жүз көрүшүп, өзү менен кошо бир башкача кут, береке алып келген эле. Ошондой эле он экинчи Рабиул-аввал дүйшөмбү күнү Алла Таала тарабынан Ага пайгамбарлык милдети жүктөлгөн эле. Азирети Абу Катада мындай дейт:

«Азирети Пайгамбарыбызга дүйшөмбү күнкү орозо жөнүндө суроо узатылды. Ал минтип жооп берди:

*-Бул менин туулган күнүм жана пайгамбар болуп жөнөтүлгөн күнүм....* *(Муслим, Сыям, 197-198).*

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи ва саллам)* дагы бир он экинчи Рабиул-аввал дүйшөмбү күнү эртең менен Медина шаарына кадам таштап, жаңы түптөлгөн, кыямат күнүнө дейре жашай турган Ислам мамлекетинин пайдубалын тургузган эле. Ошондой эле дагы бир он экинчи Рабиул-аввал дүйшөмбү күнү бул дүйнө менен кош айтышып түбөлүктүү улуу сапарга аттанган болучу. Азыр Анын акыретте шапаат кылуу үчүн үммөтүн күтүп жаткан кези.

Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бул дүйнөдөн акыретке журт которушу менен Андан айрылган дүйнөнүн оопасыздыгын Азиз Махмуд Худайи төмөнкү маанидеги ыр саптары менен сүрөттөйт:

«Ким күтөт сенден оопаны. Оопасыз дүйнө сен эмессиңби?! Мухаммад Мустафаны, алган дүйнө эмессиңби?!»

## Бүткүл ааламды чулгаган мүң

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* көз жумган кезде азирети Фатима *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

«Жаратканга эң жакын оо, атакебай! Жараткандын чакырыгына оң жооп кайтарган оо, атакебай! Фирдавс бейишинен орун алган оо, атакебай! Көз жумаарын Жабраилге биз кабарлаган оо атакебай!» - деп ичтен сызып ыйлап кирет. Азирети Пайгамбарыбыз коюлган соң азирети Анаска *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-Эй, Анас! Алла Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* топурак салууга көңүлүңөр кантип ыраазы болду?! - дейт күйүтүнө чыдабай *(Бухарий, Магази, 83; Дарими, Мукаддима, 14).*

Азирети Анас *(Алла ага ыраазы болсун!)* бул суроого ызат кылып жооп кайтарбайт. Бирок анын жан дүйнөсү: «Жок, эй, Фатима! Көңүлүбүз эч ыраазы болгон жок, бирок биз Алла Элчисинин буйругуна моюн сунуп, өзүбүздү кыйнап бул ишке бардык» - деп жаткан эле. *(Камил Мирас, Тажрид Тержемеси, IX, 25).*

Алланын Элчиси кайтыш болгон учурда мусулмандар да катуу кайгы-муңга чөгүп, көз жашын төгүшөт. Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)* да буулугуп:

«Эч кимден «Мухаммад алейхис-солаату вас-салаам көз жумду!» - дегенин укпайын! Болбосо, башын алам! Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Муса пайгамбар эс учун жоготкондой эсинен танды!...» - деп сүйлөй берип оозунан ак көбүгү агып чыгат.

Азирети Абу Бакир суук кабарды угуп дароо үзөңгүгө аяк коюп Мединага келет. Мечитке келип Пайгамбарыбыздын жүзүн ачат. Көз жашы чертиле түшөт. Күйүтү эт-жүрөгүнүн түпкүрүнөн сызылып жашка айланат да, маңдайынан өөп:

«Валлахи, Алланын Элчиси одүйнө салыптыр! Иннаа лиллахи ва иннаа илайхи ражиуун. Биз Жаратканга таандыкпыз! Алланын пенделерибиз! Ошондой эле баарыбыз кайра Жалгыз Өзүнө кайтып барабыз! Ата-энем сага садага! Аллага ант берем! Алла Таала сени эч качан эки ирет өлүмгө дуушар кылбайт! Сен тагдырыңа жазылган бир жолку өлүм каалгасына кадам таштадың! Мындан кийин Сага экинчи жолу «өлүү» - деген болбойт! Эх, менин сүйүктүү пайгамбарым!» - деп бышактап Алла Элчисинин нур тамылжыган жүзүнөн өөп, башын көтөрүп:

«Эх, менин сүйүктүү досум!» - деп дагы бир ирет ийилип бүткүл ааламдын сыймыгы болгон Алла Элчисинин маңдайынан өөп жашыйт.

«Эх, менин жалгызым!» - деп кайра дагы өбөт күйүтүнө күл болуп... Андан соң:

«Сен көзүң тирүү кезинде да сулуу элең, көз жумгандан кийин да кандай сулуусуң! Сенин тирүү кезиң да, көз жумган кезиң да кандай гана ажайып!» - деп Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* нур жүзүн жаап, сыртка чыгат. Азирети Умар дале Пайгамбарыбыздын көз жумбаганын айтып, жан дүйнөсү канап турган эле. Азирети Абу Бакир:

-Отур, эй, Умар! - деп буюрат.

Азирети Умар отурбайт. Азирети Абу Бакир сөзүн эки-үч жолу кайталайт да, сөз баштап:

«Алла Таала Пайгамбарына силердин араңарда көзү тирүү жүргөн кезинде эле өлүмү жөнүндө кабарын берген. Силерге да ажалыңар келген кезде бул дүйнө менен кош айтышаарыңарды угузган. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* көз жумду! Эч ким өлүм менен жүз көрүшпөй койбойт! Ким Мухаммадга табынса, билип койсун, Мухаммад алейхис-солаату вас-салаам көз жумду (Азирети Пайгамбарыбызга табынуу – Ал-

лага шерик кошкондук, арам иш. Табынуу, ибадат кылуу Жалгыз Улуу Жараткан Алла Таалага гана болот)! Ким Аллага ибадат кылса, шек-күмөнсүз, Алла Таала тирүү, Түбөлүктүү! Улуу Жараткан Алла Таала:

وَمَا مُحَمَّدٌ إِلاَّ رَسُولٌ قَدْ خَلَتْ مِن قَبْلِهِ الرُّسُلُ أَفَإِن مَّاتَ أَوْ قُتِلَ انقَلَبْتُمْ عَلَى أَعْقَابِكُمْ وَمَن يَنقَلِبْ عَلَىَ عَقِبَيْهِ فَلَن يَضُرَّ اللّهَ شَيْئاً وَسَيَجْزِي اللّهُ الشَّاكِرِينَ

**«Мухаммад – Алланын Элчиси. Андан мурун да пайгамбарлар өткөн. Эгер ал көз жумса же киши колдуу болсо артка чегинип, качып кетесиңерби?! Кимде-ким артты көздөй качса, ал (качуу менен) Аллага кымындай да зыян алып келе албайт. (Тескерисинче ал өзүнө гана зыян алып келет). Алла Таала шүгүрчүл пенделерин Өзү сыйлайт»** *(Аали Имран сүрөсү, 144-аят)* - деп буюрат».

Эл бул аятты укканда Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* көз жумганына толук ишенишет. Алар аятты угуп абдан таң калышкан эле. Азирети Абу Бакир бул аятты окуганга чейин бул аяттын түшүрүлгөнүн билбегендей абалда турушкан эле.

Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Валлахи, бул аятты ошол күнгө чейин эч укпагандай эле сезилди мага! Бул аятты азирети Абу Бакир окуган кезде алдастап калдым. Эки тизем кадимкидей калчылдап, буулуп, бутума тура албай жерге жыгылып түштүм» *(Ибн Саад, II, 266-272; Бухарий, Магази, 83; Хайсами, IX, 32; Абдурраззак, V, 436).*

Азирети Умар азирети Абу Бакирдин сөзүнөн кийин Алла Элчисинин жанына келип маңдайынан өөп, көзүнөн жашын чуурутуп:

«Ата-энем сага садага, о, Алланын Элчиси! Өзүң жөлөнчү курма дүмүрүн таштап, минбарга чыккан кезинде ал энесинен

айрылган бОтодой боздоп, сыздаган эле. Анан ага кут төгүлгөн колуңду койгонунда гана араң басылган эле. Ал эми үммөтүң Сенден айрылган күйүттүн чогуна күл болууга, ичтен сызып көз жашын төгүүгө андан алда канча татыктуу!

Ата-энем сага садага, о, Алланын Элчиси! Жараткан Өзү:

مَنْ يُطِعِ الرَّسُولَ فَقَدْ أَطَاعَ اللّٰهَ

«**Кимде-ким Алланын Элчисине моюн сунса, Алла Таалага баш ийген болот...**» *(Ниса сүрөсү, 80-аят)* - деп буюруп, Сага баш ийүүнү Өзүнө баш ийүү - деп эсептеди. Муну менен Сенин Анын алдындагы кадырыңдын жогорулугун билдирди!

Ата-энем сага садага, о, Алланын Элчиси! Алла Таала Сени пайгамбарлардын эң акыркысы кылып жөнөттү. Сага ыйман келтирип, жардам берүүлөрү үчүн мурдагы пайгамбарлардан антын алуу менен[389] Өзүнүн алдындагы Сенин жогорулугуңду жетчү чегине жеткирди!

Ата-энем сага садага, о, Алланын Элчиси! Тозокулар жазасын тартып:

يَا لَيْتَنَا أَطَعْنَا اللّٰهَ وَأَطَعْنَا الرَّسُولَا

«**...Эх! Алла Таалага баш ийсек, кана! Алланын Элчисине моюн сунсак, кана!**» *(Азхаб сүрөсү, 66-аят)* - деп жаткандагы Сага баш ийүүнүн кусалыгын тартышы, Сенин Алла Тааланын алдындагы бийиктигиңди көрсөтүп турат!» - деп ичтен сызып ыйлайт. *(Касталлани, II, 492).*

Азирети Умму Салама *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* одүйнө салган күнү тегеректеп алып ыйлап жаттык. Ал күнү түнү бою

389. Аали Имран сүрөсү, 81.

уктаган жокпуз. Алланын Элчиси үйүбүздө эле. Аны карап тынчып, сооронуп жаттык. Таңга маал жер казган күрөктүн үнүн угуп, жүрөгүбүз кысылып көзүбүздөн жаш төгүлдү. Мечиттеги жамаат да Алланын Элчисинен айрылуу күйүтүнө күл болуп, энесинен айрылган ботодой зээнди кейитип боздоп турду. Мединаны ачуу кайгы-муң чулгап алды. Ошондой эле, Билалдын *(Алла ага ыраазы болсун!)* азан чакырып: «Ашхаду анна Мухаммадар-Расуулуллах» - деп Алла Элчисинин ысмын оозанган маалда элжиреп көз жаш төгүшү, ансыз да мыжылып турган жүрөгүбүздү ого бетер мыжып жиберди. Адамдар кабырга кирүү үчүн буулукма бергенде ичкеридегилер каалганы жаап калышты. Кандай гана суук кабар, кандай гана адам чыдагыс муң эле! Андан кийинки кыйынчылыктарга туш болгон маалда Алланын Элчиси кайтыш болгон күндү эстеп, ага анчейин маани бербес болдук» *(Ибн Касир, Бидая, V, 256).*

Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* көз жумушу кутман сахабалар үчүн өтө оор келген эле. Себеби алар Аны бүтүндөй жандуу-жансыздан жогору тутуп, жакшы көрүшкөн. Ошондуктан сахабалардын арасында «Аны көрбөгөн көздүн, Аны укпаган кулактын, Ал жашабаган жашоонун кызыгы жок» - дегендер бар эле. Азирети Пайгамбарыбыз бул жөнүндө көзү тирүү кезинде мындай деген эле:

*«Мухаммаддын жанын чексиз кудуретинде кармап турган Жаратkan Аллага ант берем! Бир күн келет, мени көрбөй каласынар (мен түбөлүктүү сапарга аттанам). Ошондо силерден бирөө мени менен чогуу болууну үй-бүлөсүнөн да, мал-дүйнөсүнөн да жогору, сүйкүмдүү, артык көрөт» (Муслим, Фадаил, 142; Бухарий, Манакиб, 25).*

Ошентип алар кайра Алланын Элчиси менен кездеше турган, бирге боло турган күндөрдү күтүп жүрүп өмүр сүрүшкөн эле.

Азирети Осмон *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Азирети Пайгамбарыбыз Жаратканга бет алган соң ардактуу сахабалардан анын одүйнө салышына эң көп сыздаган, эң көп мунга баткан адам шек-күмөнсүз менмин. Башка сахабалар да кайгыга батты. А түгүл кайгысынан улам ар кандай күбүр-шыбырларга туш болгондор да болду арасынан. Бир сепилдин алдында отурганымда Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)* өтүп баратып, мага салам берген экен. Мунга батып кеткенимден анын өтүп бараткани да, салам айтканын да туюп укканым жок. Азирети Умар Абу Бакирге барып:

-Осмондун жанынан өтүп баратып салам бердим. Саламымды алган жок. Муну кантип түшүнүүгө болот? - дептир

Азирети Абу Бакир менен Азирети Умар *(Алла аларга ыраазы болсун!)* келип мага салам беришти. Анан Абу Бакир:

-Мусулман боордошуң Умар келип, сага салам бериптир, а сен анын саламын албапсың? - деп сурады.

-Мен анткеним жок! - дээрим менен азирети Умар:

-Валлахи, сен саламымды алган жоксуң! – деди.

-Валлахи, жанымдан өткөнүңдү да, салам бергениңди да байкабадым! - деп жооп бердим.

Сөздү азирети Абу Бакир алып:

-Осмон туура айтат - деп бу маселеге чекит койду» *(Ахмед, I, 6).*

Алла Элчисинин көз жумушунан кийин азирети Абу Бакир азирети Умарга:

-Жүр, Умар! Пайгамбарыбыздын жакыны Умму Айманга баралы. Алланын Элчиси зыярат кылгандай ага биз да зыярат кылалы - дейт. Экөө Умму Айманга *(Алла ага ыраазы болсун!)* барганда, ал көзүнүн жашын көлдөтүп кирет. Азирети Умар ме-

нен азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун!)*:

-Эмне ыйлап жатасың? Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* үчүн Алланын алдындагы жакшылыктар алда канча жогору болгонун билбейсиңби? - деп жубатат. Умму Айман:

-Жок, мен ал үчүн ыйлаган жерим жок. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* үчүн Жараткандын алдындагы жакшылыктар албетте, алда канча жогору. Мен вахийдин келбей калганы үчүн ыйлап сыздап турам - дейт. Анын мындай жүйөлүү оюу азирети Абу Бакир менен азирети Умарды ого бетер таасирлентет. Ошентип экөө Умму Айман менен кошо сыздап ыйлап киришет» *(Муслим, Фадаилус-Сахаба, 103)*.

Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)* халифалыгы учурунда бир күнү түнүчүндө элдин ал-абалына көз салуу үчүн шаардын көчөлөрүн кыдырып жүрүп, бир үйдө жарык күйүп турганын көрөт. Үйгө жакындап барганда улгайып калган бир эненин жүн ийрип, төмөнкү ырды окуп жатканын угат:

«Салихтердин (такыбаалардын) саламы жана дубасы Мухаммадга *(саллаллаху алейхи васаллам)* болсун! О, Алланын Элчиси! Алланын бардык сүйүктүү пенделери Сага ырайым тилешсин. Сен түнүчүндө ибадат кылуу менен алагды болуп, таңга маал жашып көпкө ыйлаар элең. Бирок өлүм кезек-кезеги менен ар бир жанга келет. Аттиң ай! Акырет жайы мени сүйүктүү Пайгамбарым менен бирге болуума мүмкүндүк берээр бекен?»

Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун!)* ошол турган жеринде отуруп көөдөнүнөн сызылып чыккан көз жашы мөлт-мөлт жерге таамп кайгы-мунга батат. Бир канча убакыттан кийин ыйын басып эшикти кагат. Баягы эне чоочуп:

-Бул ким? - дейт.

-Мен Умар бин Хаттабмын.

-Умардын бул саатта бул жерде эмне иши бар?

-Жараткан Алланы сүйсөң, каалганды ач, коркпо! – дейт. Эне эшикти ачат. Азирети Умар:

-Жанагы окуган ырынды дагы бир жолу оку! - дейт. Эне ырды окуп кирет. Акыркы сабына келгенде Азирети Умар:

-Мени да аранарга кошуп алуунарды өтүнөм! - дейт. Анда баягы эне акыркы сапты:

«Аттиң ай! Акырет жайы мага да, Умарга да сүйүктүү Пайгамбарыбыз менен бирге болууга мүмкүндүк берээр бекен? Оо, чексиз Кечиримдүү Алла Таалам! Умарды кечире көр!» - деп өзгөртөт. Азирети Умар энеге ыраазы болуп артка кайтат *(Али Муттаки, XII, 562/35762).*

Ал эми азирети Анас *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

«Түшүмдө Сүйүктүү Пайгамбарыбызды көрбөгөн эч бир түнүм жок» - деп көпкө жашып ыйлаар эле *(Ибн Саад, VII, 20)*.

Ардактуу сахабалар Алланын Элчиси тууралуу сөз кылып жатканда өзгөчө «хабиби - сүйүктүү (пайгамбарым)» же «халили - досум» - деп ага деген аруу сүйүүлөрүн, урматын билдирген сөздөрдүколдонушкан.[390]

Алар салават жана салам айтуу менен Алланын Пайгамбарына болгон сүйүүлөрүн арнашкан. Алар Ага салават жана салам жолдоо менен гана чектелип калган эмес. Алла Элчисинин куттуу сүннөт жолу менен жүрүп, сүннөтү менен жашап, куттуу хадистерин кайталап турушкан.

Азирети Абу Зар мындай дейт *(Алла ага ыраазы болсун!)* :

«Валлахи Алланын Элчиси акыретке аттанаарда бизди бир башкача абалга калтырган эле. Бир чымчык асманда канат какса, анын бул кыймыл-аракети бизге Алла элчисинин бир

390. Бухарий, Тахажжуд, 33; Савм, 60; Муслим, Мусафирин, 85; Ибн Мажа, Садагат, 10; Дарими, Савм, 38; Ахмед, V, 159; Ибн Саад, IV, 229

хадисин эсибизге салар эле. Анткени бүткүл ааламдын Сыймыгы бизге; «Бейишке жакындата турган, тозоктон алыс кылуучу эмне болсо, баары силерге ачык-айкын түшүндүрүлүп берилди» - деген эле» (Ахмед, V, 153, 162; Хайсами, VIII, 263).

Бардык мусулмандар үчүн Азирети Пайгамбарыбызды бул дүйнөдөгү бүтүндөй жандуу-жансыздан жогору тутуп, жакшы көрүү, Анын буйруктарына моюн сунуп, куттуу сөздөрүнө, айткан акыл-насааттарына кулак төшөө, Пайгамбарыбыздын куттуу сүннөт жолунан чыкпай жүрүү – өзүнчө чоң милдет!*

# ЭҢ БИЙИК АДАМГЕРЧИЛИК!

Бүтүндөй жандуу-жансыздын арасынан Жараткан Алланын ысым-сыпаттарынан үлүш алуу бактысы жалгыз адам баласына гана ыроолонгон. Ошондой эле, Жараткан Алла Таала бул дүйнөнү сыноо үчүн жараткандыгы үчүн адамзатына эки тараптуу шык-жөндөм ыроолоп берген. Ошондуктан ал жакшылыкка да, жамандыкка да жөндөмдүү.

Ошон үчүн Исламдын максаты - карама-каршы эки жөмдөмгө ширелген адам баласындагы жат сапаттарды күчтүн жетишинче жоготуу, ал эми жакшы сапаттарды колдон келишинче өркүндөтүү, өстүрүү жана өөрчүтүү болуп эсептелет. Мына ушул улуу максаттын жүзөгө ашуусу үчүн адам баласы «усваи хасанага» т.а., теңдешсиз үлгүлүү инсанга ар дайым муктаж абалда болот. Пайгамбарлардын келиш хикматтарынан[391] бири – бул алардын адамзаты үчүн эң үлгүлүү адам болгондугунда жатат. Алла Таала бул жөнүндө мындай дейт:

وَمَا أَرْسَلْنَا مِن رَّسُولٍ إِلاَّ لِيُطَاعَ بِإِذْنِ اللّٰهِ

391. Хикмат: 1. сыр, себеп. 2. акылмандык, даанышмандык

**«Биз кайсы пайгамбарды жиберген болсок, Алла Тааланын уруксаты менен ага моюн сунулсун - деп жибергенбиз....»** *(Ниса сүрөсү, 64-аят).*

Бул сапат Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* адамдык касиетинде туу чокуга жеткен. Ошондуктан Алла Таала Куран аяттарынын биринде:

لَقَدْ كَانَ لَكُمْ فِي رَسُولِ اللّٰهِ أُسْوَةٌ حَسَنَةٌ لِّمَن كَانَ يَرْجُو اللّٰهَ وَالْيَوْمَ الْآخِرَ وَذَكَرَ اللّٰهَ كَثِيراً

**«Ант берем! Алланын акыркы пайгамбарынын** (ыйман-ишеними жана кулк-мүнөзүндө) **силер үчүн, Алла Тааладан жана акырет күнүнөн үмүткөр болгон, ошондой эле Алланы көп эстеген адамдар үчүн эң мыкты үлгү бар»** - деген. *(Азхаб сүрөсү, 21-аят).*

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи ва саллам)* адамзат тарыхында өмүр таржымалы өтөсүнө чыгарылып, тереңден изилденген жападан жалгыз пайгамбар жана жападан жалгыз инсан катары белгилүү. Адамды адал жолго чакыруу жана Кудайды таанууга үгүттөө маселесинде акыркы пайгамбарга чейинки пайгамбарлардын жашоосунан белгилүү өлчөмдө гана маалыматтар калганы ырас. А акыр заман Пайгамбарынын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* өмүр таржымалы, иш-аракети, сүйлөгөн сөзү, жүрүм-туруму ийне-жибине чейин иликтенип жазылып, тарыхта өзгөчө орунда турат. Анын жашоосу кыямат күнүнө чейин келе турган бүткүл адамзатына эң сонун үлгү боло алат. Ошондой эле, Ыйык Курандын Калам сүрөсүндө бул улуу Пайгамбар жөнүндө минтип айтылат:

وَإِنَّكَ لَعَلَى خُلُقٍ عَظِيمٍ

**«Албетте, Сен улуу адеп-ахлактын туу чокусундасың!»** *(Калам сүрөсү, 4-аят)*

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* адеп-ахлагы, адамдык асыл сапаты жана адамгерчилиги жагынан адам баласы жете ала турган туу чокуга жеткен. Анткени Жараткан Алла Таала ал аруу затты Курандын тили менен айтканда «Усватун Хасана» б.а., адамгерчилиги эң мыкты үлгүлүү инсан катары бүтүндөй адам баласына ыроолоп берген. Ошондуктан Алла Таала Аны коомдун эң төмөнкү катмары «жетимдиктен» тартып, эң жогорку катмары өлкө башчылыгына, пайгамбарлыкка чейинки элдин ар бир катмарына жооп бере алгыдай жөндөмгө эгедер кылган. Ошон үчүн азирети Мухаммад *(саллалаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын көөнөрбөс жашоосу - коомдогу ар түрдүү катмардагы адамдардын баарына эң мыкты үлгү боло алат. Анын адамдык бийик касиетинен, береке-кутунан жана руханиятынан пайдалана билүү - Ага бапестелген аруу сүйүүгө түздөн-түз байланыштуу.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Ислам динин жеткирүүдөгү жол башчылыгы менен үлгү! Ал мамлекет башчысы катары да чыныгы үлгү! Ал Жараткандын жакшылыктарына туш болгон кезде көзүнө жаш алып, Алла Таалага шүгүр келтиргендиги жана сыпаалыгы менен да үлгү!

Ал кыйынчылыктарга туш болгон учурларда көрсөткөн сабырдуулугу жана Жаратканга моюн сунгандыгы менен үлгү! Колуна олжо түшкөн кезде күркүрөгөн күздөй берешендиги жана каниет-топуктуулугу менен үлгү! Үй-бүлөсүнө балкыган ырайымдуулугу менен үлгү! Алсыздарга, кароосуз калган жетимдерге жана кулдарга учу-кыйыры көзгө илешпеген океандай чалкыган мээримдүүлүгү менен үлгү! Ал күнөөкөрлөргө айкөлдүгү жана кечиримдүүлүгү менен үлгү!

Эгер мал-мүлкүң ашып ташкан бардар киши болсоң, бүтүн-

дөй арап улууларын мээримдүүлүгү менен ийге келтирип, өзүнө моюн сундурган ошол улуу Пайгамбардын сыпаалыгын жана берешендигин эсиңе түйүп ал!

Эгер деңгээлиң төмөн болсо, заалым жана зөөкүр бутпарастардын ырайымсыз бийлиги алдында Меккеде жашап жүргөн улуу Пайгамбардын жылуу мамилесинен үлгү ал!

А эгер эр жүрөк баатыр болсоң, Бадр жана Хунайн согушунда душманга каршы туруп, айбат көрсөткөн тайманбас Пайгамбардын баатырдыгынан үлгү ал!

Кудай анын бетин ары кылсын, кокус жеңилүүгө дуушар болсоң, ошол кезде  Ухуд согушунда шейит кеткен же жарадар болуп жерде онтоп жаткан сахабаларынын арасында өзүн сабырдуу кармап, башка түшкөнгө ыраазылык билдирген жана кайратынан жазбаган Пайгамбарды эсте!

Эгер мугалим болсоң, мечитинде «Асхабы Суффа» - делген кутман сахабаларына жылуу-жумшак мамилеси менен жан дүйнөсүнүн көлкүгөн берекесин тең бөлүшүп, Жаратткандын буйруктарын үйрөткөн Пайгамбарды эсте!

А балким окуучу болсоң, вахий менен келген Жабраил периштенин алдында адеп менен чөк тизелеп олтурган Пайгамбарды  ойло!

Мүмкүн сен элге жол көрсөткөн адам болсоң, Масжиди Набавиде сахабалары менен дил маек (сухбат) курган жана даанышмандыктын учкундарын чачкан Пайгамбарды тында! Анын жагымдуу үнүн көңүлүңө жана кулагыңа куюп ал!

Эгер адилеттикти коргоп, аны көтөргүң келсе жана бул жаатта сага  кол кабыш кылаар жардамчың дагы жок болсо, анда Меккеде жалгыз заалымдарга адилеттүүлүктү сайрап, аларды туура жолго алып келүү үчүн жан далбас урган Пайгамбарды  эсте!

Душманды кыйроого учуратып женген болсон, анда Меккени колго алган күнү бул ыйык чөлкөмгө болгон сыпаалыгы менен төөсүнүн үстүндө саждага баш койгон абалда шаарга кирген шүгүрчүл Пайгамбарды көз алдына алып кел!

Эгер жерден мол түшүм алгың келген дыйкан болсоң, Бани Надир, Хайбар жана Фадак аймактарына ээ болгондон кийин да, ошол аймактагы иш тажрыйбасы бар, багбанчылыкты өздөштүргөн мыкты адамдарды, ал жерлерди иштетүү үчүн жетекчи кылып дайындаган Пайгамбардан сабак ал!

Эгер багар-көрөрүң жок болсо, Абдуллах менен Аминанын кароосуз калган жалгыз жетимин эсте!

Эгер жаш жигит болсоң, Меккеде абасы Абу Талиптин койлорун баккан болочок Пайгамбардын жашоосуна назар сал!

Эгер соодагер болсоң, Дамаскка жана Йеменге барган кербендерди башкарган улуу Соодагерди эсте!

Эгер казы же сот болсоң, Мекке шаарынын аттуу-баштуулары жаатташып, ортолорунда жаңжал чыгаарда Хажарул Асватты Каабага койгон элдин купулундагы адилеттүү жана акылмандуу жандын калыс мамилесин эсте!

Ошондой эле дагы бир жолу тарыхка көз чаптырып Мединада Набави мечитинде отуруп колунда эч нерсеси жок кедей адам менен бай адамды бир жерде кабыл алып, бардык адамдарга бирдей мамиле кылып, эң адилеттүү өкүмүн сүрдүргөн ошол Пайгамбарды эсте!

Эгер аял болсоң, азирети Хатижанын жана азирети Айшанын жолдошу болгон улуу Пайгамбардын кыраакылыгына жана адилеттүүлүгүнө көңүл бур!

Эгер өспүрүм бала болсоң, азирети Фатиманын атасы жана азирети Хасан менен азирети Хусайндын чоң атасы болгон Алла Элчисинин аларга болгон мээримдүүлүгүнөн, жылуу ма-

милесинен үлгү ал!

Азирети Пайгамбар *(саллаллаху алейхи ва саллам)* өз өмүрүнүн ар бир көз ирмеминде ар тараптан эң сонун үлгү боло алган. Жеке турмушунда болсун, жалпы адамгерчилигинде болсун жүрүм- турумдун эң мыктысы анын асыл затына ширелген эле. Ошондуктан жакшылыкты, сулуулукту, ийгиликти издеген ар бир пенде Анын өмүр-жашоосуна баш багуусу зарыл.

Азирети Мухаммад (саллалаху алейхи васаллам) эң мыкты жетекчи, эң кыраакы даанышман экен, Анын баскан изи менен жүргөн ар бир адам ар кандай күнөөлөрдөн алыс боло алган... ар бир жасаган иши ийгиликтүү түрдө жүзөгө ашкан... Анын шам чырак нуру менен жашоонун миң түркүн түйшүктөрүнөн арылып, бакыттын сересине жеткен!..

Эгер өзүңдү напси азгырыгынан алыс тутам, жан дүйнөңдү көрктөндүрөм десең, анда бүткүл ааламдын Сыймыгы болгон азирети Пайгамбарыбыздан *(саллаллаху алейхи ва саллам)* таалим алган, тарбия көргөн азирети Билал, азирети Ясир, азирети Савбан сыяктуу аруу заттарды тапкын! Алар менен бирге бол, достош! Ошондо кылдат, кыраакы, билги, сылык, сыпаа, ак көңүл, элпек, кичи пейил адам болосуң. Эсиңе түйүп ал! Караңгы доордун коюу караңгылыгында айласын таппай калган адамдар Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жылоолоосу менен туура жолго бет алып, Анын айланасында көпөлөктөй чарк айлангандыгы үчүн алар ушундай бийик даражаларга жетишкен. А түгүл Кахф сүрөсүндө айтылгандай, Кытмир аттуу күчүк да «Асхабы Кахф» - деген Алла Тааланын сүйүктүү пенделеринин купулуна толгондугу үчүн Жараткандын жакшылыгына, ырайымына бөлөнүшкөн эле. Ошондой эле, азирети Лут пайгамбардын жубайы жана азирети Нух пайгамбардын уулу Канан да заалим, каапырлар менен тыгыз байланышта болуп, алардын көмөчүнө күл тарткандыгы үчүн Жараткандын каарына калышкан. Ошентип бул адамдар напсинин азгырыгына ал-

данып, заалымдар менен кошо жер менен жексен болушкан.

Ошондуктан эки күндүк өмүрүңдү Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)*

куттуу жолун жолдогон Алланын сүйүктүү пенделери менен бирге болуп, эртеңкинин камын көр!

Ырас, Анын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* өмүр кенчи дүйнөдөгү эң кооз, эң көркөм жана жыпар аңкыган гүл бакча эле!

Анын жан дүйнөсүнүн аруулугуна сөздүн күчү кандай жетпеген болсо, дал ошондой эле сырткы келбетинин сулуулугуна да сөз жетпейт.

Алла Таала Куран аяттарында:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لَا تُقَدِّمُوا بَيْنَ يَدَيِ اللهِ وَرَسُولِهِ وَاتَّقُوا اللهَ إِنَّ اللهَ سَمِيعٌ عَلِيمٌ
يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لَا تَرْفَعُوا أَصْوَاتَكُمْ فَوْقَ صَوْتِ النَّبِيِّ وَلَا تَجْهَرُوا لَهُ بِالْقَوْلِ
كَجَهْرِ بَعْضِكُمْ لِبَعْضٍ أَن تَحْبَطَ أَعْمَالُكُمْ وَأَنتُمْ لَا تَشْعُرُونَ

**«Эй, ыйман келтиргендер! Алладан жана Анын Элчисинен алдыга чыкпагыла (Жаратқандын адал жолунан чыкпагыла)! Алладан корккула! Чындыгында Алла Таала - Угуучу, Билүүчү! Эй, ыймандуулар! Үнүңөрдү пайгамбардын үнүнөн бийик көтөрбөгүлө! Өз ара бири-бириңерге кыйкыргандай, пайгамбарга кыйкырып сүйлөбөгүлө! Анткени амалыңардын текке кетип калганын билбей каласыңар» -** деген. *(Хужурат сүрөсү, 1-2-аяттар).*

Бул аяттар бизди азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи ва саллам)* адеп менен, урмат-сый менен мамиле жасоого чакырат.

Ошондой эле, Алла Таала Ыйык Куранда пайгамбарларга кайрылганда өз ысымдарын менен кайрылган. Ал эми азире-

ти Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи ва саллам)* «эй, Мухаммад!» - деп эмес, «Я, Наби – эй, Пайгамбар!» же «Я, Расул- эй, Элчи!» - деп кайрылган. Алла Таала бардык мусулмандарга буга өзгөчө көңүл бөлүүлөрү үчүн төмөнкүчө буйрук берген:

لَا تَجْعَلُوا دُعَاءَ الرَّسُولِ بَيْنَكُمْ كَدُعَاءِ بَعْضِكُم بَعْضاً

**«(Эй, мусулмандар!) Пайгамбарды бири-бириңерди чакыргандай чакырбагыла!...»** *(Нур сүрөсү, 63-аят)*.

Бул аят Алла Элчиси жөнүндө сүйлөп жаткан кезде анын ысымын гана айтуу мусулман баласына жарашпастыгын, адепке туура келбегенин билдирип, аты менен кошо анын бийик адамдык касиеттерин да айтуу керектигин буюрат. Андыктан Алланын Элчисин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* «Наби», «Расул», «Расуулуллах» – Алланын Элчиси, «Фахры-аалам» – бүткүл ааламдын Сыймыгы, «Расуул-и Акрам» –эң берешен Элчи сыяктуу адамдык улуу сапаттары менен эскерүү керек. Ошондой эле, Азхаб сүрөсүнүн 56-аятындагы Алланын буйругуна ылайык Алла Элчисинин ысмы аталган кезде Ага салават жана салам айтуу кажет. Азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи ва саллам)* болгон мындай адеп Алла Таала тарабынан бүтүндөй үммөткө буйрулган. Азхаб сүрөсүндө:

إِنَّ اللّٰهَ وَمَلَائِكَتَهُ يُصَلُّونَ عَلَى النَّبِيِّ يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا صَلُّوا عَلَيْهِ وَسَلِّمُوا تَسْلِيماً

**«Албетте, Алла Таала да, Анын периштелери да пайгамбарга салават жана салам айтышат. Эй, момундар! Силер да ага салават жана салам айткыла!»** *(Азхаб сүрөсү, 56-аят)* –деп буюрулат.

Ал Куранды сөз жүзүндө үйрөтө турган мугалим гана эмес, ошол эле учурда Куран менен жашаган жандуу үлгү эле. Азире-

ти Жабир *(Алла ага ыраазы болсун!)* аттуу сахабанын айтымы боюнча Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Алла Таала (жалла жалалуху) мени адеп-ахлакты туу чокусуна жеткирүү үчүн жөнөттү»* - деген *(Муватта, Хуснул-Хулук, 8).*

Ооба, 1400 жылдан бери жазылып келе жаткан бардык Ислам жаатындагы эмгектер тек бир китепти - Ыйык Куранды жана тек бир адамды - азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Пайгамбарыбызды түшүндүрүп, чечмелеп келет. Жараткан Өзү жалгыз Пайгамбарыбызга гана **«ла амрука» «Сенин өмүрүңө касам ичем!...»** *(Хижр сүрөсү, 72-аят)* - деп анын көөнөрбөс өмүр кенчине касам ичкен.

Азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи ва саллам)* анын бийик адамдык касиетине жакындоо үчүн акылдан мурун сүйүү талап кылынат. Бүт купуя сыр Азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи ва саллам)* болгон аруу сүйүү менен гана ачылат. Бул Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* адамдык аруу касиетинен насип алуу үчүн дүйнөнүн сан миң лаззаттарынан баш тартып, Жалгыз Жаратканга ибадат кылуу, сыйынуу, Аны зикир кылуу, эстөө, Анын адал жолунан чыкпоо зарыл. Адам баласы азирети Мухаммад Мустафанын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* руханиятынан үлүш ала баштаганда ийгиликтин майданына айланып, Алланын купуя сырларын түшүнө баштайт.

Албетте, Курандын купуя сырлары Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* руханиятына бөлөнгөн жан дүйнөнүн көсөмдүгүнө, кыраакылыгына жараша ачылат. Ооба, биз үчүн теңдешсиз үлгүлүү инсан болгон Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* моюн сунуу жаатында Алла Таала Куран аяттарында мындай делет:

وَمَا آتَاكُمُ الرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَاكُمْ عَنْهُ فَانتَهُوا وَاتَّقُوا اللَّهَ إِنَّ اللَّهَ شَدِيدُ الْعِقَابِ

**«...Элчи өзү силерге тартуулаган нерсени алгыла, ал кайтарган нерседен кайткыла! Алладан корккула! Алланын жазасы өтө оор»** *(Хашр сүрөсү, 7-аят).*

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا أَطِيعُوا اللهَ وَأَطِيعُوا الرَّسُولَ وَلَا تُبْطِلُوا أَعْمَالَكُمْ

**«Эй, ыйман келтиргендер! Аллага моюн сунгула! Пайгамбарга баш ийгиле! Амалыңар бөөдө текке кетпесин!»** *(Мухаммад сүрөсү, 33-аят)*

وَمَن يُطِعِ اللهَ وَالرَّسُولَ فَأُوْلَـئِكَ مَعَ الَّذِينَ أَنْعَمَ اللهُ عَلَيْهِم مِّنَ النَّبِيِّينَ
وَالصِّدِّيقِينَ وَالشُّهَدَاءِ وَالصَّالِحِينَ وَحَسُنَ أُولَـئِكَ رَفِيقاً

**«Ким Аллага жана Анын Элчисине баш ийсе, Алланын жакшылыктарына бөлөнгөн пайгамбарлар, чынчылдар, шейиттер жана салих адамдар менен бирге болот. Булар кандай гана мыкты достор!»** *(Ниса сүрөсү, 69-аят)*

قُلْ إِن كُنتُمْ تُحِبُّونَ اللهَ فَاتَّبِعُونِي يُحْبِبْكُمُ اللهُ وَيَغْفِرْ لَكُمْ ذُنُوبَكُمْ وَاللهُ غَفُورٌ رَّحِيمٌ
قُلْ أَطِيعُواْ اللهَ وَالرَّسُولَ فإِن تَوَلَّوْا فَإِنَّ اللهَ لاَ يُحِبُّ الْكَافِرِينَ

**«(Эй, Мухаммад!) айткын: Эгер Алланы сүйсөңөр мени ээрчип, менин жолумдан жүргүлө! Ошондо Алла Таала силерди сүйөт, күнөөңөрдү кечирет. Алла Таала - Кечиримдүү, Мээримдүү! Айткын: Алла Таалага жана Анын Элчисине моюн сунгула! Эгер жүз үйрүшсө, албетте, Алла Таала каапырларды жакшы көрбөйт!»** (Аали *Имран сүрөсү, 31-32-аяттар)*

وَمَن يُطِعِ اللهَ وَرَسُولَهُ وَيَخْشَ اللهَ وَيَتَّقْهِ فَأُوْلَئِكَ هُمُ الْفَائِزُونَ

**«Ким Аллага жана Анын пайгамбарына моюн сунса, Алладан коркуп такыба болсо, анда ал бак-таалайга жетет»** *(Нур сүрөсү, 52-аят)*

وَالْمُؤْمِنُونَ وَالْمُؤْمِنَاتُ بَعْضُهُمْ أَوْلِيَاء بَعْضٍ يَأْمُرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَيَنْهَوْنَ عَنِ الْمُنكَرِ وَيُقِيمُونَ الصَّلاَةَ وَيُؤْتُونَ الزَّكَاةَ وَيُطِيعُونَ اللّهَ وَرَسُولَهُ أُوْلَـئِكَ سَيَرْحَمُهُمُ اللّهُ إِنَّ اللّهَ عَزِيزٌ حَكِيمٌ

**«Момун эркек жана момун аялдар бири-бирине дос. Алар бири-бирин жакшылыкка үндөшөт, жамандыктан тосушат. Намазды толук окушат, зекет беришет. Алла Таалага жана Анын пайгамбарына моюн сунушат. Дал ошолорго Алла Таала ырайымын төгөн. Албетте, Алла Таала – Кудуреттүү, Даанышман»** *(Тооба сүрөсү, 71-аят)*

مَّنْ يُطِعِ الرَّسُولَ فَقَدْ أَطَاعَ اللّهَ وَمَن تَوَلَّى فَمَا أَرْسَلْنَاكَ عَلَيْهِمْ حَفِيظاً

**«Кимде-ким пайгамбарга моюн сунса, Аллага моюн сунган болот. Ким баш тартса (мунун сага зыяны жок, өзүнө гана зыян. Анткени) Биз сени аларга кароолчу кылып жибергенибиз жок»** *(Ниса сүрөсү, 80-аят)*

لَمْ يَعْلَمُواْ أَنَّهُ مَن يُحَادِدِ اللّهَ وَرَسُولَهُ فَأَنَّ لَهُ نَارَ جَهَنَّمَ خَالِداً فِيهَا ذَلِكَ الْخِزْيُ الْعَظِيمُ

**«Алар кимде-ким Алла Таала жана Анын пайгамбары сызган чийинден чыкса, ал үчүн өзү түбөлүк кала турган тозок оту болушун жана бул чоң кордук экендигин билишпедиби?»** *(Тооба сүрөсү, 63-аят)*

وَأَطِيعُواْ اللّهَ وَرَسُولَهُ وَلاَ تَنَازَعُواْ فَتَفْشَلُواْ وَتَذْهَبَ رِيحُكُمْ وَاصْبِرُواْ إِنَّ اللّهَ مَعَ الصَّابِرِينَ

**«Алла Таала жана Анын пайгамбарына моюн сунгула! Өз ара талашып-тартышпагыла! Себеби араңар**

**суз тартып, күч-кубатыңар кетет. Сабыр кылгыла! Албетте, Алла Таала сабыр кылгандар менен бирге!»** *(Анфал сүрөсү, 46-аят)*

Мусулман баласы Алла Элчисине *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бапестеген сүйүүсүнөн ажырап калуу коркунучун сезип, ага деген аруу сезимдери ойгонгон кезде, ошондой эле жан дүйнөсүн напсинин миң түркүн азгырыгынан алыс туткан чакта Анын адамдык бийик касиетинен, көөнөрбөс өмүр кенчинен үлүш алуу жолуна кирген болот.

* * *

Анын кут төгүлгөн адамдык касиетинен үлүш алып, кай бир ааламга учуп- кайып жан дүйнөсүн көркүнө чыгарган адамдар кыяматка чейин эң мыкты үлгүлөрүн көрсөтүп кетишкен. Алар Алла Элчисинин руханияты менен өз жашоолорун көркүнө чыгарган.

Пайгамбар өрнөктүү өмүр кенчин жашоосунун ар бир көз ирмеминде жандуу туткан **Кожо Ахмад Ясави** да 63 жаш курагында одүйнө салган Пайгамбарды жанынан артык көргөн. Ырас, Ахмед Ясави алтымыш үч жашында өзү үчүн көр каздырып: -Бул жаштан кийин мага жер бетинде жүрүү туура эмес - деп ага бапестеген сүйүүсүн билдирген.

Пайгамбарга ашык болгон Алланын сүйүктүү пенделеринен Увайс ал-Карани Алла Элчисинин  Ухуд согушунда бир тишинин сынганын уккан эле. Ал Пайгамбарыбыздын кайсы тиши түшкөнү белгисиз болгондуктан өзүнүн бүт тишин күбүп салган эле. Ал тиштерин күүп салуу менен Алланын Элчиси менен бир бүтүн болууга, анын күзгүсү абалына келүүгө аракет кылып, жаны жай тапкан *(Фаридуддин, Аттар, 23)*.

Имам Малик *(Алла ага ыраазы болсун!)* Алла Элчиси менен бирге болууга аракет кылуу менен өмүр кечирген эле. Ал Алла

Элчисинин аягы баскан топуракка урмат кылып, Медина шаарында ат-төөлөргө минген эмес эле. Мединанын харам (ыйык) аймагында эч качан даарат да бузган эмес эле. Ал Набави мечитинде имам болуп турган учурунда ар дайым үнүн акырын чыгарып сүйлөчү эле. Күндөрдүн биринде халифа Абу Жафар Мансур үнүн бийик чыгарып сүйлөйт. Анда Имам Малик:

-Эй, халифа! Бул жайда үнүңдү акырын чыгарып сүйлө! Алла Тааланын, Пайгамбарыбыздын алдында катуу кыйкырып сүйлөбөө тууралуу эскертүүсү, сенден да улуу урматтуу сахабаларга эскертилген! - деп төмөнкү аятты окуган эле:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا لَا تَرْفَعُوا أَصْوَاتَكُمْ فَوْقَ صَوْتِ النَّبِيِّ وَلَا تَجْهَرُوا لَهُ بِالْقَوْلِ كَجَهْرِ بَعْضِكُمْ لِبَعْضٍ أَن تَحْبَطَ أَعْمَالُكُمْ وَأَنتُمْ لَا تَشْعُرُونَ

**«Эй, ыймандуулар! Үнүңөрдү пайгамбардын үнүнөн бийик көтөрбөгүлө! Өз ара бири-бириңерге кыйкыргандай, пайгамбарга кыйкырып сүйлөбөгүлө! Анткени амалыңардын текке кетип калганын билбей каласыңар!»** *(Хужурат сүрөсү, 2-аят)*

* * *

Базми аалам Валиде:

*Махабаттан Мухаммад болду пайда,*

*Мухаммадсиз махабаттын көркү кайда?!* – деп рухтун көөнөрбөс күлазыгы – бул, Алла Элчисине бепестелген сүйүү болгонун кагаз бетине төккөн экен.

Ал эми Юнус Эмре Азирети Пайгамбарыбызга болгон сүйүү демин төмөнкү мааниде тилге келтирген:

«Издеп жүрүп тапсам изинди. Изиндин чаңына сүрбөйт белем жүзүмдү. Аттин-ай, Жараткан насип кылып жүзүңдү көрсөм, кана! Оо, Мухаммад жаным каалап турат өзүңдү!»

Акын Набинин 1678-жылы мамлекет кызматкерлери менен бирге чыккан ажылык сапарындагы эскерүүсү биз үчүн өтө маанилүү:

Ажылык сапар үчүн жол жүрүп, Мадина шаарына кирүүгө ат чабым аралык калган кезде чубалжыган кербен тыныгууга токтогон болот. Дал ошол кезде кербендин алдындагы бир падыша байкоостон бутун Равзаи Мутаххара тарапка сунуп олтурганын көргөн акын Наби баш чайкап, Пайгамбарга болгон сүйүүнүн таасири жүрөгүн өйүп, төмөндөгү маанидеги ыр саптарын төгө баштайт.

Багымдат намазынан оболу Наби өзү жазган ырын Набави мечитинин мунараларынан созолонуп жатканын угат:

*«Жараткан Кудайымдын Өз назары,*
*жана Анын Сүйүктүүсү, Пайгамбары,*
*Мухаммаддын мекени турган жайы,*
*Бул аймакта чекиликтен алыстачы!»*

*«Эй Наби улук жайга адеп менен,*
*сый-урмат кадамынды баштап киргин,*
*анткени периштелер, аруу жандар,*
*айланып көпөлөктөй Элчилердин,*
*эшигин өпкөндүгүн сезе билгин!..»*

Али Мединага жете элек Наби өзүнүн ырын угаар замат аябай таң калат. Чынында эле абдан таң калычтуу эле. Анткени Наби муну эч кимге айта элек болучу. Эт-жүрөгү «болк» этип, көз жашын төгүп Равзага кирет. Мындай керемет Набини катуу ойго салат. Ошентип, акын Мединага барып азанчыны таап ага:

-Бул ыр саптарын кимден, кантип үйрөндүн? - деп суроо узатат.

Азанчы:

-Кече кечинде Алланын Элчиси*(саллаллаху алейхи ва саллам)* түшүмө кирип, бизге:

«-Үммөтүмдөн Наби аттуу бир акын мага зыярат кылганы келатат. Бул зат мени жан дилден сүйөт. Анын мындай тунук ашыктыгы үчүн аны Медина мунараларынан өзү жазган ыр саптары менен тозуп алгыла! - деп айтты. Ошентип, мен Пайгамбарыбыздын буйругун аткардым...» - деп жооп берет.

Наби ошол жерде кубанычы койнуна батпай, көзүнөн жашы чертиле түшөт. Ичтен сызып ыйлап жатып:

-Демек, Алланын Элчиси мени «үммөтүм» - деп айтты! Демек, Эки Ааламдын Нуру Пайгамбарыбыз мени үммөтүнө кабыл алды!... - деп өзүнчө көлкүп жашыйт.

* * *

Сулейман Челеби:

*«Көпөлөктөй күн дагы Аны айланат!..»* - деп күндүн да Алла Элчисин көпөлөктөй чарк айланганын, аны менен бирге бүткүл жансыздын дагы Ага болгон аруу сүйүүлөрү күч экендигин сезим үнү менен уйкаштыра таштап кеткен эле.

Кануни Султан Сулейман Алланын Элчисине бапестеген сүйүүсүн төмөнкү мааниде ырга төккөн эле:

«Сен ааламдын нурусуң. Бүгүн да Жараткандын сүйүктүү пендесисиң! Ашыктарды каалгаңан бир саамга болсо да алыс калтырба...»

Азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун!)* мындай дейт:

«Мен Меккени кээде Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи ва саллам)* менен бирге кезээр элем. Күндөрдүн биринде Мекkенин чет жакасына чыктык. Маңдайыбыздан чыккан ар бир

таш, бак-дарак Ага: «Сага салават жана салам болсун, о, Алланын Элчиси!...» - деп салам бере баштады» *(Тирмизи, Манакиб, 6/3626).*

Жансыздардын да Пайгамбарыбызга болгон мындай аруу сүйүүлөрүнө төмөндөгү окуя дагы бир эң сонун мисал боло алат:

Азирети Пайгамбарыбыз сапарларынын биринде жолдон бир көчмөн арапка жолугуп, ага Ислам жөнүндө маалымат берет. Арап Пайгамбарыбыздан *(саллаллаху алейхи ва саллам)* пайгамбарлыгын далилдеп беришин талап кылат. Азирети Пайгамбарыбыз маңдай тарапта турган даракка колун шилтеп жанына чакырат. Баягы дарак ошол замат Пайгамбарыбыздын буйругуна моюн сунуп топуракты жиреп жылып келет да, Алланын Элчисинин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* алдында үч ирет келме келтирет. Андан соң кайра Пайгамбарыбыздын буйругу менен ордуна барып туруп калат. Мындай ажайып мужизаны өмүрүндө көрбөгөн баягы көчмөн эмне дээрин билбей апкаарып калат. Андан соң өз элине кетип баратып:

-Эгер өз уруум мага ишенип, баш ийишсе, аларды Сага алып келем. Жок, баш ийишпесе, анда мен өзүм келем да Сени менен бирге болом - деген эле *(Хайсами, VII, 292).*

* * *

Бул дүйнөдө жансыздар гана эмес, айбанат дүйнөсү да Алланын Элчисин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* таанып, Ага таазим кылышаар эле. Бул жагдай жөнүндө азирети Жабир бин Абдуллах *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси менен чогуу бир сапардан кайткан кез эле. Мединада Нажжар уулдарынын бакчаларына жетип калганда бир бакчада эч кимди жанына жолотпой, ыргыштап адамга кол салган төө жөнүндө Пайгамбарыбызга кабар беришти. Пайгамбарыбыз бакчага барып, ичкери кирди. Баягы эч кимди жанына жолотпой жаткан төөнү жанына чакырды. Алла Элчи-

синин үнүн уккан төө башын шылкыйтып басып келди да, тизе бүгүп чөк түшүп берди. Алланын Элчиси:

*-Мага чылбырды бергиле!* - деди.

Ошентип, Пайгамбарыбыз төөгө чылбыр салып, ээсине тапшырды. Андан соң ал жердегилерге мындай деди:

*-Жиндердин жана адамзатынын баш ийбестеринен тышкары, жер менен көк асмандагы бүтүндөй жандуу-жансыз менин Алланын Элчиси болгонумду билишет»* *(Ахмед, III, 310)*.

Демек, бүтүндөй жандуу-жансыз азирети Пайгамбарыбыздын Алланын Элчиси экендигин айкын туюп, таазим кылып моюн сунушат. Ал эми бизчи? Адам катары, мусулман катары канчалык даражада ага таазим этип, анын баскан изинен чыкпай жүрөбүз?!...

Өзгөчө бүгүнкү күнү Анын руханиятына муктаждыгыбыз өтө күч. Акындардын бири айткандай: «Тур! О, бүткүл ааламдын Мырзасы, кыямат жакындап калды!..» - деген заманда жашап жатабыз...[392]

Албетте, айткан салаваттарыбыз, башкача айтканда, Ага дуба кылуубуз, Аны менен учурашып саламдашуубуз, амандашуубуз, Ага бапестеген сүйүүбүз биз үчүн жан дүйнөбүздү жубата турган соолубас булак...

Жан дүйнөсүн аруулаган чынчыл мусулмандар Алла Элчисинин бийик адамдык касиетинен насип алуу үчүн бүт күчүн жумшап, дүйнөнүн эң чоң жакшылыгына ээ болуп Жараткан Алладан келген лаззаттардын даамын сезе алышат.

* * *

392. Бул жагдай жөнүндө батыш ойчулдарынан Бернард Шоу мындай деген:
«Көйгөйлөр күн өткөн сайын агылып көбөйүп бараткан чакта көйгөйлөрдүн баарын өзүнүн көрөгөчтүгү, кыраакылыгы жана салабаттуулугу менен оной гана чечкен азирети Мухаммадка муктаждыгыбыз күч».

Бул жерде Алланын Элчисинин чалкыган мухит сымал адамдык бийик сапаты менен акылыбыздын чегинде гана таанышууга аракет кылдык. Чындыгында ал теңдешсиз Затты сөз менен айтып түшүндүрүүдө тил алсыздык кылат. Жараткандын ыраазылыгына ээ болуунун купуя сыры – бул Алла Тааланын ыйык Китеби, Пайгамбарыбыздын сүннөтү менен өмүр кечирүү, Анын адамдык бийик касиетине чын жүрөктөн, чын ыклас менен жакындоо, Анын сүйүүсүнө арзыган пенделерди жакшы көрүү, ал эми Ал жактырбаган адамдарды жактырбоо. Бул эки топтун ортосундагы айырма эң жогорку даражадагы бейиш менен эң төмөн даражадагы тозоктун ортосундагы айырма сыяктуу түбөлүктүү. Алла Элчисинин руханиятынан пайдалана билүү үчүн негизги жол Ага бапестелген аруу сүйүү болуп эсептелет.

Илгертен азирети Пайгабарыбыздын куттуу сүннөт жашоосу менен жуурулуша жашай алган Алланын сүйүктүү ар бир олуя пендеси жалпы мусулмандар үчүн өз-өзүнчө үлгү боло алышкан.

Бул эмгек Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Пайгамбарыбыздын өмүр таржымалы жөнүндө алсыз калемгердин өзүнүн аң-түшүнүгүнө, чектелүү мүмкүнчүлүгүнө жараша гана калтырган сөзү!...

Бул эмгекке сыйдырылган маалыматтар - Алла Элчисинин өмүр дайрасынын бир тамчы суусуна гана тете. ...

**Оо, Жараткан Алла! Бар сөзүбүздүн чектелүү мүмкүнчүлүгү менен калтырып жаткан бул эмгекти биз үчүн ыракым, береке себеп кылып, Анын руханий дөөлөттөрүнөн үлүш алабилүүнү насип эте көр! Бизди сүйүүнүн бермети, сүйүүнүн башаты атыккан акыркы Элчиндин** (саллаллаху алейхи ва саллам) **улуу шапаатына ээ кыла көр!**

**Оомийин!...**

# Соңку сөз

Ислам дини дүйнөлүк дин болгондуктан, анын укуктук, таалим-тарбиялык, адеп-ахлактык, экономикалык жана башка маселелер жөнүндө кабар берип, алардын жол-жоболорун чечмелеп түшүндүрүп бериши табигый көрүнүш. Ырас, бул эреже-жоболор маселенин эң жөнөкөйүнөн эң татаалына чейин өз ичине камтыйт. Бул эрежелердин бир бөлүгү жалпыга тиешелүү жөнөкөй дүйнөлүк маселелерден болсо, бир бөлүгү татаал маселелерди, т.а., адамдын руханий жашоосуна тиешелүү маселелерден турат. Ал эми бул маселелерди изилдөөдөгү кыйынчылыктарды айтпаса да, айдан ачык.

Бул иш мээ кайнаткан эрме чөлдүн ысык аптабында Күнгө куйкаланган кездеги сабырдуулукту талап кылат. Мындай купуя сырларды акыл-парасат, илим-билим жана кызыл тил менен гана ачып берүү, албетте, мүмкүн эмес.

Ошону менен бирге бул маселе адамдын чама-чаркынан тышкары болсо да, бул мүмкүнчүлүктөн биротоло баш тартуу одонолукка жатат. Андыктан кадырман окурмандарыбыздан бул жаатта кетирген катачылык-кемчиликтерибизди туура түшүнүүлөрүн өтүнөбүз.

Ошондой эле, адамдык аң-сезим бул дүйнөдөн алган таа-

сирлердин негизинде гана иштейт. Андыктан ийне менен кудук казуу кандай мүмкүн эмес болсо, бүткүл жандуу-жансыздын эң улугу, ааламдын сыймыгы болгон азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* аруу жан дүйнөсүн жана Жараткандын купуя сырлары катылуу Ыйык Куранды адам баласынын акыл-парасаты менен толук андап-түшүнүү дал ошондой мүмкүн эмес. Ырас, бейиш, тозок сыяктуу түшүнүктөрдүн чыныгы жүзү жалгыз Алла Таалага гана маалым. Бул дүйнөдө көзгө көрүнбөгөн бул чындыктар жөнүндө таза жүрөк менен сүрөттөө туура, бирок жетишсиз. Туура, акылыбыздын дарамети ушуга гана жетет. Жетишсиз, анткени адам бул ааламда көзгө көрүнгөн нерселер менен ал нерселерди салыштырып, аны толук андаганын ойлойт. Бирок ал нерселердин ортосундагы айырма асман менен жердей. Мындай чындыктар үчүн башкача сезүү, андап-түшүнүү касиеттери талап кылынат. Алсак, Исламда «руятуллах», тактап айтканда, «Жараткан Алла Тааланын мусулман баласына көрүнүшү» - деген түшүнүк бар. Акыретте мусулман адамга Алланын көрүнүшү кандай болот? Бул жердеги «көрүнүү» - деген сөздү адамдын ой-чабытына салуу аргасыздан кемчилик жаратат. Ошентсе да, аны алсыз акылдын чегинде түшүндүрүү үчүн өзүнчө зарылчылыкты талап кылат.

Кесеге учу-кыйыры көзгө илешпеген океанды сыйдыруу кандай мүмкүн эмес болсо, дал ошондой эле адам баласы аны толук андап-түшүнүүсү мүмкүн эмес!... Айтоор, биздин тилибизде да, акыл-көрөңгөбүздө да, көрүп турган көзүбүздө да кемчиликтер бар... Кыскасы, алсызбыз!

Алла Таала Куран аяттарынын биринде бул тууралуу мындай деген:

**«Айткын! Эгер Жараткандын сөздөрүн жазуу үчүн деңиздин баары сыяга айланса, ага дагы ошончону кошсок, чындыгында Жараткандын сөзү түгөнгөндөн мурда, деңиздер түгөнмөк!»** *(Кахф сүрөсү, 109-аят).*

Алла Тааланын чексиз күч-кудуретинин алдында адам баласынын кудурети эч нерсе болбой калаарын эсибизге түйө жүргөнүбүз абзел.

Ырас, андоо, түшүнүү, сезүү сыяктуу кемчиликтерибиздин урматы үчүн чындыктын чектелиши зарыл эмес.

Сөз мааниси жагынан ар түрдүүчө болот. Маселен, айрым сөздөр тар, айрымдары кең маанини туюнтат. Кээ бир түшүнүктөр аны түшүндүргөн адамдын аң-түшүнүгүнө жараша мааниге ээ болот. Айрым түшүнүктөр өтө кең маанини туюнтат. Маселен: Алла Таала, аалам, рух  ж.б. Мындай түшүнүктөрдү  адам баласы өзүнүн аң-түшүнүгүнө жараша гана андайт.

Акылдын күчү жетпеген мындай маанидеги түшүнүктөргө азирети Пайгамбарыбыздын айрым куттуу ысым-сыпаттары да кирет. Жаратkан Алланын ырайымына баш калкалап ошол ысымдарды жеткирүүдөгү кемчилигибиздин жана ардактуу окурмандарыбыздын да аларды түшүнүүдөгү кемчиликтеринин кечирилиши үчүн Алла Таалага жалынып жалбарабыз.

Бул жерде эң туура кадам – сукут чалуу болуп эсептелет. Ошондуктан сөзүбүзгө ушул жерден чекит коюуну эп көрдүк...

Албетте, бүткүл ааламдын Сыймыгы болгон азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Пайгамбарыбыздын руханиятына чөмүлүүдөн башка айлабыз жок! Жүрөгүндө дарты бар ар бир пенденин шыпаасы – Улуу Жаратkан Алла Таала!

Учу-кыйырсыз мухитинде алсыз кулуна жардам бере көр, оо, Жаратkан Алла!..

Биз үчүн Жаратkандан кечирим тилей көр, оо, Алланын Элчиси!

* * *

# КЫСКАЧА СӨЗДҮК

**Аба:** ата-бабалар

**Ажз, ажзият:** 1. алсыздык, күчсүздүк. 2. чабалдык, жөндөмсүздүк

**Агния-и шакирин:** шүгүрчүл, мал-дүйнөсүн, байлыгын Алланын ыраазылыгы үчүн жумшаган бай пенделер.

**Ахкам:** Өкүмдөр, буйруктар. **Ахкам-ы шар-ия:** диний өкүмдөр, Шарияттагы буйрук-жарлыктар.

**Ахлак-и хамида:** жакшы кулк-мүнөз, адеп-ахлак

**Акабинде:** дароо аркасынан, андан сон, удаа

**Аксуламал:** каршылык

**Аал:** үй-бүлө, уул, укум-тукум, муун.

**Алайи иллийййиин:** бейиш катмарларынын эң жогоркусу, эң жогорку бейиш.

**Алейхи акмалут-тахият:** ага саламдын эң жакшыси, эң

мыктысы болсун!

**Алейхимассалам:** ал экөөнө Алланын саламы-тынчтыгы болсун!

**Алейхис-солаату вас-салаам:** ага Алланын салаваттары жана саламдары болсун!

**Алейхис-салаам:** ага Алланын саламы-тынчтыгы болсун!

**Аамааде:** даяр, белен, кандайдыр бир буйрукту кабыл алууга даяр.

**Амил:** 1. аткарган, жасаган, өндүргөн 2. себеп, фактор

**Анане:** муундан муунга өтүүчү үрп-адат, каада-салт.

**Арш:** 1. такты, чатыр. 2. көктүн эң үстүнкү кабаты. 3. Алла Таала ээлик кылган нерсе.

**Авдат:** кайтуу, артка кайтыш, чегинүү

**Абад:** түбөлүк, чексиздик.

**Афдал:** 1. эң пайдалуу, эң жогору, эң баалуу 2. тандамал

**Амин:** 1. эр жүрөк, баатыр 2. ишенүүчү 3. ишенимдүү, ынануууга татыктуу, сөзүнө турган 4. азирети Пайгамбарыбыздын жана Жабраил периштенин сыпаты.

**Асма:** ысымдар. **Асмаул-хусна:** Алла Тааланын ысымдары

**Асрар:** купуя сыр, жашыруун нерсе.

**Авла:** 1. абалы, алгачкы 2. алда канча жакшы, алда канча ылайыктуу

**Азал:** эзел, эбак, башталышы жок

**Азважы тахират**: азирети Пайгамбарыбыздын аруу жубайлары.

**Бадия:** 1. чөл, талаа-түз 2. бүткүл аалам

**Бахш:** багыштоо, арноо, тартуу.

**Баарии:** Алла Тааланын ысымдарынан бири. Бүтүндөй жандуу-жансызды өз-өз орду менен эң мыкты деңгээлде жаратуучу.

**Бадии:** 1. мыкты 2. көзөлдүк, сулуулук

**Бекаа:** түбөлүктүүлүк, чексиздик.

**Балагат:** стилистика илими. Сүйлөө жана жазууда кепти туура, кооз, өз орду менен нускалуу колдоно билүүчүлүк.

**Барии:** 1. аруу, алыс, таза 2. кемчиликсиз, күнөөсүз

**Биат:** 1. Кимдир бирөөгө ишеним билдирип, ант берүү. 2. Кимдир бирөөнүн бийлигин таануу, моюн сунуу.

**Байналмилал:** эл аралык, мамлекеттер аралык

**Бидат:** кийин пайда болгон нерсе 2. азирети Пайгамбарыбыздан кийин шариятта жок нерсени Исламга киргизүү

**Жалиб-и диккат:** көңүл буруучу

**Жахд:** аракет кылуу, жан үрөө, жан далбас уруу.

**Жаладат:** каармандык, тайманбастык

**Жамал-и илахий, жамалуллах:** Алла Тааланын чексиз сулуулугу

**Жаваз:** уруксат, мүмкүн

**Жавхар:** 1. каухар, көөр 2. данек, өзөк 3. жөндөм, талант.

**Жифа:** 1. тарп, өлүк 2. жийиркеничтүү нерсе

**Жиханшумул:** ар тараптуу, бүтүндөй жандуу-жансызды өз

ичине камтыган 2. бүткүл дүйнөлүк

**Жихет:** 1. жак, тарап, багыт 2. көз караш, өңүт, мамиле. 3. шарт, себеп

**Жисманият**: заттек, көзгө көрүнгөн, кол менен кармоого мүмкүн болгон нерсе, жандуу-жансыз дүйнө.

**Жумхур:** 1. калк, эл, коом 2. топ, тайпа, өкүлчүлүк

**Журум:** күнөө, ката.

**Далалет:** азуу, адашуу, туура жолдон таюу.

**Даситани:** 1. дастан каармандарына жарашкан, каарман сыяктуу. 2. эпоско, дастанга таандык

**Дарун:** 1. ич, ички дүйнө 2. жүрөк, көөдөн, жан дүйнө. Даруни: чын жүрөктөн, көңүлдөн чыккан.

**Дигергам:** башка адамдардын камын ойлогон, боорукер.

**Дираят:** зээн, ан, эс-тутум, жады.

**Дучар:** дуушар, туш болуу.

**Фахр:** мактаныч, сыймык.

**Фарик:** канадайдыр бир нерсени айырмалай билген, сергек, зирек адам.

**Фаш этмек:** ачыкка чыгаруу.

**Фам:** ооз, эрин.

**Фарагат:** 1. баш тартыш, өз ыктыяры менен чегиниш 2. токтотуу, таштап чыгып кетүү

**Фатх-и мубин:** ачык-айкын, толук жеңиш.

**Фавк:** үстүнкү тарап, жогору.

**Фай:** 1. Ислам мамлекети тарабынан мусулман эмес жарандардан алардын коопсуздугу үчүн алынган салык. 2. согушсуз алынган мал-мүлк, жер.

**Файз:** 1. руханий ырахат, жан дүйнө бейпилдиги. 2. молчулук, береке. 3. жетилүү, өркүндөө.

**Фикх:** 1. кандайдыр бир нерсени ийне-жибине чейин аңдап-түшүнүү. 2. Ислам укугу

**Фыск:** Жараткан койгон мыйзамга баш ийбөө, Алланын адал жолунан чыгуу, Жаратkандын жакшылыгын билбөө.

**Фытрат:** табият, жаратылыш. **Фытрий:** табиятынан бар нерсе, төрөлгөндөн тубаса болгон нерсе.

**Фиилият:** иш-аракет.

**Фирак:** айрылуу, ажыроо, куржалак калуу.

**Фирасат:** акыл-парасат, көрөгөчтүк, кыраакылык.

**Футухат:** жеңиштер, утуштар.

**Гаиб:** 1. кайып 2. билинбеген аалам 3. тилдеги үчүнчү жак, ал.

**Гарк:** 1. сууга чөмүлүү 2. чөгүү, бөлөнүү 3. бир нерсенин ичине кирүү

**Газаб:** ачуу, каар.

**Газва:** 1. согуш, күрөш, казат. 2. Ислам жолундагы күрөш.

**Гыяб:** жок болуу, азыр болбоо, алыста болуу

**Гирифт:** 1. чаташкан, чиеленишкен, татаал 2. орун кал-

тырбай жыш тизип кооз жазуу

**Хабиб:** сүйүктүү, сүйкүмдүү

**Хабис:** 1. жаман, ыплас, жийиркеничтүү 2. карөзгөй, караниет 3. каражолтой

**Хаиз:** ээ, кожоюн

**Хаак:** топурак.

**Хаким:** жандуу-жансызга өкүмүн жүргүзүүчү. Алла Тааланын сыпаттарынан.

**Хакшинас:** акыйкатты билген. Акыйкатка баш ийген.

**Халават:** 1. татым, даам 2. лаззат, ырахат.

**Хаалат:** абал, жагдай. Хаалат-и рухия: жан дүйнөнүн алабалы

**Халим:** Алла Тааланын «Өзү жараткан бүтүндөй жандуу-жансызга жылуу маанайда болуучу, шашмалыктан алыс, жазага тартууда шашылбаган, салабаттуу» - деген маанилерди камтыган ысымдарынан бири.

**Халис:** 1. тунук, чыныгы, нукура 2. таза, аруу 3. түз жүргөн, ак ниет адам.

**Хамиид:** 1. мактоого татыктуу 2. Алкышка эң татыктуу болгон Алла Таала.

**Хамият:** 1. мекенчилдик, патриотизм 2. кең пейилдик

**Хандикап:** тоскоол, жолтоо, бөгөт, онтойсуз жагдай.

**Харамайн:** ыйык Мекке жана Медина шаарлары

**Хасбал-кадар:** жазы буйрук

**Хасана:** жакшылык, ийгилик, кайырлуу иш.

**Хашр:** Кыямат күнү бүткүл адамзатынын кайрадан тирилип, сурак берүү үчүн махшар майданында топтолушу.

**Хайй:** Улуу Жаратkандын улуу ысымдарынын бири. Жашоочу, тирүү, бүт нерсени билүүчү.

**Хазарат:** «Азирет» - деген сөздүн көптүк түрү болуп, улууларга урмат-сый менен кайрыла турган «улуу урматтуу, ардактуу» - деген сыяктуу мааниилерди камтыйт.

**Хангаама:** 1. доор, заман 2. коом, тайпа, топ 3. уруш, жаңжал, 4. күрөш, согуш.

**Хидаят:** 1. туура-түз жол 2. Ислам 3. жол көрсөтүү, багыт берүү

**Хилкат:** жаратылыш, бүткүл аалам

**Хизб:** 1. бөлүк, топ 2. уюм, тайпа.

**Хулафа-и Рашидин:** Азирети Пайгамбарыбыздан кийинки алгачкы төрт Ислам халифасы: азирети Абу Бакир, азирети Умар, азирети Осмон, азирети Али.

**Хусуул:** пайда болуу, айкын болуу, ачыкка чыгуу.

**Хусумат:** 1. душмандык, кастык 2. карама-каршылык

**Хушуу:** 1. коркуу жана сүйүү сезими менен Алла Таалага моюн сунуп ибадат кылуунун натыйжасында пайда болгон абал. 2. кичи пейилдик, сылыктык, сыпаалык, жөнөкөйлүк.

**Хуласа:** корутунду.

**Хусн-у зан:** жакшы ой жүгүртүү

**Хусран:** 1. зыян, залака 2. максатка жетпей калуу, муң, кайгы.

**Истилах:** 1. илим, өнөр, термин 2. фразеологизм, сөз. 3.

бир жактуу мааниде колдонулган сөз

**Ижаб:** 1. зарылдык, муктаждык 2. тастыктоо, ырастоо

**Ижтимаи:** коомдук, социалдык

**Ифа:** кандайдыр бир ишти жүзөгө ашыруу, аткаруу

Ихата: 1. кандайдыр бир нерсени ороп алуу, чулгоо, курчоо 2. акыл менен бир нерсени толук андоо, түшүнүү

**Ихдас:** ачыкка чыгаруу, ойлоп табуу, ачылыш жасоо

**Ихраз:** 1. утуш, ээ болуу, жетүү 2. адал мал-мүлккө ээ болуу.

**Ихтимам:** 1. берилүү менен жумуш жасоо, жылуу мамиле жасоо 2. көңүл коюу

**Ихтирам:** урмат-сый.

**Ихтияр:** тандоо

**Ихтият:** 1. кыраакылык менен кадам таштоо 2. көсөмдүк, көрөгөчтүк

**Икмал:** баралына жеткирүү, толуктоо

**Икрар:** 1. сүйлөө 2. кабылдоо, тастыктоо

**Иктифа:** жетиштүү деп билүү, канааттуулук, топуктук.

**Илга этмек:** 1. бузуу, талкалоо 2. жарактан чыгаруу, өкүмүн токтотуу

**Илка этмек:** 1. (эреже) коюу, алып салуу 2. илхам кылуу, сүйлөө.

**Илтижа:** 1. баш калкалоо, жалынып-жалбаруу, мунажат 2. ишеним көрсөтүү, таянуу

**Имтина:** 1. тартынуу, четтөө, алыс туруу, баш тартуу 2. мүмкүндүгү жок.

**Имтисал:** 1. милдетти орундатуу, үлгү боюнча кадам шилтөө 2. жарлыкка моюн сунуу

**Иникас:** чагылышуу, чагылдыруу.

**Инжизаб:** тартылуу, таасирленүү

**Индии:** бир адамдын көз карашы

**Инкилаб:** төңкөрүш, ынкылап

**Инша:** 1. жасоо, куруу, тургузуу 2. жазуу, калемге алуу

**Инширах:** жан дүйнөнүн жай табуусу, ырахатка чөмүлүү.

**Интиба:** бир нерсе же адам же окуянын көңүлгө салган таасири, изи.

**Интибак:** түзүлгөн жагдайга ылайыкташа билүү шыгы

**Интисаб:** 1. өкүл болуу, таандык болуу 2. кирүү

**Инзал этмек:** түшүрүү. көбүнесе Алла Тааланын өз пайгамбарларына вахий-кабар түшүрүүсү үчүн колдонулат.

**Инзар:** 1. ойготуу, эскертме, көзүн ачуу 2. Алланын адамдарга жана жиндерге акырет азабынан эскертме-кабар берүүсү

**Иртижалан:** күтүүсүздөн келген ойду айтуу, төкмөлүк.

**Иртихал:** бу дүйнө жашоосунан акырет сапарына аттануу, көз жумуу.

**Иртикаб:** : жаман, күнөө иш жасоо

**Истиаза:** Жаратканга баш калкалоо, «Ауузу биллахи минаш-шайтоонир-ражиим» - деп айтуу.

**Истидат:** 1. жөндөм, шык. 2. акыл-эстүүлүк, зээндүүлүк. 3. түшүнүктүүлүк

**Истигнаа:** 1.топуктуу болуу, каниеттүүлүк. 2. муктажсыз-

дык

**Истимал:** колдонуу, пайдалануу.

**Истиска:** 1. жамгыр дубасын окуу 2. өтө суугa муктаж болуу

**Иштияк:** каалоо, сагынуу, кусалык

**Итаб:** урушуу, эскертүү, зекүү

**Итидал:** аша чаап кетпөө, орто абалда болуу. 2. сыпаалык, сылыктык 3. тең болуу, теңдөө

**Итикад:** кандайдыр бир пикирге кошулуу, бир ишенимге ишенүү 2. кайсыдыр бир дин же агымдын негизги ишеними 3. Жаратканга жүрөктөн ишенүү, ыйман. **Итикади:** ишенимге таандык

**Итминан:** 1. жандын жай табышы, бейпилдик табуу. 2. бир маалыматты ийине жеткире билүү.

**Иттиба:** моюн сунуу, ээрчүү

**Иттика:** сактануу, тартынуу. Алладан коркуу

**Изаан:** 1. акыл, аң, түшүнүк. 2. моюн сунуу, айтылган сөздү угуу, баш ийүү. 3. тарбия, адеп.

**Изах:** ортого салуу, ийине жеткире чечмелөө, ачыктоо

**Изхар:** ачыкка чыгаруу, көргөзүү, белгилөө

**Каабына варылмаз:** сөзгө чак келбес.

**Каал:** сөз, кеп.

**Касам:** ант, касам

**Кавил:** 1. сөз 2. чечим, келишим 3. сөз жүзүндө калган маселе.

**Каййуум:** Алла Тааланын эч нерсеге муктаждыгы болбостон өзүнөн-өзү пайда болгон - деген маанини туюнткан ысымы.

**Камал:** жеткилен, барал, келкел.

**Карам:** 1. кең пейилдик, кайрымдуулук, берешендик 2. улуулук, асылзаадалык, тектүүлүк.

**Каррамаллаху важхах:** Алла Таала анын жүзүн ак кылсын, куттуу кылсын! (бул сөз азирети Али үчүн колдонулат)

**Кашиф:** 1. табуу, ачылыш жасоо 2. бир нерсенин Алла Таала тарабынан илхам

кылынышы 3. тасаввуф илиминде акыл менен түшүнүүгө мүмкүн болбогон нерсени көөдөн көзү менен көрө билүү

**Кавсар:** Бейиштеги көлмө

**Кайфият:** Бир нерсенин сапаты, абалы, жагдайы.

**Китал:** согуш, казат.

**Кифаят:** жетиштүү, жетишерлик

**Куддиса сиррух:** Алла Таала анын сырын (жан дүйнөсүн) руханий

ыплас нерселерден алыс кылсын!

**Кудси:** 1. ыйык, касиет 2. Алла Таалага таандык

**Курбият:** жакындык, жакындоо

**Куллии:** жалпы, үстүртөн

**Лахути:** улуктукка таандык.

**Латиф:** сыпайы, жумшак, жагымдуу 2. руханий 3. Алла Тааланын ысымдарынан бири

**Латафат:** жагымдуулук, сыпаалык, жумшактык 2. сулуулук

**Лавхи махфуз:** Алла Тааланын эзели илими жана ааламда болгон жана боло турган нерселер жазылган такта.

**Лаййин:** жумшак

**Либас:** кийим-кече

**Махал:** 1. жер, аймак 2. тарап, орун.

**Махбуб**: сүйүктүү, сүйкүмдүү

**Махдуд:** чектелген, белгилүү

**Махзун:** капалуу, кайгылуу, мундуу

**Маишат:** 1. жашоо, өмүр кечирүү 2. күн өткөрүү үчүн муктаждык.

**Малик:** кожоюн, ээ.

**Манзума:** 1. кезек, тизме 2. ыр, поэма

**Масият:** 1. баш көтөрүү 2. жексур 3. күнөө иштер

**Маслахат:** 1. маселе, маанилүү иш-жагдай 2. жакшылык, тартип, тынчтык жолу 3. ылайыктуу, кирешелүү иш.

**Мазхар:** 1. кандайдыр бир жакшылыкка туш болуу, ээ болуу

2. кандайдыр бир нерсенин булагы, чыккан жери.

**Мази:** өткөн чак, байыркы заман

**Мабни:** 1. бир нерсеге таянган 2. –дан улам, үчүн

**Мадар:** 1. себеп, ортомчу 2. айланып-жылып туруучу нерсе, таяныч

**Мадх:** мактоо, алкоо, бирөөнүн жакшы жактарын айтуу

**Мафхум:** түшүнүк, маани-маңыз.

**Мафтун:** көңүлү бар, ашык болгон адам.

**Маланат:** наалатка калган нерселер.

**Манакиб:** дастандар, икаялар, окуялар.

**Манба:** булак, башат.

**Манфий:** 1. терс, жат. 2. тыюу салынган, четтетилген.

**Манша:** башат, уюк, өзөк, негиз.

**Маргуб:** 1. талап кылынган нерсе 2. жактырылган

**Марзук:** ырыскы берилген

**Масуул:** жоопттуу, милдеттүү.

**Масал:** мисал, үлгү, өрнөк

**Маснад:** 1. таянч 2. баскыч, тепкич 3. кызмат, мартаба

**Масрур:** кубанычтуу, сүйүнүчтүү

**Машхар:** көрүлчү жер, көргөзмө

**Мата:** 1. буюм. 2. кенч, байлык.

**Матанат:** чыдамдуулук, сабырдуулук.

**Мазият:** башкалардан айырмалап турган сапат, жогорулук,

өзгөчөлүк, адамдык касиет

**Минвал:** жол, ыкма, багыт, тариз.

**Мираж:** 1. асманга көтөрүлүү. 2. Азирети Пайгамбарыбыздын асманга көтөрүлүп Улуу Жараткан Алла Таала менен жолугуусу.

**Мискал:** мыскал (асыл таштарды өлчөөчү 1,5 дирхам салмагындагы оордук бирдиги, 4, 618 грамм)

**Мизан:** 1. тараза 2. бир нерсени өлчөп-тартуучу нерсе 3. Акыретте жаман менен жакшы, сооп жана күнөө иштер тартыла турган тараза. Бирок бул таразанын кандай тариз-де болгондугун адам баласы чектелүү акыл-көрөңгөсү менен бул дүйнөдө эч качан биле албайт.

**Муахада**: эки же андан көп тараптын ортосундагы келишим

**Муаййан:** 1. белгилүү, ачык-айкын, анык 2. чечими чыгарылган

**Муаззаз:** улуу, кадырман, урматтуу.

**Муфассал:** ар тараптуу, ийне-жибине чейин

**Мугайир:** башкача

**Мухатаб:** 1. угуучу тарап 2. маселеге тиешеси бар адам, жак.

**Мухатара:** коркуу, коркунуч.

**Мухаййар:** тандоодо, кабыл алууда өзү билген адам

**Мухрик:** 1. күйгүзүүчү, жагуучу, өрттөөчү 2. күйгөн нерсе

**Мухтарис:** каалоосу күчтүү, ышкылуу.

**Мукабала:** жооп кайтаруу

**Мукаддар:** тагдыр, жазы буйрук.

**Мукавамат:** каршы чыгуу, туруштук берүү, тирениш, каршы тарапка моюн бербөө

**Муким:** жергиликтүү адам.

**Мурад:** мурат, тилек, каалоо, үмүт, максат.

**Мусалла:** 1. намаз окулчу жай. 2. мечиттин жанында жаназа намазы окула турган жер

**Мутад:** көнүмүш, кадыресе, күнүмдүк

**Мутана:** кылдаттык, этияттык менен жасалган иш 2. тандамал, маанилүү

**Муттали:** кабары бар, маалыматы бар

**Муттасыф:** сыпатталган

**Муттасыл:** аралыксыз, тыгыз, жанаша, удаама-удаа

**Муважаха:** бетме-бет, мандай-тескей

**Мувафык:** ылайыктуу, татыктуу

**Мувази:** жанаша, тен, бирдей.

**Мубтала:** 1. өтө берилген 2. ашык

**Мужахада:** күрөшүү, аракет, кайрат 2. напсини тарбияга салуу.

**Мужаррат:** 1. абстрактуу 2. жалгыз, тек. 3. нукура, асыл, аруу

**Мужмал:** кыска жана нуска сөз, корутунду, өзөк сөз.

**Мудавим:** туруктуу, туруктуу кардар, дайыма иштеген адам.

**Муаллиф:** жазуучу, автор

**Муассир:** 1. таасирдүү, өтүмдүү, жугумдуу 2. элестүү, эсте каларлык 3. аянычтуу, кайгылуу 4. сөзү өтүмдүү.

**Муфраза:** аскердик бөлүк, кол, отряд.

**Мукаллаф:** милдеттүү, жоопту

**Мукаррам:** урмат-сыйга ээ, кадырлуу.

**Мулахаза:** терен ойго батуу, ой жүгүртүү. 2. этияттык менен көз салуу

**Мулакат:** жолугуу, кездешүү, сүйлөшүү

**Мунади:** 1. үн салган, жар салган адам 2. азанчы

**Мунаваба:** кезектешүү

**Мунбит:** кара топурактуу семиз жер, кирешелүү.

**Мунаввар:** 1. жарык 2. билимдүү, билги, интеллигент.

**Мусамаха:** 1. көңүлгө албоо, көз жумуу, маани бербөө 2. кайдыгерлик, тоготпостук, көңүл коштук, эсириктик, шалаакылык

**Мусави**: тен, бирдей

**Мустагни:** 1. топуктуу, көңүлү ток, 2. эч нерсеге муктаж эмес

**Мустахак:** татыктуу, ылайык, арзыган, укуктуу (адам)

**Мустахаб:** Шариятта жылуу кабыл алынган иштер. Мустахабды кылган адам cooп табат, ал эми аткарбаган адам эч кандай күнөө кылган болбойт.

**Мушахада:** 1. байкоо, көзөмөл, көз менен көрүү 2. руханий көз жүгүртүү

**Мушаххас:** конкреттүү, даректүү.

**Муштарак:** 1. жалпы, ортоктош, биргелешкен 2. ортоктошуп, биргелешип иш алып баруу

**Мутааддид:** 1. көп сандаган 2. ар түрдүү, ар кыл

**Мутафаккир:** акылман, ойчул

**Муташаккил:** түзүлгөн, куралган.

**Мутаваккил:** тобокел келтирген адам; бир ишти бардык керектүү шарттары менен аткарган соң, анын натыйжасын Алла Таалага аманат катары таштаган адам, Аллага таянган

адам.

**Муяссар:** 1. оной, жеңил 2. насип болгон нерсе 3. жеңилдетилген нерсе

**Музакара:** 1. кеңешме, сүйлөшүү, талкуу 2. оозеки сынак 3. этюд

**Наат:** 1. сыпат, кулк-мүнөз 2. көбүнесе азирети Пайгамбарыбызды, аз да болсо алгы төрт халифаны алкоо иретинде жазылган ыр

**Нафака:** 1. жашоо каражаты, муктаждыгы 2. тамак-аш, кийим-кечек, үй-жай сыяктуу зарыл муктаждыктарга жеткидей байлык, мал-мүлк. 3. жардам.

**Накыс:** кем, толук эмес.

**Насб:** 1. тигүү, киргизүү 2. отурукташтыруу 3. кандайдыр бир ишке дайындоо.

**Назар-ы итибар**: маани берүү, этибарга алуу.

**Назил:** жогортон төмөндү карай түшүп келген нерсе. 2. сапарда бир жерде тыным алган, конок болгон адам

**Назир:** окшош, жуп, бирдей.

**Надамат:** бушаймандык, өкүнүү.

**Нахий:** 1. тыюу салуу 2. диний жактан тыюу салынган нерселерден алыс тутуу

**Насаб:** укум-тукум

**Насх:** четке чыгаруу, өкүмүн жараксыз деп эсептөө

**Нашат:** 1. пайда болуу 2. чыгуу, өсүү

**Нави:** түр, ар кыл

**Нихаи:** акыркы, соңку

**Нусрат:** 1. жардам. 2. Жараткандын жардамы 3. ийгилик, жетишкендик.

**Нубувват:** пайгамбарлык, элчилик.

**Нуфуз:** 1. кирүү, өтүмдүүлүк, аралашуу 2. таасир, аброй 3. кайсыдыр бир адамдын сөзүнүн өтүмдүүлүгү

**Нузул:** 1. Жогортон төмөндү көздөй түшүү 2. сапар учурунда бир жерге тыным жасоо

**Паре:** 1. бөлүк 2. сан, даана

**Радиаллаху анху:** Алла Таала ага ыраазы болсун! **Радияллаху анха:** (ушул эле дубанын аял кишилер үчүн айтылышы)

**Радияллаху анхум ажмаин:** Алла Таала алардын бардыгына ыраазы болсун!

**Радияллаху анхум:** Алла Таала аларга ыраазы болсун!

**Радияллаху анхумаа:** Алла Таала ал экөөнө ыраазы болсун!

**Рахматуллахи алейхи:** Алла Таала аны өз ырайымына бөлөсүн!

**Ракик:** 1. өтө жумшак, сылык, сыпаа 2. өтө боорукер, жүрөгү таза, дилгир.

**Рам болуу:** моюн сунуу, баш ийүү 2. Пенденин турган турпаты менен Алла Таалага баш ийүүсү

**Риаят:** 1. этибарга алуу, урмат-сый, эсепке алуу. 2. коноктоо, сыйлоо. 3. туура иш.

**Рида:** чепкен, тон, ичик.

**Риккат:** 1. жумшактык, сылыктык, сыпаалык 2. назиктик, дилгирлик 3. ырайымдуулук

**Риязат:** 1. аз тамактануу, аз уктоо, көп ибадат кылуу менен напсини тарбияга салуу, напсинин азгырыктарынан, дүйнөнүн сан миң кубулма лаззаттарынан алыс болуу. 2. топуктуулук, каниеттүүлүк.

**Руятуллах:** Алла Тааланы (акыретте) көрүү

**Руханият:** 1. рухка таандык руханий чөйрө, жан дүйнөнү аруулоочу руханий абалдар. 2. Көз жумган адамдын унутта калбаган, жүзөгө аша берген руханий күчү

**Рухбандык:** кечилдердин жашоо ыңгайы.

**Саай:** аракет кылуу, жан үрөө.

**Садад:** ниет, максат, негизги маселе, негизги ой.

**Садыр:** пайда болуу, ачыкка чыгуу

**Садме:** 1. сокку 2. согуш, кагылыш 3. күтүүсүздөн чыккан кырсык, алаамат, балээ

**Саик:** 1. багыттоочу, жол көрсөтүүчү 2. негизги себеп, аткаруучу күч.

**Саакии:** суу же суусундук таркатуучу, сатуучу.

**Салабат:** туруктуулук, тирениш, кубат, күч 2. мыкты, бекем.

**Салахият:** укук, акы.

**Салим:** сак-саламат, аман-соо 2. кемчиликсиз, катасыз 3. коркунучу жок, ишеничтүү

**Саллаллаху алейхи васаллам:** Ага Жараткан Алланын салават жана саламы болсун!

**Сарахат:** ачык-айкын, так, даана.

**Себат:** сөзгө туруу, убадага бекем болуу, чечкиндүүлүк, туруктуулук.

**Сахават:** кең пейилдүүлүк, берешендик.

**Сакинат:** тынчтык, бейкуттук, бейпилдик

**Салаф-и салихиин:** кутман сахабалар баш болгон табииндер (сахабалардан кийинки муун), атбау табииндер (табиинден кийинки муун) жана алардан алган илимдери менен жашап, ошол илимдерин элге жеткирген момун-мусулмандар.

**Салиим:** 1. таза, түз жүргөн 2. туура, катасы жок 3. коркунучсуз, зыянсыз

**Самават:** асмандар

**Сарир:** 1. төшөк, мамык, көрпө, жатуучу жай 2. керебет, такта

**Сариййа:** кошуун, кол.

**Саййидуш-Шухада:** Шейиттердин мырзасы: азирети Хамза (Алла ага ыраазы болсун!)

**Сихрият:** тууганчылык, куда- сөөктүк байланыш.

**Сыклат:** 1. жүк 2. кыйынчылык, машакат.

**Сыянат:** 1. коргоо, сактоо 2. кол алдына алуу, кучагына алуу

**Сиига:** грамматикада ыңгай, мисалы: буйрук ыңгайы, шарттуу ыңгай

**Сипар-и саайка:** чагылган тоскуч, чагылганды өзүнө тар-

тып жерге өткөрүп жиберчү курал.

**Сираят**: жугуу, жайылуу, чагылышуу

**Сират:** 1. адамдын руханий абалы, кулк-мүнөзү, адеп-ахлагы. 2. азирети Пайгамбарыбыздын өмүр таржымалы

**Сурат:** 1. келбет, турпат, ирен-түспөл 2. багыт, жол, ыңгай.

**Субхаан:** бүт кемчиликтен алыс, аруу

**Сукуунат:** 1. тынчтык, жымжырттык 2. бейкуттук, бейпилдик.

**Сукут:** унчукпоо, сүкүт чалуу, үн чыгарбоо

**Суннатуллах:** Жараткан койгон мыйзам.

**Сурур:** кубаныч.

**Шаахика:** туу чоку, сере, тоонун чокусу

**Шаамил:** камтыган, ичине алган, сыйдырган, чулгаган, курчаган.

**Шавт:** жүгүрүү, чуркоо, айланып жүгүрүү 2. ажылык мезгилинде Каабаны айлануу, таваф кылуу.

**Шаян:** ылайык, жарашыктуу

**Шиар:** 1. жышаана, белги, из, ишарат

**Шумул:** 1. камтуу, чулгоо 2. таандык, далалат кылуу

**Таат:** Жаратканды н буйруктарын аткаруу, моюн сунуу, ибадат.

**Табиин:** сахабалардын доорунда жашап, сахабалар менен жүз көрүшүп, алардан уккан хадистерин кийинки муунга калтырган муун.

**Табир:** 1. сөз, кеп 2. жоромол, божомол, түш жоруу.

**Тафсил:** ар тараптуу, ийне-жибине чейин чечмелөө

**Тагут:** бузуку, кара өзгөй, кара ниет, шайтан, бут-айкел, көзү ачык, сыйкырчы. Алланын буйругунан баш тарткан, Ага арка салган адам, же уюм, бирикме

**Тахаккук:** жүзөгө ашуу, ишке ашуу.

**Тахассур:** 1. кусалык, сагыныч 2. максатка жетпей калуудан улам кайгыруу

**Тахдид:** чектөө, чек коюу, белгилөө

**Тахкик**: сурамжылоо, аныктоо, тактоо 2. ааламдын сырын андоо 3. тууралыгын далилдөө

**Тахлил:** текшерүү, талдоо, иликтөө

**Тахсин:** 1. жактыруу 2. таң калуу 3. алкыш айтуу

**Таакат:** күч-кубат, дарамет, таакат.

**Такдим:** сунуу, сунуштоо 2. алып баруу, тааныштыруу

**Такыба:** Алладан коркуу, Алладан корккондуктан шарияттын тыюуларынан алыс болуу.

**Таалим:** 1. бир ишти үйрөнүү, бир ишке көнүгүү 2. таалим, илим берүү

**Талтиф:** 1.көңүл алуу, көңүл көтөрүү 2. сыйлык, сыйлоо (орден, медаль ж.б. менен)

**Танзим:** тартипке салуу, мыйзамдаштыруу, ондоо

**Тарик:** 1. жол, көчө 2. тарикат 3. багыт, чыйыр, жашоо ыңгайы

**Тасарруф:** 1. колдонуу укугу, пайдалана билүү 2. ээ, кожоюн

**Тасвиб:** ылайык көрүү, туура деп билүү, кабыл алуу,

**Татбик:** иш жүзүнө ашыруу

**Тавсиф:** сыпаттоо

**Тазарру:** сыпайылык жана хушуу менен Жаратканга жалбаруу

**Тазим:** урмат, сый, таазим

**Тадиб:** тарбия берүү, тартипке салуу

**Такид:** 1. бекемдөө, бышыктоо, чыңдоо 2. кайталоо, кошумчалоо

**Талиф:** 1. жараштыруу, элдештирүү 2. китеп жазуу, жыйнак түзүү 3. китеп, эмгек

**Тайид:** ырастоо, бышыктоо, чыңдоо

**Табаруз:** көрүнүү, айкын болуу

**Табаррук:** таберик, береке үмүт кылуу, жакшылык күтүү

**Таблиг:** 1. жеткизүү, жайылтуу 2. динди элге жеткизүү

**Табрия:** актоо

**Тажалли:** 1. көрүнүү, пайда болуу 2. тагдыр 3. Алланын ырайымына бөлөнүү

**Тажхиз:** керектүү нерселерди толуктоо, жабдуу

**Тажрид:** ажыратуу, айыруу, бөлүү, абстракциялоо 2. Тасаввуф илиминде ар нерседен баш тартып жалгыз Аллага гана бет алуу.

**Тадриж, тадрижи:** аз-аздан, акырындык менен.

**Таассур:** муң, кайгы.

**Тафаккур:** ойлонуу, терең ойго батуу

**Тафарруат:** 1. бөлүм, тармак 2. Негизги өзөктөн тараган

тармактар, бөлүмдөр

**Тафрика:** сөз келишпестик, ажырым.

**Такамул:** 1. акырындык менен өзгөрүү, өркүндөө, өсүү, баралына келүү. 2. Жеткилен, бышып жетилүү.

**Такрим:** сый көрсөтүү, улуулоо.

**Талаккии:** 1. кабыл алыш, түшүнүш, эсептеш 2. көз караш, пикир, ой

**Талбия:** Жараткан Алла Тааланы улуктап, Анын бардык буйруктарын кабыл алууга даяр туруу. Талбия ажылык мезгилинде бийик үн менен айтылат. Арапча айтылышы төмөнкүчө: «Лаббайк, Аллахумма лаббайк, лаббайка лаа шариика лака лаббайк, иннал-хамда, ван-нимата лака вал-мулк, лаа шариика лак»

**Талкин:** 1. үйрөтүш, насаат айтуу, 2. өлүктү түбөлүк сапарга узатуу учурунда молдонун өлүккө таалим айтып сүйлөгөн сөзү, окуган дубасы

**Тамаюл:**1. бир тарапты көздөй ийилүү 2. кимдир бирөөгө же кандайдыр бир нерсеге тараптар болуу

**Тамаюз:** артыкчылык, атакка ээ болуу, айырмалануу, өзгөчөлөнүү.

**Тамсил:** 1. мисал берүү 2. үлгү болуу 3. өкүлчүлүк, бирөөнүн атынан иш жүргүзүү

**Таназзул:** 1. кичи пейилдик, сылык мамиле. 2. түшүү, азаюу, төмөн болуу.

**Танзих:** бүт кемчиликтерден аруулоо. Алла Тааланын бардык кемчиликтерден алыс болгонугуна ыйман келтирип, муну тил менен айтуу.

**Тарвич:** кадырын көтөрүү 2. кабылдоо 3. жасатуу, өткөрүү

4. жардам берүү, жөлөк болуу

**Тасануд:** бири-бирине жардам берүү, таяныч болуу

**Тасалсул:** удаама-удаа, катары менен келүү же кезеги менен келүү

**Таскин:** тынч абалга алып келүү, басандатуу

**Ташхир:** 1. ачыкка чыгаруу, жар салуу 2. кылмышкерди элдин алдына чыгаруу

**Ташна:** 1. чаңкаган, суусаган 2. эңсеген, дегдеген, көксөгөн

**Ташрии:** эреже коюу, мыйзам чыгаруу

**Таварус:** 1. мураска ээ болуу 2. мураска калуу

**Тавди:** 1. аманат калтыруу 2. тапшыруу

**Тавассул:** 1. ортомчу деп билүү 2. кайрылуу 3. жабышуу

**Тавзи:** 1. таратуу 2. таркатуу, бөлүштүрүү, үлүшүн бөлүп берүү.

**Таяккуз:** сактык, кыраакылык, сергектик

**Тазахур:** 1. көрүнүү, пайда болуу, ортого чыгуу 2. белги, жышаан

**Тазаллул:** өзүн-өзү төмөн сезүү, жемелөө

**Тазкия:** напсини ар кандай жаман жоруктардан, сыпаттардан, терс көрүнүштөрдөн алыс тутуу, жакшы сапаттар менен көркүнө чыгаруу.

**Тазйин:** коздоо, көрк кошуу, асемдөө, шөкөттөө

**Тилават:** Ыйык Куранды усулуна жараша кыраат менен окуу

**Тугян:** 1. ашып-ташуу, толкундануу 2. ачуулануу, жинденүү

**Ужуб:** өзүн-өзү жактыруу, текебердик, менменсинүү

**Ухда:** 1. сөз берүү, кандайдыр бир ишти аркалоо 2. озуйпа, милдет 3. жоопкерчилик.

**Укубат:** 1. балээ, алаамат, кыйынчылык 2. жаза, азап

**Улухият:** Жаратканга таандык сыпат

**Услуб:** 1. жол, усул 2. ыкма, ыңгай

**Усва-и хасана:** теңдеши жок эң мыкты үлгү

**Вахданият:** Жараткан Алланын сапаттарынан бири: Алла Таала жалгыз, Анын эч бир теңдеши жок деген мааниде.

**Вакиа**: болгон окуя

**Вакии олмак:** болуу, жүзөгө ашуу.

**Варид:** 1. келген, жеткен 2. бир нерсе тууралуу айтылган, болуусу күтүлгөн

**Васыл олмак**: баруу, жолугуу, жетүү.

**Васыл-ы илаллах:** Жараткан Аллага сапар тарткан адам

**Важд:** 1. Алланын сүйүүсүнө чөмүлүү.

2. ичтеги алоолонгон дем.

**Важх:** 1. жүз, кебете, ирең 2. жол, ыкма, усул 3. себеп, ортомчу

**Важиба:** милдет, важиб

**Важиз:** кыска, так, таамай, таасын (сөз)

**Вахби:** Алланын ыроосу, жакшылыгы.

**Вукуу:** болгон окуялар

**Вуслат:** бир нерсеге жетүү, баруу, жолугуу.

**Якиин:** күмөндөн алыс, туура маалымат.

**Яис**: үмүт үзүү.

**Захир:** 1. тышкы көрүнүш, келбет, турпат 2. ачык-айкын, белгилүү.

**Зайи:** 1. жоголгон 2. Жоготуу.

# МАЗМУНУ

## ХИЖРАТТЫН БИРИНЧИ ЖЫЛЫ

*Алланын Элчиси Медина шаарында*................................7
*Меймандос Абу Аюб аль-Ансари (радияллаахуанху)* .......10
*Азирети Анас бин Маликтин Пайгамбарыбызга өтөгөн кызматы*...........................................................................12
*Мухажирлер менен ансарлардын боордоштугу*................15
*Мухажирлер менен ансарлардын артыкчылыгы* ...............20
*Пайгамбардын шаары - Медина* .......................................36
*Медина шаарынын «Харам» (ыйык) болушу* .....................42
*Медина шаарындагы базардын тартипке салынышы*.........44
*Жамаат менен намаз окуу*................................................59
*Алгачкы азан* ...................................................................65
*Асхабу Суффа*...................................................................70
*Алла Элчисинин азирети Аиша энебиз менен бирге жашап калышы*............................................................................78
*Медина шаарынын ал-абалы*..............................................80
*Согуш*...............................................................................85
*Алла Таалынын жолунда жихад* ........................................90
*Жүрүштөр* ........................................................................100

## ХИЖРАТТЫН ЭКИНЧИ ЖЫЛЫ

*Казаттар* ............................................................*103*
*Батны Нахла сапары*.................................................*104*
*Кыбыланын алмашуусу* ...........................................*108*
*Орозо, фитир садага жана зекет*.............................*112*
*Итикаф* ...............................................................*125*
*БАДР КАЗАТЫ* (17-Рамазан, 2-жыл / 13- март, 624-жыл). 128
*Периштелердин жардамы*...........................................*147*
*Бадрдын тайманбас баатырлары* ...............................*153*
*Артка кайтуу*...........................................................*160*
*Туткундарга жасалган мамиле* ..................................*161*
*Олжо маселесиндеги Алла Тааланын өкүмү* ..................*174*
*Шейиттик* .............................................................*177*
*Пайгамбарыбыздын кызы азирети Зейнептин Мединага келиши* .........................................................................*184*
*Жөөттөр жана Бани Кайнука казаты* (Шавваль, 2-жыл/ Апрель, 624-жыл) ................................................... 187
*Савик жүрүшү* (Зульхижжа, 2-жыл/ Май 624-жыл) ........... 194
*Азирети Алинин азирети Фатима менен баш кошуусу*.......*195*
*Ахли Байт жана Ахли Байтка болгон сүйүү* ......................*201*

## ХИЖРАТТЫН ҮЧҮНЧҮ ЖЫЛЫ

*УХУД КАЗАТЫ* (7-шавваль, 3-жыл/ 23-март 625-жыл) .... 206
*Сахабалардын шейиттикке болгон сүйүүсү* ......................*210*
*Шейиттердин мырзасы атанган азирети Хамза* ................*217*
*Шылтоолорго бөгөт койгон ардактуу сахаба – азирети Саад бин Раби* ..........................................................................*229*
*Ухуд шейиттери* ...................................................*230*
*«Биз Ухудду жакшы көрөбүз. Ухуд да бизди жакшы көрөт!»*.................................................................*239*
*Ухуд казатынан чыгара турган сабактар* ..........................*240*
*Хамраул-Асад* (8-шавваль 3-жыл/ 24-март 625-жыл) ......... 242

*Мурас маселеси* ....................................................................245

## ХИЖРАТТЫН ТӨРТҮНЧҮ ЖЫЛЫ

*Ражи окуясы* (Сафар 4-жыл/Июль 625-жыл) .................... 250
*Бир-и Мауна окуясы* (Сафар 4-жыл/Июль 625-жыл)......... 256
*Надир уруусунун кыянатчыл иш-аракети* ..........................259
*Ичкиликке жана кумар оюнга бөгөт коюлду*.....................266
*Затур-Рика* (Мухаррам, 5-жыл/Июнь, 626-жыл)................ 272
*Бадр-и Сугра* (Зилкаада, 4-жыл/Апрель, 626-жыл) ........... 277

## ХИЖРАТТЫН БЕШИНЧИ ЖЫЛЫ

*Салман Фарисинин мусулман болушу жана эркиндикке чыгышы*..........................................................................280
*Бала багып алуу боюнча Алла Тааланын жаңы буйругу* ....289
*Хижабдын парз болушу* .......................................................293
*Мурайси казаты* (Шабан-Рамазан, 5-жыл/ Январь-Февраль, 627-жыл).......................................................................... 296
*Таяммум*..............................................................................298
*Ифк окуясы*..........................................................................300
*Алар душмандын дал өзү, байкагын!* ...............................307
*ХАНДАК КАЗАТЫ* (Шавваль-Зилкаада, 5-жыл/ Март, 627-жыл) .................................................................................. 312
*Хандакта берилген куш кабар* ...........................................316
*Азирети Жабирдин сыйы*...................................................318
*Салгылашуу* .........................................................................321
*Айыгышкан Хандак согушундагы эрдиктер* ......................325
*Согуш – бул, айлакерлик*....................................................329
*Бани Курайза Казаты* (23-Зилкаада, 5-жыл/ 15-Апрель, 627-жыл). ................................................................................ 332

## ХИЖРАТТЫН АЛТЫНЧЫ ЖЫЛЫ

*Жеңиштердин ачкычы - Худайбия келишими* .....................338
*Каабага болгон сагыныч* ..........................................................338
*Биатур-Ридван – Алла Таала ыраазы болгон ант* ..............342
*Худайбия келишими - чакырыктын жаңы баскычы*..............346
*Айкын жеңиш* ...........................................................................354

## ХИЖРАТТЫН ЖЕТИНЧИ ЖЫЛЫ

*Өкүмдарларга жазылган каттар*..........................................361
*Жөөттөрдүн Пайгамбарыбызды сыйкырлаганы* ................382
*Бузуку жөөттөргө акыркы сокку*........................................384
*ХАЙБАР ЖЕҢИШИ* (Сафар-Рабиулавваль, 7-жыл/ Июнь-Июль, 628-жыл)......................................................... 384
*Адам акысына карата аяр мамиле* .......................................394
*Давс уруусунун Мединага келиши* .......................................397
*Эфиопияга журт которгон мусулмандардын кайтышы* ......398
*Жөөттөрдүн Пайгамбарыбызга уу бериши* ..........................400
*Мута маселеси* .........................................................................402
*Хайбардан кайтуу* ....................................................................404
*Умратул-Каза* (Зилкаада, 7-жыл/ Март, 629-жыл) ............. 407

## ХИЖРАТТЫН СЕГИЗИНЧИ ЖЫЛЫ

*Азирети Пайгамбарыбыздын кызы азирети Зейнебдин көз жумушу*......................................................................................414
*Мута Согушу* (Жамазияль-авваль 8-жыл/ Август-Сентябрь 629-жыл) .............................................................................. 415
*Азирети Халид бин Валиддин согуш ыкмасы* ....................423
*МЕККЕНИН КОЛГО АЛЫНЫШЫ*.........................................427
*Кечирим майрамы*....................................................................441

*Меккеликтердин анты* ........................................448
*Аманаттарды өз ээлерине кайтарып бергиле!* ..................449
*Тендешсиз оопа* ........................................455
*Хунайн казаты* (11-шавваль 8-жыл/ 1-февраль, 630-жыл) . 457
*Автас жүрүшү* (Шаввал, 8-жыл/ Февраль, 630-жыл).......... 463
*Таифтин курчоого алынышы* (Шаввал, 8-жыл/ Февраль, 630-жыл) ........................................ 463
*Олжолордун бөлүнүшү*........................................466
*Мусулманды өлтүрүүнүн жазасы!*..................................477
*Меккеге аким жана мугалим дайындоо*..........................480

## ХИЖРАТТЫН ТОГУЗУНЧУ ЖЫЛЫ

*Тил* ........................................482
*Күнөөкөр адамдардын кабарын аныктагыла!*....................489
*Ыйман сыноосу*........................................490
*ТАБУК ЖҮРҮШҮ* (Ражаб, 9-жыл/ Октябрь-Ноябрь, 630-жыл) ........................................ 490
*Кайыр-садага жарышы* ........................................500
*Саатул-усра – Оор учур* ........................................504
*Табук сапарынын жалгыз шейити* ..............................513
*Эки жүздүүлөрдүн кыянаты жана Дырар мечити*..............516
*Женил жихаддан оор жихадка карай!*............................518
*Тооболору бир топко чейин кабыл болбогон үч сахаба* ....519
*Асман-жердин казынасы Жаратканга гана таандык!* .........526
*Ибадатсыз динде жакшылык жок!*................................528
*Табук жүрүшүнөн кийинки окуялар*.............................531
*Элчилердин жылы*........................................534
*Ажылык*........................................537

## ХИЖРАТТЫН ОНУНЧУ ЖЫЛЫ

*Адий бин Хатимдин ыйманга келиши* ............................540
*Алла Элчисинин алгачкы жана акыркы ажылыгы* .............544
*КОШТОШУУ АЖЫЛЫГЫ*.............................................544
*«Бүгүн дининерди баралына келтирдим!»*..........................557
*Каар түшкөн жер* ...................................................559

## ХИЖРАТТЫН ОН БИРИНЧИ ЖЫЛЫ

*Түбөлүктүү улуу сапар* ...............................................564
*Бүткүл ааламды чулгаган мун* ......................................586
*ЭҢ БИЙИК АДАМГЕРЧИЛИК!* ....................................595
*Сонку сөз* ...............................................................613
*Кыскача сөздүк*.........................................................616